# Мухаммад пайгамбар

**(ага Алланын салам-салаваты болсун)**

**ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮРДҮН ӨРНӨКТҮҮ ИРМЕМДЕРИ**

**БИШКЕК 2016**

Мухаммад пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун)

Өрнөктүү өмүрдүн өрнөктүү ирмемдери

Доктор Абдул Азиз бин Ибрахим ал-Умри

**Которгондор:**

Бакытбек Ниязов, КИУнун проректору

Алайчы Сеитбеков, КИУнун арап тили мугалими

Шермухаммад Акматжан уулу, КИУнун фикх мугалими

**Редактору:** Алайчы Сеитбеков

**Адабий редактору жана корректору:** Эрлан Жумагазиев

**Компьютерде калыпка салган:**

Бул китеп Эр-Рияддагы Ислам университетинин устазы доктор Абдул Азиз бин Ибрахим ал-Умрининин "Дин жана мамлекет" аттуу китебинен кыскартылган "Өрнөктүү өмүрдүн өрнөктүү ирмемдери" деген китептин кыргызча котормосу. Китепте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) төрөлгөнгө чейинки доордон баштап, анын пайгамбарлыкка чейинки жана пайгамбарлыктан кийинки өмүр жолу толук камтылган. Айрыкча пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамзаттын диний, саясий, социалдык жана руханий жашоосуна тийгизген таасири жөнүндө кенен айтылат.

Китеп жашоодогу бардык тармактарда өрнөк кылууга татыктуу болгон пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолуна кызыккан жалпы окурмандарга арналат.

**Бул эмгекти Жараткандын: "Алла жана Анын периштелери пайгамбарга салам жолдошот, оо, ыймандуу пенделер, силер да ага салам айткыла"[1] деген буйругуна моюн сунуп, пайгамбарыбызга салам жана салават айтуучуларга белек катары тартуулаймын.**

[1] "Ахзаб" сүрөсү, 56-аят.

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

## Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын аты менен баштаймын

**"Мухаммад болгону пайгамбар гана, андан мурун да пайгамбарлар жашап өткөн. Эгер ал каза болсо, же өлтүрүлсө артыңарга (каапырлыкка) кайтып кетесиңерби? Ким артына кайтып кетсе, Аллага эч кандай зыян тийгизе албайт! Жакында Алла шүгүр кылуучуларга сыйлык берет".[1]**

**"Эгер ага (пайгамбарга) силер жардам бербесеңер, Алла Өзү жардам берет: бир кезде, каапыр болгон адамдар аны экөөнүн[2] экинчиси кылып (Меккеден) чыгарышканда (жардам берген.) Ошондо, экөө үңкүргө жашынып, ал шеригине: “Кайгырбагын, Алла биз менен” деген учурда Алла ага бейпилдик түшүрүп, силер көрбөй турган аскерлер (периштелери) менен колдоду. Каапырлардын сөздөр жокко чыгарды жана Алланын сөзү жогору болду. Алла – Кудуреттүү, Даанышман".[3]**

**"Силерге Алланын элчисинен алуучу өрнөктүү үлгүлөр бар. (Бул үлгүлөр) Алладан жана акырет күнүнөн үмүткер болуп, Алланы көп эстегендер үчүн". [4]**

---

[1] "Алу Имран" сүрөсү, 144-аят.

[2] Мухаммад пайгамбар менен Абу Бакр.

[3] "Тообо сүрөсү, 40-аят.

[4] "Ахзаб" сүрөсү, 21-аят.

# Кириш сөз

Мээрими чексиз, ырайымы эсепсиз, кечирими кенен, ааламдардын Жаратуучусу, Айкөл жана Даанышман Падыша Алла Таалага мактоо жана даңктоо айтылсын.

Төрөлүүсү береке, жашоосу өрнөк, өлүмү сабак, пайгамбарлардын төрөсү, адамзаттын асылы, акылмандардын көсөмү, сөзмөрлөрдүн чечени, таланттуулардын залкары сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммадды  Жараткан Алла тынчтыгына ороп, мээримине бөлөсүн.

Маңдайына мусулман болуу бактысы жазылган ар бир пенде мусулманчылыгынын негизин пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өрнөктүү өмүрүнөн алары шексиз. Ооба, пайгамбар менен замандаш болуп, анын көлөкөсүнө көлөкөбүздү тийгизип, анын изине кадамыбызды таштап, анын эрди тийген идиштен суу ууртап аны менен чогуу жүрүүнү Жараткан биздин тагдырыбызга жазбады. Ошондой болсо да, кыяматта анын колунан бейиш булагын ичүүчү үммөтү кылып койгонуна чексиз-чексиз шүгүр кылабыз.

Биз пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) көрбөдүк, аны менен сүйлөшпөдүк, дин мээнетин аны менен бирге тартпадык. Аптаптуу күндө дин өкүмүн адамдарга айтып жатканда, күн нурунан калкалап жанында караан болбодук. Жегенге наны жок курсагы кабырылып турганда, бир ууч курма сунбадык. Агасынан, жубайынан, наристе балдарынан ажырап кабыргасы кайышып турганда, көңүл жубатып, жылуу сөз айтпадык. Колуна кылыч кармап, каардуу душмандын кучагында калганда, денебиз менен калкалабадык. Душмандын найзасы тийип, азуу тиштери талкаланып, нурдуу жүзү канга боёлгондо, канын сүртпөдүк. Ислам мамлекетин орнотуп өкүмдарлыгын жүргүзгөндө, ага кызмат кылбадык. Ичер суусу түгөнүп, чыныгы жашоо – акыретке – сапар алганда, топурак салып, коштошподук.

Биз ага эч кандай жакшылык кыла албадык, бирок ал бизди сагынып, сарсанаа болуп көз жашын агызды. Бизге эртерээк эле жолуккусу келди. Биз үчүн бүтүндөй өмүрүн арнады. Үммөтүм деп жашады, үммөтүм деп жан берди, кыяматта да үммөтүм деп колдоо көрсөтөт. Биз ага эч кандай кызмат кылбадык, бирок ал бизге дин жеткирүү үчүн азап-тозокту башынан өткөрдү. Баарын ондоп, жасап, түздөп, даярдап берди. Бизге даяр нерседен пайдалануу гана калды.

Жогоруда айтылгандай пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) үчүн биз эч нерсе кыла албадык, эми эмне кылуубуз керек? Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кыяматтагы колдоосуна ээ болуу үчүн кандай амалдарды аткаруубуз зарыл, ага татыктуу үммөт болуу үчүн кандай жашоо кечирүүбүз кажет? Мунун баарына пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү жооп калтырган.

Ооба, жогоруда айтылгандай, биздин маңдайыбызга пайгамбар менен замандаш болуу тагдыры жазылбады, бирок пайгамбардын эң сүйүктүү үммөтү жана бир тууганы болуу бактысы насип кылды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бизди сагынып, бизге эртерээк эле жолугууну көксөп куса болду. Ошону менен бирге бизге, эгер аткарсак, анын колдоосуна ээ боло турган бир катар амалдарды айтып кетти. Алардын кээ бири төмөнкүлөр:

1. Пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүннөтү менен жашоо. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул тууралуу: "Мен силерге эки нерсени калтырдым, эгер бул экөөнү бекем кармансаңар, эч качан адашпайсыңар, булар: Куран жана сүннөт" – деп айткан.

2. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) буйруган ишти аткарып, тыйган иштен тыйылуубуз зарыл. Бул тууралуу Куранда: "**"Пайгамбар силерди эмнеге буюрса, дароо аткаргыла, эмнеден тыйса, ошол замат тыйылгыла. Алладан корккула, чынында Алланын азабы катуу!"**[1]

3. Биз, мусулмандар ар бир иште пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) эрчүүгө милдеттүүбүз. Бул Тууралуу Куранда минтип айтылат: **"(Оо, Мухаммад), сен айткын: "Эгерде силер Алланы жакшы көргөнүңөр чын болсо, анда мени эрчигиле. Мына ошондо Алла силердин күнөөңөрдү кечирет. Алла – Кечиримдүү, Боорукер".**[2]

4. Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) мал-жаныбыздан да артык сүйүүбүз зарыл. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Менин жанымды колуна уучтаган Аллага касам ичип айтамын, мени атасынан да, баласынан да артык сүйө албаган адам толук ыймандуу боло албайт".[3]

5. Пайгамбарыбыздын атын укканда, айтканда жана жазганда ага салават айтуубуз керек. Куранда: **"Алла жана анын периштелери пайгамбарга салам-салават айтышат. Оо, ыймандуулар, силер да ага көбүрөөк салават айткыла!"**[4] деп буюрулган. Бул тууралуу пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да: "Адамдардын эң сараңы – менин атым аталганда салават айтпагандар" – деп айткан.

---

[1] Хашр сүрөсү, 7-аят.

[2] Аалу Имран сүрөсү, 31-аят.

[3] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", "Ыйман" бөлүмү, 1-том, 9-бет.

[4] Ахзаб сүрөсү, 56-аят.

6. Азанчынын үнүн укканда анын айткандарын кайталап, азан айтылып бүткондөн кийин пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) "василаны" (бейиштеги бийик даража) тилеп дуба кылуубуз керек. Бул тууралуу пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Ким-де ким азанды угуп, анын сөздөрүн кайталап, анан азан айтылып бүткөндө мага салават айтып "василаны" тилесе, мен аны шапаат кылууга милдеттүү болуп калам".

Мына ушул жана ушул сыяктуу бир канча милдеттерди аткаруу менен биз пайгамбарыбыздын колдоосуна, анын "Хавзу" булагынан ооз тийүүгө жана кыяматта аны менен бейиште бирге болууга татыктуу болобуз. Ал эми мындай амалдарды талаптагыдай аткаруу үчүн кайра эле сүйүктүү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр таржымалын билүүгө муктаж болобуз. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолун билүү ар бир мусулманга аба- менен суу кандай зарыл болсо, ошондой эле зарыл. Ошон үчүн дин аалымдары, тарыхчылар, деги эле колуна калем кармап жаза билген илимдүүнүн баары пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолуна бир кылчайбай өткон эмес. Ошондой мусулман үммөтү үчүн ичкен ашын жерге койгон адамдардын бири Эр-Рияддагы Ислам университетинин устазы доктор Абдул Азиз бин Ибрахим ал-Умринин "Дин жана мамлекет" аттуу беш томдон турган көлөмдүү китебин жазган. Кийинчерээк жалпы окурмандарга жеңил маалымат берүү үчүн, көпчүлүктүн суроосу менен ошол китебинен үзүндүлөрдү алып "Өрнөктүү өмүрдүн өрнөктүү ирмемдери" деген китепти түзгөн. Мына ошол кыскартылган китепти кыргыз тилине которуу бактысы бизге насип кылып, аны сиздерге сунуш кылып отурабыз. Алла буйруса келечекте бул китептин түп нускасы болгон "Дин жана мамлекет" китеби да кыргыз тилине которулуп калуусу мүмкүн. Азырынча мына ушул колуңуздардагы китепке үңүлүп, андан көптөгөн пайда алышыңыздарга тилектешпиз. Бул китепти барактаган ар бир окурман жашоосун жакшы жакка өзгөртүүчү бир пайдага жетише алса, анда биз максатабызга толук жеттик деп айта алабыз. Аллага гана тобокел кылабыз, Андан жардам сурайбыз жана Андан жакшылыктарды үмүт кылабыз.

***Котормочулардан***

## Баш сөз

Оболу, ааламдарды жаратуучу Улук Алла Таалага мактоолор айтылсын.

Анын акыркы элчиси, пайгамбарлар менен элчилердин төрөсү, сүйүктүү пайгамбарыбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөөсүнө, сахабаларына[1] жана анын жолун туу тутуп кармангандарга Алланын салам, дубасы болсун.

**Андан соң:**

Ооба, пайгамбардын өмүр-жолун чагылдырган жыйнактар абдан көп. Ар кайсы замандарда жарык көргөн мындай эмгектерди эсептеп отурууга болбойт. Аларды жазууга жумшалган мээнеттин күчтүүлүгүн айтпа. Бул эмгектер илимди, сабакты, адепти, тагыраак айтканда, бүтүндөй жашоону өзүнө камтып алган эмгектер. Бул эмгектер элдин ар түрдүү катмарына ылайык, ар түрдүү тилде, ар түрдүү ыкмалар менен, ар түрдүү көлөмдө жазылган эмгектер.

Менден мурда ушундай баалуу эмгектерди жаратууга мээнет кылып, көз нурун, кол күчүн жумшаган бурадарларыма ыраазылык билдирип, алкыш айтып, дуба кылуу менен бирге, имамдын артына намазга тизилген сыяктуу алардын катар сабынан кадамдарым сыйчудай орун табылып калуусуна үмүт кылам.

Сүйүктүү пайгамбарыбыздын жашоо таржымалына токтолуу, анын артында намазга тургандай бакыт даамын таттырарына көзүм жетти. Эми анын шапаатына[2] ээ болуп, ага жолугуунун ырахатын көрүүнү гана Алладан үмүт кылам.

Пайгамбарыбыздын өмүр жолун окуп же жазган сайын ага ашыктыгың күчөгөндөн-күчөй берет. Анын ар бир аткарган иши, ар бир абалы жүрөгүңө сүйүү толтурганына күбө болосуң. Жан дүйнөң жаңырып, ишеним, ыйманың өсө берет. Анын жашоосу сага ушунчалык жакын сезилет, анын жолун ээрчүү, сенин ким экендигиңе карабастан, өтө жеңил.

Менин да бул китепти жазуума пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) болгон сүйүү жана Аллага жакындоого болгон үмүтүм түрткү болду. Мына ушул эки нерсеге жетүү мен үчүн сыймык. Булар менен мен сыймыктана да, мактана да алам. Буларды кайра-кайра кайталоодон да тажабаймын. Бул эмгегим менен Алланын жана анын пайгамбарынын

---

[1] Мухаммад пайгамбардын заманында ислам динин кабыл кылып, пайгамбарыбызга жолугуп, мусулман абалында дүйнөдөн өткөн адамдар (котормочудан).

[2] Шапаат – колдоо деген мааниде (котор.).

сүйүүсүнө ээ болуп, пайгамбардын хавзынан[1] чаңкоомду кандырууну гана эңсеймин.

Бул китепти мурда жарыкка чыккан "Алланын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы" аттуу беш бөлүмдөн турган көлөмдүү китептен кыскартып даярдадым. Мындай кадамга баруума окурмандардын суроо-талаптары себеп болду десем жаңылышпайм. Менден жогоруда айтылган китепти кыскартып, олуттуу гана окуяларды топтоо менен окууга жеңил болгон китепти даярдап берүүнү көптөгөн адамдар суранышты. Ошентип, алардын өтүнүчүн эске алып, колуңуздардагы китепти даярдоого кириштим. Китептин түп нускасындагы сыяктуу эле бул китепте да туура, так булактарга таяндым, айрыкча, шарият өкүмдөрүнө тиешелүү маселелерде алынган булактарга кеңири шилтеме бердим. Болгон окуя менен андан алына турган өкүмдөрдү бириктирүүгө аракет кылдым. Пайгамбардын доорундагы ислам мыйзамдары, ал түптөгөн ислам мамлекети, бардык адам баласына жашоосуна жол көрсөткөн турмуш-таржымалына кеңири токтолдум.

Менин бешенеме пайгамбарыбызды көрүү тагдыры жазылбады. Эми мен анын өмүр таржымалын билүү бактысынан да куру кол калгым келбейт, мындай бактысыздыкты башкаларга да ыраа көрбөйм. Ошондуктан, калемдин учу менен кагаздын бетин чиймелеп болсо да бакыт даамын татып, аны башка мусулман бир туугандарыма таттырууну эп көрдүм.

Көптөн бери пайгамбарыбызга жакындаганымды жана адам баласы сөлөкөт, айкелдерге сыйынуусун таштап, бир Кудайды таануу, бир Кудайга гана сыйынууну баштаган заманга байланып калганымды сезип жүрөм жана ушул эки иштин баасын сезе билүүдө силердин да мага шериктеш болууңарды каалаймын.

Мындан сырткары, "Дин жана мамлекет" деген китепти жазууга жана колуңуздардагы бул китепти андан кыскартып даярдоого мага шык берип, жардам көрсөткөн диндеш бир тууганым доктор Али бин Ибрахим бин Хамдга чексиз алкышымды айтып, Алла Таала аны жакшылык менен сыйлоосун дуба кылам. Ошондой эле бул китепти даярдоого жана таратууга салым кошкон адамдардын баарына терең ыраазылыгымды билдирем.

**Эр-Рияд жана Барида**

**1434-жыл (х), Ражаб айы.**

---

[1] Хавз – пайгамбарыбызга Алла Таала белек кылган булактын аты. Хадистерде ал булактын сүттөн ак, балдан таттуу, кардан муздак экендиги, аны бир жолу ооз тийген адам эч качан чаңкабастыгы айтылган. Бул булактын суусунан Алланы ыраазы кылган, пайгамбарыбыздын сүйүүсүнө ээ болгон момун-мусулмандар гана иче алышат. Алла Таала баарыбызга андан ичүүнү насип кылсын (котор.).

## Пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр таржымалын окуп-үйрөнүүнүн максаты жана пайдалары:

Пайгамбарыбыз Мухаммад (ага Алланын салам-салаваты болсун) жаратылгандардын ичинен Алла Таала Өзү тандап алган, Анын эң сүйүктүү пендеси. Алла Тааланын ага болгон махабаты ушунчалык, ага бүтүн ааламга дин таратуу вазыйпасын ишенип тапшырды. Алла Тааланын пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) болгон махабатынын күчүн ушундан бил, Ал Өзүн сүйгөн пенделерди анын артынан эрчүүгө буюрду. Куранда минтип айтылат: **"(Оо, Мухаммад), сен айткын: "Эгерде силер Алланы жакшы көргөнүңөр чын болсо, анда мени эрчигиле. Мына ошондо Алла силердин күнөөңөрдү кечирет. Алла – Кечиримдүү, Боорукер".**[1] Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Таала Өзү жандан артык сүйүп жатса, ал тургай, Өзүн сүйгөн пенделерин анын артынан эрчүүгө буйруп жатса, анан кантип биз аны сүйбөй коё алабыз?! Кантип биз анын өмүр-жолун окубай коё алабыз?!

Анан да пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолунан дүйнөнү жана акыретти бир чеңгелине батырып, Исламды ишке ашыруу үчүн эбегейсиз чоң мээнет жасаган пенденин бейнесин көрө алабыз. Дин шариятында жана өкүмдөрүндө өзүнө өрнөк издеген адам пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолунан издесин.

Тарых барактарында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамзаттын көсөмү, асылы, жана жол башчысы катары алтын тамга менен жазылып келет. Адамдар жол башчыларынын өмүр-жолун окуп-билгенге табиятынан кызыкдар болушат. Кайсы заманда, кайсы коомдо болбосун, атактуулардын, жол башчылардын өмүр таржымалы, алардын башынан өткөндөрү окутулуп, эл ошолордон үлгү-ибарат алганга аракеттенишет. Кээде башка элге мактануу жана сыймыктануу үчүн карт тарыхка кыянаттык кылышып, атактууларынын жасаган иштерин көбүртүп-жабыртып жиберген учурлар да жок эмес.

Ал эми биз, мусулмандар, адамзаттын асылы, көсөмү, төрөсү, жөнөкөй эле пенде эмес, Алланын жер бетиндеги элчиси болгон пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр-жолун, баскан изин эмне үчүн билбешибиз керек?! Башкалар кайсы бир алсыз, катардагы жол башчысынын жалган-жашык кошулган өмүр баянын баш оту менен берилип окуп жатса, биз өзүбүздүн жол башчыбыздын Алланын сөзү менен коштолгон туура, таза, чын жашоо таржымалын эмне үчүн окубашыбыз керек?!

---

[1] Аалу Имран сүрөсү, 31-аят.

Биз, мусулмандар өзүбүздү ары коёлу, тиги башка диндин өкүлдөрү пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) тен берип, анын жашоосуна кызыгып, аны адамзаттын акылман көсөмү катары таанып жатышат го? Анан кантип биз, анын үммөттөрү, анын баскан жолун, көргөн күнүн, жасаган мээнетин билбей коё алабыз?!

Мына, америкалык тарыхчы Майкл Хартты (Michael Hart) карагыла. Ал "Адамзат тарыхындагы атактуу 100 адам" (The 100 A Ranking of the most inflential persons in history) деген китебинде пайгамбарыбыз Мухаммадды (ага Алланын салам-салаваты болсун) биринчи катарга койгон. Ал муну жөн эле жазып койгон жок. Жардамчылары менен бирге компьютердин тандоосу аркылуу аныктады. Өзүн да, өзгөлөрдү таң калтырган изилдөөсү тууралуу ал минтип эскерет: "Ааламдын өзгөрүүсүнө себепкер болгон адам катары Мухаммадды биринчи катарга койгонума көптөгөн адамдар таң калып жатышса керек? Ооба, алардын таңданууга акысы бар. Бирок, тарыхта руханий жана материалдык мейкиндикте бирдей ийгилик жарата алган инсан бир гана ал экенин эч ким четке кага албайт. Ал жол башчы катары Исламга чакырды жана Исламды эң улуу дин катары ааламга таратты. Ал бир эле учурда саясий, аскерий жана диний жол башчы боло алды. Ал дүйнөдөн өткөндөн бери он үч кылым карыса дагы, анын изи күнү бүгүнкүдөй даана көрүнүп турат".[1] Майкл Харттын бул айтканы бизге Алла Тааланын: "Сенин атыңды өчпөс кылдык"[2] деген аятын айласыз эске түшүрөт.

"Арап цивилизациясы" аттуу китебинде белгилүү чыгыш таануучу Густав Ле Бун (Gustave Le Bon) минтип жазат: "Эгер адамдардын аткарган иштерин салыштырып көрсөң, тарых бул жаатта Мухамаддан өткөн адамды таап бере албайт".[3]

Ал эми Вулием Миер болсо пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тууралуу: "Анын жашоо таржымалын окуган сайын адеп-ахлагынын өзгөчө нукта болгонуна күбө болобуз. Андагы мына ушул артыкчылык замандарды карытып жашай берет" деген.[4]

Ислам үммөтүнүн динчилдигин бекемдөө үчүн Алла Таала аларга мурдагы пайгамбарлардын баянын жана алардын заманындагы шариятын

---

[1] Майкл Харт, "Адамзат тарыхындагы атактуу 100 адам", Унайс Мансурдун арап тилине котормосу, Мисир басмасы, Каир, 14-бет.

[2] Шарх сүрөсү, 4-аят.

[3] Густав Ле Бун, "Арап цивилизациясы", Аадил Зуайтирдин арап тилине котормосу, Ихияу ат-Турас ал-Арабия басмасы, Бейрут, 1399-ж (х), 14-бет.

[4] Мухаммад Хойру ад-Дарь, "Набиюл Ислам шахсиятуху хаятуху рисалатуху фи аьрзин жадиид", 6-бет.

баяндап берди. Бул, албетте, алардан үлгү алып, дин жолундагы машакат, кыйынчылыктарга сабыр кылып, динди сактоого түрткү боло турган иш. Бул тууралуу Алла Таала бир канча аяттарда айткан. Мисалы: **"(Оо, Мухаммад), Биз сага бул Куранды түшүрүү менен окуялардын эң жакшысын айтып беребиз. Буга чейин сен муну билбейт болчусуң",**[1] **"Алардын окуяларында акылдуу адамдар үчүн сабак бар. (Куран) ойлоп чыгарылган сөздөр эмес. Өзүнөн мурунку (китептерди) тастыктоочу, бардык нерсенин толук баяны ошондой эле ыймандуулар үчүн Туура жол жана ырайым",**[2] **"(Оо, Мухаммад), Булар Биз сага окуя кылып айтып берген шаарлардын кабары. Алардын кээ бирлери турат. Кээ бирлери теп-тегиз болуп калган",**[3] **"Оо, Мухаммад), Биз сага ушул айылдардын окуясын айтып жатабыз: аларга пайгамбарлары далилдерди алып келишсе да, мындан мурун жалганга чыгарышканы себептүү ыйман келтирбей коюшту. Алла каапырлардын жүрөктөрүнө ушинтип мөөр басып салат",**[4] **"Ошентип, Биз сага (оо, Мухаммад), өткөндөрдү окуя кылып айтып бердик жана өзүбүздөгү Куранды бердик".**[5] Мына ушул аяттардын баары, өткөн пайгамбарлардын окуяларын билүү Курандын, диндин жана шарият илиминин бир бөлүгү экенин айгинелеп турат. Ал эми мына ошол Куранды жана динди алып келген пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр-таржымалын билүү тарбиянын жана илимдин булагы эмеспи?

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр баянын окуу Алланын буйругун аткаруу жана ибадат кылуу деген сөз. Анткени, Алла Таала муну бизге мындайча буйруп жатат: **"Силер үчүн Алланын элчисинде эң жакшы үлгүлөр бар. (Бул) Алладан жана акыреттен үмүтү бар, Алланы көп эстегендер үчүн".**[6] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) биздин биринчи мугалимибиз. Алла Таала айтат: **"Ошондой эле, Биз силерге өзүңөрдүн араңардан бир элчи-пайгамбар жибердик. Ал силерге өзүңөрдү тазарта турган аяттарыбызды окуп берет. Анан да силерге Китеп менен даанышмандыкты (сүннөттү) жана силер билбеген нерселерди окутат".**[7] Талаш жок, динди пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүннөтүсүз үйрөнө албайбыз. Ал эми анын сүннөтү толугу менен анын

---

[1] Юсуф сүрөсү, 3-аят.

[2] Юсуф сүрөсү, 111-аят.

[3] Худ сүрөсү, 100-аят.

[4] Аьраф сүрөсү, 101-аят.

[5] То-Ха сүрөсү, 99-аят.

[6] Ахзаб сүрөсү, 21-аят.

[7] Бакара сүрөсү, 150-аят.

жашоосунда катылып жатпайбы. Анын жашоосунда момундар үчүн ар бир абалда жардамы тие турган өрнөк бар.

Дин желегин желбиретип, динге чакырууну максат кылган адамдар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) дин үчүн күйүп-жанганын, кам-пикирин, тилек-максатына жетүү үчүн көргөн аракетин, даават кылуудагы адамдарга жасаган жакшылыгын жана мээримдүүлүгүн окуп-билип, аны өзүнө өрнөк кылуусу зарыл.

Жубайлар бири-бирине жылуу-жумшак мамиле кылууну, кетирген кемчилигин кечире билүүнү, мээримдүүлүктү, боорукердикти, кайрымдуулукту, ысык сүйүүнү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосунан үйрөнүүсү керек.

Жол башчылар жана атка минерлер элдин кызыкчылыгын өзүнүн кызыкчылыгынан жогору коюуну, кичипейилдикти, жөнөкөйлүктү, аманаткөйлүктү, жоопкерчиликти сезе билүүнү, Алланын динине ылайык саясат жүргүзүүнү жана адилеттүүлүктү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр таржымалынан үлгү кылуусу кажет.

Кошуналар бири-биринин укугун сактоону, жакшы мамиле жасоону, көңүлүн табууну, жардам берүүнү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосунан үйрөнүүсү керек.

Аталар балдарына татыктуу тарбия берүүнү, баарына бирдей мамиле жасоону, мээримдүүлүктү, камкордукту пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) турмушунан үлгү кылуусу кажет.

Колу жукалар ачкалыкка сабыр кыла билүүнү, сыноого туруштук кылууну, тагдырга моюн сунууну пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) сабак алууга тийиш.

Байлар муктаждарга садага берүүнү, бой көтөрбөөнү, шүгүр кылууну, ысыраптан сактанууну, келишимди аткарууну, убадага бек болууну пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) өрнөк алуусу абзел.

Сөздүн ток этер жерин айтканда, Алланын ырайымын, Кыямат күндүн тынчтыгын үмүт кылып көксөгөн бардык пенделер пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өрнөктүү өмүрүнөн ибарат алууга милдеттүү.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр баянын билүү бизге эмнелерди үйрөтөт?

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) мусулмандарга жана жалпы адам баласына көрсөткөн кызматы Кыямат кайым болгончо улана берери белгилүү. Биздин жашообуздун жакшы жагына оошуна таасирин тийгизген жападан-жалгыз инсан – Мухаммад пайгамбарыбыз (ага

Алланын салам-салаваты болсун). Напсибиз бизди жамандыкка жетелесе, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жакшылыкка жетелейт. Напсибиз тозокко эрчитсе, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бейишке эрчитет. Мына ушул себептен, пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) напсибизден да жакшы көрүүбүз зарыл. Ал эмнеге буйруса аткарып, эмнеден тыйса тыйылуубуз кажет. Мындай кылууну Алла Таала буйруган: **"Пайгамбар силерди эмнеге буюрса, дароо аткаргыла, эмнеден тыйса, ошол замат тыйылгыла. Алладан корккула, чынында Алланын азабы катуу!"[1]** Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Менин жанымды колуна уучтаган Аллага касам ичип айтамын, мени атасынан да, баласынан да артык сүйө албаган адам толук ыймандуу боло албайт".[2]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолун окуу менен Алла Тааланын ага жана бизге болгон сүйүүсүн сезебиз. Анткени, Алла Таала пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) моюнуна пайгамбарлык вазыйпаны жүктөө аркылуу аны жана бизди сүйгөндүгүн, бизге жакшылык кылгандыгын билдирет. Бул тууралуу Алла Таала минтип айтат: **"Ошентип, Биз сага буйругубуз менен Куранды вахи кылдык. Сен китепти да, ыйманды да эмне экенин билбейт элең. А Биз болсо, аны Нур кылып, аны менен каалаган пендебизди туура жолго баштайбыз. Сен дагы Куран аркылуу) туура жолго – Алланын жолуна баштайсың. Асмандагы жана жердеги нерсенин баары Аныкы! Көңүл бургула, бардык иштер Аллага кайтат!"[3]**

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр-жолун окууда андан мурдагы пайгамбарлардын заманына да көзүбүз түшөт. Исламга чейинки ааламдын саясий, диний, социалдык абалдарына көз чаптырып отуруп, Ислам дини адам баласынын бактысы үчүн жиберилген дин айныгыс дин экенин моюнга алабыз. Азирети Умар (Алла андан ыраазы болсун) айткандай: "Жахилият[4] жашоосуна көз чаптырбаган адам, Исламды туура түшүнө албайт".

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр баяны жер бетиндеги эч бир инсандын өмүр баянында кезикпеген чындыктын үстүнө курулган. Кандай атактуу адам болбосун, ал дүйнөдөн өткөндөн кийин анын өмүр жолуна жалган аралашпай койбойт. Анткени, анын даражасын көтөрүүнү каалагандар жалган-жашыкты кошууга аргасыз. А бирок, пайгамбарыбыздын

---

[1] Хашр сүрөсү, 7-аят.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", "Ыйман" бөлүмү, 1-том, 9-бет.

[3] Шувра сүрөсү, 52-53-аяттар.

[4] Жахилият – Исламга чейинки илим-билим жок, түркөй, караңгы, адамгерчилик бузулган доор.

(ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосу бизден канчалык ары узаса да, ага эч кандай жалганды кошуунун кажети жок. Анткени, анын даражасынын бийик болуусуна 23 жылдык пайгамбарлык өмүр-жолу толук жетиштүү.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тууралуу ал жашап өткөндөн кийин эле эмес, ал жашоого келе электе эле алда канча илгери айтыла баштаган. Алсак, Муса пайгамбар биздин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тууралуу минтип сөз кылган: **"Ал адамдар (өз убактысында) сабатсыз (жаза жана окуй албаган, эч кимден сабак окубаган, бардык илими Алладан келген) элчи-пайгамбарды ээрчишет. Ал пайгамбарды (яхудийлер менен христиандар) өздөрүнүн Тоорот жана Инжил китептеринде (аты) жазылуу экенин табышат. Ал аларды (өзүнө ээрчигендерди) жакшылыктарга буюруп, жамандыктардан кайтарат. Аларга таза нерселерди - адал, ыпылас нерселерди - арам кылып, үстүнөн машакаттарын, оор ибадаттарын алып таштайт. Эми, ошол пайгамбарга ыйман келтирип, аны урматтап, ага түшүрүлгөн нурду ээрчиген адамдар, ошолор гана (Тозоктон) кутулчулар!"**[1]

Ал эми Иса пайгамбардын минтип айтканын Алла Таала кабарлайт: **"Эстегин, Мариямдын уулу Иса мындай деди: "Оо, Исраил урпактары! Мен силерге Алладан жиберилген пайгамбармын. Өзүмдөн мурдагы Тоороттту тастыктаймын жана менден кийин келе турган, ысымы Ахмад деп аталган пайгамбар жөнүндө сүйүнчү кабар айтамын". Анан качан ал (Мухаммад) аларга ачык далилдерди алып келгенде "бул анык сыйкыр го" дешти".**[2]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабары, сапаттары ал төрөлүүдөн бир канча кылым мурда эле айтыла баштаган. Ыйык китептеринен окуп, билген илимдүү адамдар анын чыгуусун күтүп жүрүшкөн. Бир канча жолу өзгөртүлгөнүнө карабастан, азыркы учурдагы "ыйык китептерде" дагы эле ал тууралуу айтылган кабарлар бар.[3]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолун окуу аркылуу касиеттүү Куранды түшүнөбүз. Анткени, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосу Куран аяттарынын түшүүсүнө себеп болгон окуяларга жык толгон. Ал тургай бир канча сүрөлөрдүн аталыштары анын жашоосуна байланыштуу коюлган. Мындай сүрөлөргө "Анфал", "Тообо", Исра", "То-Ха", "Ахзаб", "Шарх", "Алак", "Хумаза", "Фил", "Курайш", "Кавсар", "Каафирун", "Наср", "Фалак", "Наас" сүрөлөрү кирет. Ал эми башка сүрөлөрдүн дээрлик баарынан пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун)

---

[1] Аьраф сүрөсү, 157-аят.

[2] Саф сүрөсү, 6-аят.

[3] Кенен маалымат алуу үчүн ушул эле китептеги "Элчини күтүү" бөлүмүнө үңүлүңүз.

өмүр жолуна кайсы бир деңгээлде тиешеси бар аяттарды кезиктирүүгө болот. Демек, анын өмүр баянын окуу менен биз аяттардын түшүү себебин, алардан алынчу өкүмдөр тууралуу так маалыматтарды ала алабыз.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолун окуу менен сахабалардын артыкчылыктарын, динге кылган мээнетин, даражаларынын бийиктигин биле алабыз. Сахабалардын артыкчылыктары тууралуу көптөгөн аяттар айтылган. Анын баарын бул жерде айтып өтүүгө орун тардык кылат. Ошондуктан алардын кээ бирине гана токтоломун. Алла Таала минтип айтат: **"Эмне үчүн садага кылбайсыңар? Асмандар жана жер мурасы Аллага таандык го! Мекке каратылганга чейин садага кылган жана согушкандардын сооп-сыйлыгына силердин эч кимиңер жете албайсыңар. Алардын даражасы кийин садага кылган жана согушка чыккандардан алда канча жогору. Ошентсе да, Алла баарына сооп-сыйлык убада кылган. Алла ишиңерден кабардар".**[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жана анын сахабалары жөнүндө миң жылдан ашуун илгери Муса пайгамбар коомуна: **"Ал адамдар (өз убактысында) сабатсыз (жаза жана окуй албаган, эч кимден сабак окубаган, бардык илими Алладан келген) элчи-пайгамбарды ээрчишет..."**[2] деп кабар берген. Сахабалар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) шакирттери. Алардын арасынан туура жолго баштоочу халифалар, мамлекет башкарган саясатчылар, аскер баштаган кол башчылар, дин тараткан аалымдар чыгып, алардын мээнети менен жер бетине Ислам дини кучак жайды.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолун окуу менен, Алла Таала анын өзүнө гана менчиктеп берген өзгөчөлүктөрүн биле алабыз. Мындай өзгөчөлүктөргө, биринчиден, анын жалпы ааламга жиберилгени кирет. Ал тууралуу Алла Таала: **"Сени ааламга ырайым чачуу үчүн жибергенбиз"**[3] деп айткан. Экинчиден, пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Таала Өзү тарбиялаган, адамзаттын асылы экендигин биле алабыз. Бул тууралуу хадисинде: "Мени Раббим Өзү адептүүлүккө тарбиялады" деп айтылган. Үчүнчүдөн, анын акыркы пайгамбар экендигин биле алабыз. Төртүнчүдөн, ага Алла Таала баш болуп периштелер да салават айтарын билебиз. Бул тууралуу Алла Таала: **"Алла жана анын периштелери пайгамбарга салам-салават айтышат. Оо, ыймандуулар, силер да ага көбүрөөк салават айткыла!"**[4] деп айткан. Бешинчиден, Алла Таала ага жардам берип жеңишке жеткиргенин жана күнөө-каталарын кечиргендигин биле алабыз. Алла Таала минтип айтат: **"(Оо, Мухаммад),**

---

[1] Хадид сүрөсү, 10-аят.

[2] Аьраф сүрөсү, 157-аят.

[3] Анбия сүрөсү, 107-аят.

[4] Ахзаб сүрөсү, 56-аят.

**сенин мурдагы жана кийинки күнөөлөрүңдү кечирип, нээматын толук кылып, туура жолго баштоо үчүн Биз сага анык жеңиш бердик".**[1]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр таржымалын окуу менен мусулмандар кадыр-баркын сактоону, кыйынчылыкка сабыр кылууну, ар дайым чындык жеңишке жетерин, алсыз күчкө толорун, жетим жетилерин, бүркөлгөн булут сүрүлүп, жадыраган күн нуру чачырарын, динин, пайгамбарын жана анын үммөтүн Кыямат күнүнө чейин колдоп жардам берерин биле алат.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолун окуу менен биз, бир гана Ислам тарыхын эмес, адеп-ахлакты, укук жана милдеттерибизди, туура ишенимди, шарият өкүмдөрүн, Алла Таала буйругандай таза саясатты үйрөнө алабыз.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолунун өзгөчөлүктөрү:

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосу илимге жык толгонунда шек жок. Кыямат күнүнө чейин окула турган Куран аяттары менен тастыкталган окуяларга бай. Анын өзгөчөлүктөрү өтө көп, алардын кээ бири төмөнкүлөр:

■ Бул өмүр баяндын ээси жөнөкөй адам эмес, ал – адамзаттын асылы, адам баласынын төрөсү. Алла анын кадыр-баркын жогору кылган. Адам баласы пайда болгон күндөн тээ кыямат кайым болуп кеткенче андан артык адам жаратылбайт;

■ Бул өмүр баян пенделердин оозунан эле топтолгон эмес, Алланын касиеттүү китебиндеги аяттар менен тастыкталган;

■ Бул өмүр баян башка пайгамбарлардын өмүр баяндарына караганда кенен-кесир баян кылынган жана жалган аралашпаган өмүр баян;

■ Бул өмүр баян дүйнөлүк жана акыреттик, саясий жана социалдык, шарияттык жана күнүмдүк жашоого тиешелүү болгон иштин баарын жөнгө салган адамдын өмүрү;

■ Бул өмүр баян адамзат тарыхындагы эң туура, жалган аралашпаган өмүр баян;

■ Бул өмүр баян жалпы эле адам баласына, айрыкча, мусулмандарга бактылуу жашоо кечирүү үчүн мүнөт сайын зарыл болгон үлгү-өрнөктөргө толгон;

■ Бул өмүр баяндан доор алмашкан учурду, тагыраагы, көп кудайлуулуктан бир Кудайга сыйынууга, ширктен ибадатка, адашуудан туура жолго алмашкан учурду окуп билебиз;

---

[1] Фатх сүрөсү, 1-3-аяттар.

■ Бул өмүр баянда ары кызыктуу, ары коркунучтуу окуялар биринен сала бири уланып турат;

■ Бул өмүр баянды окуган адам Алланын жолун жана пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүннөтүн кармануунун зарылдыгын билет;

■ Бул өмүр баянды окуган адам гана касиеттүү Куранды оңой түшүнө алат.

## Жахилияттагы араптардын абалы

Пайгамбарлык доордун башталуусу менен караңгылыктын көшөгөсү ачылып, чындык, адилеттик өкүм сүрүп, илим-билим таралып, адамгерчилик ойгоно баштады. Исламга чейинки заманда мындай нерселерди кезиктирүү мүмкүн эмес эле. Исламдын кандай кадырлуу дин экенин баамдоо үчүн андан мурдагы замандын абалын көрө билүү зарыл. Ислам жалаң гана диний маселелерди алып келген жок. Тескерисинче, адамдын бул дүйнөдө татыктуу жашоо кечирүүсүнө зарыл болгон мамиле, жүрүм-турум, адеп-ахлак маселелерин алып келди. Мына ушундай адамдын толук кандуу жашоо тартибин өзүнө камтыган Ислам динин биринчилерден болуп кабыл алган араб жарым аралынын буга чейинки абалына токтоло кетсек ашыкча болбос:

Арап жеринин географиялык абалына көз чаптырсак чоң жарым аралга күбө болобуз. Аны үч тарабынан, түндүк, түштүк жаны чыгыш тарабынан деңиз курчап турат. Ал эми аралдын ортосун суусуз, баш-аягына көз жетпеген кумдуу чөл ээлеп жатат. Аралдын чоң аянтына салыштырмалуу андагы адам жашоого ыңгайлашкан жерлери өтө эле аз. Мындай жерлерден эгин зарларды кезиктирүүгө болот. Эгин эгүүгө ылайыктуу жерлерди аралдын түштүгүндөгү мелүүн климаттагы Йемен жана Оман аймактарынан да кезиктирүүгө болот.

## Диний абалы:

Араптардын дээрлик көпчүлүгү бутпарастар эле. Айкелдерге сыйынуу кеңири таралып, шаарларда атайын сыйынуучу жайлар көп болгон. Аларда ибадат кылышып, курмандык чалышып, айкелдерди ортомчу кылып муктаждыктарын чечүүнүн жолун издешкен, жардам сурашкан, дуба кылышкан. Мындай көп кудайлуулуктан араптардын бир да айылы, ал тургай, таза диндин мекени болгон Мекке да четте калган эмес.

Ясрибде (Мадина) жана Хайбарда бутпарас жөөттөр да болчу. Ошондой эле христиан динин тутунган уруулар да болчу. Алардын негизги борбору Нажранда жайгашкан эле. Христиан дини араптардын арасында да, башкаларда да өзгөрүүгө учурап, бутпарастыкка эле окшоп калган болчу. Иса пайгамбарга сыйынышчу, чиркөө кызматкерлерин, кечилдерди Кудай ордунда көрүп, сый-урмат көрсөтүшчү. Арап христиандары билими жана маданияты жагынан башка коомдорго салыштырмалуу жогору турушкан. Алардын Рим менен, Шам жана Ирак араптары менен маданий карым-катнаштары боло турган.

## Социалдык абалы:

Динсиз коомдун жашоо-турмушу кайсы жерде, кайсы заманда болбосун көз кубантарлык болбойт эмеспи. Исламга чейинки араптардын жашоосу да жийиркеничтүү жашоо болчу. Арак ичүү, кумар ойноо, сүткордук, сойкулук сыяктуу жаман адаттар араптардын көнүмүш эле иштери болуп калган. Эркектер зына кылуудан такыр тартынбайт эле. Кыздарды жек көрүшчү, аларга мурас беришчү эмес. Аялдарга чектөөсүз эле үйлөнө беришчү. Ал эмес бардар турган аялдар бир канча күйөөнүн башын айлап алчу. Кээ бирөөлөрү атасынын аялдарын тартып алса, кээлери эже-сиңдилерди биргеликте никесине алып алар эле.

Жогорудагыдай терс көрүнүштөр менен катар, араптардын кээ бир мактоого татыктуу да сапаттары бар эле. Мисалы, конокту сыйлоо, эр жүрөктүүлүк, таза зээндүүлүк жана эркиндикти сүйүү сыяктуу сапаттары болчу. Ал эми тил жаатына келгенде ар түрдүү диалектилердин болгонуна карабастан, араптар алдына эч кимди салбаган кызыл тилдүү чечен болушкан. Адабият жаатында укмуштуудай ырларды жараткан акындар көп болгон. Ошол себептен Ыйык Куран пайгамбарыбызга ушул жааттан мөөжүза[1] катары берилген. Пайгамбарыбыздын чечендигинин жанында алардын чечендиги суу кечпей калган. Ал эми Куран аяттары алардын чебер таланты менен жаралган ырларын жөнөкөй, маанисиз саптарга айланткан. Ыйык Куранда айтылгандай, алар Куран сүрөлөрү сыяктуу жок эле дегенде он сүрөнү жазып чыгууга кудурет таланттары жетпей калды. Муну Алла Таала Куранда минтип сонун сүрөттөгөн: "Алар (Куранды Мухаммад) өзү ойлоп тапты деп айтышты. Аларга: "Эгер ушинтип айтканыңар чын болсо, Алладан башка бирөөгө таянып ушулар сыяктуу он сүрө алып келгилечи", - деп айт".[2]

## Жахилият доорундагы ааламдын диний абалы

Албетте, аалам кенен, биз жахилияттагы бардык элдин диний абалын даана айта албайбыз. Болгону арап жарым аралына ийиндеш жашаган, бири-

---

[1] Мужиза – Алланын каалоосу менен пайгамбарлар гана аткара ала турган, пенденин колунан келбеген керемет иштер. Алла Таала пайгамбарларын таанытуу үчүн аларга ар кандай мөөжүзаларды берген. Мөөжүза ошол коомдогу элде өнүккөн тармакка жараша берилген. Мисалы, муса пайгамбардын заманында сыйкырчылык, көз боочулук кеңири таралгандыктан, Муса пайгамбарга ошол сыйкырчылардын өзүн таң калтыра турган сыйкырдуу мөөжүзаларды берген. Иса пайгамбардын заманында табыпчылык илими өнүгүп тургандыктан, Иса пайгамбарга ошол табыптардын колунан келбеген мөөжүзаны берип, ал ала оорусун айыктырып, өлгөн адамды тирилте алган. Ал эми Мухаммад пайгамбарыбыздын заманында араптар чечендик, сөзмөрдүк, акындык менен атагы таш жарып тургандыктан, пайгамбарыбызга өтө көркөм жазылган кара сөз да эмес, ыр да эмес өзгөчө стилдеги Куран аяттарын мөжүза кылып берген (котор.).

[2] Худ сүрөсү, 13-аят.

бирине таасирин тийгизип турган элдин абалына гана токтолобуз. Чындыгында, Куранда ааламдын диний абалы тууралуу Алла Таала ачык-айкын айтып өткөн: "Адамдардын колдору жасаган иштер себептүү жерде жана деңизде (ар түрдүү) бузукулуктар пайда болду. Аларга кылмыштарынын (азабын) таттыруу үчүн. Кана эми (Туура Жолго) кайтышса!"[1] Демек, жер бетиндеги кайсы эл болбосун, алардын диний абалы кубанарлык болгон эмес. Эл арасында асман дини болуп эсептелген китеби жана далили бар иудаизм жана христиан дини басымдуулук кылган.

## Иудаизм дини:

Иуда динин Исрайилдин (Якуб пайгамбар) урпактары карманып келген. Алар Муса пайгамбарга түшүрүлгөн Тоорат китебинин негизинде дин тутушкан. Ар кайсы заманда келген пайгамбарлары аларга "бир кудайга сыйынуучулук" динин негиздеген. Бирок, тилекке каршы алар (жөөттөр) кээ бир пайгамбарларын мыкаачылык менен өлтүрүшүп, кээлерин эл арасынан кууп чыгышып, ал эми алардын шариятын өздөрү каалагандай өзгөртүп жиберишкен. Пайгамбарлардын осуяттарын четке кагып, Алланын буйругуна каршы иштерди жасашкан. Өздөрүнө Тоорат ж.б. ыйык деп саналган китептери болгону үчүн алар "ахлу китаб" (китеп ээлери) деген ат менен белгилүү болушкан. Айкел, сөлөкөттөргө сыйынуучуларга караганда тууралыкка жакын болгону менен, Алланын буйруктарына каршы чыккан себептүү Анын каарына калган коом болуп калышкан. Анткени, алар араларынан чыккан диний адамдарын ыйык санашып, алардын айтканын Алланын сөзүнөн маанилүү эсептешкен. Тооротту каалагандай бурмалашкан. Ошону менен бирге жакын арада акыр заман пайгамбары чыгарын жана анын алып келген дини чыныгы акыйкат дин боорун да билишкен.

## Христиан дини:

Бул - Иса пайгамбарды ээрчигендердин дини. Азыркы учурда жер бетинде кеңири жайылган дин катары эсептелинет. Бир канча агымдарга бөлүнүп кеткен христиан дининин Ирак, Шам, Мисир, Хабашия жана Европанын түштүк жана чыгышына кеңири таркалуусуна Римдин саясаты жана аскерий жүрүштөрү себеп болгон.[2] Христиан динине көп кудайлык жана шерик кошуу он төртүнчү кылымда эле башталган. Бир Кудайга сыйынуудан четтеп, Иса пайгамбарды кошуп сыйынуу эрежелери киргизилген. Ким Исага сыйынбаса чиркөөнүн туура ишениминен чыгарылган. Натыйжада христиандардын арасында келишпестиктер пайда болуп, бир канча агымга бөлүнүп кетишкен. Бири-бирин каапыр деп эсептешкен жана өз ара согушуулар

---

[1] Рум сүрөсү, 41-аят.

[2] Фаарук ад-Дамлажи, "Таарихул адиян", 583-бет.

башталган. Рим христиандары менен Мисир христиандарынын ортосунда куралдуу кагылышуулар болуп, бири-бирине душмандык күч алган.[1] Жахилият доорундагы арап христиандары көбүнчө яковиттик христиандар болсо, кээ бирлери, айрыкча Ирак тараптын христиандары нистариан христиандары болуп, Рим христиандарынан айырмаланып турушкан.

Жалпылай айтканда Исламга чейинки доордо христиандардын баардык агымдары "көп кудайлуулукка" белчесинен батып калган эле.

## Мажуси дини[2]:

Мажусилер негизинен отко сыйынышкан. Мындан сырткары жылдыз, Күн, Ай ж.б. жаратылыш кубулуштарына сыйынгандар да болгон. Алардын атайын сыйынуучу жайлары Иранда, ошондой эле Перси шаарларынын баарында бар болчу. Аларды перс мамлекети өзү колдоп, перс империясынын баардык булуң-бурчуна таркатууга кызыкдар болгон. Ал тургай алардын "дини" араптарга чейин жетип, аралдын чыгышындагы Бахрейин аймагында кеңири таркалган. Ал жерде перс жамааттары пайда болуп, алар таасирлерин жергиликтүү элге тийгизе алган. Мажусилердин түпкү ишеними Зародишт динине барып такалат.

## Буддизм дини:

Буддизм дагы көп кудайлуу, тагыраак айтканда, айкелдерге сыйынуучу дин болуп эсептелет. Көз ачыктык, сыйкырчылык жана көз боочулук сыяктуу ишенимдерге кеңири жол ачкан бул "дин" Индияда, Чыгыш Азияда жана Кытайда таркалган. Буларда кудайлардын саны бир нече болгон. Алардын ишеними туура эмес экенин Алла Таала Куранда да айтып өткөн: **"Эгер асман менен жерде Алладан башка кудайлар бар болсо, экөө тең кыйрап калмак. Арштын Ээси болгон Алла мушриктер сыпаттаган нерселерден Аруу-Таза!"[3]**

Мындай айкелдерге сыйынуу арап жарым аралында да жок эмес эле. Айрыкча, кереметтүү Меккеде айкелдердин жүздөгөн түрү сакталып, Жаратуучуга сыйынган мушриктер[4] аларды ортомчу кылып сыйынышчу. Бирок, алардын сыйынуулары кайсы бир негизде жазылган маданияттын

---

[1] Кененирээк маалымат алуу үчүн Абу Хасан Надавинин "Сийроту Набавия" китебинин 26-бетине караңыз.

[2] Отко жана табияттын башка кубулуштарына сыйынуучулар (котор.).

[3] Анбия сүрөсү, 22-аят.

[4] Мушрик – сыйынууда Жаратуучуга башка бир нерсени шерик же ортомчу кылып сыйынган адам.

негизинде эмес, сокур туурамчылык жана ушулар тилегибизди Аллага жеткирет деген түркөй ишеним менен гана уланып турган. Мындан сырткары алар өлүмдөн кийин чыныгы жашоонун бар экенине да ишенишкен эмес. Алардын ишенимдери тууралуу Алла Таала Куранда буларга токтолгон: **"Көңүл бургула! Калыс Дин - Алланыкы! Андан башканы дос (кудай) кылып алгандар: «Аларга, бизди Аллага жакын кылуусу үчүн гана ибадат кылабыз» (дешет). Чынында, алар талашкан нерселерде алардын арасында Алла (гана) өкүм кылат. Алла жалганчыларды жана каапырларды Туура Жолго баштабайт!"**[1]

**"Алар: «Ушул дүйнөдөгү жашообуздан башка жашоо жок. Өлөбүз, жашайбыз. Бизди замангана өлтүрөт» деп айтышат. Бул жөнүндө алардын илими жок. Алар күмөндөрүнө гана таянышат".**[2]

## Жахилияттагы саясий абал

Ар бир эле акылдуу жан билет, пайгамбарыбыз бир Кудайга сыйынуу динин алып келди, ошонун негизинде мамлекет түптөдү, динге ылайык мыйзам негиздеди, анан аны адилеттүүк менен башкарып күчтүү мамлекетке айлантты. Пайгамбарыбыздын көзү өткөндөн кийин да ал түптөгөн мамлекет күчүнө кирип, кошуна өлкөлөр анын алдында алсыз болуп, кээ бир түп тамырынан жок болуп кетти. Мунун негизги себеби адамдардын туура эмес ишенимдерден ажырап, бир Кудайга сыйынууга жана Жаратуучусун тааный билүүгө жетишкендиги себеп болду. Эми биз ислам келгенге чейинки абраптардын жана кошуна элдердин саясий абалына учкай токтололу.

## Араптардын саясий абалы:

Арап жарым аралында белгилүү бир чектелген мыйзам болгон эмес. Айрыкча, аралдын ортоңку бөлүгү дээрлик тартипсиз жашоо кечирген. Мыйзамдуу түрдө түптөлгөн мамлекет да болгон эмес. Элдин жашоо тартиби, негизинен, уруулар арасында калыптанган үрп-адат менен жөнгө салынган. Бир гана "Бану Ханифа" деген ат менен белгилүү болгон мамлекет болгону тууралуу айтылат. Бирок, бул мамлекет катары башка элдерге таанылa алган эмес жана анын да чектеген мыйзамы болгон эмес. Пайгамбарыбыз ушул мамлекттин башчысы Хавза бин Али ал-Ханафиге аны динге чакырып кат жөнөткөнү белгилүү.[3]

---

[1] Зумар сүрөсү, 3-аят.

[2] Жаасия сүрөсү, 24-аят.

[3] Бул кат тууралуу ушул китептин "Алланын элчисинин падышаларга жазган каттары" бөлүмүндө кенен айтылат.

Ошондой эле Бахрейн аймагында да анча белгилүү болбогон жана перс баскынчыларынын кол астында калган мамлекет болгон. Пайгамбарыбыз бул мамлекеттин башчысы Ал-Мунзир бин Сави ал-Абдиге[1] да кат жиберген жана ал динди кабыл алып, аны менен бирге бир канча перс жана араб уруулары да динге кирген.

Араптар өз ара урууу-урууу болуп жашашкан. Бул уруулар ички майда урууларга бөлүнүшкөн. Буларды туугандык мамиле гана байланыштырып турган. Ар бир урууу өз көйгөйүн өзү чечкен. Урууу башчылары жана ак сакалдары ишти жөнгөрүүдө негизги ролду ойношкон. Урууу ичиндеги талаш-тартыш маселелер алардын кеп-кеңеши менен чечилген. Бирок, баардык урууну башын бириктирген кандайдыр бир системалуу түрдө түзүлгөн мыйзамдар болгон эмес. Уруулар ортосунда бир канча жолу мамлекет түптөөгө аракет жасалган, бирок алардын эч кайсысы натыйжа берген эмес.

## Мекке жана Мадина:

Меккеде жана анын айланасында бир нече уруулар жашоо кечирген. Алардын эң атактуусу Курайш уруусу болгон. Мекке тээ илгерки замандан бери эле араптар үчүн ыйык болуп келген. Меккеге ар тараптан ажы амалын аткаруучулар келип турган. Меккенин эли Йемен, Хижаз, Шам, Ирак ж.б. жерлерге соода-сатык иштери менен жайы-кышы чыгып турушкан. Булар тууралуу Куранда да эскерилген: **"Курайштарга кышкы жана жайкы сапарга чыгууда биримдик ыроологону үчүн, эми, алар ушул Үйдүн (Каабанын) Раббисине гана ибадат кылышсын! Ал аларды каатчылык учурда тамактандырды жана коркунучтан сактады!"[2]** Курайш уруусунун кошуна элдер менен үзгүлтүксүз байланышуусу алардын саясий жана коомдук иштерде тажрыйбасын өстүргөн, бирок, ошондой болсо да Меккеде шаардын элин башкарууну жана өнүктүрүүнү колго алган мыйзамдуу өкмөт болгон эмес. Болгону "Даарун-Надва" деп аталган уюм болуп, ага урууну ак сакалдары чогулуп, согуштук стратегиялык, коомдук жана соода-сатыкка тиешелүү болгон маселелерди талкуулашкан.[3] Аскер иштерин атайын адамдарга дайындашкан. Ошондой эле соода-сатык иштери да тиешелүү адамдарга жүктөлгөн. Мындан башка тармактарды караган атайын уюм же адамдар болгон эмес. Курайштардын дагы бир өзгөчөлүгү кадыр-баркын баалай билгендигинде эле, алар эч качан кимдир бирөөнүн алардын үстүнөн бийлик жүргүзүүсүнө муюп отура алган эмес. Адамдардын жүрүм-турумун көзөмөлдөгөн системалуу

---

[1] Бул кат тууралуу да ушул китептин "Алланын элчисинин падышаларга жазга каттары" бөлүмүнөн окуй аласыз.

[2] Курайш сүрөсү, 1-4-аяттар.

[3] Жаваад Али, "Ал-Муфассал фи таарих ал-арабикобла ал-Ислам" 4\44.

мыйзам иштебегендиктен коомчулукта бузукулук, укуксуздук ж.б. терс көрүнүштөр кеңири жайылган эле.[1]

Ал эми Мадина шаарында абал бир аз башкачараак болгон. Анда араптардын эки чоң уруусу Аус жана Хазраж, мындан сырткары жөөттөрдүн бир канча уруулары жашаган. Аус жана Хазраж урууларынын ортосунда тээ ата-бабаларынын доорунан бери карай келе жаткан келишпестик, душмандык бар эле. Жөөттөр өз кызыкчылыктары үчүн бул эки уруунун душмандыгын күчөтүп, өз ара кагылышууларын жалындатып турушкан. Анткени жөөттөр белгиленген мыйзамы бар, ошол мыйзамдарынын негизинде иш алып барган калк болушкан жана башчыларына баш ийе билишкен. Мурдакы талаа-таштa жашаган ата-бабаларынын жашоо тартиби менен жашоо кечиришкен Аус жана Хазраж урууларын мыйзамдуу жашаган жөөттөр оңой эле алдап, бири-бири менен каршылаштырып, өздөрү болсо андан кайсы бир деңгээлде пайдаланып турушкан. Исламдан мурда Ифратка кошуна турган аймактагы Ирактын Хира шаарында түптөлгөн Мунзирилердин династиясы деп аталган мамлекет да болгон. Анда араптар жана аз сандагы перстер мене набатилер жашап турган. Бул өлкө толугу менен перс падышасы Кисронун кол астында калган.Исламга чейинки доордо Шамда Гассанилердин династиясы көптөгөн жылдар бою жашап турган. Ислам жортуулдарына жана Ярмук жортуулу сыяктуу Рим менен бирге болгон бир канча согуштарды башынан өткөргөндүгү үчүн бул мамлекеттин аты тарых булактарында көп кездешет.

Йемен тарапта болсо күчтүүлүгү менен атагы чыккан арап мамлекети болгон. Бул мамлекетти биринин артынан бир келип бир канча падыша башкарган. Исламга жакындаган мезгилде гана Йемендин абалы өзгөрүп, аны Эфиопия өзүнө каратып алган.

Персияда болсо күчтүү мамлекет көптөгөн жылдар бою өкүмүн жүргүзүп келген. Монархиялык башкаруу өкүм сүргөн бул мамлекет башынан бир канча согуштарды өткөргөн. Булардын ичинен биз Персиянын ислам жортуулчуларынан жеңилүүгө учураганын жакшы билебиз.

Дагы бир исламга чейин атагы чыгып турган мамлекет Рум империясы болгон. Мисир, Шамдын кээ бир аймактары, Түндүк Африка, Борбордук жана Чыгыш Европага бийлик жүргүзгөн бул мамлекетти Рум императору башкарып турган. Борбору Константинаполь болгон. Өлкөнү башкарууда чечимди император өзү кабыл кылган бул өлкө да монархиялык болуп эсептелген. Өлкөнүн расмий дини христиан дини болгондуктан диний адамдардын өлкөнү башкарууда таасирдүү орду болгон. Бул өлкө тууралуу Куранда да айтылат:

[1] Махмуд Шаакир, "Сийроту Набавия" 33-бет.

**"Алиф. Лам. Мим. Рим (Персиядан) жеңилди, эң жакын жерде. Жана алар (Румдук аскерлер) жеңилгенден соң тез арада кайра жеңишке жетет".**[1]

## Элчини күтүү

Ибрахим пайгамбар жана анын балдары бир Кудайга сыйынуу динин алып келишкен. Ибрахим пайгамбар урпагынан туура жолго баштоочу адамдардын болуусун Аллага дуба кылчу. Куранда анын бир дубасы тууралуу минтип айтылган: "Оо, Раббибиз, Алардын арасынан, калгандарына Сенин аяттарыңды окуп берүүчү, Китеп жана даанышмандыкты үйрөтүүчү жана аларды тазалоочу бир пайгамбар жибер. Албетте, Өзүң Жеңүүчү жана Даанышмансың".[2] Ушул жана ушул сыяктуу аяттарды ыйык китептеринен окуган дин өкүлдөрү эртедир-кечтир ушундай пайгамбардын чыгарына ишенип, аны күтүп жүрүшкөн.

## Жөөттөрдүн күтүүсү:

Жөөттөрдүн көбү Мадинада жана Хайбарда жашоочу.[3] Алар жакын арада бир пайгамбардын чыгарын билип, күтүп жүрүшкөн. Бирок, тилекке каршы, пайгамбар чыккандан кийин ага каапырлык кылышты. Бул жөнүндө Куранда минтип айтылат: **"Качан аларга Алладан өздөрүндөгү нерсени (Тооротту) тастыктаган китеп (Куран) келгенде, мындан мурун каапырларга каршы (дал ушул китептен) жардам күтүп жатышкан болчу, анан качан аларга өздөрүнө белгилүү нерсе келгенде, ага каапырлык кылышты. Каапырларга Алланын каргышы болсун".**[4] Жөөттөр, айрыкча, алардын илимдүүлөрү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сапаттарын даана билишкен. Бул тууралуу Куранда мындайча айтылган: **"Биз китеп (Тоорот жана Инжил) берген адамдар аны өз балдарын тааныган сыяктуу таанышат. (Анан ошол, пайгамбар – Мухаммад келгенде) алардан көпчүлүгү чындыкты билип туруп, жаап-жашыра башташты".**[5] Ай караган текедей күтүп жүргөн пайгамбар келип, динди жайылта баштаганда, жөөттөрдүн Хуйяй бин Ахтаб баш болгон илим-билимдүү төбөлдөрү кежирлик кылып, ага ыйман келтирүүдөн баш тартты. Буга алардын текеберлиги жана көралбастыгы түрткү болду. Анткени, алар акыр замандын пайгамбары өздөрүнөн, жөөттөрдөн чыгат деп үмүт кылышкан эле. Тооротогы пайгамбарыбыз тууралуу айтылган стихтерди бир канча жолу

---

[1] Рум сүрөсү, 1-3аяттар.

[2] Бакара сүрөсү, 129-аят.

[3] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия" 1-том, 143-бет.

[4] Бакара сүрөсү, 89-аят.

[5] Бакара сүрөсү, 146-аят.

өзгөртүлүп, өчүрүлүп, башка мааниге алмаштырылып коюлганына карабастан, азыркы "ыйык китептен" да кезиктирүүгө болот.

### Христиандардын күтүүсү:

Христиандар Румда, Шамда, Мисирде көп болгон. Азыраак бөлүгү арап жарым аралынын түндүк тарабында жашашкан. Арап жарым аралындагы христиандардын борбору Нажранда болчу. Куранда Иса пайгамбардын өзүнөн кийин келе турган акыркы пайгамбар тууралуу кабар бергени айтылган. Анда: **"Эстегин, Марямдын уулу Иса (мындай) деди: «Оо, Исрайил урпактары! Мен силерге Алладан жиберилген пайгамбар боломун. Өзүмдөн мурдагы Тоорутту тастыктаймын жана менден кийин келе турган, ысымы «Ахмад» деген пайгамбар жөнүндө сүйүнчү кабар айтамын». Анан качан ал (Мухаммад) аларга анык далилдерди алып келгенде (ыйман келтирүүнүн ордуна) «бул анык сыйкыр го!» дешти".**[1] Христиандардын китеп окуй алган илимдүүлөрү акыркы пайгамбардын жакын арада чыга келерин күтүп жүрүшкөн. Анын чыгарын эч кимден жашырбастан, башкаларга да айтып, деп эле жүрүшкөн болчу. Мисалы, белгилүү сахаба Хасан ал-Басри христиан аалымдарынын биринен акыркы пайгамбардын чыгарына аз калганын жана анын ички-тышкы сыпаттарын угуп калат. Кийин кулдукта жүргөн Хасан Мадинага келгенде, кокустан пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) көрүп, андан алиги аалым айткан сыпаттарды дароо байкайт да, исламды кабыл алат.

Учурда христиан динин тутунган бир топ илимпоздор жана диний ишмерлер өздөрүнүн "Ыйык китептеринен" пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тууралуу кабарларды изилдеп, ошонун натыйжасында ислам дини акыркы, чыныгы дин экенин моюндап, ыйман келтиришүүдө. Булардын катарында, Ибрахим Халил Ахмад деген жаңы ысымдагы Египеттик чиркөө кызматкери бар. Ал ыйык китепти, тагыраагы, "Жаңы осуят" менен "Эски осуятты" толук изилдеп, "Мухаммад Тоорут жана Инжилде" деген китебин жазып чыккан. Китептин баш сөзүндө: "Ыйык китепте Мухаммаддын пайгамбарлыгы жана анын жеке сыпаттары тууралуу айдан ачык, эч кандай чечмелөөгө муктаж болбогон кабарлар бар" деп айтып өткөн.[2] Анын бул айтканы Алла Тааланын: **"Биз китеп (Тоорут жана Инжил) берген адамдар аны өз балдарын тааныган сыяктуу таанышат. (Анан ошол, пайгамбар – Мухаммад келгенде) алардан көпчүлүгү чындыкты билип туруп, жаап-жашыра башташты"**[3] деген сөзүнө дал келет десек да болот.

---

[1] Сафф сүрөсү, 6-аят.

[2] Ибрахим Халил Ахмад, "Мухаммад Тоорут жана Инжилде", Даарул Мунаар басмасы, 1409-ж (х), 30-бет.

[3] Бакара сүрөсү, 146-аят.

Дагы бир христиан чиркөөсүнүн кызматкери Абдул Ахад Дауд ал-Мусамми (Девид Банжамин Каддани) Мсламды кабыл алып, "Жөөт жана христиандардын китебиндеги Мухаммад тууралуу кабарлар" деген аталыштагы китебин жазган.

Мындан сырткары кээ бир мусулман аалымдары да мурдагы китептерди изилдеп, андагы Мухаммад пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жөнүндөгү кабарларды таап чыгышкан. Алсак, белгилүү аалым Ахмад Дидат "Ыйык китеп Мухаммад пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) тууралуу эмне дейт?" деген китеп жазып, бул китеп арап, англис ж.б. тилдерге которулуп миллиондогон нускада жарык көргөн.[1]

Инжилде али күнгө чейин сакталган кабарлардын биринде пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) келүүсү тууралуу Иса пайгамбардын минтип айтканы бар: "Азыр болсо мени жибергенге бара жатам. Эч кимиңер менден: "Каяка бара жатасың?" деп сураган жоксуңар. Бирок, айткан сөздөрүмдөн улам жүрөгүңөрдү кайгы басты. Силерге чындыкты айтып жатам: менин кеткеним силер үчүн жакшы. Анткени кетпесем, жардамчы келбейт".[2] Ушул сыяктуу эле Матай Инжилинде: "Ошондо Иса аларга мындай деди: "Ыйык жазмадан: "Куруучулар жаратпай койгон таш бурчка коюлуучу негизги таш болуп калды. Бул Кудайдан, биздин көзүбүзгө таң калыштуу көрүнөт", - деген сөздөрдү эч качан окуган жок белеңер? Ошондуктан силерге айтып коёюн, Кудайдын Падышалыгы силерден алынып, анын жемишин бере турган элге берилет. Ким ал ташка жыгылса - жанчылат. Ал эми таш кимдин үстүнө куласа, аны басып калат"[3] деп айтылат. Кимде-ким Абу Хурайра (Алла андан ыраазы болсун) баяндаган төмөнкү хадисти уккан болсо, анда жогорудагы Иса пайгамбардын айтканы пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жөнүндө болуп жатканын анык баамдайт. Хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) минтип айткан: "Мени жана менден мурда келген пайгамбарларды жаңыдан курулуп бүткөн үйгө окшоштурсаңар болот. Куруучу ал үйдү келиштирип, кооз курган, болгону анын бурчундагы бир гана кыш коюла элек. Аны көргөн адамдар кооздугуна таң калып: "Аттиң, ушул кышы ордунда болгондо, сонун болмок" деп тамшанышат. Мына ошол кыш менмин, мен – пайгамбарлардын акыркысымын".[4]

---

[1] Бул китеп англис тилинде он жолу басылган. Китепти Ибрахим Халил Ахмад арап тилине которгон. Арап жана англис тилинде көчүрүп алуу үчүн www.4shared.com сайтына, ал эми орус тилинде көчүрүп алуу үчүн www.answering-islam.org сайтына кайрылсаңыздар болот.

[2] Жакан, 16:5.

[3] Матай, 21:42,43,44.

[4] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", "Ал-Манакиб" бөлүмү, 17-кичи бөлүм.

Ошондой эле Жакан Инжилинде мындай сөздөр айтылган: "Силерге чындыкты айтып жатам: менин кеткеним силер үчүн жакшы. Анткени кетпесем, жардамчы келбейт. Ал эми кетсем, аны силерге жиберем. Ал келгенде дүйнөгө күнөө, адилдик, сот деген эмне экенин айкын көрсөтөт".[1] Таң калыштуусу Инжил жана Тоорутту чечмелеп, түшүндүргөн китептерде жогорудагы "жардамчы" тууралуу сөз козголгон эмес. Жакан Инжилинде жазылып жүргөн "Жардамчы" деген маанини туюндурган (Paracletc) сөз, негизи "Ахмад", "Мухаммад" деген маанини билдирген (Periglytos) ысым болгон. Бул адамдардын көңүлүн исламга бурдурбоо максатында атайын өзгөртүлгөн.[2] Муну Жакандын мобул саптарынан да байкасак болот: "Ал эми Жардамчы – чындык руху – келгенде, чындыкты толук түшүнүшүңөр үчүн, ал силерди жетектейт. Себеби ал өз атынан сүйлөбөйт, эмнени укса, ошону гана айтат жана алдыда эмне болорун билдирет".[3] Бул саптагы "жардамчы" пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) экени айкын билинип турат. Анан да бул сап Алла Тааланын: **"Ал (Мухаммад) оюнунан чыгарып эле сүйлөй бербейт, ал аян кылынган вахини гана сүйлөйт"[4]** деген аят маанисине дал келет. Мындан сырткары Инжилде пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) пайгамбар болуп жөнөтүлүүсү жөнүндөгү хадиске дал келген саптар бар. Мисалы мобу сапка көңүл буралы: "Мен силерге Атамдан жардамчы жиберем. Атамдан келе турган ал чындык руху мен жөнүндө күбөлөндүрөт. Силер да мен жөнүндө күбөлөндүрөсүңөр, анткени башынан эле мени менен болдуңар".[5]

Чындыгында, мурдагы китептерде, Тоорут жана Инжилде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жөнүндө өтө көп айтылган. Муну Куран бир канча аяттар менен тастыктайт. Мисал катары төмөнкү аятты карасак болот: **"Мухаммад – Алланын элчиси! Аны менен бирге (сахаба) болгон кишилер каапырларга катуу-өктөм, бири-бирине боорукер! Сен аларды үрүкү-сажда кылган абалында Алладан пазилет жана ыраазылык сурап жаткандарын көрөсүң. Алардын жүздөрүндө сажданын белгилери бар. Бул алардын Тооруттагы сыпаттары. Ал эми, алардын Инжилдеги сыпаттары - өзүнөн көп шак-бутак чыгарып, кубаттанып, анан (ал бутактары) жооноруп, анан денесин кере түздөп, дыйкандарды таң калтырган дарак сыяктуу. (Бул мисал) каапырлардын көңүлүн чөктүрүү үчүн. Алла алардын арасынан ыйман келтирип, салих**

---

[1] Жакан, 16:7,8.

[2] Абдул Ахад Дауд, 142-бет.

[3] Жакан, 16:13.

[4] Нажм сүрөсү, 4-аят.

[5] Жакан, 15:26.

**амал кылган момундарга (күнөөлөрүн) кечирүүнү жана чоң соопту убада кылды".**[1]

Тооруттагы дагы бир сапка токтололу: "Чөлдүү түздүккө чыгарылган өкүм бул: оо, Дедандын кербендери, силер чөлдүү түздүккө түнөйсүңөр. Суусаганды тосуп чыгыш үчүн суу алып келгиле. Тима жеринин тургундары, качкынды нан менен тосуп алгыла. Анткени алар кылычтардан, жалаңдаган кылычтан, ийилген жаадан, катаал согуштан качышты".[2] Бул саптар пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) түшүрүлгөн вахи тууралуу болуп жатуусу мүмкүн. Менин оюмча, бул саптарда жихад тууралуу, тагыраагы, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жана анын сахабаларынын кылычы астында жөөттөрдүн араб шаарларынан сүрүлүп чыгуусу жөнүндө айтылган. Чындыгында Азирети Умардын (Алла андан ыраазы болсун) заманында жөөттөр Хайбардан сүрүлүп Шам тарапка Тима жерлери аркылуу өткөн. Ушул замандар жалаңдаган кылыч менен ийилген жаанын заманы болгон. Албетте, бул менин жеке божомолум, чындыгын Алла билүүчү.

Бул саптар Азирети Умардын (Алла андан ыраазы болсун) заманындагы Кудус мечити мусулмандардын колуна өткөн жихад жөнүндө айтылып жаткан болуусу да мүмкүн. Анткени Матай Инжилинде мындай саптар бар: "Сион кызына: "Мына, сага мүнөзү жумшак "Падышаң келе жатат, ал эшек минип, жүк ташыган жаныбардын баласын – кодик – минип келе жатат деп айткыла".[3] Азирети Умардын (Алла андан ыраазы болсун) эшек минип, кичипейил болуп жүргөнүн көргөн Христиандардын аттуу-баштуулары: Сенин сыпатыңды биз ыйык китебибизден кезиктиргенбиз – деп айтканы белгилүү. Жогорудагы саптар мүмкүн ушуну айтып жаткандыр. Албетте, бул да менин жеке ой пикирим. Бирок, ушундай эле пикирин Абдул Ахад Дауд да билдирген. Ал эми кээ бир аалымдар муну пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеден Мадинага көчүүсүнө байланыштырышат. Эмнеси болсо да, мусулмандардын жаңы жерлерди багынтуусу мурдагы китептерде айтылганы анык. Муну Курандагы: "Биз Зикирден (Лавхул Махфуз) кийин Забур китебинде да "Жерди Менин ыймандуу пенделерим мурас кылып алышат" деп жазып койгонбуз"[4] деген аяттан байкасак болот. Забур Дауд пайгамбарга түшүрүлгөн илгерки китеп, аны жөөттөр окуп жүрүшкөн.

---

[1] Фатх сүрөсү, 29-аят.

[2] Ышая, 21:13.

[3] Матай, 21:5.

[4] Анбия сүрөсү, 105-аят.

"Ыйык китептеги" дагы бир саптарга назар таштайлы: "Мына, бул – мен колдоп келген, тандап алган, жаным жактырган кызматчым. Мен ага рухумду бердим. Ал элдерге адилеттикти ачып берет. Ал кыйкырбайт, үнүн бийик чыгарбайт, көчөдөн үнүн угузбайт. Чала сынган камышты сындырбайт, бүлбүлдөп күйгөн зыгыр биликти өчүрбөйт. Ал чындык боюнча иш кылып, адилеттикти ачып берет. Жер бетине адилеттик орнотмоюн алсырабайт, чарчабайт. Анын мыйзамын аралдар күтөт. Асманды жаратып аны жазгандын, жерди жана андагынын баарын жайгандын, анда жашаган адамзатка дем бергендин, жер үстүндө басып жүргөндөргө рух бергендин өзү – чыныгы Кудай мындай дейт: "Мен, Кудай сени адилдик боюнча чакырдым, сени колуңан алдым. Мен сени коргойм, элге келишим, элдерге жарык катары берем. Сен сокурлардын көзүн ачасың, туткунду зындандан, караңгыда отургандарды жарыкка чыгарасың. Мен Кудаймын. Бул менин – ысмым".[1] Мына ушундай эле маанидеги саптар Матай Инжилинде (12:18) да келет, бирок анда айтылган адамды Иса пайгамбар деп бурмалап жиберишкен. Ал эми Куран аяттарына салыштырсак, жогорудагы саптар пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жөнүндө болуп жатканы толук мүмкүн. Куранда пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) тандалып алынганы жана аны жарык чачуучу чыракка салыштырган бир канча аяттар орун алган.

Ыйык китептеги эски осуятта мындай саптар кезигет: "Чыныгы Кудайдын кишиси Муса өлөр алдында Ысырайыл уулдарына батасын берди. Ал мындай деди: "Кудай Синайдан келди, Аларга Сиерден жарыгын чачты. Ал Парон тоолуу аймагынан жаркырады, Анын жанында түмөндөгөн ыйык периштелер, оң тарабында жоокерлери турат".[2] Парон тоосу Меккенин жанындагы[3] пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгачкы вахи түшкөн тоо. Бул саптарды окуганда Алла Тааланын: **"Анжирге жана Зайтунга ант. Синайдагы Тур тоосуна ант. Мына бул тынч шаар (Меккеге) ант"[4]** деген аяттарын эстөөгө аргасыз болосуң. Анткени эски осуяттагы "Башталыш" китебинде Парон тоосун Ажар энебиз менен баласы Ысмайылдын токтоп турган жери деп айтылган саптар бар. Анда Зам-зам суусу тууралуу да айтылат. Эмесе, ошол саптарга назар таштайлы: "Бала чоңоюп эмчектен чыкты. Ысхак эмчектен чыккан күнү Ыбырайым чоң той берди. Саара мисирлик Ажардын Ыбырайымга төрөп берген уулунун шылдыңдап жатканын байкап, Ыбырайымга: "Бул күң аялды уул менен кошо кууп чык, анткени күң аялдын уулу менин уулум Ысхак менен бирге мурасчы болбойт" – деди. Уулу жөнүндө

---

[1] Ышая, 42:1-8.

[2] Мыйзам, 33:1-2.

[3] Караңыз: Ал-Хамави, "Муьжамул Булдан", 4-том, 225-бет жана "Дүйнөлүк электрондук энциклопедия википедиясы" (www.ar.wikipedoa.com).

[4] Тиин сүрөсү, 1-3-аяттар.

айтылган бул сөздөргө Ыбырайым абдан капаланды. Ошондо Кудай ага: "Саранын балаң менен күнүң жөнүндө айткан сөздөрүнө капаланба. Анын айтканын ук, анткени сага убада кылынган тукум Ысхактан чыгат. Бирок күңүңдүн уулунан да эл жаратам, анткени ал – сенин тукумуң" – деди. Ыбырайым эрте менен эрте турду да суу куюлган чанач, нан алып, Ажардын ийнине артып, баласы экөөнү жөнөтүп жиберди. Ажар кетип баратып Беир-Шебадагы ээн талаада адашып калды. Чаначтагы суу түгөнгөндө, ал баласын бир бадалдын түбүнө калтырып: "Баланын өлгөнүн көргүм келбейт" – деп, жебе жеткидей алысыраак жерге барып отурду да боздоп ыйлай баштады. Кудай баланын үнүн уккандыктан, асмандан Кудайдын периштеси Ажарга: "Ажар, эмнеге ыйлап жатасың? Коркпо, Кудай баланын үнүн жаткан жеринен укту. Тур да, баланы ордунан тургузуп, аны бекем карма, анткени мен андан улуу эл чыгарам" – деди. Анан Кудай Ажардын көзүн ачты. Ошондо ал суусу бар кудукту көрдү. Анан чаначка суу толтуруп келип, балага ичирди. Кудай бала менен болду. Ал чоңоюп, ээн талаада жашап, жаачы болду. Ал Парандагы ээн талаада жашады. Энеси ага Мисир жеринен аял алып берди".[1] Ооба, бул саптардын өтө көп өзгөрүүгө учураганы көрүнүп турат, ошондой болсо да Ысмайыл менен энеси Ажардын Паранга (Мекке) келгени жана Зам-зам суусунун чыкканы, Алла Тааланын Ысмайылдын уругунан эл жаратам деп айтканы сыяктуу кээ бир чындыктар сакталып калган. Анан да пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Ысмайылдын урпактары, жаа тартканды үйрөнгүлө, анткени атаңар Ысмайыл жаачы болгон"[2] деген хадисине дал келип турат. Ошондой эле Иса пайгамбардан кийин Паран жеринде (Меккеде) пайгамбарыбыз Мухаммаддан (ага Алланын салам-салаваты болсун) башка пайгамбар чыккан эмес.

Эски осуяттагы (Тоорут) Хабакук китебинде: "Ыйык Кудай Темандан, Паран тоосунан келди. Анын улуулугу асманды каптады, жер аны даңктаган сөздөргө толду. Анын жаркыроосу күндүн жарыгындай жаркырап турду. Анын колунан эки нур чачырап турду, анын күчү ошол жерде жашырылган. Анын алдында жугуштуу ооруу, артында оттой ысыткан ооруу баратты. Ал жерди солкулдатыш үчүн токтоду. Ал караганда, элдер коркконунан титирешти. Эзелки тоолор кулады, байыркы адырлар бүгүлдү. Анын жолдору эзелтеден ушундай".[3] Көрүнүп тургандай саптар көп өзгөртүүлөргө дуушар болгон. Болбосо ушул эле китептин 1884-жылы Бейрут басмаканасынан басылган нускасында "Жер, оң колуна үммөттүн түйшүгүн көтөргөн падыша Ахмадды даңктаган сөздөргө толду" деп айтылса, 1848-жылы Лондондо басылган жана

[1] Башталыш, 21:8-21.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3-том, 227-бет.

[3] Хабакук, 3:3-6.

1884-жылы Бейрутта басылган нускаларында "Асман Мухаммад алып келген нурга толду. Жер аны даңктаган сөздөргө толду" деп жазылган.

Инжилдеги дагы бир чындык Иса пайгамбардын өзүнөн кийин келе турган пайгамбар тууралуу: "Эгер кабыл алгыңар келсе, "келиши керек болгон Иляс – ошол"[1] деп айтканы. Албетте, Иса пайгамбардан кийин келген пайгамбар Мухаммад пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) экени анык. Демек жогорудагы сапта анын аты өзгөртүлгөнү ачыктан-ачык көрүнүп турат.

Эми азыркы Библияга камтылбай калган, өз убагында чиркөө жокко чыгарууга аракет кылган "Барнаба" Инжили (Gospel of Barnaba) тууралуу сөз козгойлу. Он жетинчи кылымдын башында Ватиканда Барнаба Инжилинин түп нускасы ачыкка чыгып, италия, испан жана англис тилдеринде жарыкка чыккан.[2] Иса пайгамбардын шакирттеринин бири Барнабадан жазылып калган бул Инжилди убагында жаап-жашырып, түп тамырынан жок кылууга аракет жасашкан. Анткени башка Инжилдерден айырмаланып, Барнабада Исанын Кудайдын баласы эмес, жөнөкөй эле адам пайгамбар экени, андан кийин Мухаммад деген акыркы пайгамбар чыгары, бир кудайлуулукка чакыруу ж.б. Куран аяттарына дал келген көптөгөн чындыктар болгон. Айрыкча чиркөөгө Барнаба инжилиндеги акыркы пайгамбар "Мухаммад" деп ачык айтылганы жаккан эмес.

Мисалы, Барнабанын 163-бөлүмүндө минтип айтылат: "Иисус шакирттери менен бирге Иорданиянын артындагы ээн талаага барды. Күндүзгү намазын окугандан кийин, Курма дарагынын жанына отурду, шакирттери болсо Курманын көлөкөсүнөн орун алышты. Ошондо Иисус мындай деди: "Менин бир туугандарым, тандап алуунун ачылбаган сыры көп, мен силерге чындыкты гана айтам: анын сырын бир гана адам билет. Ал – бүт адамзат күтүп жаткан, Кудайдын бардык сырларын билген адам. Ал келгенде, анын сөзүнө моюн сунгандар ийгилик табышат. Анткени бул дарак бизди көлөкөлөп турган сыяктуу, анын сөзүнө моюн сунгандарды Кудай шайтандан көлөкөлөп калкалайт".

Шакирттери сурашты: "Устат, сен айтып жаткан жакында ааламга чыгуучу адам ким?" Иисус жүрөгүнө кубаныч толуп жооп берди: "Анын аты – Мухаммад, Кудайдын элчиси. Ал ааламга чыкканда, көп убактан бери суусуз жаткан жерге асман жамгырын төгөт, мөмөлөр бышат, адамдарды жакшы иштерди жасоого үндөйт, өзү менен бирге чеги жок ырайымды алып келет. Ал

---

[1] Матай, 11:14.

[2] www.ar.wikipedoa.com

жамгырга толгон ак булут сыяктуу келет, анын жамгыры ыймандууларды ырайымга сугарат".[1]

Барнабадагы бул саптар Курандагы: "**Биз сени ааламга ырайым кылуу үчүн жибердик"**[2] деген аятты жана: "**Эстегин, Марямдын уулу Иса (мындай) деди: «Оо, Исрайил урпактары! Мен силерге Алладан жиберилген пайгамбар боломун. Өзүмдөн мурдагы Тоорутту тастыктаймын жана менден кийин келе турган, ысымы «Ахмад» деген пайгамбар жөнүндө сүйүнчү кабар айтамын». Анан качан ал (Мухаммад) аларга анык далилдерди алып келгенде (ыйман келтирүүнүн ордуна) «бул анык сыйкыр го!» дешти"**[3] деген аяттарды эске салат.

Барнаба Инжилинде жогорудагы сыяктуу Куран аяттарына маанилеш көптөгөн саптар бар. Алардын бири Иса пайгамбардын шакирттерине бейишти сыпаттаганы. Иса пайгамбар минтип айтат: "Адам баласынын көзү көрбөгөн, кулагы укпаган, жүрөгү көтөрө албаган нерселерди Кудай өзүн жакшы көргөндөргө даярдап койгон".[4] Бул саптар Курандагы: **"Эч бир (момун) жан жасаган иштери үчүн өзүнө (бейиште) даярдалып коюлган жашыруун кубанычты билбейт"[5] деген аятка маанилеш. Ошондой эле пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Тааланын кудуси хадисинде айткан: "Ыймандуу пенделериме көз көрбөгөн, кулак укпаган, адам баласы оюна келтире албаган нерселерди даярдап койгонмун"[6]** деген сөзүнө да дал келет.

Барнабадагы Куран жана сүннөткө дал келген дагы бир чындык, бул Иса пайгамбардын асманга көтөрүлүүсү. Барнабада бул окуя мындай сүрөттөлөт: "Ыйык periштелер келип, түштүккө карап турган терезеден Иисусту чыгарып, дайыма Алланы даңктап туруучу периштелердин коштоосунда үчүнчү кабат асманга алып чыгышты".[7] Ал эми Куранда окуя мындай сүрөттөлгөн: **"Алар аны (Исаны) өлтүрүшкөн да, асышкан да эмес. Бирок, алар үчүн (башка бирөө) ага окшотуп коюлган. Анын өлүмү жөнүндө талашып-**

---

[1] Барнаба Инжили, 293-бет.

[2] Анбия сүрөсү, 107-аят.

[3] Сафф сүрөсү, 6-аят.

[4] Барнаба Инжили, 298-бет.

[5] Сажда сүрөсү, 17-аят.

[6] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", Тафсир бөлүмү, Сажда сүрөсү, 6-том, 12-бет.

[7] Барнаба Инжили, 334-бет.

**тартышкандар шек-күмөндө. Алар божомолдогондон башка эч нерсени билишпейт".**[1]

## Батыш интелегенциясынын пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз карашы:

Он сегизинчи кылым батышта пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) аты жаңырган учур болду десем жаңылышпайм. Көптөгөн тарыхчылар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бейнесине кайрылып, ал тууралуу өздөрүнүн ой-пикирлерин айтышкан. Бул кылымдагы Европанын өзгөрүүсүн Максим Рудинсон (Maxim Rudensn) минтип моюнуна алат: "Он сегизинчи кылымда европалык агартуучу тарыхчылар ааламды бир бейне менен толукташты: ал – кечиримдүү, даанышман мыйзам чыгаруучу өкүмдар Мухаммаддын бейнеси".[2] Ушул кылымдагы Европанын өзгөрүүсүн англиялык жазуучу Бернард Шоу (Gerorge Bernard Shaw) дагы тастыктап, мындай дейт: "Европа азыр Мухаммаддын даанышмандыгын моюндап, анын дини менен жашай баштады. Жакынкы доорлордо Исламдын туура ишеними европалыктарды сандыраган туура эмес ишенимдерден куткарары бышык".[3]

Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жалпы адамзаттын жашоо мыйзамын иретке келтирген инсан катары тааныган Марсел Паурзер (Marcel Pourzar) минтип айтат: "Мухаммад пайгамбар тарыхта дин таратуучу катары гана эмес, тарых агымын өзгөртө алган мыкты саясатчы катары да белгилүү".[4]

Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр баяны, караланып, өзгөрүлүп, бурмаланганына карабастан, батыштын акыл-эстүү адамдарына терең таасирин тийгизди. Тарыхка сокур туурамчылык менен эмес, акыйкат көз караш менен караган батыш тарыхчыларынын көбү анын чыныгы пайгамбар экенин тана алышкан эмес. Төмөндө Ламартиндин (Alphonse de Lamartine) сөзүнө кулак төшөйлү: "Жашоомдогу эң маанилүү учур Мухаммаддын өмүрүн окуган учурум болду. Тарых барактарынан Мухаммадга окшош адамды ким таап бере алат!? Тарыхта ал сыяктуу атагы таш жарган ким бар!? Түптөлүп калган түркөй ишенимди оңдогон элчи, үгүтчү, саясатчы жана

---

[1] Ниса сүрөсу, 157-аят.

[2] Ал-Хусайни Маьди, 129-бет.

[3] Жогорку булак, 105-бет.

[4] Жогорку булак, 114-бет.

кол башчы – бул, Мухаммад. Чындыгында ал Жаратуучу менен жаратылгандардын ортосундагы ортомчулук ишенимдерди жокко чыгарды".[1]

Едуард Перру (Eduard Perrou) дагы Мухаммад пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) акыркы пайгамбар экенин, анын шарияты жалпы адамзаттын жашоо мыйзамын камтып аларын тастыктап, минтип айтат: "Абдулланын уулу Мухаммад келди, арап пайгамбар жана пайгамбарлардын акыркысы. Араптарга жана баардык адамдарга жаңы динди алып келди. Жалгыз Аллага сыйынууга чакырды. Анын үгүт жолу ишенимге тескери келбеди. Анын жолу бир гана динди эмес, дүйнөлүк жашоону да жөнгө салды. Мусулмандарга зекет берүүнү, дин душмандарына каршы жихатты милдеттендирди. Акыйкат дин тарады. 632-жылы арап пайгамбары каза болгондо, анын чакырыгы аягына чыкты. Ислам келгенге чейин өкүм сүргөн мыйзамдардын үстүнө орноткон мыйзамы да аягына чыкты. Ошентип арап жарым аралында буга чейин болуп көрбөгөндөй бирдиктүү, бекем дин орноду".[2]

Пайгамбар жана ага түшкөн вахи чындык экенин, пайгамбардын кылган иштеринде анын пайгамбар экенин далилдеген көп белгилер бардыгын моюндаган Лайтинз (Leitner) минтип айткан: "Менин иуда жана христиан диндеринен улам билгениме караганда, Мухаммаддын үйрөткөндөрү оюнан чыгарган нерселер эмес, ага вахи кылынган нерселер. Буга эч кандай шек жок. Толугу менен ишенебиз, бизге ал даанышман жана илимдүүнүн вахиси менен келди. Мен ага урмат кылуу менен айтам: өзгөлөр үчүн жанын курмандыкка чалуу, ишенимдүү максат кылуу, эч өзгөрбөгөн бекем ыйман, адашуу жана ката кетирүүнүн түпкү себептерин көрөгөчтүк менен сезе билип, аны жоюунун эң жөнөкөй ыкмаларын колдоно билүү, буларды баары Мухаммаддын пайгамбар экендигин жана ага вахи түшүп тургандыгын далилдеп турат".

Батыштын эстүү-баштууларынын көбү Исламдагы бир Кудайга сыйынуу ишенимине тан беришет. Бул ишеним пайгамбарыбыз үндөгөн диндин өзөгү. Пайгамбарлардын баары ушундай ишенимди бекемдөө үчүн келишкен. Буга туура көз караш менен карап, ой жүгүрткөндөр Исламдын акыркы, туура дин экенин тана алышпайт. Валтер (Voltaire) мындай дейт: "Мухаммаддын акыйдасынан шектүү жана түшүнүксүз нерселерди таба албайсың. Ал эми Куран болсо Алланын жалгыз экендигин ачык-айкын далилдеп турат".[3]

Ром Ланда (Rom Landau) минтип айтат: "Мухаммад эч качан өзүнө кудайлык сыпатты же таң каларлык күч-кубатты таңуулаган эмес.

[1] Жогорку булак, 42-бет.

[2] Жогорку булак, 112-бет.

[3] Ал-Хусайни Маьди, 167-бет.

Тескерисинче, Алланын пенделерине жиберген вахи-кабарын жеткирүүгө тырышкан жөнөкөй элчинин милдетин аткарган".[1]

Арнолд Тубе (Arnold J. Toyubee) минтип айткан: "Мухаммад бүтүндөй жашоосун арап коомчулугундагы ушул эки көз карашты оңдоого жумшады (ал экөө: динде - жалгыз Кудайга сыйынуу, башкарууда - бирдиктүү мыйзамга баш ийүү). Бул экөөсүн тең ал баарын өзүнө камтыган Ислам мыйзамдары аркылуу жөнгө салды".[2]

Вашингтон Ирвинг (Washington Irving) минтип айтат: "Мухаммад пайгамбарлардын акыркысы жана Алла жиберген пайгамбарлардын эң абзели. Анын Меккени каратып алгандан кийинки кылгандары, ал аскер баштаган кол башчы эмес, эл баштаган пайгамбар экенин анык далилдеди. Ал жеңишин жана ийгилигин кечирим жана ырайымы менен белгиледи".[3]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) пайгамбарлыгын жана бир кудайга үндөгөн дининин акыйкат экенин тастыктаган Эдуард Рамси (Edward Ramsay) минтип айтат: "Мухаммад ааламга Жалгыз, Каардуу Заттын өкүмүн алып келди, адамдарды караңгылыктан нурга чыгаруу үчүн. Аалам мейкиндигинде үрүл-бараң болуп турган таңды атырды. Анын акылмандуулугу караңгы элдин көзүн ачты. Араптар эсине келди жана буга чейин кулчулуктун коюнунда уктап жатышканын сезишти".[4]

Батыштын кээ бир көзгө көрүнгөн илимдүүлөрү батыш элинин Мухаммад пайгамбарга (ага Алланын салам-салаваты болсун) ыйман келтирбей жүргөнүн уят иш катары баалаган. Мисалы, Томас Карлилдин (Tomas Carlyle) сөзүнө көңүл буралы: "Ислам дини жалган, Мухаммад болсо анткор, жалганчы" деген сөздөргө кулак төшөөнүн өзү азыркы заманда акыл-эстүү адамдар үчүн уят иш болуп калды".[5]

Дүйнөгө "Тарыхтын атасы" деген ат менен таанылган белгилүү Американын тарыхчы Вилли Дарант (Will Durant) минтип айтат: "Мухаммаддан эч ким окуу жана жазууну үйрөнгөн эмес. Ал өзү тууралуу жазган да эмес, бирок бул аны элге таанылуудан тыйып калган жок. Пайгамбар иш билги жетекчи, ошону менен бирге тажрыйбалуу саясатчы да болгон. Ал тынчтык

---

[1] Жогорку булак, 150-бет.

[2] Жогорку булак, 116-бет.

[3] Жогорку булак, 111-бет.

[4] Жогорку булак, 103-бет.

[5] Жогорку булак, 186-бет.

жолу менен жеңишке жетүүнүн жолун билген. Ал, Мухаммад тарыхтагы көсөмдөрдүн көсөмү".[1]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) көсөмдүгүн жана даанышмандыгын даңазалап, ал жеткен бийиктикке Европа дагы эле жете албай жүргөндүгүн моюндагандар бар. Алсак, немис адабиятчысы Жоте (Johann Wolfgang von Goethe) минтип айтат: "Биз, европанын эли, Мухаммад жеткен нерсеге али күнгө чейин жетпей келебиз жана жакын арада ага эч ким жете да албайт. Тарых барактарынан бул инсанга теңдеш адамды издеп көрдүм, бирок Мухаммаддын өзүнөн башка эч кимди таба албадым. Мухаммад ааламды бир Кудайга сыйынуу сөзү менен багындыра алды. Чындыкты ушундай жол менен таратып, ушундай жол менен көтөрүү керек".[2]

Англиялык жазуучу Бернад Шоу (Bernard Shaw) пайгамбардын саясаты жана иш жүргүзүүсү азыркы заманда аябай зарыл болуп жаткандыгын түшүнүп, мындай дейт: "Мухаммадды адамзатты куткаруучу деп атообуз зарыл. Мен бөркүмдөй ишенем, эгерде ааламды азыр ал сыяктуу бир адам башкарганда, чечилбей жаткан көйгөйдүн баарын тынчтык жана бактылуулукка алмаштырып коймок".

Ал эми Франциялык доктор жана тарыхчы Густав Ли Бон мындай дейт: "Эгерде адамдарды сиңирген эмгеги боюнча салыштыра келсек, бул жаатта Мухаммаддан өткөн адамды тарых бизге таап бере албайт... Бир эле мезгилде диний, маданий, аскерий бийликти бир колго кармап туруудан өткөн оор иш жок. Мына ушул ишти жүзөгө ашыра алган Мухаммаддын келүүсү менен, ага чейин жапайы доордо жашаган арабдар ааламга өзүн таанытa алды".

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жүргүзгөн ишине таң калган батыш илимдүүлөрүнүн дагы бири Жек Бергви (Jacgues Augustin Bergue) минтип айтат: "Жаратуучу тандап берген Ислам дини Мухаммадга, Мухаммад Исламга татыктуу экенинде шек жок".[3]

Карл Бреклман (Carl Brockelmann) мындай дейт: "Исламдын элчиси арап жарым аралын элчилигин таратуучу борбор кылды. Анын ишине каршылык болбой койгон жок жана ал каршылыктар азыр да улануда, бирок жеңиш ар дайым чындык тарапта. Мухаммад алып келген нерсе да чындык жана акыйкат экени шексиз".[4]

---

[1] Жогорку булак, 128-бет.

[2] Жогорку булак, 174-бет.

[3] Жогорку булак, 171-бет.

[4] Жогорку булак, 170-бет.

Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) акыркы пайгамбар катары тааныган окумуштуулардын дагы бири француялык илимпоз Климент минтип айтат: "Мухаммад жөн эле пайгамбар эмес, ал пайгамбарлардын эң акыркысы. Демек, анын дини да акыркы дин. Эгерде мусулмандар дин жайылтууда пайгамбарын өрнөк кыла билишкенде, анда жер бетинде мусулман болбогон адам калмак эмес".[1]

Мындан башка дагы көптөгөн батыш илимпоздору жана тарыхчылары пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тууралуу туура ой-пикирлерин айткан.[2] Биз болсо бул бөлүмдү француялык чыгыш таануучу Лайс Седиллонун (Louis-Pierre-Sedillot) сөзү менен жыйынтыктайбыз: "Тээ азиянын бир бурчунда эч кимге билинбей жашоо кечирип, анан эле атагы ааламга жар салып чыга келген элдин тарыхына көз чаптырчу убак келди. Алардын даңкы жетинчи кылымда ааламга таркады. Мындай кереметти бир эле адам ишке ашырды, ал – Мухаммад".[3]

## Пайгамбар жашаган доор

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолуна киришүүдөн мурда анын кайсы доордо жашап өткөндүгүн билип алганыбыз оң, тагыраагы, ал кайсы күнү төрөлгөн, кайсы күнү бул дүйнө менен коштошкон, бул күндөр тарыхта так, туура жазылганбы? Мына ушуларга токтолобуз.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) "Пил" жылы[4] деп аталган жылда, дүйшөмбү күнү төрөлгөн. Дүйшөмбү күнү төрөлгөндүгүндө эч

---

[1] Жогорку булак, 171-бет.

[2] Мисалы:

[3] Жогорку булак,147-бет.

[4] Тарыхта Пил жылы деп аталып калган бул жылда төмөнкүдөй окуя болгон: Йемендин башчысы Абраха деген адам адамдардын Каабаны зыярат кылып топтолуусуна ичи тарып жүргөн. Мына ушул ич күптүлүгүнөн Сана шаарына "Кулайс" деген чоң чиркөө салдырат да, элди ошого зыярат кылдыргысы келет. Бирок, анан алтын-күмүш менен жасалгаланган кооз чиркөөсүнө анын кооздугун көрүү үчүн эле анча-мынча адам басып келбесе, элдин баары Каабага агылганын токтотподу. Ошентип ою ишке ашпаган Абраха эми Каабаны басып алып, талкалоону көздөйт. Аскерин жыйып Меккени көздөй аттанат. Меккеге жакын Мугаммис деген жерге келип анда жайытта жүргөн Курайштардын төөлөрүн тийип кетет. Бул төөлөрдүн арасында пайгамбарыбыздын чоң атасы Абдулмуталиптин да жүз чамалуу төөсү бар болчу. Абдумуталип бул учурда Курайштын башчысы эле. Төөлөрү жоголгонун уккан Абдулмуталип Абрахага өзү барат. Абраха аны сыйлуу тосуп алат. Абдулмуталип андан төөлөрүн кайтарып берүүсүн суранат. Абраха ачууланып: "Сени сыйынуучу жайы болгон Каабаны сактап калууну суранып келди го десем, кайдагы бир төөлөрдү сурап отурасың" деп кемсинтет. Абдулмуталип: "Мен төөлөрдүн ээсимин, ошон үчүн аларды сурап келдим, а Каабанын өзүнүн ээси бар, Ал аны өзү сактайт" деп жооп берет. Ошентип Абдумуталип төөлөрүн кайтарып алып кетет. Меккеге келгенден кийин элди шаардан тоо тарапка чыгып кетүүгө буйруйт. Эл тоого чыгып, Мекке ээн калат. Эртеси Абраха Меккеге чабуул баштайт. Бирок аскердин эң ишенген куралы болгон

кандай шек жок. Анткени, куттуу хадистеринин биринде: "Дүйшөмбү – мен төрөлгөн күн"[1] деп айтканы бар. Көптөгөн тарыхчылар жана аалымдар бул күн Рабиул Аввал айынын 12-күнүнө туш келет деп айтып жүрүшөт. Милади[2] жыл санагы менен бул жыл 571-жылга дал келет.

Ал эми пайгамбарыбыздын жашоосунун бүтүүсү дал эле төрөлгөн күнү сыяктуу Рабиул Аввал айынын он экиси, дүйшөмбү күнү, күн чыгып жаткан учурга туш келген. Милады жыл санагы боюнча 633-жыл, 8-июнь күнү көз жумган.[3]

## Пайгамбарыбыздын мекени:

Пайгамбарыбыздын туулган жери кереметтүү Мекке шаары. Меккени "Уммул Кура" бизче "Айылдардын энеси" деп да аташкан. Мына ушул шаарда пайгамбарыбыз төрөлдү, торолду, жигиттик курагын өткөрдү, тарбияланды, үйлөндү, бала-чакалуу болду, эмгектенди, пайгамбар болду жана сахабаларын тапты.

Мекке тоо койнунда жайгашкан шаар. Ибрахим пайгамбар аялы Хажар менен баласы Исмайылды калтырып кеткен жер. Куранда бул тууралуу минтип айтылган: **"Оо, биздин Рабби! Мен урпактарымдын кээ бирин Сенин Ыйык Үйүңдүн жанына, эгин өспөгөн өрөөнгө жайгаштырдым. Оо, Раббим, алар ошол жерде намаз окуп, Сен Өзүн адамдардын жүрөгүн аларга мээримдүү кыл. Аларга ар түрдүү мөмөлөрдү ырыскы кылып бер. Алар ошого шүгүр кылышаар".**[4]

Мекке Ибрахим пайгамбардын заманынан бери карай бир Кудайга сыйынуунун очогу болуп келген. Ибрахим пайгамбар баласы Исмайыл менен ыйык үй Каабаны түптөгөн. Бул шаарды берекелүү кылуусун Алладан суранып

---

"Махмуд" аттуу пил алга басууга көнбөйт. Аскерлер канча убараланбасын пил алга баспайт, башын артка бурса, дароо басып жөнөйт. Аскерлер ушинтип убараланып жаткан учурда асмандан чабалекейдей болгон чымчыктар учуп келип алардын үстүнө чеңгелдей келген кичинекей таштарын жаадыра баштайт. Таш келип тийген адам дароо жан таслим болуп жатты. Анткени, Алланын кудурети менен бул таштар кызыган чоктон эле. Ошентип Абраха баш болгон аскердин баары көз ачып жумганча талкаланып жок болот. Бул окуя биздин замандын 571-жылы, Раби ал-Аввал айында болгон, тагыраагы, пайгамбарыбыздын төрөлүүсүнө бир канча күн калганда болгон. Ушундан улма бул окуя "Пил окуясы" деген ат менен тарыхта сакталып, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) "Пил" жылында төрөлгөн деп айтылып калган. Окуя тууралуу Куранда "Пил" сүрөсүндө айтылат.

[1] Имам Муслим, 1162-катар сандагы хадис.

[2] Иса пайгамбардын төрөлүшүнөн бери карай эсептелген жыл санагы.

[3] Абдус-Салам ат-Тарманини, "Азминатут-Тарихил-Ислами", 1-том, 29-бет.

[4] Ибрахим сүрөсү, 37-аят.

дуба кылган, бул шаарга андан кийинки пайгамбарлар келип Каабаны зыярат кылышкан. Ибрахим пайгамбардын Каабаны түптөөсү, анын дубасы жөнүндө Куранда минтип айтылган: **"Эстегин, Биз Үйдү (Каабаны) адамдар умтулуп бара турган жай жана тынч орун кылып: “Ибрахимдин ордун[1] ибадат жайы кылып алгыла” (деп буюрдук). Жана Ибрахим менен Исмайылга: “Менин Үйүмдү тооп кылуучулар, эьтикафка отуруучулар,[2] үрүкү жана сажда кылуучулар үчүн тазалагыла” деп буйрук кылдык.**

**Эстегин, Ибрахим (Раббисине дуба кылып) “Оо, Раббим! Бул жерди тынч шаар кылгын жана анын элинин арасынан Аллага жана Акырет күнүнө ишенген адамдарга мөмө-жемиштерди ырыскы кылып бере көр!”- дегенде, Алла айтты: “Каапыр болгон адамды дагы (ошол ырыскылар менен) бир аз пайдалантам. Анан Тозок азабына мажбурлап киргизем. Ал кандай жаман акыбет!**

**Эстегин, Ибрахим менен Исмайыл экөө Каабанын пайдубалын көтөрүп жатып (мындай деп дуба кылышты): “Оо, Раббибиз! Бизден (ушул ишибизди) кабыл кыла көр! Албетте, Сен Угуучу, Билүүчүсүң! Оо, Раббибиз! Бизди Өзүңө моюн сунуучулардан кыл! Биздин урпактарыбыздан Өзүңө мусулман үммөт (чыгар!) Бизге (ажы мезгилинде жасалчу) ибадаттарыбызды үйрөт! Биздин тообобузду кабыл кыл! Албетте, Сен тообаны кабыл кылуучу, Мээримдүүсүң! Оо, Раббибиз! Алардын (урпактарыбыздын) арасынан, аларга Сенин аяттарыңды окуп берүүчү, Китеп жана Даанышмандыкты үйрөтүүчү жана аларды тазартуучу бир пайгамбар жибер! Албетте, Өзүң Жеңүүчү жана Даанышмансың!”[3]**

Меккенин географиялык абалы арап жарым аралындагы башка аймактардан айырмаланып, жалаң гана тоо менен курчалып турат. Меккенин айланасында эгин-тегин эгүүгө ылайыктуу болгон түз талаалар жокко эсе. Шаарды көп замандан бери Курайш уруусунун өкүлдөрү мекендеп келишет. Жогоруда айтылып өткөндөй, соода-сатык ишин жакшы өздөштүрүп, кошуна элдер менен тыгыз байланышта болгон Курайш уруусу Меккедеги кызмат орундарын да көзөмөлдөп турушкан. Мекке ажылар келүүчү шаар болгондуктан, анда ажыларды суу менен камсыз кылуучу, тамак-аш менен камсыздоочу кызматтар болгон. Ошондой эле соода кылып келгендерге кызмат көрсөтүү да Курайш уруусун өкүлдөрүнө тиешелүү болгон.

Өз заманында Меккеде "Кеңешүү отуруму" деп аталган уюм бийлик жүргүзүп турган. Анын курамына кирген Курайштын анабашылары уруунун биримдиги жана келечеги тууралуу кеңешүүлөрдү өткөрүп, чечимдерди чыгарышкан. Саясий жана социалдык жактан бир топ тажрыйбалуу болгон

---

[1] «Ибрахимдин орду» - бул Каабанын эшигинин тушундагы Ибрахим пайгамбар ар дайым эки иракет таваф намазын окуган жай.

[2] «Эьтикафка отуруу» - бул, мусулман кишинин үйдөн, дүйнө тиричилигинен арылып, белгилүү мөөнөттү ниет кылып, кайсы бир мечитте ибадат, дуба кылып күн өткөрүүсү (котор.).

[3] Бакара сүрөсү, 125-129-аяттар.

Курайштар, тилекке каршы ишеним жагынан өтө алсыз болушкан. Ата-бабабыздын жолун жолдойбуз деген сокур туурамчылык, жалган ишенимге таянып, чындыкты моюндарына алгысы келген эмес. Булардын далилсиз ишенимин Алла Таала минтип сүрөттөйт: **"Жок, алар: "Биз ата-бабаларыбызды ушундай дин-ишенимде көргөнбүз. Биз ошолорду эрчигенде гана адашпайбыз" – дешет".**[1] Ой жүгүртүп, акыл калчоолору алсыз болуп, адеп-ахлак, жүрүм-турум маселелерине көңүл бурбастан, күнүмдүк жашоого тиешелүү маселелерди гана карашкандыктан, эл арасында сойкулук, зына, арак ичүү, сүткордук, ырдап-бийлөө сыяктуу терс көрүнүштөр күчөй берген. Мунун баары акыретке ишеним болбогондуктан улам келип чыккан. Алардын арасында кеңири жайылган дагы кандай туура эмес иштер болгонун Алла Тааланын ошондой иштерге тыюу салган төмөнкү аятынан да байкоого болот: **"Оо, ыймандуулар, арак, кумарпоздук, сыйынуу үчүн орнотулган айкелдер, таякчалар менен төлгө тартуу – шайтандын ыплас иштеринен. Андан сак болгула, тозоктон кутуласыңар!"**[2] Аяттан белгилүү болгондой күнөөлөрдүн эң чоңу болгон ширк Меккени толугу менен курчап алган эле.

## Пайгамбардын ата теги:

Пайгамбарыбыздын аты Мухаммад, атасы Абдулла, чоң атасы Абдулмуталип. Пайгамбардын ата-тегин тизмектеген тарыхчы аалымдар аны Ибрахим пайгамбарга чейин жеткиришет. Ал тизмек төмөнкүдөй тартипте уланат:

Мухаммад

Абдулла

Абдулмуталиб

Хаашим

Абду Манаф

Музир

Килаб

Марра

Каьб

Луай

Гаалиб

Фахр

---

[1] Зухруф сүрөсү, 22-аят.

[2] Маида сүрөсү, 90-аят.

Маалик

Надар

Канаана

Хузайма

Мудрика

Яаас

Мудир

Низар

Маьд

Аднаан

Аадид

Мукаввим

Наахуур

Тирху

Яьроб

Яшжаб

Саабит

Исмайыл

Ибрахим.[1]

Аднаандан кийинки тегинде аалымдар ортосунда келишпеген көз караштар бар. Бирок, кандай болгон жерде да, пайгамбарыбыздын теги Исмайыл пайгамбарга чейин тизмектешип барарында шек жок. Анткени пайгамбарыбыз хадисинде: "Алла Таала Ибрахимдин балдарынан Исмайылды, Исмайылдан Кинаананы, Кинаанадан Курайшты, Курайштан Хаашимдин урпактарын, Хашимдин урпактарынан мени тандап алды..." деп айтканы бар.[2]

## Пайгамбардын төрөлүүсү:

[1] Ибн Касир, "Сийроту Набавия", 183\1

[2] Имам Муслим, 26\15, Шарху Навави.

Абдулмуталиптин уулу Абдулла[1] эрезеге жетип, атасы аны Вахб деген кишинин кызы Аминага үйлөдү. Абдулла да, Амина да насили таза, күнөөдөн өздөрүн алыс туткан, адамгерчиликтүү адамдар эле. Абдулла келишимдүү, күч-кубаттуу жигит болчу. Амина да өз кезегинде алдына адам салбаган келишимдүү, өңдүү-түстүү аял эле. Амина кош бойлуу болуп, боюндагысы алты айга чамалап калганда ичер суусу, көрөр күнү түгөнгөн Абдулла каза болуп калат.[2] Ошентип келечектин пайгамбарына ата дидарын көрүү бактысы насип болбоду. Амина төрөөрдөн мурда ажайып түштөрдү көрөт. Бул тууралуу да пайгамбарыбыздын айтканы бар. Анда ал: "Мен Ибрахимдин дубасында эскерилгенмин, Исанын сүйүнчүсүндө кабарланганмын, апамдын түшүндө көрүлгөнмүн. Мындай түштү бардык пайгамбарлардын энелери көрүшөт" – деп айткан.[3] Амина ушундай түштөрүнүн биринде курсагынан чыккан нур Шам тараптагы Бусра шаарына чейин жарык чачканын көрөт.[4]

Айы-күнү жетип Амина көз жарды. Бул күндүн кайсы күн экени тууралуу аалымдар ортосунда кайчы пикирлер бар. Чындыгында, жергиликтүү эл үчүн ал күнү эч кандай кадыр-баркы жок атасыз жетим жарык дүйнөгө келген күн эле. А, Алла үчүн ал күнү пайгамбарларынын акыркысы,

---

[1] Абдулмуталип тээ илгери Курайштардын кайсы бир атка минери менен кер-мур айтышып калганда, тиги анын жалгыздыгын айтып жана баласы да жалгыз экендигин эстетип, кемсинтет. Ошондо ачуусуна жана ызасына буулуккан Абдулмуталип асманга колун созуп: "Аллага ант берем, эгер Алла мага он уул берсе, алардын бирин Алла жолунда курмандык чалам" деп жиберет. Арадан жылдар өтүп, анын тилеги кабыл болуп Алла ага он уул берет. Алар: Аббас, Хамза, Абу Талип, Зубайр, Харис, Хажл, Мукаввим, Абдулла, Дырар, Абу Лахаб эле. Күн өтүп, Аллага берген антын аткарчу учур келет. Ата балдары менен кенешет. Балдары анын антына бир ооздон макул болуп, курмандык болууга баары даяр экенин билдиришет. Ошентип ортого чүчү кулак ташталат. Ал келечектеги пайгамбардын атасы Абдуллага чыгат. Абдулла балдарынын ичинен эң сүймөнчүгү эле, аны эл да жакшы көрчү. Сулуу, эр жүрөк, адеп-ахлактуу Абдулланын элдин баары жакшы көрөт эле. Абдулла тагдырдын жазмышына макул болуп, курмандыкка даяр экенин айтты. Ошол убакта Аксакалдардын бири ишке аралашты. "Элдин баары сенчилеп баласын курмандыкка чала берсе, бул жаман адат элге сиңип кетет" дейт ал каршы чыгып. Бирок Абдумуталип Аллага берген антын аткарышы керек эле. Ары барып, бери келип акыры мындай чечимге келишет. Ошол заманда Шам тарапта акылы менен аттын кашкасындай белгилүү болгон бир аял бар болчу, ошондон кеңеш сурамакчы болушат. Аял: "Силерде бир адамдын куну канча турат?" деп сурайт дароо эле. "Он төө турат" дешет. "Анда он төөнү бир жагына баланы бир жагын кылып чүчү кулак кармагыла, эгер балага чыгып калса, дагы он төө кошкула, ошентип качан төөлөргө чыкканча уланта бергиле" деп кеңеш берет аял. Дал ушундай кылышат. Чүчү кулак улам Абдуллага чыккан сайын он төө кошуп отуруп, төөлөрдүн саны жүзгө жеткенде гана чүчү кулак төөлөргө чыгат. Натыйжада жүз төө курмандыкка чалынып, Абдулла аман калат (котор.).

[2] Абдулланын каза болуусу тууралуу кээ бир булактарда мындай баяндалат: Аминанын боюндагы баласы алты айга чамалап калганда Абдулла соода кербени менен Шамга кетет да, андан кайтып келе жаткан жолдо Мадинага жакын жерде ооруга чалдыгып, таекелеринин биринин колунда калат да, ошондо каза табат.

[3] Имам Бухари, 1-том, 162-бет.

[4] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 1-том, 158-бет. .

пенделеринин касиеттүүсү, ааламды ырахматка бөлөөчү инсан жарык дүйнөгө келген эле. Баланын кайсы убакта төрөлгөнүн Алла Таала эч кимге ачык кылбады, анткени, ага инсан жана жиндерден болгон шайтандардын зыяны тийип калуусу мүмкүн эле. Бирок, келечек пайгамбарынын туулган убактысынын белгисиз болуусу анын кадыр-баркына кандайдыр бир залакасын тийгизбейт. Биз дагы терең изилдеп отурбастан, эл арасында кеңири тараган маалыматка таянып, пайгамбарыбыз "Пил" жылында, Рабиул аввал айынын он экисинде, Дүйшөмбү күнү төрөлгөн деп айта беребиз.[1]

Бала Меккедеги Хашим урпактары турак кылган капчыгайда жайгашкан Абу Талиптин үйүндө төрөлдү. Анын короосу Харам мечити менен аркалашкан узун дубалдын ичинде жайгашкан эле. Бала төрөлөр замат аны колуна алып, эмчек салган аял Абу Лахабдын күңү Сувайба болду. [2] Баланы кучагына алып, багып, өстүрүп, канатына калкалаган атасы Абдулланын кызматчысы Умму Айман болчу. Умму Айман кийин динди кабыл алып, Мадинага көчүп барып, пайгамбарыбыздын кайтыш болгонуна да күбө болгон.

Аялдар бала төрөлөр замат чоң атасы Абдулмуталипке сүйүнчү айттырышты. Уулунан ажырап, кайгы кучагынан чыга албай жүргөн Абдулмуталип кубанганынан көзүнө жаш алды. Жакшы көргөн уулунан калган жалгыз жетимди кучагына кысты, маңдайынан өптү. Көкүрөгүнө кысып Каабага алып кирип, Жаратканга шүгүр кылды, небересине жакшылык тилеп дуба кылды. Анан "Мухаммад"[3] деп ат койду. Буга чейин араптардын арасында мындай ат болгон эмес эле. Жетим баланы апасы Амина мээримине бөлөдү, чоң атасы Абдулмуталип канатына калкалады, Бану Саьд уруусундагы Халима атту аял[4] эмизди. Негизгиси, келечек пайгамбарын Алла Таала карамагына алып, апаат-кырсыктан сактап тарбиялап жатты. Муну Алла Тааланын: **"Ал сени жетим абалда таап, андан кийин башпаанек бербедиби?"[5]** деген сөзүнөн айкын баамдасак болот.

Эзели ата дидарын көрбөгөн жетим алты жашка толгондо апасынан да айрылып тоголок жетим калды. Апасы Амина кызматчысы Умму Айман менен

---

[1] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 1-том, 158-бет. Бул жыл биздин санак менен 571-жылга дал келет (котор.)

[2] Ибн Саьид, "Сийроту Набавия" 1-том, 108-бет.

[3] Небересине эмне үчүн мындай ысым ыйгарганын сурашканда, Абдулмуталип минтип жооп берет: "Анын атын асманда Алла, жерде адамдар даңкташ үчүн ушинтип койдум". Мухаммад – даңкталган, макталган, даңазаланган деген мааниде.

[4] Араптарда балдарын тоо койнунда жашаган уруулардагы аялдарга берип эмиздирүү адаты болчу. Шаар ичи ысык жана таза эмес болгондуктан жаш балдар ооруга чалдыгып, чарчап да калчу. Ошондуктан акысын алып салкын жерде жашаган аялдар балдарды багып торолтуу үчүн алып кетчү. Пайгамбарыбызды да Саьд уруусундагы Халима деген аял алып кетип эмизген (котор.)

[5] Зуха сүрөсү, 6-аят.

бирге баласын алып Мадинага сапарга чыгат. Мадинада анын тага журту бар болчу жана күйөөсү Абдулланын сөөгү дагы ошол жакта калган эле. Ушуларды зыярат кылуу үчүн сапарга чыккан Амина кайра кайтып келе жатып Абва деген жерде катуу ооруудан улам каза болуп калды. Алты жашар баланы алып Умму Айман Меккеге кайтып келди. Баланы аман-эсен алып келип чоң атасы Абдулмуталипке тапшырды. Андан кийин да ага карамалашып, кызмат кылып жүрдү. Пайгамбарыбыз да аны апасындай жакшы көрчү. Кийинчерээк басса-турса аны сөз кылып: "Ал менин апамдан кийинки апам" деп айтып калчу.[1]

### Өспүрүм курагы:

Пайгамбарыбыз сегиз жашка толгончо чоң атасы Абдулмуталиптин колунда тарбияланды. Чоң атасы аны канаттууга кактырбай, туяктууга тептирбей багып, тарбиясын берди. Тагдырдын жазмышы, бала сегиз жашка чыгып калганда чоң атасы да бул дүйнөдөн өтүп кетти. Каза болордон бир аз мурда чоң ата уулу Абу Талипти чакырып, ага жакшы көргөн уулунан калган жалгызын дайындап, аны багып чоңойтууну, тарбия берүүнү осуят кылды. Абдулмуталип пайгамбарыбызга ата ордуна ата, эне ордуна эне болуп калган эле. Андан ажыроо пайгамбарыбыз үчүн үчүнчү жолу жетим калгандай оор болду.

Ошол күндөн тартып пайгамбарыбыз эми агасы Абу Талиптин карамагына өттү. Абу Талип аны мурдатан эле жакшы көрчү. Аны өз балдарындай боюна тартып, жакшы мамиле жасап тарбия бере баштады. Пайгамбарыбыз балалыгын жана өспүрүм курагын Абу Талиптин үйүндө өткөрдү. Анын үй ичиндеги жана сырткы жумуштарына жардам берип, турмушка тың болуп өстү. Тарых китептеринде Абу Талип бир жолу пайгамбарыбызды өзү менен бирге Шам тарапка алып барганы[2] айтылат. Ошол сапарында Бахира деген кечилге жолукканы, ал бул баланын келечекте пайгамбар болорун айтканы сүрөттөлөт. Мына ушул окуялардын болгон-болбогону аалымдардын арасында ар түрдүү пикирлерди жаратып келет. Имам Захаби бул окуялар шек-күмөн туудурат[3] деп айтса, Ибн Каюм[4] ж.б. учурдагы аалымдар[5] анын сөзүн колдошкон. Ачык кабарларда келбегени жана аныктыгы шектүү болгону үчүн бул окуяларга токтолууну мен дагы эп көргөн жокмун.

Пайгамбарыбыз бой тартып, Абу Талипке ар тараптан жардам берүүгө жарап калды. Анын балдары көп болгондуктан ага кол кабыш кылуу үчүн кой баккан учурлары болду. Бул күндөрүн эскерген пайгамбарыбыз: "Алла Таала

---

[1] Ибн Хажар, "Ал-Исаба", 4-том, 432-бет.

[2] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 1-том, 108-бет; Ибн Саьд, "Сийроту Набавия" 1-том,121-бет; Ан-Надави, "Сийроту Набавия", 105-бет, ж.б.

[3] "Сийроту Набавия", 55-бет.

[4] Ибн Каюм, "Заадул Миаьд", 1-том, 76-бет.

[5] Доктор Акрам Умри, "Сийроту Сахиха", 1-том, 111-бет; Ан-Надави, Сийроту Набавия, 105-бет.

пайгамбар кылгандардын баары кой кайтарышкан, мен дагы Меккенин тургундарынын коюн кайтарып тыйындарын алчумун" деп айтчу.[1] Анын кой кайтаруусу напсисин ызаттуу алып жүрүүгө, башкаларга көз каранды болуудан сактанууга үйрөттү жана агасы Абу Талиптин жашоо турмушуна салымын кошту. Чындыгында, пайгамбарыбыз ошол учурда эле аткарган ишин майын чыгара жасагандыгы жана тырышчаактыгы менен эл көзүнө көрүнүп калган эле.

Ошол күндөрдөн тартып эле айкелдерди жактырчу эмес, аларга сыйынууга же башка бир ишенимдерди өткөрүү иш чараларына катышчу эмес. Арак ичүү Меккени кара тумандай каптап турганына карабастан анын жанына жолочу эмес. Алла Таала аны пайгамбар болгонго чейин да, пайгамбар болгондон кийин да күнөө кылуудан кайтарып койгон эле.

Чынчылдык менен аманатка бекем туруу пайгамбарыбызга бала кезинен эле бирге жаралган сапаты эле. Кичинекейинен тартып эле башкаларга ырайымдуу жана кечиримдүү, мүнөзү жумшак болчу. Бир хадисинде: "Мени Жаратуучум тарбиялады жана тарбиянын эң жакшысын алдым" деп моюнуна алгандай, аны Алла Таала Өзү тарбиялаган эле. Пайгамбар болгонго чейин да, пайгамбар болгондон кийин да Алла Таала аны Өзүнүн карамыгынан чыгарган жок. Мындай колдоо пайгамбарлардын ичинен бир гана Мухаммад пайгамбарга тиешелүү: **"Алла пайгамбарлыгын кимге ыраа көрөрүн Өзү жакшы билет..."**[2]

## Жигит курагы:

Пайгамбарыбыз жигит курагына чыгып калган учурда Меккенин эли аны чынчыл жана аманатка бекем адам катары таанып калышкан. Эл арасында ага "Чынчыл, аманаткөй" деген лакап ыйгарылып, элдин баары ага ишеним артып калган болчу. Мындан сырткары пайгамбарыбызды туугандарына жакшы мамиле жасаган, кедейлерге кол кабыш кылган мээримдүү адам катары да баалашкан. Пайгамбарыбыздын кандай сапаттарга ээ болгондугун, кийинчерээк Хадича энебиз анын көңүлүн жубатып айткан төмөнкү сөзүнөн да байкасак болот: "Алла сени эч качан жаман тагдырга туш кылбайт, анткени, сен туугандар менен ысык мамиле кыласың, алсыздарды көтөрмөлөйсүң, бечараларга жардам бересиң, ...."[3]

Чындап эле пайгамбарыбыз пайгамбарлыкка чейин да, андан кийин да жалаң гана адилеттүүлүк жана ынсаптуулук менен жашоо кечирди. Эч кимге зыянын тийгизбеди. Ошол себептен жашы жыйырмага толуп-толбой Абдулла ибн Жудаан аттуу Меккенин аттуу-баштуу тургунунун үйүндө болуучу залымдарга каршы бир муштум болуп, адилеттик үчүн тик турууну ант беришкен топко кошулуу даражасына жетти. Пайгамбарыбыздын чынчыл жана адилеттигин баалай билген жакын санаалаш достору көбөйө баштаган. Алардын

---

[1] Имам Бухари, 3-том,48-бет.

[2] Анаам сүрөсү, 124-аят.

[3] Имам Бухари, 128\7.

алдыңкы катарында, кийин "Сыддык" деген каймана атка ээ болгон Абу Бакр болчу. Пайгамбарыбыз менен жашташ болгон Абу Бакр Курайштын кадыр-барктууларынын бири эле.

Пайгамбарыбыздын аманатты так сактаганы жана адилеттүүлүгү Меккедеги мал-жандуу адамдардын көбүн кызыктырчу. Кээ бирлери ага кайсы бир нерсесин аманат калтырса, кээ бирлери соода иштерин ага ишеним артып тапшырууну каалайт эле. Чындыгында, аралдын тээ аркы бурчундагы шаарларга, бир канча айлык жолду карытып кербен менен сапарга чыгуу жеңил иш эмес. Ошондуктан соодагерлер кербендерин ишенимдүү адамдары аркылуу жөнөтүп турган. Ал эми Кудайдан коркуу, пендеден уялуу деген сезимдер сүзүлүп, үзүлөйүн деп турган заманда сооданын тыйын-тыпырын так сактап бере турган ишенимдүү адамды табуу да оңой эмес эле. Ушундай бай соодагерлердин бири Хуайлиддин кызы Хадича деген аял пайгамбарыбыздын адилеттиги тууралуу угуп калат. Эл оозунан уккан мактоолорго ишенип, бир чети сыноо максатында пайгамбарыбызды соода кербенине ишенимдүү адам болуп барып келүүсүн сунуш кылат. Пайгамбарыбыз анын сунушуна макул болуп, кербен менен Шамга сапарга чыгат. Хадичанын кербенин баштап барган пайгамбарыбыздын алгачкы сапары абдан жемиштүү болду. Кербен Хадичага буга чейин болуп көрбөгөндөй көп киреше алып келди. Кербенде пайгамбарыбыз менен бирге барып келген кызматчысы Майсарадан эл оозунда айтылып жүргөн пайгамбарыбыздын сапаттары чын экендигин укту. Башкалардын укугун бузбагандыгы, сөзүнө да, ишине да жалган аралаштырбаганы, адеп-ахлакты байлыктан жогору баалаганы Хадичаны таң калтырды жана өзүнө тартты. Мындан кийин да пайгамбарыбыз бир канча жолу соода кербени менен сапарга чыкты. Булардын эч биринде бирөөнүн байлыгына кыянат кылбады. Анын ар бир сапары Хадича үчүн кирешелүү болду. Ал эми пайгамбарыбыз үчүн сооданы өздөштүргөнү, адамдар менен мамиле кылууну үйрөнгөнү, эл таанып, жер көргөнү алган акысынан да пайдалуу болду.

## Хадича энебизге үйлөнүүсү:

Хадича Хуайлид кызы, анын ата теги пайгамбарыбыздын тегине алтынчы атасы Килабдан кошулат. Меккедеги акыл-парасаттуу, кадыр-барктуу бай соодагерлердин бири эле. Атасы Хуайлид дагы Меккенин барктуу адамдарынан эле. Ал уруу арасында болуп өткөн Фижар согушунда каза болуп калат. Хадича турмушка чыгып көп өтпөстөн жесир калат да, өз башына өзү ээ болуп, соодасын жүргүзүп Меккенин атактуу адамдарынын катарына кошулат. Пайгамбарыбызды соода иштерине ишенимдүү адам кылып тандагандан кийин иши мурдагыдан да илгерилеп, соодасы оожалат. Пайгамбарыбыздын адеби, жүрүм-туруму Хадича энебизди өзүнө багындырып, бир гана соода ишинде эмес, күнүмдүк жашоосунда да аны менен бирге болуууну каалайт. Бул учурда ал кырк жашка чыгып калган болчу. Меккедеги жана анын айланасындагы уруулардан аттуу-баштуу адамдар ага жуучулукка келчү. Хадича энебиз алардын баарын сылык-сыпаа гана узатып, турмушка чыгууну каалабагандыгын билдирчү. Жуучулукка келгендердин көбү анын байлыгына кызыгып жатканын да сезип жүрчү. Ал эми пайгамбарыбыздын байлыкка түк кызыкпаганы, адамгерчиликти байлыктан жогору койгону Хадича энебизге жакчу. Күн санап

кызыгуусу күчөгөн Хадича энебиз, акыры пайгамбарыбызга турмушка чыгууну чечти. Ооба, чындыгында, Алла Таала келечек пайгамбарына дагы бир жакшылык эшигин ачты. Ага таза, такыба аялды тандады.

Хадича энебиз аял затына тиешелүү болгон уяндыгы менен каалоосун ачык билдире алган жок. Жакын курбусу Нафисаны[1] пайгамбарыбыздын максатын билип келүү үчүн жиберди. Нафиса пайгамбарыбызга келип, эмне үчүн үйлөнбөй жүргөндүгүн сурады. Пайгамбарбыз үйлөнүүгө жетерлик каражаты жок экенин билдирди. Ошондо Нафиса мал-мүлкү, кадыр-баркы бар аял таап берсем үйлөнөсүңбү деп сурады. Пайгамбарыбыз үйлөнөрүн билдирип, анын ким экендигин сурады. Насифа анын Хадича экенин айтып, эгер сен макул болсоң мен аны өзүм көндүрөм деп убада берди. Пайгамбарыбыз макул болду. Көп өтпөй Нафиса Хадичнын макулдугун билдирди. Пайгамбарыбыз агасы Абу Талиб баш болгон Курайштын аксакалдары менен Хадичанын амеки агасы Амр бин Асадга Хадичага үйлөнүүгө жуучулукка кирди. Эки тарап келишип, келечектин пайгамбары менен келечектеги момундардын энеси, пайгамбардын балдарынын энеси, пайгамбардын бул дүйнөдөгү жана бейиштеги жубайы Хадича энебиздин никеси кыйылды.

Бул учурда пайгамбарыбыздын жашы жыйырма беште эле. Хадича энебиз менен бирге жыйырма төрт жылга жакын өмүр сүрдү. Ибрахимден башка бардык балдарын Хадича энебизден көрдү. Хадича энебиз алтымыш беш жаш курагында дүйнөдөн өттү. Бул нике пайгамбарыбыздын напсисине бейпилдик тартуулады. Пайгамбарлыкка чейин Хадича энебиз пайгамбардын дүйнөлүк иштеринин баарына арка-жөлөк болсо, пайгамбарлык башталган күндөн тартып, пайгамбарыбыз тарткан азаптарды кошо тартты.

## Каабаны оңдоо:

Пайгамбарлык доордун башталуусуна беш жылга жакын убак калган. Курайштын башчылары Каабаны оңдоп-түзөөнү ниет кылышты. Анткени, алар Каабанын үстүнө жүн жана териден жасалган жамынчы жаап коюшар эле. Анан Каабаны ысырык сыяктуу чөп менен түтөтүп аластап турчу. Бир ирет ошондой түтөтүп жаткан мезгилде Каабанын жамынчысына чок чачырап, бир тарабы күйүп кеткен эле. Анан да катуу жааган жамгыр үстүнөн агып түшүп дубалдарын жемирип кеткен болчу. Ушуларды көрүп Курайштар аны кайра калыбына келтирмекчи болушат.[2]

Каабанын курулушу өтө жөнөкөй эле. Дубалы ийленген ылай, үстү болсо жыгач менен жабылган. Курайштар аны оңдоп-түзөөнү баштаар учурда Кудай жалгап, Румдан Эфиопияны көздөй бара жаткан бир кеме Меккенин батышындагы кеме токтоочу портко келип токтоп калат. Кеме жыгач тартып бара жаткан экен. Курайштар мүмкүнчүлүктөн пайдаланып Каабанын үстүн жабууга ылайыктуу жыгачтарды алып, андан сырткары, кемеде бара жаткан

---

[1] Нафиса бинт Муная.

[2] Ал-Азраки, "Ахбаару Макка", 160\1.

Кыбтилик[1] Бакуум аттуу жыгач устаны эмгек акысын төлөп берип Каабанын үстүн жаптыруу үчүн алып калышат. Ошентип жумуш башталат. Каабанын дубалдарын өздөрүнө белгилүү болгон төмөнкү пайдубалына чейин бузуп, кайра көтөрө башташат. Каабанын курулушуна жана устанын эмгегине жалаң гана адал жол менен табылган каражаттарды иштетишет. Курайштагы ички уруулар Каабанын түркүктөрүн жана бурчтарын бөлүштүрүп алып, ар кимиси өзүнө тиешелүү бөлүгүн бүтүрмөкчү болушат.

Каабанын дубалы да, шыбы да оңдолуп бүткөндөн кийин уруулардын ортосунда келише албаган бир маселе чыгат. Бул маселе оңдолгон ордуна кара ташты кайра жайгаштыруу болчу. Ар бир уруу кара ташты ордуна коюуга биз татыктуубуз деген ойлорун айтышат. Ортодогу чыр бири-бирине курал көтөрүүгө чейин жеткенде аксакалдардын бири[2] Харамга эшиктен ким биринчи кирсе ошол адам бул талашты коюу маселесин чечип берсин деген сунушун айтат. Баары анын оюн эп көрүп, кирген адамдын айтканына баарыбыз макул болобуз деген келишимге келишет. Баары тынчтанып эшиктин кимдир бирөөнүн кирүүсүн күтүп отуруп калышат. Ошондо эшиктен пайгамбарыбыз кирип келет. Аны көргөндө элдин баары көктөн издегени жерден табылып кыйкырып жиберишет. Кийинчерээк анын айтканын жалганга чыгарып каршы болгон Курайштар ошол учурда: "Мухаммад чынчыл кирди, ал чындыкты гана сүйлөйт, баарыбыз ага ыраазыбыз" деген кыйкырып жатышты.[3] Иштин чоо жайын түшүнгөндөн кийин пайгамбарыбыз сырт көйнөгүн чечип жерге төшөдү да, кара ташты ага салып, ар бир уруунун бирден өкүлү аны ордуна көтөрүп баруусун суранды. Уруу башчылар көтөрүп барган соң ташты өз колу менен алып ордуна жайгаштырды. Анын бул даанышмандыгы бардык уруунун өкүлдөрүнө жагып, ыраазы болуп таркашты.

Тарыхчы аалымдардын көбүнүн айтуусунда, ушул учурда пайгамбарыбыздын жашы отуз беште болчу.[4]

## Пайгамбарлык жакындагандагы жышаандар:

Алла Таала тандаган пайгамбарына адеп берди, тарбиялады, пайгамбарлык вазыйпаны жүктөөдөн мурда ага ар түрдүү жышаандарды билдирди. Бирок, муну адам баласынан эч ким сезген жок. Мурдакы китептерден кабарын билген христиан жана иудейлер акыркы пайгамбардын чыгарына аз калганын билишкени менен, анын мына-мына чыга келерин сезишкен эмес.

Пайгамбарлыктын алгачкы жышааны пайгамбарыбыздын өзүнө билине баштады. Ал күн санап Аллага жакындап, Алланын жараткан жаратылышына

[1] Кыбти - Мисир жерин жердеген элдердин биринин аталышы.

[2] Хузайфа бин Мугийра.

[3] Ибну Хишам, "Сийроту Набавия", 197\1.

[4] Ибну Касир, "Ал-Бидаяту ван-Нихая", 324\2; Аз-Захаби, "Сийроту Набавия", 77-бет.

көп пикир кылчу болду. Анан бул жышаандар туура түшкө айланды. Айша энебиз айткандай: "Алланын элчисине берилеген алгачкы аян туура түштөр эле. Түшүндө эмнени көрсө таңда ошону өңүндө көрчү". [1]

Андан соң пайгамбарыбыз Меккеден чыгып, тоого, кокту-колотко барып Алланын макулуктарын пикир кылып, зикир чалып, Ибрахим пайгамбардын жолунда ибадат кыла баштады. [2]

Пайгамбардын өмүрү өтүп жатты, бирок ага аян түшпөдү, аян алуу анын каалоосу менен болбойт эле. Муну Алла Таала: **"Айткын: "Эгер Алла каалаганда мен силерге муну окуп бербейт элем жана Алла да аны силерге үйрөтпөйт эле. Чынында, буга чейин мен силер менен бирге бүтүндөй бир өмүрдү өткөрдүм. Ушуга акыл калчабайсыңарбы?"**[3] деп баяндаган.

Пайгамбарыбыз күн өткөн сайын жалгыздыкты жактырып калды. Курайштардын сыйынганын жек көрүп, алардан алыстап, элден четтеп, көбүнчө Меккенин чыгышындагы Нур тоосуна чыгып, андагы Хира үңкүрүнө кирип алып, Ибрахим пайгамбардын жолунда ибадат кылат эле. Орозо кармап, кээде күнү-түнү Хира үңкүрүндө калып калуучу болду. Мындай кылууга ага эч кандай буйрук болгон жок, болгону табияты ушуну каалап, мүнөт сайын Аллага жакындоону самады. Бул тууралуу Айша энебиз кабарлаган хадисте ачык айтыла: "Кийин жалгыздыкты самап калды. Хира үңкүрүндө бир канча жолу түнү менен ибадат кылып калып калчу. Ошону менен азыктанып, кубат алчу, анан Хадичага, үйүнө кайтып келчү. Анын бул амалы алгачкы аян түшкөнгө чейин уланды". [4]

Бул учурларда, тагыраагы буга чейин пайгамбарыбызда пайгамбарлык болгон эмес. Бул тууралуу Алла Таала минтип айтат: **"Ошентип, Биз сага Өз буйругубуз менен Рухту вахи кылдык. Сен буга чейин китепти да, ыйманды да эмне экенин билбейт болчусуң. Биз аны Нур кылып, аны менен каалаган пендебизди туура жолго баштайбыз. Сен дагы туура жолго баштайсың".** [5]

Пайгамбарлыктан мурда эле пайгамбарыбыз үчүн Рамазан айы өтө сүйүктүү болчу. Бул айды орозо кармап, элден обочолонуп өткөрчү.

Хадича энебиз пайгамбарыбыздын андан алыстап кеткенине сабыр кылуу менен жашоо кечирип жатты. Күйөөсүнө Алла Таала эч кандай жамандык кылбастыгын сезе билип, анын көңүлүн көтөрүп, шыктандырып

---

[1] Имам Бухари, Китабу бадаул-вахи, 3-хадис.

[2] Ибну Хишам, "Сийроту Набавия", 234\1.

[3] Юнус сүрөсү, 16-аят.

[4] Имам Бухари, "Фатхул Баари" 197\26.

[5] Шуура сүрөсү, 52-аят.

турчу. Пайгамбарыбыз Хира үңкүрүнөн келгенде, оболу, Каабага кирип, андагы айкелдерден четтеп Каабаны тооп кылып анан гана үйүнө кайтчу.

Хира үңкүрү географиялык жайгашуусу жагынан аба мейкиндигине көз чаптырууга, жер бетине үңүлүүгө жана Алланын кереметтүү жаратылышына пикир кылууга ылайыктуу эле. Мурдатан эле берешен, колу ачык пайгамбарыбыз кырк жашка толуп калган учурда берешендиги андан да артып, эл арасында колу ачыктыгы даңктала берди. Мунун баары анын жакынкы күндөрдө пайгамбарлык вазыйпаны алуусуна даярдап жаткан Алланын сабагы болчу.

## Пайгамбарлык жана тандоо

## Вахи:

Шариятта вахи деген сөз: "Алла Тааланын пайгамбарларына жана элчилерине шариятты же китепти кимдир бирөөнүн ортомчулугу менен, же түздөн-түз маалымат берүүсүн"[1] туюндурат. Тилдик мааниси: маалыматты купуя жана ылдам таратуу.[2]

Пайгамбарыбызга алгачкы вахи келгенге чейин ал эч нерседен кабарсыз болчу. Өткөн пайгамбарларга вахи кандай түшкөндүгү тууралуу да маалыматы жок эле. Качан гана пайгамбарыбыз кырк жашка толгондо ага алгачкы вахи түштү. Бул Рамазан айы болчу. Алла Таала бул тууралуу Куранда бир канча аятта кабарлайт. Мисалы: **"Рамазан айы, бул айда адамдарга туура жол көрсөтүүчү болуп жана туура жол, жаман-жакшыны ажырата турган Куран түшүрүлдү...",[3] "Чынында Биз аны (Куранды) Кадыр кечесинде түшүрдүк",[4] "Биз аны ыйык түндө түшүрдүк жана биз эскертүүчү болдук"[5].** Мына ушул Рамазан айында пайгамбарыбыз Хира үңкүрүндө отурган кезде Алла Таала Жебирейил periштени жиберип ага алгачкы вахини түшүрдү. Бул жөнүндө Айша энебиз баяндаган хадисте таасын айтылган. Анда минтип айтылат: "Вахинин алгачкы жышааны туура түш көрүү менен башталды. Түшүндө эмнени көрсө эртеси ошол нерсе болуп өтчү. Анан Алланын элчиси жалгыздыкты самап калды. Хира үңкүрүндө жалгыз ибадат кылып бир канча түндөрдү өткөрдү. Ошондой күндөрдүн биринде Хира үңкүрүндө алгачкы вахи түштү. Ага периште келип:

– Оку, – деди.

---

[1] Собхи ас-Солих, "Мубаахису фил улуумил Курани" 23-бет.

[2] Абу Шахба, "Ал-Мадхалу лидиросатил Куран ал-Карим", 73-бет.

[3] Бакара сүрөсү, 185-аят.

[4] Кадыр сүрөсү, 1-аят.

[5] Духан сүрөсү, 3-аят.

– Мен окуганды билбеймин, - деп жооп берди Алланын элчиси. Периште аны катуу кыса кучактады да кайра бошотуп:

– Оку, – деди дагы. Ал:

– Мен окуганды билбейм, – деди. Периште дагы катуу кысып анан коё берди да:

– Оку, – деди.

– Мен окуй албайм, - деп жооп кайтарды. Ошондо ал үчүнчү жолу катуу кысып кайра коё берди. Анан:

- "Оку, Жараткан Раббиңдин аты менен..." – деди".[1]

Мына ушул окуядан кийин пайгамбарыбыздын денеси калтырап, жүрөгүн коркунуч каптап, шашылып үйүнө келди. Хадича энебизди көрөр замат: "Мени жаап койгулачы, мага жамынчы жапкылачы..." деп жатууга шашылды. Хадича энебиз аны кымтылап жаап, эмне болгонун түшүнбөй кыжаалат боло баштады. Пайгамбарыбыз бир аз өзүнө келип, калтырагы басаңдаганда болуп өткөн окуяны Хадича энебизге төкпөй-чачпай айтып берди. Хадича энебиздин көңүлү жайына келип, тынчтана түштү. Өзү эле тынчтанбай, жолдошунун да көңүлүн жубатып: "Жок, жок, эч кайгыра көрбө, Алла сага жамандык каалабайт. Анткени, сен туугандар менен мамилеңди үзбөйсүң, жакырлардан жардамыңды аябайсың, аманатты көздүн карегиндей сактайсың" деди. Анан пайгамбарыбызды эрчитип аталаш агасы Варака бин Навфалга барды. Варака өз заманында христиан динин жакшы билген, иврит тилинде окуу жана жазууну жакшы өздөштүргөн адам эле. Бул мезгилде Варака жашы улгайып, ал-күчтөн тайып, көздөрү жакшы көрбөй калган болчу. Хадича энебиз ага пайгамбарыбыздын башынан өткөндөрү тууралу бир аз айтып, сөздү пайгамбарыбыздын өзүнө берди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып берди эле, тиги киши бир азга дымый калып анан тилге кирди:

- Сага Муса пайгамбарга келген периште келген турбайбы, - деди ал, кубанып, анан сөзүн улады: - атаганат ай, эгер ал-күчтөн тая элек жаш курагым болгондо, сени элдер мекениңден кууган мезгилде жардамымды аямак эмесмин. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын сөзүнө таң калып суроо узатты:

- Эмне, мени элдер жашаган жеримден кууп чыгышабы?

- Ооба, сага жүктөлгөндөй мээнет жүктөлгөн адамдын баарын куугунтукка алышкан. Эгер ичээр суум, көрөр күнүм ошол күндөргө жетчү болсо, сага жөлөк-таяк болгонго жарамакмын, - деп, чын көңүлүнөн айтты Варака. Бирок, тилекке каршы, өзү сезгендей эле пайгамбарыбызга (ага

---

[1] Имам Бухари, "Вахинин башталышы" бөлүмү, 3-катар сандагы хадис.

Алланын салам-салаваты болсун) жардамы тийчү күнгө жетпей, аз убактан кийин Варака бул дүйнөдөн өтүп кетти.[1]

*    *    *

Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) аян кылынган биринчи аяттар адамзатка руханий жол көрсөткөн, Жараткандын чексиз илиминин бир чекесин пенделерине ачып бере турган "окууга", илимге үндөгөн аяттар болду. **"Жараткан Раббиңдин аты менен оку"** деген аяттан эле, пенде өз алдынча билгенин эч качан жасай албастыгын, пайгамбарыбыз да (ага Алланын салам-салаваты болсун) мындан ары бир гана Жаратуучусунун айтканын аткарарын, оюнан чыгарып эч нерсе айта албастыгын, бул аян мурдагы пайгамбарларга түшүрүлгөн ыйык вахи экенин билдирип турат. Бул тууралуу Куранда Алла Таала минтип баяндайт: **"Биз Нухка жана андан кийинки Пайгамбарларга вахи жибергенибиз сыяктуу сага да вахи жибердик. Биз Ибрахимге, Исмайылга, Исхакка, Якубга жана андан тараган (пайгамбар) урпактарга, Исага, Айюбга, Юнуска, Харунга жана Сулайманга вахи жибергенбиз. Ошондой эле, Даутка Забур (китебин) бергенбиз".[2]**

Ошентип, буга чейин вахи илиминен кабарсыз, окууну жана жазууну билбеген сабатсыз пайгамбарга (ага Алланын салам-салаваты болсун) Куран аяттары биринен сала бири уланып түшө берди. Куранды вахи кылуу бир гана Алланын Өзүнө таандык экенин, аны кандай түшүргөндүгүн, аны эч ким өзгөртө албастыгын, аны пайгамбар оюнан чыгарып жатпагандыгын далилдеген бир канча аяттар бар. Мисалы, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) буга чейин эч нерсени билбеген сабатсыз болгонун далилдеп: **"Ошентип, Биз сага Өз буйругубуз менен Рухту вахи кылдык. Сен буга чейин китепти да, ыйманды да эмне экенин билбейт болчусуң. Биз аны Нур кылып, аны менен каалаган пендебизди туура жолго баштайбыз. Сен дагы туура жолго баштайсың"[3] деп айткан, дагы бир аятта: "Айткын: "Эгер Алла каалаганда мен силерге муну окуп бербейт элем жана Алла да аны силерге үйрөтпөйт эле. Чынында, буга чейин мен силер менен бирге бүтүндөй бир өмүрдү өткөрдүм. Ушуга акыл калчабайсыңарбы?"[4]** деп айтса, экинчи бир аятта: **"Сен Курандан мурда эч бир китепти окуган эмессиң. Сен аны өзүңдүн оң колуң менен жазууну билген эмессиң. (Эгер сен окууну жана жазууну билгениңде) анда, кара ниеттер (Куранды өзү жазып алган деп) шектенип калышмак"[5] деп айткан. Ошол убактагы динге ишенбегендер, Мухаммад Куранды өзү оюнан чыгарды деп айтышканда, аларга жооп кылып: "Сенин Раббиң, Бир Өзү гана**

---

[1] Ибн Абу Шайба, "Ал-Магаази", 103-бет.

[2] Ниса сүрөсү, 163-аят.

[3] Шуура сүрөсү, 52-аят.

[4] Юнус сүрөсү, 16-аят.

[5] Анкабут сүрөсү, 48-аят.

**Кудуреттүү Ырайымдуу! Ал (Куран) Ааламдардын Раббиси тарабынан түшкөн. Аны ишенимдүү Рух (Жебирейил периште) сенин жүрөгүңө эскертүүчүлөрдүн бири болууң үчүн алып келди"[1] "Чынында сен, Билүүчү, Даанышман (Алла) тарабынан берилген Куранды окудуң"[2] деген сыяктуу аяттарды түшүргөн. ал эми мухаммад жинди болуп калды, ал окуп жаткан Куран жин-шайтандардын сөзү дегендерге жооп кылып: "Чынында, ал (Куран) Улуу Элчинин (Жебирейилдин) Сөзү. Арш Ээсинин алдында (Жебирейилдин) туруктуу урматы бар (жана ал) өтө күч-кубаттуу. Ал жерде сөзү өтүмдүү, ишенимдүү. (Эй, мушриктер!) Силердин дайыма бирге жүргөн шеригиңер (Мухаммад) жинди эмес. Ал аны (Жебирейилди) айкын мейкиндикте көргөн. Ал кайыпты (силерден) кызгануучу эмес. Ал (Куран) каргышка жолуккан Шайтандын сөзү да эмес! Эми, (чындыктан жүз буруп) кайда бара жата-сыңар?! Ал (Куран) чындыгында, ааламдар үчүн эскертүү",[3] "Аны (Куранды) жин-шайтандар түшүргөн эмес. Аларга (Куран түшүрүү) ылайык эмес жана буга алардын кудурети да жетпейт",[4] "(Эй, Курайш мушриктери!) Силердин жаныңардагы (Мухаммад) адашкан да эмес, азгырылган да эмес. Ал өз оюнан сүйлөбөйт. Алар вахий кабарлары. Ага (ал кабарды) өтө күч-кубаттуу (Жебирейил периште) үйрөткөн"** [5] деген аяттарды түшүгөн.

Алгачкы Куран аяттары түшүрүлгөн учурларда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды жаттап калууга аракеттенип, Жебирейил периштенин окуганын артынан бат-бат кайталап жиберчү. Алла Таала аны андай кылбоого буйруп: "**(Жебирейил периште окуп берген аяттарды жаттап алуу үчүн) шашылып тилиңди кыймылдата бербе! Аны (сенин жүрөгүңө) орнотуу да, окулушун үйрөтүү да Биздин милдет"[6] жана: "Чыныгы Пааша болгон Алла эң Жогору! (Оо, Мухаммад,) сага вахи кабары түшүп бүтө электе, Куранды окуганга шашылба жана: «Оо, Раббим! Менин илимимди көбөйткүн!» деп дуба кыл"[7]** деген аяттарды түшүрдү.

* * *

## Даабаттын башталуусу:

---

[1] Шура сүрөсү, 191-194-аяттар.

[2] Намл сүрөсү, 6-аят.

[3] Таквир сүрөсү, 19-27-аяттар.

[4] Шура сүрөсү, 210-212-аяттар.

[5] Нажм сүрөсү, 3-4-аяттар.

[6] Кыямат сүрөсү, 16-18-аяттар.

[7] Тоха сүрөсү, 114-аят.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир хадисинде минтип айтат: "Жолдо бара жатып Асмандан өзгөчө үндү уктум. Карасам, абада калкыган тактыда мага Хира үңкүрүндө келген периште отуруптур. Эмнегедир мен андан коркуп кеттим да денем калчылдап титирей баштадым. Үйгө келип: "Мени жылуураак жаап койгулачы" деп чүмкөнүп жатып алдым. Ошол учурда Алла Таала: **"Оо, чүмкөнүп жатып алган адам...!"**[1] деген аяттарды вахи кылды: **"Оо, чүмкөнүп (жатып) алган адам! Туруп (элдерге Акыретти) эскерт! Раббиңдин улуулугун даңазала! Кийимиңди тазала! Ыпластыктан ыраак бол! Аз нерсе берип ордуна көп нерсе сураба. (Туш болгон жамандыктарга) Раббиң үчүн сабыр кыл!".**[2]

Мына ушул аяттар түшкөндөн кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага пайгамбарлык вазыйпа жүктөлгөндүгүн, эми адамдарды бир Кудайга сыйынууга чакыруу башталгандыгын, бул жол тазалыкты, жаман ыплас иштерден алыс болууну талап кылган жол экендигин, бул жолдо далай азап-тозокту башынан өткөрөрүн жана андай кыйынчылыктарга сабыр кылуу зарыл экендигин даана түшүндү.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгачкы даабаты жемиштүү болуп, анын сүйүктүү жары, момундардын энеси деген ыйык атты аркалаган Хадича энебиз динди дароо кабыл кылды.[3]

Исламга кирүүдө Хадича энебиз алдына адам салган жок. Ошондой эле пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) артында биринчилерден болуп намазга туруу бактысын да Хадича энебиз колдон чыгарган жок. Хадича энебиздин динге кирүүсү жана энелик сый-урматы анын кыздарын кош көңүл калтырбады. Атанын жакшы тарбиясын, эненин жугумдуу кеп-кеңешин дилине сиңирүү менен өсүп келе жаткан кыздары да биринчилерден болуп динге моюн сунушту. Бул тууралуу "Пайгамбардын моюнуна вазыйпа жүктөлөр замат аялы Хадича жана кыздары динге кирди" деп бир топ аалымдар жазышкан.[4]

Пайгамбарлык милдет аткарыла баштаган учурларда агасы Абу Талибдин уулу Али пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) үйүндө жүрчү. Алла Таала ага пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) тарбиясын, Хадича энебиздин мээримин тартуулоо менен бирге, биринчилерден болуп динге кирүү бактысын да насип кылды. Али (Алла андан

---

[1] Муддассир сүрөсү, 1-аят.

[2] Муддассир сүрөсү, 1-7-аяттар.

[3] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 240\1.

[4] Мухаммад Абу Шахба, "Ас-Сийро", 284\1.

ыраазы болсун) жашы онго жете элегинде эле динди таанып, алгачкы мусулмандардан болуп калды.[1]

Тагдырына пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) үйүндө жашоо бактысы жазылып, ошол себептүү динди алгачкылардан болуп кабыл алып калган дагы бир адам Зайд бин Харис болду. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамгерчиликтүү мамилеси өзүнө тартып, аны жанынан артык жакшы көрүп, анын үйүндө кызмат кылууну ыйык милдети катары санаган Зайд туугандары келип алып кетүүгө канча аракет жасаса да аларга баруудан баш тартчу. Акыры туугандарынын өтүнүчү менен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны азаттыкка чыгарып, өз алдынча турмуш өткөрүүсүн айтып, дуба кылып узатат.

Пайгамбарлык вазыйпанын башталышы пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) үй-бүлө мүчөлөрүнүн динге кирүүсү менен башталды. Аялы, кыздары, иниси жана кызматчысы баары динди кабыл алып, анын артында намаз окуп, Алланын жолуна түштү. Бул пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Таала ыроологон чоң жакшылык эле. Анткени, мурдагы пайгамбарлардын көбү үй-бүлөсүн динге киргизе алган эмес. Аялы, баласы динге кирбеген пайгамбарлар башка адамдардын алдында сөзү кыска болуп, дин таркатуу алар үчүн кыйынга турган.

Эркектердин арасынан пайгамбарга (ага Алланын салам-салаваты болсун) биринчи Абу Бакр Сыддык ишенди. Мурдатан жакын дос катары жылуу мамиледе жүргөн, бири-биринин чынчыл жана адилеттигин жакшы билген Абу Бакр пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткандарына дароо муюп, биринчилерден болуп динге кирди.[2]

Абу Бакр Сыддык кадыр-барктуу, чечкиндүү жана бүгүнкү ишин эртеңкиге калтырбаган мээнеткеч эле. Исламды кабыл алгандан кийин да үйүндө жатып алган жок. Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жөлөк болуп, тили өткөндүн баарына дин тууралуу айта баштады. Анын кажыбаган эмгегинин натыйжасында, кийинчерээк пайгамбарыбыз бейишке кирерин айтып сүйүнчүлөгөн он адамдын сегизи, тактап айтканда, Усман бин Аффан, Зубайр бин Аввам, Абдурахман бин Ауф, Саьд бин Абу Ваккас, Микдад бин Асвад, Талха бин Убайдулла, Абу Убайда бин Жаррах, Саид бин Зайд (Алла алардан ыраазы болсун) динге киришкен.[3]

---

[1] Ибну Абу Шайба, "Ал-Магаази", 130-бет; Мухаммад Абу Шахба, "Ас-Сийро", 284\1; Ас-Соллабий, "Ас-Сийро", 137\1.

[2] Имам Бухари, "Фазааил ас-Сахаба", 192\5.

[3] Ибну Абу Шайба, "Ал-Магаазий", 125-138-беттер.

Мына ушинтип Ислам Курайштардын арасында акырындык менен жайыла берди. Күн өткөн сайын мусулмандардын саны көбөйүп жатты. Динге чакыруу жашыруун болгондуктан мусулмандардын кээ бири дагы кимдин динге киргенин билбей калган учурлар да болчу. Динге киргендердин баары Алланын жана анын элчисинин даабатчысы болуп, башкаларга динди жеткирүүнүн айласында болду.

Алгачкы мусулмандардын арасында Меккедеги кадыр-барктуу адамдар, ошондой эле кул, кызматчылар да бар болчу. Билал бин Рабах, Аммаар бин Яасир, Хаббаб бин Арат, Абдулла бин Масьуд сыяктуу күч кубатка толуп турган, бирок күчүн өзүнүн жеке жашоосу эмес кимдир бирөөнүн кызыкчылыгы үчүн жумшаган кул жана кызматчылар динге киришкен эле.

Динге кирүүгө жалаң эле эркектер озунган жок. Алгачкы мусулмандардын катарында кыздары менен Хадича энебизди эске албаганда, Асма бинт Абу Бакр, Фатима бинт Хаттаб, Фатима бинт Мухаллал, Факиха бинт Ясар, Рамла бинт Абу Ауф, Амина бинт Халаф, Сумая умму Аммар (Алла алардан ыраазы болсун) сыяктуу аялдар да бар болчу.[1] Меккенин кучагында үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары динди кабыл кылган мусулман үй-бүлөлөр да пайда боло баштады.

Мусулмандар капчыгайларда, үңкүрлөрдө, шаардан четке жайгашкан үйлөрдө чогула калып, Куран угушуп, намаз окуп, дин маалыматын бири-бирине жеткизип турушчу. Куран аяттарынан жана пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сөздөрүнөн пайгамбарды эрчиген адамдар сөзсүз башкалар тарабынан кыйноого кабыларын, ал тургай өлүмгө да дуушар болуусу мүмкүн экендигин билип жатышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгачкы сахабаларын бир Кудайга сыйынууга, сыйынууну чын ыкласы менен аткарууга, адамзаттын убайын тартып, аларга туура жолду көрсөтүүгө, бир гана Жаратуучусу менен бекем байланышып, башка нерселерди ага ортомчу кылбоого, Алланын ар бир буйругун аткарууга, жүрөктү таза тутууга, адамдарга жакшылык кылууну сүйүүгө, Аллага такыба болууга, акыретти максат кылууга, жашоо-тирчиликте тың болууга жана Аллага гана тобокел кылууга тарбиялап жатты.

Мусулмандар чогула калчу үйлөрдүн бири Аркам бин Абу Аркам деген сахабанын үйү болду. Ага чогулгандар өз ара жана пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен бирге дин тууралуу баарлашчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга, алар диндин туусун көтөрүүчү, кыяматка чейинки мусулман үммөтүнүн анабашылары экендигин, алардын эмгеги исламдын бүткүл ааламга таралуусуна себеп болорун сүйүнчүлөп, Алла Тааланын аяттарын окуп берчү. Чындыгында,

[1] Ибну Хишам, "Ас-Сийроту Набавия"256\1.

алардын артыкчылыктары тууралуу Алла Таала пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) аяттарды түшүргөн эле. Алсак, бир аятта Алла Таала минтип айткан: "Сен эртели-кеч Раббисине Анын ыраазылыгын каалап, дуба кылып жаткан адамдар менен бирге өзүңдү сабырдуу карма! Көздөрүң аларды көрбөй калып, дүйнө жашоосунун зыйнаттарына берилип кетпе! Биз жүрөгүн Өзүбүздү эскерүүдөн бейкапар кылып койгон жана өз каалоосуна гана ээрчиген адамга моюн сунба! Анын бардык иштери текке кетүүчү".[1]

Ушинтип арадан үч жылга чукул убакыт өттү. Бул арада мусулмандардын саны бир топко көбөйдү. Бирок, мусулмандарды жек көргөндөрдүн каршылыгы күчтүү болгондуктан, алар динди кабыл кылышканын ачык билдире алышпады. Натыйжада мусулмандар ким динди кабыл алып жатканын билбей да калып жатышты.[2]

Бир күнү пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун): **"Оболу жакын туугандарыңа (тозок-азабын) эскерт! Өзүңө ээрчиген момундарды канатыңа калкала!"[3]** деген аят түшүрүлдү, ага удаа динге ачык-айкын эле, жашырынбастан чакыруусун буйруган: **"Буюрулган ишке умтул жана мушриктерден жүз бур"[4]** деген аят түштү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Сафа тоосуна чыгып бийик үнү менен жар салып эл-журтту чакыра баштады. Ошол учурда жергиликтүүлөрдө кандайдыр бир маанилүү кабарды элге таратууда ушундай ыкма колдонулчу. Жарчы бийигирээк жерге чыгып кыйкырып, аны уккан жандын бири калбай шашылып чогула калышчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да ошол ыкма менен оркойгон таштын үстүнө чыга калып: "Эй! Фахрдын балдары! Ээй! Абду Манафтын балдары! Ээй! Абду Муталибдин балдары! деп, ар бир уруунун атын атап чакырды. Уккандар бири-бирине кабар берип, эл бат эле чогула калды. Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) пайгамбар болгонго чейин чынчыл, аманаткөй деп жакшы көргөн эл, азыр да ал маанисиз нерсени айтпастыгын сезип жабыла ага кулак төшөп калышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) элдин баарына угуза сүйлөп сөзүн баштады:

- Эгерде: "Мына бул тоонун артында бир тайпа аскер силерге азыр эле кол салууга даяр турат" десем, мага ишенесиңерби?" – деп сурады.

- Ой, сен өмүрүңдө жалган айтпасаң, кантип сага ишенбейбиз, - деп бир ооздон жабыла кыйкырышты уккандар. Алардын бул айтканы пайгамбарыбызга

---

[1] Кахф сүрөсү, 28-аят.

[2] Акрам ал-Умри, "Сийрот ан- Набавият ас-Сахиха", 140\1.

[3] Шура сүрөсү, 215-аят.

[4] Хижр сүрөсү, 92-аят.

(ага Алланын салам-салаваты болсун) баары ишенерине далил болчу. Бирок, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кийинки сөзүн айтканда, алардын көбүнө жакпай калды.

- Силердин башыңарга түшүүчү азапты эскертүү үчүн чакырдым! – деди пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун), сөзүн улай. Анан: - Эй, Курайштын акыл-эстүүлөрү, өзүңөрдү азаптан сактагыла, мен силерди Алланын каарынан сактай албайм! Оо, Аббас! Мен сени да Алланын азабынан сактап кала албаймын! Оо, Сафия! Мен сени да Алланын азабынан куткарып кала албаймын! Оо, Фатима! Кызым, мен сага каалаганыңды бере алам, бирок Алланын азабынан куткарып кала албаймын![1] - деп кайрылды. Анын таасирдүү жана чечкиндүү айтылган сөздөрүнө баары муюп калды. Көпчүлүктүн жүрөгү жибип, пайгамбардын сөзүнө муюп бара жатканын сезген Абу Лахаб кыйкырып алдыга чыкты:

- Оо, шоруң кургур десе, - деди ал, пайгамбарыбызга олурая карап, - бизди ушуну айтуу үчүн чогулттуң беле!? Кайран бекерге корогон күн. Абу Лахабдын сөзү дымып турган отко май чачып жибергендей, эл арасы уу-дуу боло түштү. Ар кимиси ар кайсыны айтып келген жагына тарап кетишти.

Ооба, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сөзү ачык жана так болду. Ал Алланын динине чакырды. Динде жакындык, туугандык пайда бербестигин айтты. Динде ким Аллага жакын болсо, ким Алланын буйругун аткарса, ошол гана кутуларын айтты. Аллага ыйман келтирбесе, Алланын буйругун аткарбаса, ал мейли Сафия сыяктуу эжеси болсун, же Фатимадай кызы болсун, ага эч кандай жардам бере албастыгын айтты.

Анын айткандары көпчүлүктүн дилин ойготту, бирок Абу Лахаб сыяктуу туура жолду каалабагандарга жакпады. Абу Лахаб пайгамбарыбыздын атасы Абдулланын бир тууганы болчу. Башка каршы болсо да, ал каршы болбош керек эле. Башка укпаса да, ал угуш керек эле. Бирок, Абу Лахабга агасынын уулу алып келген диндин даамы насип кылган эмес эле. Ал дин тарала баштаган күндөн тартып, өлөр-өткөнчө, кара жер кучагына алганча каршы болуп жүрүп өтүп кетти. Пайгамбарыбызга алгачкылардан болуп каршы чыгып, "шоруң курусун" деп каргагандыгы жана динге баш оту менен каршы болгондугу үчүн Алла Таала аны бул дүйнөдө да, акыретте да азапка кабыларын баяндап, бүтүндөй бир сүрөнү түшүрдү. Анда минтип айтылат: **"Абу Лахабдын шору курусун! Куруп да калды! Ага мал-дүйнөсү да, бала-чакасы да пайда берген жок! Ал жана анын отун көтөргөн аялы жакында алоолонгон**

[1] Имам Бухари, Тафсир суурату аш-Шура, 16\6.

**Тозокко ташталат! Аялынын мойнунда курма дарагынын буласынан (эшилген) жип (болот)!"**[1]

## Мушриктердин пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) көрсөткөн азаптары:

Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) биринчилерден болуп каршы чыгып, азар бергендер Абу Лахаб менен анын аялы Умму Жамил[2] болду. Ал эми Курайштын аттуу-баштууларынан Амр бин Хишам көп кордук көрсөттү. Анын каапырлыгы калбай, душмандыгы күчөй бергендиктен, пайгамбарыбыз аны Абу Жахл деп атаган. А жахилият доорунда аны Абу Хакам бин Хишам деп аташчу. Мына ушул кишинин жана анын жоро-жолдошторунун кордугу ислам купуя таркала баштаган учурдан баштап, жарыя таркаган он жана хижраттан кийинки сегиз, жалпысынан жыйырма жылга созулган. Качан гана мусулмандар Меккени ээлеп, ислам мамлекетинин желеги желбирегенден кийин мындай азап-тозоктон кутулушкан.

Курайш каапырлары пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүнө эле эмес, динди кабыл кылган ар бир сахабага кордук көрсөтүштү. Башкаларга алардын сөзүн угууга, ал тургай жанына басып барууга мүмкүнчүлүк бербей, диндин таркалуусуна тоскоолдук кылышты.

Зыянкечтердин кордугуна, азап-тозогуна пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сабыр кылып, чыдап, динди жайылта берди. Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) агасы Абу Талиб чоң караан болуп, каапырлардын көп зыянынан сактап жүрдү. Ал дагы эле Курайштардын дининде болгондуктан жана уруу ичинде өз орду бар кадырлуу киши болгону үчүн башкалар андан ыйбаа кылчу.

Алла Таала пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) каапырлардын абалын билдирип аяттарды түшүрүп турду. Эгерде инсан ошол каапырлар тууралуу баяндап түшүрүлгөн аяттарга көңүл бурса, Куран Алла Тааланын ар бир окуяга жараша түшүүчү жана тээ кыямат кайым болгончо окулуп жүрүүчү ыйык сөздөрү экенине акылы жетет. Абу Жахл жана башка тежик каапырлар пайгамбардын айтканын угуудан кежирленишкенде Алла Таала: **"Каапыр адамдар (бири-бирине): «Куранды укпагыла! (Эгер капыстан угуп калсаңар) аны жеңип, жогору келишиңер үчүн маанисиз сөздөрдү сүйлөп жибергиле!» - дешти"**[3].

---

[1] Масад сүрөсү, 1-5-аяттар.

[2] Өз аты Жамила бинт Харб болгон, (котор.).

[3] Фуссилат сүрөсү, 26-аят.

Ал эми Куранды угуп, бирок ага моюн сунбай текеберлик кылышкандарын баяндап: **"Жана да: «Силер бизди чакырып жаткан нерсеге жүрөгүбүз пардаланып, кулагыбыз дүлөй болуп, сени менен биздин арабыз тосулуп калган! Сен (өз дининде) ибадат кыл, биз дагы (өз динибизде) ибадат кылабыз» дешти"**[1] деген аятты түшүрдү.

Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жөнөкөй эле пенде, адамдардан эч кандай айырмасы деле жок, буга эмнеге ишенишибиз керек деп кемсинтишкенде, төмөнкү аяттарды түшүрдү: **"(Мушриктер) айтышты: «Бул эмне деген пайгамбар болду, ия?! Тамак-аш жейт, базарларда жүрөт?! Эгер ага, аны менен бирге эскертүүчү бир периште түшсө... (башка кеп)",** [2] **"Айткын: "Мен да силер сыяктуу эле адаммын. Болгону мага Вахи келет. Силердин Кудайыңар жалгыз Кудай. Анын Өзүнө (сыйынуу аркылуу) түз жүргүлө! Андан күнөөңөрдү кечирүүсүн сурангыла. А, мушикриктерге өлүм болсун"**[3]**.**

"Бул пайгамбар адам баласынан болуп жатат, эгер периште болсо башка жөн" дегендерге жооп катары: **"Эгер биз аны (пайгамбарды) периште кылсак деле аны эркек кылмакпыз жана аларга өздөрү татаалданткан нерсени (андан да) татаалдантмакпыз"**[4] деген аятты түшүрдү.

Кээлери пайгамбардын жанында периште кошо жүрсө жакшы болмок дешти эле, аларга: **"Алар: "Ага (пайгамбарга жардамчы) периште түшсө болбойт беле? – дешет. Эгер Биз периште түшүрсөк (алар ага да ишенбей коюшса) анда, аларга мөөнөт берилбестен иш бүтүрүлмөк (алар кыйрап жок болмок)"**[5] деген аятын түшүрдү.

Алар чындыкты, акыйкатты табуу үчүн эмес, жөн эле шылдың кылып жана текеберленип "бизге кандайдыр бир өзгөчө белгилерди көрсөт" дешти эле, Алла Таала: **"Алар: "Ага Раббиси (көз көрүнөө) аян-белги берсе (ыйманга келет элек)" дешет. Сен : "Мөөжүза берүү Алланын ыктыярындагы иш, мен болгону эскертүүчүмүн" деп айт"**[6] деген аят түшүргөн.

"Мухаммад бул сөздөрдү Меккедеги христиан динин жакшы билген шейхтерден үйрөнүп алып эле айтып жатат" дегендерге Куран мындайча жооп

---

[1] Фуссилат сүрөсу, 5-аят.

[2] Фуркан сүрөсү, 7-аят.

[3] Фуссилат сүрөсү, 6-аят.

[4] Анаам сүрөсү, 9-аят.

[5] Анаам сүрөсү, 8-аят.

[6] Анкабут сүрөсү, 50-аят.

берген: **"Алар: "Куранды Мухаммадга бир адам үйрөтөт" – дешет. Бирок, алар шылтоологон адамдын тили арапча эмес. Куран болсо – накта арап тилинде"[1].**

Кээлери: "Динди кабыл алгандар жалаң эле кедей-кембагал бечаралар, алар менен чогуу жүрүү пайгамбарга жарашпайт" деп, мусулмандардын ортосуна от жагууга, пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларынан ажыратууга аракет жасашты эле, Алла Таала пайгамбарыбызды сахабалар менен бирге болууга үндөп, каапырлардын кордугуна сабыр кылууга чакырып: **"Эртели-кеч Раббисине Анын ыраазылыгын үмүт кылып дуба кылган кишилерди жаныңдан кетирбегин. Сен алар үчүн жооп бербейсиң, алар сен үчүн жооп бербейт. Эгер аларды кууп жиберсең залымдардан болуп каласың"** деген аятын түшүрдү.

"Бул илгеркилердин жөө-жомогун көрсөтүп жатат" дешкенде, Алла Таала минтип вахи кылды: **"Бул байыркылардын жомогу, аны жаздырып алган жана алар ага эртели-кеч (бирөөлөр тарабынан) айтылып турат" дешти. Сен айткын: "Аны (Куранды) асмандардагы жана жердеги билген зат түшүрдү. Ал Кечирүүчү, Ырайымдуу"[2].**

Кээ бирлери: "Мухаммад жинди болуп калды" деп айтып чыгышты. Бул тууралуу Алла Таала минтип айтты: **"(Мушриктер пайгамбарга): "Оо, Куран түшүрүлдү деген адам, сен – жиндисиң" (дешти)".[3]**

Ага сыйкырчы деп жалаа жабышкандар тууралуу: **"Өздөрүнүн арасынан аларга эскертүүчү пайгамбар келгенине таңыркап, каапырлар: "Бул (Мухаммад) жалгачы сыйкырчы. Ал биздин көп кудайларды бир эле кудай кылат бекен?! Бул өтө таң калыштуу нерсе" – дешти"[4]** деген аятын түшүрдү.

Мындан сырткары пайгамбарынын көңүлүн жубатып, мурдагы пайгамбарлар да мындай шылдыңдоолордун далайын башынан өткөргөнүн баян кылды: **"(Оо, Мухаммад, көңүл чөгөрбө), сенден мурдагы пайгамбарларды деле шылдыңдашкан. Кийин алардын шылдыңы өз баштарына балээ болуп түшкөн".[5]**

---

[1] Нахл сүрөсү, 103-аят.

[2] Фуркан сүрөсү, 5-6-аяттар.

[3] Хижр сүрөсү, 6-аят.

[4] Сод сүрөсү, 4-аят.

[5] Анаам сүрөсү, 10-аят.

Ушинтип, Алла Таала пайгамбарыбыздын башына келген ар бир абалда аят түшүрүп, анын көңүлүн жубатып, сабыр кылууга үндөп, пайгамбарлык вазыйпанын жеңил болбостугун эскертип дем-күч берип турган.

## Алгачкы куугунтуктоо жана шейиттер:

Курайш каапырлары пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) каршы чыгуу менен эле чектелип калган жок. Алар болгон күчүн жумшап сахабаларды динден кайтарууга аракет кылып жатышты. Алардын негизги максаты мусулмандардын санын көбөйтпөө болчу. Уруудагы башка адамдарга, айрыкча, жаштарга сабак болсун деп, динге кирген мусулмандарды катуу жазалай баштaшты. Динге киргендердин эртеңки абалы мына ушундай болот деп, сахабаларды эл көзүнчө ур-токмокко алып кыйнап жатышты. Бирок, каапырлардын мындай аракеттери суу кечпей, динге кызыккандар күн санап өсө берди. Анткени, мусулмандар кыйноого учураган сайын күчкө кирип, түгөнгөн сайын түтөнүп, динде чыга качпай эле тескерисинче, динге тереңдеп сүңгүп жатышты. Булардын мындай өжөрлүгүн сырттан көргөн адам, дин жөнөкөй нерсе эмес экендигин, анда кандайдыр бир адамды өзүнө багынткан күч бар экендигин жон териси менен сезе билип кызыгы артты.

Каапырлардын жан кейиткен азабына кабылган алгачкы мусулмандар Ясир үй-бүлөсү менен, тагыраагы, аялы Сумая жана уулу Аммар, ошондой эле Билал ал-Хабиши болду. Мындан сырткары Билалдын энеси Химама, Умму Унайс, Зуннира, Нахида жана анын кыздары кожоюндарынын кызыл камчысына кабылган кызматчылар эле.[1] Булардын баары өз башына ээ боло албаган күңдөр болгондуктан, кожоюндары аларды динден чыгаруу үчүн каалагандай жазалачу. Бирок, азап канчалык оор болсо да, алар дининен кайта койгон жок. Сабыр кылышты, чыдашты, жакшылыктан үмүт үзүшпөдү. Кийин Абу Бакр Сыддык алардын баарын сатып алып, кулдуктан азат кылды.[2]

Саид бин Абу Ваккас динге алгачкы киргендердин катарында болчу. Анын динге киргенин уккан энеси ага нааразылыгын билдирди. Саид энесин аябай урматтап-сыйлоочу, ага ар дайым жакшы мамиле жасачу. Бирок, анын динден кайт деген талабын орундатпады. Энеси ага таарынып тамак ичпей койду.

- Эгер сен дининди таштабасаң, мен ачкадан өлөм, - деди ал, маселени кабыргадан коюп.

---

[1] Мухаммад Абу Шахба, "Сийроту Набавия", 364\1.

[2] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 319\1.

- Мындай кылбаңыз, мен баары бир динимди таштай албайм, - деп жалдырады Саид. Бирок, энеси көшөрүп тамак ичпей койду. Арадан бир күн өттү, эки күн өттү, кемпир наар албай көгөрдү. Үчүнчү күнү Саид энесин көндүрүүгө дагы аракет жасап көрдү. Энеси көнбөдү, акыры Саид да чечкиндүү жооп кайтарды:

- Энеке, эгер сенин жүз жаның болуп, ачкалыктын айынан жүз жаның бирдей чыгып кетсе да мен динимди таштабаймын. Мен сени динге киргенге чейин сый-урмат менен бакканмын, эми андан эки эсе жакшы урматтайм, бирок мени динимден чыгара албайсыз, кааласаңыз тамактаныңыз, кааласаңыз жебей эле коюңуз, - деп чыгып кетти. Баласынын көктүгү өзүнүкүнөн ашып түшкөнүн эми сезген кемпир айласыз тамак жей баштады. Мына ушул окуядан кийин Ала Таала: **"Биз инсанга ата-энесине (жакшылык) кылууну осуят кылдык. Энеси аны машакат үстүнө машакат менен (курсагында) көтөрүп жүрөт. (Төрөлгөн соң) аны ажыратуу (убактысы) эки жыл. (Оо, инсан!) «Мага жана ата-энеңе шүгүр кыл! Мага гана кайтасыңар!» (Оо, Инсан!) Эгер сенин ата-энең сени өзүң билбеген нерселерди мага ширк келтирүүгө мажбурласа, аларга моюн сун-багын! Жана дүйнөдө ал экөөнө жакшы мамиледе бол! Мага тооба кылып, кайткан адамдарды ээрчигин! Мага гана кайтасыңар. Анан Мен силерге эмне иш кылганыңардын кабарын билдиремин"**[1] деген аятты ттүшүрдү.[2]

## Хабашияга[3] аттанган биринчи көч:

Пайгамбарды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жана сахабаларды куугунтуктоо күчөй берди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын сабыр кылууга үндөп, аларга мурдагы үммөттөрдүн абалы тууралуу айтып берип жатты. Алла Таала мурдагы пайгамбарлар жана алардын үммөттөрү жөнүндө, алар кабылган азап-тозок, алардын сабыры жана аларга берилген Алланын жардамы жөнүндө баян кылган аяттарды түшүрдү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул аяттарды окуп берип, эртедир-кечтир Алла Таала бул динди ааламга таркатарын, ошондо алгачкы сахабалар жакшылыктын башаты катары сооп-сыйлыктын эң жогоркусуна татыктуу болорун айтып сахабаларына дем-күч берип турду. Бирок, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын куру сөз менен алаксытып кылып отура берүү да туура эмес экенин билчү. Мындай учурда көсөмдүк менен жол табуу зарыл. Пайгамбарыбызда (ага Алланын салам-салаваты болсун) көсөмдүк да бар эле, мындан сырткары Алла Таала ар бир ишти анын дилине салып турган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-

[1] Лукман сүрөсү, 14-15-аяттар.

[2] Ибн Касир, Тафсир, 1426\2.

[3] Хабашия – азыркы Эфиопия (котор.).

салаваты болсун) Аллага тобокел кылып кырдаалдан чыгуунун жолун издеди. Албетте, "Алла сактайт" деп жата берүү динден эмес. Динде ар бир ишти себеби менен аткарууга өкүм берилген. Себебин аткарбай жыйынтыгын үмүт кылуу, үйлөнбөй туруп эле балалуу болууну самаган сыяктуу көрүнүш.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларды алардын башына түшкөн түйшүктөн куткаруу үчүн башка жакка көчүрүп туруу керек деген ойго келди. Ал тегерек-четтеги өлкөлөрдүн саясий абалын, аларды башкарган падышалардын диний ишенимдерин жакшы билчү. Ошол учурда Алла Таала дагы жер бети кенен экендигине, адамдар бир жерде отура бербей башка жакка көчсө боло тургандыгына кайсы бир деңгээлде ишара кылган аяттарды түшүрдү. Мисалы, бир аятта Алла минтип айтат**:" Менин ыймандуу пенделериме айткын: «Раббиңерден корккула! Ушул дүйнөдө жакшылыктарды жасагандар үчүн (Акыретте андан абзел) жакшылык бар. Алланын жери кенен. Ал сабыр кылуучу момундарга сооп-сыйлыктарын эсепсиз толуктап берет"[1].**

Дагы бир аятта: **"Оо, ыймандуу пенделерим! Менин жерим кенен. Менин Өзүмө гана ибадат кылгыла!"[2] деп айтылса, экинчи бир аятта: "Өздөрүнө зулум кылган адамдарга, алардын жанын алуу мезгилинде периштелер: “Кандай абалда жашадыңар?” десе алар (жалган эле): “Биз (бул) жерде алсыз болчубуз» - дешет. Анда периштелер: “Алланын жери кенен эмес беле?! (Каалаган жериңерге) хижра[3] кылсаңар болмок?!” - дешет. Андай адамдардын барар жери – тозок! Ал кандай жаман орун!"[4]** деп айтылган.

Мына ушул аяттарды туура баамдаган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын башка жакка хижра кылууга буйруду. "Хабаш жерине барсаңар, ал жерде эч кимге зулум кылынбайт. Анын падышасы адилеттүү. Ошол жерде Алла силерди кордуктан сактайт" деди сахабаларына.[5]

Бул чакырык баардык кетүүгө мүмкүнчүлүгү бар мусулмандарга тиешелүү эле. Тарыхта "Биринчи хижра" деген ат менен сакталып калган бул көчтө пайгамбарыбыздын күйөө баласы Усман менен кызы Урукуя да бар болчу. Көчтө жалаң гана бейбечаралар эмес, аттуу-баштуу байлар да бар эле.

---

[1] Зумар сүрөсү, 10-аят.

[2] Анкабут сүрөсү, 56-аят.

[3] Хижрат – динди сактоо максатында мекенин таштап башка жакка чыгып кетүү (котор.).

[4] Ниса сүрөсү, 97-аят.

[5] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 30\1.

Эркектер жана аялдар, чоңдор жана кичинелер болуп, жалпы он төрт адам[1] жашыруун, түн жамынып Меккеден чыгып кетти.

Жол азабы көр азабы болуп акыры көч Хабашага жетти. Ал кезде Хабашиянын падышасы Ан-Нажши Асхама болчу. Ал көчмөндөрдү жакшы кабыл алып, өлкөсүндө кенен-кесир жашай берүүгө уруксат берип, канатына калкалап алды. Кийинчерээк, ал динди кабыл алып мусулман болгон. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага кайып жаназасын[2] окуган. Нажаши христиан динин жакшы билген адам болгондуктан Исламды бат кабыл алган. Анткени, мурдагы китептерден акыркы дин Ислам болорун окуп билген эле. Имам Бухари киебинде Нажашинин Исламды кабыл кылгандыгы тууралуу беш хадис жазып калтырган.

Мусулмандардын Хабашияга биринчи жолу көчүүсү пайгамбарлыктын бешинчи жылында болду. Арадан бир канча ай өткөндө "Курайштардын баары динге кириптир" деген жалган кабар жайылып, аны уккан мусулмандардын бир тобу кайра Меккеге келет.[3]

## Хабашияга аттанган экинчи көч:

Курайштардарын мусулмандарды куугунтуктоосу уланып, абал оор бойдон сакталып тургандыктан, дагы бир көч Хабашияга аттанууга аргасыз болду. Буга Хабашияга барган мурдагы мусулмандардын жакшы жайланышканы да себеп болду. Бул көчтү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) агасы Абу Талиптин уулу Жапар баштап чыкты. Көчтө жалпысынан сексен үч эркек, он бир аял топтолду.[4]

Бул көчтү да Нажаши жакшы кабыл алып канатына калкалап алды. Курайш каапырлары аларды кайра кайтарып берүүсүн суранып Нажашиге элчилерин жиберди. Бирок, мусулмандардын туура жолдо экендигин билген Нажаши Курайштын талабын орундаткан жок.

Ушул күндөрдө пайгамбарыбыздын дагы бир атасы менен бир трууган агасы Хамза (Алла андан ыраазы болсун) динди кабыл алды. Курайш уруусуна

[1] Кээ бир китептерде он беш адам деп айтылат, алар: Усман бин Аффан, анын аялы Рукуя, Зубайр бин Аввам, Абу Хузайфа бин Утба, анын аялы Сахла, Мусаб бин Умайр, Абдурахман бин Ауф, Абу Салама, анын аялы Умму Салама, Усман бин Мазун, Амир бин Рабия, анын аялы Лайла, Сухайл бин Байда, Абу Сабра бин Абу Рухм жана анын аялы Умму Гулсум.

[2] Каза болгон адамга башка жерде туруп жаназа намазын окуу – кайып жаназа деп аталат (котор.).

[3] Ибну Хишам, "Сийроту Набавия" 346\1.

[4] Ибн Саьд, "Сийроту Набавия", 206\1.

гана эмес башка урууларга да сыйлуу болгон эр жүрөк Хамзанын динге кирүүсү Курайштарды алдан тайдырса, мусулмандарга чоң күч-кубат берди.

Андан бир аз убакыт өткөн соң Курайштын дагы бир тың өкүлү Умар (Алла андан ыраазы болсун) динге кирди. Умар (Алла андан ыраазы болсун) каардуу, чечкиндүү, тайманбас адам эле. Андан адамдардын баары ийменип турчу. Анын динге кирүүсү мусулмандарга болуп көрбөгөндөй дем болду. Бул тууралуу Ибн Аббастын (Алла андан ыраазы болсун): "Умар динди кабыл алганда биздин чекебиз жарый түштү"[1] – деп айтканы бар. Дагы бир сөзүндө: "Умар динди кабыл алганга чейин Каабанын айланасында намазыбызды көрүнөө окуй алчу эмеспиз. Ал динге киргенден кийин бизге эч ким үн ката албай, намазыбызды ачык окуп калдык"[2] – деп айтат.

## Кара ниет бойкот:

Бутпарастар мусулмандарды кыйнап, ур-токмокко алуу менен динден кайтарууга болбостугуна көзү жетти. Ал тургай, пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлтүрүүгө да бел байлап көрүштү. Агасы Абу Талиб жана жакын урууластары Хашим менен Муталибдин уулдары ага жол бербеди. Акырында мусулмандарга кысым көрсөтүүнүн жаңы жобосун ойлоп табышты. Бутпарастар чогулуп, мусулман болобу, же болбойбу ага карабастан Хашим менен Муталибден тарагандарга каршы иш жүргүзүүгө келишим кылышты. Келишимде аларга кыз бербөө жана алардан кыз албоо, аларга эч нерсе сатпоо жана эч нерсе сатып албоо жана алар менен карым-катнаш жасабоо керек деп жазылган болчу. Бул келишим кагазга түшүрүлүп, Каабага илинип коюлду. Бул окуя пайгамбарлыктын онунчу жылы болду.

Соода-сатыктын жоктугу, иштин өз убагында бүтпөй калуусу, албетте жашоо шартты оорлото баштады. Хашим менен Муталип уулдары ар кайсы айылдардан чогулуп келип Меккенин түштүк тарабындагы өрөөнгө отурукташты. Бир гана Абу Лахаб ал жерге баргандан баш тартып, өзү да Хашимдин балдарынан таркаганына карабастан, алардын кыйналуусуна жан үрөп аракет кылып жатты. Аларга тамак-аш, азык-түлүк такыр киргизилбегендиктен ачарчылык болуп, адамдар жалбырактарды, эски куурап-курушуп калган терилерди жеп калган учурлар да болду. Ач карын балдардын ыйы жаңырып, аялдар алдан тайып жыгылды. Буларга боору ачыган кээ бир тууган-туушкандары жашыруун азык-түлүк алып келип жардам көрсөтүп жатышты. Кокустан буларга жардам бергени билинип калгандар болсо, келишимдин негизинде катуу жазаланып жатты.

---

[1] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 186\14.

[2] Ибн Саьд, "Ат-Табаакат", 370\3.

Мына ушундай башка тартсаң бутка, бутка тартсаң башка жетпеген каатчылык жашоо үч жылга созулду. Албетте, бул Алла Тааланын динди жаңыдан кабыл кылып жаткан мусулмандарга жиберген сыноосу эле. Диндин акыйкатын түшүнүп, ыйманы бекемделип, акырет жашоосун самап, бул дүйнө жашоосу убактылуу экенин билген мусулмандар бул сыноодон өтүп кетишти. Үчүнчү жылы Курайштын кээ бир аксакалдары кылып жаткан бул иштери туура эмес экенин, башкалардын алдында шерменде болуп жаткандыктарын айтып, келишимди бузууну жана Хашим менен Муталибдин уулдарына жарыяланган бойкотту жокко чыгарууну сунуш кылышты. Алардын башында Курайштын барктуу өкүлү Хишам бин Амр бин Робиа турду. Зухайр бин Умая жана анын энеси Аатика бинт Абдул Муталиб Курайштарга кайрылып: "Хашимдин балдары кырылмакчы болуп жатса, биздин курсагыбыз ток, кийимибиз бүтүн жүргөнүбүз жарамак беле!? Эл-журттан уялсаңар боло, Аллага касам, эгер бул келишимди токтотмоюнча, жаным жер жыттабайт" деп талап коюшту. Акырындык менен алардын айтканына адамдардын жүрөгү жибип, адамгерчилиги ойгонуп, келишимди бузууну талап кылгандардын саны көбөйдү. Абу Жахил аларга каршы болуп келишимдин сакталуусун талап кылды. Бирок, бузууну каалагандар басымдуулук кылып, келишим бузулуп, Каабага илинген кагаз алынып салынды.[1]

Ошол күндөн тартып Меккеге чогулган уруулаштар өз айылдарына кайтып, адаттагыдай жашоо башталды. Соода-сатык, алыш-бериш уланып мусулмандардын жашоосу жакшыра баштады. Бул арада динге киргендердин саны дагы көбөйдү. Бул диндин жолун эч кандай экономикалык, же саясий каршылыктар тыя албасын далилдеди.[2]

## Хадича энебиздин кайтыш болуусу:

[1] Ушул келишимдин бузулушу тууралуу кээ бир китептерде мындайча айтылган: арадан үч жыл өткөн соң Каабага илип койгон баракты күбө курту жеп, бир гана Алланын аты менен деген жазуу аман калгандыгы пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) аян аркылуу белгилүү болот. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) муну Абу Талипке айтат. Абу Талиб Курайш каапырларына: "Силер жазып илип койгон кагазды Алла Таала куртка жедирип жоготту. Аны карап көргүлө, эгер чындап эле ошондой болсо, анда бул Алланын каалоосу, силердин келишимиңер токтосун. Эгер андай эмес болсо, мен инимди силердин колуңарга салып берем, каалаганыңарды жасай бергиле" – дейт. Алар барып карашса, чындап эле кагазды курт жеп, Алланын аты жазылган жери гана калыптыр. Каапырлар муну өз көздөрү менен көрүшсө деле ишенбей, бул сыйкыр деп кежирленишет. Бойкоттун токтотулуусуна ушул окуя да себеп болгон деп айтылат. Бирок, бул окуянын анык болгону туура, так кабарларда айтылган эмес. Менимче, автор ошол себептен бул окуяны китепке киргизбесе керек. Алла билүүчү (котор.).

[2] Ибну Саьд, "Сийроту Набавияту мин ат-Табакат", 209\1.

Хадича энебиз пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүрлүк жубайы гана эмес, жан жолдошу, ылдыйда өбөгү, өйдөдө жөлөгү, малы-жанын ага багыштаган тиреги, эң биринчи ыйман келтирген үммөтү, артынан тукум улаган урпагынын энеси, сүйүктүү жары болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын жакшылыгын даңктап: "Аялдардын эң жакшысы – Хуайлид кызы Хадича"[1] деп айтканы бар.

Хадича энебиз жахилиятта эң бай адамдардын бир катары белгилүү болсо, Исламда эн кайрымдуу, байлыгын бүтүндөй дин жолун иштетип, үстүндө жамачы чапаны менен калган адам катары белгилүү.

Пайгамбарлыктын онунчу жылы мактоону кайсы тарабынан айтса да ылайыктуу болгон, момундардын энеси Хадича энебиз бул дүйнөдөн өттү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага бейишке кирерин бир канча жолу сүйүнчүлөп, Жебирейил периштенин саламын жеткирип, ага ыраазы болуп жашоо кечирген Хадича энебиз алтымыш беш жаш курагында Жаратуучусунун алдына кетти.[2]

## Абу Талиптин кайтыш болуусу:

Абу Талиптин оорусу күчөп, жашоодон үмүт үзүлүп бара жаткан. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны атасындай жакшы көрчү. Жетимдик күндөрүнөн тартып эрезеге жеткенче багып тарбиясын берген, үйлөндүрүп, турмуштун жолу үйрөткөн, пайгамбар болгондон кийин канатына калкалап, душманга сүр болуп, эч кимдин зыянын тийгизбей жардам көрсөткөн агасынын динге кирбей жүргөнү пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) кыжалат кылчу. Өлүмгө бел байлап жаткан агасына дагы бир жолу кирип аны динге кирүүгө үндөп көрдү. Бул окуя тууралуу Имам Бухари жазып калтырган хадисте минтип айтылат: "Абу Талип ооруп жаткан учурда ага пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кирди. Анын жанында Абу Жахл менен Абдулла бин Абу Умая бар экен. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) агасынын жанына тизе чөгүп: "Абаке, Лаа илааха иллалах деп айтыңыз, Кыяматта ушул сөзүңүздү далил кылып, колдоо көрсөтөйүн" деди. Абу Талип бирдеме демекчи болуп калды эле, андан озунган Абу Жахл: "Сен эмне Абдулмуталиптин дининен баш тартып кетесиңби!?" деп сөзгө аралашты. Абу Талип анын акыркы сөзүн кайталап: "Абдулмуталиптин дининдемин" деп күбүрөп, ошол бойдон жан берди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Сен үчүн Алладан кечирим сураймын"[3] деди.

---

[1] Имам Бухари, Китабул манаакиб, 230\4.

[2] Ас-Саллаби, "Сийроту Набавия", 367\4.

[3] Имам Бухари, Китабул Манаакиб, 246\4.

Бул окуядан кийин Алла Таала: **"Мушриктердин тозоку болору белгилүү болгондон кийин, эгер ал жакын тууганы болсо да, алардын күнөөсүн кечирүүнү суранып дуба кылуу – пайгамбарга жана ыймандууларга эч мүмкүн эмес"**[1] деген жана: **"(Оо, Мухаммад, Сен өзүң сүйгөн адамдын баарын эле туура жолго баштай албайсың. Алла гана Өзү каалаган адамын туура жолго баштайт. Туура жолго ылайыктууларды Ал Өзү жакшы билет"**[2] деген аяттарды түшүрдү.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) агасын абдан жакшы көрчү, анын динге кирип кайтыш болуусун самачу, бирок Абу Жахл менен ал сыяктуу адам жана жиндердин шайтандары анын динге кирүүсүнө мүмкүнчүлүк беришпеди. Агасынын мусулман болбой кайтыш болгону пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайгыга салды. Кээ бир аалымдар мушриктерге дуба кылба деген аят Абу Талип үчүн түшкөн эмес деп айтышат. Кандай болсо да аяттан белгилүү болуп тургандай, мушриктерге дуба кылуу болбостугу айкын.

Ошентип, өзү динге кирбесе да пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) душмандарынан коргоп, диндин таркалуусуна чоң салым кошкон Абу Талип дүйнөдөн өттү. Мындан коп узабай пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) дагы бир жакшы көргөн адамы Хадича энебиз да дүйнө салгандыктан, бул жыл тарых барактарында "Кайгы жылы" деп кара тамга менен жазылып калды.[3]

## Исра жана Мираж[4] окуясы:

Исра жана Мираж окуясы исламдагы эле эмес, адамзаттын тарыхында биринчи жана акыркы жолу болуп өткөн маанилүү, мөөжүза окуя. Бул окуянын адамзат жашоосунда жана динде маанилүү орду болгону үчүн Алла Таала Курандагы бир сүрөнүн атын "Исра" деп атап, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) болсо, бул окуя тууралуу көптөгөн хадистерди айткан.

Исра – бул, Алланын каалоосу менен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) түн ичинде Меккедеги Харам мечитинен Палестинадагы Акса мечитине барып, ошол эле түнү кайра Меккеге келүүсү[5].

---

[1] Тообо сүрөсү, 113-аят.

[2] Касас сүрөсү, 56-аят.

[3] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 416\1.

[4] Исра – саякат кылуу, Мираж – көтөрүлүү деген мааниде.

[5] Ибн Касир, "Сийроту Набавия", 95\2.

Мираж – бул, Алланын каалоосу менен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Акса мечитинен жети кабат асмандын үстүнө көтөрүлүп, Алланын кудуретин билдирген чоң белгилерин көрүп, ошол эле түнү Акса мечитине кайра келүүсү[1].

Исра жана Мираж окуясы Харам мечити менен Акса мечитинин байланышы бар экендигин, пайгамбарыбыз Мухаммад (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен андан мурда жашап өткөн пайгамбарлардын байланышын, анын дини менен мурдагы диндердин байланыштуу экендигин билдирген окуя. Жаратуучу Бир, дин бир, адамзаттын тамыры бир, пайгамбарлардын максаты бир.

Бул окуя Куран аяттарында ачык-айкын: **"Түн ичинде Харам мечитинен кут даарыган Акса мечитине пендесин сейил кылдырып, белгилерин ага көрсөткөн Зат – Аруу"** деп айтылган.[2]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) асманга көтөрүлүүсү кээ бир пикирлерде айтылгандай, түшүндө же руху менен гана болгон эмес. Пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун) денеси жана руху менен, ойгоо абалында көтөрүлгөн. Пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеде Каабанын жанында уктап жаткан учурда Жебирейил периште келип, аны "Зам-зам" кудугунун жанына алып барып, көкүрөгүн жарып, жүрөгүн "Зам-зам" суусу менен жууп, ыйман жана даанышмандыкка толтуруп, анан ойготот да, өзү менен бирге ала келген Буракка[3] мингизип Акса мечитин көздөй алып жөнөйт. Көз ачып жумганча Акса мечитине келип, мурдагы пайгамбарлар ат-улоосун байлаган мамыга буракты байлап мечитте эки ирекет намаз окуйт. Ошол учурда Жебирейил периште эки чөйчөктүн бирине сүт, экинчисине мас кылуучу ичимдикти куюп келип, экөөнүн бирин тандоону буюрат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүттү тандайт. Жебирейил периште: "Ишенимиңден жанбай туура тандадың, эгер мас кылуучу ичимдикти тандаганыңда сен да, сенин үммөтүң да адашат эле" деп сүйүнүчтү кабар айтты. Андан соң бир канча пайгамбарларга кезигип, аларга имам болуп намаз окуп, анан кайра Буракка минип Жебирейил периште менен бирге асманга көтөрүлөт.

Бул окуя тууралуу хадисти Анас бин Маликтин айтуусунда имам Бухари китебиндеги "Мираж" деген бөлүмдө жазып калтырган. Анда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Исра жана Миражга кыскача токтолуп,

---

[1] Ибн Абу Шайба, "Ал-Магаази", 120-бет.

[2] Исра сүрөсү, 1-аят.

[3] Бурак – чагылган деген сөздөн алынган. Айтымда, ал аттан жапыз, эшектен чоңураак, ылдамдыгы жана кыймылы бир гана Аллага белгилүү болгон өзгөчө жаныбар.

анда болуп өткөн маанилүү окуяларды айтып берген.[1] Ал эми башка риваяттарда бул окуя тууралуу кенен-кесир айтылган хадистер да бар.

Көптөгөн аалымдар Нажм сүрөсүнүн алгачкы аяттарында айтылгандар да дал ушул Мираж кечесине байланыштуу деп айтышат. Чынында, аяттарда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мираж кечесинде көргөн Алланын кудуретине далил болуучу белгилер тууралуу айтылган: **"Батып бара жаткан жылдызга ант! (Эй, Курайш мушриктери!) Силердин жаныңардагы (Мухаммад) адашкан да эмес, азгырылган да эмес. Ал өз оюнан сүйлөбөйт. Ал сүйлөгөн сөздөр - вахий гана. Ага (ал кабарды) өтө күч-кубаттуу (Жебирейил периште) үйрөткөн. Көрктүү, кудуреттүү (Жебирейил периште) көтөрүлдү жана жогорку асман мейкиндигинде көрүндү. Кийин ага (пайгамбарга) өтө жакын келди. Эки жаа бою же андан да жакыныраак. Анан (Алла) пендесине вахий кылды. (Көз) көргөндү көкүрөк тастыктады! (Эй, мушриктер!) Силер ал (Мухаммад) менен, өзү көргөн нерсе жөнүндө талашасыңарбы? (Мухаммад) аны (Жебрейилди) экинчи ирет дагы көрдү. «Сидратул мунтаханын» алдында. «Маьваа» бейиши ошол дарактын алдында. Капыстан «Сидрат» дарагын бир улук нерсе ороп калды. (Мухаммаддын) көзү четке бурулбады жана (буюрулган нерсени көрүүдөн) четтебеди. Ал (Мираж түнүндө) Раббисинин (Кудуретинин) чоң белгилерин анык көрдү".**[2]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ошол эле түнү Акса мечитине түшүп, андан Харам мечитине келет. Эртеси болгон окуяны Меккеликтерге айтып берет. Каапырлар ага ишенген жок жана мына ушул сөзү менен Мухаммад эл арасындагы аброюн түшүрүп алат деп ойлошту. Пайгамбардын эң жакын досу, мусулмандардын арасында да, каапырлар арасында да кадыр-баркка ээ болгон Абу Бакр бул учурда Меккенин сыртында болчу. Каапырлар, Абу Бакр Мухаммаддын айтканын укса андан жүз үйрүп кетет деген ишенич менен, бул кабарды ага жеткирүүгө шашышты. Абу Бакр алардын айтканын кунт коюп угуп, анан суроо узатты:

- Муну чындап эле Мухаммаддын өз оозунан уктунарбы?

- Ооба, дал өзү ушинтип айтып жатат, - дешти каапырлар, кубанып.

- Эгер Мухаммад өзү айтып жаткан болсо, анда ал жалган айтпайт, анын эмнесине таң каласыңар? - деди Абу Бакр. Каапырлардын кубанычы суу сепкендей боло түштү. Мухаммаддын dininен баш тартат деп ойлогон Абу Бакр кайра анын сөзүн тастыктап, ага болгон ишенимин дагы бекемдеди[3]. Кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам салаваты болсун) эл алдында бул окуяны Абу Бакрга айтып берди эле, ал пайгамбардын ар бир айтканын "чындык" деп тастыктап отурду. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Абу Бакрга карап:

---

[1] Имам Бухари, 248\4.

[2] Нажм сүрөсү, 1-18-аяттар.

[3] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 399\1.

- Абу Бакр, сен – "Сыддыксың"[1], - деп, ага каймана ат ыйгарды.[2] Ошондон тартып эл арасында Абу Бакр деген атка Сыддык деген мактоо кошулуп Абу Бакр Сыддык деп аталып калды.

Исра жан Мираж окуясынын кайсы убакта болгону тууралу так маалымат жок. Аалымдар арасында Рабиул Аввал айында жана Ражаб айында болгон деген пикирлер бар. Чынында бул окуянын кайсы убакта болгону маанилүү деле эмес, бул окуяга Алла Таала пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) тандап алганы, бул окуядан алына турган сабактардын көптүгү жана зарылдыгы маанилүү.

### Башка урууларга даабат:

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккедеги жана анын айланасында отурукташкан урууларды жакшы билгендиги Алла Тааланын ырайымы десек да болот. Анткени, Алла Таала ага пайгамбарлык вазыйпаны жүктөөдөн илгери эле эл-жер таанытып, адамдарга мамиле кылуунун жолун үйрөтүп тарбиялаган эле. Буга Хадича энебиздин соода кербени менен башка өлкөлөргө чыгышы, башка жактан Меккеге келгендерге көп аралашуусу себеп болгон.

Ислам динин жаңыдан тарата баштаган күндөн эле пайгамбарга коому каршы чыкты. Алардын каршылыгы диндин таркалуусуна бөгөт коё алган жок. Себеби, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир урууга эмес, жалпы адамзатка, бүтүндөй ааламга пайгамбар болуп келгенин билчү. Бул тууралуу: "Биз сени жалпы ааламга ырайымын жаадыруу үчүн жибергенбиз"[3] деген Алланын аяты пайгамбарлыктын башталышында эле түшкөн болчу. Моюнундагы милдетти жакшы түшүнө билген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеде камалып отура бербестен, базарларды кыдырып, Каабаны зыярат кылуу үчүн келгендерге жолугуп, аларга дин тууралуу айтып берчү. Бирок, Абу Лахаб жана ага окшогон дин душмандары башка тараптан келген жолоочуларды пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолуктурбоого, эгер жолугуп калса анын сөзүн укпоого, а эгер угуп кала турган болсо, ага ишенбөөгө чакырчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Оо, баланча уруунун өкүлдөрү, мен силерге Алла Таала жиберген элчимин. Бир гана Алланын Өзүнө сыйынгыла, Ага эч нерсени шерик кылбагыла. Мага ишенгиле, менин айтканымды уккула" деп айткан сайын, Абу Лахаб: "Ага ишенбегиле, ал адамдардын башын айлантып, ата-бабасы сыйынган кудайлардан алыстатат. Ал жинди болуп калган" деп аларды кайра эки анжы ойго салып жатты. Өзүнүн жакын адамы минтип жаткан

[1] Сыддык – ишенүүчү, тастыктоочу, чынчыл деген мааниде (котор.).

[2] Хаким, "Мустадрак", 63\3.

[3] Анбия сүрөсү, 107-аят.

соң, тигилердин ишенбегенге айласы канча. Уккандар Абу Лахабдын сөзүнө көбүрөөк маани берип: "Өзүнүн эли ишенбей жатса, демек, мында бир мандем бар" деп, ишенбей басып кеткен учурлар көп болду.[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайсы элге барбасын, кайсы адам менен сүйлөшпөсүн Абу Бакр Сыддык анын жанында жүрчү. Анткени, ал кайсы уруу кайсы жерде отурукташканын, кайсы уруу кайдан тараганын, алардын санжырасын жатка билген адам эле. Ошол заманда араптар уруу башчысын өтө сыйлап, анын айтканын айткандай, дегенин дегендей аткарчу. Ошон үчүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көбүнчө уруу башчылар менен сүйлөшүүгө аракет кылчу. Эгер бир уруунун башчысы динди кабыл кылса, анда ошол уруу бүтүндөй динди кабыл алып калуусу толук мүмкүн эле.

Ушундай күндөрдүн биринде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинадан Каабаны зыярат кылуу үчүн келген бир топ адамды кезиктирип калат.

Мадинада Аус жана Хазраж деген эки түптүү уруунун өкүлдөрү жашашчу. Бул эки уруу тээ атам замандан бери эле бири-бири менен келише албай, бир урушуп, бир жарашып жашоо кечирчү. Алардын "Буас" деп аталган кагылышында, ал тургай, кан төгүлүп, өлүм менен коштолгон эле. Көбүнчө, булардын өз ара кагылышуусуна Мадинадагы жөөттөр май чачып койчу. Анткени, булардын өз ара кагылышып туруусу алардын алсыздоосуна жана жөөттөрдүн күч топтоосуна шарт түзөт эле. Жөөттөр мурдагы дин китептеринен окуп билгендиктен, жакын арада дагы бир пайгамбар чыгарын айтып жүрүшкөн. Ал тургай кээде берки уруулар менен чыр-чатак болуп калганда: "Жакында акыр заман пайгамбары чыгат. Биз аны ээрчип, силерди Аад жана Самуд[2] коому кырылгандай кырып салабыз" дегенге чейин барышчу.

Меккеге келген мадиналыктар пайгамбарыбыз менен алгач жолукканда эле, жөөттөрдүн жогорудагы айткандарын эстешти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алар менен бир аз маектешүүгө уруксат сурап, аларга динди айтып, Исламды кабыл кылууга чакырып, Куран аяттарынан окуп берди. Пайгамбарыбыздын (Алла андан ыраазы болсун) айткандары алардын жүрөгүн жибитип, көктөн издегендери жерден табылгандай болду. Анын үстүнө жөөттөр күтүп жүргөн пайгамбарга алардан мурда эрчип, алардын "силерди

---

[1] Ибн Касир, "Сиро", 185\2.

[2] Аад коомуна Худ пайгамбар пайгамбарлык вазыйпасы менен келген. Бирок коому ага баш ийбей, көп кудайлуулуктан баш тартпагандан кийин Алла аларды кыйратып жок кылган. Самуд коомуна болсо Салих пайгамбар жиберилген. Алар да пайгамбарына моюн сунбай, чектен чыгышканда Алла аларды да кыйратып жок кылган.

талкалайбыз" деген жаман максатын таш каптырууну каалаган мадиналыктар[1] ошол жерде эле динди кабыл алышып, мусулман болушту. Анан алар Мадинадагы уруулаштарына да жаңы пайгамбар, жаңы дин тууралуу айтышарын, алардын динге кирүүсү, мүмкүн, өз ара кагылышуулардан тыярын айтып жөнөп кетишти.[2] Мадинага келген соң уруудагы ар бир адамга көргөн-билгендерин айта башташты, ошентип аз эле убакытта бул урууда пайгамбар тууралуу сөз болбогон бир да үй калбады.

## Биринчи Акаба келишими:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларына жакынкы күндөрү кайсы бир жерге көчүп кетишери тууралуу айта баштады. Буга чейин мусулмандардын бир бөлүгү Хабашияга жер которуп, дагы эле ошол жакта жашап жатышкан. Мусулмандардын дагы жер которуусуна Курайш каапырларынын аларды кууп чыгуу үчүн жасаган аракеттери да түрткү боло баштады. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көчүп барчу жерди түшүндө көргөндүгүн да кабарлады. Албетте, пайгамбарлардын түшү чындык болору бышык. Абу Муса (Алла андан ыраазы болсун) кабарлап, Имам Бухари китебинде жазып калтырган хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Түшүмдө Меккеден курма дарактары көп өскөн бир жерге көчүп бара жатканымды көрдүм..." деп айтканы бар.[3]

Пайгамбарлыктын он экинчи жылы былтыры Меккеге келип динди кабыл алып кеткен адамдар менен макулдашылган убада боюнча, Мадинадан бир топ адам пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолугуу үчүн Меккеге келишти. Келгендердин саны он эки эле,[4] алардын ону Хазраж, экөөсү Аус уруусунан болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алар менен Акаба деп аталган тар жылганын оозунда жашыруун жолугушуп өз ара келишим түзүшөт. Бул тууралуу ошол келишимге катышкан Убаада бин Самит (Алла андан ыраазы болсун) кабарлаган хадисте минтип айтылат: "Анан Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) бизге кайрылып: "Мага Аллага эч нерсени шерик кылбоого, уурулукка барбоого, ойноштук кылбоого, балдарыңарды өлтүрбөөгө, жалган жалаа жаппоого,

---

[1] Кээ бир тарыхый китептерде бул мадиналыктар : Абу Умама Асад бин Зурара, Ауф бин Харис, Рафи бин Малик, Кутба бин Амир, Укба бин Амир, Жабир бин Абдулла бин Риаб аттуу алты адам экендиги айтылат (котор.).

[2] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 429\1.

[3] Имам Бухари, 252\4.

[4] Хазраж уруусунан: Абу Умама Асад бин Зурара, Ауф бин Харис, Рафи бин Малик, Муаз бин Харис, Закван бин Кайс, Язид бин Салаба, Аббас бин Убаада, Убаада бин Самит, Кутба бин Амир, Укба бин Амир. Ал эми Аус уруусунан: Увайм бин Саида жана Абул-Хайсам Малик бин Таяихан болчу (котор.).

жакшылык иштерге каршы чыкпоого ант бергиле", - деди да, сөзүн минтип улады: "Кимде-ким пенделик кылып, бул иштерди жасап алса жана ал үчүн бул дүйнөдө жазаланса, бул жаза анын күнөөсүн жууп кетет. Ал эми ким бул иштердин кайсы бирин жасап алып, аны Алла Таала жашырып койсо, анын ишин Ала Таала Өзү чечет, кааласа кечирет, кааласа азаптайт". Ушул айтылгандарга макул болуп биз аны менен келишим кылдык".[1]

Келишим түзүлүп, келгендер кеткенден кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинадагы мусулмандарга Куран үйрөтүү үчүн Мусаб бин Умайр аттуу сахабаны жиберди. Ал мадиналыктарга Куранды, динди үйрөтүп, намаздарына имам болуп даават ишин жайылтты. Мадиналыктардын динге кирүүсүнө Мусабдын салымы абдан чоң болду. Айрыкча, уруудагы кадыр-барктуу адамдарга көп көңүл буруп, алардын динге тартылуусуна аракет кылды. Натыйжада, анын чакырыгы менен бир канча адам динди кабыл алды, бир канча адам диний билимин өркүндөттү. Бир топ адамды кийинки жылы ажылык убактысында Меккеге барып Алланын элчисине жолугуп келүүгө даярдады. Бардык ишти так аткарып, динге кызмат кылуусу менен Мусаб бин Умайр Алла Тааланын: **"Ыймандуулардын арасында ушундай эр-азаматтар бар: алар Аллага берген убадаларында чынчыл экендиктерин көрсөтүштү. Кээ бири милдетин аткарып жүрүп өтүп кетишти. Кээ бирөөлөрү (шейит болууну) күтүүдө. Алар Аллага берген убаданы бузбады"**[2] деген сөзүндөгү эр-азаматтардын катарына кирип калды.[3]

## Экинчи Акаба келишими:

Мадинада Ислам дини үймө-үй таралып жатты. Адамдар Куран үйрөнүп, Мусабдын артында намаз окуп, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолугуучу убакты күтүп жатышты. Анткени, былтыркы жылкы Акабадагы жолугушууда кийинки жылы дагы жолугушуу макулдашылган эле. Ага ылайык, Мусаб бин Умайр мадиналык мусулмандардын өкүлдөрүн Меккеге эрчитип келүүсү керек болчу. Бул жолугушуу ажылык учуруна белгиленип, мына эми ошол убакыт жакындап, мадиналык мусулмандар Меккеге келишти. Бул жолугушуу тууралуу Каьб бин Малик минтип аңгемелейт: "Ажылыгыбызды аткаруу үчүн Меккеге келдик. Курбан айттын эртеси биздин өкүлдөр Алланын элчисине кезигип, кайсы жерде, качан жолугууну макулдашты. Алланын элчиси мурдагы жолугушуу болуп өткөн Акаба жылгасына, түн жамынып жолугууну сунуш кылды. Ошентип, ажылыктын амалдарын толук аткарып бүтүп, эртеси сапарыбыз карый турган түнү макулдашылган убакыт келди. Биз менен чогуу келген али динге кире элек

[1] Имам Бухари, 251\4.

[2] Ахзаб сүрөсү, 23-аят.

[3] Тафсиру Табари, 280\10.

бутпарастар да болчу. Биз алардан оолак жайгашып, түн оогондо шырп алдырбай Акабаны көздөй жөнөдүк. Бирден-экиден келип отуруп, баарыбыз чогулдук. Жалпы эки аял, жетимиш үч эркек болчубуз. Аялдардын бири эл арасында Умму Аммара деген ат менен белгилүү болгон Кааб кызы Нусайба (Нусайба бинт Кааб), экинчиси Салама уруусунан келген Амр кызы Асма (Асма бинт Амр) эле. Биз эми эле чогулуп, күбүр-шыбыр кыла баштаганыбызда Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) аталаш агасы Аббасты эрчитип келип калды. Бул мезгилде Аббас Ислам динине кире элек эле. Бирок, инисинин башына иш түшкөндө ичкен ашын жерге коюп, тикеден-тике туруп кызмат көрсөтчү. Уруу ичинде кадыры жогору болгондуктан анын айтканы-айткандай, дегени-дегендей кабыл алынчу. Бул жерде да сөздү Аббас баштап, инисин жардамсыз калтырбоону, ага кынтыксыз баш ийип, дин ишинде көмөктөшүүлөрүн айтып, эгер мындай кылбай турган болсо, анда ушул эле жерде ачык айтууларын суранды. Андан кийин Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) Куран аяттарынан окуп, дин тууралуу баян кылып, Аллага дуба кылды да: "Өзүңөрдүн бала-чакаңарды коргогондой мени да коргоого ант бере аласыңарбы?" – деп сурады. Биздин алдыңкы катарда отурган Маьрур уулу ал-Бараа деген жолдошубуз тура калып, Алланын элчисин колунан кармап: "Ооба, бала-чакабызды кандай коргосок сени да ошондой коргойбуз" деп ант берди. Андан соң: "Бизди тынч уктатпаган душмандарыбыз, жөөттөр бар, эгер сен бизден кайра мекениңе кеткенде алар бизге каршы көтөрүлсө эмне болот? деп сурады. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир аз жылмайып: "Мен силердик, силер мендикисиңер, канга-кан, кыйроого-кыйроо, ким менен касташсаңар, аны менен кас болобуз, ким менен достошсоңор, аны менен дос болобуз" – деди. Ошентип баарыбыз ант берип, келишим аяктады. Акырында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) уруу арасынан ар кандай маселелерди талкуулап чечип туруу үчүн өкүл кылып он эки адамды тандап алууну сунуш кылды. Биз макулдук берип он эки адамды тандадык. Алардын тогузу Хазраж уруусунан, үчөөсү Аус уруусунан болду".[1]

Таңга жуук келишим кылуучулар башка сапарлаштарына аралашып Мина өрөөнүнөн жолго чыгып кетишти. Бирок, Курайш каапырлары келгендердин арасында мусулмандардын бар экенин сезип калып, алардын ичинен бир аз кечигип калган Убада уулу Саадды ур-токмокко алып сабаганга жетишип калышты. Анткен менен эки элдин ортосунда уруш чыгып кетүүсүнөн чочулап кайра коё беришти.

Тарыхта "Экинчи Акаба келишими" деген ат менен жазылып калган бул келишим, биринчисинен айырмаланып, жалаң гана тынчтык эмес согушта да

---

[1] Хазраж уруусунан: Абу Умама Асад бин Зурара, Саад бин Раби, Рафи бин Малик, Абдулла бин Раваха, Абдулла бин Амр, Бараа бин Марур, Саад бин Убада, Убада бин Самит, Мунзир бин Амр; Аус уруусунан: Усайд бин Худайр, Саад бин Хайсама, Абул-Хайсам Малик бин Таяихан.

бирге болууга макулдашылган келишим болду. Мындан сырткары, бул келишимде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мадиналыктарга тартип, мыйзам, жоопкерчилик, кеңешүү сыяктуу маанилүү иштерди үйрөтүп, ушунун баарын көзөмөлгө алып тура турган он эки адамдан турган байкоочу кеңештин курамын бекитип берди. Ошондой эле мадиналыктар да пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) тосуп алууга даяр экендиктерин билдирген мыйзамдуу келишимди сунуш кылышты. Бул келишим пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жана меккелик мусулмандардын жаңы "мекенге" жер которуусуна ачылган эшик болду.

Курайш каапырлары да бул келишим тууралуу билип калгандыктан, мусулмандарга мурдагыдан беш бетер азап-тозок көрсөтө башташты. Мусулмандар күн сайын арыз-арманын айтып пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келип жатышты. Көп өтпөй пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларына бир чети кубанычтуу, бир чети өкүнүчтүү кабар угузуп: "Алла Таала силерге меймандос эли бар бейпил жашай турган жерге көчүүгө уруксат берди" деди. Чынында, киндик кан тамган, балалыгы, жаштыгы калган туулган жерин таштап, мал-мүлк, үй-жайын калтырып жат эл, жат жерге көчүп кетүү ар бир эле кишиге өкүнүчтүү. Бирок, Алланын динин сактап, Жаратуучуга каалагандай ибадат кылып, ээн-эркин жашоо жүрөккө кубаныч тартуулоочу кабар эле.

## Сахабалардын көчү:

Хижра деген сөздүн түзмө-түз мааниси бир орундан экинчи орунга жер которуу дегенди туюндурат. Ал эми шариятта хижра – бул, ширк, күнөө ж.б. жаман адаттардын кучагында калган жерди таштап, дин өнүккөн, динди эркин тута ала турган жерге чыгып кетүү. Хижра кылуунун, же тагыраак айтканда, дин үчүн көчүүнүн сыйлыгы, өзгөчөлүгү жана баалуулугу тууралуу Куранда минтип айтылат: **"Ким Алла жолунда көчсө, жер жүзүнөн кенен жашоого ылайыктуу башпаанек табат. Ким үйүнөн Алла жана пайгамбарынын жолунда көчүп чыкса жана каза болуп калса, анын сооп-сыйлыгын Алла берет. Алла - Кечиримдүү, Мээримдүү".**[1]

Кимдир бирөөлөрдүн экинчи бирөөгө анын Аллага ээн-эркин сыйынуусуна, динди сактоосуна жана таратуусуна тоскоол болуп, ээн-эркин жашоо кечирүүсүнө мүмкүнчүлүк бербей үстөмдүк кылуусу хижра кылуунун негизги себеби болуп эсептелет.

Мусулмандардын жашоосу ушундай абалга кептелгенде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккедеги жана анын айланасындагы мусулмандарды Мадинага көчүп кетүүгө чакырды. Албетте, көчүү да жеңил

[1] Ниса сүрөсү, 100-аят.

болгон жок. Меккелик каапырлар мусулмандардын артынан сая түшүп, мал-мүлкүн, болгон оокатын тартып алып жатышты. Натыйжада мухажирлердин[1] көбү колунда бир тыйыны жок абалында Мадинага кетип жатышты. Алардын мындай абалын Алла Таала Куранда: " (Олжолор) журтунан чыгарылып, мал-мүлкү тартылып алынган кембагал мухажирлерге (бөлүнөт). Алар (хижра кылуу менен) Алланын берешендигин жана ыраазычылыгын гана үмүт кылышкан, Алланын динине жана пайгамбарына жардам беришкен. Алар чынчыл пенделер" деп, сонун сүрөттөгөн.[2]

Көчүү кыйын болгонуна карабастан алгачкы мухажирлер Меккеден чыгып кетип жатышты. Каапырлар кээ бирлерин кайра кайтарып, кээ бирлерин уруп, кээ бирлеринин мал-дүйнөсүн тартып алып, айтор, кылбаганды кылышты. Бирок, улуу көч сапарын улай берди. Мусулмандар биринин артынан бири көчө берди. Алгачкылардан болуп Ибн Умму Мактум, Умар бин Хаттаб, Талха бин Убайдулла, Аммар бин Ясар, Саьд бин Абу Ваккас, Абдулла бин Масуьд, Билал бин Рабах, Заид бин Хариса, Хамза бин Абдулмуталиб, Абдурахман бин Ауф, Абу Кабша, Убайда бин Утба бин Абдулмуталиб, Зубайр бин Аввам, Абу Хузайфа бин Утба бин Робиа, Утба бин Газван, Усман бин Аффан ж.б. көчүп кетишти.[3]

Мадинага келген мухажирлерди ансарлар[4] кучак жайып тосуп алып жатышты. Келгиндерди үй-жай, тамак-аш менен камсыз кылып, колунан келишинче жардам берген ансарларды Алла Таала Куранда минтип мактаган: **"Ал эми, аларды утурлап, короо-жайлары менен ыйман жылуулугун даярдап койгон момундар, өздөрүнө хижра кылып келгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо себептүү жүрөктөрүндө көралбастык сезимин туйбайт. Өздөрүндө жетишпестик болуп турса да, аларды өздөрүнөн жогору коюшат. Ким напсинин ач көздүгүнөн сактана алса, дал ошолор гана жеңишке (Бейишке) жетет".**[5] Айрыкча алгачкылардан болуп көчүп баргандар жана аларга алгачкылардан болуп жардам колун узаткандар Алланын өзгөчө сый-урматына татыктуу болушары Куранда мындай кабарланган: **"Мухажир жана ансарлардын эң биринчилери жана алардын изин эрчип бара жаткандардан Алла ыраазы болду, алар дагы Алладан ыраазы болушту. Алла аларга, астынан дарыялар аккан, түбөлүк калуучу Бейишти даярдап**

[1] Меккеден Мадинага көчүп барган адамдар "Мухажир" (көчүп баруучу) деп аталат.

[2] Хашр сүрөсү, 8-аят.

[3] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 329-331\1.

[4] Меккеден келген мухажирлерди тосуп алып, жардам көрсөткөн мадиналык мусулмандар "Ансар" (жардам берүүчү, колдоочу) деп аталат.

[5] Хашр сүрөсү, 9-аят.

**койду. Бул – чоң жеңиш".**[1] Мындан сырткары дагы Алла Таала мухажирлердин артыкчылыгын айтып мактаган көптөгөн аяттарды түшүргөн. Мисалы: **"Зулумдукка кабылган соң Алла жолунда хижра кылган адамдарга бул дүйнөдө жакшылык даярдап коёбуз. Бирок, эгер билишсе, акырет сыйлыгы чоңураак",**[2] **"... каршылыктарга учурагандан кийин хижра кылган, жихадга чыккан жана сабырдуу болушкан адамдарды, ушундай иштери үчүн, Раббиң Кечирүүчү жана Ырайымына алуучу"** [3] деген сыяктуу аяттар өтө көп.[4]

## Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) көчүүсү

### Абу Бакр Сыддыктын үй-бүлөсү:

Адамзат тарыхында дини үчүн мекенин таштап көчкөн пайгамбарлар көп болгон. Алардын бири пайгамбарлардын атасы катары белгилүү болгон Ибрахим пайгамбар. Анын көчүүсү тууралуу Куранда минтип айтылат: **"Андан кийин Ибрахимге Лут ыйман келтирди. (Ибрахим) айтты: "Мен Раббим буйруган тарапка көчүп кетемин. Чынында, Ал (Алла) – Кудуреттүү, Даанышман".**[5]

Мухаммад пайгамбарга (ага Алланын салам-салаваты болсун) да каапырлардын душмандыгы күчөп, аны туткундоо, ал тургай өлтүрүү үчүн аракет көрүлө баштаганда Алла Таала ал үчүн сүйүктүү болгон шаарын таштап кетүүгө уруксат берди. Чындыгында, каапырлардын пайгамбарга (ага Алланын салам-салаваты болсун) көрсөткөн каршылыгы чегинен аша баштаган эле. Алардын кылгандары тууралуу Алла Таала Куранда бир канча аятта айтып өткөн. Мисалы бир аятта: **"(Оо, Мухаммад) эстегин, каапырлар (бир кезде) сени (өз журтуңда) калтырууга, же өлтүрүүгө же болбосо, сүргүн кылууга амал издешкен. Алар айлакерлик кылышат, Алла да айлакерлик кылат. Алла айлакерлердин мыктысы"**[6] деп айтса, экинчи бир аятта: **"Алар сени кысмакка алып жериңден чыгарып жиберейин деп калышты. Бирок, алар**

---

[1] Тообо сүрөсү, 100-аят.

[2] Нахл сүрөсү, 41-42-аяттар.

[3] Нахл сүрөсү 110-аят.

[4] Эгер мындай аяттардын баарын окуп-билип алууга кызыксаңыз, Ахмад Абду ал-Гани ан-Нажлавинин "Алланын элчиси жана сахабалардын көчүүсү тууралуу Куран жана хадисте" деген китебин караңыз. Даарул Вафаа, Ал-Мансуура, биринчи басылышы, 1928-жыл.

[5] Анкабут сүрөсү, 26-аят.

[6] Анфал сүрөсү, 30-аят.

**өздөрү да ал жерде аз эле убакыт турушат"** деп айткан.[1] Ооба, өзүнүн эли, тагыраагы, Курайш каапырлары пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) туулуп өскөн жеринен кууп чыкканында шек жок. Буга Алла Тааланын: **"(Оо, Мухаммад,) Биз, сени кууп чыгышкан шаарыңдан да бекемирээк болгон бир канча шаарларды кыйратканбыз. Ошондо аларга эч кандай жардам көрсөтүүчү болгон эмес"**[2] деген сөзү анык далил болот. Ал эми пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) качып чыкканда Алла Таала ага жардам берип, колдогондугу тууралуу минтип айтат: **"Эгер ага (пайгамбарга) силер жардам бербесеңер, Алла Өзү жардам берет. Бир кезде, каапырлар аны экөөнүн экинчиси кылып (Меккеден) чыгарышканда (жардам берген.) Ошондо, экөө[3] үңкүрдө калып, ал шеригине: "Кайгырбагын, Алла биз менен" деген убакта Алла ага бейпилдик түшүрүп, силер көрбөй турган аскерлер (периштелер) менен колдоду. Каапыр адамдардын сөздөрүн төмөн кылды жана Алланын сөзү жогору болду. Алла – Кудуреттүү, Даанышман".**[4]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккени жанындай жакшы көрчү. Киндик каны тамып, балалыгы, жеткинчек курагы, толуп турган жаштыгы анда өтпөдүбү. Ошондо үйлөнүп, ырыскысын ошондон таап жеп, ошондон агарып-көгөрбөдү беле? Мына эми ошол бешенесине жазылган өмүрдүн жарымынан көбүн жашап өткөргөн шаарын таштап кетүүгө аргасыз болуп отурат. Мындан аргасыз кетип жатканын анын Меккеден чыгып бара жатканда артка кайрылып, көз жаштап: "Аллага касам ичип айтамын, сен менин гана эмес Алланын да эң сүйүктүү жери элең, эгерде мени мажбурлап чыгарышпаганда, сенден түк кетмек эмесмин" деп арман кылганынан баамдасак болот.

Сахабалардын көбү Мадинага барып жайланышып, эми пайгамбарыбыздын келишин күтө баштаган учур. Алла Тааланын: "(Оо, Мухаммад) эстегин, каапырлар (бир кезде) сени (журтуңда) калтырууга, же өлтүрүүгө же болбосо, сүргүн кылууга амал издешкен. Алар айлакерлик кылышат, Алла да айлакерлик кылат. Алла айлакерлердин мыктысы"[5] деген аяты түшкөндөн кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеден кетүүнүн камын көрө баштады. Алгач шерик болуп кетүү сунушун Абу Бакр Сыддыкка билдирди. Пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты

---

[1] Исра сүрөсү, 76-аят.

[2] Мухаммад, 13-аят.

[3] Мухаммад (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Абу Бакр Сыддык.

[4] Тообо сүрөсү, 40-аят.

[5] Анфал сүрөсү, 30-аят.

болсун) менен мындай ыйык иште чогуу болууну ансыз да самап жүргөн Абу Бакр сүйүнгөнүнөн ыйлап жиберди. Экөө жолго чыгуу убактысын кеңешип, жол баштоочу тууралуу сүйлөшүп, айтор, сапарга даярдана башташты. Көп өтпөй Жебирейил периште келип, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) бүгүнкү түнү үйүндө түнөбөөсүн айтып кетти. Бул түн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Абу Бакрдын жолго чыга турган түнү болчу. Кечке жуук Курайш каапырлары чогулуп, пайгамбарыбыздын үйүн курчоого алып алышты. Алардын акыркы чечими боюнча бул түнү пайгамбарды өлтүрүү керек болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул күнү Алини (Алла андан ыраазы болсун) үйүнө чакырып, иштин чоо-жайын түшүндүрүп, өзүнүн ордуна калтырып кетерин айтты. Ал макул болуп пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен бирге түндүн кирүүсүн күтүп жаткан. Мына көзгө сайса көрүнгүс болуп айлананы коюу караңгылык каптады. Ушул учурду күтүп турган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) шырп алдырбай жылып чыгып, жерден бир чеңгел топуракты уучтап алып, ага: **"Йа-син. Даанышман Куранга ант: Сен чынында, Туура Жолдогу пайгамбарлардансың. (Бул Куран) коомуңду эскертүүң үчүн Ырайымдуу, Кудуреттүүнүн түшүргөнү. Алардын ата-бабалары эскертилген эмес, өздөрү да наадан, билимсиз адамдар эле. Алардын көпчүлүгүнө сөз (азаптын келүүсү) акыйкат болуп калды. Эми алар ыйман келтиришпейт. Биз алардын моюндарына ээктерине чейин кишен ороп койгонбуз. Анан алар какайып калышкан. Биз алардын алдынан, артынан (ыймандан тыя турган) тосмолорду коюп, эч нерсени көрө албай турган кылып ороп салдык"**[1] деген Куран аяттарын окуп дем салып, үйдү айлана курчап турган каапырларга чапчып койду. Алланын кудурети менен бир ууч топурак ошол жердеги бардык каапырлардын үстүнө себеленип, алар бет маңдайында турган адамды көрбөй турган болуп калышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды секин аралап өтүп, жолун андан ары улады. Каапырлар болсо эл жатар маалдын болуусун күтүп турушту. Бир маалда алардын жанынан өтүп бара жаткан бирөө кайрыла калып, алардын эмне кылып турганын сурады. Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлтүрүү үчүн турушканын айтканда, тиги анын бул жерде эмес экенин, аны бир аз мурда башка жакта көргөнүн айтат. Бирок, тигилер ага ишене коюшпады. Дагы бир канча убакыт күтүшүп, анан чыдамы кеткенде үйдүн эшигинен шыкаалашты. Карашса жашыл чепкенин жамынып пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ордунда уктап жатыптыр. Каапырлар сүйүнүп кетишти. Мына, ал, эч жакка кетпей эле уктап жатат. Ошентип, таңдын атышын күтүп калышты. Таң агарып, жер жарыганда каапырлар эми аны кармап кетчү убакыт келди деп, үйгө киришти. Алардын добушунан чочуп кеткенсип, пайгамбардын жашыл чепкенин силкип салып Али (Алла андан ыраазы болсун) ордунан тура калды. Каапырлар ошондо гана баягы

[1] Йа-син сүрөсү, 1-9-аяттар.

кишинин айтканы чын экенин билишти. Баарынан кызыгы ошол жерде канча адам болсо баарынын үстү-башы боз топурак болуп калганы болду.

Бул учурда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Азирети Абу Бакр Сыддык Савр тоосуна жакындап калышкан эле. Абу Бакр Сыддык (Алла андан ыраазы болсун) Шам тарапка сапарга көп чыккандыктан жолду жакшы билчү. Ошон үчүн алдына түшүп жол баштап, экөө Савр тоосундагы бир кичинекей үңкүргө келишти. Бул сапарда Абу Бакр Сыддык (Алла андан ыраазы болсун) пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) болгон сый-урматын көптөгөн эмгектери менен далилдеди. Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) үңкүргө киргизбестен туруп, өзү кирип анын ичин тазалап чыкты. Үңкүрдүн ичиндеги кичинекей ийинди буту менен тосуп, курт-кумурска чакса мени чаксын деп, пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) ийнине башын жөлөп уктоосун суранды.

Абу Бакр (Алла андан ыраазы болсун) эле эмес, анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн баары бул сапарга тикесинен-тик туруп кызмат кылышты. Кызы Асма экөөнө азык камдап, тамак даярдап, чаначка суу куюп даярдады. Даярдаган азык-түлүгүн байлаганга эч нерсе табылбай айласы кетти. Акыры жалгыз бел боосун тең экиге бөлүп, бирине азык түйүп бири менен чаначтын оозун түйүп, экөөсүн куржунча кылып атасынын ийнине артып берди. Ошондон улам Асманы "Эки курдун ээси" деп аташчу. Баса, Асма атасы менен пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) узатып коюп эле тынчып калган жок. Таң атпай жетип келген каапырлар андан атасы кайда кеткенин такып сурашты. Билбеймин дегенден башка сөз айтпаган Асманы Абу Жахил жаагына чаап жиберди эле, соккунун катуулугунан Асманын кулагынан кан агып, сөйкөсү ыргып кетти.[1]

Ал эми Абу Бакрдын (Алла андан ыраазы болсун) баласы Абдулла атасы менен пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) үңкүрдөн кеткенге чейин азык ташып, кабар жеткирип турду. А, кызматчысы Аамир болсо, койлорун ошол тарапка жайып келип, аларды саап сүтүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Абу Бакрга (Алла андан ыраазы болсун) берип турду.[2]

## Мадинага сапар:

Меккенин түштүк батышында жайгашкан Савр тоосундагы үңкүрдө пайгамбарыбыз менен Абу Бакр Сыддык үч түнөдү. Бул учурда каапырлар талаа түздүн баарын тинтип жүрүштү. Курайш төбөлдөрү пайгамбарды тирүүлөйбү

---

[1] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 487\1.

[2] Ибну Абу Шайба, "Ал-Мугаазий", 150-бет.

же өлүүбү айтор, таап келген адамга жүз төө берерин жарыялашты. Бир топ каапыр тиги экөө жашынып жаткан үңкүрдүн дал оозуна чейин басып келишти. Бирок, Алла Таала алардын үңкүргө эңкейип кароосуна мүмкүнчүлүк берген жок. Алардын дабышы жакындап, үңкүрдүн оозунан чокойлору көрүнө баштаганда, Азирети Абу Бакр Сыддык чочулап, тынчы кетти. "Эгер азыр эңкейип карашса, бизди көрүп алат" деп шыбырады ал. Анын тынчсызданганын сезген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) акырын ийнине колун коюп: "Кайгырба, үчүнчүбүз Алла болсо, эмнеге тынчсызданасың" деп жооткотту. Каапырлар узап кетти. Чынында, Алла Таала үңкүргө эңкейип кароону алардын дилине салган жок. Үчүнчү күнү караңгы киргенде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Азирети Абу Бакр үңкүрдөн чыгып Мадинаны көздөй сапар алышты.[1]

Бул сапарда бир канча маанилүү окуялар болуп өттү. Алардын бири чатырда жашаган адамдынокуясы.[2]

Дагы бир белгилүү окуя Сурака деген из кубардын окуясы. Сурака бин Малик Курайштардын арасындагы көзгө атар мерген, анан да бул чөлкөмдү коён жатагына чейин мыкты билген адам эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Абу Бакрды (Алла андан ыраазы болсун) таап келген адамга жүз төө беребиз деген жарлыкты уккандан кийин, тынч уктай албай, байгеге чапчу күлүгүн токуп, жолго чыкты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Абу Бакр (Алла андан ыраазы болсун) Мадинанын демейки жолуна түшпөй, тоо аралап, деңиз жээктеп жол жүрүштү. Бул жашыруун жолду Сурака да жакшы билчү. Ал болду-болбоду качкындар ушул жолдо деген ишеним менен алардын артынан сая түштү. Чындап эле көп өтпөй Сурака алардын изин таап, анан бир аздан кийин караанын да көрүүгө жетишти. Эзели астына ат салбаган күлүк заматта тигилердин артынан жетип келди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) эч кимди көрбөгөнсүп кете берди. Абу Бакр (Алла андан ыраазы болсун) болсо утуру артын серепчилеп карап, жакындап келе жаткан атчандан чочулап, алда бирдеме болуп кетпесин деп, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) артынан баратты. Сурака тигилерге жакындап калганда, кокустан атынын аяктары кумга батып, мүдүрүлүп кетип кайра өйдө болду. Эмнегедир ат алдына баскысы келбей кетенчиктей баштады. Ачууланган Сурака камчы

---

[1] Мына ушул жолду бир канча жолу изилдеп, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага барган жолун картага түшүрдүм.

[2] Тоо арасында эски чатырынын жанында эчки багып жүргөн бир адамга жолуккан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Абу Бакр андан сүт сурайт. Тиги эчкилери кысыр экенин айтып, сүт жок деп өкүнөт. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын кысыр эчкилеринин бирин карматып саай баштайт. Алланын кудурети менен эчкинин желини сүткө толуп, андан тоё ичишет. Муну көргөн чабан ошол жерде келме келтирип мусулман болот (котор.).

бастырды эле ат алдыга бир аз басып, бирок аяктары кумга тыгылып, кайра кетенчиктеди. Сурака дагы камчы басты. Ат дагы мүдүрүлдү. Бул жолу ал аяктарын сууруп ала албай, кумга баткан тейде туруп калды. Сурака аттын буттары баткан жерден кудум эле быкшыган отундан чыгып жаткансыган көк түтүн чыгып жатканын көрдү. Эзели мындайды көзү көрбөгөн мергенчинин үрөйү учту. Төрт аягы тыбырап ордунан козголо албай жаткан атынан түшө калып, бул балээден куткарып кала көр деп пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жалдырады. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды көргөнүн эч кимге билдирбесин айтып, кайра кайтып кетүүсүн өтүндү. Кээ бир булактарда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага жакын арада перс падышасы Кисронун тактан куларын жана аны асыл таш чегерилген баалуу билеригин тагынуу дал ушул Суракага насип болорун айтып узатат. Эмнеси болсо да Сурака жаны аман калганына сүйүнүп артка кайтат да, жолдо ага утуру келе жаткан башка из кубарларды да, бул жакта эч ким жок экенин айтып, артына кайтара кетет.

* * *

Кийин хижранын сегизинчи жылында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Хунайн согушунан кайтып келгенде Сурака бин Малик Ислам динин кабыл алат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага берген убадасы аткарылып жатканын эскертет. Ал эми, Азирети Умардын (Алла андан ыраазы болсун) халифалык доорунда перс падышасы Кисра мусулмандардан жеңилип тактан кулайт. Персиядан көптөгөн олжолор алынып келинет. Алардын арасында падышанын жасалгалуу билериги да бар эле. Азирети Умар (Алла андан ыраазы болсун) олжону бөлүштүрүп жатып билерикке көзү түшөт да, пайгамбарыбыздын айтканын эстеп, Сураканы чакырат. Анан пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) мечитинде билерикти Сураканын колуна тагып: "Кисраны жыгып, анын билеригин элетте жашаган Суракага тактырган Аллага мактоо болсун" деп, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) убадасын эскертет. Мечиттен чыккан Сурака базар аралап, колундагы билеригин элге көрсөтүп, жана эле Азирети Умар (Алла андан ыраазы болсун) айткан сөздү кайталап, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) мындан он беш жыл илгери айткан убадасы аткарылганын жарыя кылып жүрдү.

* * *

Дагы бир хадисте, Мадинага бара жаткан жолдо Шам тараптан келе жаткан Мадиналык мусулмандарга жолугуп, алардын арасындагы Зубайр бин Аввам пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Абу Бакрга

(Алла андан ыраазы болсун) аппак кездемеден тигилген кийимдерди бергени айтылат.[1]

Ошондой эле Жухфа деген жерде Аслам уруусундагы бир кишинин малын кайтарып жүргөн балага жолукканы айтылат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) андан: "Бул кимдин малы?" деп сурайт. "Асламдык[2] кишинин" деп жооп берет бала. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Абу Бакрга жылмая карап: "Алла каалаca, тынчтыкта болосуң" дейт. Анан: "Атың ким?" деп сурайт. Тиги: "Масьуд"[3] деп жооп берет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дагы Абу Бакрга (Алла андан ыраазы болсун) кылчая карап: "Алла каалаca, бактылуу болосуң" дейт.[4] Чынында, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жаш балдарды жанындай жакшы көрчү.[5]

## Мадинанын босогосунда:

Мадинадагы мухажирлер менен ансарлар пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) күндө таң агаргандан күн батканга чейин күтүп жатышты. Алардын жашоосундагы ары бактылуу, ары кубанычтуу болгон ушул күнү да баары ай караган текедей жол карап турушкан. Тээ алыста закымдан бир көрүнүп, бир жоголуп, жылт-жулт эткен ак кийимчен эки караанды үйүнүн үстүндө кайсы бир оокаты менен алек болуп жүргөн жөөттөрдүн бири көрө калды. "Эй, араптар! Силер күткөн адам келе жатат!" деп кыйкыра сүйүнчүлөдү ал. Күткөн элдин баары, бири улоосуна минип, бири жөө пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) алдынан тосо чуркашты. Адамдар жетип келгенде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) курма дарагынын түбүнө эс алганы отуруп, Азирети Абу Бакр (Алла андан ыраазы болсун) болсо аны күндөн калкалаганча чууруп келе жаткан элди карап тике турган экен. Буга чейин пайгамбарыбызды көрбөгөндөр пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) божомолдоп таанышты. Мадиналыктар жылуу-жумшак тосуп алгандан кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алар менен чогуу Амр бин Ауф деген адамдын урук-урпактары мекендеген Мадинанын босогосундагы

---

[1] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 1936\7.

[2] Тынчтык деген мааниде.

[3] Бактылуу деген мааниде.

[4] Мухаммад Абу Шахба, "Сийроту Набавия", 495\1.

[5] Ибн Касир, "Сийроту Набавия", 256\2.

Куба деген жерге бет алды. Бул күн Раби ал-Аввал айынын сегизи, дүйшөмбү күн болчу, биздин жыл санакта 622-жылдын 21-сентябрына туура келет.[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Кубада эс алуу үчүн токтоп конуп калды. Мына ушул күндү мусулмандар Хижри жыл санагынын башталышы катары кабыл алышкан.[2] Бул күнү аларды тосуп алуу үчүн Мадинадан чыккан ансарлардын саны беш жүздөй болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Кубага келгенден кийин дагы ушунчага жакын ансарлар жолугуу үчүн келишти. Ал эми, мухажирлердин саны болсо жүздөн кем эмес эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Кубада эс алуу жана анча-мынча иштерин бүтүрүү үчүн он төрт күн туруп калды. Бул күндөрү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) күндүзү эл менен жолугуп, дин жеткирүү үчүн Саад бин Хайсамдын үйүнө барып, а түнөө үчүн Гүлсүм бин Хидим аттуу сахабанын үйүнө келип жүрдү. Мындан сырткары пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) негизги иштеринин бири Кубага исламдагы биринчи мечитти курганы болду. Бул тууралуу ыйык Куранда минтип айтылат: "Абалкы күндөн эле такыбалык негизинде курулган мечит сен анда турууга ылайыктуу. Анда (жан дүйнөсүн жана денесин) тазартууну каалаган адамдар бар. Алла таза адамдарды жакшы көрөт".[3] Бул мечитти курууда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү баш болуп таш көтөрүп, сахабаларга дем берип жүрдү. Бул мечитте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) биринчи жолу сахабалар менен жамаат намаз окуду. Исламдагы алгачкы мечит болгондуктан, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын даражасы бийик

---

[1] Абду Салам ат-Турманини, "Азминату Тарихул Ислами", 15-бет.

[2] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага көчүп келгенге чейин мусулмандардын даректүү колдонгон жылнаамасы болгон эмес. А, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көчүп келгенден кийин, ошол жылды башталгыч жыл катары санап, кандайдыр бир окуялар болуп калса "Хижрадан беш айдан соң, хижрадан бир жылдан соң" дешип жаңы жыл санак катары колдоно башташкан. Бирок, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дүйнөдөн өтүп кеткенден кийин бул жыл санак анча көп колдонулбай калат. Кийин Азирети Умардын (Алла андан ыраазы болсун) халифалык доорунда башка өлкөлөр менен ар канда мамилелер түзүлүп, натыйжада белгилүү бир жыл санакты колдонуу зарылдыгы келип чыгат. Азирети Умар (Алла андан ыраазы болсун) сахабаларды чогултуп кеңешме өткөрөт. ар ким ар кандай пикри айтат. Алардын арасынан Азирети Алинин (Алла андан ыраазы болсун) "Пайгамбарыбыздын көчүп келген жылын биринчи жыл катары кабыл алалы деген" сунушу колдоо таап, жаңы жыл санак түзүлөт. анлан кийин жылдын башталгыч айын кйсы айдан баштоо талкууланып, анда Азирети Алинин (Алла андан ыраазы болсун) Мухаррам айынан баштайлы деген сунушу кабыл алынат. Ошентип мусулмандардын жаңы жыл санагы "Хижри" деп аталып, жылдын биринчи айы Мухаррам айы болуп калды (котор.).

[3] Тообо сүрөсү, 108-аят.

экенин кабарлап: "Куба мечитинде окулган бир намаз Умра кылгандай эле соопко ээ кылат" деп айтканы бар.[1]

Он төрт күндөн кийин пайгамбарыбыз аны коштогон эл менен бирге Мадинага жөнөдү. Коштогондордун көбү тага журту болуп эсептелген "Нажжар" уруусунун өкүлдөрү эле. Бул күн жума болчу. Жолдо Салим бин Ауф деген адамдын урпактары жердеген өрөөндө бешим убактысы кирип, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мусулмандар менен бирге Жума намазын окуду. Ислам тарыхындагы биринчи жума намаз мына ушул болуп калды. Алгачкы жума намаз окулган бул жерге кийин мечит түшүп, ал азыр да Мадинадагы маанилүү орундардын бири болуп эсептелет.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага кирүүсү жергиликтүү эл үчүн чоң майрамга айланды. Балдар алдында чуркап, аялдар терезелерден баш багып, эркектер жандай басып, айтор, бул күнү көчөгө чыкпаган жан калбады. Бул күндөгү Мадиналык мусулмандардын кубанычы сөз менен айткыс эле. Талаа-түздө: "Аллаху Акбар, Алланын элчиси келди, Аллаху Акбар, Алланын элчиси келди" деген үндөр жаңырып жатты. Мадиналык мусулмандардын бул күндөгү кубанычын ошолор менен бирге жүргөн жаш бала Азиб уулу ал-Бара кийинчерээк минтип эскерет: "Мадина элинин пайгамбар келгенде сүйүнгөндөй сүйүнгөнүн буга чейин көргөн эмес элем".[2]

Мадинадагы мусулмандардын баары Алланын элчисин (ага Алланын салам-салаваты болсун) үйүнө түшүрүүнү каалап жатышты. Биринен-бири талашып төөнүн тизгинине жармашып, ар кимиси өзүнүн үйүн көздөй жетелеп кетүүгө аракет кыла башташты. Алардын бир чечимге келе албасын байкаган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Төөнү өз эркине койгула, ал кайсы жерге токтосо, ошол жерге түшөлү" деди. Элдин баары ичинен Кудайга жалынып, төө өзүнүн үйүнүн тушуна токтосо экен деп тилей башташты. Төө акырын чайпала басып бир ордунда үч-төрт айланып, анан азыркы пайгамбарыбыздын мечити турган жерге токтоду. Бул жер Нажжар уруусундагы эки жаш баланын үлүшүндөгү жер болчу. Бул жерде кээде мусулмандар чогулуп намаз окуп турушчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ошол жерге түштү. Элдин баары анын айланчыктап, учурашып алагды болуп жүргөндө, Абу Аюб аттуу сахаба пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) болгон оокатын төөдөн түшүрүп, өзүнүн үйүнө алып барып койду. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) муну укканда: "Жүк-тагы кайсы жерде болсо, ээси да ошондо болот" деп, Абу Аюбдун үйүнө конуп калды.[3] Пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты

[1] Имам Бухари, Имам Муслим ж.б., Ибну Касирдин тафсирин караңыз, 908\1.

[2] Ибну Абу Шайба, "Ал-Мугази", 154-бет; Ибнул Каюум, "Заадул Миьаад", 551\3.

[3] Ибн Саьд, "Сийроту Набавия мин ат-Табакат ал-Кубра", 237\1.

болсун) Абу Аюбдун үйүнө жашап конуп калуусу Абу Аюб үчүн тээ Кыяматка чейин мактанып, сыймыктана турган иш болду. Ал жан-алы калбай кубанып, пайгамбарга (ага Алланын салам-салаваты болсун) буту-бутуна тийбей кызмат кылып, өзүнчө эле бир бакыттын кучагында калды. Анан эмне кылсын, дүйнө-акыреттин бактысын тартуулоочу, акыр заман пайгамбары анын үйүндө жашап жатса, Абу Аюб бактылуу болбой ким бактылуу болмок эле. Ошентип, сүйүктүү пайгамбарын үйүнө жайгаштыруу бактысына ээ болгон Абу Аюбдун үйүндө пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жети ай жашады.

## Мадина жана анын тургундары:

Жахилият доорунда Мадинанын аталышы Ясриб болчу. Бул аталыш Куран аятында да айтылган: **"Ошондо алардан бир топ адам: "Оо, Ясрибдин эли, эми силерге бул жерде туруунун пайдасы жок. Кете бергиле" – десе, дагы бир тобу пайгамбардан уруксат сурап: "Үйүбүз кароосуз калган болчу" – деп айтышкан.[1] Үйлөрү ачык калган эмес эле, алар качууну гана көздөгөн".[2]**

Пайгамбарыбыз Ясрибге келгенден кийин анын аталышын "Мадина Мунаввара", тагыраагы, "Нурдуу шаар" деп өзгөрткөн. Шаардын бул аталышы куранда төрт жерде айтылат. Чынында, Мадина нурдуу, берекелүү, тынч жана кооз шарга айланды. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Оо, Жараткан, бизге Мадинаны биз Меккени жакшы көргөндөн да артыгыраак жагымдуу кыла көр" деп[3] жана да: "Оо, Жаратканым, Мадинанын эгин-тегинине, өлчөм-ченемине береке бергин. Оо, Аллахым, Ибрахим Сенин кулуң, пайгамбарың жана досуң, ал Меккеге дуба кылды, мен да Сенин кулуң жана пайгамбарыңмын, мен Меккеге дуба кылгандай эле Мадинага да дуба кылып жатам, дубамды кабыл кыл"[4] деп алакан жайган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккени жакшы көргөндөй эле, Мадинаны да жакшы көрчү. Мадинанын кээ бир аймактарын коргоого алып: "Мадинанын

[1] Бул аяттар "Хандак" согушу деп аталган согуш тууралуу түшкөн. Бутпарастар менен жөөттөр биригип, Исламды түп тамыры менен жоготобуз деген максатта Мадинага кол салышат. Персиялык Салман аттуу сахабанын сунушу менен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) шаарды курчата терең ор казган. Ошол себептен бул казат "Хандак" (терең ор) деп аталып калган. Мына ушул согуш башталар учурга жакындап калганда, мусулмандардын арасында өздөрүн мусулман көрсөтүп жүргөн эки жүздүү каапырлардын кээ бири жогорудагы аятта айтылгандай "Эми Исламдын күнү бүттү, бул жерден качып кеткиле" деп мусулмандарды козутса, кээ бири жалган шылтоолорду айтып, согушуудан баш тартышкан. Бирок, алардын чагымчылыгына карабастан бул казатта мусулмандар жеңишке жетишкен (котор.).

[2] Ахзаб сүрөсү, 13-аят.

[3] Имам Бухари, Китабу Фазааил ал-Мадина, 10\2.

[4] Имам Муслим, Китабул Хаж, Фазааил Мадина, 2-том, 10-бет.

мобу жеринен тээтиги жерине чейин коргоого алынган. Бул чөлкөмдүн дарагын кыйбагыла, даарат ушатпагыла. Ким мындай иштерди кылса, ага Алланын, анын элчисинин жана периштелеринин каргышы тиет"[1] деп айтканы бар. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) келип отурукташкандан баштап эле Мадина "Ислам борбору" деп тааныла баштады. Бул аталыш андан кийинки туура жолго баштоочу халифалардын доорунда да, андан кийин да сакталып, дүйнөгө таасирин тийгизген чоң шаарга айланды.

Мадинанын калкынын негизин Хазраж жана Аус деген эки араб уруусунун өкүлдөрү түзчү. Бул эки уруу бир-бири менен алака-береке кылып жашоочу. Ошону менен бирге бул эки уруунун ортосунда тээ атам замандан бери карай уланып келе жаткан келишпестиктери да бар эле. Айрыкча буларды "Буас" деп аталып калган кагылышуусу кан төгүлүү менен аяктаган эле. Ошондой эле Мадинада саны жана күч-кубаты жагынан бул эки уруудан кем калбаган жөөттөрдүн уруулары да жашачу. Мындан сырткары аз сандагы христиандар да бар эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинанын жашоочуларынын тынчын алган көйгөйлөрдү көрө билип, бейпил жашоо кечирүүнү каалаган ар бир адамга жага тургандай иш алып барып, мусулмандарды бир ишенимге байлап, башын бириктирип, ал эми мусулман эместерди алар менен ырыс-ынтымактуу жашай тургандай даражага жеткирди.

## Пайгамбардын мечитинин курулуусу:

Мадинага келип жайгашкандан кийин пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) биринчи эле баштаган иши мечит курууга ылайыктуу жер тандоосу болду. Алгач келгенде "Кисва"[2] чөккөн жер Нажжар уруусунан болгон Сухайл жана Сахл деген эки жетимге тиешелүү жер болчу. Пайгамбарыбыз ошол жерди мечит курууга оңдуу деп эсептеп, жерди балдардан сатып алмакчы болду. "Биз бул жерди сизге бекер эле белек кылабыз" дешти балдар. Бирок пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага болбой, аларга жер акысын төлөп сатып алды. Чынында, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага берилген белекти алуудан баш тартчу эмес. Бирок, бул жерге бир гана Аллага сыйынуучу, Ага эч нерсени шерик кылбастан ибадат кылынуучу мечит курууну максат кылган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жерди белекке алган жок.

Мечиттин пайдубалына биринчи ташты пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү койду. Ошентип иш башталды. Пайгамбарыбыздын талыкпай эмгектенгени сахабаларга шык берип, баары жапырт кызуу иш башташты. Мечиттин төрт дубалы тең кыш менен тизилип, үч эшиги бар болчу.

---

[1] Имам Бухари, Китабу Фазааил Мадина, 2-том, 10-бет.

[2] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага минип барга төөсүнүн аты ушундай болчу (котор.).

Ичинде курма дарагынын сөңгөгү михрабдын[1] орду катары колдонулуп, минбары[2] жок эле. Бул учурда кыбыла өзгөрө элек болгондуктан михраб, же болбосо, мечиттин кыбыла тарабы Кудус[3] тарапты каратылган эле. Бул мечиттин биринчи курулушу болчу. Кийин, тагыраагы, хижранын жетинчи жылы мечит дагы өзгөртүлүп, кеңейтилип салынган. Мечитке улай бөлмөлөр салынып, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Абу Аюбдун үйүнөн ошол бөлмөсүнө көчүп келет. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) мечитинин алгачкы көрүнүштөрү азырга чейин мечиттин бир тарабында жашыл боёк менен даана жазылып турат. Кимдин бешенесине Мадинага келүү жазылган болсо, мечитке келип бул жазууларга күбө болсо болот.

## Боордоштукту бекемдөө:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамдардын, айрыкча, мусулмандардын башын бириктирүүгө аябай кызыкдар болду. Аларды бири-бирин колдоого, көтөрмөлөөгө, жеңилин жерден, оорун колдон алып жардам берүүгө үйрөтүп, диндин негизги максаты ушул экендигин далилдегенге аракет кылды. Мындай аракетин ал хижрага чейин эле Меккеде баштап, Азирети Умар менен Азирети Абу Бакрды, Талха менен Зубайрды, Абдурахман менен Азирети Усманды кыйышпас тууган кылды. Мындан сырткары да башка мусулмандарды өз ара туугандаштырганын Азирети Али менен болгон төмөнкү маектен баамдасак болот. Бир ирет ал пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайрылып: "Сиз жолдошторуңуздун баарын бири-бири менен туугандаштырдыңыз, а менин тууганым ким болот?" деп сураганда, пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун): "Али, сенин бир тууганың менмин" деп жооп берет.

Мусулмандар Мадинага көчүп келгенден кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мухажирлер менен ансарларды да тиги Меккеде ишке ашыргандай бири-бири менен тууган кылды. Ар бир мадиналык ансар бирден мухажир менен кол кармашып, ага үй-жай, азык-түлүк жагынан жардам берип, анын мындан аркы жашоосуна шарт түзө турган жумуш таап, айтор, колунан келгенин баарын жасай турган болду. Бул боордоштуктун натыйжасында мухажирлер бат эле өзүнө келип, бутуна туруп, өз алдынча тиричилик кыла баштashты.[4] Ошону менен катар кийинчерээк келген

---

[1] Имам туруп намаз окуй турган жер.

[2] Имам чыгып кутба айтчу бийигирээк орундук.

[3] Иерусалимдеги Кудус мечити тарап.

[4] Мисалы, Меккеден көчүп Абдурахман бин Ауф мадиналык Саад бин Раби аттуу ансар менен боордош болот. Саад, ага болгон мүлкүнүн тең жарымын бөлүп бермекчи болот. Бирок, Абдурахман ага макул болбой, болгону, шаардын базарын жана сооданын жолун гана көрсөтүп

мухажилерди мурда келген мухажирлер менен бир боор кылып, аларды да бири-бирине кайдыгер карабай тургандай кылып жатты. Мусулмандар арасында түзүлгөн мындай боордоштук диндин негизи болуп, анын акыр кыяматка чейин сакталуусуна себеп болду.

## Сөрүдө жашагандар:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага келгенден кийин мусулмандар менен бирге курган мечитинин түндүк тарабында, атайын жасалган үстү курманын бутактары менен жабылган сөрүдө жашап, күн өткөргөн бир топ мухажирлер бар эле. Аларды "Асхабу Суфа" бизче айтканда "Сөрүдө жашоочулар" деп аташчу. Булар үйлөнө элек, кембагал мухажирлер болчу. Бул сахабалар көбүнчө Куран жаттоо жана дин илимин үйрөнүү менен алек болуп, эгерде кайсы бир аймактын эли дин үйрөнүүгө муктаж болсо, аларга дин илимин үйрөтүү үчүн мына ушул сөрүдө жашаган сахабалар барар эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга өзгөчө көңүл буруп, алар менен бирге отуруп, кеңешип турчу. Эки жактан келген садакаларды ошолорго берчү. Бул тууралуу бир хадисте минтип айтылган: "Сөрүдө жашоочулар Исламдын коноктору, алардын үй-бүлөсү да, мал-мүлкү да жок. Эгер Алланын элчисине садака келсе, аларга берип жиберчү, эгер белекке бир нерсе берилсе, аны алар менен чогуу жечү".[1] Дагы бир хадисте: "Алланын элчиси күн сайын сөрүдө жашоочуларга экөөсүнө бир кочуш курма берип жиберчү".[2] Мындан сырткары пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) колунда бар сахабаларга кайрылып, сөрүдө жашоочуларга тамак-аш берип туруусун насыят кылчу. "Кимде эки кишилик тамагы болсо, үчүнчү кылып сөрүдө жашоочулардын бирин эрчитип алсын, кимде үч кишиге жетерлик тамагы болсо, төртүнчү кылып сөрүдө жашоочулардын бирин эрчитип алсын", - деп айтып калчу.[3] Ошондой эле сөрүдө жашоочулардын кээ бирлери базарга барып, жүк ташып, отун сатып ж.б. иштерди аткарып, тапкан кирешесине тамак-аш алып жолдоштору менен бирге тамактанчу.[4]

---

коюсун суранат. Саад аны эрчитип келип базардан орун алып берет. Сооданын жолун мыкты билген Абдурахман көп өтпөй бай соодагерлердин бирине айланат. Кийинчерээк Мадинада андан өткөн бай адам табылбай калат. Анын байлыгынын көптүгүн бир жолу жети жүз төөнү үстүндө артылган жүк-тагы менен бирге Алла жолунда садага кылып жибергенинен байкасак болот (котор.).

[1] Имам Ахмад, "Муснад", 287\3.

[2] Имам Ахмад, "Муснад", 287\3.

[3] Абу Наим, "Хулятул Авлия", 22-33\2.

[4] Кээ бир булактарда Алла Тааланын: "(Оо, момундар! Силер) Алланын жолунда (жүрүп, тиричиликтен) тосулган, жер бетинде сапар кылууга мүмкүнчүлүгү болбогон, билбеген адам аларды (бирөөдөн сураганга) ыйба кылгандан улам бай деп ойлогон кембагалдарга (садака

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Айша энебизге үйлөнүүсү:

Алла Тааланын пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) аял тандап берүүсү, Анын пайгамбарына жана пайгамбардын үммөтүнө жаадырган ырайымы деп билүүбүз кажет. Карап көрүңүз, Хадича энебиз пайгамбардан он беш жаш улуу эле. Мурда күйөөгө тийген болчу. Алла Таала пайгамбарына мына ушул аялды аялдыкка тандады. Натыйжасы эмне болду? Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) эн биринчи ыйман келтирген адам Хадича энебиз болду. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дин душмандарынын азабына кабылып, жан дүйнөсү жабыркап турганда ага өлкө-жөлөк болуп, көңүлүн көтөрүп, күч-кубат берип турду. Динге эркек адамдын колунан келбей тургандай кызмат кылып, болгон мал-мүлкүн сарптады. Убагында Мекке эле эмес, жалпы жарым аралга атагы чыккан бай Хадича энебиз, жамаачы чепкен кийип калганча мал-мүлкүн садага кылды. Эки уул, төрт кыз төрөп берди. Мунун баары Алла Тааланын сүйүктүү пайгамбарына тартуулаган жакшылыгы экендигинде шек жок.

Ал эми Айша энебиз болсо (Алла андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын аялдарынын жашы кичүүсү жана акылы тунугу болчу. Айша энебиз дайыма пайгамбарыбыз менен бирге болгондуктан жана жаш, зээндүү, укканын дароо жаттап калган куйма кулак болгондуктан, өтө көп хадистерди, дин маселелерин кийинки муунга айтып калтырган. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) үй ичинде аткарган амалдарын анын жубайынан башка адам билүүсү мүмкүн эмес эле. Ошол себептен Алла Таала пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жаш, акылдуу, укканын унутпаган Айша энебизге үйлөнүүгө буйруду. А, Айша энебизди болсо, дин илимин жаттап, сактап калууга буйруган. Бул тууралуу Алла Таала: **"Өз үйүңөрдө окулган Алланын аяттарын жана пайгамбардын сөздөрүн көңүлдө сактап жүргүлө. Алла баарын Билүүчү, Кабардар"**[1] деген аятын түшүргөн.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Айша энебиздин нике келишими пайгамбарлыктын онунчу жылында, Шаввал айында болсо, Хижранын биринчи жылы, Шаввал айында үйлөнүп, көчүрүп келген.

---

кылгыла). Аларды көрүнүшүнөн тааныйсыңар. Алар адамдардан суранышпайт. Кандай гана жакшы садака кылсаңар да, аны Алла Билүүчү! Түнү-күнү мал-дүйнөсүн жашыруун жана ашкере түрдө садака кылган адамдар үчүн Раббисинин алдында сооптору бар. Аларга коркунуч да жок жана алар кайгырышпайт" деген аяттарында мына ушул сөрүдө жашагандар айтылган деп жазылган. (Бакара сүрөсү, 273-274-аят), (котор.).

[1] Ахзаб сүрөсү, 34-аят.

Айша энебиз жаш болгондуктан аны пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү дин тарбиясы менен тарбиялап, жалаң гана аялдар эмес, жалпы мусулман үммөтүнө дин таратуучу мугалим кылып кетти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дүйнөдөн өткөндөн кийин Айша энебиз узун өмүр сүрүп, дин илимин таратууда негизги булактардын бири болуп калды.

Айша энебиз пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) эң сүйүктүү жубайы болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) андан бала көрбөдү. Айша энебиздин эжесинин уулунун аты Абдулла[1] болгону үчүн, аны да "Умму Абдулла" (Абдулланын энеси) деп атап коюшчу. Үммөттүн эң жакшы адамы Абу Бакрдын кызы, акыр заман пайгамбарынын жубайы Айша энебиз дүйнө жана акырет бактысына ээ болгон бактылуу жубай, жалпы момундардын энеси катары кыяматка чейин эл оозунда даңктала бермекчи.

## Мадинанын өсүп-өнүгүүсү:

Ислам адамзат коомчулугун бир Кудайга сыйынууга жана Ага баш ийүүгө тарбиялоо, адамгерчилик деңгээлин көтөрүү, тартип менен жашоо, жер бетинде бузукулук таратуудан сактануу, өз ара таттуу мамиледе жашоону үйрөтүү үчүн келди. Мына ушулардын баарынын башталуусуна Мадина шаары үлгү боло алды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинанын руханий, саясий, социалдык, экономикалык, деги эле анын өнүгүүсүнө тиешелүү тармактын баарын камтыган бирдиктүү мыйзам менен иш алып барды. Натыйжада, башкаларга таянып жашоо, же болбосо өзүнүн гана камын көрүү сыяктуу адамдардын канына сиңген жаман адаттар жоюлуп, жалпы мусулмандарга кам көрүү, башкага таянбай өз тирлигин өзү кылуу, башкалардын укугун сактай билүү сыяктуу адаттар эл арасына жайыла баштады. Мадинанын өсүп-өнүгүүсү үчүн жасалган иштердин алгачкысы – анын атын өзгөртүү болду.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көчүп келгенге чейин шаардын аты Ясриб болчу. "Жекирүү" деген маанини туюндурган бул аталыш пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) мурдатан эле жакчу эмес. Ошол себептен Ясрибге келер замат биринчи кезекте анын атын башкача атоону сунуш кылды. Анын тандоосу менен шаар "Мадина" деп аталды. Маданият, өсүп-өнүгүү, жетишүү деген маанилерди туюндурган бул аталыш жашоочуларга жагып, эл оозуна бат илинип, Ясриб аты өчүп, Мадина болуп калды. Мындан сырткары да пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинаны таза, берекелүү, шарапаттуу, ыйман борбору деген сыяктуу жакшы аттар менен атап калчу.

---

[1] Абдулла бин Зубайр.

## Мадинаны сүйүү жана сактоо:

Коомду мекенди сүйүүгө үйрөтүү максатында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинанын кээ бир аймактарын корукка алып, анын өнүгүүсү жана адамдардын ага жакшы мамиле кылуусуна дуба кылчу. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Ибрахим пайгамбар Меккенин корукка алып, анын элине жакшылык тилеп дуба кылчу. Мен дагы Мадина үчүн дуба кылам", "Оо, Жараткан, бизге Мекке кандай ыйык болсо, Мадинаны андан да ыйык кыл" деген сыяктуу дубаларынан анын Мадина үчүн күйүп-жанганын билүүгө болот. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгачкы мыйзамдарынын бири Мадинанын жаратылышын коргоого негизделди. "Ибрахим пайгамбар Меккени коргоого алды, мен дагы Мадинаны коргоого алам. Анын мына бул аймагы силерге арам кылынды. Бул чекте аңчылык кылынбайт, чөбү чабылбайт, дарагы кыйылбайт жана курал көтөрүлбөйт" деп белгилүү бир чектерди коргоого алды. [1]

Мадинаны, анын жашоочуларын жана ага көчүп келгендердин даражасын көтөрүп, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Жылан ийнине кирген сыяктуу болуп Мадинага да ыйман агылып кирет" деп айткан.[2] Ошондой эле дагы бир көлөмдүү хадисинде: "...эгер силер түшүнө билсеңер, Мадина силер үчүн өтө жакшы жер"[3] деп айтканы бар.

## Калкынын өсүүсү:

Пайгамбарыбыз Мадинанын калкынын, тагыраак айтканда, мусулмандардын санынын көбөйүүсүнө кызыкдар эле. Мухажирлер Мадинага келгенден кийин алардын арасынан биринчи болуп Зубайр уулдуу болду. Буга пайгамбарыбыз да (ага Алланын салам-салаваты болсун), башка мусулмандар да абдан кубанып, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бөбөккө Абдулла деп ат койду. Жакшылыкка жол ачкан бул наристенин жарык дүйнөгө келүүсүнө пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзгөчө кубанганы анын мусулман үй-бүлөлөрдө балдардын көбүрөөк төрөлүүсүнө кызыктар экендигин айгинелеп турат. Чынында, бул пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) эле каалоосу эмес, Алла Тааланын да каалоосу эле. Куранда Алла Таала пенделерин көбүрөөк балалуу болууга үндөп: **"Багуудан коркуп балдарыңарды өлтүрбөгүлө! Анткени, аларга да, силерге да ырыскыны Биз беребиз. Чынында, аларды**

---

[1] Имам Ахмаддын "Муснад" китеби, 1-том, 119-бет.

[2] Имам Бухари, "Мадинаны коргоо" бөлүмү, 2-том, 221-бет.

[3] Имам Бухари, 1875-катар сандагы хадис; Ал эми Имам Муслимдин китебинде 1387-катар сандагы хадис.

**өлтүрүү - өтө чоң күнөө"**[1] деп айткан. Алла Тааланын ушул сөзүнө таянып пайгамбарыбыз да (ага Алланын салам-салаваты болсун) көп балалуу болууга үндөгөн бир канча хадистерди айткан. Мисалы, анын: "Төрөй турган аялдарга үйлөнүп бала-чакалуу болгула, Кыяматта мен үммөтүмдүн көптүгүнө сыймыктанам"[2] деген сөзүнөн динде көп балалуу болуунун маанилүү экендигин түшүнүүгө болот.

Мусулмандардын санын каттоого алуу да биринчи жолу пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тарабынан ишке ашырылган. Бир ирет пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Мага Ислам тууралуу сүйлөй ала турган мусулмандардын санын жазып бергилечи" деп өтүнгөндө, биз ага бир миң беш жүз адамды жазып бердик деп Хузайфа бин Ямандын айтканы бар. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) мындай кылуусунан анын ар бир адамдын жөндөмүн билгиси келгендиги көрүнүп турат. Ал ар бир адамга анын колунан келе турган гана ишти тапшырчу.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мусулмандарды Мадинага көчүүгө үндөдү, ошону менен бирге эле чектен ашып кетпөөгө да көңүл бурду. Мадинанын келгиндерди кабыл алуу абалын байкап, ошого жараша адамдарды көчүрүп келди. Себеби, шаардын социалдык абалын, туруктуу жашоого ылайыктуу болгон аймактарын эсепке албай элдин баарын көчүрүп алуу туура эмес экендигин жакшы билчү. Ошол себептен динди кабыл алып, Мадинага көчүп келүүнү каалаган кээ бир урууларды, өз мекендеринде туруп турууга, бири-бирине илим берүүгө жана анан буйруктарын аткарууга даяр болууга чакырат эле. Кийинчерээк, Меккени каратып алгандан кийин, башка жактарга көчүүнүн зарыл эместигин жарыя кылганы да, шаарлардагы калктын саны тең салмактуу сакталуусу үчүн болгон. Шаарлар аралык эмес, Мадинанын ичинде да адамдардын жайгашуусу бир калыпта болуусуна көңүл бурган б.а. адамдардын бир орунга топтолуп алуусуна жол берген эмес. Мисалы, Мадинага мечит куруп, анда адамдар жамаат менен намаз окуй баштаганда, шаардын чекесинде отурукташкан Салама уруусундагы адамдар мечиттин жанына көчүп келүүнү максат кылышканда, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга: "Канчалык алыс аралыктан келсеңер ошончолук көп сооп-сыйга ээ болосуңар" [3]деп макулдугун берген эмес жана муну менен Мадинадагы калктын жайгашуусун тең салмактуу сактоого, аны кагыраган жерге айланып калуудан сактоого аракет кылган.

## Адамгерчиликтин жогорулоосу:

---

[1] Исра сүрөсү, 31-аят.

[2] Имам Ахмаддын "Муснад" китеби, 3-том, 245-бет.

[3] Имам Бухари, "Фадааил ал-Мадина" бөлүмүнүн, "Караахату ан-Набию ан туарра ал-Мадина" аттуу кичи бөлүмү, 1887-катар сандагы хадис.

Адамгерчиликке тиешелүү асыл сапаттар болбосо элдин санынын көбөйүүсүнөн эч кандай майнап чыкпайт. Муну жакшы билген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ар бир инсанды өз ордун билүүгө, Алланын алдында кичипейил болууга, мусулмандар менен жылуу-жумшак мамиле кылууга тарбиялоого көңүл бурду. Ар бир мусулмандын жан дүйнөсүн тазалоого аракет кылды. Муну аларга мурунку заманда коюлуп калган туура эмес аттарын жана жаман лакаптарын алмаштыруудан баштады. Мындан сырткары жаңы төрөлгөн наристелердин дээрлик баарына өзү ат койчу. Зубайрдын уулуна Абдулла, Алинин балдарына Хасан жана Хусайн деген ысым ыйгарып, балага жакшы ат коюу да маданияттуулуктун бир кысымы экенин белгиледи. Адамдарга кайрылууда ар кимисин өзүнүн жаш курагына жараша атап, жаштарга "уулум, кызым" деп кайрылып, эгер лакап аты менен кайрылса, Анас бин Маликтин инисине кайрылган сыяктуу "оо, Умайрды атасы" деп жакшы аталыштар менен чакырчу. Адамдарды жеке мамиледе мына ушундай болууга тарбиялады. Ал эми жалпы үммөт тууралуу айтсак, Куранда: "Баардык адамдар үчүн чыгарылган өтө жакшы үммөт болдуңар" деп айтылгандай, үммөттүн баары бири-бирине, жалпы ааламга жана жандуу жаратылышка ырайымдуу мамиле кылууга жиберилгенин ар бир адамдын дилине киргизди.

## Илим-билимдин өнүгүүсү:

Ислам дини Курандын биринчи аяты түшкөн күндөн тартып эле адамзатты илим алууга үндөй баштаган. Муну Алла Тааланын: **"Ал инсанга калем менен (жазууну) үйрөтүп, билбегенин билдирди"**[1] деген эң биринчи түшүргөн аятынан баамдасак болот. Мына ушул аят түшкөн мезгилде араптар ырым-жырым менен айтымыш-уламыштарга таянган, сабатсыздыктын кучагында калган караңгы эл эле. Араптардын мына ушундай дарексиз ишенимдери аларды кошуна турган башка коомдор менен мамилелешүүдөн, ал тургай, өздөрү менен бир шаарда жашап турган христиан жана яхудилер менен тил табышуудан тыйып турчу.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) илимге жана илим берүүгө баардык күч-кубатын жумшады. Анын отурган жеринде илим тууралуу сөз козголчу. Бул Мадинанын элине чоң таасир берип, алардын илим жаатында өсүп-өнүгүүсүнө шарт түздү. Алла Тааланын: **"Оо, ыймандуулар, эгерде отурган жериңерде силерге "орун бергиле" деген сураныч болсо, дароо орун бергиле. Алла силерге (бейиштен) орун берет. Эгер (такыба, илимдүү адамдар келгенде) "жай бошоткула" деп айтылса, дароо бошоткула. Алла силердин араңардагы ыймандуулар менен илимдүүлөрдүн даражасын бийик кылган. Алла Баардык ишиңерден кабардар"**[2] деген аятын окуп, аны

---

[1] Алак сүрөсү, 5-аяты.

[2] Мужадала сүрөсү, 11-аят.

иш жүзүнө ашырган сахабалар илим алууга өтө кызыкдар болушчу. Жашоонун негизи болгон Куран жана дин иштерин окуткан Мадинадагы биринчи мугалими пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) болду.

Имам Бухари (Алла ал кишини ырайымына бөлөсүн) хадис жыйнагында атайын "Илим китеби"[1] деген бөлүмдү түзүп, ага илим тууралуу айтылган хадистерди камтыган жана илимге тиешелүү аяттарды чечмелеген элүү үч кичи бөлүмдү киргизген. Чынында, илим тууралуу өтө көп аяттар түшүрүлгөн. Мисал катары алсак, төмөнкү аятта: **"Же болбосо, (ушул мушрик), Раббисинин ырайымын үмүт кылып, Акыреттен коркуп түн ичинде турган, сажда кылып моюн сунган киши менен тең боло алабы? Айт: «Билимдүү адамдар менен билимсиз адамдар тең боло албайт. Чынында (Алланы жана Акыретти) акылдуу адамдар гана эскеришет"**[2] деп айтылса, дагы бир аятта минтип айтылат: **"Алар сенден рух жөнүндө сурашат. "Рух Раббиме таандык иштерден, а, силерге аз эле илим берилген" деп айт".**[3] Кийинки аятта болсо: **"Дагы, ошондой эле адамдардан, жаныбарлардан жана үй-чарба айбандарынан ар түрдүүлөрү бар. Алладан аалым (илимдүү) адамдар (көбүрөөк) коркушат. Чынында, Алла - Кудуреттүү, Кечиримдүү"** деп айтылган.[4]

Ал эми илим тууралуу хадистерге келсек, жогоруда айтылгандай алардын саны өтө эле көп. Мен сиздерге бир гана хадисти айткым келип турат, анткени бул хадистен илим алуунун канчалык деңгээлде зарыл экенин дароо эле аңдоого болот. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) айтат: "Эки гана нерсеге ичи тарып суктанууга болот: Алла Таала мал-мүлктү кенен берип, ошол байлыгынан башкаларга садага берген адамга, анан терең илим алып, аны башкаларга үйрөткөн адамга".[5] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) илим алган адамдарды алган илимин башкаларга үйрөтүүгө буйруйт эле. Абдул Кайс тукумунан келген бир жамаат адамга: "Эми, өзүңөрдүн элиңерге барып, аларга илим бергиле" деп айтканынан үйрөнгөн илимди билбегендерге айтып жеткирүү зарыл экендигин түшүнүүгө болот.[6]

---

[1] Кененирээк маалымат алуу үчүн "Сахихул Бухари" китебинин 3-томундагы "Китабул Илм" бөлүгүнө киргизилген элүү үч кичи бөлүмдү караңыз. Андагы 59-катар сандагы хадистен тартып, 134-катар сандагы хадиске чейинки хадистердин баары илим тууралуу айтылган.

[2] Зумар сүрөсү, 9-аят.

[3] Исра сүрөсү, 85-аят.

[4] Фаатир сүрөсү, 28-аят.

[5] Имам Бухаринин "Сахихул ал-Бухари" китеби, 73-катар сандагы хадис.

[6] Имам Бухари "Сахих ал-Бухари" китеби, 87-катар сандагы хадис.

Мадинада жөөттөр гана жаза билишчү. Ибирит тамгаларын колдонуп арап тилинде жазып жана окуган жөөттөр атайын медреселерде балдарын да ушуга окутушчу. Аус жана Хазраж уруусунан кээ бир гана адамдар булардан жазууну жана окууну үйрөнгөн эле. Мусулмандар хижрага чейин эле жазуунун абдан маанилүү экендигин билип калышкан. Азирети Умар (Алла андан ыраазы болсун) карындашы Фатиманын үйүнө киргенде күйөө баласы Саид Курандагы "То-ха" сүрөсүнүн бир канча аяты жазылган баракты окуп отурган. Азирети Умар (Алла андан ыраазы болсун) ошол баракты окуп, ошонун себебинен динге кирген. Ушундан улам мусулмандар окуу жана жазуунун кадырын жакшы түшүнүп калышкан эле. [1] Ал эми хижрадан кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларды окууну жана жазууну үйрөнүүгө кызыктырып, сөрүдө жашаган сахабалардын баарын Убада бин Самит деген сахаба окуу жана жазууга үйрөтчү.

Окуп жана жаза билүүнүн зарылдыгын айкын билген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын ушуга үйрөтүүгө абдан ынтызар болгондуктан, Бадр казатында туткун болгон бутпарастардын арасындагы жаза жана окуй билген бир топ адамды мусулмандардын балдарын окутуп берип баштарын азат кылып алууга чакырат.[2] Натыйжада, ар бир туткун жыйырмадан жаш баланы окутуп, окууну жана жазууну үйрөтүшкөн.

Жазууну үйрөнүүгө шыктанууга түрткү болгон дагы бир иш – хадис жана Куран аяттарын жазып сактоо болду. Ошондой эле кошуна өлкөлөрдүн падышаларына кат аркылуу кайрылуу зарылдыгы да жазууну үйрөнүүгө түрткү болду. Сахабалардын, айрыкча жаштарынын жазууну үйрөнүүгө ынтызар болгондугунун натыйжасында, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанында мыкты жаза билген жетимишке жакын катчы пайда болду. [3]

Мындан сырткары адамдардын укуктарын сактоо максатында да кээ бир иштерди жазып коюу зарылчылыгы келип чыккан. Мисалы, Курандагы "Карыз аяты" деп аталган эң узун аятта Алла Таала карызды алыш-бериш кылганда сөзсүз жазуу керектигин эскерткен. Бул аятта Алла Таала минтип айтат: **"Оо, ыйман келтиргендер! Белгилүү мөөнөткө карыз алды-берди кылсаңар, ал мамилени жазып койгула. Ортоңордо бир жазуучу адилет менен жазсын. Ал Алла үйрөткөндөй (адилеттик менен) жазуудан баш тартпасын. Сөзсүз жазсын жана мойнуна карыз алуучу киши айтып жаздырсын. Ал Раббиси – Алладан корксун жана андан (карыздан) бир нерсесин да кемитпесин. Эгер мойнуна карыз алуучу адам акылы кем, алсыз же айтып жаздыра албай**

---

[1] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 1-том, 345-бет.

[2] Ушул китептеги "Бадр согушу" кичи темасын караңыз.

[3] Мустафа ал-Агмази, "Куттабу ан-Наби", 179-бет.

**турган (дудук) болсо, анын ишенимдүү өкүлү адилеттик менен айтып турсун. Өзүңөр ыраазы болгон күбөңөрдөн эки эркек кишини, эгер эки эркек табылбай калса, бир эркек жана эки аялды күбөлүккө тарткыла. (Аялдардын) бири адашса, экинчиси эскертип турат. (Күбөлүккө) чакырылганда күбөлөр баш тартышпасын! Аны (карызды), аз болсо да, көп болсо да, өз мөөнөтүнө чейин жазып коюудан эрикпегиле. Ушинткениңер Алланын алдында адилеттүүрөөк, күбөлүк үчүн бекемирээк жана шектенип калбооңор жакыныраак болот. Ал эми, араңарда айлантып жаткан накталай соодаңар болсо, аны жазбай эле койсоңор да силер үчүн күнөө жок. *(Бирок, эгер унутуп калуудан корксоңор же ачыгыраак болушун кааласаңар)* өз ара соода кылсаңар деле күбөлөрдү тарткыла жана жазуучу да, күбөлөр да зыян тартып калышпасын. Эгер (мунун тескерисин) жасасаңар бул силердин бузукулугуңар. Алладан корккула! Алла силерге (ушинтип) таалим берет. Алла ар бир нерсени Билүүчү".[1]**

Жазууга эркектер эле эмес, аялдар да кызыкдар болуп, алардын арасынан да мыкты жаза билгендери чыккан. Шафаа бинт Абдулла аттуу сахаба аялга пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Хафсага тамгаларды жазууну үйрөткөнүңдөй кумурсканын изиндей тизип жазууну да үйрөтпөйсүңбү" деп айтканы бар. [2] Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында мындан сырткары да балдарды окуу жана жазууга үйрөткөн бир канча мугалим эжейлердин болгону белгилүү.[3] Анткени, илим алуу жана илим таратуу жалаң гана эркектерге тиешелүү иш эмес, аял-эркектин баары үчүн зарыл милдет экени Куран жана хадисте айтылган.

Мадинадагы жаза билгендердин санынын хиждрадан кийин төрт жылга жетпеген мөөнөттө болуп көрбөгөндөй өсүүсү, хиждрадан кийин мусулмандардын илим алууга баш оту менен киришкендигин билдирип турат. Чындап эле ушул кыска мөөнөттүн ичинде илимдүүлөрдүн саны төрт эсеге жогорулаган.

## Коомдун өсүп-өнүгүүсү:

Исламга жана пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) хижрасына чейин Мадинанын коому башка араптар сыяктуу эле уруунун канына сиңген үрп-адаттар менен жашашкан. Бул адаттардын көбү динге туура

---

[1] Бакара сүрөсү, 282-аят.

[2] Ибн Каюум, "Заадул миьаад", 3-том, 24-бет.

[3] Абдул Азиз ал-Умри, "Алхарфу, вас-синааьоту фил-Хижази фил-асри ан-Набави, Ал-Кироату вал-Китаба", 35-бет.

келбеген көп кудайлуулукка тиешелүү болгон. Ошону менен катар кээ бир жакшы адаттар да кезиккен.

Ааламды ырайымына бөлөө үчүн келген пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайсы жерге барбасын, ошол жердин коомун адеп-ахлакка, кулк-мүнөзүн оңдоого тарбиялаган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага келгенден кийин Мадинанын коомчулугунда да мына ушундай өзгөрүүлөр башталды. Коомчулук бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып, ар ким өз жоопкерчилигин билип, садага берүү, кедей-кембагалга каралашуу, муктаж мусулмандарга жардам берүү, мусулман эместерге да жакшы мамиле жасоо, башкалардын укугун жана акысын сыйлоо сыяктуу сапаттар мурда болуп көрбөгөндөй жогорулап, Алла Тааланын: "Алардын дүйнө-мүлкүндө муктаждар жана сурагандар үчүн берилчү белгилүү үлүштөр бар"[1] деген аятын иш жүзүнө ашыруу кенен кулач жайды.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) коомчулуктун өзөгүн өрттөгөн, өсүп-өнүгүүгө кедергисин тийгизген жаман ахлактардын тамырын кыркуууга маани берген. Алсак, ойноштук, адал никесиз жакындашууну Ислам түп тамырынан тыюу салып, арам кылды. Анткени, бул илдет коомдун жок болуп кетүүсүнө, тектин бузулуусуна, айыкпас оорулардын жайылуусуна себеп болуучу, акыретте болсо Алланын азабына кириптер кылуучу чоң күнөө эле. Алла Таала азап-тозоктон кутулган ыймандуу адам кандай болуусу керектигин айтып: "Алар жыныс мүчөлөрүн (арамдан) сактайт. Ал эми, никесиндеги аялдары же күңдөрү менен жатса күнөөлүү болбойт"[2] деп баяндаган.

Ислам дини зынакорлукту арам кылуу менен бирге, ак нике менен үйлөнүүнү милдет кылып, жубайлардын бири-бирине болгон милдет жана укуктарын аныктап берди. Жубайларды бири-бири менен терең сүйүүдө, сый-урматта жана түшүнө билүү менен жашоого үйрөттү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аялдарына жасаган мамилеси аркылуу башкаларга өрнөк болуп, туура жол көргөздү.

Ошондой эле Мадина коомунун кендирин кескен дагы бир балээ, арак ичүүнү Ислам арам кылып, коомду кыйроодон сактап калды. Чынында, арак ичүү эл арасына кенен кулач жайган болчу. Мадинанын көчөлөрүндө ылжып мас жүргөн адамды ар бир тамдын бурчунан кезиктирүүгө болор эле. Бул жаман адаттын өтө кеңири тарап кеткенине байланыштуу, анын зыяны, жаман жактары тууралуу акырындык менен айтылып, акырында элдин көбү түшүнүп калганда гана Алла Таала аны толук бойдон арамга чыгарып, тыюу салды.[3] Аракка тыюу

[1] Маьариж сүрөсү, 23-24-аяттар.

[2] Муьминун сүрөсү, 5-6-аяттар.

[3] Сахих ал-Бухари, 5575-5602-катар сандагы хадистерди карап чыгыңыз.

салынгандан кийин, Мадинадагы коомчулуктун абалы өтө тездик менен өзгөрө баштады.

Ислам дини коомдогу дагы бир олуттуу маселени, тагыраак айтканда, туугандык мамилени бекемдөөнү Алла Таалага жакындатуучу амалдардын бир кылып койду. Туугандардан кол үзбөө, аларга каралашуу, алар менен ынтымактуу жашоо диндеги сооп-сыйлыктуу ишке айланды. Бул тууралуу Алла Таала минтип айтат: **"Чындыгында, Алла адилеттүүлүккө, жакшылыкка, тууган-уруктарга кайрымдуулук кылууга буюруп, бузукулуктан, терс пейилдерден жана залымдык кылуудан тыйып, силерге насаат кылат. Эсиңерге келип калсаңар кана! Убада берсеңер, Алланын убадасын аткаргыла. Ант берип, аны кайра бузбагыла. Силер Алланы кепил кылгансыңар. Алла эмне кылганыңарды билип турат".**[1]

Ал эми ата-энеге жакшы мамиле жасоону болсо, ибадат сыяктуу эле милдеттүү түрдө аткарууга буйруду. Ата-энени кадырлоо баланы Өзүнө жакындата турган амал экенин Алла Таала: **"Раббиң силерге Анын Өзүнөн башка эч кимге сыйынбоону жана ата-энеңерге жакшылык кылууну буйруду. Эгер алардын бири, же экөө тең карылык куракка жетсе, аларга: "Уф-ф" – деп, зекибе! Аларга жылуу-жумшак сүйлө!"**[2] деген аятында ачык-айкын билдирген.

Кошуналар менен ырыс-кешиктүү жашоо кечирүү тууралуу болсо: **"Аллага ибадат кылгыла жана Ага эч нерсени шерик кылбагыла. Ата-энеңерге, тууган-уругуңарга, жетимдерге, жакырларга, тууганчылыгы бар кошунаңарга, бөтөн кошунаңарга, жаныңардагы жолдошуңарга, мусапыр-карыптарга жана кол астыңардагы адамдарга жакшылык кылгыла. Алла, текебер жана мактанчаак адамдарды сүйбөйт"**[3] деп айткан.

Жакшы иштерде бири-бирине жардам берип, жаман иштен бири-бирини тыйып жалпы коомчулук ичинде эриш-аркак болуп жашоого чакырып: **"Оо, ыйман келтиргендер! Алла арам кылган нерселерди, "арам айлар" деп эсептелген айларда (кан төгүүнү), Аллага арналган белек жаныбарларды (өлтүрүүнү жана уурдоону), ошондой эле, (таанылып турушу үчүн) алардын мойнуна асылган мончокторду**[4] **(үзүүнү) жана Раббисинин ыраазылыгын тилеп, Байтул-Харамды көздөй жолго чыккан кишилерди**

---

[1] Нахл сүрөсү, 90-91-аяттар.

[2] Исра сүрөсү, 23-аят.

[3] Ниса сүрөсү, 36-аят.

[4] Пайгамбарыбыз ажылык мезгилинде курмандык үчүн айдап бара жаткан төөлөрүнүн мойнуна кээ бир нерселерди мончок кылып асып койгон. Бул алардын башка жаныбарлардан айырмаланып туруусу жана урматталуусу үчүн белги эле (котор.).

**(өлтүрүүнү) өзүңөргө адал кылып албагыла! Ал эми, качан ихрамдан чыксаңар аң уулай бергиле. (Силерге залым кылган) бир (мусулман) коомду жаман көрүшүңөр, аларды Масжид-Ал-Харамга киргизбей коюуга жана аларга душмандык кылууга силерди мажбурлабасын. Жакшылык жана такыба иштерде бири-бириңерге жардам бергиле. Душманчылык жана күнөө иштерде бири-бириңерге жардам бербегиле. Алладан корккула! Алланын азабы катуу!"**[1] деп буюруган.

Мына ушул жогоруда айтылгандар, тагыраак айтканда, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) динге болгон мээнети, Мадинанын элин танапташ болууга, бири-бирин көтөрмөлөп, колдоого, бири-бирин кечире билүүгө тарбиялады. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мунун баарын төмөнкү аяттардын негизинде ишке ашырды: **"Алар өздөрүнө зыян тийгизгендерге каршы туруп жеңишке ээ боло алуучу адамдар. Жамандыктын жазасы дал өзүндөй жамандык. Ал эми кимде-ким кечирип, (мамилени) түздөп койсо, анын сообун Алла берет. Алла залымдарды жакшы көрбөйт"[2]; "Ырайымдуу (Алланын) пенделери... алар жер бетинде кичипейил, оор басырык болуп жүрүшөт. Наадандар орой сүйлөсө да аларга "тынчтык" деп коюшат"[3]; "Алар (мусулмандар) жалган күбөлүк беришпейт. Пайдасыз (ушак, кыйбат сыяктуу) сөздүн жанынан өтсө, (ага аралашпай) сый менен кете берет"[4]; "Жакшылык менен жамандык эч качан бирдей болбойт. (Сага орой сүйлөгөнгө) сылыктык менен жооп бер. Ошондо ортодогу душмандык жоголуп, боорукер достой болуп калат"[5].**

Мына ушинтип отуруп жеке адамдын да, коомдун да адеп-ахлагын адам деген атка татыктуу болчудай даражага көтөрдү. Алла Тааланын буйругу да ушундай болчу. Мисал үчүн бул аятты карап көрөлү: **"Оо, ыйман келтирген пенделер! Бир эл башка бир элди эч качан мазактабасын! Алар (мазакталгандар) булардан жакшыраак болуп калуусу толук мүмкүн. Аялдар башка аялдарды эч качан шылдыңдабасын, алар булардан жакшыраак болуп калышы мүмүкүн. Өзүңөрдү-өзүңөр (жаман) ылакаптар менен мыскылдабагыла! Ыймандын артынан бузук ысым (менен аталуу) кандай жаман! Ал эми, кимде-ким тообо кылбаса, алар залымдар! Оо, ыйман келтиргендер! Күмөнчүл болуудан сактангыла! Чынында, кээ бир**

---

[1] Мааида сүрөсү, 2-аят.

[2] Шуура сүрөсү, 39-40-аяттар.

[3] Фуркан сүрөсү, 63-аят.

[4] Фуркан сүрөсү, 72-аят.

[5] Фуссилат сүрөсү, 34-аят.

**күмөндөр күнөө.**[1] **Бири-бириңерди аңдыбагыла жана бири-бириңерди кыйбат кылбагыла! Силердин бирөөңөр бир тууганынын этин жегенди жактырабы?! Жактырбайсыңар го! Алладан корккула! Алла тооболорду Кабылдоочу, Боорукер!"**[2]

Адамдарды тарактын тиши сыяктуу бирдей болууга тарбиялап, башка бирөөгө бой көтөрүп, текеберленүүдөн тыйды. Алла Таала минтип айтат: **"Оо, адамдар! Биз силерди бир эркек жана бир аялдан жаратып, өз-ара таанышып-билишиңер үчүн улуттарга, урууларга (бөлүп) койдук. Алланын назарында силердин эң улугуңар – такыбалуураак болгонуңар. Алла чынында, Билүүчү, Кабардар!"**[3]**, "Текеберленип адамдардан жүз бурбагын! Жер бетинде оолугуп, менменсинип жүрбөгүн! Мактанчаак, текеберлерди Алла жакшы көрбөйт"**[4]**.**

Жер бетиндеги адамдардын баарын бири-бирине жакшы мамиле жасоого үндөөнү, алардын башын бириктирүүнү мусулмандарга милдеттендирди. Муну Алла Тааланын: **"Жер бетинде – аны оңдогондон кийин – кайра бузукулук кылбагыла. (Алланын азабынан) коркуп, (сообунан) үмүт кылып Өзүнө гана дуба кылгыла. Чынында, Алланын ырайымы жакшылык кылуучуларга түшөт"**[5] деген аятынан байкасак болот.

Ошону менен катар эле бири-бирин жакшылыкка чакырып, сабырдуу болууга үндөп осуят айтып турууну адамзаттын негизги милдети экенин билдирди. Бул тууралуу Алла Таала минтип айтат: **"Асырга**[6] **ант, чындыгында баардык адамдар зыянга туш болушат. Бирок, ыйман келтирип, жакшы амалдарды аткарып, бири-бирине чындыкты жана сабырдуу болууну осуят кылгандар (зыянга учурабайт)".**[7]

Ислам дини адамзаттын адамдык сапатын жогорулатууну максат кылган дин болгондуктан, Алла Таала парз кылган ибадаттар да адамдын адеп-ахлагын оңдоп, анын жан дүйнөсүн тазартып, күнөө-кесепеттен кайтарып, жаман

---

[1] Күмөн саноо эки түрдүү болот: 1) жакшылыкка жоромолдоп күмөн кылуу, 2) жамандыкка жоруп шек саноо. Бул аятта Алла бизди экинчисинен кайтарууда (котор.).

[2] Хужурат сүрөсү, 11-12-аяттар.

[3] Хужурат сүрөсү, 13-аят.

[4] Лукман сүрөсү, 18-аят.

[5] Аьраф сүрөсү, 56-аят.

[6] Асыр деген сөздү үч түрдүү мааниси бар: заман, дигер намазы жана дигер намазынын убактысы. Аятты чечмелеген аалымдар ушул үч түрдүү маанинин кайсынын алсак да туура боло берет деп айтышкан (котор.).

[7] Асыр сүрөсү, 1-3-аяттар.

иштерден тыйып турат. Мисалы Алла Таала намаз ибадаты тууралуу минтип айтат: **"(Мухаммад!) Сага вахи кылынган Китепти окуп бер жана намазды орундат. Чынында, намаз бузук жана күнөө иштерден кайтарат. Алланы эстөө - улук иш. Алла силердин эмне кылып жатканыңарды билип турат".**[1]

Мына ушундай... Мадинанын калкы пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага көчүп баргандан кийин мына ушундай өңүттө өзгөрдү. Бузукулук, күнөөкөрлүк, залымдык сыяктуу жаман адаттарга белчесинен баткан коомчулукту аз убакыттын ичинде, камырдан кыл суургандай сууруп алып, адамзат тарыхында болуп көрбөгөндөй адамдык асыл сапаттарга ээ кылып, башкача бир коомдук түзүлүштү жаратып коюуга Алланын жардамы менен пайгамбарыбыздын мээнети себеп болду.

## Медицинанын өсүп-өнүгүүсү:

Башка жерлер сыяктуу эле Мадинада да жугуштуу ооруулардын түрү көп болчу. Айрыкча, элдин үшүн алган безгек, келте ооруулары адамдын өлүмү менен коштолчу. Күндүн ысыгы, кургакчылык жана тазалыктын сакталбагандыгы бул оорулардын жайылуусуна шарт түзүп келген. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинанын өсүп-өнүгүүсүнө дуба кылганда, мына ушул көйгөйдү да эске алып: "... безгек ысытма оорууларынан тазала" деп дуба кылган.[2] Анын бул дубасынан Мадинанын элинин ден-соолугу үчүн да кам көргөнүн байкоого болот.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү да башка адамдар сыяктуу эле ооруган. "Алла Таала кандай ооруу жаратса, аны айыктыруучу дабаасын  да кошо жараткан"[3] деп, ооруп калган адамдарды дарылануууга үндөчү. Өзү да табигый дарылар менен дарылоочу. "Мобу үч нерседе дабаа бар: бал, кан алдыруу жана от менен күйгүзүү. Бирок, үммөтүмдү от менен күйгүзүп дарылануудан тыямын" деген хадисинен улам, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дарыгер-табыптыкты да жакшы өздөштүргөнүн, кандай дарылануу пайдалуу, кайсынысы зыяндуу экенин ажырата билгендигин баамдоого болот. Албетте, бул пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Таала тарабынан берилген кабар аркылуу болору бышык. Ошондуктан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) эл арасында мурдатан колдонулуп келген адамдын рухуна да, денесине да залакасын тийгизүүчү жаман адаттарга тыюу салган. Анын ордуна кара зиренин майы сыяктуу пайдалуу дары-дармектерди ичүүнү сунуштаган.

---

[1] Анкабут сүрөсү, 45-аят.

[2] Имам Бухари, "Фазааил ал-Мадина" бөлүмү, 2-том, 225-бет.

[3] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 21-том, 342-бет.

Ал эми пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Кайсы бир жерди кара тумоо каптаганын угуп калсаңар, ал жерге барбагыла. Эгер бул оору силер турган жерди каптаса, ал жерден чыкпагыла"[1] деген сөзүнөн, ооруну алдын алуу эрежелерин сактоого чакырганын билүүгө болот. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткандарынан жана аткаргандарынан ден-соолукту сактоого жана чыңдоого тиешелүү болгон калыптуу жоболорду көрүүгө болот. Диета сактоого, тамактанууда аша чаппоого, орозо кармоого үндөө менен ден-соолукту сактоого шарт түзгөн. Тамактануу тууралуу: "Адам баласы ичин толтуруп, анан көтөрүп алган эң жаман идиш – анын аш казаны. Негизи, адамга анын жумурусуна жук болгондой эле тамактануу жетиштүү. Ал эми андан көп тамактанууну каалаган адам болсо, анда аш казанын үчкө бөлсүн: бир бөлүгүн тамакка, бир бөлүгүн сууга, бир бөлүгүн абага" деген хадисинде, ден-соолугу үчүн кам көргөн ар бир пенде эске ала турган зарыл маселе камтылган.[2] Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) табыпчылыкка түз көз караште болгондугун, коштошуу ажылыгы убагында Саьд бин Абу Ваккас ооруп калып, ага табып чакырышканда, унчукпай макулдугун билдиргенинен да байкасак болот.[3] Ошондой эле Куран аяттарын окуп жана дуба кылып дем салууга каршы болбогондугу да буга далил боло алат.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында алгачкы оорукана пайда болгонун да айта кетүүбүз керек. Хандак согушунда Руфайда ал-Асламия деген аял (Алла андан ыраазы болсун) мечиттин жанында жаракат алган жоокерлерди жаткыруу үчүн тигилген чатырда аларды дарылаган. Саьд бин Муаз (Алла андан ыраазы болсун) жарадар болгондо, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Аны батыраак Руфайданын чатырына алып баргыла" деп буйруганы белгилүү.[4]

Оорунун алдын алуу жана андан этият болуу үчүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жер-жемишти жууп жегенге, тамактануудан мурда жана тамактануудан кийин колдуу жууну, жок эле дегенде аптасына бир жолу жуунуп, тазаланууга буйруган. Баланы сүннөткө отургузуу сыяктуу дагы бир катар ден-соолуктун чың болуусуна себеп болуучу иштерди аткарууну буюруп: "Төмөнкү бешөө адамдын табияты талап кылган жакшы иштерден:

---

[1] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 21-том, 303-бет.

[2] Ибн ал-Каюм, "Заадул Миьаад", 3-том, 68-бет.

[3] Ибн Саьд, "Ат-Табакат ал-Кубра", 3-том, 147-бет.

[4] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 3-том, 237-бет.

сүннөткө отургузуу, аврет жерлердин түгүн тазалоо, тырмак алуу, колтуктун астын тазалоо жана мурутту кыскартып жүрүү" деп айткан.[1]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) медицинасы тууралуу көптөгөн китептер жазылган. Алардын баары ден-соолукка кам көрүү тууралуу пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүннөтүндө келген кабарларга токтолушкан. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мусулмандын ден-соолугу чың болуусуна кам көрүп, ал үчүн тынчсызданып, дарылануунун жолун үйрөтүп Мадинанын калкын мурдагы жашоосунан башкача жашоого алып чыкты. Чынында, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткандары бир гана Мадинанын калкы үчүн эмес, тээ кыямат кайым болгонго чейинки үммөткө тиешелүү дечи, бирок Мадинанын калкы мунун баарын пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өз оозунан угуп, анын кылгандарын өз көздөрү менен көргөндүктөн, бул аларга өтө чоң таасирин тийгизди. Элдин ден-соолугу чың болсо, башка иштерге жөндөмү артары белгилүү. Мадинанын калкы да пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) медицинасынын негизинде ден-соолугуна кам көрүп, иштөө жөндөмдүүлүгү күчөп, экономикалык жактан да өзгөрүүлөр байкала баштады.

## Экономикасынын өсүп-өнүгүүсү:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жаштайынан эле жумушка бышык болчу. Агасы Абу Талиптин жашоо турмушуна салым кошуу үчүн бала кезинде меккеликтердин коюн кайтарды. Жигиттик курагында болсо Хадижа энебиздин соода кербени менен жер кезип, соода кылды. Өзү эмгектенүүнү сүйүп, жалкоолукту жек көргөн адам башкаларды ага үндөөрү белгилүү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да сахабаларын эмгектенүүгө кызыктырып: "Адамга анын таман-акы, маңдай-тери менен таап жеген нанынан өткөн жакшы тамак болбойт. Ал тургай, Алланын пайгамбары Дауд (ага Алланын саламы болсун) да эмгеги менен тамак таап жеген" деп айтканы бар.[2] Сахабаларды өнөр үйрөнүүгө кызыктырып аларга пайгамбарларды өрнөк көрсөтүп: "Закария (ага Алланын салам болсун) жыгач уста болчу"[3] деп айтчу.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өнөр үйрөнүүгө, эмгектенүүгө кызыктырган хадистерин хадис топтогон аалымдар китептерине атайын бөлүм кылып киргизишкен. Мисалы, Имам Бухари "Туура

[1] Имам Муслим, "Сахих ал-Муслим", 1-том, 152-бет.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", "Касбу ар-рожули мин амали ядихи" бөлүмү, 2072-катар сандагы хадис.

[3] Ибну Маажа, "Сунан", 2-том, 773-бет.

хадистер топтому" китебиндеги "Соода кылуу" бөлүмүндө атайын бир кичи бөлүмдү "Адамдын мээнети менен жан багуусу" деп атап, жалаң гана эмгектенүүгө тиешелүү хадистерди жазып калтырган.[1] Ошондой эле, Ибн Мааажа "Сунан" китебинде "Кесипкөй болууга кызыктыруу" бөлүмүндө,[2] Ад-Дарами "Сунан" китебинде "Кесипкөйлүк жана мээнет менен жан багуу" бөлүмүндө эмгектенүүгө кызыктырган хадистерди топтошкон.[3]

Мээнеткеч болууга, кесип үйрөнүүгө, эмгекчилдикке үндөп, жол көрсөткөн пайгамбарыбыз өнөрлүү адамдарды сыйлап, алардын даражасын бийик койчу. Буга анын тикмечи тамакка чакырганда барганы, уулу Ибрахимди эмизип, торолтуусу үчүн темир устанын аялына бергени күбө боло алат. Пайгамбарыбыздын мындай кылганы ошол замандагы адамдардын темир устачылык сыяктуу кээ бир кесиптерди жек көргөн туура эмес көз карашын өзгөрттү. Адамдар ар түрдүү өнөрлөрдү үйрөнүүгө бел байлап, жапа тырмак эмгекке кириште. Мунун натыйжасында Мадинанын экономикалык абалы кескин өзгөрүп, бир топ тармактарда алдыга жылуу башталды.

## Соода-сатыктын өсүп-өнүгүүсү:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага көчүп келген учурда шаардын соода-сатык иши жөөттөрдүн колунда болчу. Алар бардык базарларда соода орундарын ээлеп, айрыкча Мадинанын эң чоң базары катары белгилүү болгон Кайнука уруусунун базарында соода жүргүзүшчү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага келгенден кийин сооданын абалын байкап, бул жаатта мусулмандардын артта калганына көзү жетти. Мусулмандарга шык берип соода-сатыкты өнүктүрүүгө аракет кыла баштады. Кайнука базары элдин көптүгүнөн ар дайым тыгын болуп турчу. Бул жерде Аус жана Хазраж урууларынан да азыраак сандагы адамдар тирилик кылчу. Мындан сырткары да Мадинада бир канча майда-чүйдө базарлар бар эле. Базарлардын саны жана сапаты жагынан алганда Мадина шаары Меккеге жетчү эмес. Анткени, Мекке чоң соода борборуна айланып калган болчу. Меккеден келген мухажирлер соода ишин ушундан улам жакшы өздөштүрүп калган болчу. Алар Мадинага келгенде соода менен көптөн бери алек болуп, байыган жөөттөр акчаларын үстөк пайыз менен башкаларга берип, элдин көбүн өздөрүнө карыздар кылып алган эле. Мындай көз карандылык мусулмандарга тиешелүү сыпат эмес экени белгилүү. Мусулмандар таман-акы маңдай тери менен адал тамак таап жеш үчүн болгон аракеттерин жумшай баштады. Адал ырыскы талап кылууда сөзсүз береке болору бышык эмеспи, алардын кээ бири

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", "Соода кылуу" бөлүмү, 2070-катар сандагы хадистен тартып 2075-катар сандагы хадиске чейин.

[2] Ибн Мааажа, "Сунан", 2-том, 771-бет.

[3] Ад-Дарами, "Сунан", 2-том, 247-бет.

бат эле бутуна туруп, соода иштерин өнүктүрүүгө жетишишти. Алсак, Абдурахман бин Ауф (Алла андан ыраазы болсун) Мадинага келгенде пайгамбарыбыз аны Саьд бин Рабиага тууган кылып, табыштайт. Саьд Мадинадагы колунда бар адамдардын бири эле. Ал Абдурахманга болгон мүлкүнүн тең жарымын бөлүп бермекчи болот. Бирок, ага Абдурахман макул болбойт. Ал шаардын базарын гана көрсөтүп берүүсүн суранат. Ошентип, соода ишин баштаган Абдурахман бат эле байып, үйлөнүп жашоосун улантып кетет.[1] Мындан сырткары Азирети Умарды (Алла андан ыраазы болсун) ж.б. бир топ сахабаларды мисал келтирүүгө болот. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын садага берүүгө кызыктырып, садаганын артыкчылыгы тууралуу айткан учурларда, кээ бир сахабалар базарга барып жалданып болсо да иштеп, акысын алып, анан андан садага берип турушчу.

Жөөттөрдүн базарына атаандаштык жаратып, мусулмандар ээн-эркин иштөөсү үчүн пайгамбарыбыз жаңы базар ачууну көздөдү. Анан Ибн Зубайрдын үлүшүндөгү жерди белгилеп чатыр тигип, мына ушул жерди базарга айланткыла деди. Бирок, бул иш жөөттөргө жакпай калды. Анткени, эртедир-кечтир бул базар алардын базарына атаандаштык кылып, соодаларына залакасын ийгизерин сезишкен болчу. Көралбастыгы күчөгөн жөөттөрдүн бири Каьб бин Ашраф түн катып жаңы базар боло турган жерге тигилген чатырдын жиптерин кесип кулатып кетет. Муну көргөн пайгамбарыбыз: "Эчтеке эмес, андай болсо базарды мындан да жакшы жерге жылдырабыз" деп, Мадинанын азыркы базарынын ордуна жылдырат да: "Мына ушул жер силердин базарыңар, бул жер тарыбасын жана салык алынбасын" деди.[2]

Базардан соода орундарын алгандардан ижара акысы алынбасын деп өкүм чыгарган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) базардын бат иштеп кетүүсүнө шарт түздү. Жаңы базар бат эле ишке кирип, четтен келген соодагерлерди кабыл ала баштады. Анын үстүнө базар шаардын кире беришинде болгондуктан, кербендердин көбү жөөттөрдүн базарына барбастан, жаңы базарга кайрыла башташты. Натыйжада, жөөттөр экономикалык каатчылыкка дуушар болорун көзү жетип, мусулмандар менен соода-сатык иштерин жүргүзүүгө аргасыз болушту. Мусулмандардын базары күчүнө кирип, соода кылгандардын саны күн санап өсө берди. Соода ишин мыкты билген Азирети Абу Бакр, Азирети Умар, Азирети Усман жана Талха бин Убайдулла сыяктуу мухажирлер базарда соода кылып, көп киреше ала башташты.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сатуучуларды да, алуучуларды да алдабастан соода кылууга буйруп, сооданын арам-адалын

---

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3937-катар сандагы хадис.

[2] Ас-Самхуди, "Вафаул Вафа", 2-том, 749-бет; Умар бин Шубба, "Тарихул Мадина", 1-том, 304-бет.

үйрөттү. Сахабалар топтошуп Шам тарапка соода кербени менен барып-келип жатышты. Соода кербендери келгенде жабыла тосуп чыгып, ар кимиси өзүнө тиешелүү жүктөрүн түшүрүп алчу. Бир жолу пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жума күнү кутба кылып жатканда Шамдан кербен келип калып, элдин баары ага жабыла чуркап, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанында кутба тыңшап он эки эле адам калат. Ушул окуядан кийин Алла Таала: **"Алар сооданы жана оюн-тамашаны көргөндө ошого чуркап кетишти. Сени болсо, турган абалыңда калтырышты. Сен: "Алланын алдындагы сооп соода жана оюн-тамашадан жакшы. Алла – эң жакшы ырыскы берүүчү" деп айткын"**[1] деген аятын түшүргөн.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дин илимин таратуу жана казат кылуу иштери менен алек болгонуна карабастан, базарды өзү көзөмөлдөп, кээде аны айланып кыдырып чыкчу. Бир жолу базар аралап бара жатып, өтө таза, жакшы кургатылган данды сатып отурган адамдын жанына келип, анын данына кызыгып, колун сойлотуп көрүп, асты үстүндө көрүнүп турганындай жакшы эмес экенин көрүп, ага: "Мусулмандар арасында мындай алдамчылык кылба, ким бизди алдаса, ал бизден эмес"[2] деп, бул иштин арам экендигин түшүндүрөт.

Соода-сатыктын жашоо турмушта орду жогору болгону үчүн, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага өзгөчө көңүл буруп, мусулман үммөтү үчүн сооданын жолун ачык-айкын көрсөтүп кетти. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) соода тууралуу айткандары хадис жаны фыкх китептеринде атайын орунду ээлеп, ар бир мусулман баласы окуп үйрөнө турган илим болуп калды.

## Дыйканчылыктын өсүп-өнүгүүсү:

Дыйканчылык адамзаттын жашоосундагы эң биринчи өздөштүрүлгөн өнөр экени шексиз. Адам баласынын жашоо тиричилиги дыйканчылык менен тыгыз байланышкандыктан Адам ата өзү баш болуп бул өнөрдү аркалаган. Ансыз жашоо кечирип, күн өткөрүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, кылымдар карып, доор алмашкан бул тирүүлүктө кайсы заман, кайсы орун болбосун дыйканчылыкты аркалабаган эл болгон эмес.

Ислам дини да адамдарды дыйканчылык кылууга шыктандырып, аны маанилүү ибадаттар менен байланыштырганы маалым. Дыйканчылык менен алектенип, андан түшүм алган мусулман алган түшүмүнөн зекет берүүгө милдеттендирилди. Мадиналык ансарлар дыйканчылык менен эзелтен алектенип келгендиктен, мухажирлер жаңыдан келген учурда алган

---

[1] Жума сүрөсү, 11-аят.

[2] Имам Ат-Тирмизи, "Сунан", 3-том, 606-бет.

түшүмдөрүн алар менен шериктеш болуп бөлүп алышчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кээ бир сахабаларга жер үлүшүн бөлүп берип, ошол жерди тирилтип, бак-шак өстүрүүгө үндөгөн. Мисалы, Зубайр бин Аввам (Алла андан ыраазы болсун) өзүнө тийген жер үлүшүн көрктөндүрүп, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тирүү кезинде эле ал жер түшүм бере баштаган. Ошондой эле Азирети Али (Алла андан ыраазы болсун) өзүнө тийген үлүшүндөгү көзү тосулуп калган булакты тазалап, өз колу менен суусун чыгарган. Бул булактан адамдар кийин көпкө чейин пайдаланганы маалым.[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Кимде-ким такыр жерди тирилтип, эгин зарга айлантса, ибадат кылгандай сооп табат. Ал эми анын түшүмүнөн кимдир бирөө ооз тийсе, ал үчүн садага бергендин сообу жазылат"[2] деп, сахабаларды өлүк жерди тирилтүүгө кызыктырган. Дыйканчылыктын зарылдыгын даана билген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) такыр жерлерди тирилтүүдө сахабаларына шык берип: "Ким такыр жерди жашылдандырса, ошол жер ага тиешелүү болот"[3] деген эрежени киргизген. Натыйжада, көптөгөн сахабалар жер иштетип, Мадинанын такыр жерлерин эгин зарга, бак-шакка айландырышкан.

Эгин эгүүнүн зарылдыгы жана пайдасы тууралуу пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткан хадистери көп болгондуктан, Имам Бухари (Алла ал кишини ырайымына бөлөсүн) китебинин бир бөлүмүнө ушундай маанидеги хадистерди топтоп, аны "Түшүм бере турган эгин жана бак өстүрүүнүн артыкчылыгы" бөлүмү деп атаган. Хадистердин кээ бирине токтолсок, Анас бин Малик (ага Алланын салам-салаваты болсун) баяндаган хадисте Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Кайсы бир мусулман эгин эксе же бак тиксе, кийин анын түшүмүнөн адам баласы болобу, канаттуу болобу, же жан-жаныбар болобу, айтор кайсы бир жандуу ооз тийсе, аны өстүргөн адам садага бергендей соопко ээ болот" деп айткан.[4] Ушул эле сахаба (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабарлаган дагы бир хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Эгерде силердин бирөөңөр колуна жаш көчөттү кармап турганда, кокустан кыямат кайым болуп кетсе, мүмкүнчүлүгү болсо ошол көчөттү тигип койсун" деп айткан.[5]

## Темир иштетүү:

[1] Умар бин Шайба, "Тарихул Мадина", 2-том, 222-бет.

[2] Ад-Дарами, "Сунан", 2-том, 267-бет.

[3] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 10-том, 84-бет.

[4] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 10-том, 67-бет.

[5] Имам Ахмад, "Маснад", 3-том, 191-бет.

Араб жарым аралынын башка шаарлары сыяктуу эле Мадинада да өнөр жай иштетүү калыптанган эле. Бирок жахилият доорунда бул тармактагы кээ бир өнөрлөрдү, тагыраак айтканда, темир устачылыкты араптар айып көрүп, мындай өнөрдү аркалаган адамдарга кемсинтүү менен мамиле жасашкан. Ошондуктан бул өнөрдү кесип тандоого эрки болбогон кулдар жана бул өнөрдүн кирешелүү болоруна көзү жеткен жөөттөр гана аркалаган. Качан гана Ислам дини кучак жайганда, араптардын көз карашы өзгөрдү. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өнөрдүн жаманы болбостугун айтып, сахабаларына мурдагы пайгамбарларды өрнөк кылып, далай кеп-кеңешин айтты. Закария пайгамбардын жыгач уста болгонун, Дауд пайгамбардын темирди камырдай жуурганын ж.б. мисалдарды айтып, сахабаларын өнөр үйрөнүүгө шыктандырды. Алла Тааланын Дауд пайгамбар тууралуу: "Биз Даудга силерди оор соккудан сактай турган (зоот) кийимдерди жасоону үйрөттүк. Мүмкүн, шүгүр кылаарсыңар?"[1] деп айтканы, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Адамдын эн таттуу тамагы – анын өз мээнети менен таап жегени. Чынында, Алланын пайгамбары Дауд да мээнети менен тамагын таап жечү"[2] деген осуяты сахабаларга шык берип, алардын мындай өнөрлөрдү үйрөнүүсүнө жол ачты. Хаббаб бин ал-Арат (Алла андан ыраазы болсун) Меккеде жүргөн кезинде темир устачылык кылчу. Кийин Мадинага көчүп келгенде да ушул кесибин аркалоону пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) макул көрдү. Ал тургай, уулу Ибрахимди эмизип, торолтуу үчүн Абу Сайф деген темир устанын аялына тапшырат. Бир булакта: "Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) Абу Сайфтын үйүнө барганда, ал көөрүк үйлөп, үйү түтүнгө толуп турган экен"[3] деген айтым бар.

Темир иштетүү ар бир эле адамдын колунан келе бере турган, арзан баа өнөр эмес экенин, бул өнөрдү аздектеп үйрөнүүнүн зарылдыгын жана бул өнөрдүн ээлерин кемсинтүү туура эмес экендигин, Алла Тааланын Курандын бир сүрөсүн "Хадид" (Темир) деп атаганынан да баамдоого болот. "Темир" деп аталган бул сүрөдө Алла Таала: **"Биз пайгамбарларды анык далилдер менен жиберип, адамдар теңдикте жашоосу үчүн, аларга Китепти жана адилеттикти түшүрдүк. Ошондой эле (асмандан) темирди түшүрдүк. Анда күч-кубат жана адамдар үчүн пайда бар. Алла, ким Ага жана Анын пайгамбарларына (алар) жокто жардам берерин билүү үчүн (ушундай кылды). Алла – Кудуреттүү, Ызаттуу"[4]** деп айткан.

---

[1] Анбия сүрөсү, 80-аят.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3-том, 9-бет.

[3] Ибну Хажар, "Ал-Исаба", 4-том, 98-бет.

[4] Хадид сүрөсү, 25-аят.

## Кен иштетүү:

Араб жарым аралында жер астындагы кен байлыктардын түрү көп. Адамдар кен байлыктарды казуу иштерин тээ жахилият доорунда эле өздөштүрүп кийин пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында бир топ өнүктүрүшкөн. Мындай маалыматтар бизге туура, так булактар аркылуу жеткен. Мисалы, Абу Хусайн ас-Сулами деген адам пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жерден казылып алынган алтынды алып келгени айтылат.[1] Ошондой эле, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Билал бин Харис ал-Музниге Мадина менен Янбанын ортосундагы кен казылып алынчу адырды үлүшкө бергени да белгилүү. [2]

Албетте, эч кандай техника жок, жалаң кол менен аткарылган кен казуу жумушу өтө өнүгүп кетпегени белгилүү. Ошондой болсо да, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабалары менен бирге бул ишке кол тийгизгени, кен казуунун адал жана пайдалуу экендигин далилдеп турат. А, бүгүнкү күндө болсо, кен байлыктардын баалуулугун бешиктеги бала деле жакшы билет. Ошол себептен, Алла Таала казылган кендин зекетин берүүнү милдеттендирген.

## Тери иштетүү:

Жаныбарлардын терисин турмуш тиричиликте пайдалануу тээ атам замандан бери болуп келгени белгилүү. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында тери иштетүү өнөрү да бир тепкичке жогорулады десек болот. Анткени, шариятта эти желинбей турган жаныбарлардын терисин ашатмайынча колдонууга болбойт. Качан гана тери ашатылгандан кийин адал болуп, аны каалаган зарылдыгына иштетсе болот. Мадинада мусулман аялдарынын көбү тери иштетүү менен алектенчү. Абу Талибдин уулу Жафардын аялы Асма бул тармакта алдына адам салчу эмес. Момундардын энеси Савда бинт Зумаь тери иштетүү цехинде эмгектенчү. Ал эми момундардын энеси Зайнаб бинт Жахш болсо, тери иштетип андан тапкан кирешесинен садага берүүнү адатка айлантып алган эле.[3] Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жубайлары баш болуп бул иш менен алектенип жатканын көргөн башка аялдар да шыктанып, тери иштетүү иши бүтүндөй Мадинаны кучагына алган.

## Токуу жана тигүү кол өнөрчүлүгү:

---

[1] Ибну Хажар, "Ал-Исааба", 4-том, 44-бет.

[2] Ибну Салам, "Ал-Амваал", 348-бет.

[3] Ибну Хажар, "Ал-Исаба", 4-том, 314-бет.

Жип ийрүү жана андан кездеме токуу бири-бири менен тыгыз байланышкан өнөрлөр. Жип болбосо кездеме токууга мүмкүн эмес, ал эми ийрилген жиптен кездеме токубасаң, жиптен эмне пайда? Ибн Халдундун бул өнөрлөр тууралуу: "Бул эки өнөр дайыма эриш-аркак жүрөт. Адам баласы бул эки өнөрдүн жемишисиз татыктуу жашай алмак эмес" деп айтканы бар.[1]

Адатта жипти койдун жүнүнөн ийришет. Араптарда буга кошумча төөнүн жүнүн пайдаланышкан жана жибек булаларын ийришкен. Мадинада көптөгөн аялдар мына ушул кесип менен алектенишкен. Кайсы бир тикмечи аял пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) өз кол эмгеги менен даярдаган белегин бергенде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны кабыл кылганы тууралуу хадис Имам Бухаринин китебинде айтылган.[2] Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) мындай кылганы бул өнөрдү ардактаганы жана өнөр ээсин сыйлаганы экени түшүнүктүү.

Бул өнөрдү жалаң гана аялдар эмес, эркектер де өздөштүргөнү маалым. Ушул өнөрүнүн арты менен тамак таап тирилик кылган эркектер да болгон. Жүн жана жибек токуган сахабалар Зубайр бин Аввам, Амр бин Аас ж.б. болгон. Санаан бин Саьддын минтип айтканы бар: "Бир жолу Алланын элчисине жүндөн күрмө токуп алып кирдим. Жээги кара жүн менен жээктелген күрмөнү кийип көрүп: "Ой, мунун кооздугун карабайсыңарбы?" деп тамшанып калды. Ошондо тигиндейрээк отурган бир элеттик киши: "Мага ушуну белек кылбайсызбы?" деп сурап калбаспы. Пайгамбарыбыздан бирөө бир нерсе сураса, аны бербей коё алчу эмес. Бул жолу да тигинин көңүлүн оорутпай күрмөнү ага чечип берип, ана менден башка күрмө токуп берүүнү суранды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болгон күнү да үстүндө жүндөн токулган кийими бар эле".[3]

Мадинада жүндөн токулган кийимдер көп кездешчү, мындан сырткары жүндөн жаздык, төшөк сыяктуу күнүмдүк турмушка керектүү болгон башка буюм-теримдерди да жасашкан. Ансарлардан бир аял пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жүн салынып кабылган төшөктү тартуу кылганда, ага жаткан адам түнкү намазынан уктап калары мүмкүн экенин байкаган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Айша энебизге тиги төшөктү кайра-кайтарып берүүсүн билдирген.[4] Ошондой эле териден

---

[1] Ибн Халдун, "Ал-Мукаддама", 411-бет.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3-том, 13-бет.

[3] Ал-Каттани, "Ат-Тартибу ал-Идаария", 2-том, 59-бет.

[4] Имам Аз-Захаби, "Сийроту Набавия", 331-бет.

жерге төшөчү талпак, эчкинин жүнүнөн аркан, курма жалбырагынан идиш жана буюм-теримдерди салуучу куржунчаларды жасашкан.

Ал эми тикмечиликке келсек, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында бул өнөр да кулачын жайган. Тикмечилик менен алектенип, турмуш тирилигин ошонун арты менен өткөргөн адамдар көп болгон. Анас бин Малик (Алла андан ыраазы болсун) минтип айтат: "Бир жолу Алланын элчисин бир тикмечи үйүнө чакырды эле экөөбүз анын үйүнө бирге барып тамактандык".[1] Пайгамбарыбыздын тикмечинин чакырыгына жооп кылып, андан баш тартпай үйүнө барганы, бул кесип менен табылган тамак адал экенин жана бул кесипти аркалоо эч кандай жаман иш эмес экенин далилдеп турат. Ал тургай, мындай иштер менен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү да шугулданчу. Айша энебизден (Алла андан ыраазы болсун) Алланын элчисинин үйдөгү иштери тууралуу сурашканда, ал: "Алланын элчиси үйдө болгондо, эл катары эле чокоюн жамап, кийимин тигип үй иштери менен алек болчу"[2] деп айткан. Мына ушун өзү эле, мусулман адам башканын колун карабай, өз арабасын өзү кылдыратып, эмгек менен жашоо өткөрүүсү кажет экенин билдирип турат.

Мындан сырткары бутактын кабыгы жана жалбырактардан себет, төшөк ж.б.у.с. нерселерди токууну да сахабалар мыкты өздөштүрүшкөн. Белгилүү болгондой Мадина Курма дарагынын мекени болчу. Курма жалбырактарынан токулган төшөктү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да пайдаланчу. Катуу төшөк денесине өтүп, изи түшүп калган учурлар болчу.[3] Бул өнөрдү аркалаган сахабалардын бири Салман ал-Фарси турмуш тирилигин ошону менен өткөрчү. Ал тургай, Салман кийинчерээк шаар башчысы болуп турганда да токуучулук кесибин таштабай эмгектенип: "Мен Алланын элчиси айткандай, таман-акы, маңдай-терим менен жашоо кечирүүнү жакшы көрөм" деп айтып калчу.[4]

Аялдар токуу ишин көбүнчө мечитте аткарчу. Анткени, бул иш таза жана мечит ичин жыпар жытка аңкытып турчу. Анын үстүнө пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өнөрдү сыйлай билгендиктен жана башкаларга да өрнөк болсун деген максатта аларга тыюу салбайт эле. Дарактын жалбырагын, бутактарынын кабыгын пайдаланган сыяктуу эле, өсүмдүк булаларын да текке кетиришчү эмес. Аларды чогултуп жаздык жана төшөккө салышкан. Адий бин Хатим минтип айтат: "Алланын элчиси менен бирге барып

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 2-том, 60-бет.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", "Соода" бөлүмү, 3-том, 13-бет.

[3] Имам Аз-Захаби, "Сийроту Набавия", 329-бет.

[4] Ибну Саьд, "Ат-Табакат", 4-том, 18-бет.

анын үйүнө кирип калдым. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менин алдыма ичине була салынган тери көлдөлөңдү салып: "Ушуга отур" деп суранды. Анас бин Малик (Алла андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бөлмөсүнө кирип, анын ичине була толтурулган жаздыкчага башын жөлөп жатканын көргөнүн айткан.[1]

Жогоруда айтылган өнөр, кесиптер тууралуу пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) хадистерин көп кезиктирүүгө болот. Алланы элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) коомдун социалдык абалын оңдоо, адамдарды жалкоолуктан алыстатып, эмгекчилдикке тарбиялоо максатында көп мээнет кылган. Анын натыйжасында Мадинадагы мусулмандар дүйнө жүзүнө дин таратууга жарамдуу болуп, ал эми Мадина Исламдын борбору болуп калды.

## Мал чарбачылыгы:

Алла Таала Куранда минтип Айтат: **"Ал айбанаттарды жаратты. Аларда силер үчүн пайда, жылуулук бар. Алардын этин да жейсиңер. Алар (жайытка) жайылганда жана кайтканда да силер үчүн кооздук бар. Силердин жүгүңөрдү кыйынчылык менен жете турган шаарларга ташыйт. Чынында, Рабиңер силерге Ырайымдуу, Мээримдүү".**[2] Бул аят мал багуу пендеге пайдалуу экендигин билдирип турат. Ислам дини инсандын жашоо шартын жакшыртууга себеп болгон бардык иштерге көңүл бурган. Мал багуу жана аны пайдалануу Мадинадагы алгачкы мусулмандардын да негизги кесиптеринин бири болгон.

Кой багып, асыроо Адам атанын заманынан бери карай келе жаткан кесип. Көпчүлүк пайгамбарлар пайгамбарлык вазыйпа жүктөлгөнгө чейин кой кайтарышкан. Кой багуу адамды сабырдуулукка, чыдамкайлыкка, ар бир ишти терең ойлонуп аткарууга ж.б. тарбиялайт. Абу Хурайра (Алла андан ыраазы болсун) айтат: Бир жолу Алланын элчиси(ага Алланын салам-салаваты болсун): "Алла Таала пайгамбарлыкка тандаган адамдын баары кой кайтарган" деп айтып калды. "Сиз да кой кайтаргансызбы?" деп сурады арабыздан бирөө. "Ооба, меккеликтердин коюн кайтарып акысын алчумун" деп жооп берди Алланын элчиси(ага Алланын салам-салаваты болсун).[3]

Ислам дини мал багуу жашоодогу зарыл жана кирешелүү кесип экенин далилдеп, андан зекет берүүнү адамдарга милдет кылды. Пайгамбарыбыздын

---

[1] Имам Аз-Захаби, "Сийроту Набавия", 327-бет.

[2] Нахл сүрөсү, 5-8-аяттар.

[3] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3-том, 48-бет.

(ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында Мадинада малдын саны өсүп, күндүзү талаага жайылып, кечинде шаарга айдалып келчү. Адамдардын кой менен төөнүн сүтүн пайдаланышчу. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кой, эчки болуп жети жандыгы бар эле. Айман бин Умму Айман деген чабан аларды кайтарып, сүтүн өзү саап пайдаланчу.[1] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Бирөөнүн саан жандыгын ээсинин уруксатысыз саап албагыла"[2] деп, бирөөнүн жандыгын, анын ээсинин уруксатысыз сүтүн саап алуудан тыйган.

Мал чарбачылыгынын өнүгүүсү Мадинанын жашоосун башкача багытта өзгөртө алды. Малдын сүтү менен этин тамак катары колдонуп, жүнүн, терисин кийим кылып, көчүп-конгондо жана соода иштеринде күчүн пайдаланып, айтор жашоо турмушун бир топ жеңилдете алды. Мунун бардыгы Алла Тааланын пенделерине берген нээматы экенин, аны туура пайдаланып, туура иштетүү кажет экенин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) иш жүзүндө көрсөтүп берди. Мал-жандыктар адамдын жашоосунда чоң рол ойнорун Курандагы бир сүрөнү "Аньам" (Мал-жандыктар) деп атаганынан да байкоого болот.

## Отун жана курулуш материалдарын жыйноо:

Кээ бир адамдардын ырыскысына себеп болгон бул жумуш баардык эле адамдын колунан келе турган кесип эле. Анын үстүнө бул ишти аткаруу үчүн балта менен аркандан башка эч нерсенин кереги жок болчу. Ошондуктан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамдарды кызыктырып: "Аркан, балтаңарды алып, тоодон отун кыйып келип сатып жашасаңар, бирөөлөрдөн суранып, берер-бербесин билбей отурганга караганда жүзүңөр жарык болот"[3] деп, тиленип-сурануудан тыйчу. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) осуятын туура кабыл алган көптөгөн сахабалар ушул иш менен шугулданчу. Алар көбүнчө "Изхир" деп аталган жыты буркураган камыш чогултушат эле. Бул сахабалардын көбү чогулткан камыш, же отундарын сатып, андан тапкан кирешесин колунда жокторго садага кылчу. Кээ бирөөлөр ошону менен ырыскысын таап жеп, кенен-чонон эле жашоо өткөрчү. Бир жолу пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) ансарлардан бирөө келип, жегенге эч нерсе таппа калганын айтат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Үйүңдө бош турган буюмдарың болсо, алып кел" деп тигини үйүнө жиберет. Бир аздан кийин тиги бир чөйчөк менен бир көлдөлөңдү көтөрүп жетип келет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын буюмдарын эки дирхамга сатып

---

[1] Ат-Табари, "Таарих", 3-том, 184-бет.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3-том, 95-бет.

[3] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 10-том, 119-бет.

жиберет да, акчаны анын колуна карматып: "Бир дирхамына үй-бүлөңө азык сатып ал, экинчисине балта сатып кел" дейт. Тиги кайра келгенде, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Эми тоого чыгып отун жыйнап сатып тирилик кыл, анан он күндөн кийин мага жолук" деди. Он күндөн кийин баягы киши пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келди, эми ал тилемчилик кылууга муктаж болбой, кенен-кесир жашап калган экен. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны абалын көрүп, кубанып: "Мына, көрдүңбү, Кыяматта Алланын алдына тилемчиликтин айынан жүзүң карарып турганга караганда, бул кылганың алда канча жакшы"[1] деп көңүлүн андан да көтөрдү.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул адамга көрсөткөн багыты Кыяматка чейинки үммөттүн баарына тиешелүү. Ислам дини ар бир адамды өз алдынча болууга, ызаттуулукка, көз каранды болбоого, өз арабасын өзү тартып, мүңкүрөп отуруп калбай дайыма аракетте болууга тарбиялайт. Колуңдан келе турган жумуш турса, эмне үчүн башыңды төмөн кылып, кадырыңды түшүрүп, сурамчылык кылышың керек?! Бир уккан адамга жөнөкөй сезилген пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жогорудагы осуяты Исламдан башка эч бир коомдук түзүлүштө кезикпей турган маанилүү сабак жана туура багыт.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жалданып иштөөгө да тыюу салган эмес. Тескерисинче, мүмкүнчүлүгү болгондорду жалданып иштеп акча табууга үндөгөн. Кээ бир сахабалар жүк ташып, кээси суу ташып, айтор чыккан жумуштун баарын жасашкан. Көбүнчө, мындай жумуштарга тапкан тыйынын садага кылуу үчүн иштешкен. Бул тууралуу Абу Масьуд ал-Ансаринин минтип айтканы бар: "Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) бизди садага чыгарып турууга буйруганда, адамдар базарга барып жүк ташып, тапканынан садага берип жатышты. Кээ бирөөлөр болсо ошентип жүрүп байып кетти".

Сахабалардын арасында өз аты Хушман, бирок эл арасында Абу Укайл деп таанылган колу жука бир киши бар эле. Ал ийнине чаначтарды артып алып адамдарга суу ташып берчү да, тапканынын тең жарымын садага кылчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) элди садага берүүгө кызыктырып, анын зарылдыгын айткан учурда, Абу Укайл бир кочуш курма алып келип: "Суу ташып эки кочуш курма таптым эле, бирин үй-бүлөмө калтырып, экинчисин садага кылайын деп келдим" дейт. Ага көбө болгон эки жүздүүлөр "Алла ушунун садагасына муктаж болуп калыппы?" деп өз ара шылдың кылып күлүшөт. Ошондо пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Таала: **"Момундардын арасынан өз каалоолору менен садага кылгандарды мыскылдаган эки жүздүүлөрдү Алла мыскылдуу**

[1] Ал-Хазааи, "Тахрижу ад-Далаалату ас-Самиья"716-бет.

**абалга салды. Аларга жан ооруткан азап бар"**[1] деген аятын түшүрөт. Ушул окуядан кийин Абу Укайлга эл тарабынан "Кочуш курманын ээси" деген ардактуу лакап ыйгарылган.

Ал эми жалданып иштеген адамдын эмгек акысын өз убагында берүүнүн зарылдыгы тууралуу пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өтө көп айткан. Алардын биринде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Тааланын айтканын минтип кабарлайт: "Алла Таала үч түрдүү адам менен кыямат күнү катуу эсептешем" деп айткан, алар: "Мен үчүн садага кылып, анысын кайра кайтарып алган адам, эркин адамды кул катары сатып, акчасын жеген адам жана бирөөнү жалдап иштетип, анын эмгек акысын бербей койгон адам".[2] Бул, жалданган адамдын акысын жегендерге Алла жана Анын элчисинин эскертүүсү. Бекер отуруп ачка калганча, жалданып иштеп жаныңды бак. А, эгер бирөөнү иштетсең, акысын анын тери кургай электе бергин. Мына ушул адамдардын ортосундагы мамилени бекемдейт, махабатты күчөтөт.

## Мадинадагы тынчтык келишими же алгачкы конституция:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адам укугун сыйлаган, адилеттүү, тынчтык, бейпилдик орногон коомду түзүү үчүн туура динди алып келген. Алла Таала айтат: **"Ким Исламдан башка динди тандаса, андан кабыл кылынбайт жана ал акыретте зыянга кириптер болот".**[3] Ошого карабастан, динди тандоодо адамдар ыктыярдуу болушкан. Эч кимди мажбурлап динге киргизүүгө болбойт. Бул тууралуу Куранда минтип айтылат: **"Динде мажбурлоо жок. Туура жол да, адашуу да белгилүү. Ким "жалган кудайлардан" баш тартып, Аллага ыйман келтирсе, эч качан ажырап кетпей турган, бекем тутканы кармаганы ырас! Алла – Угуучу, Билүүчү".**[4] Бирок, адамдардын бейпил жашоосу үчүн адилеттүүлүктү сактоодо, экинчи бир адамдын укугун сыйлоодо адам ыктыярдуу боло албайт. Буларды аткаруу ошол коомдо жашоо кечирип жаткан ар бир адамдын милдети. Эгер мындай тартипке баш ийбесе, ал коомдо сөзсүз түрдө баш аламандык орун алары бышык.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага келген кезде андагы жөөттөргө жана бутпарастарга караганда мусулмандардын саны аз эле. Ошого карабастан, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) шаарда тынч жашоо үчүн анын жалпы жашоочуларына тиешелүү бирдиктүү

---

[1] Тообо сүрөсү, 79-аят.

[2] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 9-том, 289-бет.

[3] Аалу Имран сүрөсү, 85-аят.

[4] Бакара сүрөсү, 256-аят.

мыйзамды иштеп чыкты. Коомдук тартипти сактоо максатында жөөттөр жана бутпарастар менен жазуу жүзүндө бир канча келишим түздү. Келишимдин негизги мазмунунда, жөөттөр менен христиандар, бир шаардын тургуну катары мусулмандарга көмөктөшүүгө, сырткы жоодон шаарды биргеликте коргоого милдеттүү экендиги көрсөтүлгөн.[1] Бул мыйзамдын негизинде Мадинанын жашоочулары динине жана уруусуна карабастан, баары бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, ынтымактуу жашоого укуктуу жана милдеттүү болушкан. Мына ушул келишим Мадинанын Ислам мамлекетинин борбору болуусуна себеп болгон алгачкы кадам болду.

## Согушууга уруксат:

Белгилүү болгондой, шарият жана динге тиешелүү болгон иштердин баарын пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алланын уруксаты же буйругу менен аткарган. Дин тарабынан согуш жарыялоо бул, өтө маанилүү иш. Ошол себептен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да, сахабалар да согуш жөнүндө ойлонгон эмес. Динге чакыруу башталган күндөн тартып эле мусулмандар каршылыкка дуушар болуп, азаптын түрүн тартышты. Малынан айрылды, кан төгүлдү, абакка камалды, ур-токмокко кабылды, үй-жайын, бала-чакасын таштап кетүүгө аргасыз болушту, жат эл, жат жерге көчө качышты. Ошого карабастан, мусулмандар аларга каршы кол көтөргөн жок. Анткени, мындай кылууга Алла Таала уруксат берген эмес. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеде сахабаларын сабырдуу болууга чакырып, көргөн азап-тозогу үчүн сооп, сыйлык үмүт кылууга үндөп, мурдакы коомдордогу момундардын башынан өткөнүн өрнөк кылып, ошону менен катар алардын жүрөгүн ыйманга сугарып, дин ар бир топурак жана кийиз үйгө жетерин айтып, Сана шаарынан тээ Хадрамаутка жөнөгөн адам жолдо Алладан башка эч кимден коркпой тургандай бейпил заман келерин сүйүнчүлөп,[2] урушуу, согушуу тууралуу ооз ачпай тарбиялады. Өзүнүн динин Өзү коргогон Алла Таала: **"Мушриктер жаман көрүшсө да, Ал (Алла) пайгамбарын туура жол жана акыйкат дин менен жиберген"** деп айткан.[3]

Ал эми Мадинага көчүүдөн кийин абал башкача болорун пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жакшы билген. Эгерде динге каршылык улана бере турган болсо эртедир-кечтир согушууга туура келерин байкаган. Ошол себептен Акабада экинчи жолу келишим кылышканда, биринчи

---

[1] Башка булактарда айтылганына караганда, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ушул келишиде элүү эки беренеден турган алгачкы конституцияны түзгөн. Бул, биринчи Ислам мамлекетинин баш мыйзамы катары эсептелген (котор.).

[2] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 7-том, 195-бет.

[3] Тообо сүрөсү, 33-аят.

келишимдегидей тынчтык жөнүндө гана эмес, кайсы бир деңгээлде согуш тууралуу да айтылган. Аны пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Бизди бала-чакаңарды коргогондой коргоого ант бергиле" деген сөзүнөн баамдоого болот. Муну мухажирлер да, ансарлар да жакшы түшүнүшкөн. Ал эмес, Меккенин каапырлары да бул келишимдин артында маанилүү иш жатканын, мусулмандар күч-кубат топтоп алса аларга күчү жетпей каларын сезип, мусулмандарды жана пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеден чыгарбоого аракет жасашкан. Бул тууралуу Куранда минтип айтылган: **"(Оо, Мухаммад), эстегин, каапырлар сени (журтуңда) калтырууга, же өлтүрүүгө, же сүргүн кылууга амал издешкен. Алар айлакерлик кылышат, Алла да айлакерлик кылат. Алла айлакерлердин мыктысы".**[1]

Чынында, бутпарастарга каршы согушууга, шарият тили менен айтканда жихад кылууга уруксат берүү ачык-айкын Куран аяты аркылуу болгон. Дин тууралуу чындыкты угуудан тыйып, алсыздарга залымдык кылып, диндин таралуусуна жолтоо болгондорго каршы, мусулмандардын мекенин жана тынчтыгын сактоо жана Алланын сөзү бардык нерседен жогору болуусу үчүн жихад кылынат. Жихад кылуунун мындан башка себеби жок. Куранда Алла Таала: **"Ыймандуулар Алла жолунда согушушат. Каапырлар шайтандын жолунда согушат. Силер шайтандын тарапкерлерине каршы согушкула. Шайтандын айласы күчсүз"** деп айткан.[2]

Мусулмандар Мадинада бир канча убакыт жашагандан кийин пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жихадга уруксат берилген аят түштү. Анда минтип айтылат: **"Чабуулга туш болгон момундарга, зыян тарткандары себептүү (согушууга) уруксат берилди. Албетте, Алла аларга жардам берүүгө кудуреттүү".**[3] Аяттан байкалгандай, согушуу – бул, буйрук эмес. Аятта мусулмандардын залымдыкка кабылганы айтылып, андан сактануу үчүн коргонууга уруксат берилгени кабарланууда. Мындан сырткары кандай абал болсо да Алла Таала аларга жардам берүүгө кудурети жетерин белгилөөдө. Жихадга башкаларга душмандык кылуу үчүн эмес, залымдыкка каршы туруу үчүн гана уруксат берилди. Муну Алла Таала төмөнкү аяттарды так-даана айткан: **"(Оо, мусулмандар!) силерге согуш ачкандарга каршы Алланын жолунда (Анын дини жогору болуу үчүн) согушкула жана чектен чыкпагыла. Алла чектен чыккандарды сүйбөйт"**[4], **"(Оо, мусулмандар!) Силерге эмне болду? Алланын жолунда жана**

---

[1] Анфал сүрөсү, 30-аят.

[2] Ниса сүрөсү, 76-аят.

[3] Хаж сүрөсү, 39-аят.

[4] Бакара сүрөсү, 190-аят.

**(душмандын зулумунан) бечара болуп калган эркектер, аялдар жана балдардын (азаттыгы) үчүн согушпай жатасыңар?! Алар: “Оо, Рабби! Бизди мына бул элдери залым болгон шаардан (аман-эсен) чыгарып жибер! Бизге Өзүңдүн алдыңдан бир (куткаруучу) досту жана жардамчыны жибер?!” - деп зар какшап жатышат го!"**[1]

Ал эми залымдыктын бир түрү мекенинен кууп чыгаруу экенин Алла Таала төмөнкү аятта айтат: **"Алар (мусулмандар) мекенинен акыйкатсыздык менен, бир гана "Раббим – Алла" деген сөздөрү үчүн чыгарылган. Эгер Алланын кээ бир залымдарды башка бирөөлөр аркылуу тыйып туруусу болбогондо, ибадатканалар, чиркөөлөр, синагогалар жана анда Алланын аты көп эскериле турган мечиттер талкаланып кетмек. Өзүнүн динине жардам бергендерге Алла да жардам берет. Албетте. Алла – Кубаттуу, Кудуреттүү".**[2]

Жер бетин жана анын жашоочуларын сактап турган Алла Таала экени айныгыс чындык. Алла Таала минтип айтат: **"Кийин Алланын каалоосу менен аларды жеңип алышты жана Дауд Жаалутту өлтүрдү. Алла ага (Даудга) падышалык менен даанышмандык берип, Өзү каалаган илимдерди үйрөттү. Эгер Алла адамдардын (арасындагы Жаалут жана анын эли сыяктуу жаман, каапыр) бир бөлүгүн башка бир (Таалут жана анын кошууну сыяктуу жакшы) бөлүгү менен жоготуп турбаса, жер бети бузулуп кетмек. Алла Таала ааламдарга берилчү жакшылыктын Ээси".**[3]

Жихад кылууга уруксат берилгенден кийинки пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосунун көбү көп кудайлуулукка каршы туруу жана жихад кылуу менен өттү. Бутпарастар ага каршы согуш жарыялашты, а эмне үчүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга каршы чыкса болбосун? Алла Таала атат: **"Бутпарастар силердин баарыңарга каршы согушканы сыяктуу силер дагы алардын баарына каршы согуша бергиле. Билип алгыла, Алла такыба адамдар менен".**[4]

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында алтымыш жолу жихад болуп, анын он сегизинде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аскерди өзү баштап чыккан жана сегизинде согушка өзү катышкан.[5]

---

[1] Ниса сүрөсү, 75-аят.

[2] Хаж сүрөсү, 40-аят.

[3] Бакара сүрөсү, 251-аят.

[4] Тообо сүрөсү, 36-аят.

[5] Ибну Касир, "Сийроту Набавия", 2-том, 353-бет.

## Рамазан айынын орозосу:

Китеп ээлери, тагыраак айтканда, жөөттөр менен христиандар Исламга чейин эле орозо кармашкан. Азыркы учурда деле шарияттын түп нускасынан өзгөрүп кеткен, мөөнөтү жана шарттары ар түрдүү болгон орозону кармап келишет. Ал эми мусулмандардын орозосу Хижранын экинчи жылы, Шаьбан айында милдеттендирилди. Рамазан айын толук орозо менен өткөрүү зарыл экендигин Алла Таала мындайча баян кылды: **"Оо, ыйман келтиргендер! Силер такыба болууңар үчүн силерден мурунку элдерге парыз кылынган сыяктуу, силерге да орозо кармоо парыз кылынды. (Парыз орозо) эсептүү күндөрдө (гана тутулат). Силерден кимиңер оорулуу же сапарда болсо, башка күндөрдүн эсебинен (кармап берет). Орозо кармаганга чыдаган (бирок, кыйналганы себептүү кармабаган) адамдарга (ар бир күн эсебине) бир жакыр адамды тойгузуу төлөмү бар. Ким ашыгыраак адамды тойгузса, өзүнө жакшы. Эгер билсеңер, орозо кармаганыңар (төлөмдөн) жакшы. (Силер орозо кармай турган санактуу күндөр – бул,) Рамазан айы. Бул айда адамдарга туура жол болуп, ушул туура жол жана ак-караны ажыратуучу далил катары Куран түшүрүлдү. Силерден кимде-ким (жаңы) айды көрсө – орозо кармасын! Жана ким оорулуу же сапарда болсо, башка күндөрдүн эсебинен (тутуп берет). Алла силерге жеңил болуусун каалайт, оор болуусун каалабайт. (Орозо) санакты толук кылууңар, силерди туура жолго салганы үчүн Алланы даңазалашыңар жана Аллага шүгүр кылууңар үчүн (парыз кылынды)".**[1]

Орозонун буюрулуусу менен аны кармоого байланышкан өкүмдөр үйрөтүлдү. Чоң-кичине, аял-эркек дебей Рамазанда орозо кармап, анын өкүмдөрүн сактап, жакшы амалдарды көбөйтүп, садага берип ибадаттын бул жаңы түрүн өзгөчө кубануу менен кабыл алышты. Ошол күндөн бүгүнгө чейин аалымдар орозо тууралуу китептерди жазып, анын Куран жана сүннөттө айтылган артыкчылыгын даңазалап келишет. Бул айдагы Кадыр кечесинде Куран окуп, дуба кылып, садага берип, этикафта отуруп ж.б. ибадаттарды аткарышат. Рамазандын орозосу күндүзү ачка жүрүү эле эмес, түндөсү намазга туруу, Куран окуу, садага берүү сыяктуу зарыл ибадаттарга жол ачты. Рамазан айы Аллага баш ийүүнүн, Аллага жакындоонун жана жалпы эле жакшы амалдардын айы болуп калды. Рамазан айындагы жеке мусулмандын же мусулман коомчулугунун өзгөрүүсүн байкаган адам гана бул айдын өзгөчөлүгүн түшүнө алат.

## Кыбыланын өзгөрүүсү:

Хижрадан мурда да, хижрадан кийинки жылдарда да мусулмандардын кыбыласы Акса мечити тарап болчу. Хижранын экинчи жылы Шаьбан айында

---

[1] Бакара сүрөсү, 183-185-аяттар.

Алла Таала кыбыланы Акса мечитинен Харам мечитине өзгөрттү. Кыбыланын өзгөрүүсү тууралуу пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) **"(Оо, Мухаммад!) Биз кээде жүзүңдүн «асманда кезгенин» көрөбүз жана сени өзүң ыраазы болгон кыбылага бурабыз. Эми сен жүзүңдү Харам мечити (Кааба) тарапка бур! (Оо, момундар, силер дагы) кайда болсоңор (намазда) жүзүңөрдү ошол тарапка бургула! Ал эми, китеп берилген элдер (яхудий жана христиандар) деле анын (кыбыланын Кааба тарапка бурулганын) Раббисинен келген чындык (вахи) экенин айкын билип турушат. Алла силердин ишиңерден кабарсыз эмес"**[1] деген аят түшүрүлдү. Кыбыланын өзгөрүүсүн шылтоолоп жөөттөр жана аларга кошулуп алган дин душмандары мусулмандардын ортосунда бузукулук таратууга аракет кылышты. Анткени, Меккелик жөөттөр мусулмандардын Акса мечити тарапка карап сыйынганына ачууланып жүргөн. Эми кайра Каабаны карап сыйына баштаганда "Силер ушинтип жүзүңөрдү ар тарапка бура бересиңерби?" дешип, ал тургай, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) "Эгер кайра мурдагы кыбылаңа карасаң, сага ыйман келтиребиз" деп, алдаганга аракет кылышат. Булардын кылыгы тууралуу Алла Таала Куранда минтип айткан: **"Жакында адамдардын акылсыздары: “Аларды (мусулмандарды) мурун өздөрү жүздөнгөн кыбылаларынан эмне жүз бурдурду?” дешет. Айткын: “Чыгыш дагы, Батыш дагы Аллага таандык. Каалаган пендесин Туура Жолго баштайт».**[2]

Кыбылага жүздөнүү мусулмандар үчүн өтө маанилүү. Ошондуктан мечиттерде кыбыла тарабына имам туруучу "Михраб" деп аталган атайын орун салынат. Чоң шаарлардагы аэропорттордо, мейманканаларда кыбыла тарапты көрсөткөн белгилер коюлган.

## Тыңчылык жана казаттын башталуусу:

## Алгачкы казат:

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) эле жашоосуна эмес, жалпы адамзаттын тарыхына олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келген Бадр казатына чейин анча деле маанилүү болбогон бир канча казаттар болуп өткөн. Алардын көбүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү жетектеп чыккан. Бул жүрүштөрдүн негизги максаты кан төгүү же адамдарга зыян келтирүү эмес, Курайш каапырларынын үшүн алуу, алардын соода-сатык иштерин үзгүлтүккө учуратуу жана Меккеде мусулмандардан тартып алган мал-мүлкүн алардын соода кербендеринен кайтарып алуу болгон.

---

[1] Бакара сүрөсү, 144-аят.

[2] Бакара сүрөсү, 142-аят.

Мындай казаттардын бири: Абва[1] казаты. Абва же Бавaат[2] деп аталган казат хижранын экинчи жылы Сапар айында болду. Жалаң мухажирлерден куралган топтун туусун Хамза бин Абдулмуталиб көтөрүп чыкты. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) максаты Курайштардын соода кербенин тосуп чыгып, аларга мусулмандар мурдагыдай алсыз эмес экендигин, эми эч кимге тизе бүгүп, мекенинен качып чыкпастыгын айгинелеп коюу болгон. Чындап эле Умай бин Халафтын кербен башчылыгында Ризва тоосун этектеп өтүп бара жаткан кербен мусулмандарды көргөндө кирерге жер таппай калат. Бирок, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга тийишпейт, болгону сүр көрсөтүп артынан кууган болуп кала берет. Бул окуяга күбө болгон ошол өрөөндөгү бир топ майда уруулар Ислам динин кабыл алышат. Мындан сырткары ошол чөлкөмдө таасирдүү болгон Абду Манат уруусу менен тынчтык келишими түзүлөт.

Мындан көп өтпөй хижранын экинчи жылы Жумадал-Уула айында Хамза бин Абдулмуталиптин туусунун астында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) эки жүз кишиден турган колу менен Аьшира казатына чыкты. Бул казат Мадинанын батышындагы Мадлаж уруусу мекендеген жерде болду. Мында да кан төгүлгөн жок, салгылашуу да болбоду. Мусулмандар курайштардын кербенине жетип келгени менен, аларга эч кандай күч колдонгон жок. Көп сандагы мусулмандарды көргөн кербен эс алууга да токтобостон бул чөлкөмдөн батыраак узап кетүүнүн айласында калды. Мусулмандардын көздөгөнү да ушул болчу. Ушул казаттан келгенден кийин Карз бин Жаабир баштаган бир топ адам мадиналык мусулмандардын кезүүдө жүргөн жандыктарын жайытта жүргөн жеринен айдай качат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир канча сахабасы менен анын артынан түшөт. Бул жолу мусулмандардын туусун Али бин Абу Талип көтөрөт. Мусулмандар Карзды кууп жетишет, ал болсо тоногон малын таштай качып кутулат. Ошентип Бадр тоосунун этегиндеги Сафван деген жерден мусулмандар кайра кайтышат. Ошол себептен бул казат Сафван казаты деп аталып калган. Ал эми Карз бин  Жаабир ушундан көп өтпөй Исламды кабыл алып, диндин таркалуусуна көп салым кошот. Бир канча казаттарга катышат. Акырында Меккени алуу үчүн болгон урушта шейит болот. Алла Таала бул кишиге жана башка ушул сыяктуу сахабаларга ыраазы болсун.

## Бадр согушу (Хижра, 2-жыл, Рамазан айынын  он жетиси):

Бадр согушу Ислам тарыхында өзгөчө мааниге ээ. Бул күндү Алла Таала Фуркан, ак-кара ажыратылган күн деп атаган, Куранда: **"Ак менен кара ажыратылган жана эки (аскердик) жамаат бет маңдай келген күндө... Алла**

---

[1] Мадинадан отуз жети чакырым аралыкта жайгашкан айылдын аты.

[2] Жогорудагы айылга жакын тоонун аты.

**баардык нерсеге Кудуреттүү"[1]. Дагы бир аятта Алла Таала бул күндү эскерип: "(Анан) чоң азап менен азапталган күнү Биз силерден өч алдык"[2]** деп айткан.

Убагында мусулмандарга көрсөтпөгөндү көрсөтүп, киндик каны тамган жеринен кууп чыгып, мал-мүлкүн тартып алып, азап-тозокко салган Мекке бутпарастарынын ар бир кадамынан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабардар болуп турган. Бутпарастар мусулмандардын күчү көбөйүп, бутуна туруп бара жатканынан чочулап аларга каршы согушка даярдана башташкан. Мына ушул согушка курал-жарак камдоо үчүн буга чейин болуп көрбөгөндөй чоң кербен Меккеден Шамды көздөй жолго чыгат. Айтымда бул кербенге меккелик бутпарастардын баары үлүшүн кошуп, жалпы миң төө, элүү миң динар акча чогулган экен. Мындай чоң кербенди жөн эле жөнөтүп коюу акылсыздын иши экени белгилүү. Меккеликтер мындай кылбай калсын. Ансыз да мусулмандардан чочулап турган бутпарастар кербенди коргоп барып келүү үчүн Абу Суфян аттуу мыкты аскер башчы жетектеген отуз-кырк аскерди кошуп жиберишти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мындан кабардар болуп, кербенди максатына жеткирбей жолдон тосуп калуунун камын көрдү. Сахабаларына кайрылып, ким даяр болсо жолго чыгууга чакырды. Сахабалар даярдык көрбөй эле, шашылыш жыйнала баштады. Үч жүздөн ашыгыраак сахабаны баштап пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолго чыкты[3]. Булардын экөсү атчан, жетимиши төө менен калганы жөө-жалаң болчу. Булардын максаты кербенди тосуп чыгуу болгондуктан, курал-жарагы да аз эле. Булардын жүрүшү согушууга бара жаткан аскерге такыр окшобойт эле...

Абу Суфян заманында согуш ишин мыкты билгендиги менен эл оозуна алынган аскер башчы болчу. Аны бекеринен "Талаа арстаны" деп аташкан эмес. Мына ошол "Талаа арстаны" бул жолу да өзүнүн кыйындыгын көрсөтө алды. Кыйындыгын ушундан бил, ал эбегейсиз чоң кербенди мусулмандарга изин да көрсөтпөй башка жол менен алып өтүп кетти. Бирок ал мусулмандардан чочулап Меккеге чабарман жиберген болчу. Чабарманы Меккеге жетип чууну аябай салды. Пайгамбар баштаган мусулмандар кербенди тосуп чыккандыгын айтты. Муну укканда Курайш аттуунун баары түп көтөрүлө чыгышты. Бул кербенде баарынын үлүшү бар эмес беле. Анан да ушул кербенден түшкөн кирешенин баары мусулмандарды талкалоого жумшалмак. Абу Жахил баш болуп, дагы бири төш болуп каапырлар аттанып чыгышты. Саны миңди чапчыган кошуунда эки жүз аттуу, жети жүздөн ашуун төөчөн аскер чогулду.

[1] Анфал сүрөсү, 41-аят.

[2] Духан сүрөсү, 16-аят.

[3] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 15-том, 147-катар сандагы хадиске көз жүгүртүңүз.

Кошун бийчи-чоорчулардын коштоосунда шаан-шөкөт менен түз эле Мадинаны көздөй жолго түштү.

Абу Суфян мусулмандардан чындап эле корккон эле. Качан гана аларды жазгырып өтүп кеткенден кийин, көңүлү тынчып, Меккеге дагы чабарман жөнөттү. Чабарман бул жолкусунда кербен аман-эсен келе жатканын, кошумча күчтүн кереги жоктугун сүйүнчүлөп келди. Бирок оолугуп жолго чыгып алган Абу Жахл кайра артка кайткысы келбеди. "Биз мусулмандарга Меккеликтер ким экенин бир көрсөтүп, анан кайтабыз. Чөлдүн эли да бизди таанып жүргөндөй болсун" деп, кошуунду токтотпостон, сапарын улай берди. Анын ушул абалын Алла Таала касиеттүү Куранда минтип сүрөттөйт: **"Мекенинен текеберленип, эл көзүнө шаан-шөкөттөнүп жана (адамдарды) Алланын жолунан токтотууну максат кылып (согушка) аттангандар сыяктуу болбогула. Алла алардын бардык иштери камтып алуучу".**[1] Абу Жахилдин кылыгын чабарман Абу Суфянга айтып келгенде анын күйбөгөн жер күл болду. "Ай, атаң көрү, ушу Абу Жахилдин текебердиги өтү. Эми мусулмандарга жолугуп калбагай эле, эгер жолукса иштин баарын бузат" – деп өкүнүп кала берди.

Меккеден көп сандагы аскер жолго чыкканы пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) да белгилүү болду. Чынында, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да, сахабалар да иштин мындай болуп кетерин ойлогон эмес эле. Эми ойлонууга туура келди. Кандай маселе болбосун пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабалары менен кеңешип чечер эле. Бул анын үммөтүнө калтырган чоң өрнөгү десек да болот. "Кеңешип кескен бармак оорубайт" деген да ошондон калган. Мындан жөнөкөй, мындан жеңил иште кеңешчү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун). Азыр болсо кеңешпей коюуга болбойт. Азыр бир бул эки тоонун ортосундагы бир ууч мусулмандын эмес, Алланын акыркы дини болгон Исламдын, Исламдын туусун тээ кыямат кайым болгончо желбирете турган бүтүндөй үммөттүн тагдыры чечилмекчи болуп турбайбы? Ошентип ийри отуруп түз кеңешүү башталды. Маселе ортого ташталды. "Кеңешиңерди айткыла, - деди пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун), - капырлардын кошуунун утурлай согушка чыгабызбы же кербендин артынан сая түшөбүзбү, же Мадинага кайра качабызбы?" Алгач мухажирлер сүйлөдү. Азирети Абу Бакр, Умар (Алла алардан ыраазы болсун) согушууну сунуштады. Микдад бин Амр: "Жараткан эмнени буйруса, ошону аткарыңыз. Кудай үстүмдө турат, биз тээ Ысырайыл коому Муса пайгамбарга каяша кылып: "Сен Жаратканың экөөң душман менен согуша бергиле. Биз бул жерде отура туралы" – деген сыяктуу адамдардан эмеспиз. Биз сиз менен кайсы жерде болсок да биргебиз. Ушу сизди пайгамбар кылып жиберген Аллага касам ичип айтам, эгер сиз бычактын кынына кирип кетсеңиз, биз да кошо кирүүгө даярбыз" деп касам

---

[1] Анфал сүрөсү, 47-аят.

ичти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага ыраазы болуп, батасын берди. Анан дагы бир ирет: "Мага кеңешиңерди айткыла, кеңешиңер баалуу болуп турат" деди. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) минтип айтуусунун себеби, ал ансарлардын оюн уккусу келип жаткан. Кантсе да, алар ушул жердин тургундары, түндүк аларга тиешелүү эмеспи? Алардын жүрөгү эмне деп согуп турат? Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мына ушуну билгиси келди. Анткени бул мухажирлер менен ансарлардын тизгиндеш аттанган алгачкы казаты болчу. Мындай жерде ынтымак болбосо иш өлдү дей бер. Ансарлардан Саьд бин Муьаз сөзгө кирди. "Биз сага алгачкы күнү эле ыйман келтиргенбиз. Сенин диниң акыйкат дин экенине көзүбүз жетти. Эми ушундай кырдаалда сени таштап кетмек белек. Жок, каалаганыңды ишке ашыр, биз сага өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болобуз. Сен деңизге кирсең, артыңдан киребиз"[1] – деди ал. Анын айтканы пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) кубандырбай койгон жок. Алакан жайып, ага да батасын берди. Ошентип маселе чечилип калды. Сахабалар Бадрды көздөй жыла башташты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды шыктандырып: "Алла Таала ушул эки тайпанын, Курайш кербени менен Курайш аскеринин бирин жеңип алууну убада берди" деди. Анткени Алла Таала : **"Алла силерге эки тайпанын бирөөсүн (олжо) болот деп убада кылды. Силер курал-жарагы жогунун болуусун каалап чыктыңар. Алла болсо, Өзүнүн өкүм сөздөрү менен акыйкатты орундатууну жана каапырлардын "артын кыркып коюуну" каалады"[2]** деген аятын түшүргөн эле. Бадрга жетип келген мусулмандар жайгаша баштады. Бул жерден кербен эбак эле өтүп кеткенин билишти. Демек, беттешүү кербен менен эмес, аскер менен болот экен. Муну баары жон териси менен сезип турушту.

Сахабалар түшүп жайланыша баштаганда Хубаб бин Мунзир пайгамбарыбызга келип: Бул жерге жайгашууну Алла буйрудубу, же өзүңүздүн каалооңузбу? – деп сурап калды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүнүн каалоосу менен түшкөнүн айтты эле, тиги: Андай болсо, менде бир пикир бар. Биз бул жердеги кудуктардын аркы өйүзүнө жайгашканыбыз оң. Анткени мындан ары кудук жок. Эгер биз бул кудуктарга келчү жолду тосуп алсак, Мекке тараптан келгендер ай талаада суусуз калары бышык. Бул аларга бизге караганда коркунучтуураак жоо болот" - деди. "Асыл – таштан, акыл – жаштан" деп бекер айтылбаса керек. Отуз үч жаштагы Хубабдын пикири баарына майдай жакты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да ага макул болуп, дал ошол Хубаб айткандай жайгашууга буйрук берди. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул ишинен, кээде

[1] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 2-том, 359-бет.

[2] Анфал сүрөсү, 7-аят.

аскер башчы аскерин, мүдүр кызматчысын угуп, анын ою туура болсо ага баш ийүү кажет экенин байкоого болот.

Саьд бин Муаз баш болгон бир топ сахаба Курманын бутактарынан кичинекей алачык жасап жиберишти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ошол алачыктын жанына жайгашып, намаз окуп, дуба кылуу үчүн ага кирип турмак болду.[1] Көп узабай чаңы асманга сапырылган Курайш аскери көрүндү. Миңдеген туяктан көтөрүлгөн чаң уюлгуп, аптаптуу күндө пайда болгон закымдын түпкүрүнөн деңиз толкунундай чоң караан улам жакындап, көргөн көздүн үшүн алат. Аларга үңүлө караган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) күбүрөнө дуба кылды: "Оо, Жараткан, мына Сенин сөзүңө каршы чыккан, пайгамбарыңды жалганчы дешкен Курайш каапырлары жакындап келет. Эми убада кылган жардамыңды бере көр...".

Курайштар сан жагынан да, курал жагынан да күчтүү болчу. Ошого карабастан алардын жүрөгүндө кооптонуу бар эле. Анткени мусулмандардын өтө тез оожалганы, бат көбөйгөнү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жөнөкөй адам эмес экенин аларга сездирген эле, ал тургай алардын көбү анын чыныгы пайгамбар экенине да ишенишчү. Ошол себептен кээ бирлери бул согушту болтурбай коюунун айласын да издеп көрүштү. Бирок желкесине шайтан минип алган Абу Жахил аларга такыр көнбөй койду. Кыясы, көрөсөң бар го дегендей, Абу Жахил ушул уруштан бир нерсени көрөт окшоп калды.

Мусулмандар түндү ибадат жана дуба менен өткөрүштү. Алла Таала алардын жүрөгүнө бейпилдик салды. Мемиреп уктап баратышканда себелеп жамгыр жаап өттү. Бул учурду Алла Таала Куранда мындайча сүрөттөйт: **"Ошондо силерге Өзүнүн тынчтык жана бейпилдигин түшүрүү менен уйку тартуулады. Жүрөгүңөрдү, кадамыңарды аны менен бекемдеп, шайтандын азгырыгынан сактап, таза болууңар үчүн асмандан жамгыр жаадырды".**[2]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) саждадан башын көтөрбөй, көз жашын агызып дуба кылып, ибадат менен алек болуп жатты. Алакан жайып: "Аллахым, бул жердеги бир ууч мусулманды Өзүң сактабасаң, эртең жер бетинде Сага ибадат кыла турган адам калбай калат" деп дуба кылып, көз жашын сүрттү. Үстүнө чопкут кийген Азирети Абу Бакр (Алла андан ыраазы болсун) анын колунан кармап: "Алла менен көшөрүп эсептештиң го, ия, Алланын элчиси" деп көңүл жубатып чыгып кетти.

Ал эми каапырлардын жөнү башкачараак болду. Ичип-жеп, аракка тоюп алган Абу Жахл баш болгон Курайш каапырлары түнү бою ырдап, бийлеп ызы-

---

[1] Имам Бухари, "Фатхул Баари", 17-том, 254-катар сандагы хадиске көз чаптырыңыз.

[2] Анфал сүрөсү, 11-аят.

чуу болуп чыгышты. Аларга карата Алла Таала бул аятты түшүрдү: **"(Эй, мушриктер!) Эгер Алладан (качан азап түшөрүн) сурасаңар, мына, силерге (каршы) жеңиш келди. Эгер (туура жолго тоскоол болуудан) тыйылсаңар, анда силерге жакшы. Эгер согушсаңар, Биз дагы согушабыз. Силер канчалык көп болсоңор да, силерге эч жардам бере албайт. Чынында, Алла ыймандуулар менен бирге".**[1]

Согуш башталчу күнү таңкы намазды окугандан кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын сабырдуулукка жана чыдамкайлыкка чакырып кутба кылды. Андан соң аларды сапка тизип, согуш тактикасын түшүндүрдү. "Сабыңарды эч бузбагыла, ар кимиңер өз ордуңарды сактагыла. Жакындай элек душманга жаа тартып ок коротпогула" деп насаат айтты. Саптын тегиздигине дагы бир сыйра көз жүгүртүп келе жаткан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Саваад бин Гузая аттуу сахабанын курсагын колундагы жебенин арты менен акырын түртүп: "Саваад, сапка түз тур" деп койду. "Оо, Алланын элчиси, курсагыма катуу сайдыңыз, мунун өчүн албасам, кыяматка калып калбасын" деди тиги курсагын кармалап. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дароо ага курсагын тосту. Тиги пайгамбарыбыздын курсагынан өөп, башын жөлөдү. "Бул эмне кылганың, Саваад, өч алмакчы эмес белең?" – деп сурады пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун). "Оо, Алланын элчиси, абал түшүнүктүү болуп турат, эгер мен бүгүн шейит болсом, менин денем акыркы жолу тийген нерсе сенин денең болсун" – деди Саваад, көзү жашылданып. Кошуун пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) буйругун гана күтүп туруп калды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алачыгына кирип дуба кылды: "Аллахым, бүгүн бир ууч мусулманды Өзүң сакта, болбосо жер бетинде сага ибадат кыла турган эч ким калбайт". Азирети Абу Бакр (Алла андан ыраазы болсун): "Оо, Алланын элчиси, Алла Таала сага берген убадасын аткарат" – деп жанына келди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алачыкта бир саамга унчукпай мемиреп отуруп калды. Анан жылмайган жүзү менен Азирети Абу Бакрга карап: "Абу Бакр, баарына сүйүнчүлө, Алланын жардамы келди. Мына, тизгинин кере тартып Жебирейил турат"[2] деди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кубанычы коюнуна батпаган мусулмандардын жанына, Алла Тааланын: **"Алар жакында жеңилишет жана артына карабай качышат. Жок, (алар ушуну менен эле кутулуп кетишпейт!) Кыямат – аларга азап убада кылынган күн. Кыяматтын азабы чоң жана ачуураак"**[3] деген аяттарын окуганча келди. Аларга бейишти эстетти, периштелердин түшкөнүн кабарлады. Бул учур

---

[1] Анфал сүрөсү, 19-аят.

[2] Ибн Абу Шайба, "Ал-Мугаази", 180-бет.

[3] Камар сүрөсү, 45-46-аяттар.

касиеттүү Куранда мындайча баяндалат: **"Силер Раббиңерге жалбарганыңарда, Ал силерге жооп берип: "Мен силерди катар-катар миң периште менен кубаттаймын" деди"[1], "Ошондо сенин Раббиң periштелерге: "Мен силер менен биргемин. Эми, ыймандууларды шыктандыргыла. Мен тез эле каапырлардын жүрөгүнө коркуу киргиземин. Силер да алардын моюндарына чаап, манжаларын кыйгыла" деп вахи кылды. Анткени алар Аллага жана Анын пайгамбарына каршы согушту. Ким Алла жана анын пайгамбары менен согушса, чынында, Алланы азабы катуу".**[2]

Маңдайында каз катар тизилип турган душмандарына үңүлө караган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын арасында кызыл төөгө минип алып ары-бери чапкылап жүргөн адамды көрсөтүп: "Булардын арасында акылдуусу эле ушул киши экен" – деди. "Ал киши Утба бин Рабия. Бул жерден согушпай кетип калууга башкаларды үгүттөп, бирок анысы ишке ашпай калды" - деп кошумчалады Азирети Хамза (Алла андан ыраазы болсун). Бул арада тигилердин бир эрдемсигени кудукту көздөй качырып кирип келбеспи. Бейкапар турган мусулмандар чочуп, эмне кыларын билбей калышты эле, эзели коркууну билбеген "Алланын арстаны" Хамза ага жете барып найзасы менен көмөлөтө сайып кетти. Ошентип согуш да башталды. Жөрөлгө боюнча алгач жекеге баатырлар чыгышты. Бутпарастардан Шайба бин Рабия, Утба бин Рабия жана Валид бин Утба чыкты. Мусулмандардан болсо, Хамза бин Абдулмуталиб, Али бин Абу Талип жана Убайда бин Хаарис чыкты.[3] Булар үчөө тең пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) туугандары б.а. Абдумуталиптин урпактары эле. Натыйжада, Убайда Утбага каршы, Хамза Шайбага каршы, ал эми Али болсо, Валидге каршы чыкмай болду. Эрөөл башталар замат каапырлардын үчөө тең сулап түштү. Мусулмандардан Убайда гана жаракат алды. Жаракаты оор болгондуктан кийинчерээк шейит болуп калды. Жекеме-жекеден жеңилип калганына арданган каапырлар качырып кирип келишти. Айыгышкан салгылашуу башталды. Кылычтар күн нуруна чагылып чарт-чурт. Ач кыйкырык, куру-сүрөөн, ат туягы дүбүрөп, коюу чаң асманга көтөрүлүп аба мунарыктап жатып калды. Маңдайдан аккан тер, чекеден аккан канга аралашып сакалдан ылдый чубуруп жатты, аны арчымакка убакыт кайда. Шилтенген кылыч, сунулган найза, атылган жебе, ыргытылган таш, аба

---

[1] Анфал сүрөсү, 9-аят.

[2] Анфал сүрөсү, 12-13-аяттар.

[3] Алгач мусулмандардан Нажжар уруусундагы Афраа атту аялдын эки уулу Муаз менен Ауф жана Абдулла бин Раваха аттуу акын киши жекеге чыккан болчу. Бирок бутпарастар: "Биз силер менен эмес, Абдумуталибдин уулдары менен согушабыз" деп, аларга чыгуудан баш тартышат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) озу да эрөөлгө мухажирлердин чыгуусун каалап турган болчу. Бутпарастардын баш тартуусунан кийин жогоруда айтылгандарды эрөөлгө чыгарды (котор.).

ышкырта келген чокмор баш, кымгуут түшкөн согуш талаасында ушулардын гана үнү.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) маңдайынан аккан терин сүртүп четке чыгып, жерден бир ууч топурак алды да, душман көздөй чачып: "Көзүңөргө көр топурак тыгылсын" дуба кылды. Бул окуя Куранда мындай сүрөттөлөт: **"Демек, (эй, мусулмандар) аларды силер өлтүрбөдүңөр бирок, Алла өлтүрдү. (Оо, Мухаммад, сен топурак) чачкан учурда сен чачкан жоксуң, Алла чачты. Өзү тарабынан момундарга сыноо болсун үчүн ушундай кылды. Чынында, Алла – Угуучу, Билүүчү".**[1]

Кырчылдашкан катуу кагылыш дагы канчага уланат эле ким билет, кокустан, уруш алоосуна май чачып турган Абу Жахил аттан кулады да,[2] согуштун кызуусу басаңдай түшкөндөй болду. Ага удаалаш Утба бин Робия, Умая бин Халаф[3] ж.б. баатыр кол башчылар сулады. Душман жеңилип бара жатканын эми даана сезди. Бири-бирине карабай артка сүрүлүп, чегинип, кача баштады. Мусулмандар аларды артынан сая түшүп кууган жок. Ошентип жетимиш адамынан, анын арасында кол башчысы Абу Жахилден ажыраган каапырлар, болуп көрбөгөндөй ыза жана кайгы менен Меккеге кайтышты. Ал эми мусулмандар ошол согуш болгон жерде, Бадрда үч күн туруп калышты. Шейит болгон он төрт сахабаны жерге беришти. Анан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Зайд бин Харисага өзүнүн төөсүн берип, Мадинадагы мусулмандарга жеңишти сүйүнчүлөө үчүн жиберди. Мадинадагы мусулмандар бул кабарга терисине батпай кубанышты. Ал эми мадиналык жөөттөр менен эки жүздүүлөр уккан кулактарына ишенбей, сыртынан кубанымыш болгону менен ичинен кайгырып кабыл алышты. Жетимишке жакын туткун, бир канча төөгө артылган олжо менен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага келди. Бул күн ошол жердеги мусулмандар үчүн гана эмес, Ислам дини үчүн чоң бурулуш болду.

Олжолор бөлүштүрүлгөндөн кийин кезек туткундарга келди. Аларды эмне кылуу керектиги тууралуу вахи түшкөн эмес эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адаттагыдай эле сахабаларын кеңешүүгө чакырды. Алардын пикири боюнча барымтага акысын алып бошотуп жибермек

---

[1] Анфал сүрөсү, 17-бет.

[2] Абу Жахилди жогоруда айтылган Афраа атуу аялдын Муаз жана Муаввиз деген балдары өлтүргөн болчу. Баса бул согушка Афраанын бой жетип толуп турган жети уулу катышкан эле (котор.).

[3] Умая бин Халаф динге душмандык кылууда Абу Жахилден кем калбаган ашынган каапыр эле. Аны пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) азанчысы катары белгилүү болгон Билал бин Рабах өлтүрөт (котор.).

болду.[1] Анан качан алардын туугандары келип акысын төлөп бошотуп кеткенче ар кимиси кармап турмак болушту. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) туткундарга жакшы мамиле жасап, тамак-аш, кийим-кече берүүнү буйруду. Мусулмандар өздөрүнө тийген туткундарга пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) буйругандай мамиле кылышты. Алардан, тагыраагы душмандарынан мындай мамилени күтпөгөн каапырлардын көбү мына ошол туткундан азат болгонго чейин эле динди кабыл кылып, мусулман болуп калышты.[2]

Бадр согушу Ислам тарыхындагы маанилүү окуя болуп калды. Бул согуштан кийин абал өзгөрүп, динге киргендердин саны өтө ылдамдык менен өстү. Алла Таала касиеттүү Куранда бул согуш тууралуу көптөгөн аяттарды түшүрдү. Төмөндө алардын кээ бирлерине токтолобуз: **"Ошол сыяктуу Раббиң**

---

[1] Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ушул кеңешүүсү тууралуу башка булактарда мындай баяндалат: кеңешүүгө чогулган сахбалардын ичинен Азирети Абу Бакр (Алла андан ыраазы болсун): "Булар биздин эле туугандарыбыз. Булардын ар биринин куну канча болсо ошончо акы алып, эркиндикке чыгарып жиберели" – дейт. Азирети Умар (Алла андан ыраазы болсун) болсо: "Жок, булар Аллага жана Анын элчисине каршы аттанып чыгышты. Буларга кечирим болбойт. Баарынын башын кыя чабуу керек" – дейт. Башка сахабалар да кээси Азирети Абу Бакрдын пикирин колдосо, кээси Азирети Умардын пикирин колдоп эки ача пикирде болуп калышат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) чатырына кирип, бир канча убакыт отуруп чыгат да Азирети Абу Бакрга карап: "Сен кудум эле Ибрахим пайгамбарга окшошсуң, ал Аллага кайрылып: "Мага каршы чыккан адамды да, баш ийген адамды да, эгер кааласаң кечиресиң. Анткени Сен кечиримдүү жана Мээримдүүсүң" деп айткан эле. Ошондой эле сен Иса пайгамбарга да окшошсуң. Ал дагы Аллага кайрылып: "Эгер аларды азаптай турган болсоң, алар Сенин Өзүңдүн пенделериң. А эгер аларды кечире турган болсоң, кудуреттүү, баардык нерсени даанышмандыгы менен жараткан Сен экениңде эч кандай шек жок" деген" – деп айтты да, анан Азирети Умарга кайрылып: "А, сен болсо, Умар, кудум эле Нух пайгамбарга окшоп кетесиң. Ал Аллага: "Оо, Жараткан, жер бетине бир дагы каапырды калтырба" деп дуба кылган. Баса, сен Муса пайгамбарга да окшойсуң. Ал дагы Аллага: "Алардын мал-мүлкүн кыйрат. Алардын жүрөктөрүн катуу кыс, алар азапка кириптер болмоюнча ыйманга келбейт" деп дуба кылган" – деди да, өзүнүн пикирин айтты: "Мен өч алуу үчүн эмес, ырайым кылуу үчүн жиберилгенмин. Туткундарга жакшы мамиле жасагыла. Аларга акысын алып, боштондука чыгаргыла". Кийин алардын көбү мусулман болуп динди кабыл алат. Кээлерин акысын төлөп туугандары алып кетет. Кээлери мусулмандардын балдарына окуу жана жазууну үйрөтүп, анан эркиндикке чыгышат (котор.).

[2] Туткундардын арасында пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) атасы Абдулланын бир тууганы Аббас да бар болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) агасына кайрылып: "Сиздин байлыгыңыз көп, бир туугандарыңыздын уулдары Укайл бин Абу Талип менен Науфал бин Хариске да кундарын төлөп, бошотуп алыңыз" деп суранат. Аббас болгону сегиз жүз алтын динары болгондугун, анысы да согушта олжолонуп кеткени айтат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "А, тиги аялыңыз Умму Фазлга каттырып койгон алтындарчы? Уулдарыңыз Абдуллага, Убайдуллага жана Кусамга бересиң деп керээз кыган алтындарды эмне үчүн айтпайсыз? – деп сурайт. Муну укканда Аббас шаштысы кетип, келме келтирип мусулман болот. Бирок каапырлардан сактануу үчүн мусулман болгондугун ачыкка чыгарбайт. Меккеге келгенден кийин, анда болуп жаткан иштер тууралуу пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабарлап турат.

**сени акыйкат менен үйүңдөн (согушка) чыгарганда, момундардан кээ бирөөлөрү муну жактырбай турушту. (Алланын өкүмү) анык болгондон кийин деле, өлүмгө айдалып бараткансып, карап туруп сени менен талашып жатышат! Алла силерге эки тайпанын бирөөсүн (олжо) болуусун убада кылды эле, силер курал-жарагы жогу болушун кааладыңар. Алла болсо, Өзүнүн (өкүм) сөздөрү менен акыйкатты орундатууну жана каапырлардын “артын кыркып коюуну” каалады. Эгер бутпарастар жаман көрсө да, (Алла) жалганды жоюп, акыйкатты орнотуу үчүн (ушундай болуусун каалады.) Силер Раббиңерге жалбарып, дуба кылганда, Ал силерге жооп берип, (пайгамбарына): “Мен силерди катар-катар миң периште менен кубаттаймын” деди. Муну Алла (силердин рухуңарга) шаттык (деми) кылып жана аны менен жүрөгүңөр тынчтануусу үчүн жасады. Жеңиш - Алладан гана. Чынында Алла – Кудуреттүү, Даанышман. Ошондо, (Алла) силерди, Өзү тарабынан тынчтык-бейпилдик болушу үчүн (көз ирмемдик) уйку менен ороду жана жүрөгүңөрдү, кадамыңарды аны менен бекемдеп, силерден шайтан азгырыгын кетирип, таза кылуу үчүн үстүңөргө асмандан жамгыр жаадырды. Ошондо, (оо, Мухаммад) Раббиң периштелерге: “Мен силер менен биргемин. Эми, ыймандуу адамдарды шыктандыргыла! Мен тез эле каапырлардын жүрөгүнө коркуу саламын, силер дагы алардын моюндарына чаап, ар бир манжаларын кесип таштагыла!” - деп вахи кылды. Мунун себеби; алар (каапырлар) Аллага жана пайгамбарына каршы согушту. Ким Алла жана пайгамбары менен согушса, чынында, Алланын азабы катуу! Ушул силердин жазаңар! Анын (азабын) таткыла! Акыйкатта, каапырларга тозок азабы бар! Оо, момундар! Эгер чабуулга өткөн каапырларга жолуксаңар, аларга артыңарды салып качпагыла! Ким ошол күндө аларга артын салса, Алланын каарын сатып алган болот жана анын жайы - тозок! Ал кандай жаман орун! Бирок, согуш эрежесин өзгөртүү же болбосо, (башка бир) жамаатка кошулуу максатында артын салса (анда качкан болуп эсептелбейт жана күнөө болбойт). (Оо, момундар!) Аларды силер өлтүрбөдүңөр бирок, Алла өлтүрдү. (Оо, Мухаммад) чачканда сен чачканың жок, Алла чачты. Өзү тарабынан момундарга жакшынакай сыноо болсун үчүн (ушинтти). Чынында, Алла - Угуучу, Билүүчү. Ушул жеңишиңер (Алладан) жана Алла акыйкатта, каапырлардын амалдарын алсыратуучу. (Эй, мушриктер!) Эгер Алладан («качан азап түшүрөт» деп) сурасаңар, мына, силерге (каршы) жеңиш келди. Эгер (туура жолго тоскоол болуудан) токтолсоңор бул силерге жакшы. Эгер (согушка) кайтсаңар, биз дагы кайтабыз. Анда жамаатыңар канча көп болсо да, силерге эч жардам бере албай калат. Чынында, Алла момундар менен!"[1]**

[1] Анфал сүрөсү, 5-19-аяттар.

Дагы бир аятта минтип айтылат: "**Эгер силер Аллага жана пендебизге түшүргөн нерсеге (Куранга) ишенген болсоңор, билип алгыла, (ак менен кара) ажыратылган жана эки (аскердик) жамаат жолугушкан күндө, олжого алган нерсеңерден бештен бир бөлүгү – Аллага жана пайгамбарына, (калганы) тууган-уруктарга, жетимдерге, кедейлерге жана мусапырларга. Алла ар нерсеге Кудуреттүү. Ошондо (Бадр согушу болуп, олжо алынган күндө) силер (Мадинага) жакын жерде, алар (бутпарас аскерлери) алысыраак жерде, ал эми, кербен силерден төмөнүрөөк (деңиз) тарапта эле. Эгер силер (согуш болоор орун жана убакыт жөнүндө мурдатан) убадалашсаңар убадада келише албаган болот элеңер. Бирок, Алла (өз тагдырында) болуп калган ишти болтуруп, өлгөндөрдү далил менен (каапырчылыкты тандаганы үчүн) өлтүрүү үчүн жана тирүү калгандарды да далил менен (ыйманга келгендери себептүү) тирүү калтырыш үчүн (силерди күтүлбөгөн жерден жолуктуруп койду) Чынында Алла Угуучу, Билүүчү. Ошондо, (оо, Мухаммад!) Алла сенин түшүңдө аларды (бутпарас аскерлерин) аз сандуу кылып көргөздү. Эгер көп кылып көргөзсө (жана сен муну сахаабаларыңа айтсаң) муунуңар бошоп, (көпчүлүгү согушууну каалабай) иште талашып калмаксыңар. Бирок, Алла сактады. Чынында, Ал көкүрөктү ээлеген сырларды Билүүчү. Ошондо, (оо, мусулмандар), силер жолуккан кезде, Алла (тагдырында) болуп калган ишти аткаруу үчүн көзүңөргө аларды аз көргөзүп, силерди алардын көздөрүнө көп көргөздү. Иштердин бардыгы Аллага кайтат".**[1]

Бадр согушу Мекке бутпарастарын мусулмандар жеңип алган алгачкы согуш болду. Бул кабар чөл элдерине шамалдай таркады. Эми бул чөлкөмдөгү элдин баары мусулмандардын күчкө толуп келе жатканына бөркүндөй ишенип калышты.

## Кайнука уруусу менен болгон казат:

Бадр жеңиши мусулмандар үчүн да, Курайш каапырлары үчүн да мындан кийинки жашоо нугун өзгөртө турган окуя болду. Мусулмандардын жеңиши чөл элине шамалдай тарап, жарым аралдын бул чөлкөмүндө эми аларга тең ата болчудай эч ким жок экенин далилдеди. Мындай абал мусулмандарга, алардын динди дагы кенен жайылтуусуна оңтойлуу шарт түздү. Ал эми Курайш каапырларында абал башкача. Алар мурдуна таш тийген торпоктой болуп тынчып калбасы бышык эле. Жеңилүү ызасы канын кайнатып, көралбастык, ич күйдүлүк күчөп, эми алардын душмандыгы мурдагыдан да көбөйдү. Ачыктан-ачык болобу, жашыруун болобу, кыскасы мусулмандарды көргөн жерде өлтүрүп, кубалап, талап-тоноп, айтор колунан келгенин жасай башташты. Мына ушундай майда-чүйдө уруш-талаштарды эске албаганда Бадр согушунан

[1] Анфал сүрөсү, 41-44-аят.

кийинки, айтпаса болбой турган дагы бир казат Кайнука уруусу менен мусулмандардын ортосунда болду.

Мусулмандардын Бадрдан жеңиш менен келүүсү Мадинадагы жөөттөрдү ийне менен сайгандай эле чочутту. Негизи Мадинада жөөттөрдүн үч уруусу жашайт эле: Курайза, Надыр жана Кайнука уруулары. Булардын ичинен Кайнука уруусу алтын-күмүш менен иш алып барып, зергерлик кылып бай жашоочу жана Мадинада өздөрүн ак сөөк катары сезчү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага көчүп келгенде жалпы жөөт уруулары менен катар Кайнука уруусу менен да тынчтык келишимин түзгөн. Жөөттөр исламдан кабары бар калк болгон. Алардын илгерки китептеринде акыркы пайгамбар жана акыркы дин тууралуу айтылган болчу. Ошого карабастан алар динге кирбеди. Куранда да жөөттөр тууралуу өтө көп айтылган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир канча жолу аларга даават кылып динге чакырды. Бирок алардын өтө азы гана динге кирди. Динге киргендердин арасында Абдулла бин Сулам бар болчу. Бадр согушунан кийин да пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Кайнука базарына барып, андагы жөөттөргө: "Алладан корккула, Курайш каапырларынын башына түшкөн кайгыга силер да кириптер болуп калбагыла. Силер менин пайгамбар экенимди жакшы билесиңер, динди кабыл кылгыла" деп кайрылат. Жөөттөр кайдан сөз уксун: "Эй, Мухаммад, сен согушканды билбеген бирөөлөрдү жеңип алып кыйын болбо. Бизди аларга теңебе, биз согуш ишин жакшы билген элбиз" деп, моюн толгойт.[1] Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Кайнука уруусуна ырайым кылып, туура жолго үндөп эскерткенине алар ушинтип тескери жооп беришти. Бул окуядан кийин Алла Таала: **"Каапыр болгондорго: "(Бул дүйнөдө) шек-күмөнсүз жеңилесиңер, (акыретте болсо) тозокко топтолосуңар. Ал эң жаман жай"**[2] деген аятты түшүрдү. Ушинтип Кайнука жөөттөрү мусулмандар менен түзгөн келишимди алгачкылардан болуп бузушту. Дал ушул күндөрү жөөттөр менен мусулмандардын ортосунда быкшып турган отко май чачкан окуя болду. Мусулман аялдардын бирөөсү Кайнука жөөттөрүнүн дүкөнүнө кирип калат. Андагы жөөттөр анын бетин ачмакчы болуп жоолугун тарткылап тийише баштайт. Аял жерге отура калып бетин жабат. Бирөөсү тикенек менен анын этегин далысына тепчип коёт. Аял ордунан турганда этеги көтөрүлүп калат. Жөөттөр аны шылдыңдап кыраан-каткырык салат. Ызасына чыдабаган аял катуу кыйкырып жиберет. Дүкөндүн жанынан өтүп бара жаткан мусулмандардын бири чуркап келип, уруш башталып кетет. Натыйжада, жөөттөрдүн бири менен жанагы мусулман каза болот. Ушинтип мусулмандар менен жөөттөр эки араан болуп тирешип калышат. Ушул мезгилде урушка уруксат берилген: **"Эгер (сени менен**

---

[1] Ибрахим Али, "Сахих ас-Сиро", 197-бет.

[2] Аалу Имран сүрөсү, 12-аят.

**келишим түзгөн) коомдун кыянат кылуусун байкасаң, убада-келишимди таштап сал. (Келишим бузулганын силер да, алар да) бирдей билгиле. Чынында, Алла кыянатчыларды жакшы көрбөйт"**[1] деген аят түшкөнү айтылат.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тездик менен мусулман аскерлерин топтоп Кайнука уруусунун оторуна жөнөйт. Алар отурукташкан жерин айланта курчаган чебине бекинип, урушка чыкпай коюшат. Мусулмандар чепти он беш күн курчап жатышат. Буга чейин жөөттөр менен жең ичинен байланышып, мусулмандарга каршы согушка даярданып жүргөн эки жүздүүлөр, жөөттөрдүн мындай абалга кириптер болгонуна чочулап, аларга кандай жардам берүүнүн айласын издей баштады. Эки жүздүүлөрдүн башында турган Абдулла бин Убай пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келип аларды бошотууну суранат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) негизи эле аларды өлтүрүүнү каалаган эмес эле. Абдулла бин Убайдын бир канча жолу өтүнүчүнөн кийин, курчоону бошотуп, үч күн аралыгында жөөттөрдүн Мадинадан чыгып кетүүсүн талап кылды. Көздөрүнө өлүм элестеп, эмне кылар айласын таппай турган жөөттөр кубанып Шам тарапка чыгып кетишти.

Абдулла бин Убай менен болгон окуя тууралуу Алла Таала төмөнкү аяттарды түшүргөн: **"Оо, ыйман келтиргендер! Жөөттөр менен христиандарды дос тутпагыла! Алар бири-биринин досу. Силерден кимде-ким аларды дос тутса, демек, ал - ошолордон! Албетте, Алла залым адамдарды туура жолго баштабайт! Анан сен (Мухаммад), жүрөгүндө (эки жүздүүлүк) оорусу бар адамдардын, алар (жөөттөр) тарапка умтулуп: "(Эгер буларды дос тутпай койсок) бизге ооматсыздык жетип калуусунан коркобуз" дегендерин көрөсүң. Алла жеңишти же болбосо, Өзү тарабынан (аларды шерменде кыла турган) бир ишти берип калгысы бардыр. Ошондо алар (эки жүздүүлөр) жүрөктөрүнө каткан арам ойлоруна бушайман болуп калышат. Ыйман келтирген адамдар (эки жүздүүлөрдүн жосунсуз жоруктарынан кыжырданып): "Кайра-кайра ант ичип: "Биз силер мененбиз"- дегендер ушуларбы?! дешет. Алардын иштери (дүйнөдө) текке кетти жана (Акыретте) зыян тартуучуларга айланышты. Оо, ыймандуулар! Силердин араңардан кимде-ким双 дининен кайтса, жакын арада (аларды кетирип, ордуна) Алла аларды сүйө турган, алар дагы Аны сүйө турган, ыймандууларга ырайымдуу, каапырларга каардуу, Алланын жолунда (мал-жандарын аябай) жихад кыла турган жана айыптоочу адамдардын ушактарынан коркпогон бир коомду алып келет. Бул – Алланын пазилети, аны каалаган пенделерине берет. Алла (жакшылыкта) Кенен жана Билүүчү. (Оо, ыймандуулар!) Силердин досуңар - Алла, Анын**

[1] Анфал сүрөсү, 58-аят.

**пайгамбары жана ыйман келтирген адамдар. Алар моюн сунган абалда намазды толук аткарышат жана зекетти беришет. Ким Алланы, Анын пайгамбарын жана ыймандуу адамдарды дос тутса, (алар Алланын жамааты болуп саналат). Албетте, Алланын жамааты гана жеңиүүчү! Оо, ыймандуулар! Силердин диниңерди шылдың кылып алган каапырлар менен силерден мурда Китеп берилгендерди дос тутпагыла! Эгер момун болсоңор, Алладан корккула!"**[1]

Кайнука жөөттөрү кабылган балээ Мадинадагы башка жөөттөрдүн да шагын сындырды. Башка уруу болгону менен түбү бир эмеспи, аларга жардам колун узата албаганына өкүнүп, анан да алардан калган курал-жарак, мал-мүлккө мусулмандардын ээ болгонуна ичи тарып, бирок алсыздыгынан унчуга албай кала беришти.[2]

## Азирети Али менен Фатиманын үйлөнүүсү (Алла ал экөөнө ыраазы болсун):

---

[1] Маида сүрөсү, 51-57-аяттар.

[2] Бул окуя хижранын экинчи жылында болгон. Мындан сырткары бул жылы биз билип ала турган дагы бир канча окуялар болуп өткөн, алар: 1) Рамазан айында орозо кармоонун парз болуусу. Хижраттан 18 ай өткөндө Алла Таала орозону парз кылган Бакара сүрөсүнүн 183-185-аяттарын түшүргөн. 2) Ушул эле жылы Рамазан айында садага битир милдеттендирилди. 3) Рамазан айы бүткөндө алгачкы орозо айт намазы окулган. 4) Ушул эле жылы зекет берүү парз кылынган. 5) Бадр согушунан мурда катуу ооруга чалдыккан Рукуя согуштан коп узабай каза болот. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүйүктүү кызы, Азирети Усмандын жубайы Рукуянын сөөгүн Умму Айман жууп, жаназасын Азирети Усман өзү окуган. 6) "Савик" окуясы болуп өткөн. Меккелик бутпарастардын башчысы катары эсептелген Абу Суфян Бадр согушунан кийин мусулмандардан өч алууну ниет кылат. "Мусулмандардан өч алмайынча, аялдарыма жакындабайм, жуунбайм, жыпар жыттууларды сүртүнбөймүн" деп ант ичип алаган Абу Суфян эки жүз атту аскери менен Мадинага жакындап келет. Мынча аскери менен мусулмандарга кол сала албашы белгилүү дечи, берген антын аткаруу үчүн жолго чыгып, Мадинадан үч чакырым аралыкта жашаган мусулмандардын эки үйүн, курма багын өрттөп, эки мусулманды өлтүрүп кайра артына качып кетет. Кабар уккан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир топ адам менен алардын изине түшөт, бирок токтобой кеткен душманга жете албай калат. Бутпарастар качып бара жатканда оор болгондуктан азык кылып алган куурулган буудайланы ар кайсы жерге төгүп-чачып кеткендиктен, бул окуя "Савик" (куурулган буудай) деп аталып калган. 7) Алгачкы курман айт намазы окулуп. Курмандык чалынган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) азан жана икоомат айтпастан эки ирекет айт намазын окуп, анан кутба айтат. Анан эки кочкорду алып келип, биринчисин курмандык чалып: "Аллахым, бул Сенин Жалгыздыгыңа ыйман келтирген жалпы үммөт үчүн" дейт. Экинчисин курмандык чалып: "Аллахым, бул болсо Мухаммад жана анын үй-бүлөсү үчүн" дейт. Исламдагы алгачкы курмандык ушундайча чалынган. 8) Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кызы Зейнеп Мадинага келет. Мусулмандар Мадинага көчүп жатканда Зейнептин күйөөсү Абу ал-Аас ага көчүүгө уруксат берген эмес эле. Бадр согушундаал мусулмандарга туткун болуп калат. Туткундан бошотулгандан кийин Абу ал-Аас Зейнептин Мадинага кетүүсүнө уруксат берет. Эки сахаба Меккеге барып Зейнепти алып келишет (котор.).

Фатима пайгамбарыбыздын сүйүктүү кыздарынын бири, эң кенжеси. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дүйнөдөн өткөндөн кийин бир канча ай жашап, анан дүйнө салган. Пайгамбарыбыздан хадис айтып калтырган. Мына ушундай себептерден улам Фатима башка кыздарына караганда көбүрөөк айтылып, көбүрөөк эскерилет. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) урук-насили да мына ушул кызынан уланган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ал тууралуу: "Фатима – бейиш аялдарынын хан айымы",[1] "Фатима - менин боор этим, ким аны капа кылса, мени капа кылат"[2] деп айтканы бар.

Фатима пайгамбарчылык башталардан эки жыл илгери төрөлгөн. Меккеде пайгамбарыбыз тарткан азаптарды кош тарткан. Анын кадыр-баркы тууралуу көптөгөн хадистер айтылган. Айша энебиз (Алла андан ыраазы болсун): "Атасынан кийин эле Фатимадан өткөн жакшы адамды көрбөдүм"[3] деп айткан. Дагы бир сөзүндө Айша энебиз минтип айтат: "Бир жолу Фатима биздикине келе жатты. Анын басканы кудум эле атасынын басканындай болчу. Алланын элчиси аны: "Кош келипсиң" деп тосуп алып оң жагына отургузду. Анан ага акырын бир нерсени айтты эле, Фатима ыйлап жиберди. Анан дагы бир нерсени шыбырады. Бул жолу Фатима көңүлү ачылып, күлүп жиберди. Кайгы менен кубанычтын мынчалык жакын болгонун өмүрүмдө көргөн эмес элем. Фатимадан мунун сырын сурасам, ал: "Мен атамдын сырын ачпайм" деп айтпай койду. Кийин атасы каза болгондон соң дагы сурасам, минтип жооп берди: "Атам мага биринчи шыбыраганда, ага Жебирейил периште келип жыл сайын бир жолу Куранды кайталап берерин, быйылкы жылы болсо эки жолу кайталаганын, бул анын ажалы жакындаганын билдирерин, мен дагы көп узабай анын артынан барарымды, өзүнүн менден илгери кеткенине кубанып жатканын айтты. Мен кармана албай ыйлап жибердим. Ошондо: "Сен эмне, аялдардын бейиштеги хан айымы болууну каалабайсыңбы?" деди. Мен кубанганымдан күлүп жибердим".[4]

Фатима пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен бирге Мадинага көчүп келгенде бойго жеткен курагы эле. Бул убакта Азирети Али да баралына толгон учур болчу. Азирети Али пайгамбарыбызга туугандык жагынан да, ыйман жагынан да эң жакын адам эле. Пайгамбардын үйүндө тарбияланып, балдардын арасынан динди биринчи болуп кабыл алган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага хижрат кылганда, жанын тобокелге салып анын үйүндө жалгыз калган, Алланын

---

[1] Имам Бухари, " Сахил ал-Бухари", 4-том, 209-бет.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари",4-том, 210-бет.

[3] Ибн Хажар, "Ал-Исааба", 4-том, 378-бет.

[4] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", "Пайгамбардын оорусу жана өлүмү" бөлүмү, 5-том, 138-бет.

элчисине эң жакын, жакшы көргөн, өзгөчө орду бар адамы эле. Азирети Али Фатимага жуучу болууну ниет кылып, бирок уялгандыктан мунусун ачыкка чыгара албай жүрдү. Фатимага жуучу болгондор көп эле. Бирок пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга жумшак жооп берип, Фатиманы Алиге берүүнү ниеттенип жүргөн. Акыры Азирети Алини жанындагы кошуналары шыктандырып, Алланын элчисине киргизишет. Өзүнүн жуучуга киргендеги кызык абалын ал минтип баяндайт: "Алланын элчисинин жанына отургандан кийин ага эч нерсе айта албасымды түшүндүм. Унчукпай отура бердим эле: "Эмне жумуштап келдиң?" – деп сурады Алланын элчиси. Унчуга албадым. "Фатимага жуучу түшүп келбедиң беле?" – деди ал менин сырымды окуп алгансып. Мен: "Ооба" дегенге араң жарадым. "Сенде никеде ага тартуулай тургандай бир нерсең барбы?" – деп сурады. "Жок" - деп жооп бердим. "Мен сага берген чопкут кайда?" – деди. "Ал менде сакталуу" - дедим. "Анда ошону тартуу кыл" – деди".[1] Анан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кызына Азирети Алинин жуучулугу тууралуу кабар берди эле кызы унчуккан жок. Мындан кызынын макулдугун билди. Бир айтымда, Азирети Али Мадинанын сыртынан отун алып келип сатып, үйлөнүү тоюна даярданганы айтылат. Бул, ары берекелүү, ары жупуну болгон тойго мухажир жана ансарлардан саналуу гана адамдар катышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) даарат алып, нике кыйып, анан: "Аллахым, буларга береке бергин, булардын урпак насилин да берекелүү кылгын" деп бата берди.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кыз-күйөөсү өзүнө жакыныраак жерде туруусун каалаган эле. Муну баамдаган Хаариса бин Нуьман деген мадиналык сахаба мечитке жакын жердеги бир бөлмөлүү үйүн тартуу кылды. Пайгамбарыбыз аны кабыл кылып, Айша энебиздин бөлмөсүнүн түндүк тарабында жайгашкан бул бөлмөдө Азирети Али Менен Фатима энебиз жашап калды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын үйүнө зыярат кылып, акыл-насаатын айтып, батасын берип, кабар алып турчу. Мына ушул үйдө бейиштин мырзалары болгон Хасан менен Хусайн жана Умму Кулсум, Зайнаб деген кыздар төрөлдү. Азирети Али менен Фатима баш кошкондон тартып, жупуну, кичи пейил үй-бүлө болуп жашоо кечиришти. Азирети Али (Алла андан ыраазы болсун) мүмкүнчүлүгүнө жараша үй-бүлөсүн бакты, алардын кам-пикири тамак, же кийим эмес эле, алар дин үчүн жашап, дин үчүн кам-пикирде болушту. Бир жолу Фатима жумушунун көптүгүн айтып, Азирети Али экөө кызматчы алууну каалаганын пайгамбарыбызга билдиришкенде, пайгамбарыбыз ага макул болбой, аларга атайын зыярат кылып келип, башына тартса, бутуна, бутуна тартса башына жетпеген төшөгүнө отуруп: "Силерге силер сураган нерседен пайдалуураак ишти айтайын, жатаар

---

[1] Ибн Саьд, "Ат-Табакат", 8-том, 21-бет.

мезгилде отуз жолу тасбих, отуз үч жолу тахмид жана отуз төрт жолу такбир[1] айткыла"[2] деп осуят кылды.

Башка үй-бүлөлөр сыяктуу эле бул үй-бүлөдө да казан аяк кагышып калчу. Кээде алардын абалы пайгамбарыбызга чейин жетип, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды жараштырып койчу. Ибн Хажар жазат: Бир жолу Азирети Али менен Фатима таарынышып калып, Алланын элчиси келип аларды жараштырып чыкты. Ага: "Киргенде кабагыңыз бүркөө эле, чыкканда жылмайып кубанычтуу чыктыңыз" – дейт сахабалардын бири. "Мен үчүн эң сүйкүмдүү эки адамды жараштырсам, кантип кубанбайын" – деп жооп берет Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун).

Умму Салама (Алла андан ыраазы болсун) айтат: Алланын элчиси менин үйүмдө отурганда ага **"Үйүңөрдө отургула. Мурдагы караңгы доордогудай жасанбагыла. Намаз окуп, зекет берип, Аллага жана пайгамбарына моюн сунгула. Чындыгында, оо, пайгамбардын үй-бүлөлөрү, Алла силерден кыжалаттыкты кетирүүнү жана (ушак-айыңдан) таза сактоону каалайт"**[3] деген аяттар түштү. Алланын элчиси бул аяттарды Фатима, Али, Хасан жана Хусайнге окуп берип: "Мына ушулар менин үй-бүлөм" – деп айтты".

Мындан сырткары аятта жалпы үй-бүлө тууралуу, тагыраагы пайгамбарыбыздын аялдарынын баары анын үй-бүлөсү экени айтылган. Аяттын башталышы дал ушул момундардын энелери болгон пайгамбарыбыздын жубайларына тиешелүү болчу. Ал эми аларды көрө албаган шия агымындагы кээ бирөөлөр аят бир гана Азирети Алинин (Алла андан ыраазы болсун) үй-бүлөсүнө тиешелүү деп, башка аялдарын пайгамбардын үй-бүлөсүнөн эмес деп эсептешет. Бул жалган жалаа жана көралбастык. Ал эми пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Али, Фатима жана алардын балдарын үй-бүлөм деп айтканы, булар пайгамбардын үй-бүлөсү эмес деген күмөндөрдү жокко чыгаруу үчүн болгон. А чынында, аяттын башталышы, көрүнүп тургандай, пайгамбарыбыздын жалпы жубайларына тиешелүү.

## Ухуд согушу (Хижра, 3-жыл, Шаввал айы):

Бадрдагы жеңилүү ызасы Меккелик бутпарастарды тынч уктаткан жок. Бул согушта атасынан же баласынан же дагы бир жакынынан ажыраган бутпарастар Меккени түрө кыдырып элди мусулмандарга каршы аттанууга үндөп жатышты. Меккелик жөөттөр да жөн жатпай, бутпарастарды козутуп, күүлөп, шыктандырып согушка кызыктырып жатышты. Ал аз келгенсип

[1] Тасбих – Субханаллаах, тахмид – Алхамду лиллах, такбир – Аллаху Акбар деп айтуу (котор.).

[2] "Фатх ал-Баари", 12-том, 194-бет.

[3] Ахзаб сүрөсү, 33-аят.

Мадинадагы эки жүздүүлөр жең ичинен меккеликтер менен келишим кылып, эгер алар Мадинага басып киришсе, аларга курал-жарак, мал-жандыктан жардам берерин айтып жатышты. Бул эки жүздүүлөрдүн абалын Алла Таала минтип сүрөттөгөн: **"Каапырлар (башкаларды) Алланын жолунан тыюу үчүн мал-дүйнөлөрүн жумшашкан. Дагы жумшашат, бирок кийин (мындай кылгандары) өз баштарына балээ болот. Кийин жеңилишет да, каапырлар тозокко чогултулат".**[1]

Бирин-бири шыктандырып отуруп, акыры согушка аттануучу аскер да топтолду. Атчан, төөчөн, аял-эркек болуп жалпы үч миңден ашуун кошуун Меккеден Мадинаны көздөй аттанды. Кошуунду Абу Суфян бин Харб баштап чыкты.

Көп өтпөй пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеден кабар келет. Анда мусулмандарга каршы кошуун жолго чыкканы айтылган болчу.[2] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адатынча сахабаларын чогултуп кеңешме өткөрдү. Сахабалардын пикири эки ача болду. Кээ бири Мадинадан чыкпай бекем коргонолу десе, кээ бири душманды тосуп чыгып, озунуп кол салуу зарыл экендигин айтты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да биринчи пикирди жактап, Мадинадан чыкпай коргонууну каалап турган. Бирок сыртка чыгып ачык согуш өткөрүүнү каалагандар көпчүлүк болуп, акырында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга макул болду. Булар жалаң эр жүрөк жаштар, Бадр согушуна катыша албай арманда калган жана шейит болууну көздөгөн ыйманы курч сахабалар эле. Бир келишимге келген мусулмандар согушка даярдана башташты. Үстүнө оор чопкутун кийип, кылычын тагынып алдыга чыккан пайгамбарыбызды көргөндө сыртка чыгып согушалы деген сахабалар кыжаалат болуп: "Биз сиз үчүн тынчсызданып жатабыз, эгер кааласаңыз, сиз айткандай жайыбызда эле калалы" - дешти. Бирок бул жолу пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга макул болбоду: "Эгер пайгамбар согуш кийимин кийсе, согушмайынча аны чечүүгө болбойт" – деди ал.[3]

Мусулмандардын кошууну миңге чукул болду. Арасында эки жүзү гана соот, чопкут кийгени болбосо, башкасы жөнөкөй эле сапарга чыккан адамдардай эле. Кудай уруп ара жолдо Абдулла бин Убай баштаган үч жүзгө жакын эки жүздүүлөр кошуундан бөлүнүп Мадинага кайтып кетти. Абдулла бин Убай башта эле Мадинада калууну сунуш кылгандардын арасында болчу.

---

[1] Анфал сүрөсү, 36-аят.

[2] Бул кабарды Меккедеги пайгамбарыбыздын атасынын бир тууганы Аббас жиберген эле (котор.).

[3] Имам Ахмад бин Ханбал, "Ал-Муснад", 3-том, 351-бет.

Кайтканда да ошону шылтоо кылып: "Пайгамбар мен сыяктуу жашы улуулардын сөзүн укпай, жаш балдардын сөзүн укту, биз өлсөк да өз шаарыбызда өлөлү" – деди ал. Ошентип мусулмандардын саны жети жүздөй эле болуп калды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) душманды тосуп алуу үчүн Ухуд тоосун тандады. Ухуд тоосун артына калтырып аскерди анын этегине жайгаштырды. Маңдайындагы дөбөчөгө жааны мыкты тарткан адамдарды жайгаштырып, аларга Абдулла бин Жубайрды башчы кылды. Жаачыларды жайгаштырып жатып пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Силер ээлеген ордуңардан такыр жылбагыла. Биз жеңишке жетип, олжо жыйнай баштасак да ордуңардан козголбогула. Же жеңилип денебизди кузгундар чокулай баштаса да ордуңардан жылбагыла. Кыскасы, ордуңардан жыла көрбөгүлө!"- деп кулактарына куйду.[1]

Мусулмандардын туусун көтөрүүнү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мусаьб бин Умайрга тапшырды. Кошуунду дагы бир жолу сапка тизип текшерип, аларга согуштун оор болорун, согушта шейит кеткендерге Алланын бейиши убада кылынганын айтып шыктандырды. Кошуунга кошулуп келип алган жашы кичүүлөрдү кайра Мадинага кетирди.

Жер солкулдаткан душман колу да мусулмандардын маңдайына келип жетти. Кыйкырык, ызы-чуу, сүрөөн менен коштолуп келген душман кошууну мусулмандардан үч эсе көп эле. Эркектер пайгамбарды жана мусулмандарды кырып-жоюп жиберүүгө шашылып, аялдар болсо аларга шыкак берип андан бетер күчөтүп жатты. Эки кол беттешип калды. Асманда кузгундар айлана баштады. Кайсы бир жерде ушундай эки чоң караан бет келгенде, ал жерде буларга чокуп-чолуганга тамак кеңири болорун булар ички туйгусу менен сезе билишет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кылычын колуна кармап: "Бул кылычтын акысын ким төлөсө ошого берем" – деди. Абу Дужана Саммак бин Хурша деген сахаба: Мунун акысы эмне? – деп сурады. "Бутпарастардын моюндарын кыя чабуу" – деди пайгамбарыбыз. Абу Дужана макул болуп кылычты колуна алды. Чөнтөгүнөн бир байлам кызыл чүпүрөктү алып чыгып, аны менен башын бекем бууду да, кылычын ойноктото баштады. Пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун): "Бул көрүнүш Алланы жана Анын элчисин ачууландыра турган көрүнүш, бирок азыркыдай учурда андай эмес" – деп ага ыраазылыгын билдирди. Ошентип согуш башталды. Эки кол беттешип, аралашып кетти. Абу Дужана, Хамза ж.б. эр жүрөк баатырлар бутпарастардын бет келгенин сулатып алдыга жылып баратты.[2] Бутпарастардын сабы бузулуп, мусулмандардын сүрүнөн корккон кээ бирлери артка чегинип, алдыга жүткүнгөнү кылыч мизине же найза учуна илинип кулап жатты. Карс-

---

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", "Ухуд казаты" бөлүмү, 5-том, 31-бет.

[2] Бадрда мусулмандар "Ахад, Ахад" (Алла Жалгыз, Алла Жалгыз) деп ураан чакырышкан эле, бул жолу "Амит, Амит" (өлтүр, өлтүр) деп ураан чакырышты (котор.).

курс, чак-чук, кылычтар шилтенип, калкандар кагышып, баш жарылып, бут сынып, алаамат согуш уланды. Адегенде эле сабы бузулуп, алапайын таппай калган бутпарастар эми көз көрүнөө артка чегинип бири-бирине карабай качып жөнөштү. Мусулмандар алардын артынан сая түшүп кууп, жеткенин өлтүрүп, жетпегенин эми экинчи кайра келбегендей кылып сүрүп бара жатышты. Ухудду айлана качкан бутпарастарды калтырып, мусулмандардын кээ бири ар жерде чачылган олжону чогултууга киришти. Дөбөдө жай алып мусулмандар тарапка чычкан жорголотпой карап отурган жаачылар, бутпарастар качып, мусулмандар олжо чогулта баштаганын көрүп ордунан козголуп дөбөдөн ылдый жөнөштү. Абдулла бин Жубайр алардын жолун тосуп пайгамбардын айтканын эскертүүгө аракет кылды. Бирок жеңиштин кызуулугу канын кайнаткан жаачылар аны угуп койбостон дөбө ылдый жабыла чуркашты. Дөбөдө Абдулла баш болгон онго жетпеген адам калды.

Бутпарастардын бир бөлүгүн баштап жүргөн Халид бин Валид кантип мусулмандардын артына өтүүнүн айласын таппай жаткан. Дөбө аркылуу өтүүгө бир канча жолу аракет кылып, жамгырдай жааган жебеге кабылган болчу. Эми дөбөдөгү жаачылар ылдый түшүп, анын көктөн издегени жерден табылды. Халид мындай мүмкүнчүлүктү текке кетире койчу адам эмес эле. Дароо жанындагы аскерлери менен дөбөнү туш тараптан каптап кирди. Он адам эмнеге туруштук берсин. Бат эле Абдулла бин Жубайр баш болгон он чакты мергенди шейит кылып, эч нерседен капарсыз, жеңишке жакындап калдык деген ниет менен олжо жыйнап жаткан мусулмандарды далысынан курчап киришти. Эми согуштун абалы башка нукка түштү. Алды-артынан каптап кирген душманга туруштук бербей, ар кайсы жерде чачыранды уруш көрсөткөн мусулмандардын катары суюлуп, туш тарапка кача баштышты. Бутпарастардын көбүнүн максаты эптеп пайгамбарга жетип, аны өлтүрүү болчу. Ошондуктан согуштун эң кызуусу дал ошол пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) турган жерде уланды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кылычын кере-кере шилтеп, баатырларча согушуп жатты. Шилтенген кылыч, атылган жебе, сунулган найза, ыргытылган таш, баары пайгамбарыбызга багытталып жатты. Пайгамбарды айлана курчаган сахабалар аны кылычы, колу, денеси менен калкалап, согуш ушундай өңүттө жүрүп жатты. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айланасындагы сахабалардын катары уламдан-улам суюла берди. Пайгамбарды өлтүрүүнү максат кылган каапырлардын бири Убай бин Халаф жетип келип кылыч шилтемекчи болгондо пайгамбарыбыз озунуп найзасын ыргытты. Кекиртегине тепчиле түшкөн найзадан жаракат алган Убай артка чегинди. (Айтымда, кийин ал ушул жаракатынан каза болгон). Пайгамбардын жанында Абу Талха, Сахл бин Ханиф, туу көтөргөн Мусаьб бин Умайр, Азирети Али, Абу Дужана, Саьд бин Абу Ваккас жана Умму Аммара Насиба атуу аял калды. Саьд бин Абу Ваккастын тарткан ар бир жебеси текке кетпей, каапырлардын үшүн алып жаткан. Аны көргөн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Аткын! Ата-энем сага садага болгур, аткын!" деп кыйкырып сүрөдү. Ушул

учурда дагы бир баатыр, туу көтөргөн Мусаьб бин Умайр шейит кетти. Эми тууну Азирети Али колуна алды. Аңгыча шилтенген кылыч пайгамбарыбыздын тулгасына тийип өттү. Туулга ыргып кетти, бирок катуу соккудан сынып кеткен тогоосу пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жаагына тепчилип калды. Ага удаа учуп келген таш бир тишин ыргыта коюп кетти, чекесинен кан акты, эрини жарылды... Жаза басып аңгекке түшүп, андан сахабалардын биринин жардамы менен кайра чыкты. Жүзү канга боёлуп, чаңга буланып чыккан пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жетип келген Абу Убайда бин Жаррах аны денеси менен калкалап: "Алла үчүн бул жерден кетиңиз, Алла үчүн бул жерден кетиңиз!" деп кыйкыра баштады. Пайгамбар жерге кулап, ошол бойдон көрүнбөй калганынан бутпарастар аны өлдү го деп ойлошту. Ал тургай мусулмандар өздөрү да Алланын элчиси шейит кетти деген ойдо, кээлери артка качып, кээлери урушту таштап отуруп калды. Уруштан четтеп, кызыл чеке кыргынды кайдыгер карап отурган бир топ сахабанын жанына чуркап келген Анас бин Надыр аларды урушка киргизүүгө аракет кылды: Эмне мында отурасыңар!? – деп кыйкырды ал, буулугуп. Алланын элчиси кайтыш болду, эми согушуунун эмне кажети бар – деди тигилердин бири. Анастын жаны кашайды: - Силер эмне, Алланын элчиси шейит болгон согуштан аман-эсен кетүүнү каалайсыңарбы!? А, мен, Алланын элчиси кайтыш болгон жерде кайтыш болууну самайм – деди да, уруш талаасына сүңгүдү. Эмне кыларын билбей отуруп калган мусулмандар жабыла ордунан козголуп анын артынан урушка кирди. Анас максатына жетип уруш талаасында шейит кетти.

Согуштун оту басаңдап, бутпарастар согуш талаасынан четтеп кетти. Мусулмандар оор абалда калды. Шейит болгондордун саны жетимишке жетиптир. Алардын арасында пайгамбарыбыздын агасы Хамза бин Абдулмуталип[1], Саьд бин Робиа, Мусаьб бин Умайр, Абдулла бин Жахш, Ханзала сыяктуу белгилүү сахабалар бар эле.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) чарчаганынан өз аягы менен баса албай калган экен. Аны Талха бин Убайдулла колтугунан жөлөп, тоонун этек жагындагы чатырына жеткирди. Аскерлерин согуш талаасынан сууруп чыгып ары жайгаштырган Абу Суфян мусулмандар топтолгон үңкүрдүн үстү жагына бастырып келди. Пайгамбарыбыз (ага

---

[1] Хамза – пайгамбарыбыздын атасы Абдулланын бир тууганы эле. Эр жүрөк, тайманбастыгы менен эл арасында арыстан деген каймана атка ээ болгон Хамза Ухуд согушунда шейит болду. Аны Вахши деген кул өлтүргөн. Вахши Меккелик Жубайр бин Мутим деген кишинин кулу болчу. Кожоюну "Эгер Хамзаны өлтүрсөң, керт башыңды азаттыкка чыгарам" деп убада кылган эле. Анан да Бадр согушунда атасы Хамзанын колунан каза болгон Хинд деген аял Вахшиге көп белектерди убада кылып, Хамзаны өлтүрүүгө тукурган болчу. Кыскасы, ыргыткан найзасы жаза кетпеген мерген Вахши бул согушка бир гана максат менен Азирети Хамзаны өлтүрүү үчүн келген эле жана ал ошол максатына жетти (котор.).

Алланын салам-салаваты болсун): "Аллахым, алардын биздин үстүбүздө турганы жарабас" деп дуба кылды. Азирети Умар баштаган бир топ сахабалар ага жаа атып, таш менен ура башташты эле, Абу Суфян тоодон качып түшкөнгө аргасыз болду. Эми ал үңкүргө жакын жердеги борчукка калкаланып: - Араңарда Мухаммад барбы!? – деп кыйкырды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларына "Унчукпагыла" деп ишара кылды. - Араңарда Абу Бакр барбы!? – деп кыйкырды. Сахабалар унчукпады. – Араңарда Умар барбы!? – деп кыйкырды Абу Суфян. Эч кандай жооп укпаган соң: Ха, булардын баары кырылып калган турбайбы, болбосо үн катышмак! – деп артына жөнөдү. Чыдабай кеткен Азирети Умар: Жок, эй, Алланын душманы! Алардын баары тирүү" – деп кыйкырып жиберди. Абу Суфян: Хубал[1] - Улук – деп кыйкырды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Алла – Улук жана Түбөлүктүү" деп айткыла деди. Азирети Умар ошентип айтты. Абу Суфян: - Бизде Узза[2] бар, силерде жок, - деди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Биздин Эгебиз Алла, силердин эгеңер жок" деп айткыла деди. Азирети Умар ошентип жооп берди. Абу Суфян: Бүгүн Бадрдын өчү алынды, - деди. Азирети Умар: Жеңилүү бирдей эмес, биздин шейиттерибиз бейиште, силердин өлүктөрүңөр тозокто, - деди. Абу Суфян: Келерки жылы силер менен Бадрда кездешебиз, - деди да жолуна түштү. Жыйырма төрт адамынан айрылган Курайш каапырлары ошентип Ухуддан алыстап кетишти.

Мусулмандар жаракаттарды таңып, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) шейиттерге жаназа түшүрдү. Шейит кеткендерди жуубастан каны менен көмүүгө буюрду. Бул согушка мусулмандардан аялдар да катышкан болчу. Алар жаракат алгандарга жардам берип, суу ташып, Умму Аммара сыяктуулары согуш отун кечип кирип баатырларча согушкан.

Мусулмандар Мадинага кайтып келишти. Жакындарынан айрылган аялдардын ыйы, жетим калган балдардын томсоргон жүздөрү пайгамбарыбызды жашытып, көз жашы сакалынан ылдый сарыкты. Мадинага келгенден кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тынчып жата албады. Душмандар Мадинаны бастырып кирип келүүсү мүмкүн эле. Ушуга тынчсызданган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Кечээ биз менен чогуу болгондор гана чыксын" деп буйруп, чогулган аскерлери менен Мадинанын сыртына чыкты. Мадинадан он беш чакырымдай алыстыкта жайгашкан "Хамра ал-Асад" деген жерге келип жайгашып, үч күн турушту. Бул учурда каапырлар чындап эле кайра Мадинаны бастырып кирүүгө даярданып жатышкан. Мусулмандар Мадинадан аттанып чыкты деген кабарды уккандан кийин гана дароо баш-аягын жыйып Меккени көздөй жөнөп кетишти. Мусулмандар үч күн туруп эч кандай коркунуч жок экенине көзү жеткен соң

---

[1] Бутпарастар сыйынган айкел кудайлардын бири.

[2] Бул дагы бутпарастар сыйынган айкел кудайдын аталышы.

Мадинага кайтышты. Ухудда мусулмандар көбүрөөк жоготууга учураганы менен толук жеңилүүгө учураган эмес. Тескерисинче бул согуштан кийин бутпарастардын үшү качып, мусулмандарды оңойлук менен жеңе албасына көзү жетти. Үч эсе көп кол менен келгенине карабастан, максатына жете албай кайткан алар сыртынан жеңдик деп мактанышканы менен ичинде ич күптүсү кошо кетти.

Касиеттүү Куранда Ухуд согушу, андагы мусулмандардын абалы тууралуу бир канча аяттарда айтылган. Эмесе ошол аяттардын кээ бирине токтололу: **"Силер (Ухуд согушу башталганда) Анын уруксаты менен каапырларды талкалап киргениңерде, Алла убадасынын үстүнөн чыккан болчу. Анан качан, Алла силер сүйгөн нерсени (жеңишти) көзүңөргө көргөзүп койгондон кийин гана өзүңөр алсыз болуп, (пайгамбар берген) буйрук тууралуу талашып, анын буйругун аткарбай койгонуңарда - силерден кээ бирөөлөр дүйнөнү (олжону), кээ бирөөлөр Акыретти каалайт экен - ошондон кийин гана Алла, силерди сынаш үчүн силерди алардан буруп койду. (Андан кийин) Ал силерди кечирди. (Анткени,) Алла – ыймандууларга берешендик Ээси! Ошондо, силер эч кимге карабай (тоо) таянып (качып) жөнөдүңөр. Пайгамбар болсо, ("Оо, Алланын пенделери бери келгиле!" - деп) эң акыркыңардын арасында силерди чакырып жатты. Кийин Алла, силер жетпей калган жеңишке жана силерге жеткен жеңилүүгө капа болбооңор үчүн кайгы үстүнө (андан да чоңураак) кайгы берди.[1] Алла силердин ишиңерден Кабардар. Кийин, (ошол чоң) кайгынын артынан, Алла силерге (көз ирмемдик, эс алдыруучу) уйку берди. (Ал уйку) силердин араңардан (динге жан күйдүргөн) бир тайпаны өз кучагына алды. (Силердин араңардагы) дагы бир тайпаны (мунафыктарды) өз жандарын кайгыга салып, Аллага адилетсиздик менен, нааданчасынан күмөн санап: "Эми, бизге иш жок" (жеңилип бүттүк) дешти. Айт: "Иш Алланын колунда". Алар сага айтпаган нерселерин жүрөктөрүнө катып: "Эгер бул (согуштук) иште биздин пикирибиз эсепке алынганда, бул жерде өлүп кетпейт элек" дешет. Айт: "Эгер үйүңөрдүн ичинде болсоңор дагы, (тагдырында) өлтүрүлүү жазып коюлган киши, өлтүрүлө турган жайына келет." (Алла бул иштерди) силердин жүрөгүңөрдөгү нерсени (ал ыйманбы, мунафыктыкпы) сынаш жана жүрөгүңөрдөгү нерсени тазалаш үчүн кылды. Алла – жүрөктөрдөгү сырларды да Билүүчү. (Оо, момундар, Ухутта) эки жамаат жолуккан күндө артына качкан адамдарыңарды, кээ**

---

[1] Бул аятта айтылган "(чоңураак) кайгы" мусулмандар арасында "пайгамбар өлтүрүлүптүр" деген суук кабардын тарап кетиши. Мусулмандар үчүн, жеңилүү, олжодон куру жалак калуу сыяктуу кайгылар бул суук кабардын алдында суу кечпей калды.

**бир күнөөлөрү себептүү, шайтан гана жолдон азгырган. Алла алардын күнөөсүн кечирди. Алла Кечиримдүү, Жумшак".**[1]

Ушул эле сүрөнүн башка аяттарында мындайча айтылат: **"Силерге (Ухуд согушунда) кырсык жеткенде – аларга (Бадр согушунда) эки эсе көп кырсык жеткизген болсоңор да – "Бул кайгы кайдан келди" - деген элеңер. Айт: "Бул – өзүңөрдөн". Албетте, Алла ар нерсеге Кудуреттүү. Эки жамаат тирешкенде силерге жеткен сыноолор араңардагы ыймандууларды жана мунафык-чыккынчыларды билиш үчүн Алланын гана уруксаты менен болду. Аларга "Жүргүлө, Алланын жолунда же болбосо (мекениңерди, абийир-намысыңарды) коргоп согушкула" деп айтылганда, алар: "Биз эгер согуш болоорун билгенде силерге кошулмакпыз" дешкен. Алар ошол убакта ыймандан көрө каапырлыкка жакыныраак эле. (Ошондуктан,) жүрөктөрүндө жок нерсени ооздору менен айтышты. Алла алардын жашырган нерселерин жакшыраак билет. (Оо, Мухаммад!) өздөрүнүн (согушка катышкан) бурадарлары жөнүндө: "Эгер биздин тилибизге киргенде (согушка чыкпаганда) өлтүрүлбөйт эле" деп (үйүндө) олтургандарга айткын: "Эгер чынчыл болсоңор, өзүңөрдөн өлүмдү кайтаргылачы?!" Алланын жолунда өлтүрүлгөн адамдарды өлүктөр деп ойлобогула! Алар Раббисинин алдында (ар кандай нээматтар менен сыйланып) ырыскы тартууланган абалда тирүү. Алла өз пазилетинен (аларга) берген нерселер (сыйлыктар) менен курсант. Алар артында калган, өздөрүнө жетип келбеген бурадарларына (бул жакта) аларга коркунуч жок экени жана кайгырышпасы жөнүндө сүйүнүчтүү кабар беришет. Алар (шейиттердин рухтары) Алланын нээматы, пазилети жөнүндө (бири-бирине) сүйүнчүлөшөт. Чынында, Алла ыймандуулардын сообун текке кетирбейт. Аларга катуу сокку жеткенден кийин деле, Алла менен пайгамбардын чакырыгына жооп берген момундар (жана) алардын арасынан сонун ибадат кылган, такыба кишилер үчүн улуу сыйлыктар бар. Ошолорго кишилер (келип): "Адамдар (бутпарастар) силерге каршы (чоң күч) чогултушкан, алардан корккула!"- дегенде, (бул кабар) алардын ыйманын көбөйттү жана: "Бизге Алла жетишет жана Ал эң жакшы Колдоочу" дешти. Анан, Алланын нээматы, пазилети себептүү, аларга эч бир жамандык жетпей кайтып келишти жана Алланын ыраазылыгына ээрчишти. Алла - улук берешендик Ээси".**[2]

Мына ушундай, Ухуд согушу аркылуу Алла Таала мусулмандарды чоң сыноодон өткөрдү. Мусулмандар менен эки жүздүү мунафыктарды айырмалап ачыкка чыгарды. Мусулмандардын тобосун кабыл кылды. Бул согуш пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүнө, мусулмандарга

---

[1] Аалу Имран сүрөсү, 153-155-аяттар.

[2] Аалу Имран сүрөсү, 165-174-аяттар.

олуттуу зыяны тийген согуш болду. Пайгамбарлык жашоодогу эң көп шейиттерге күбө болгон, эң көп жоготууга учураган согуш болду. Ошону менен катар эле Аллага, анын пайгамбарына баш ийбеген адамдарга сабак берген согуш болду.[1]

## Ражи окуясы:

Ражи – Мекке менен Усфандын ортосундагы Хузайл уруусу отурукташкан аймактын аталышы. Хижранын төртүнчү жылы Сапар айында Хузайл уруусу мусулмандарга каршы согушмакчы болот. Бирок түз эле бастырып кирүүдөн чочулаган алар, беш-алты адамды пайгамбарыбызга жиберет. Өздөрүн мусулман катары көрсөткөн элчилер келип, уруусу Исламды кабыл алганын, аларга динди үйрөтүү үчүн сахабаларынан жиберүүнү суранышат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) макул болуп, Асым бин Сабит деген сахабанын башчылыгында он адамды тигилер менен бирге жиберет. Ражи деген жерге жеткенде, мурдатан макулдашып койгон

---

[1] Ухуд согушу Хижранын үчүнчү жылындагы эң маанилүү окуя болуп калды. Мындан сырткары да бул жылы бир катар окуялар болуп өткөн. Алар: 1) Раби ал-Аввал айында Гаврас деген каймана аты бар Харис бин Дусур Мадинаны бап алуу үчүн Гатафан деп аталган уруудан кол жыйнап аттанып чыгат. Бул Мадинанын айланасындагы майда арап урууларынын бири эле. Алардын аттанганын уккан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) төрт жүз элүү адам менен утурлай тосуп чыгат. Мусулмадардан мындайды күтпөгөн бутпарастар бетме-бет согушуудан чочулап тоо таяна качып кетишет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жамгырдан суу болгон сырт кийимин чечип бир түп даракка жайып коюп өзү дарактын көлөкөсүнө жата кетет. Тоо үстүнөн көз айрыбай байкап отурган Гаврас байкатпай түшүп келип, бутакта илинип турган пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кылычын алып: - Кана, азыр сени ким куткара алат? – деп, шилтемекке даярданат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ордунан козголбой: - Алла сактайт, – дейт да, Аллага дуба кылат. Ошол замат Гаврастын колунан кылычы ыргып кетип, өзү жерге жыгылат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кылычы алып: - А сени менден ким сактайт? – деп сурайт. Калчылдап корккон Гаврас: - Эч ким, эч ким... – деп, кутулуунун айласын таппай калат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кылычын ордуна илип, Гаврастын жанына отурат. Тиги ошол замат келме келтирип, динди кабыл кылат (Ибн Саад, "Ат-Табакат", 2-том, 35-бет). 2) Ухуд согушунан эки айдай мурда Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Азирети Умардын кызы Хафсага үйлөнөт. Хафсанын күйөөсү Хунайс каза болуп, жесир калган эле. Азирети Умар кызын Азирети Усманга бермекчи болот, бирок Усман макул болбойт. Андан соң Абу Бакрга бермекчи болот, ал да оң жооп бербейт. Акырында пайгамбарыбызга сунуш кылат. 3) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кызы Умму Күлсүмдү Азирети Усманга никелеп берет. 4) Ушул жылы Азирети Али менен Фатима энебиз балалуу болуп, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) небересинин атын Хасан деп атайт. 4) Пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун) Бадр согушунда каза болгон Убайда бин Харистен жесир калган Зейнеп энебизге үйлөнөт. Бул окуя Рамазан айында болгон. Колу ачык, берешендигинен улам "кедейлердин энеси" деген каймана атка ээ болгон Зейнеп энебиз турмушка чыккандан үч ай өтүп, отуз жаш курагында каза болгон (котор.).

Лахян уруусунун аскерлерине сахабаларды салып берип, өздөрү качып кетишет. Аскерлер жүзгө чукул, баары жаа менен куралданган болчу. Сахабаларда биринде жаа, биринде кылыч болуп куралдары толук эмес эле. Анын үстүнө булар болгону он эле адам болчу. Душмандар сахабаларды колго түшүп берүүсүн айтышат. Эгер багынып беришсе, эч кандай залал тийбестигин убада кылат. Бирок, Асым аларга макул болбойт. Ортодо согуш тутанат. Натыйжада, бутпарастардын бир канчасын өлтүрүп, мусулмандардан Асым бин Сабит баш болгон жети адам шейит болот да, Хубайб бин Адий, Зайд бин Дасинна жана Абдулла бин Тарик үчөө калат. Бул үчөө эгер колго түшүп беришсе, жандарын аман калтырарын айтып убада беришет. Үчөө тигилер менен келишип колго түшүп беришет. Бирок алар убадасын бузуп, туткундарды байлап ур-токмокко ала баштайт. Абдулла бин Тарик алардын кыянатчылыгын байкап, качууга аракет кылат, бирок кутулуп кете албай шейит болот. Хубайб менен Зайдды Меккеге алып келип бутпарастарга сатып жиберишет. Хубайб Бадр согушунда Харис деген бутпарасты өлтүргөн эле. Аны ошол Харистин уулу Аамир сатып алып, туткун кылат. Хубайб туткунда бир канча убакыт турат. Бир жолу Хааристин кызы бычагын курчутуп, Хубайбды өлтүрмөкчү болот. Ал арада бир нерсеге алагды болуп караса, буту эми баскан кичинекейи бычакты көтөрүп Хубайбдын жанына барып алыптыр. Хубайб баланы тизесине отургузуп алып, ойнотуп жаткан экен. Аны көргөндө энесинин жүрөгү оозуна кептелди. Эненин корккону байкаган Хубайб: "Сен эмне мени ушул наристени өлтүрөт деп коркуп жатасыңбы? Алла кааласа мындайга бара койбоймун, - дейт. Кийинчерээк туткуну тууралуу Харистин кызы минтип айтып калчу: "Хубайбдан өткөн жакшы адамды өмүрүмдө көрбөдүм, Меккеде мөмө быша элегинде ал шиңгил жүзүм жеп отурганын көрчүмүн. Буту кишенделип турган адамга мындай ырыскыны Алладан башка эч ким бере алмак эмес".

Акыры убагы келип Хубайбды өлтүрүү үчүн эл арасына алып чыгышат. Өлүм алдында Хубайб эки ирекет намаз окууга уруксат сурайт. Өтө кооз, көзгө толумдуу кылып эки ирекет намаз окуп: "Эгер мобу карап тургандар мени өлүмдөн коркуп ушинтип жатат деп ойлошпогондо, анда намазымды мындан да узун кылмакмын" – дейт да: "Оо, Жараткан, Булардын санын азайт, биринин артынан бирин өлтүрүп, жалгыз-жарымдан кырып ойронун чыгар" – деп дуба кылат. Анан аны жыгач эшекке байлап, ага Укба бин Харис кылыч шилтеп, шейит кылат.

Ошол замандагы караңгылыкты, мыкаачылыкты ушундан бил, өч алуу, кек сактоо алардын жүрөгүнө таштай эле катып калчу. Ухуд согушунда Асым бин Сабит бир аялдын эки уулун өлтүргөн болчу. Асымдын ара жолдо каза болгонун уккан тиги аял: "Мен анын баш сөөгүнө шарап куюп ичмейинче көксөөм суубайт" деп ант ичип, бир топ адам анын сөөгүн издеп чыгат. Бирок Алла Таала катуу шамал соктуруп анын денесин көмүп салган экен, канча аракет кылышса да таба албай калышты.

Бул сахабалар пайгамбарыбызга болгон сүйүүсүн, динге берилгендигин, ыйманынын бекемдигин далилдеп шейит кетишти. Зайдды өлтүрүү үчүн алып чыгышканда, анын денесинде таза жери калбай тамтыгы чыккан эле. Абу Суфян ага карап: "Азыр сенин ордуңда Мухаммад болуп, ал эми сен бала-чакаңдын маңдайында отурсаң кандай сонун болмок ээ? – деп келекелейт. – Жок, - дейт Зайд, - менин жаным тынч болуп, Мухаммаддын чыпалагына тике кирүүсүн да каалабайм. Жаны чыккан Абу Суфян: "Аллага касам, сахабалары Мухаммадды жакшы көргөндөй, бир адам экинчи адамды жакшы көрө албайт" – деп кыйкырып, анын аны өлтүрүүгө буйрук берди.

Жакын сахабаларынан жок жерден айрылып калганы пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) абдан оор тийди. Бирок, динди жайылтуу оңо-олтоң эле боло койбостугу да белгилүү. Сабыр кылгандан башка айла жок...

## Мауна кудугундагы окуя

Ушул эле жылы ушул айда Бану Аамир уруусунан Абу Бара Амир бин Малик баштаган бир топ адам Мадинага келет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны динге чакырат. Амир динди кабыл кылбайт, бирок четке да какпайт. Ал диндин тууралыгын, аны кабыл аларын айтып, коомуна даават кылып, Куран үйрөтүү үчүн сахабаларды жөнөтүүнү суранат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага анча ишенбей алгач макул болбойт. Бирок, Амир өзү аларга кепил болорун айтып, өтүнгөндөн кийин Куранды мыкты билген жетимиш сахабаны аны менен бирге жөнөтөт. Булар Мауна деп аталган кудуктун жанына келгенде Абу Баранын агасынын уулу Амир бин Туфайл чыккынчылык кылып бир топ адам менен келип жетимиш сахабанын баарын шейит кылат. Инисинин мындай мыкаачылыгы катуу тийген Абу Бара да көп узабай кайтыш болот. Кыянатчылыкка кабылган сахабалардан бир гана Амир бин Умая тирүү калып Мадинага кайтат. Жолдо ага Бану Аамир уруусунан эки адам жолугуп калат. Маунада кырылган сахабалардын өчү катары Амир бул эки адамды өлтүрүп коёт. Анан пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келип болгон окуянын кабарын жеткирет. Ошондо пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) тиги эки адамдын мусулмандар менен келишими бар экендигин, эми алардын кунун төлөө керектигин угат.

Бул эки окуянын, тагыраак айтканда Ражиде болгон окуя менен Маунадагы окуянын кабары пайгамбарыбызга бир учурда угулат. Албетте, бул пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) аябай катуу тийди. Буга чейинки болуп өткөн согуштарда да мынчалык көп сахабасынан айрылган эмес эле. Анын үстүнө булардын баары Куранды жат билген, динди таратуучу сахабалары эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Таалага жалбарып, мындай кыянатчылыкка баргандардан өч алуусун дуба

кылды. Анас бин Маликтин айтымында, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) отуз күн катары менен таңкы намаздан кийин дуба кылган.[1] Ал эми Амир бин Туфайлга кылган дубасы кабыл болуп, анын денесин без каптап кесел болуп, талаада өлүп, сөөгүн ит-куш жеп кетет.

Шейит кеткен жетимиши сахаба тууралуу пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) минтип айткан: "Силердин шейит кеткен бир туугандарыңар Алла Таалага кайрылып: "Бизге сенин ыраазы болгондугуңду жана биздин Сага ыраазы болгондугубузду бир туугандарыбызга билдир" дегендиктен, Алла Таала мага алардан ыраазы болгондугун жана алардын Алла Тааладан ыраазы болгондугун вахи кылды".[2]

## Бану Надыр казаты (Хижра, 4-жыл, Раби ал-Аввал айы):

Мадинада Бану Надыр же болбосо, Надыр уулдары деп аталган жөөттөрдүн дагы бир уруусу жашоочу. Булар Мадинанын бир четинде өзүнчө отурукташкан эл болчу. Башка жөөт уруулары сяктуу эле алардын дагы пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен түзгөн келишими бар эле. Анда мусулмандарга каршы чыкпоо, мусулмандарга кимдир бирөө кол салса ага жардам бербөө, кимдир бирөөгө кун төлөө керек болсо жардамдашуу ж.б. макулдашылган.

Мауна кудугунун жанындагы окуядан аман калган жалгыз сахаба Амир бин Умая Мадинага келе жатып, байкабастан өлтүрүп алган эки адамдын куну мусулмандардын моюнуна жүктөлөт. Мына ошол кундун бир үлүшүн алуу үчүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир канча сахабасы[3] менен Бану Надыр жөөттөрүнө барат. Алгач алар келишим боюнча кундун бир үлүшүн бермекчи болушат. Бирок бат эле ойлорунан кайтып, мүмкүнчүлүктөн пайдаланып пайгамбарды өлтүрмөкчү болушат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабалары менен бир тамдын көлөкөсүндө отурган. Жөөттөрдүн бири[4] тамдын үстүнө чыгып пайгамбарды таш менен урмакчы болот. Мына эми ташты таштамакчы болгондо пайгамбарыбызга Жебирейил periште бул тууралуу кабар берет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанындагы сахабаларына да айтпастан ордунан туруп басып кетет. Сахабалар кайра келет го деген үмүт менен бир аз отурушат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) келбегенден кийин, аны издеп жөнөшөт да, Мадинадан табышат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 4-том, 44-бет.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 5-том, 64-бет.

[3] Башка булактарда бул сахабалар Абу Бакр Сыддык, Умар, Али, Талха, Зубайр (Алла алардан ыраазы болсун) экендиги айтылган (котор.).

[4] Амр бин Жыххаш

салаваты болсун) ошондо гана аларга ал жерден кетип калганынын сырын айтат. Кийин Мухаммад бин Маслама деген сахабаны жөөттөргө жиберип, алардын келишимди бузгандыгын, пайгамбарды өлтүрмөкчү болгондугун айтып, эми он күн ичинде Мадинадан чыгып кетүүсүн талап кылат. Жөөттөр сыры ачылып калганына өкүнүп, айласыздан Мадинадан чыгып кетүүгө макул болушат. Бирок жең ичинен Абдулла бин Убай сыяктуу эки жүздүүлөр менен келишип, мусулмандарга каршы согушууга даярдана башташат. Мунафыктар аларга жардам берерин айтып[1], шаардан чыкпоого, чептеринде коргонуп жата берүүгө үндөйт. Алар тууралуу Курандан төмөнкү аяттар түшкөн: **"(Оо, Мухаммад!) Мунафык адамдарга карабайсыңбы, китеп ээлеринен болгон каапыр өнөктөштөрүнө келип: «Эгер силер (Мадинадан) чыгарылсаңар, биз дагы силер менен бирге чыгабыз! Силер(ге зыян жеткирүүдө) эч качан, эч кимге моюн сунбайбыз! Эгер силерге согуш ачылса, албетте жардам беребиз!» дешет. Бирок, алардын анык жалганчы экенине Алла күбө! Эгер алар чыгарылса, (мунафыктар) алар менен бирге чыкпайт жана эгер өлтүрүлүп жатса да эч жардам беришпейт. Жардам берген күндө деле артына карап качышмак жана (аларга Алладан) жардам берилбей калмак".**[2]

Эки жүздүүлөрдүн убадасынан кийин жөөттөр шаардан чыгып кетүүдөн баш тартып, атайын коргонуу үчүн курулган чептерине кирип бекинип алышты. Алардын шаардан чыгып кетпесине көзү жеткен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага Абдулла бин Умму Мактумду башчы кылып калтырып, Азирети Алиге туу көтөртүп, аскерлери менен жүрүшкө чыкты. Жөөттөр чептеринен чыкпай он беш күн жатышат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алланын уруксаты менен алардын курма дарактарын кыя баштайт. Жөөттөр: "Мухаммед мындай иштен тыйчу эмес беле, эми өзү биздин багыбызды кыйып жатат" деп жалаа жапмакчы болушат. Алла Таала аларга жооп кылып: **"(Оо, ыймандуулар,) эгер алардын курма бактарын кыйсаңар да, кыйбастан калтырып койсоңор да, муну Алланын уруксаты менен бузукуларды эскертүү үчүн жасадыңар"**[3] деген аятты түшүрөт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) курчоону андан да күчөтөт. Ал эми эки жүздүүлөрдөн жардам келбеди. Жөөттөр эки жүздүүлөр аларды алдаганын билип, эми шаардан чыгып кетүүдөн башка айла жок экенин сезишти. Акыры курал-жарактарын таштап, бир төө көтөргүдөй гана жүктөрүн алып шаардан чыгып кетмек болушту. Алты жүз төөгө жүктөрүн артып шаардан чыгып жөнөгөн жөөттөр жөн кетпей өздөрүнүн үйлөрүн өрттөп, жеңилген же куугунтукталган сыяктуу көрүнбөө үчүн, керней-сурнайларын

---

[1] Абдулла бин Убай жөөттөргө эки миң кол топтоп жардам берерин айткан.

[2] Хашр сүрөсү, 11-12-аяттар.

[3] Хашр сүрөсү, 5-аят.

тартып, ырдап-бийлеп шаан-шөкөт менен чыгып кетишти. Алла Таала алардын жамандыгынан мусулмандарды куткаруу үчүн жүрөктөрүнө коркунуч киргизди. Куранда "Хашр" (Сүргүн) деп аталган сүрө толугу менен ушул окуяны камтыган. Анда минтип айтылат: **"Аллага асмандар жана жердегинин бардыгы тасбих айтты! Ал – Кудуреттүү, Даанышман! Ал китеп элдеринен турган каапырларды журттарынан биринчи сүргүн үчүн чыгарды. Силер (оо, момундар, алардын чептери бекем болгондуктан) аларды чыгат деп ойлогон эмессиңер. Алар дагы (бийик) сепилдери өздөрүн Алладан коргоп калат деп ойлошкон. Анан Алланын жазасы аларга күтпөгөн тараптан келип, жүрөктөрүнө коркуу салды[1] эле, үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен талкалап киришти. Оо, акылдуу адамдар, (бул окуядан) сабак алгыла! Эгер Алла аларга көчүп кетүүнү (тагдыр кылып) жазбаганда, (бул) дүйнөдө жазаламак. Аларга Акыретте да тозок азабы бар. Мунун себеби, алар Алла менен Анын пайгамбарына душман чыгышты. Ким Аллага душман болсо, Алланын жазасы катуу! "(Оо, ыймандуулар,) эгер алардын курма бактарын кыйсаңар да, кыйбастан калтырып койсоңор да, муну Алланын уруксаты менен бузукуларды эскертүү үчүн жасадыңар˙ Алла пайгамбарына алардан олжолоп берген нерсеге силер ат чаптырып, төө желдирип барбадыңар. Бирок, Алла Өзүнүн пайгамбарларын каалаган пенделеринин үстүнөн жеңүүчү кылат. Алла ар нерсеге Кудуреттүү".[2]**

Сүрөнүн уландысында ушундай учурда душмандарга кандай мамиле кылуу керектиги, алардан калган олжону кандай бөлүштүрүү керектигин баяндаган өкүмдөр айтылган: **"Алла (Бану Назир) айылынын элинен пайгамбарына олжолоп берген нерсе Аллага[3], пайгамбарга, тууган-туушкандарга[4], жетимдерге, бейбечараларга жана мусапырларга (бөлүнөт. Мунун себеби байлык) араңардагы (бир ууч) байлардын колунда гана айланган мүлк болуп (кембагалдар бейнасип) калбаш үчүн.[5] (Оо, момундар!) Пайгамбар силерди эмнеге буюрса, дароо кабыл алгыла, эмнеден кайтарса, ошол замат кайткыла! Алладан корккула, чынында Алланын азабы катуу! (Ошондой эле ал олжолор) журттарынан**

---

[1] Яхудийлердин сепилдери чынында бекем, бийик болчу. Алар эшиктерин бекем жаап алышып, астейдил коргонууну максат кылышкан. Бирок, Аллаh Таала Өзүнүн «коркуу» деген аскерлерин алардын жүрөгүнө багыттады. Натыйжада азыр эле эрдемсинип турган яхудийлер титиреп-какшап, көчүп кетүү үчүн өз үйлөрүн өз колдору менен буза баштады.

[2] Хашр сүрөсү, 1-6-аяттар.

[3] Алланын дининин күч алышы үчүн.

[4] Мунун себеби, пайгамбар менен анын туугандары садака жебейт.

[5] Мурунку замандарда көбүнчө аскерлерди улоо жана курал-жарак менен бай адамдар каржылап, олжону дагы байлар алышкан. Бул аят ошол эрежени жокко чыгарды.

**(Меккеден) жана мал-мүлкүнөн чыгарып жиберилген кембагал мухажирлерге (бөлүнөт). Алар (хижра кылуу менен) Алланын берешендигин, ыраазычылыгын гана үмүт кылышкан жана Алланын динине, пайгамбарына жардам беришкен. Алар (ыйманында) чынчыл пенделер! Ал эми, аларды утурлап, короо-жайлары менен ыймандарын(ын жылуулугун) даярдап койгон (мадиналык) момундар, өздөрүнө хижра кылып келгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо себептүү жүрөктөрүндө көралбастык сезими пайда болбойт. Өздөрүндө жетишпестик болуп турса да, аларды өздөрүнөн жогору коюшат. Ким напсинин сугалактыгынан сактана алса, дал ошолор гана жеңишке (Бейишке) жетет. Алардан (Мухажирлер жана ансарлардан куралган абалкы мусулмандардан) кийин келген адамдар (дуба-тилектеринде мындай) дешет: «Оо, Барбардигерибиз! Бизди жана бизден мурда ыйман менен өткөн бурадарларыбызды кечире көр! Биздин жүрөгүбүзгө ыймандуу адамдарга карата жек көрүүнү салба! Оо, Барбардигерибиз! Өзүң - Ырайымдуу, Боорукерсиң!".**[1]

Бану Надыр уруусунан калган олжону бөлүштүрүүдө пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ансарларга кайрылып: "Эгер каалаласаңар олжону силерге да, мухажирлерге да бөлүштүрөйүн. А эгер силер ыраазы болсоңор, анда мухажирлерге гана бөлүп берейин" дейт. Ансарлардын аттуу-баштууларынан Саьд бин Убада менен Саьд бин Муаз олжону мухажирлерге эле бөлүп берүүсүнө макулдугун билдиришет. Алардын оюна бардык ансарлар макулдугун берет. Аларга ыраазы болгон пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Аллахым, ансарларга жана алардын балдарына мээримиңди төк" деп дуба кылды.[2] Анан олжону мухажирлерге бөлүштүрүп, ансарлардын арасындагы эки муктаж адамга да үлүшүн берди. Бану Надыр уруусунан Исламды кабыл алып, Ухуд согушунда мусулмандардын катарында согушкан, согушка кирерде: "Эгер мен кайтыш болсом, менин мал-дүйнөмдүн баары Мухаммаддга, ал эмнени каалса ошондой иштетсин" деп керээз кылган Мухайрык деген адамдан калган жети эгин зарды да пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) муктаж мусулмандарга бөлүштүрүп берди. Ансарлар болсо Куранда Алла Таала аларды: **"Өздөрүнө хижра кылып келгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо себептүү жүрөктөрүндө көралбастык сезими пайда болбойт. Өздөрүндө жетишпестик болуп турса да, аларды өздөрүнөн жогору коюшат"**[3] деп сыпаттагандай, олжонун мындай бөлүштүрүлүүсүнө ыраазы болуп калышты.

---

[1] Хашр сүрөсү, 7-10-аяттар.

[2] "Шарх аз-Заркани", 2-том, 82-бет.

[3] Хашр сүрөсү, 9-аят.

Сүрөнүн уландысында Алла Таала жөөттөр менен эки жүздүүлөрдүн максаты ар дайым бир болорун эскертип мындай деген: **"(Оо, Мухаммад!) Мунафык адамдарга карабайсыңбы, китеп ээлеринен болгон каапыр өнөктөштөрүнө келип: «Эгер силер (Мадинадан) чыгарылсаңар, биз дагы силер менен бирге чыгабыз! Силер(ге зыян жеткирүүдө) эч качан, эч кимге моюн сунбайбыз! Эгер силерге согуш ачылса, албетте жардам беребиз!» дешет. Бирок, алардын анык жалганчы экенине Алла күбө! Эгер алар чыгарылса, (мунафыктар) алар менен бирге чыкпайт жана эгер өлтүрүлүп жатса да эч жардам беришпейт. Жардам берген күндө деле артына карап качышмак жана (аларга Алладан) жардам берилбей калмак"[1]** **деп айтса, кийинки аятта жөөттөрдүн согушуудагы ыкмаларын жана алардын сыртынан билинбеген чыныгы жүзүн ачып берген: "Алар силер менен (ачык майданда) биримдикте согуша албайт. Чеп менен оролгон шаарларынын ичинде же дубалдардын ар жагында гана («чогуу» боло алышат). Алардын айбат-сүрү өздөрүнүн арасында гана күчтүү. (Ошондуктан,) аларды биримдикте деп ойлойсуңар. Бирок, алардын жүрөктөрү ыдырап бүткөн. Мунун себеби, алар (Алланын аяттарынын алдында) акылын иштетпеген коом".[2]** Учурда Палестинадагы жөөттөр тарабынан курулган чеп-дубал дагы Алла Тааланын жогорудагы аятын тастыктап тургансыйт.[3]

---

[1] Хашр сүрөсү, 11-12-аяттар.

[2] Хашр сүрөсү, 14-аят.

[3] Бану Надыр уруусунун Мадинадан чыгып кетүүсү хижранын төртүнчү жылындагы маанилүү окуя болду. Мындан сырткары дагы бул жылы биз билип ала турган бир катар окуялар болуп өткөн. Аларга учкай токтолсок: 1) Жумад ал-Аввал айында Анмар жана Салаба деген эки уруу биригип мусулмандарга каршы кол топтоп казатка чыгат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) төрт жүз кол менен алардын жолун тосуп чыгат. Душмандар мусулмандарга даап согуша албай кайра артына кайтып кетишет. Ошол жерде бешим намазын душмандардын басып кирүүсүнөн чочулап, коркунуч учурдагы тартипте окуйт. Бул казатка мусулмандар жөө-жалаң аттангандыктан бут кийимдери тытылып, жолдо буттарына чүпүрөк ороп алып басышкан. Ошол себептен бул казат "Зату ар-Рика" (Чүпүрөк байланган) деп аталып калган деген айтымдар бар. 2) Шаабан айында былтыркы жылы Абу Суфянга берген убадасына туруу үчүн мусулмандар бир жарым миң кол менен Бадрга барышат. Абу Суфян дагы бул согушка эки миңдей аскери менен аттанып келет. Бирок бул жылы Меккеде кургакчылык болуп, элдин социалдык абалы оор болгондуктан согушууну эч ким каалаган эмес. Эки миң аскердин да кээси согушууну кааласа кээси каалабай, аскерде эки ача пикир пайда болгон. Мындай арсар кол менен согушуп эч кандай ийгиликке жете албасына көзү жеткен Абу Суфян Бадрга жетпей эле кайра артына кайтып кетет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да каапырлардын даап келе албасын сезип, мусулмандарга соода-сатык кылчу мал-жанын да сапарга ала чыгууну буйруган эле. Анткени бул убакта Бадрда көчмөн араптардын жайма базарлары оожалып, соода-сатык жакшы болчу. Каапырлар согушууга келбегенден кийин мусулмандар жайма-жай соода-сатык иштерин жүргүзүп, сегиз күндөн кийин кайра Мадинага кетишет. Тарыхта бул окуя "Кичи Бадр" деп аталып калган. 3) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) күйөөсү кайтыш болуп төрт баласы менен жесир калган Умму Саламага

## Хандак (Аңгек) же Ахзаб казаты, (Хижра, 5-жыл, Шаввал айы)

Мадинадан чыгып кеткен Бану Надыр жөөттөрү ошол бойдон тынчып калган жок. Жүрөктүн тереңинде сакталган кек аларды тынч уктатпады. Алар алгач мусулмандардын негизги душманы болгон Курайш каапырлары менен келишим түздү. Аларды согушка тукуруп, эгер согуша турган болсо аларга жардам берерин айтышты. "Мухаммаддын дини жалган, силердин диниңер туура" деп, Курайш каапырларынын башын айлантышты. Алардын бул кылыгы Куранда минтип баяндалган: **"Китептен үлүш алган адамдарга (жөөттөргө) карабайсыңбы: Алар "Жибт" жана "Тагутка"[1] сыйынышат жана каапырларга (жагынып): "Ошолор ыймандууларга караганда туура жолдо" деп айтышат".**[2] Булардын сунушу Курайш каапырларына майдай жагып, согушка даярдана баштайт. Жөөттөр андан соң Гатафан ж.б. урууларга барып ушундай келишим түзөт. Натыйжада ар элден куралган кошуун согушка даярдана баштайт. Душман кошуундары ар кайсы уруудан топтолгон үчүн бул согуштун бир аталышы "Ахзаб" (Топтолгон кошуун) деп аталган.

Адаттагыдай эле каапырлардын согушка даярдана баштаганын тыңчылар пайгамбарыбызга жеткиришти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адатынча кеңешме өткөрдү. Кеңешмеде душманды шаардан чыгып тосуу керекпи, же шаар ичине бекинип тосуу керекпи деген маселе козголду. Пикирлер эки ача болду, кээси душманды утурлап чыгууну каалаÑа, кээси шаар ичине бекинип коргонууну сунуштады. Бир гана Салман ал-Фарси деген түбү персиялык сахабанын пикири өзгөчө болду. Ал перстердин тажрыйбасына таянып, шаарды айланта аңгек казууну сунуштады. Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) да ушул сунуш жагып, анын айтканын кылмакчы болду. Анткени буга чейин араптарда мындай ыкма болбогондуктан, душмандарга да бул күтүлбөгөн көрүнүш болору бышык. Анын үстүнө

---

(Алла андан ыраазы болсун) үйлөнөт. Бул учурда Умму Салама кырк төрт жашта эле. Ал сексен төрт жаш курагында хижранын элүү тогузунчу жылы каза болгон. Пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) үч жүз жетимиш сегиз хадис айтып жеткирген. 4) Ушул жылы арактын арам экендигин баяндаган үчүнчү аят түшүп, арак ичүү арам кылынган. 5) Хижранын үчүнчү жылы пайгамбарыбызга(ага Алланын салам-салаваты болсун) баш кошкон Зейнеп энебиз жылдын башында каза болгон. Пайгамбарыбыздын көзүнүн тирүүсүндө Хадича энебиз менен Зейнеп энебиз көз жумган. 6) Пайгамбарыбызды бала кезинен багып, мээримин төккөн Фатима бин Асад кайтыш болгон. Ал пайгамбарыбыздын агасы Абу Талиптин зайыбы, Азирети Алинин апасы эле. Ал каза болгондо пайгамбарыбыз (Алла андан ыраазы болсун): "Бүгүн менин апам каза болду" – деп айткан. 7) Азирети Алинин экинчи уулу, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) экинчи небереси Хусайн жарык дүйнөгө келген. Төрөлгөнүнө жети күн өткөн соң (жентек той) кылып, эки кочкор союп акыйка (жентек той) кылган.

[1] Жалган кудайдардын жалпы аталышы.

[2] Ниса сүрөсү, 51-аят.

Мадинанын географиялык шарты да бул ыкмага ылайыктуу болуп чыга келди. Шаардын түштүк тарабы токой болгондуктан ал жактан душман каптап кире алмак эмес, кирген жерде да бириндеп кирген душманды жок кылуу оңой эмеспи. Ал эми чыгыш тарабында болсо, мусулмандарга кол салбоого келишим кылган Курайза уруусунун жөөттөрү отурукташкан. Душман алардын үстүнөн бастырып кирбөөсү белгилүү. Ошондо душман каптап кире турган шаардын түштүк-батыш тарабы гана калат. Бул жак ачык талаа болгондуктан душмандын колу ушул тараптан гана келери бышык. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мунун баарын кылдат изилдеп көрүп, аңгекти ушул тарапка казууга буйрук берди. Аңгектин ар бир метрине чейин так бөлүштүрүлүп, ар бир он адамга он беш метр жерди казуу жүктөлдү. Ошентип эркек-аял, чоң-кичик дебей аңгек казуу иши башталды. Алардын кайсы биринде башка зарыл иши болсо пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) уруксат сурап анан кетип жатышты. Алла Таала мусулмандардын мындай адебин мактап, мындайча сүрөттөгөн: **"Ыймандуулар – Аллага жана Анын элчисине ыйман келтирген адамдар. Алар пайдалуу бир ишти аткарып жатышканда пайгамбар менен бирге болушса, андан уруксат сурамайынча кетип калышпайт. "Оо, Мухаммад,) чынында, сенден уруксат сураган адамдар Аллага жана Анын пайгамбарына ишенгендер. Эгер ала кээ бир иштерине уруксат сураса, каалаганыңа уруксат бер жана алардын күнөөлөрүн кечирүүсүн Алладан сура. Алла – Кечиримдүү, Ырайымдуу".**[1]

Ал эми эки жүздүүлөр болсо жумуштан ар кандай шылтоо менен четтеп кетип жатышты. Аларды сыпаты Куранда мындайча баяндалат: **"(Оо, ыймандуулар,) өз араңарда пайгамбарга кайрылууну бири-бириңерге кайрылган сыяктуу (жеңил) кылып албагыла. Алла силердин араңардан суурулуп, жашыруун чыгып кете турган (эки жүздүү) адамдарды жакшы билет. Пайгамбардын буйругуна каршы иш жасагандар баштарына балээ жана жан ооруткан азап түшүүсүнөн абайлашсын".**[2]

Мадинада аңгек казуу ишине катышпаган бир да мусулман калбады. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү баш болуп жер казды. Бир күнү килейген ташка туш келишти, аны талкалоого керки-чоттун да, балка-барскандын да күчү жетпей сахабалардын айласы кетти. Акыры пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабар беришти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) колуна барсканды алып аны талкалоого өзү белсенди. Биринчи жолу урганда эле таштын бир бөлүгү сынып түштү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Алла Улук" - деп такбир айтты да: "Мага Шам өлкөлөрүнүн ачкычы берилди. Азыр андагы кызыл түстүү хан сарайларды көрүп турам" – деди. Анан колун кериле

---

[1] Нур сүрөсү, 62-аят.

[2] Нур сүрөсү, 63-аят.

созуп экинчи жолу урду. Бул жолу килейген таштын тең жарымы сынып түштү. Дагы: "Алла Улук" - деп такбир айтып: "Мага перс өлкөлөрүнүн ачкычы да берилди. Азыр андагы ак сарайларды көрүп турам" – деп кошумчалады. Анан үчүнчү жолу урду. Бул жолу таштын калганы кесек-кесек майдаланып бир канча бөлүккө ажырап калды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Алла Улук" – деди да: "Мага Йемен тараптагы өлкөлөрдүн ачкычы да берилди. Азыр Сананын эшиктери ачык турганын көрүп жатам" – деп сөзүн жыйынтыктады.[1] Бул окуя мусулмандарга болуп көрбөгөндөй кубаныч тартуулады. Алар жанатан бери талкалай албай жаткан таштын талкаланганына сүйүнгөн жок. Алар пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүйүнчүлөгөн, келечекте мусулмандар жетише турган жеңиштерге кубанды.

Эки жүздүүлөр болсо, бул окуяга ишенгилери келбей, жалганга чыгарышты. Алардын абалы тууралуу Куранда мындайча айтылат: **"Ошондо эки жүздүүлөр менен жүрөгүндө шек-күмөнү бар адамдар: "Бизге Алла менен анын пайгамбары жалган убада берген турбайбы" - дешет".**[2]

Аңгек казылып бүтөрүнө аз калды. Душмандын колу да шаарга жакындап келип жай ала баштады. Мусулман аскерлеринин саны үч миң чамалуу болду. Душмандын колу жыйырма миңден ашуун эле. Мусулмандар аялдар менен балдарды ансарлардын чептерине киргизишти. Өздөрү аңгекти жээктей жайгашты. Айрыкча аңгектин толук бүтпөй калган бөлүгүнө көбүрөөк көңүл бурууга туура келди. Анткени тереңдиги үч жарым метрге чукул, эни тулпардын тулпары ыргып өтө албай тургандай кенен казылган аңгектин бир бөлүгүн мындай кеңдикте казууга жетишпей калышкан эле. Мына ошо аралыктан душман аскерлери өтүп кетүү коркунучу бар болчу. Мусулмандар күнү-түнү дебей аңгекти көзөмөлгө алышты. Көз жумуп уктай турган заман эмес эле. Анын үстүнө арт жактарындагы Курайза уруусунун жөөттөрүнө да ишениш кыйын. Ортодо келишим болгону менен, жөөттөр каалаган убагында аны бузуп, карасанатайлык кылуусу толук мүмкүн. Душман колу шаар этегине толук жайгашып бүткөн соң, алгачкы чабуул башталды. Алдын ала божомолдогондой эле согушуунун мындай ыкмасына өмүрүндө биринчи жолу кабылып жаткан душман колу бир топко алдастап калды. Акыры жанагы аңгектин оозу тар жеринен биринен сала бири өтө баштады. Бирок аңгектен кулабай аман өткөнү же жебеге тепчилип, же найзага сайылып мүрт кетип жатты.[3]

---

[1] Ибн Абу Шайба, "Ал-Мугази", 261-бет.

[2] Ахзаб сүрөсү, 12-аят.

[3] Аңгектен биринчилерден болуп Амр бин Абдивад деген атагы алыска кеткен баатыр өтөт. Ага жекеме-жекеге чыккан Азирети Али аны бир заматта аттан кулатат. Алгачкы жеңишти даңазалап мусулмандар аба жаңырта такбир айтат.

Аңгекти аттап өтүп согушуу менен мусулмандарды жеңүүгө болбостугуна көзү жеткен душман башка ыкмаларды издей баштады. Жөөттөрдүн башында турган Хуяй бин Ахтаб Курайза жөөттөрүнө келип аларды мусулмандарга каршы чыгууга үндөдү. Ортодогу келишимди бузуп, мусулмандарга кол салууга чакырды. Тилекке жараша булардын арам ою тууралуу кабар пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) өз убагында жетип калды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул кабарды жалпы мусулмандарга угузган жок. Болгону мунун чын-төгүнүн билүү үчүн Саьд бин Муаз менен Саьд бин Убаданы баш кылып төрт адамды Курайза жөөттөрүнө жиберди. Бул экөөнүн бири Аус, экинчиси Хазраж уруусунан болуп, тиги Курайза жөөттөрү менен эзелтен ийиндеш туруп, мамиле кылып келген. Ошондуктан жөөттөр менен ачык сүйлөшүп келүүгө пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ушул экөөнү туура көрдү. Төртөө түз эле жөөттөрдүн башчыларына кирип иштин чоо жайын сурашты. Чындап эле жөөттөр ниетин бузуп алышкан экен. "Биз эч кандай келишимге да убадага да баш ийбейбиз" деп каршылыктарын ачык эле билдиришти. Саьд бин Муаз аларга бул кылгандарынын арты жакшы болбостугун билдирип, акыл-насаатын айтты. Бирок жөөттөр аны уккусу келбеди, тескерисинче буларга тил тийгизип, батыраак чыгып кетүүсүн талап кылышты. Иштин чоо жайын уккан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) абалдын оорлогонун баамдады. Эми мусулмандар алды-артынан келе турган чабуулга кабылып калуусу да мүмкүн. Ооба, дал ошондой болду. Жөөттөр алгач жалаң аялдар менен балдар калган чептерди басып алууга аракет жасашты. Түн ичинде чепке жакындап келген караандарды байкаган пайгамбардын атасы менен бир тууган эжеси Сафия алардан көз албай аңдып турат да, биринчи болуп чепке чыгып келгенин союл менен кулата чабат. Тиги ылдый жакта тургандары бул жакта эркектер бар турбайбы деген коркунуч менен артка чегинип кетишет.

Согуш тийди-качты болуп уланып жатты. Мусулмандар эми жөөттөр эшик ачып берсе, душмандар арт жактан да каптап кирет го деген коркунучтун кучагында калышты. Ошентип турган маалда пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир адам келди. Ал Гатафан уруусунан Нуйм бин Масуьд деген адам экен. Өзү динди кабыл алып, бирок анысын башкаларга билдирбей жүргөн Нуайм душман колу менен бирге согушка аттанып келиптир. Эми ал пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келгенинин себебин айтты:

- Мен динди жашыруун кабыл алганмын, азыркыдай учурда мусулмандарга кандайдыр бир жардамым тиеби деген үмүт менен келдим. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын жакшы ниетине жана эр жүрөктүүлүгүнө баа берип, анан:

- Сенин жалгызсың, бирок сенин колуңдан келчү иш бар, душмандын колун бөлүп-жарганга аракет кыл, согуш – бул, айлакерлик, - деди.[1]

Нуайм белсенип чыгып, алгач тээ жахилияттан бери тааныш-тунуш болуп жүргөн Курайза жөөттөрүнө барды. Аларга: "Силер Курайш менен Гатафанга жардам бермекчи болдуңар. Бирок алды-артыңарды жакшы карагыла. Силер бул шаарда турасыңар, бала-чака, мал-жаныңар ушунда. Тигилердин жөнү башка, алар сырттан келген. Эгер жеңилсе кайра кетип калышат. А силердин абалыңар оор болот. Ара жолдо жардамсыз каласыңар" деди. Анын айтканын кайсы бир деңгээлде чындыгы бар экенине көзү жеткен жөөттөр эки анжы болуп калышканда, Нуайм мындай абалдан чыгуунун жолун да үйрөтө салды. "Эми силер Курайштарга өкүл жиберип, алардын аттуу-баштууларынан бир эки адамды барымтага кармап турууну сунуш кылгыла. Качан жеңишке жетишсе, аларды коё бересиңер. Эгер жеңе албай калышса да силерди таштап кете албайт. А эгер барымтага адам берүүдөн баш тартышса, анда алардын арам ою бар экени белгилүү болот" деди ал. Курайза жөөттөрүнүн башчылары анын оюн туура таап, дал ошондой кылмакчы болушту.

Нуайм андан ары Курйш аскерлерине барып Абу Суфянга жолукту. "Мен азыр эле Мухаммаддын жанынан келдим. Ага Курайза жөөттөрүнөн келген элчилердин сөзүн угуп калдым. Алардын айтымында, Курайза жөөттөрү силердин аттуу-баштууларыңардан бир-экөөнү мусулмандарга туткун кылып бермекчи болуп жатыптыр. Ошонусу менен алар мусулмандар ортосунда түзүлгөн келишимин бекемдемекчи экен" деди Нуайм сыр билдирбей. Анан: "Эгер менин айтканыма азыр ишенбесең, жакында ишенесиң. Дагы бир жолу айтаарым, алардын колуна адамдарыңды салып бере көрбө" деп кошумчалап, жолун андан ары улады. Анан өзүнүн Гатафан уруусуна барып, дал ушул Абу Суфянга айтканын айтты.

Бул үч кол эртең менен мусулмандарды алды-артынан каптап кирмек болуп турушкан. Нуймдын айтканынан кийин үчөө тең бири-биринен күмөн санап ичинен тымып калышты. Эртеси таңында Курайш аскерлеринен элчилер келип, Курайза жөөттөрүнө чабуулду баштай берсе боло тургандыгын кабарлады. Бирок, Курайза жөөттөрү андан баш тартты. "Бүгүн биз үчүн ыйык саналган Ишемби. Бул күнү согушка чыга албайбыз. Анан да силер кокустан бизди жалгыз калтырып качып кетип калбооңор үчүн бизге бир-эки адамды барымтага калтырууңарды талап кылабыз" деди алар. Муну укканда Курайштын башчылары да, Гатафандын башчылары да Нуаймдын айтканын эстешти. Булардын куулук кылып жатканына ачууланып, аларга адамдарын барымтага калтыруудан баш тартты. Алардын баш тартканы Курайза жөөттөрүнүн күмөнүн дагы күчөттү. Демек, Нуйм чын айткан экен, булар бизди мусулмандардын кылычына калтырып кетмекчи болушкан тура деген жөөттөр

[1] Ибн Хишам "Ас-Сиро ан-Набавия", 3-том, 227-бет.

согушуудан толук баш тартты. Ошентип Нуаймдын айлакерлиги жемишин берип бул күнү бирдиктүү чабуул ишке ашпай калды. Мына ушул түнү Алла Таала мусулмандарга жардам берип, душман колу жайгашкан өрөөнгө катуу шамал соктурду. Кум учурган муздак шамал душмандын чатырларын учуруп, ат-төөсүн үркүтүп чакчелекей салды. Бул окуя Куранда мындайча сүрөттөлөт: **"Оо, ыймандуулар, Алланын силерге кылган жакшылыгын эстегиле: бир кезде силерге (көп) аскерлер кол салганда, Биз аларга каршы шамал жана силер көрбөгөн (периште) аскерлерди жибердик. Алла силердин жасаган ишиңерди көрүп турат".**[1] Бутпарастардын аскерлери туш тарапка чачылып алапайын таппай калды. Ушул учурда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Хузайфа бин Йаманды (Алла андан ыраазы болсун) душмандын абалын билип келүү үчүн тыңчылыкка жөнөттү. Баш көргөндү көз көрбөй ызы чуу түшүп жаткан аскерге аралашкан Хузайфа Абу Суфянды араң таап, анын жанында акмалап жүрдү. Бир кезде Абу Суфян бир канча адамды топтоп кеңешме өткөрө баштады. Хузайфа да алардын катарына отура калды. Абу Суфян сөз баштоодон алдын этияттык кылып: "Араңарда тыңчы болуп жүрбөсүн, ар бириң жан-жанындагы адамдын ким экенин сурап билгиле" деди. Хузайфа иштин жаман жагына айланганын билип алгач чочуп кетти, анан дароо жол таап, алгач оң тарабындагы адамга озунуп: "Сен кимсиң?" - деп сурады. Тиги атын айтып өзүн тааныштырды. Хузайфа дароо сол жагына бурулуп: "Сен кимсиң?" – деди. Ал да аты-жөнүн айтып өзүн тааныштырды. Ошону менен бул үчөө тынчып отуруп калышты. Башкалар да бири-бирин сурамжылап чыккандан кийин, Абу Суфян: - Биздин абалыбыз чатак болду" - деп сөз баштады да, анан: - Курайза жөөттөрү чыккынчылык кылды, азык-түлүгүбүз аздап барат. Азыноолак мал-жаныбыздан бүгүнкү шамал биротоло ажыратты. Бул түрүбүз менен мусулмандарды жеңе албайбыз. Андан көрө түн жамына жерибизге кайталы, - деп сөзүн жыйынтыктады. Бул чечим отургандардын баарына жагып, баары кайтууга камынды. Ошол учурдан пайдаланып акырын четтеген Хузайфа мусулмандарга кайтып келди. Кубанычтуу кабарды уккан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Мындан ары алар бизди бастырып келе алышпайт, эми биз аларды бастырып баруубуз мүмкүн" – деп сахабаларына жеңиштин кабарын угузду.[2] Ошентип жыйырма беш күнгө созулуп, мусулмандардан алты, душмандан үч адамдын жанын алган тарыхта "Хандак" (Аңгек) деп аталып калган согуш аягына чыгып, мусулмандар үйлөрүнө тарашты.

Алла Таала Курандагы бир сүрөдө ушул согуш тууралуу толук баяндап, сүрөнүн атын да ушул согуштун аталышы менен "Ахзаб" деп атаган.[3] Сүрөдө

---

[1] Ахзаб сүрөсү, 9-аят.

[2] "Фатх ал-Баари", 15-том, 284-бет.

[3] Бул согуш хижранын бешинчи жылындагы эң маанилүү окуя болуп калды. Мындан сырткары бул төмөнкүдөй бир катар окуялар болуп өттү: 1) Ушул жылы мусулман аялдарга денесин

согуш окуялары мындай сүрөттөлгөн: **"Оо, ыйман келтирген пенделер! Алланын силерге кылган жакшылыгын эстегиле: бир кезде силерге (көп) аскерлер кол салганда, Биз аларга (каршы) шамалды жана силер көрбөгөн (периште) аскерлерди жибергенбиз. Алла силердин жасаган ишиңерди Көрүүчү. Ошондо силерге үстүңөрдөн, ылдый жагыңардан (душман басып) келген жана көздөр тунарып, жүрөктөр алкымга тыгылган. (Кээ бирөөңөр) Аллага жаман ойлоп да калгансыңар. Ошол жерде момундар сыналып, (ыймандары) катуу бир козголгон. Мунафыктар менен жүрөгүндө шек-күмөнү бар адамдар болсо: «Бизге Алла менен Анын пайгамбары (силер жеңесиңер деп) жалган убада берген турбайбы» - дешти. Ошондо, алардан бир тайпа кишилер: «Оо, Ясриб (Мадина) эли! Эми силерге бул жерде туруу пайдасыз! Кайта бергиле!» - деген жана алардан дагы бир тайпалары пайгамбардан уруксат сурап: «Үйүбүз ачык калган болчу» - деп (жалган) айтышкан. Үйлөрү ачык калган эмес эле. Алар болгону, качууну көздөгөн. Эгер (ошондо) алардын үстүнө Мадинанын ар жагынан (душмандар) киргизилип, кийин динден кайтууларын талап кылынганда, көп отурбастан сурагандарын беришмек. Алар буга чейин артка качпайбыз деп Аллага ант берген эле го! Аллага берилген ант жөнүндө (Кыяматта) суралат! (Мунафыктарга) айт: «Силерге качуу пайда бербейт. Эгер силер өлүмдөн же өлтүрүлүүдөн качкан болсоңор, анда (дүйнө жашоосунан) бир аз эле пайдаланып каласыңар. Айткын: «Эгер силерге (Алла) бир жамандык каалаган болсо, Алладан силерди ким сактай алат? Же Ал силерге бир ырайымдуулук кааласа (аны ким тыя алат, баштарына өлүм келгенде) өздөрүнө Алладан башка дос да, жардамчы да таппай калышат. Алла силердин араңардагы (жихаттан) тыюучуларды жана бир тууганадарына (аларды качууга үгүттөп): «Биз менен жүргүлө» - дегендерди билет. Алар (олжону) силерден кызганып согушка өтө сейрек катышат. Ал эми, (согуш учурунда) коркунуч келип калса, тим эле өлүмдүн ортосунда калып кеткендей сага алаңдап карагандарын көрөсүң. Эми, качан коркунуч кеткенде, алар жакшылыкка (олжого) ач көздүк кылышып, тезинен сага чечен тилдери менен жолугушат.[1] Алар ыйман келтирбеген адамдар. Алла алардын амалдарын текке кетирди. Бул Аллага жеңил. Алар (Мадинаны курчап турган душман) жамааттарды кете элек деп**

---

жабуу милдеттендирилди. Буга Курандагы Ахзаб сүрөсүнүн 53-аяты, 59-аяты далил болгон; 2) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мурайси согушунда туткунга түшкөн Жувайрия энебизге үйлөнөт; 3) Бул жылы Мадинага жакны жашаган Музайна уруусунун өкүлдөрү толугу менен динди кабыл кылган; 4) Белгилүү сахаба Салман ал-Фарси кулчулуктан азат кылынат; 5) Согушта алган жаракатынын айынан улук сахаба Саад бин Муаз каза болгон. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага кайгырып: "Муаздын өлүмүнө Алланын аршы титиреди, ага жаназа окуу үчүн жетимиш миң периште түштү" деп айткан.

[1] «Биз андай эрдик көргөздүк, мындай баатырдык жасадык, бизге көбүрөөк бөлүштүр» деп, эч кимге сөз бербей мактанышат.

**ойлошот. Эгер ал жамааттар (бастырып) келсе, булар силердин кабарыңарды сурап коюп, тээ четтеги бедуин араптардын арасында болууну каалашат.[1] Эгер силердин ичиңерде (Мадинада) болсо да жан үрөп согушмак эмес. (Оо, момундар!) Силер үчүн Алланын элчисинде сонун үлгүлөр бар. (Бул үлгүлөр) Алладан жана Акырет күндөн үмүт кылып, Алланы көп-көп зикир кылгандар үчүн. Ал эми, момундар (душман) жамааттарды көргөндө: «Бул бизге Алла жана пайгамбары убада кылган нерсе. Алла менен пайгамбары туура сүйлөгөн экен» деп (согушка, өлүмгө даяр) турушту. (Душмандын көптүгү) алардын ыймандарын жана (Исламга) моюн сунууларын гана көбөйттү. Момундардын арасында (ушундай) эр-азаматтар бар: алар Аллага берген убадаларында чынчыл экенин көргөзүштү. Кээ бирлери милдетин аткарып (шейит болуп) кетишти. Кээ бирөөлөрү (шейиттикти) күтүүдө. Алар (Аллага берген) убаданы бузбады. Алла чынчыл адамдарды өз чынчылдыктары себептүү сыйлаш үчүн жана мунаафыктарды кааласа азапташ же болбосо тооболорун кабыл алыш үчүн (ушул сыноого дуушар кылды). Алла Кечирүүчү, Ырайымдуу. Ал эми, аларды (душмандарды) болсо, Алла өз ачуулары менен кайтарды.[2] Алар эч бир жакшылыкка жетишпеди. Алла момундарга согуш жаатынан жетиштүү (жардамчы) болду. Алла Күчтүү, Кудуреттүү!"[3]**

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) үйүнө келер замат Жебирейил периште пайда болуп: "Сен эмне курал-жарагыңды чечип салдыңбы, а биз болсо али чече элекпиз. Жүр тигилерге каршы аттаналы" – дейт. "Кимдерге каршы?" – деп сурады пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун). "Тигилерге" – деп, Жебирейил периште Курайза жөөттөрү тарапка ишара кылды. Демек, бул Алланын буйругу эле. Аскердин туусун Азирети Али көтөрдү. Пайгамбарыбыз (Алла андан ыраазы болсун): "Ошолордун чебине жетмейинче дигер намазын окубай тургула" – деп буйрук берди.[4] Өздөрүнүн кечээки согушта мусулмандарга кылган кыянаттыгын жакшы билген жөөттөр алдын-ала эле чептерине бекинип алышкан экен. Мусулмандар аларды он күн курчап жатышты. Алла Таала алардын жүрөгүн коркунучка малып, айлаларын кетирди. Акыры кемчиликтерин моюнуна алып, кандай өкүм болсо да аткарууга макул болушту. Болгону аларга өкүмдү Саьд бин Муаз чыгарсын деп суранышты. Анткени Саьд алар менен мамилелешип,

---

[1] Мадинадан алыстагы көчмөндєр арасына барып алып, качан мусулмандардын жеңилгени жөнүндө кабар келип калаар экен деп күтүп жатууну каалашат.

[2] Кандай ызырынып келген болсо, максаттарына жете албай, ошондой ызырынып, ачуулары менен кайтып кетишти.

[3] Ахзаб сүрөсү, 9-25-аяттар.

[4] Имам Бухари, "Фатх ал-Бари", 15-том, 294-бет.

илгертен чогуу чаран жүргөн адам эле. Жөөттөр кыянат кылганда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга дал ушул Саьдды жиберген болчу. Ошондо алар: "Сенин пайгамбарың ким болуп калыптыр, бизде аны менен эч кандай келишим жок" деп, анын өзүн да опузалап кууп чыккан болчу. Саьддын өкүмү боюнча каалагандар Ислам динин кабыл алышты, каршы чыккан эркектер өлүм жазасына кириптер болду. Алардын аялдары, мал-мүлкү олжого алынды. Мындай өкүмгө Курайза жөөттөрүнүн аттуу-баштууларынын кээ бирлери ыраазылыгын билдирди. Анткени алар мусулмандарга жасаган кыянатчылыгын жакшы билишет эле.

Ахзаб согушунда жана Курайза жөөттөрү менен болгон согушта Алла Таала мусулмандарга ачыктан-ачык жардам берди. Мадинаны жөөттөрдөн тазалады. Куранда Курайза жөөттөрү тууралуу мындайча кабар берди: **"Алла, душмандарга жардам берген китеп ээлерин (Курайза жөөттөрүн) коргондорунан чыгарды. Жүрөктөрүнө коркуу сезимин киргизди. Силер алардан бир бөлүгүн өлтүрүп, бир бөлүгүн туткундап алдыңар. Силерге алардын жерлерин, короо-жайларын, мал-мүлкүн жана бутуңар баспаган (жаңы) жерлерди да мурас кылып берди. Алла – баардык нерсеге кудуреттүү".**[1]

## Бану Мусталак казаты (Хижра, 6-жыл, Шаабан айы):

Бул казат ошол казатка чыккан Бану Мусталак уруусунун аты менен аталып "Мусталак казаты" болуп калган. Бул уруу Мадина менен Меккенин ортосунда Усфанга жакын бир өрөөндө Мурайси деп аталаган сууну жээктей отурукташкан эле. Булар эзелтен Курайш уруусу менен тыгыз карым-катнашта болгон. Курайш менен мамилелеш болгондон кийин, албетте, мусулмандарга каршы болору белгилүү. Булар өз алдынча кол курап Мадинага бастырып кирмей болушат. Пайгамбарыбыз бул кабардын чын-төгүнүн билип келүү үчүн Бурайда аттуу сахабаны жөнөтөт. Бурайда алардын арасында жүрүп алардын максаттарын толук билип кайтат. Алар чындап эле согушка даярданып жаткан. Бул согушту күтүп отуруунун кажети жок болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ордуна Зайд бин Хрисаны калтырып, өзү колду баштап чыкты. Мусулмандарда мухажирлердин туусун Абу Бакр Сыддык, ансарлардын туусун Саьд бин Убада (Алла алардан ыраазы болсун) көтөрдү. Саны жети жүзгө жакын аскери менен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мусталак уруусуна жакындап келди. Мурайси суусун жээктеп бара жаткан мусулмандар Мусталак уруусунун тыңчыларынан бирөөсүн колго түшүрүп алат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга Азирети Умарды жиберип, келме келтирип мусулман болуусун сунуш кылат. Тигилер ага макул болбойт. Анысы аз келгенсип, жаа тартып, найза ыргытып

[1] Ахзаб сүрөсү, 26-27-аяттар.

согушту баштап жиберет. Ошентип согуш башталат. Бул согушта мусулмандар көп жоготууга учурабайт.[1] Ал эми Мусталак уруусу көп жоготууга учурап, багынып берет.[2]

## Жалаа жабуу (Ифк):

Мусталак уруусуна болгон казатта эсте кала турган маанилүү окуялардын бири "ифк" тагыраагы, "жалаа жабуу" окуясы болду. Бул окуяда пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүйүктүү, таза жубайы Айша энебизге эки жүздүүлөр тарабынан жалган жалаа жабылган. Бул окуяны баяндаган хадисти Айша энебиздин (Алла андан ыраазы болсун) өз оозунан анын эжесинин уулу Урва бин Зубайр айтып жеткирген.[3] Бул хадис Имам Бухаринин туура хадистер жыйнагындагы эң узун хадистердин бири. Анда хадисти бул окуянын ээси болгон Айша энебиздин (Алла андан ыраазы болсун) өз оозунан угалы. Айша энебиз минтип айтат: "Алланын элчиси сапарга чыгарында аялдарына чүчү кулак таштап, кимисине чыкса ошонусун сапарга ала чыкчу. Мусталак уруусуна аттанып жатканда ушундай чүчү кулак таштап, ал мага чыгып калды. Биз чогуу аттандык. Бул учурда хижап оронуу парз болгон эле. Ошондуктан төө үстүндө атайын аялдар үчүн жасалган чүмбөттүн ичинде жүрчүмүн. Жерге түшкөндө да чүмбөттөлгөн замбилди ошол боюнча эле төөнүн үстүнөн алып коюшчу.

Жүрүштөн кайтып келе жатканда түн ичинде бир жерге конуп калдык. Таңга жуук муктаждыгымды аткаруу үчүн элден ыраак басып кеттим. Кайра чүмбөтүмдүн жанына келгенимде, моюнумдагы акак таштардан жасалган шурумдун үзүлүп калганын байкадым. Жанагы жерге кайра барып шурумду издедим. Мен ошентип жүргөндө кошуун жолго чыгыптыр да мени калтырып кете беришиптир. Анткенинин да жөнү бар. Ал учурда аялдар тамакты аз ичип, салмагы жеңил болор эле. Айрыкча мен кичине жана жеңил элем. Ошондуктан чүмбөттү көтөргөн эркектер анын өзүнүн оор салмагынан улам ичинде адам барбы, жокпу билишпейт болчу. Алар мени чүмбөттүн ичинде деп ойлоп аны төөгө жүктөп кетип калыптыр. Шурумду таап ордума келсем эч ким жок. Кайра издеп келишет го деген ой менен чапанымды жамынып жата кеттим. Уктап кетипмин. Кошуунда Сафван бин Муаттал деген сахаба бар эле. Анын милдети кошуундун эң артынан аттанып калып калган буюм-теримге көз салуу болчу. Таң ата ал мен жаткан жерге келип, мени көрүп калыптыр. Мурда хижап парз болгонго чейин мени көрүп жүргөн ал дароо таанып, үн чыгарып мага белги берген экен мен дароо ыргып туруп жүзүмдү жаптым. Ал мага сөз сүйлөбөдү,

---

[1] Бир гана адамдын шейит кеткени айтылат.

[2] Эки жүзгө жакын адам туткун болгон. Көптөгөн олжолор алынган.

[3] Мындан сырткары бул хадисти сахабалардан Саид бин Мусаяб, Алкама бин Ваккас, Утба бин Масьуд ж.б. айтып калтырган.

мен да үн катпадым. Болгону төөсүн мага жакын алып келип чөктүрдү эле мен ага миндим, ал жетелеп алып кошуундун артынан жөнөдү. Жер жарыганча кошуунга жете албадык. Качан гана алар эс алууга токтогондо артынан жетип келдик. Мадинага келгенден кийин бир айдай ооруп жатып калдым. Бул учурда шаарда мага жалган жалаа жабылып, эл арасында дүү-дүү кеп жүрүп жаткан экен. Менин андан эч кандай кабарым жок. Бул жалааны Алланын элчиси да, ата-энем да уккан экен, бирок мага эч ким эч нерсе айтпаптыр. Бирок Алланын элчисинин мага мамилеси суздап калганы мени шекшинте баштаган болчу. Мурда ооруп калсам ал-абалымды сурап, мээрин төгүп жанымда болчу. Бул жолу жөн гана "Абалың кандай?" деп сурап койгону болбосо, жаныма да көп келбей калды. Бир күнү кажетимди аткаруу үчүн чыкканымда кошо чыккан Умму Мистах[1] деген аял эл арасында жүрүп жаткан кеп-сөз тууралуу мага айтып берди. Муну уккандан кийин өлгөндүн үстүнө көмгөн болуп оорум андан да күчөп, бүк түшүп жатып калдым. Алланын элчиси абалымды сурап кирди эле андан ата-энемдин үйүнө барууга уруксат сурадым. Ал макул болду. Энем: "Сага окшогон кадыр-барктуу аялга жалаа жабууну көздөгөндөр жок эмес. Бул ошолордун кылганы. Сен ага капаланба, ден-соолугуңа кам көр" деп жооткотту. Мен түнү менен ыйымды баса албадым.

Бул учурда Алланын элчиси Алладан вахи күтөт, бирок вахи келбейт. Анан Азирети Али менен Усама бин Зайдды чакырып кеңеш сурайт. Усама: "Мунун баары жалган, сенин аялың мындай ишке бара турган адам эмес" дейт. Азирети Али да ушундай сөздү айтып, менин кызматчым Бурайдадан сурап көрүүнү сунуш кылат. Бурайда дагы эч кандай күмөн саноонун кереги жок экенин айтып күбөлүк берет. Алланын элчиси бул тууралуу Азирети Умардан, Азирети Усмандан, аялы Зейнеп энебизден да сурайт. Алардын баары бул жалган жалаа экенин айтат.

Ошентип арадан бир ай убакыт өтүп кетти. Бир күнү Алланын элчиси келип, менин жаныма отуруп: "Сен тууралуу айтылып жаткан сөздөн таза болсоң, Алла сенин тазалыгыңды ачыкка чыгарып вахи түшүрөт деген үмүттөмүн. Эгер бул сөздөрдүн төркүнү чын болсо, анда Алладан кечирим сурап, тобо кыл. Алла күнөөсүн моюндаган адамды кечирбей койбойт" – деди. Менин сөз айтууга чамам жок эле. Атам менин ордумдан жооп берип коюңуз десем, ал да унчукпайт, энеме айтсам ал да унчукпайт. Алланы элчиси ордунан тура элек болчу. Ошол убакта ага вахи келгенин байкадык. Вахи келгенде кычыраган кышта көл-шал болуп тердеп кетчү да, алынан тайып калчу. Анын башына жаздык жөлөп, жаткырдык. Мен өзүмдүн актыгымды билгендиктен, эч нерседен күмөн санабай көңүлүм тынч турдум. Атам менен апам болсо, алда эмне болуп кетет деп коркконунан өңдөрүнөн азып кетти. Бир аздан кийин

---

[1] Ал Абу Рохм бин Муталиб бин Абду манафтын кызы эле, анын энеси Сохр бин Аамирдин кызы Абу Бакр Сыддыктын таежеси эле.

Алланын элчиси башын көтөрүп өйдө болду, жылмайган жүзү менен: "Айша, сага сүйүнүчтүү кабар, Алла Таала сенин таза экендигиңди кабарлады, жалаадан тазалады" - деди. Атам сүйүнгөнүнөн ыргып туруп маңдайымдан өптү. Тиги мени менен кошо жалаага кириптер болгон адам, аялдын жүзүнө тике караган адам эмес эле. Кийинчерээк ал бир согушта шейит кетти".[1]

Бул жалган жалааны Сафван бин Муаттал (Алла андан ыраазы болсун) Айша энебизди төөгө мингизип келе жатканда жолугуп калган Абдулла бин Убай тараткан болчу. Анын айтканын элге жайгандар Мистах бин Усаса, Хассан бин Сабит жана Хамна бинт Жахш болгон. Аят түшүп Айша энебиздин актыгы ачыкка чыккандан кийин Абу Бакр Сыддык мурда туугандыгы бар жана кедей болгондугу үчүн тамак-аш, андай-мындайдан жардам берип жүргөн Мистах бин Усасга жалган кепти жайылтып жибергени үчүн, ага эч нерсе бербеймин деп ачууланат. Алла Таала: **"Силердин араңардагы артыкчылыгы барлар жана бай тургандар туугандарына, кедейлерге жана Алла жолунда хижра кылып көчкөн адамдарга (эч нерсе) бербеймин деп ант ичпесин. Тескерисинче аларды кечирсин жана айыбынан өтсүн. Алла силерди кечирүүсүн каалабайсыңарбы? Алла Кечиримдүү, Ырайымдуу**" деген аятты түшүргөндөн кийин, Абу Бакр Сыддык: "Алла мени кечирүүсүн кантип каалабайын, мен эми ага өлөр-өлгөнчө жардам берем" деп, Мистах бин Усасага кайра жардам бере баштайт.

Алла Таала Айша энебизге жабылган жалааны жокко чыгарып төмөнкү аяттарды түшүргөн: **"Доомат арткан адамдар өзүңөрдүн эле араңардагы бир тайпа. Силер бул дооматты жамандык деп ойлобогула, ал силер үчүн жакшылык.[2] Алардан (дооматчылардан) ар биринин жасаган ишине тете күнөөсү бар. Ал эми, алардын арасынан (күнөөнүн) чоңун кетирген адамга[3] (Акыретте) чоң азап бар. Силер (оо, мусулмандар!) бул жалааны укканыңарда ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдар бири-бири жөнүндө жакшы күмөндө болуп, «бул (Айшага) анык жалаа!» - десе болбойт беле?! Алар (дооматчылар) дооматтарына төрт күбөнү алып келишсе болбойт беле?! Эгер күбөлөрдү алып келе албаса, анда алар Алланын алдында жалганчы адамдар! Эгерде силерге дүйнө жана акыретте Алланын берешендиги жана ырайымы болбосо, анын ичине чумкуган нерсеңер (ушак, доомат) үчүн силерге чоң азап келмек. Силер ал убакта тилиңер менен (доомат ушакты) сүйлөп, оозуңар менен өзүңөр билбеген нерсени жайылтып жаттыңар. Силер аны (дооматты) жеңил**

---

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 5-том, 555-560-беттер.

[2] Анткени, ушул окуя себептүү кээ бир адамдардын бетпардасы сыйрылды жана Айша энебидин тазалыгына арналган аят түштү.

[3] Бул адам - Абдуллах бин Убай бин Салул – мунафыктардын башчысы.

**санайт элеңер. Чынында ал Алланын алдында чоң (күнөө). Аны укканыңарда «Биз муну сүйлөгөнгө акыбыз жок! (Оо, Аллахым!) Өзүң Аруу -Тазасың! Бул деген чоң доомат!» - десеңер болбойт беле?! Алла силерге эскертет: Ага окшогон нерсеге эч качан кайтпагыла, эгер ыймандуу болсоңор! Алла силерге аяттарын (өкүм-шариятын ушинтип) баяндайт. Алла – Билүүчү, Даанышман. Ыймандуу адамдар жөнүндө бузук сөздөрдү таратууну жакшы көргөн адамдарга дүйнөдө жана акыретте улук азап бар! Алла (алардын жалгандарын) билет, силер билбейсиңер. Эгер силерге Алланын жоомарттыгы жана ырайымы болбогондо жана Алла Боорукер, Ырайымдуу болбогондо (силерге мамилеңерди жөнгө салган шарият жибербейт эле). Оо, ыйман келтиргендер! Шайтандын изине ээрчибегиле! Ким шайтандын изине ээрчисе, (билип алсын) ал бузукулуктарга жана жаман иштерге буюрат. Эгерде силерге Аллаын артыкчылыгы жана ырайымы болбосо, эч качан, силерден эч кимиңер актана албайт болчу. Бирок, Алла каалаган пендесин актайт. Алла – Угуучу, Билүүчү. Силердин араңардагы артыкчылыгы барлар жана бай тургандар туугандарына, кедейлерге жана Алла жолунда хижра кылып көчкөн адамдарга (эч нерсе) бербеймин деп ант ичпесин. Тескерисинче аларды кечирсин жана айыбынан өтсүн. Алла силерди кечирүүсүн каалабайсыңарбы? Алла Кечиримдүү, Ырайымдуу. Чынында, (жамандыкты) оюна да албаган, таза-пакиза, ыймандуу кыз-келиндерге («зына кылды» деп, доомат ташын) аткан адамдар дүйнө-акыретте лаанатка калышат жана аларга чоң азап бар".[1]**

Алла Таала адамдарды шайтандын изине түшүп алуудан кайтарды: " **Оо, ыйман келтиргендер! Шайтандын изине ээрчибегиле! Ким шайтандын изине ээрчисе, (билип алсын) ал бузукулуктарга жана жаман иштерге буюрат. Эгерде силерге Алланын артыкчылыгы жана ырайымы болбосо, эч качан, силерден эч кимиңер актана албайт болчу. Бирок, Алла каалаган пендесин актайт. Алла – Угуучу, Билүүчү".[2]**

Чындыгында, Алланын элчиси жана анын аялдары тазалардын тазасы: **"Ыплас аялдар ыплас эркектер үчүн, ыплас эркектер ыплас аялдар үчүн. Таза аялдар таза эркектер үчүн, таза эркектер таза аялдар үчүн. Алар (дooматка калган таза адамдар) тигилер (дooматчы ыпластар) айткан нерседен таза. Аларга (Раббиси тарабынан) кечирим жана керемет ырыскы (Бейиш) бар".[3]**

---

[1] Нур сүрөсү, 11-23-аяттар.

[2] Нур сүрөсү, 21-аят.

[3] Нур сүрөсү, 26-аят.

Алланын элчиси адамдар арасынан тандалып алган эң таза адам, Алла Таала ага аялдардын да тазасын тандаган, мына ошол таза аялдарынын бири Айша энебиз болгон. Тилекке каршы азыркы заманыбызда да кээ бир агымдардагы дин душмандары Айша энебизге (Алла андан ыраазы болсун) жалган жалаа, дооматын улантып келүүдө.

Алла Таала ушул эле сүрөдө мусулман үммөтүнө тазалыктын дагы бир жолун көрсөтүп эркек-аял бири-бирине кароодон тыйган аяттарды түшүрдү: **"(Оо, Мухаммад!) Ыймандуу эркектерге айт: (Бөтөн аялдарга кумардануу менен кароодон) көздөрүн тыйышсын жана жыныс мүчөлөрүн сакташсын! Алар үчүн ушул таза (жорук). Алла алардын бардык иштеринен Кабардар! Ыймандуу аялдарга айт: (Бөтөн эркектерге кумардануу менен кароодон) көздөрүн жумушсун жана жыныс мүчөлөрүн (зынадан) сакташсын! Көрүнүп турган зыйнатынан (кийиминен) башка зыйнат-тагынчактарын жаап жүрүшсүн! Жоолуктары менен көкүрөктөрүн жабышсын! Зыйнаттарын (моюн, билек сыяктуу зыйнат мүчөлөрүн) көргөзүшпөсүн! Бир гана күйөөлөрүнө же аталарына же күйөөсүнүн аталарына же балдарына же күйөөсүнүн балдарына же ага-инилерине же ага-инилеринин балдарына же эже-сиңдилеринин балдарына же өзүнүн (мусулман) аялдарына же кулдарына же (аялга) кызыгуусу калбаган (картайган) эркек кызматчыларына же аялдардын авреттеринин айырмасын билбеген жаш балдарга (көрүнсө күнөө жок). Жашыруун зыйнаттарын билгизиш үчүн буттарын жерге урбасын! Оо, ыймандуулар! Баарыңар Аллага тобо кылгыла, жеңишке (Бейишке) жетсеңер ажеп эмес!"**[1]

Мусталак казатында дагы бир билип алууга тийиш болгон окуя болуп өттү. Казатка Абдулла бин Убай баш болгон бир канча эки жүздүүлөр да катышкан болчу. Алардын максаты мусулмандарга жардам берип жеңишке жетүү эмес, мусулмандар жеңип калса, олжого ээ болуп калуу болчу. Согуш болуп өткөн Мурайсид суусунун жээгинде эки мусулман кер-мур айтышып калат. Алардын бири Азирети Умарга ижарага иштеп жүргөн кызматчысы, экинчиси болсо ансарлардын бирөөсү менен алакалаш жүргөн адам эле. Азирети Умардын кызматчысы мухажирлерди, тиги болсо ансарларды арачалоого чакырат. Булардын чыры пайгамбарыбызга угулуп: "Силер эмне, мен силердин араңарда турганда жахилият доорундагы кылыгыңарды кайталайсыңар!? Мындай адатыңарды таштагыла, бул силерди тозокко жетелейт" – деп насаат айтат.[2] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кеткенден кийин эки жүздүү Абдулла бин Убай ансарларга: Мухажирлер биздин жардамыбыз менен бутуна турушту, буларга мал-мүлк, короо жай бердиңер, илгеркилер айткандай "Итти семиртсең өзүңө кол салат"

[1] Нур сүрөсү, 30-31-аяттар.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 4907-катар сандагы хадис.

болуп, булар эми силерге сөз тийгизип жатат. Буга өзүңө күнөөлүүсүңөр. Мадинага аман-эсен жетип калсак, кадыр-барктуулар баркы жок байкуштарды сыртка чыгарып жиберет,[1] - деп, аларды мухажирлерге каршы тукурат. Абдулла бин Убай ушул сөздөрүн айтып жатканда, алардын жанында Зайд бин Аркам деген жаш бала угуп турган болчу. Ал тигинин айтканын пайгамбарыбызга төкпөй-чачпай айтып барат. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанында турган Азирети Умар ачууланып: "Мага уруксат бер, анын башын кыя чабайын" деп обдулат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны тынчтандырып: "Умар, мындай кылсаң, адамдар Мухаммад сахабаларын өлтүрө баштады деп айтпайбы?" – деди да, Зайддан тиги чындап эле ушинттиби деп тактап сурады. Зайд дагы бир жолу айтканы чындык экенин тастыктады. Ал эми Аббдулла бин Убай болсо, касам ичип Зайддын айтканы жалган деп жанын жеди эле, ага ишенген кээ бирөөлөр бул жаш бала чындап эле жалган айткан окшойт деп ойлоп калышты. Бирок пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) иштин жайын толук түшүнүп, аскерди тез арада жолго чыгууга буйруду. Күн ысык, согуш жаңы бүткөнүнө карабастан жолго чыгышты. Чарчаган адамдар ар кимиси өзү менен болуп бул окуя тууралуу сөз кайра козголгон жок.

Ушуга аралаш Зайддын сөзүн тастыктаган, эки жүздүүлөрдүн чыныгы жүзүн ачкан "Мунафикун" (Эки жүздүүлөр) сүрөсү түшүрүлдү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Зайдды тамашалап, кулагынан чоюп: "Алла Таала, уккан кулагын тастыктаган бала ушул" деп күлүп калчу. Сүрөдө эки жүздүүлөр жөнүндө: **"Сен аларга (Алладан) кечирим сурасаң да, сурабасаң да - айырмасы жок, Алла эч качан кечирбейт. Алла бузуку коомду туура жолго баштабайт. Алар: "Алланын элчисинин жанындагы адамдарга жардам-көмөк көрсөтпөгүлө, (анын айланасынан) тарап кетишсе (ажеп эмес)" дешет. Асмандар менен жердин казынасы Алланын колунда го. Бирок, мунафыктар муну түшүнбөйт"**[2] деген аяттар түштү.

Абдулла бин Убай өзү эки жүздүү болгону менен, баласы Абдулла ыймандуу такыба адам эле. Атасынын кылыгын укканда чыдабай кетип пайгамбарыбызга келет. "Сиз атамды өлтүрмөкчү болуп жатыпсыз, эгер ушул чын болсо, анда мен аны өзүм өлтүрөйүн. Эгер атамды башка бирөө өлтүрсө, ага кегим күчөп, кун тилеп, ага зыян тийгизип алып бөөдө күнөөкөр болбоюн" – дейт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Аны өлтүрүүгө эч ким бел байлаган жок. Ал арабызда жүрсө да ага жамандык кылбайбыз" – деп Абдулланы тынчтандырат.

---

[1] Кадыр-барктуулар дегени - өзү жана өзү сыяктуу эки жүздүүлөр, баркы жоктор дегени – мухажирлер.

[2] Мунафикун сүрөсү, 6-7-аяттар.

Мына ушул окуя эки жүздүүлөрдүн куулук-шумдугун ачыкка чыгарып, алардын чыныгы жүзүн көрсөттү.

Мусталак казатындагы үчүнчү маанилүү окуя пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Жувайрия энебизге үйлөнүүсү болду. Жувайрия энебиз Мусталак уруусунун башчысы Харис бин Абу Дараранын кызы эле. Согушта анын күйөөсү Мусафи бин Сафван каза болот. А Жувайрия энебиз болсо, Саабит бин Кайс деген адамга туткун болуп калат да, акы төлөп башын азат кылуу келишими менен кутулуп чыгат. Ал пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кечиримдүүлүгү жөнүндө угуп жүргөн болчу. Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келип, арыз-арманын айтып, акысын төлөп туткундан бошотуп, анан өзүнө үйлөнүүсүн суранат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын акысын берип, туткундан бошотуп, анын кадыр-баркын көтөрүү үчүн ага үйлөнөт. Бул үйлөнүүнүн артында мусулмандар үчүн көп жакшылыктар бар болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун)ага үйлөнгөндөн кийин, анын урматына мусулмандар колундагы туткундарын азат кылып жиберишти. Азат болгондордун көбү аларга ыраазы болуп исламды кабыл кылды. Мусталак уруусу менен тыгыз мамиле пайда болду. Эми Мекке менен Мадинанын ортосунда жашоо кечирген бул уруу Курайштардын мусулмандарга согуш ачуусуна жолтоо боло турган тосмого айланды. Жувайрия энебиздин ушул жакшылыгын эстеген Айша энебиз (Алла андан ыраазы болсун): "Анын себеби менен жүздөгөн уруулаштары туткундан азат болду. Өзүнүн коомуна мындай кайрымдуулук жасаган мындан башка аялды көрбөдүм" – деп айтып калчу.[1]

Абдан боорукер, берешен, өзү жебей башкаларга берген колу ачык, пайгамбарыбыздан бир канча хадистерди айтып калтырган Жувайрия энебиз хижранын 50-жылы дүйнө салган.[2]

## Худайбия казаты же умрага сапар (Хижра, 6-жыл, Шаввал айы):

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) түшүндө сахабалары менен бирге Меккеге барып, Каабаны айланып, сахабалардын кээлери чачын кырып, кээлери кыскартып анан кайра кайтышканын көрөт. Ал көргөн түшүн айтканда, Меккени абдан сагынган сахабаларга бул аябай сүйүнүчтүү кабар болду. Көп өтпөй жолго даярдык көрүлүп миң төрт жүз адам умраны аткарууну ниет кылып жолго чыкты. Зулхулайфа деген жерге келгенде умрага ниет кылып, ихрам кийишти, курмандык кылуучу мал-жандыктарга

[1] Ибн Хажар, "Ал-Исааба", 4-том, 265-бет.

[2] Ибн Хажар, "Ал-Исааба", 4-том, 266-бет.

энбелги салышты. Анткени аларды көргөн Курайштар, булардын согушуу үчүн эмес умра үчүн келе жатканын билиши керек эле.

Усфан деген жерге жеткенде Меккеден келе жаткан Кааьб уруусунан болгон бир адамга жолугушат. Ал Мекеликтер мусулмандарга каршы, аларды Меккеге киргизбөөгө даярданып жатканын айтат. Мусулмандар Усфандын түштүгүндөгү Гамим деген жерге токтошот. Ушул жерде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) шартты түшүндүрүп сахабалары менен кеңешет. Меккеликтердин буларды киргизбөөө даярданып жатканын айтып, эмне кылуу керектигин ортого таштайт. Абу Бакр Сыддык: "Биз сенин оюң мененбиз. Сени Алла жалгыз калтырбайт жана адаштырбайт" – дейт. Микдад бин Асвад: "Биз Исраил уулдары Муса пайгамбарга айткандай, "сен Жаратуучуңэкөөн согуша бер, биз отуруп туралы" деп айтпайбыз. Биз сени менен бирге согушка кирүүгө даярбыз" – дейт. Ошентип бардык сахабалар Меккеге кирүү сунушун айткандан кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сапарды улантууга буйруйт. Бирок бир аз жол жүргөндөн кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) минген Касва деген төө алга басууну каалабай, турган жерине чөгүп ордунан козголбой коёт. Тээ илгери Меккени басып алуу үчүн келе жаткан душмандын Махмуд деген төөсү да дал ушинтип алга баспай койгон эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул Алланын каалоосу экенин дароо түшүнүп төөнүн башын Худайбия тарапка бурат. Төө ордунан козголуп, сахабалар анын артынан ээрчип Худайбияга келип жайгашышат. Бул жердеги жалгыз булактын суусу кургап, какшып калган экен. Сахабалар суулары түгөнгөнүн айтып, кыжаалат боло баштайт. Пайгамбарыбыз аларга бир жебени берип, ошону булактын көзүнө саюуга буйруйт. Жебенин учу сайылар замат, оргуштап суу атып чыгат.

Мусулмандардын Худайбияга келгенин уккан Курайш каапырлары аларга Хулайс бин Алкаманы элчиликке жиберет. Булардын кичи уруусу курмандык чалууну баалай билген адамдар болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тиги жакындап келе жатканда эле таанып, курмандык чалынчу малды жолуна айдап коюуга буйруйт. Хулайс курмандык белгиси салынган малды көрөр замат артына кайтып кетет. Курайштарга келип: "Мусумандар согушуу үчүн эмес умра кылуу үчүн келгени анык экен. Мен алардын курмандык чалынчу малдарын көзүм менен көрүп келдим" – дейт. Курайш каапырлары Хулайсты жемелеп отургузуп коёт да, Урва бин Масуьд деген адамды элчиликке жиберет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага келген себебин минтип түшүндүрөт: "Биз согушууга келген эмеспиз, биз ибадатты аткаруу үчүн келгенбиз. Биз Каабаны айланып, курмандыктарыбызды чалып алалы. Силер белгилүү мөөнөткө Меккеден чыга тургула".

Урва Меккеге келип пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айтканын Курайштарга жеткирет. Сөз аягында буларды кошумчалайт: "Мен көп эле өкүмдарга элчиликке барган элем. Бирок эч бир өкүмдардын жан-

жөкөрлөрү сахабалары Мухаммадды сыйлагандай сыйлаганын көргөн эмесмин. Алар Мухаммаддан уруксат алмайынча сүйлөбөйт экен. Мен эми буларды жанымдай эле жакшы көрүп калдым".

Бул арада пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Азирети Усманды Курайштарга элчиликке жөнөтөт. Алгач азирети Умарды жөнөтмөкчү болот. Бирок Азирети Умар Курайш каапырлары ага катуу өч экенин айтып, ортодо келишпестик пайда болуп калуусунан чочулаганын билдирет. Ал эми Азирети Усмандын туугандарынын көбү Меккеде болчу. Ага эч ким карасанатайлык кылбайт эле. Азирети Усман Курайштарга жолугуп келген максатын түшүндүрөт. Бирок Курайш каапырлары ага макул болбойт. "Сен өзүң Каабаны каалаганча айлан, бирок башкалардын кирүүсүнө жол бербейбиз" – дешет алар. Буга Азирети Усман макул болбоду. "Алланын элчисинен озунуп Каабаны зыярат кыла албайм" – деп каяша айтты. Ага ачууланган бутпарастар аны камап салышты.

Бул кабар мусулмандарга башкача болуп жетет. Курайштар Азирети Усманды өлтүрүштү деген кабар угулганда, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайгыга чөмүлдү. Мындай болбош керек эле. Буга кантип колдору барды? Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дароо сахабаларын чогултуп: "Курайшка каршы согушууга ким даяр болсо мага ант берсин" – деди. Бир түп дарактын көлөкөсүндө сахабалар биринин артынан бири пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) ант берип жатышты. Алар: согуштан качпоого, Алланын элчиси менен бирге кашык каны калганча согушууга ант беришти. Келишимден бир гана Жад бин Кайс деген эки жүздүү адам баш тартып төөсүнө жашынып, дарак тарапка басып келген жок. Башкасы баары бир оооздон ант берип чыгышты, ал тургай Салама бин Аква деген сахабанын бир канча жолу ант бергени айтылат. Акырында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир колуна экинчи колун коюп: "Бул Усмандын анты" – деп айтты. Алла Таала мусулмандардын мына ушул ант берүүсүн мактап Куранда минтип айткан**: "Дарактын түбүндө сага ант берген кезде, Алла момундардан ыраазы болду. Алардын жүрөгүндөгү ниеттерин билди жана аларга тынчтык, бейпилдик түшүрүп, жакынкы жеңиш (Хайбар жеңиши) менен сыйлады".[1]** Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да аларды мактап: "Силер бүгүн жер бетиндеги эң жакшы адамдар болдуңар" – деп айткан.[2]

Мусулмандардын согушуу үчүн антташканын уккан Курайш каапырлары чочулай башташты. Алгач Азирети Усманды туткундан бошотушту. Анын артынан Сухайл бин Амр менен Микраз бин Хафсты мусулмандарга элчиликке

---

[1] Фатх сүрөсү, 18-аят.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 5-том, 63-бет

жиберишти. Алар мусулмандар менен тынчтык келишимин түзүүнү каалап жатышканын айтат. Ортодо бир топ сөз жүргөндөн кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тынчтык келишимин түзүүгө макулдук берди. Ошентип келишимди жазууга бел байлашты. Алар менен бирге Азирети Али келишимди жаза баштады. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Бисмиллахир-рохманир-рохиим" деп баштагыла деди эле, тигилер ага макул болбой: "Бисмика Аллахумма"[1] деп жазалы деди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага макул болду. Андан ары: "Бул келишим Алланын элчиси Мухаммад менен Курайштардын өкүлү Сухайл бин Амрдын ортосунда түзүлдү" деп жазгын деди пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун). Тигилер буга да каршы болду. "Эгер сенин Алланын элчиси экендигиңди моюндасак, анда бул келишимди түзүп отурмак эмеспиз" – деди алар. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Анда эмне деп жазууну каалайсыңар?" – деп сурады эле, тигилер: "Абдулланын уулу Мухаммад" – деп жазгыла деди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) буга да макул болуп, дал ошондой жазууга буйруду. Ошентип отуруп келишим жазылып бүттү. Ага ылайык, мусулмандар менен Курайш бутпарастары он жыл согушпайт, мусулмандар быйыл Меккеге кирбей кайтып кетет да, келерки жылы курал-жараксыз келип умра кылып кетишет. Меккеден Мадинага баш калкалап барган мусулмандар болсо кайра артка кайтарылат, а Мадинадагы мусулмандардан Меккеге баш калкалагандар болсо кайра кайтарылып берилбейт. Айланадагы арап уруулары кааласа мусулмандарга, кааласа Курайштарга кошулууга акылуу деген чечимге келишти.

Келишим жазылып, бирок кол коюла элегинде Абу Жандал деген Меккелик мусулман келип калат. Ал азыр ушул келишимди түзүп жаткан Сухайл бин Амрдын баласы, динди кабыл алып, ал үчүн атасынан запкы чегип жүргөн эле. Абу Жандал мусулмандарга кошулууну каалаганын айтты эле, ага атасы каршы болду. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны кызматчы катары берүүсүн сураныя, ага акы төлөп туруууну сунуштаса да Сухайл макул болбоду. "Келишим боюнча силерге келген адамды кайтарып беришиңер керек. Мына бул биринчи кайтарылган адам болот" - деди ал көшөрүп. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) айласыздан Абу Жандалды кайтарып берип: "Аз убакыт калды, сабыр кылып, Алладан сооп үмүт кылып жаша. Алла Таала жакын арада сен сыяктууларды эркиндикке чыгарат" – деп, Абу Жандалдын көңүлүн жубатты.

Бир караган адамга келишим жалаң гана курайштардын пайдасына чечилип, мусулмандарга эч кандай пайдасы жоктой көрүнөт. Мына ушуга анча

[1] Бисмиллахир-рохманир-рохим – Мээридүү жана боорукер Алланын аты менен баштаймын, Бисмика Аллахумма – Аллахым сенин атың менен баштаймын. Курайштар бул сөздү эбактан бери колдонушчу.

ичи чыкпай турган Азирети Умар пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Абу Жандалды кайтарып бергенде чыдабай кетти да:

- Сенин Алланын пайгамбары экендигиң чынбы? – деп сурады пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун).

- Ооба, бул чындык, - пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун).

- Биз туура жолдо, алар болсо адашууда экендиги чынбы?

- Ооба, бул дагы чындык.

- Андай болсо эмне үчүн динибиздин баркын кетиребиз, - деп, Азирети Умар ичинен өрттөнүп кетти.

- Мен Алланын өкүмүнө каршы чыкпаймын, - деди пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун).

- Меккеге киребиз, Каабаны зыярат кылабыз деп айтпадың беле, - деди Азирети Умар пайгамбарыбыздын түшү тууралуу айтканын эстеп.

- Ооба, бирок мен быйыл ушундай кылабыз деп айткан эмесмин, - деди пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мындай жакшылыктын болоруна аз калганын эскерткенсип. Азирети Умар дагы эле ыраазы болбой, Азирети Абу Бакрга барып, ага да ушул суроолорун жаадырды. Азирети Абу Бакр токтоолук менен: "Мухаммад – Алланын элчиси, Ал Алланын өкүмүнө каршы иш кылбайт, анын ар бир кылганында жакшылык бар, Алла аны эч качан жардамсыз калтырбайт" - деп жооп берди.

Келишим жазылып, кол коюлгандан кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларына умра үчүн алып келген курмандыктарын ушул жерде эле чалууга буйрук берди. Адатта анын сөзүн оозунан чыга элегинде аткарчу сахабалар бул жолу эмнегедир курмандык чалууга шашылган жок. Башка иш менен алектенимиш болуп, эч кимиси курмандык чалууга шашылбады. Мунун себеби, алар Меккеге кирүүнү абдан каалашкан эле, курмандыктарын Меккеде чалабыз деп үмүт кылышкан. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Курайштар менен түзгөн келишимин ичинен баары жактырбай турган. Ошого эгер курмандык чалууну кечиктирип турсак, мүмкүн Алла Таала вахи түшүрүп, келишимди бузууга же, Меккени бастырып кирүүгө өкүм берет го деген үмүттө болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабалардын мындай кашкөйлүгүнө айла таппай турганда, Умму Салама энебиз акыл үйрөттү: "Аларга сүйлөбөй эле коюңуз, андан көрө өзүңүз курмандыгыңызды чалып, чачыңызды кыскарта бериңиз" – деди ал. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) чыгып өзүнүн курмандыгын чала баштады эле, аны артынан сахабалар жабыла

курмандык чалууга кириштi. Ошентип курмандык чалынып, чачтарын кыскартып, анан Мадинага сапар тартышты.

Ара жолдо пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Таала "Фатх" (Жеңиш) сүрөсүн түшүрдү. Сүрөнүн түшүүсү мусулмандарга болуп көрбөгөндөй чоң кубаныч тартуулады. Худайбия келишими мусулмандар үчүн жеңиштин башталышы экенин сүйүнчүлөгөн бул сүрөдө Алла Таала алардын жакын арадагы чоң жеңишин, Меккеге эч кандай коркунучсуз эле киришерин айткан эле. Чындыгында Худайбияда түзүлгөн келишим мусулмандарга буга чейин болуп көрбөгөндөй ийгиликтерди алып келди. Бул тууралуу Абу Бакр Сыддыктын: "Исламда Худайбиянын жеңишинен өткөн жеңиш боло элек болчу. Бирок адамдар Алла менен пайгамбарынын ортосундагы сырга кыска ойлуулук кылып жатышты. Пенде шашкалак, ал эми Алла Таала иштин сааты чыкмайынча пенденин шашылыш максатын орундатпайт" деп айтканынан көп нерсени баамдоого болот.

Биринчиден, келишим түзүү менен Ислам мамлекети расмий түрдө таанылган. Арап жарым аралындагы баардык уруулар эң күчтүү болгон Курайш уруусу келишим түзүүгө аргасыз болгон мусулмандарды таанып билишти.

Экинчиден, мусулмандарга эң зарыл болгон тынчтык маселеси чечилди. Бул мөөнөт ичинде мусулмандар согуш менен эмес, даабат иши менен алектенип, далай элди динге киргизүүгө жетишмек.

Үчүнчүдөн, мусулмандардын негизги ибадаты болгон ажылыкка кийинки жылы ээн-эркин келип кетишмек.

Төртүнчүдөн, Курайштар менен мусулмандар бири-бири менен соода-сатык ж.б. мамилелерин жандантып, натыйжада Курайштар мусулмандардын динге киргенден кийинки өзгөрүүсүнөн таасирленип өзүнөн-өзү динге тартылмак (чындап эле ушул арада Халид бин Валид, Амр бин Аас сыяктуу аттуу баштуу Курайштар динди кабыл кылган).

Ошондой эле келишимдеги Меккеден келген мусулмандарды кайтарып берүү иши да өзүнөн-өзү жөнгө салынып калды. Окуя мындайча болду. Меккеликтерден Абу Басир деген адам динди кабыл алып Мадинага качып келет. Көп өтпөй анын артынан Курайштын эки өкүлү келет. Келишим боюнча мусулмандарга качып келген адамды кайра кайтарып берүү зарыл эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) келишимди бузган жок. Жакын арада Алланын жардамы болорун айтып, Абу Басирдин көңүлүн жубатып тигилерге кайтарып берди. Аны туткундаган тиги экөө кубанып жолго чыгат. Ара жолдо, Зулхулайфа деген жерде тамактануу үчүн олтурушканда Абу Басир алардын биринин кылычын ала калып, бирөөсүн өлтүрүүгө жетишип калат. Экинчиси болсо качып кетет. Абу Басир кайра Мадинага келип, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Сиз мени кайтарып берип келишимди актадыңыз, мен алардан өз күчүм менен бошонуп чыктым,

эми Мадинада тура берсем болобу?" деп кайрылат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ортодо дагы бир келишпестик пайда болуусунан чочулап, анын Мадинада калуусуна уруксат бербейт. Ошондо Абу Басир Мекке менен Шамдын жолундагы "Аьйс" деген жерге барып жайгашат. Кийин Меккеден келген мусулмандар жана башка урууларден динди кабыл алгандардын баары ошол жерге чогула беришет. Бат эле жетимиш чамасына жеткен качкындар Меккеден Шамга бара жаткан кербендердин жолун тороп, ары-бери өтүүсүнө жолтоо боло баштайт. Мындан тажаган Курайштар пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) элчи жиберип, качкындарда Мадинага киргизип алуусун суранып, келишимдеги ушул бөлүмдү алып салууну өтүнүшөт. Ошентип Абу Басир сыяктуу качкындарга Алланын жардамы келип, баары Мадинага жайгаша баштайт.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өкүмдарларга жолдогон каттары:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жалпы адам затка пайгамбар болуп жиберилген. Алла Таала Куранда: **“Биз сени бүткүл ааламдарга мээри кылып жибердик”** деп айткан. Пайгамбарыбыз адам баласын туура жолго чакырып, караңгылыктан нурга чыгарып, жалгыз Жаратуучуга сыйынууга үгүттөгөн. Алла Таала Куранда пайгамбарыбызга кайрылып: “(Мухаммад, адамдарга): **"Эй, адамдар мен силердин баарыңар үчүн Алланын элчисимин. Асмандар менен жердин кожоюндугу Аллага гана таандык. Андан башка кудай жок. Ал тирилтет жана өлтүрөт. Аллага жана анын сөздөрүнө ишенгиле, пайгамбар болуп жиберилген сабатсыз элчисине ээрчигиле. Балким туура жолду табаарсыңар" дегин”** – деп айткан. Бул аяттардан көрүнүп тургандай, Алланын астында адам баласынын кадыры бирдей, Алла Таала айткан: **“Оо, адамдар мен силерди эркек-ургаачыдан жараттык. Ошондой эле бири-бириңерди таанып билишиңер үчүн урууларга жана элдерге бөлүп койдук. Алланын астында сыйлууңар - такыбаңар. Алла баарын билүүчү жана баарынан кабардар”.**[1] Ислам дини бардык адамзатты бир Аллага баш ийүүгө чакырып, адам баласын биримдикке үндөп, бөлүнүп жарылуудан тыят. Динде ак адам менен каранын, бай менен кедейдин айырмасы жок, адамдар тарактын тиштериндей тегиз деп айтылган. Ошондуктан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) падышаларды, урууларды, уруу башчыларды, коңшу өлкөлөрдүн жол башчыларын динге үгүттөгөн. Худайбия келишиминен кийинки бир канча мөөнөткө созулган тынчтык, айланадагы элдер менен байланышууга шарт түзгөн.

Бир күнү пайгамбарыбыз сахабаларын топтоп:

---

[1] Хужурат сүрөсү, 13-аят.

- Алла Таала мени бүткүл үммөткө ырайым кылып жиберди. Исламды жаюуда мага жардам бергиле. Хаварийлер[1] Марямдын уулу Исага каршы чыккандай силер да мага каршы чыкпагыла, - деди. Сахабалар:

- Оо, Алланын элчиси, Хаварийлер Исага кантип каршы чыгышты эле? – деп сураштты.

- Иса пайгамбар дагы мен сыяктуу жолдошторун айлана-тегерекке жиберүүнү каалаган. Ошондо жакын жерге жибергендери өз каалоолору менен барышкан, узак жерге жиберилгендеринин баргылары келген эмес. Иса пайгамбар Алла Таалага кайрылганда, Аллаа Таала алыска жиберилгендерди кайсы элге жиберилсе, ошол элдин тили менен сүйлөй турган кылып койгон. Ошондон кийин гана Иса пайгамбар аларга: "Бул Алла Тааланын силерге ыроологон жакшылыгы, эми кечикпей жөнөгүлө" деп буюрган, - деп түшүндүрдү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун). Андан кийин сахабалар:

- Оо, Алланын Элчиси, биз андай кылбайбыз. Бизди каалаган жериңе жибер, барууга даярбыз, - дешти.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ушул чакырыгынан кийин төмөнкү сахабалар чабармандык милдетти аткарышты:

1. Абдулла бин Хузайфа Персиянын падышасы Хусрав Парвизге;

2. Амр бин Умая Хабашиянын падышасы Асхамага;

3. Дихя ал-Калби Рум падышасы Гераклиге;

4. Салим бин Амир Ямама өкүмдары Хавза бин Алиге;

5. Хатиб бин Абу Балта Египет падышасы Мукавкиске;

6. Шужа бин Вахби Гассан өкүмдары Мунзир бин Хариске жиберилди.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Рум падышасына жөнөткөн каты:

Пайгамбарыбыздын доорундагы эң күчтүү мамлекеттердин бири Рум мамлекети болгон. Бул өлкө тууралуу ыйык Куранда да эскерилген, анда минтип айтылат: "Алиф, лаам, мим. Рум жеңилди. Эми жакын жерде алар кайра жеңишке жетет. Бир нече жылдын ичинде. Иш мурун да, кийин да Алланын эркинде болот. Ошол күнү Алланын жардамы менен момундар кубанышат. Ал Өзү кимге кааласа жардам берет. Ал - Ызаттуу, Мээридүү".[2] Ошол учурда Рум

[1] Хаварийлер – Иса пайгамбардын шакирттери.

[2] Рум сүрөсү, 1-5-аяттар.

падышасы Гераклы деген адам эле. Ал Тунисте туулуп өскөн, юнандык адам болчу. Атасы Юнанда сот болуп иштеген. Рум менен Перстердин ортосунда чыр чыгып, согуш башталган мезгилде Геракли Румга падыша болгон. Перстер менен болгон согушта Рум жеңишке жетип, мамлекеттин күч-кубаты дагы артат. Мына ушундай кубаттуу өлкөнүн өкүмдары Гераклиге пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кат жолдоп, Дихя ал-Калби деген сахабасын жөнөтөт. Каттын мазмуну мындай эле:

“Бисмиллахир-рахманир-рахиим. Алланын Элчиси Мухаммедден Румдун башчысы Гераклиге. Туура жолго баш ийгендерге салам болсун! Оо, Рум калкынын өкүмдары. Сени Ислам динин кабыл алууга чакырам. Мусулман бол, Алла Таала сенин зоболоңду арттырсын. Эгер бул чакырыгымды кабыл албасаң, кол алдыңдагы дыйкандардын, кедей-кембагалдардын жана сага баш ийген бардык адамдардын күнөөсүн моюнуңа илесиң" деп жазып, анан төмөнкү Куран аятын кошумчалады: “Эй, Китеп берилгендер, бизге да, силерге да теңдеш болгон бир сөзгө келели – Жалгыз Алла Таалага гана кулчулук кылалы, Ага шерик кылбайлы жана Алла Тааланы коюп бири-бирибизди теңир кылып албайлы”.

Геракли катты окуп, аябай таасирленди. Анткени ал христиан динин мыкты билген адам болчу. Китептерден окуп, ушул заманда пайгамбар чыгарынан кабардар эле. Ойлонуп көрүп, ошол адамды көргөн адамдар менен баарлашып көрүүнү туура тапты. Дал ошол мезгилде Меккелик Абу Суфян Шамга келип, соода-сатык кылып жүргөн. Анын кабарын уккан Геракли аны таап келүүгө буйруду. Абу Суфянды жанындагы шериктери менен дароо эле таап келишти. Аларды бир сыйра кыдырата карап, анан:

- Араңарда пайгамбармын деп чыккан кишиге жакыныңар барбы? – деп сурады.

- Мен анын аталаш бир тууганы боломун, - деди Абу Суфян.

Геракли ага үңүлө карап, кол шилтеп жанына чакырды да:

- Сен менин суроолоруma жооп бересиң, а силер болсо, мунун айтканы чын-же жалган экенин тастыктап турасыңар, - деди, башка шериктерине карап. Анан алгачкы суроосун узатты:

- Анын ата-теги кимдер?

- Анын ата теги асыл ак сөөктөрдөн, - деп жооп кайтарды Абу Суфян.

- Андан мурда силердин араңардан кимдир бирөө пайгамбармын деп чыкты беле?

- Жок.

- Анын ата-тегинен падышалар чыккан беле?

- Жок.

- Аны байлар эрчип жатабы, же кембагалдар эрчип жатабы?

- Аны эрчигендердин көбү Кедейлер.

- Аны эрчигендердин саны көбөйүүдөбү же азаюудабы?

- Кун санап көбөйүүдө.

- Анын динин кабыл алгандардан кайра артка кайткандар барбы?

- Жок, анын дининен эч ким баш тарта элек.

- Ал буга чейин жалган сүйлөчү беле?

- Жок, жалган сүйлөгөнүн уккан эмеспиз.

- Аманатка кыянат кылчу беле?

- Ушул күнгө чейин андай кыла элек, мындан аркысын айта албаймын.

- Аны менен согушуп көрдүңөрбү?

- Ооба.

- Жеңишке киминер жеттиңер?

- Кээде биз, кээде ал жеңчү.

- Ал силерди эмне кылууга буйруп жатат?

- Шерик кошпой жалгыз Аллага сыйынууга, ата-бабабыз сыйынган нерселерди таштоого, намаз окууга, чын сүйлөөгө, тууган-урук менен карым-катнаш кылууга буйруйт, - деди Абу Суфян. Абу Суфян бул учурда динге кире элек, мусулмандардын негизги душмандарынын бир болчу. Ошондой болсо да жат өкүмдардын алдында жалган сүйлөй алган жок. Артында турган шериктеринен чочулап, жалганы чыгып калуусунан коркуп болгонун болгондой айтты.

Мына ушундай маектен кийин Гиракли Абу Суфянга карап:

- Анын ата-теги ак сөөк экен, чыныда, пйийгамбарлардын баарын теги ушундай болот. Ага чейин эч ким өзүн пайгамбар деп жарыялаган эмес экен, демек ал кимдир бирөөнү туураган эмес. Анын ата-бабасында падышалар болгон эмес экен, эгер андай болгондо, балким ал ошол бийликти кайтарып алууну көздөгөн болуусу мүмкүн эле. Ал чынчыл экен, адамдарга жалган сүйлөбөгөн адам, Аллага да жалган сүйлөбөйт. Аны эрчигендер кедейлер экен, чынында, пайгамбарларды алгач кедейлер эрчийт. Аны эрчигендер күн санап өсүп жатыптыр, ыйман көтөрүлүп туу чокусуна жеткенге чейин аны

эрчигендер көбөйө берет. Анын дининен эч ким кайра кайтпаптыр, ыйман жүрөккө киргенден кийин андан эч ким кайра кайтпасы белгилүү. Аманатка кыянат кылбаганы, жалган сүйлөбөгөнү да пайгамбарлардын сапаты болуп жатат. Жалгыз Аллага сыйынууга, намаз окууга, жакшылык кылууга, туугандар менен катнашууга буйруганы да пайгамбарларга тиешелүү сапат. Демек ал пайгамбары экени чын. Мен анын чыгарын билчүмүн, бирок силерден чыгат деп ойлобоптурмун. Эгер ага жетериме көзүм жеткенде, ага сөзсүз жолукмакмын, анын жанында болсом буттарын жуумакмын" – деди. Анан пайгамбардан келген катты кайра бир сыйра окуп чыкты. Ушул учурда анын айланасындагылар ызы-чуу көтөрүп, сарай ичи чууга толуп чыкты. Желдеттер Абу Суфянды шериктери менен сарайдан тышкары чыгарып жиберди.

Кийин Геракли катка жооп жазып, белек-бечкеги менен Дихя ал-Калбини узатып койду. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын катын окутуп, угуп: "Жалган айтып жатат, ал дагы эле христиан дининде" деп, жиберген белектерин мусулмандарга таратып берди.

Гиракли Исламды кабыл кылбаганы менен пайгамбарыбызды акыркы пайгамбар, Исламды чыныгы дин деп эсептеген. Динди кабыл алуусуна бийлигинен айрылып калам деген коркунуч тоскоол болгон. Бир топ христиан аалымдардан кат аркылуу кеңеш сураган. Алар да бул дин акыркы дин экенин, аны кабыл алуу зарыл экенин кеңеш беришкен. Румдагы бардык ат минерлерди чогултуп, Исламга тууралуу ойлорун билип көргөн. Бирок алардын бири да Исламга кирүүнү каалаган эмес. Ошонун айынан өзү да динге кирбей ала берген. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүрүнүн аягына чейин ага бир канча жолу кат жолдогон. Геракли ал каттарды тумардай сактап, өзү өткөндөн кийин да сактоону осуят кылган. Кийин Рум мусулмандардын колуна өткөндө, мусулман кол башчыларга ошол каттарды тапшырышканы тарых китептеринде айтылат. Кээ бир аалымдар Курандагы төмөнкү аяттарды дал ушул Геракли жана анын өлкөсү тууралуу айтылган деп эсептешет: **"Жок, Залымдар билимсиздиктен улам кызыкчылыктарын ээрчишти. Алла адаштырганды ким туура жолго сала алат? (Акыретте) аларга жардамчы жок. (Оо, Мухаммад!) Бир Кудайлуулукка баш ийип, жүзүңдү динге бур. (Ислам дини) – бул Алла (жараткан) табият. Адамдарды ошол табият (Ислам) менен жараткан. Алланын жаратканын өзгөртүү мүмкүн эмес. Эң Туура Дин – ушул. Бирок, адамдардан көбү билишпейт";**[1]

**"(Оо, пайгамбар!) Чынында сен (жүрөгү) өлүктөргө (сөз) угуза албайсың. Сага артын салып бара жаткан маалда (акыйкатты угуудан) кереӊ болгондорго дааватты угуза албайсың. (Чындыкты көрүүдөн атайлап) сокур болгондорду адашуусунан туура жолго баштай албайсың.**

[1] Рум сүрөсү, 29-30-аяттар.

**Сен Биздин аяттарыбызга ыйман келтиргендерге гана (чындыкты) угуза аласың. Ошолор гана мусулмандар";[1]**

**"Ал күндө залымдарга шылтоолору пайда бербейт жана алардан тооба да талап кылынбайт".[2]**

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Персия падышасы Хосройго жолдогон каты:

Персия мамлекети араптарга жакын жайгашкан мамлекеттердин бири болчу. Булар Бахрейн, Йемен сыяктуу кээ бир арап элдерине да өкүм жүргүзүп турган. Худайбия келишиминен кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) айланадагы өкүмдарларга кат жолдоп, аларды динге чакырган. Ошондой өкүмдарлардын бири Перс падышасы Хосрой болчу. Ага жолдонгон катты Абдулла бин Хузайфа деген сахаба Бахрейндин акиминин жардамы аркылуу Хосройго жеткизген. Каттын мазмуну төмөнкүчө жазылган:

"“Бисмиллахир-рохмаанир-рохиим! Алланын элчиси Мухаммаддан Перс өкүмдары Хосройго. Аллага жана Анын пайгамбарына ыйман келтирип, туура жолго түшкөндөргө тынчтык болсун! Алладан башка сыйынууга татыктуу Зат жоктугуна, Анын шериги жок, анын элчиси Мухаммад экенине күбөлүк берем, сени Алланын динине чакырам. Тирүү адамдарды эскертүү жана каапырларга азап болору тууралуу чындыкты жеткирүү үчүн бүткүл адам затка пайгамбар болуп жиберилгенмин. Исламды кабыл ал азаптан кутуласың, эгер баш тартсаң бардык отпарастардын күнөөсү сенин моюнуңа жүктөлөт".

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) катын окутуп уккан Хосрой ачууланып катты алып барган адамдын алдында тытып салат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) муну укканда: "Катты тыткан адамдын бийлиги да тытылат" деп айтат. Хосрой ошол бойдон токтоп калбай Йемендин башчысы Базанга пайгамбарды туткундап келүүсүн буйруйт. Ал өзүнүн эки адамын пайгамбарыбызга жиберет. Алар пайгамбарыбызды башчылары чакырып жатканын айтышканда, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга бир күндөн кийин жолугууну убада кылат. Ошол түнү пайгамбарыбызга Хосройду өзүнүн баласы Ширавейх өлтүргөнүн Алла кабарлаган эле. Эртеси тиги экөөнө пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын келген максаты ишке ашпай калганын, Хосройду өзүнүн Ширавейх деген уулу өлтүргөндүгү тууралуу айтат. Тигилер буга ишенип-ишенбей Йеменге келишет. Келсе чындап эле иш пайгамбарыбыз айткандай болуп чыгат. Ушул окуядан кийин Базан да, тиги экөө да динди кабыл алат.

---

[1] Рум сүрөсү, 52-53-аяттар.

[2] Рум сүрөсү, 57-аят.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Кыбти өкүмдары Мукавкиске жазган каты:

Катта минтип жазылат:

“Бисмиллахиррохмаанир-рохиим! Алланын кулу жана элчиси Мухаммаддан Кыбти өкүмдары Мукавкиске. Аллага ыйман келтирип туура жолдо бара жаткандарга тынчтык болсун. Сени Алланын динине чакырам. Исламды кабыл кылсаң, тынчтыкка бөлөнөсүң, Алла сени сыйлайт, эгер баш тартсаң, бүткүл Кыбтти элинин күнөөсү сага жүктөлөт" деп жазып, анан Алла Тааланын төмөнкү аятын кошумчалаган: "Айткын: “Оо, китеп ээлери! Биз менен силердин араңарда окшош болгон сөзгө келгиле. Алладан башкага ибадат-кулчулук кылбайлы, Ага эч нерсени шерик келтирбейли жана Алланы таштап, кээ бирөөлөрүбүз башка бирөөлөрүбүздү Рабби-Кудай кылып албасын”.[1]

Катты Хатиб бин Абу Балта деген сахаба Мукавкиске жеткирет. Ал катты окуп, элчини жакшы сыйлап, анан жооп кайтарат. Жообу мындай болчу:

“Ырайымдуу жанан Боорукер Алланын аты менен! Абдулла бин Мухаммадга, Мукавкистен. Сага салам болсун. Катыңды окуп, чакырыгыңды түшүндүм. Мен дагы жакын арада пайгамбар чыгарын билгенмин, бирок Шам тараптан чыгат го деп ойлочумун.  Сага эки күң, кийим-кече жана бир качыр тартуу жибердим, Аларды кабыл кыл”.

Хатиб бин Абу Балта алып келген күңдөрдүн бири Мария Кибтия энебиз пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жубай болуп, Ибрахим аттуу уул төрөгөн. Ибрахим бир жарым жаш курагында чарчап калган.

## Пайгамбарыбыздын Хабашия императору Нажашиге (Негуска) жолдогон каты:

Каттын мазмуну:

“Алланын элчиси Мухаммаддан Хабаштын императору Нажашиге. Сага тынчтык болсун! Улуу Аллага мактоо айтамын. Марямдын уулу Иса  - Алланын кулу жана сөзү. Алла Таала ал сөздү руху абдан таза, дүйнө жашоосундагы кемчиликтерден таза болгон Марямга салды. Ушунтип Иса Марямдын боюна бүттү. Ушунтип Исаны жаратты. Адамды дагы Алла Таала Өзү жараткан. Мен сени жалгыз Аллага ыйман келтирүүгө, ага баш ийүүгө жана мага түшкөн Куранга ыйман келтирүүгө чакырам. Мен - Алланын элчисимин. Сага Жафарды бир нече мусулмандар менен жибердим. Аларды сыйлап, жакшы мамиле жаса.

[1] Алу Имран сүрөсү, 64-аят.

Мен сени жана аскериңди Аллага моюн сунууга чакырам. Менин насаатымды кабыл ал, туура жолду ээрчигендерге тынчтык болсун”.

Нажашийге жазган кат башка башчыларга жазылган каттардан өзгөчөлөнүп, жүрөгүндө ыйманы бар адамга жазылган сыяктуу. Анткени пайгамбарыбыз анын бир кудайга сыйынуучу экенин билчү. Нажаши Жафар менен барган мусулмандарды жакшы тосуп алып, алар менен дин тууралуу бир канча жолу баарлашат. Курайш каапырлары аларды кайтарып берүүсүн талап кылып келишкенде да, кайтарып берген эмес. Сахабаларды коргоп, аларга жылуу мамиле жасап, кийинчерээк Исламды кабыл алат. Анын пайгамбарыбыздын катына жооп кайтарганы катынын мазмуну мындай болчу:

“Бисмиллахир-рохмаанир-рохим! Нажаши Асхамадан Мухаммад пайгамбарга! Оо, Алланын пайгамбары сага жалгыз Алланын ырайымы жана берекеси болсун. Сенин катың мага жетти. Иса туурасында баса белгилепсиң. Асман менен жердин ээси Аллага ант, Иса жөнүндө так даана айтыпсың. Биз сенин катыңды түшүндүк, Жафарга жана сахабаларыңа мейман достук көрсөттүк. Сен чынчыл пайгамбар экениңе күбөлүк берем. Мен сага жана тууганың Жафарга кол берем. Аллага чексиз даңк! Сенин тууганың аркылуу Исламды кабыл алдым.

Сахабалар ал жерде сый урматтын туу чокусунда болушуп, Нажаший менен бир нече жолу жолугушуп, андан көп жакшылыктарды көрүшкөн. Ошонтип Хабашага хижрат кылган сахабалар хижраттын алтынчы жылы Хайбар согушу мезгилинде кайтып келишет. Ошондо пайгамбарыбыз сүйүнүчү кучагына батпай: "Хайбар ачылышына кубансамбы, же Жафардын келишине кубансамбы?" – деп айтканы бар. Нажаши хижраттын тогузунчу жылы каза болуп, пайгамбарыбыз бул тууралуу кабардар болгондо, кайгырып, ага кайып жаназасын окуган.

## Пайгамбарыбздын Йамама падышасы Хауза бин Алиге жолдогон каты:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Йамама падышасы Хауза бин Алиге кат жазып, аны Сулайт бин Амир Амирийге тапшырат. Ал катты падышага жеткирет. Катта минтип жазылган эле:

“Бисмиллахир-рохманир-рохим. Алланын элчиси Мухаммаддан Хауза бин Алиге. Туура жолго ээрчүүчүлөргө тынчтык болсун. Менин диним бүткүл дүйнөгө жетет. Динди кабыл кыл, саламатта болосуң, кол астыңдагылар өзүңдө калат. Туура динди кармангандарга тынчтык болсун”.

Падыша Сулайт бин Амирди жылуу тосуп алып, аябай жакшы сыйлайт. Катты окуп, дароо жооп жазат. Анда минтип айтылат:

“Сени сөздөрүң, чакырган диниң кандай сонун. Бирок, менин аброюм өз коомумда өтө жогору, анан тилге да чеченмин. Араптар мени сыйлашат. Кээ бир кол астыңдагы урууларга мени башчы кылсаң, кандай сонун болмок”.

Анан Сулайтка кымбат баалуу белектерди берип, чепкен жаап сыйлап узатат. Сулайт пайгамбарыбызга болгон окуяны кабарлайт. Пайгабарыбыз катты окуп: “Менден алакандай жер сураса да бербейм, ал жана ага караштуулар кыйрасын” – деди. Анткени, катта айкын болгондой, Хауза пайгамбарга шарт коюп, Исламды да кабыл кылган эмес. Ошондуктан пайгамбар ага каргыш айтты. Айткандай эле Мекке ачылышынан кийин Жебрейил periште Хаузанын өлүмү тууралуу пайгамбарга кабарлады. Ошондо пайгамбарыбыз: “Менден кийин Йамамадан жалганчы чыгат, анан ал өлтүрүлөт” деди. Уккандардын бири: “Оо, Алланын элчиси, аны ким өлтүрөт? – деп сурады. Пайгамбарыбыз: “Сен жана сенин жолдошторуң” – деп жооп берди. Кийин дал ошондой болду.

## Пайгамбарыбыздын Бахрейн падышасы Мунзир бин Савийге жолдогон каты:

Пайгамбарыбыз Бахрейн падышасы Мунзир бин Савийге жолдогон катын Ала бин Хадрами аркылуу жиберет. Падыша катты окуп Исламды кабыл алат. Ал эми Бахрейндин эли кээ бири исламды кабыл алса, кээ бири баш тартат. Болгон окуяны баяндап Ала бин Хадрами пайгамбарыбызга кат жазат. Ошондо пайгамбарыбыз төмөнкү катты жазат:

“Бисмиллахир-рохманир-рохим. Алланын элчиси Мухаммаддан Мунзир бин Савийге. Сага тынчтык болсун. Шериги жок Аллага мактоо айтам жана андан башка сыйынууга татыктуу Зат жок, Мухаммад анын элчиси жана кулу деп күбөлүк берем. Андан соң, сага Улуу, Кудуреттүү Алла тууралуу эскертем. Ким насаат айтса, өзүнө насаат кылыптыр. Менин элчиме моюн сунгандар, мага моюн сунгандар. Аларга жакшы кеңеш бергендер, мага кеңеш бергендер. Элчилерим сени мага макташты. Исламды кабыл кылгандардын мал-мүлкүн өздөрүнө калтыр. Мен күнөөкөрлөдү кечирдим. Сен да алардын тообосун кабыл кыл. Күчүң жетишинче оңдоп түзөсөң сага эч ким тийбейт. Жөөт жан отпарас бойдон калуучулардан салык ал”.

Ошентип Бахрейн элинин көпчүлүгү исламды кабылдап, жөөт жан отпарас бойдон калгандар салык төлөп жашап калышты.

## Пайгабарыбыздын шам өлкөсүнүн бир бөлүгүнө амирлик кылган Фарва бин Амир Жузамийге жолдогон каты:

Фарва бин Амир Жузамий исламды кабыл алып, пайгабарыбызга баалуу белектерди берип катка жооп берет. Пайгамбарыбыз анын катына жооп катары минтип жазат:

“Алланын элчиси Мухаммаддан Фарва бин Амирге. Бизге жөнөткөн элчиңден жиберген белектериңди алдык. Мурун болгон окуяларды жана сенин Исламды кабыл алганыңды кабарлады. Аллага жана пайгамбарга моюн сунуп, намаз окуп, зекетиңди берсең, Алла сен өз туура жолуна салат”.

## Пайгамбарыбыздын Оман падышасына жолдогон каты:

Пайгамбарыбыз хижраттын жетинчи жылы кичи ажылык (Умра) сапарынан кайткандан кийин Оман падышасы Жайфар жана анын бир тууганы Аббатка Амр бин Аас аркылуу төмөнкү катты жолдойт:

“Бисмиллахир-рохманир-рохим. Алланын элчиси Мухаммаддан Жуландын уулдары Жайфар жана Аббатка. Туура жолду ээрчүүчүлөргө тынчтык болсун. Мен силерди Исламга чакырам, Исламды кабыл кылсаңар, кутуласыңар. Мен тирүү жанга эскертүү үчүн жана каапырларга азап жөнүндөгү өкүмдү чындыкка чыгаруу үчүн бүткүл адам затка пайгамбар болуп жиберилдим. Эгер Исламды кабылдасаңар бийлигиңерде каласыңар. Эгер Исламдан баш тартсаңар бийликтен кур каласыңар. Менин атчан аскерлерим жерлериңерди басып, менин пайгамбарлыгым силердин бийлигиңерге үстөмдүк кылат”.

Катты алып Оманга барган Амр бин Аас минтип айтат: Оманга келип Аббатка барууга жүздөндүм, анткени ал кулк-мүнөзү жакшы, мээримдүү адам эле. Ага келген жөнүмдү айтсам, ал агасынын жашы улуулугун жана бийлиги да чоңдугун айтып, катты ошого тапшырууну сунуш кылды. Ошентип алардын ак сарайында бир нече күн калдым, акыры ага кирип мөөрлөнгөн катты бердим. Ал катты аягына чейин окуп, эртең кел деп мени чыгарып жиберди. Ал дагы иниси сыяктуу эле кичипейил, жумшак адам экенин байкадым. Эртеси кайра келдим. Жайфар: Мен сенин чакырыгың тууралуу ойлонуп көрдүм. Эгер колумдагы бийлигимди башкага берип, ага баш ийип калсам, арабдардын эң алсызы аталам – деди. Эртеси жолго чыгаардын алдында мени чакырып, экөө тең динди кабыл кылышты. Кийин мен алардын арасында жашап, байлардын зекеттерин жыйнап кедейлерге таратып жүрдүм. Алар мага ар дайым жардам көрсөтүп турушту.

## Пайгамбарыбыздын Харис бин Абу Шамирге жолдогон каты:

Харис Шам жергесинин кээ бир жерлерин башкарчу. Румга көз каранды болуп, өзү да чектен ашкан христиан болчу. Пайгамбарыбыз ага Шужа бин Вахб аркылуу төмөнкүдөй мазмундагы катты жөнөткөн:

“Бисмиллахир-рохманир-рохим. Алланын элчиси Мухаммаддан Харис бин Абу Шамирге. Аллага ыйман келтирип туура жолду ээрчүүчүлөргө тынчтык болсун. Мен сени шериги жок Аллага ыйман келтирүүгө чакырам. Эгер кабылдасаң, бийлигиң өзүңдө калат”

Харис катты окуп ачууланып, ыргыттып, алып барган элчинин опузалап кууп чыгат. Кийин пайгамбарга каршы согуш жарыялоого уруксат сурап, Кайсарга кайрылат. Ал уруксат бербейт.

## Пайгамбарыбыздын Жабала бин Айхам Гассаниге жолдогон каты:

Катты жеткизүү аманаты Шужа бин Вахб Асдиге жүктөлөт. Анткени, Шужа Ансар жана Гассан урууларынын туугандык байланышы бар экенин жакшы билген киши болгон. Шужа катты алып келип, Жабалага мындай дейт.

- Жабала, сенин коомуң бул пайгамбарды өзүнүн жеринен Ансарлардын жерине чыгарып алып келишти да ага баш-паанек беришти, душмандардан коргошту, ага жардам беришти. Сен тутунган дин аталарыңдын дини эмес. Бирок, сен Шам өлкөсүн башкарып римдиктерге жакын турасың. Эгер Кисрого жакын турганыңда перстердин динин тутунмаксың. Эгер исламды кабыл алсаң шамдыктар сага баш ийип, римдиктер сенден коркмок. Эгер андай кылышпаса римдиктерге дүнүйө, ал эми сага акырет буйруйт. Сен мечиттерди чиркөөгө, азанды коңгуроо кагууга алмаштырдың. Ал эми Алланын алдындагы нерселер жакшы жана түбөлүктүү.

- Мен адамдар, жети кабат асманды жана жерлерди жараткан Кудайдын динине бириккендей, ушул пайгамбардын динине биригишин каалаймын. Менин элимдин бул пайгамбарга баш ийүүсү мени кубандырат. Мута күнү Кайсар ага каршы согушка чакырып, мен андан баш тарттым. Бирок мен акыйкатты да, акыйкатсыздыкты да көрбөй турам, - деп Жабала динди дароо кабыл алуудан баш тартты.

Пайгамбарыбыздын көзү тирүү кезинде Жабланын Исламды кабыл алганы айтылбайт. Бирок анда Ислам жөнүндө түшүнүк болуп, пайгамбар алып келген динге канааттанган. Анын коому Ярмук согушунда римдиктер менен чогуу согушка катышкан, анын өзү да согушка катышкан деп айтылган булактар да бар.

Кийинчерээк, тагыраагы, Умар бин ал-Хаттабдын учурунда Жабала бир канча адамы менен Мадинага келип, динди кабыл кылганын билдирет. Азирети Умар алардын Исламга киргенин кубануу менен кабыл алат. Кийин кайсы бир окуядан улам Жабала кайра динден баш тартып Румга качып кетет.

## Пайгамбарыбыздын Юхана бин Рубага жана Айла коомунун жетекчилерине жазган каты:

Айла коому Палестина тараптагы Акаба куймасынын батышындагы чөлкөмдө жашачу. Азыркы тапта Палестинанын жөөттөр басып алган тарабы. Ал жерде учурунда жөөттөр менен христиандар аралашып жашашчу. Башчысы христиандардын төбөлдөрүнүн бири Юхана бин Руба болгон.

Пайгамбарыбыз Табук согушуна аттанып жатып бир топ адамды Юха минтип жазылган эле:

“Юхана бин Рубага жана Айланын элине. Силерге тынчтык болсун. Жалгыз Аллага мактоолор болсун. Силерге кат жөнөтпөй туруп силерге согуш жарыялай албайм. Сен Исламды кабыл ал, же салык төлө! Аллага, Анын элчисине жана элчинин элчисине моюн сун. Аларды урматтап, Газанын кийимдеринен башка кийимди кийгиз. Зайтты урматтап жакшы чапан кийгиз. Элчилерим эмнеге ыраазы болсо мен да ошого ыраазы болом. Алар салыкты билишет. Эгер силер жерде да, деңизде да тынчтык болуусун каалсаңар, Аллага жана Анын элчисине баш ийгиле. Ошондо ал силердин укугуңарды коргойт. Эгер элчилерди кабыл албай, же аларга ыраазы болбосоң, мен силерден эч нерсе албайм, бирок согушам. Мен чындыгында Алланын элчисимин, Аллага анын китептерине элчилерине Марямдын уулу Исага ыйман келтирем. Эгер менин элчилериме баш ийсеңер, Алла жана Анын элчиси силерге колдоочу. Шурахбил, Убай, Хармала жана Харис бин Зайд эмне деп чечишсе мен ага ыраазымын. Алланын жана пайгамбарынын аманаты мойнуңарда. Эгер баш ийсеңер силерге тынчтык болсун! Макна элдерин өз жерине жылдыргыла”.

Бул катта эгер моюн сунушса, Айла элине амандык болсун ошондой эле тоң моюндук кылышса, алардын жер жана деңиз аркылуу болгон соодаларына коркунуч бар экени ачык жазылган. Себеби алардын шаары Йеменден жана башка жерлерден келген кемелердин токтоочу жайы болгон. Юхана мунун кесепетинен коркуп, Табукка пайгамбардын алдына шамдык, йемендик жана башка соодагерлер менен келет. Юхана христиандардын кийимин кийип, мойнунда алтын крест тагынып алган эле.

* * *

Жогоруда биз күбө болгон каттар пайгамбарыбыздын элчиликти толук аткарайын деген аракетин айгинелейт. Ал эми тынчтык менен жакшы үлгүдөгү чакырык – үгүттүн эң биринчи негизи. Ислам - кылыч менен тараган деген сөздүн таптакыр негизи жок.

Ошондой эле каттар христиандардын төбөлдөрү, алардын арасында айтылуу Геракли да пайгамбарыбыздын чакырыгына маани бергенин, анын элчи экенин, ошондой эле Ислам дини алардын жерине тарай турганын билгендигин айгинелеп турат. Чынында катта айтылган эскертүүлөр бат эле иш жүзүндө болуп, аны Геракли, Мукавкис, Кисра ж.б. өкүмдарлар өз көздөрү менен көрүшкөн.

Пайгамбарыбыз өзүнүн мүмкүнчүлүгү аз, үммөттүн материалдык абалы алсыз болсо да Алла Таала динине жардам берээрине ишенген. Каттарды жеткирүүдө максатына жеткире турган, сүйлөшө билген, бара турган жердин абалын, коомчулуктун ишенимин түшүнгөн адамдарды тандаган. Ошондой эле алар эр жүрөк, сабырдуу жана даанышман адамдар болушкан. Пайгамбардын каттары кыска ачык-айкын болгон. Каттар жалпы элге айтылган Куран аяттары

менен коштолгон. Ошондой эле "Бисмилла" менен башталып, жалгыз гана Аллага сыйынуу керектиги баса белгиленген. Пайгамбарыбыз падышалар катты мөөрсүз кабыл албай турганын билип мөөр жасаткан. Мөөрдө Аллага болгон адеп сакталып биринчи катарда Алла, экинчи катарда элчи, үчүнчү катарда Мухаммад деп жазылган. Анас бин Малик айтат: “Пайгамбарыбыз румдуктарга кат жазайын дегенде, ага алар мөөрсүз катты кабыл албайт деп айтышты. Ошондо шакектин бетине "Мухаммад расул Алла" деп чектирип жасатты".

Мындай каттар араб өлкөлөрүнөн сыртка чыгып, араб эместерге да жеткен. Каттар – эл аралык мамилелердин принциптерин камтыган үлгү катары саналат.

## Хайбар жеңиши (Хижра, 7-жыл, Раби ал-Аввал айы):

Келишимди бузгандыгы үчүн Мадинадан кууп чыгарылган жөөттөрдун көбү Хайбар деген жерге келип жайгашкан болчу. Анткени бул жерде жөөттөрдүн башка уруулары жашап турган. Мындан сырткары Гатафан жөөттөрү ж.б. жөөт уруулары да алар менен тыгыз байланышта болгон. Алар Меккелик каапырлар менен келишим түзүп, эгер мусулмандар Меккеге кол салса, булар Хайбардан Мадинага кол салмак болушкан. Бирок, алардын ойлогону таш каап, пайгамбарыбыз меккеликтер менен Худайбия келишимин түзүп, согушка убактылуу болсо да чекит коюуга жетишти. Ошондой болсо да, Хайбар жөөттөрү бул келишимге тиешеси жок болгондуктан, мусулмандарга ар дайым коркунуnуч туудуруп турган. Анын үстүнө Шамга бара жаткан соода кербени Хайбардын жанынан өткөн. Жөөттөр араптардын соода кербенине көп зыян келтиришет эле. Мына ушундай коркунучтар мусулмандардын тынчын алып, Хайбарды бир жаңсыл кылуу зарылдыгы келип чыккан. Худайбиядан кайтып келе жаткан жолдо түшүрүлгөн "Фатх" сүрөсү Хайбардын жеңилиши тууралуу сүйүнчүлөгөн. Ошентип бир күнү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларына Хайбарга аттанууну буйруду. Согушка аттанууга эки жүз аттуу, калганы жөө болуп жалпы бир миң алты жүз аскер топтолду. Бул учурда Гатафан жөөттөрү да Хайбарлыктарга жардам берүү максатында жолго чыгышат. Ошондо мусулмандардын бир-экөөсү аларга элчиликке барып,эгер алар Хайбарга кетишсе, мусулмандардын бир бөлүгү Гатафанды басып киреरин кабарлашат. Мындан чочулаган Гатафан жөөттөрү Хайбарга барбай калышат.

Мусулмандар Хайбарга түн ичинде келип жетишет. Бирок пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) душманы болсо да түн ичинде каптап кирүүгө уруксат берген жок. Таңдын атышын күтүштү. Таң атканда талаа жумуштарына чыккан жөөттөр мусулмандардын өтө жакын келип калышканын көрүп, чептерине качып кирип бекине башташты. Алардын

чептери бийик тосулган, курл-жарактары жетиштүү болчу. Чепке бекинген жөттөр дароо эле мусулмандарга жебе тарта башташты. Кокустан жааган жебелерден мусулмандардан элүүгө жакыны жаракат алды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аскерлерине чептердин арасынан "Назат" деп аталаган чепти көрсөтүп, ошол чепте азык-түлүк жана курал-жарак бар экенин, ошол чепти басып алса, башкасын алуу жеңил болорун айтат. Мусулман аскерлери көптөгөн кыйынчылыктан кийин ошол чепти өздөрүнө каратышат. Чындап эле анда жөттөрдүн азык-түлүк, курал-жарактары сакталаган экен. Бул мусулмандарга бир топ күч-кубат топтоого түрткү болду.

Түн ичинде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Эртең мобу тууну Алланы жана Анын элчисин сүйгөн жана Алла менен Анын элчиси аны сүйгөн адамга карматам. Ал тууну кармаган абалда, Алла Хайбарды багындырат", - деп айтат. Сахабалардын баары мындай бакытка ким ээ болор экен деп таң атырышты. Таң атаар замат сахабалар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айланасына чогулушту. Алардын баары тууну мага берсе экен деп эңсеп отурушту. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): Али кайда жүрөт? – деп сурады. Кимдир бирөө анын көзү ооруп жатканын айтты. Аны чакырып келүүгө бирөөнү жумшады. Азирети Али келгенден кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын көзүнө түкүрүп дем салды эле, ал дароо айыгып кетти. Анан ага тууну карматып: "Жеңишке жетмейинче согушту уланта бер. Кийин аларды динге чакыр. Аларга аткаруусу важиб болгон амалдарды айт. Аллага ант ичип айтам, сенин себебиң менен бир адамдын динге кирүүсү, сен үчүн кызыл төөдөн да жакшыраак", - деди.[1]

Ошентип, Азирети Али тууну колуна алгандан кийин он күнгө созулган согуш жыйынтыкталып, жөттөр толугу менен багынууга аргасыз болушту. Чептер биринин артынан бири багынып отуруп, акыры жөттөр мусулмандар менен келишим түзүүнү сунуш кылышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) келишимди кабыл кылды. Анда:

1. Согушкан жөөттөр өлтүрүлбөйт;

2. Жөөттөр хайбардан бала-чакасы менен, бир төөгө жүктөрүн артып чыгып кетишет;

3. Башка мал-мүлк, курал-жарактары мусулмандарга калтырылат.

Бул келишим бекитилгенден кийин жөттөр ордуларында калып, жер иштетип, андан түшкөн түшүмдө мусулмандарга салык төлөп туруу сунушун киргизишет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) буга да

---

[1] Имам Бухари, "Фатх ал-Баари", 16\58.

макул болот. Анткени, Хайбардын жери түшүмдүү болчу, ал эми аны иштетүү үчүн мусулмандар бул жерде калбайт эле.

Согуштун жыйынтыгында мусулмандардан жыйырма адам шейит кеткен. Жөөттөрдөн токсон үч адам өлгөн.

Согуш аяктап, келишим түзүлүп, тынчтык жашоо башталгандан кийин жөөттөр пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир койдун этин кууруп, тартууга жөнөтүшөт. Аны Саллам бин Мишкам деген жөөттүн аялы Зайнап алып келет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир топ сахабалары менен бирге аны жемекке отурат да, бир кесим этти оозуна салып, жутпастан кайра чыгарат да: "Мындан жебегиле! Бул эт ууланган экенин айтып жатат" – дейт. Сахабалардан бир гана Башир бин Бараа аттуу киши этти жутуп жиберген экен, ал ошол замат шейит болот. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) этти алып келген аялды таптырып, эмне үчү н мындай кылганын сураганда, тиги: "Эгер сен чыныгы пайгамбар болсоң сага кабар келерине ишенгем,эгер жалганчы болсоң, анда сенден элди куткарайын дегем" – деп жооп берет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны кечирип жиберет. Ал эми ууланып каза болгон Бишир бин Баранын туугандары аны жазага тартышты. Бул ууланган эттен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жеген эмес, бирок оозуна салгандыктан анын зыяны тийип, ошонун айынан каза болду деген айтымдар да бар. Себеби пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп жатканда аны зыярат кылып кирген алиги каза болгон Бишрдин карындашына карап: "Бул ооруу сенин агаң менен бирге Хайбарда жеген ууланган эттин кесепети" деп айткан.

## Аткарылбай калган Умраны аткаруу:

Худайбияда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларына кийинки жылы умра үчун кайра келишерин убада кылган эле. Арадан бир жыл өтүп, мына ошол убаданы аткара турган учур келди.

Хижранын жетинчи жылы Шаьбан айында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабалары менен жалпы эки миңге жакын адам Меккеге сапарга чыгат. Алардын арасында аялдар, жаш балдар да бар эле. Мусулмандар жеңил гана куралданып, согушуу үчүн эмес ибадат үчүн жолго чыгышты. Умра кылуучулардын катарында жүз аттуу аларды ар кандай кокустуктардан сактоо үчүн кошо аттанды. Бул сапар мусулмандар үчүн отө кубанычтуу болду. Айрыкча жети жылдан бери туулуп-өскөн жерин көрө элек мухажирлер жон терисине батпай сүйүнүштү. Зулхулайфага келип, ихрамга ниет кылып, ихрам кийимдерин кйишити. Мухаммад бин Маслам деген сахабаны курмандык чалунчу мал менен алдын жиберет. Аны көргөн меккеликтер мусулмандардын умрага келгенин билишет. Меккеге жакын келишкенден кийин курал-жарактын баарын бир жерге топтоп, ага кароол

кылып бир канча адамды калтырып,өздөрү меккеге киршти. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) төөсүн Абдулла бин Раваха жетелеп Меккеге кирди. Алгач Каабаны айланып таваф кылышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгачкы үч жолку айланууну ылдамыраак басып, тетик аткарууга буйруду. Анткени, меккелик каапырлар меккеден кеткен мусулмандар Мадинанын нымдуу абасына көнө албай ооруп калышты деп ушак атраткан болчу. Эми алардын эч кандай оорубай эле, куч-кубаттуу экенин аларга көрсөтүү керек эле. Каабаны айланып, анан Сафа жана Марва тоолорунун ортосунда жети жолу басып өткөндөн кийин, мусулмандар чачтарын кыскартып жана алдырышты.

Ошентип келишим боюнча мусулмандар Меккеде үч күн турушту. Бул аралыкта мухажирлер туугандары менен жолугуп, аларды динге чакырышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Хааристин кызы Маймуна энебизге үйлөндү. Үчүнчү күнү Хуайтиб бин Абдулузза бир топ адамдар менен келип, аларды Меккеден чыгып кетүүсүн талап кылды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Бизге тийишпей турбайсыңарбы, силерге тамак бышырып, той кылып берели" – деди эле, тигилер ага макул болгон жок. Сахабалар ошол күнү Меккеден чыгып кетишти. Чыгып бара жатканда пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) агасы Хамзанын кызы келип, чогуу ала кетүүнү суранды эле, пайгамбарыбыз аны өзү менен бирге ала кетти. Бул кичинекей жетим кызды Азирети Али менен Фатима энебиз багып алышты. Бирок, Харистин уулдары Жафар менен Зайд да аны багып алууга кызыкдар болушту. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Жафардын аялы кыздын таежеси болгону үчүн аны аларга берди да: "Таеже эненин ордунда турат"[1] деп айтты. Ушундан улам ата жагына караганда эне жагы, тагыраагы атасы менен бир тууган эжесине караганда энеси менен бир тууган таежеси балага жакын болорун билебиз.

## Мута согушу (Хижра, 7-жыл, Жумад ал-Уула айы):

Хайбардагы жеңиштен кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дагы бир катар урууларга кат жолдойт. Алардын бири Шамдагы Бусра шаарынын акимине Харис бин Умайр ал-Азди деген сахаба кат алып барат. Бирок аны Шам амирлеринин бири Шурахбил бин Амр ал-Гассани кармап алып, анын кат алып келгенин билгенден кийин өлтүрүп коёт. Бул заманда элчилерди өлтүрүүгө болбой турганын билип туруп, мындай ишке барганынан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) катуу ачууланат. Аладан өч алуу үчүн дароо аскерин чогултат. Үч миң кишиден турган кол жортуулга даяр болду. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тууну Зайд бин Харисага берип: "Эгер Зайд шейит болсо, тууну Жафар

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 5\85.

алсын. Эгер ал да шейит болсо, Абдулла алсын. Эгер ал да шейит болсо, анда өз ара кеңешип тууну бирөөңөргө көтөрткүлө"[1] – деди.

Аскер жолго чыкты. Бул, ошол заманда атагы алыска кеткен Рум өлкөсүнө баш көтөрүп, согушка аттанган алгачкы аскер болчу. Мусулмандардын согушка аттанганынан кабардар болгон Шурахбил да аскер жыйнап баш-аягы жүз миңди чапчыган кол менен каршы аттанып чыккан болчу. Шамдын Маан деген жерине жеткенде мусулмандар аларды утурлап келе жаткан көп сандагы ушмандан кабардар болушту. Көпчүлүктүн пикири менен пайгамбарыбызга чабарман чаптырып дагы кошумча күч сурамак болушту. Бирок, душман өтө жакын келип калган болчу. Эми өздөрүнөн дээрлик отуз эсе көп сандагы душман менен бетме-бет салгылашуудан башка арга жок эле. Бул учунан тиги учу көрүнбөгөн, алыстан караган кишиге катуу шамалга буулугуп алган деңиз толкунундай карарган душман колу мусулмандардын бет маңдайына жакындап келди. Иш жүзүндө мыкты куралданган, мынчалык көп сандагы аскерди жеңүү мүмкүн эмес эле. Мусулмандарга бир гана ыйманын күчү дем берип, көзүнө шейиттик, анан бейиш элестеп,баары ушун сагынып, көксөп, батыраак жетүүнү эңсеп турду. Мусулмандардын ишенген куралы ушул болчу. Согуш башталды. Зайд бин Харисанын колунда желбиреген туу алдыга суурулуп, анын артынан аскерлер жабыла алдыга умтулуп, душмандын колуна жебедей сайылды. Кызыл кыргын алоолоп, ат азыноосу, адам кыйкырыгы, кылычтардын кагылышы айлананы каптап кетти. Сол колуна тууну кармап оң колу менен душманды туш келди сулатып бара жаткан Зайдга удаама-удаа найза сайылды. Алдан тайып, кулап бара жатканына карабастан, тууну көкүрөгүнө бекем кысып, жанындагылардын бир келип аны жөл калганда гана тууну ага карматып, өзү кулап түштү. Туу эми Жафар бин Абу Талиптин колуна тийди. Көп узабай Жафардын туу кармаган колун кылыч шылып түштү. Жафар тууну оң колуна алды. Экинчи шилтенген кылыч оң колун да шылый чапты. Согушууга эч аргасы калбаган Жафар колдорунун мулуйган дүмүрү менен тууну көкүрөгүнө кысып, жанын коргобой, тууну коргоонун айласында калды. Найза сайылып, кылыч кесип, денесинин тамтыгы чыкканына карабастан, тууну жерге түшүрбөй тырышты. Ага чейин алыстан учуп келип көкүрөгүнө тепчилген жебе аны аттан кулоого аргасыз кылды. Кийин кырк бир жаштагы Жафардын денесинен токсонго жакын жаракат алганын көрүштү.

Туу Абдулла бин Раваханын колуна тийди. Аскерди алдыга үндөп, шык берип, өзү колдун алдында салгылашып жүрүп Абдулла да шейит кетти. Сабит бин Акрам деген сахаба тууну жерге түшүрбөй желбиретип туруп, кийинчерээк "Сайфулла" (Алланын кылычы) деген каймана атка ээ болгон Халид бин Валидди чакырды. Аскерддин баары туу көтөрүүгө аны ылайыктуу деп таап, тууну ага карматышты. Бул динди жаңыдан кабыл алган Халиддин

[1] Имам Бухари, "Фатх ал-Бари", 16\98.

мусулмандардын катарында каапырларга каршы согушуп жаткан алгачкы согушу эле. Согуш ыкмасын мыкты билген Халид тууну колуна алып, аскерлери менен душманга тийип качып согуш жүргүзүп, душмандын бир канча үшүн алды. Күүгүм кирип, айлананы караңгылык каптай баштаганда согуш токтоду.

Мусулман кошууну бир аз эсалгандан кийин, Халид алардын кол башчыларын топтоп, оң канатта согушкандарды сол канатка,сол канаттагыларын оң канатка, алдындагыларды артына, арттагыларды алдына алмашууга буйруду. Аскерлер үндөрүн бийик чыгарып, ызы-чуу болуп ары-бери алмашып жатышты. Душмандар мусулмандардын кошууну эмне үчүн түну менен тынчтанбай ызы-чуу болуп жатканына таңыркап турушту. Эртең менен душмандын алдына кечөө күнү көрбөгөн жаңы аскерлер пайда болду. Муну көргөн душман колу түнү менен мусулмандарга жаңы күч кошулган турбайбы деп, корко башт ады. Анткени алардын алдында кийими да, сүрү да башка жаңы аскерлер турган эле. Экинчи күнкү согуш ушинтип душман колунун үшү алуу менен башталды. Бул күнү Халиддин колунан жет кылыч сынды. Мусулмандар душман колун чачыратып, туш тарапка болүп-жарууга жетишти. Бирок Халид качкан душмандын артынан сая түшпөй, кайра бат артка кайтууга буйрук берди. Анткени душман колу көп болчу. Алар кайрадан баш-аягын жыйып, чабуулга чыкса, бир уучтай мусулман аскерлери курчоодо калмак. Ошондуктан чабуулда дароо токтоткон Халид аскерди камырдан кыл суургандай сууруп чыгып кетти. Душман колу кайра чабуулга даярданганча мусулмандар согуш талаасынан бир топ алыстап кетти. Ансыз да катуу соккуга дуушар болгон душман колу алардын артынан кууганга батынган жок. Ошентип бул согуш да Алланын жардамы менен мусулмандардын пайдасына чечилди. Согушта мусулмандардан он бештен ашуун адам шейит кетти. Бир канча жүздөгөн адам жаракат алды.

Мадина менен согуш болгон Мута талаасынын аралыгы миң чакырымдай бар эле. Алла Таала согушта болгон ар бир окуяны пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабарлап турду. Анас бин Малик минтип айтат: Алланын элчиси согушта болгон окуяларды бизге айтып отурду. Ал: "Мына Зайд шейит болуп, тууну Жафар алды. Жафар да шейит болуп, тууну Абдулла алды. Ал да шейит болуп, мусулмандар тууну Алланын кылычы болгон бир адамга беришти. Алла Таала ушул адам аркылуу мусулмандарга жеңиш берди" деп көзүнөн жашы куюлуп жатты[1]. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) шейит болгондорго кайгырып,жашын агызып дуба кылды. Айрыкча Жафардын жетим калган балдарын көргөндө кармана албай, шолоктоп ыйлап жиберди. "Жафардын үй-бүлөсүнө тамак даярдап берип тургула, алар азыр башка нерсе менен алек болуп жатышат" деп кошуналарына осуят кылды. "Аллахым, булардын кайгысын

---

[1] Имам Бухари, "Фатх ал-Бари", 16\100.

Жафардан өткөн жакшылык менен алмаштыр" деп дуба кылды. Анын дубасы кабыл болуп, кийинчерээк Жафардын жесири Асмага Абу Бакр Сыддык үйлөнүп, анын балдарына өз балдарындай кам көрдү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) согуштан кайтып келген кээ бир сахабаларга аялдары "Силер согуштан качып келдиңерби!?" деп айтып жатканын угуп калып: "Жок, булар качып келген жок, утуп келди " деп алардын жеңиш менен келгенин тастыктап жатты. Шейит болгондордун даражасын кабарлап: "Алар шейит болушту", "Мен алардын бейиште жүргөнүн көрүп жатам", "Жафар бейиште эки канаты менен учуп жүрөт, үммөт аны ушундан улам тааныйт" деген сыяктуу бир канча хадистерин айткан.[1]

## Меккени багындыруу (Хижра, 8-жыл, Рамазан айы):

Худайбияда түзүлгөн келишим боюнча, Курайштан башка уруулар кааласа мусулмандарга, кааласа Курайштарга кошулууга акылуу болчу. Ушунун негизинде Хузаа уруусу мусулмандарга кошулуп, ал эми Бакр уруусу Курайштарга кошулуп алган эле. Бул эки уруунун ашы эзелтен бир казанда бышбай,кырды бычак болуп келген. Алар бири мусулмандарга, бири каапырларга кошулгандан кийин да өз ара чыр-чатак чыгарып жүрүшкөн. мына ушундай майда чырлары күчөп отуруп акыры чоң согушка айланып кетет. Бул согушта Бакр уруусу Курайштардан жардам сурап, алардын жардамы менен Хузаа уруусуна кол салып, жыйырмадан ашуун адамды өлтүрүшөт. Курайштар курал-жарак жагынан гана жардам берип тим болбой, согушка аскер жагынан да жардам берет. Хузаа уруусун аттуу-баштуулары пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жардам сурап кайрылышат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) келишим тууралуу айтып, аларга жардам берүүдөн убактылуу баш тартат. Бирок келишим бузулган болчу.

---

[1] Хижранын сегизинчи жылында жогоркулардан сырткары дагы мындай окуялар болуп өткөн: 1) Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) отуз жашында көргөн улуу кызы Зейнеп каза болгон. Апасы Хадижа менен бирге динди кабыл алып, алгачкы мусулмандардын катарында болгон Зейнеп Абул Аас бин Раби деген адамга турмушка чыккан эле. Кызынын жаназасын пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүтүшүргөн; 2) Бул жылы араптардын көрүнүктүү үч адамы, саясатты жакшы билген Мар бин Аас, аскер башчы, баатыр Халид бин Валид жана Усман бин талха Мадинага келип динди кабыл алышкан; 3) Хандак согушунда Абу суфянга жардам берип мусулмандарга каршы согушкан уруулардын бири Мурра уруусу болчу. Алар мусулмандарга каршы төрт жүз аскерин жиберген эле. Ошондой эле алар динди үйрөтүү үчүн бара жаткан мусулмандардын жыйырма жетисин шейит кылган эле. Кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды багындыруу үчүн Галиб бин Абдулланын башчылыгында эки жүз адамдан турган кол жиберет. Алар урууну багындырып келет. Ушул согушта бир окуя болот. Азирети Усама бин Зайд согуш учурунда бир адамды өлтүрмөкчү болот. тиги корккonунан келме келтирет. Усама ага карабастан тигин өлтүрөт. Кийин бул окуя пайгамбарыбызга угулганда, ал ачууланып: "Эмне үчүн келме айткан адамды өлтүрдүң" деп жекирет. Усама ал чын жүрөгүнөн эмес, өлүмдөн коркконунан келме келтиргендигин айтат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Сен анын жүрөгүндөгүнү кайдан билмек элең" деп өлтүргөнүнө наразылыгын билдирет.

Мусулмандардын карамагына басып кирип, аларга тиешелүү адамдардан жыйырмадан ашуунун өлтүргөн Курайштарга эми согуш жарыялай берсе болот эле. Курайштар да келишимди бузушканын моюндап, аны кайрадан жаңылап түзүүнүн жолун издей башташкан. Анткени, эгер мусулмандар согуш жарыялай турган болсо, анда аларды токтот ала турган күчтөрү жок экенин сезип калышкан. Ошентип абал оор болуп турганда, келишимди оңдоо үчүн Абу Суфян бин Харб Мадинага келди. Алгач пайгамбарыбыздын жубайы болгон кызы Хубайба энебиздин үйүнө түштү. Атасынын келгенине кызы абдан кубанган менен экөөнүн ортосун ажратып турган бир нерсе бар эле. Кызы мусулман, атасы ташка сыйынган бутпарас. Мына ушул тосмо ата менен кыздын ортосуна көшөгө болуп, экөөнүн бири-бирине болгон мээримин ачык билдирүүдөн тыйып турду. Абу Суфян жерге төшөлгөн жер төшөккө отурмакчы болгондо кызы аны жерден сыйрып ала койду. Буга таңданган атасы:

- Ушул төшөгүңдү да менден аяйсыңбы? – деп таарына унчукту.

- Сизден эч нерсени аябаймын, - деди кызы, - болгону, бул Алланын элчисинин төшөгү,  а сиз болсо ыплас бутка сыйынган адамсыз. Абу Суфянга бул сөз катуу тийди:

- Түшүнүктүү, бизден кеткенден кийин аябай өзгөргөн экенсиң, - деп сыртка чыга жөнөдү. Кызынын үйүнөн ачуулана чыккан Абу Суфян пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) барды. Ага келишимди оңдоо тууралуу сөз баштады эле пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага кулак салбай койду. Андан кийин Азирети Абу Бакрга, Азирети Умарга, Азирети Алиге барып, келишимди оңдоо үчүн пайгамбар менен сүйлөшүп бергиле деп жалдырады. Алар да ага оңдуу жооп берген жок. Айласы түгөнгөн Абу Суфян акыры эмне болсо ошо болсун деп Меккеге жөнөп кетти.

Бул учурда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеге жүрүш жасоого даярдана баштаган болчу. Бирок жүрүштүн кай тарапка болорун эч кимге билдирген эмес. Анткени пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккени тынчтык жолу менен алууну көздөгөн эле. Эч кандай согушсуз, кан төгүүсүз Меккеге кирүүнү каалайт эле. Сапарга чыкчу күн жакындаганда алгачкы тыңчыларын Мекке тарапка эмес, Нажд тарапка жиберди. Айланадагы элдин баары мусулмандар ошол тарапка жүрүш жасайт го деп ойлой башташты.[1] Белгилүү гана сахабаларына Меккеге

---

[1] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сырды канчалык жашыруун кармаганына карабастан, согуш кабарын Меккеге кабарлаган адамдар болгон. Бул окуя мындай болгон: жүрүшкө чыгага азкалганда пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Азирети Али, Зубайр жана Микдад бин Асвадды чакырып, бир аял Меккеге согуш тууралуу кабар алып кетип жатканын айтып, аны Хак бакчасы деген жерден кууп жетишерин билдирип жолго чыгарат. Чындап эле ошол жерден тиги аялды кууп жетип, андан курайш элине жолдонгон катты таап алып келишет. Аялдан катты ким бергенин сурашканда, ал аны Хатиб бин Абу Балта деген сахаба бергенин айтат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты

чыгышарын айткан болчу. Арадан күн өтүп, казатка аттанчу учур келди. Рамазан айы болчу, мухажир жана Ансаралардан топтолгон беш миң адам Мадинадан чыкты. Жолдон аларга Мазиин, Сулайм, Гифар, Жухайна ж.б. уруулардан кошулуп отуруп Меккеге жеткенче мусулмандардын саны он миңди чапчып калды. Кудайд деген жерге келгенде аларды Азирети Аббас тосуп чыкты. Ал эбак эле мусулман болгон болчу. Бирок Курайштардан этияттанып динди кабыл кылганын жашыруун сактачу. Азыр болсо ал динин ачыкка чыгарды. Аны менен бирге Абу Суфян бин Харис, Абдулла бин Абу Умая дагы бир топ адамдар динге киргенин жарыя кылышты.

Меккеге түн ичинде жакындап келген кошуунга пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ар бир адам бирден от жагуусуна буйрук берет. Он миңдеген от жылтылдап, алыстан карган адамга асмандагы жылдыздар жерге төгүлүп калгандай, жымыңдап, ары кооз, ары сүрдүү көрүнөт. Бул бутпарастарга күтүлбөгөн иш болду. Алар мусулмандар келип калат деп күтүшкөн эмес. Келсе да мынча көп санда келет деп ойлогон эмес эле. Бутпарастар эмне кыларын айласын таппа калды. Бир топ адамы менен Абу Суфян иштин чоо жайын билүү үчүн Меккеден чыкты. Чыгар замат эле аларды мусулмандар колго түшүрүп алышты. Азирети Аббас аны эрчитип пайгамбарыбызга алып келди. Абу Суфян ошол жерде мусулман болгондугун жарыя кылды. Азирети Аббас пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайрылып: "Бул адамдардын арасында мактанууну жакшы көрөт. Ошон үчүн анын үйүнө баш калкалагандарга кечирим берилет деп койсоң жакшы болот" – деди.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеге тынчтык менен кан төкпөстөн кирүүгө кызыкдар эле. Ошон үчүн аскерлерди төрт бөлүккө бөлүп, шаардын туш тарабынан кирүүгө буйруду. Анткени туш тараптан каптап кирген колду көргөн меккеликтер алардын көптүгүнөн коркуп, курал көтөрүп каршы чыкпайт деп ойлогон эле. Анан да: "Кимде ким курал көтөрүп каршы чыкпай үйүндө тынч отурса, жаны аман калат, ким Абу Суфяндын үйүнө баш калкаласа, анын да жаны аман калат, ким мечитке жашынса, анын да жаны аман калат"[1] – деп жар салдырды. Аскерлерге:

---

болсун) Хатибден эмне үчүн мындай кылган сурайт. Ал: "Менин бала-чакам Меккеде калган. Аларды коргоп тура турган эч кимим жок. Бул катты жиберип курайштын башчыларын колума алгым келген, ушунун себебинен алар менин бала-чакамды коргоп турат деп ойлогом. Мен эч кандай мусулмандарга чыккынчылык кылайын деген оюм жок болчу" – дейт. Азирети Умар анын башын кыя чабууга уруксат сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Азирети Умарды тынчтандырып: "Ал чынын айтты. Ага тийишпегиле. Ал Бадр согушуна катышкан адам. Алла Таала Бадр согушуна катышкандардын күнөөсүн кечирип, бейишке ылайыктуу кылган" деди. Бул окуя тууралуу Курандагы "Мумтахина" сүрөсүнүн башкы аяттары түшүрүлгөн.

[1] Имам Бухари, "Фатх ал-Бари", 16\122.

"Силерге курал көтөрүп кол салмайынча, эч кимге курал көтөрбөгүлө" – деп буйруду.

Эртеси таңга маал мусулман аскерлери Меккеге кире башташты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) "Фатх" сүрөсүн окуп, башын жерге салып, озүн төмөн кармап, кичипейилдик менен кирди. Каабага келип жети жолу таваф кылып айланды. Анан меккеликтерге кайрылып: "Оо, Курайштар, силерди эмне кылат деп ойлойсуңар?" – деп суроо салды. Алар бир ооздон: "Сенден жакшылык гана күтөбүз" – деп жабыла кыйкырышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын ага жасаган кыянат, азаптарынын баарын кечирип: "Бара бергиле, силердин башыңар бош", - деди.[1]

Анан Каабанын ачкычын алып келдирип, эшигин ачты. Анын ичине илип алышкан сүрөттөрдү алып чыгууга буйрук берди. Андан кийин Каабанын айланасындагы айкелдерди алып чыгууга буйруду. Каабанын айланасында үч жүз алтымыш айкел бар болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Чындык келди, жалган кулады. Акыйкатта, каапырдык жок болуучу"[2] деген аятты окуп, айкелдерге таягы менен ишара кылды эле, алар өзүнөн-өзү кулап, биринин артынан бири талкаланды. Андан соң пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Зам-зам суусуна даарат алып, мечит ичинде алгачкы кайрылуу кутбасын айтты: "Оо, адамдар, мурдагы убактагы канга-кан деген өч алуулар бүгүн жоюлду", - деди, Аллага мактоо айткандан кийин, анан: "Адамдар эки түрдүү болот: Алладан корккон, такыба, жакшы адамдар жана Аллага каапыр болгон бактысыз адамдар". Андан кийин төмөнкү аятты окуду: **"Оо, адамдар, Биз силерди бир эркек бир аялдан жаратып, өз ара таанышып-билишиңер үчүн улут, урууларга бөлүп койдук. Алланын алдында силердин эң даражалууңар – такыбаңар. Алла – Билүүчү, Кабардар"**.[3] Анан Билалга (Алла андан ыраазы болсун) азан чакырууга буйрук берди. Азан чакырылып, мусулмандар намаз окушту. Зама-зам суусу менен Каабанын айланасын тазалап жууп чыгышты.[4] Андан кийин алгач эркектер, анан аялдар ант берип, келишим кылышты. Бешим намазынын убагы келип Билал (Алла андан ыраазы болсун) азан чакырды.

Мына ушинтип мекке мусулмандардын колуна өтүп, Кааба ширктен жана каапырлыктан тазаланды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеде он тогуз күн калып, анын элине, жаңы динге киргендерге дин

---

[1] Ибн Хишам, "Сийроту Набавия", 4\411-412.

[2] Исра сүрөсү, 81-аят.

[3] Хужурат сүрөсү, 13-аят.

[4] Ибну Абу Шайба, "Ал-Мугаази", 341-бет.

үйрөтүү менен алек болду. Меккенин алынышы диндин таркалуусуна дагы бир кенен жолду ачып берди. Буга чейин мусулмандарга татыктуу каршылык көрсөтүп турган Курайштардын жеңилүүсү жана алардын аттуу-баштуу атка минерлеринин динди кабыл алуусу, башка майда уруулардын динге тартылуусуна себеп болду. Адамдар топ-тобу менен динге агылып кире баштады. Алла Таала: "(Оо, Мухаммад), Алланын жардамы жана жеңиши келсе, адамдарды Алланын динине топ-тобу менен кирип жатканын көрсөң, анда, Раббине мактоо айтуу менен аруула жана күнөөлөрүңдү кечирүүсүн сура. Чынында, Ал тооболорду кабыл кылуучу"[1] деп айткан күн келип, Алланын убадасы орундалды.

## Хунайн жана Таиф согушу (Хижра, 8-жыл, Шаввал айы):

Мусулмандар Меккени каратып алгандан кийин, анын айланасындагы кээ бир динге кире элек уруулар мусулмандарга каршы көтөрүлө баштады. Айрыкча Хавазин уруусу менен Сакиф уруусу катуу каршылык көрсөтө башташты. Алар тез арада кол топтоп мусулмандарга жаңы эле өткөн Меккени басып алууга бел байлашты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мындан кабардар болуп, аскерди топтоп согушка даярдык көрө баштады. Али динди кабыл кыла элек Савфан бин Умаядан жүз соот, дагы бир канча курал жаракты ижарага алды. Ошентип жалпы саны он миңден ашкан кол менен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) душманды тосуп чыкты. Буга чейин мындай көп сандагы аскер менен согушка чыга элек болчу. Ошондуктан кээ бирлери "Мынча кол менен душмандан такыр эле жеңилбесек керек" деп сөз кылып жатты. Чынында, мусулмандардын буга чейинки жеңиштеринин баары Алланын жардамы менен болуп жаткан. Өзүнөн отуз эсе көп сандагы душманды жеңүү пенденин күчү менен боло турган иш эмес эле.

Эки кол Хунайн өрөөнүнө бет келди. Душмандын саны жыйырма миңден ашуун. Халид бин Валид баштаган аскери менен түз эле душманга жебедей сайылды. Бирок бул жерге эртерээк келген душман колунун бир бөлүгү өрөөндүн эки жагына буктурма жасап күтүп жаткан экен. Алар мусулмандарды эми алдынан жана эки тарабынан кысып кирип келди. Көз ачып жумганча мусулмандардын катары бузулуп, ал тургай кээлери артын көздөй кача баштады. Качкандар жалаң гана динди жаңыдан кабыл кылган меккеликтер эле. Аларды көргөн кээ бир эски мусулмандар да артка чегине башташты. Артка бир кадам да жылбай, алдыга жүткүнүп бара жаткан пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанында бир ууч сахаба калып, согуштун оту дал ушул жерде тутана баштады. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Эй, ансарлар!" – деп оң тарабына, анан сол тарабына карап кыйкырды. Анын үнүн уккандардын баары айланасына топтоло баштады. Пайгамбарыбыз

[1] Наср сүрөсү, 1-3-аяттар.

(ага Алланын салам-салаваты болсун)аларга карап: "Оо, адамдар, мен Алланын кулу жана элчисимин. Мен - Абдулланын уулу Мухаммадмын! Менин айланама топтолгула" деп кыйкырды. Жанындагы агасы Аббас үнү өтө бийик болгондуктан пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сөзүн кайталап кыйкырып жиберди. Анын үнүн уккан мусулмандар туш тараптан чогула баштады. Аскердин сабы кайра түздөлүп, душманга сүңгүп кирди. Согуш оту дагы алоолоду. Бул жолу душмандар артка чегинип, мусулмандар аларды сүрүп баратты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир ууч топуракты душмандар тарапка үйлөдү. Душман колу бузулган тартибин оңдой албай туш-тарапка тозуп качты. Ошентип согуш бүттү. Душман колун жетектеген Малик бин Ауф аскерлер артка качпасын үчүн алардын мал-жандыктарын, бала-чакасын да согушка ала чыккан эле. Артка качкан аскерлер мал-жандыктары эмес өз жанын араң ала качып, мусулмандар өтө көп олжого ээ болушту. Душмандын жетимиштен ашууну жан берип, мусулмандардан да ондогон адамдар шейит кетти.

Хунайнда жеңилип калган Сакиф уруусу өздөрүнүн түпкү мекени болгон Таифке барып баш калкалайт. Хунайн согушуна аскер топтоп баштап чыккан Малик бин Ауф да ошол жерге барат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул кабарды уккандан кийин аскери менен Таифке барууга даярдана баштайт. Анткени, дин душмандарын биротоло баш көтөргүс кылбаса, эртең эле алар чекеге чыккан чыйкан болору шексиз. Мусулман аскери Таифке келгенде алар азы-түлүгүн камдап,чептерине бекинип алышкан экен. Аскерлер алгач чепти таш атып талкаламак болушту, анысынан майнап чыкпады. Анан үстү жабылган арабаларга бекинип чептин алдына барып, анын түбүн казып өтмөк болушту. Бул максаттары да ишке ашпай, улам жаракат алган жана шейит болгондордун саны өсө берди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) динди кабыл кылгандардын жаны аман калат деп жарыя кылды. Жыйырмага жакын адам чептен чыгып келип, Исламды кабыл кылды. Башкасы дагы эле чептен мусулмандарга ок атып, кызыган темирлерди ыргытып каршылык көрсөтө берди. Арадан отуз күн өткон соң пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) согушту токтотуп артка кайтууга буйрук берди. Мусулман аскерери Жирана деген жерге келишти. Хунайнда олжого алынган мал-мүлк, туткундар баары ушул жерге топтолгон болчу. Олжонун көбү Хавазин уруусунан түшкөндүктөн, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кокус алар динди кабыл келип калабы деген үмүт менен олжону бөлүштүрбөй он күн күттү. Келбеген соң олжону мусулмандарга бөлүштүрүп берди. Ошол учурда Хавазин уруусунун өкүлдөрү келип, уруу толук бойдон Исламга киргенин кабарлады. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардан түшкөн олжону да, туткундарды бөлүштүрүп жибергенин айтып, эми же мал-мүлкүн, жебала-чакаларын кайтарып алууну сунуш кылды. Алар бала-чакасын алууну тандап, туткундарын бошотуп кетишти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга: "Эгер Малик бин Ауф динди кабыл кылса, ага бала-чакасын, мал-мүлкүн, андан

тышкары жүз төө берем" - деп убада кылды. Алар Малик бин Ауфка бул кабарды айтып барышканда, ал макул болуп, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келди да динди кабыл кылды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага убада кылганын берип, өзүн коомуна башчы кылып дайындады.

Олжо бөлүштүргөндө пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Исламга жаңыдан кирген адамдардын көңүлүн табуу үчүн олжонун көбүн меккеликтерге берген болчу. Ошондон улам кээ бир мадиналык сахабалар олжонун адилетсиз бөлүнүп калганын айтып наразы болушат. Алардын наразылыгын уккан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды жанына топтоп: "Силер кайсы жоду тандаарынарды билбей турганда, Алла мен аркылуу силерге туура жол көргөзбөдү беле? Силер Кедейчиликке батып турганыңарда, Алла мен аркылуу силерди байытпады беле? Силер бири-бириңерге душман болуп турганда, Алла мен аркылуу силерди бир тууган кылбадыбы? – деп кайрылды. Ансарлар баары бир оолдон анын сөзүн кубатташты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын жүрөгүндө эч кандай таарыныч болбоосун каалап: "Эгер силер мага карата кандай доомат койсоңор, мен аны тастыктаймын. Бирок, силерге чоң жакшылык бар. Бул адамдар ээ болгон олжлору менен калышат. Силер болсо Алланын элчиси менен каласыңар. Силер ушуну каалабайсыңарбы?" деп сөзүн улады. Ансарлар жабыла: "Бизди кечирип кой,биз сени менен бирге болууну каалайбыз" деп ыраазылыгын билдиришти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) да аларга ыраазы болуп: "Эгер хижра кылуунун сообу болбогондо, мен ансарлардын бири болууну каалайт элем. Оо, Аллахым, ансарлардан, алардын балдарынан, балдарынын балдарынан мээриминди аяба" деп дуба кылды. Анын сөзүнө тургандардын баары жашып, көзүнө жаш алды.

Анан пайгамбарыбыз ошол жерден умрага ниет кылып, ихрам кийип Меккеге кирди да умра амалын аткарды. Бир канча күн туруп ордуна Аттаб бин Асидди өкүл кылып дайындап, динди үйрөтүү үчүн муаз бин жабалды калтырып Мадинага жөнөп кетти.

Таифтин динди кабыл алуусунан кийин жарым аралда кээ бир майда урууларды эске албаганда, динге кирбеген көрүнүктүү бир да өкүмдарлык калбады. Жалпы арал Ислам мамлекети катары белгилүү боло баштады.[1]

---

[1] Бул жылы дагы мындай окуялар болуп өткөн: 1) Оман өлкөсүнүн өкүмдарлары ага-инилер Жайфар жана Абду пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Амр бин Аастан жиберген катынын негизинде динди кабыл алышат; 2) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Ала бин Хадрамани жана Абу Хурайра (Алла андан ыраазы болсун) экөөсүн Бахрейндин өкүмдары Мунзир бин Саавага жиберет. Алар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) катын жеткиришкенде Мунзир бин Саава динди кабыл кылат; 3) Бул жылы пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мариям энебизден Ибрахим аттуу уулду болгон. Бирок , Ибрахим бир жарым жаш курагында чарчап калган; 4) Ушул жылы

Хунайн согушу тууралуу Куранда бир канча аяттар түшүрүлгөн. алардын бири төмөнкүчө: **"Алла силерге көп жерлерде жана Хунайн күнүндө да жардам берди: бир кезде силерди саыңардын көптүгү кубаниып жиберди эле, кийин бул силерге эч кандайпайда бербей калды жана силер үчүн кенен жер тар көрүнүп, артынарга качып калдыңар. Кийин Алла пайгамбары менен ыймандууларга тынчтыгын жана силер көрө албаган аскерлерин түшүрүп, каапырларды азаптады. Каапырлардын жазасы – ушул".**[1]

## Табук согушу (Хижра, 9-жыл, Ражаб айы):

Былтыркы жылкы Рум менен мусулмандардын ортосунда болгон Мута согушунда Румдуктар жеңилүү ызасын тартып, мусулмандарга кек сактаган боюнча калган эле. Алар ошол күндөн тартып эле мусулмандар менен дагы согушууга даярдык көрө баштаган. Ошол максаттарын ишке ашырмакчы болуп быйыл мусулмандарга каршы аттанмакчы болушту. Бул кабар да пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) өз убагында келип жетти. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын согушка даярданууга буйруду, бирок адатынча кайсы тарапка бараарын ачык айткан жок. Эмнеси болсо да согушка даярдык көрүлө баштады. бул жылы кургакчылык болуп, элдин колу жука болуп турган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) колунда барлардын баарын садага берүүгө чакырды. Адамдар колунда болгонун ортого чогулта баштады. Азирети Усман үч жүз төө менен Шамга жөнөгөн кербенин токтотуп, андагы буюм-теримдин баарын, мындан сырткары миң алтын тенге тапшырды.[2] Пайгамбарыбыз (ага

---

араптардын арасында атагы таш жарган акын Кааб бин Зухайр динди кабыл кылып, мусулман болгон. 5) Ошондой эле бул жылы Гатафан уруусунун башчысы Уяна бин Хисн мусулман болгон жана Сулайм уруусунан миңге жакын адам динди кабыл кылган.

[1] Тообо сүрөсү, 25-26-аяттар.

[2] Адамдар колунда болгонун ортого коюп жатканда Азирети Умар болгон дүйнөсүнүн жарымын алып келди. Ага таңкалган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Сен үй-бүлөңө да бир нерсе калтырдыңбы?" – деп сурайт. Ал: "Ооба, үй-бүлөмө мунун жарымын алып калдым", - дейт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага ыраазы болуп, дуба кылат. Ошол учурда Азирети Абу Бакр да дүйнө-мүлкүн алып келет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Сен үй-бүлөңө эч нерсе алып калбадыңбы?" – деп сурайт андан. Ал: "Үй-бүлөм үчүн Алланы жана Анын элчисин алып калдым", - деeп жооп берет Азирети Абу Бакр. Ошондо бул жолу да жакшылык кылуу жагынан арта калганын билген Азирети Умар: "Жакшылык кылууда Абу Бакрдан эч качан өтө албасымды эми дааны билдим", - дейт. Дагы бир бай сахаба Абдурахман бин Ауф төрт миң күмүш теңге алып келип: "Муну сиз үчүн алып келдим, өзүмө дагы ушунчасын алып калдым", - дейт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Мында алып келгениңе да, өзүңө алып калганыңа да Алла береке берсин", - деп дуба кылат. Бул согушка жалаңэле байлар эмес, колунда жоктор да болгон салымын кошушкан. Мисалы, Абу Укайл аттуу сахаба эки кочууш курма алп келгенде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага да ыраазы болуп батасын берип узатат.

Алланын салам-салаваты болсун) мындай жакшылык кылуучулар чексиз соопко ээ болорун кабарлап: "Мындан кийин Усманга кылган иштери зыян бербейт", "Кимде-ким аскерге жардам берсе, ага бейиш", "Аллахым Усманга ыраазы бол, мен да ага ыраазы болдум" деген сыяктуу бата дубаларын айткан. Кээ бир адамдар колунда эч нерсеси жок, бирок согушка барууга ынтызар болушкан. Мындай адамдарга пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жакшы сөзүн айтып, согушка курал-жарак, улоосуз катыша албастыгын түшүндүрүп кайтарды. Алар буга өкүнүп, ыйлап кетишти.[1] Мусулмандар мына ушинтип согушка даярданып жатышканда эки жүздүүлөр ачык эле каршылыгын билдирип жатышты. Бул күн өтө ысыган, элдин жыл бою күткон түшүмү бышып жетилип калган убак эле, мындай мүмкүнчүлүгүн таштап согушка аттануу ыймандуу адамга гана жеңил болбосо, башка даам мындай кыла алмак эмес. Ошондуктан эки жүздүүлөр ар кандай шылтоолорду айтып, пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) уруксат сурап согуштан четтей баштышты. Алардын катарында сахабалардан үчөө эч кандай шылтоосу жок эле согушка аттанууга катышпай калды. Бирок, кийин булардын чынчыл экендигин жана тоболору кабыл болгондугу тууралуу аят түшкөн.[2]

---

[1] Бул адамдар тарых китептеринде "Баккауун" (Ыйлагандар) деп аталып, алардын саны жети экени айтылат, алар: Амр бин Хумам, Абдулла бин Мугаффал, Абу Лайла, Ирбаз бин Сария, Салим бин Умайр, Улба бин Зайд жана Харами бин Абдулла эле.

[2] Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Табук согушуна аттанган кезде, көптөгөн мунафыктар (эки жүздүүлөр) урушка чыкпастан калып калышат. Анткени бул уруш күн аябай ысып турган жана курмалар бышып, терип алууга даяр болуп калган учурда болгон болчу. Ошол сексенден ашуун мунафыктардын катарында, Каьб ибн Малик жана андан сырткары дагы эки сахаба, Мурара бин Рабиа менен Хилал бин Умая согушка чыкпай калышат. Чындыгында Каьбдын бул уруштан калып калуусуна эч кандай себеби жок эле. Анын мине турган улоосу да, жей турган азыгы да бар эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жана анын сахабалары Табук согушунан кайтып келген соң, урушка катышпай калган мунафыктар биринин артынан бири кирип актанып, ар кандай шылтоолорун айтышты. Каьб жана анын эки жолдошу пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) кирип, эч кандай себеби жок эле урушка барбай койгонун айтышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын чын айтканын билди да, буларга өкүмдү Алла Таала чыгарат деп койду. Ошол күндөн баштап пайгамбарыбыз алар менен сүйлөшпөй калды. Алардын саламына жооп бердиби же жокпу, анысы да билинбейт эле. Ошондой эле сахабаларга да, аларга сүйлөөгө тыюу салып койду. Каьб өзүнүн жакын туугандарына салам айтса, алар да жооп бербейт эле. Ошол убакта алардын жашоосу караңгы түнгө айланды. Алар кемчиликтери үчүн Аллага тообо кылып күнү-түнү жалынып-жалбарышты. Каьб кайраттуу жаш адам болгондуктан, мечитке жана базарларга барып жүрдү. Ар эми анын эки жолдошу үйдөн чыга албай калышты. Алардын көз жаштарынан беттерине из пайда болду. Алар канчалык кыйналган менен, пайгамбарыбыз аларга эч кандай сөз айткан жок. Ошентип арадан элүү күн өттү. Бул элүү күн алар үчүн элүү жылдан да узун болду. Бир күнү багымдат намазынын убагында, Алла Таала: «Согуштан калган үчөөнүн да тооболору кабыл кылынды. Аларга кенен жер абдан тарып кеткен болчу. Алардын жүрөктөрү кысылып кеткен эле. Алладан башка эч кандай сактап калуучу жок экенин билишти. Ошондон кийин Алла алардын тооболорун кабыл кылды. Чындыгында, Алла Тооболорду кабыл кылуучу, Мээримдүү» деген аятты түшүрдү.

Чынында, бул согуш мусулмандардын баарына байына да, кедейине да сыноо болду. Ошондой эле бул сыноо эки жүздүүлөргө да тиешелүү эле. Бул сыноодон ыйманы күчтүүлөр гана өтүп, эки жүздүүлөрдүн жүзү ачылды. Мусулман аскерлеринин саны бул жолу отуз миңге жетти. Анын ичинен он миңин атчан армия түздү. Бул пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосундагы эң көп санда топтолгон биринчи армия эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ордуна Мадинага Азирети Алини калтырып, өзү аскер менен жолго чыкты. Аскер Табук өрөөнүн көздөй жылып жөнөдү. Сапардын сегизинчи күнү Хижр деп аталган жерге келишти. Бул жер Салих пайгамбардын коомуна Алланын азабы түшкон жер болчу. Прайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) андагы кудуктан суу ичүүгө, даарат алууга бобостугун айтып, андагы үйлөргө да кирүүгө тыюу салды. Тогузунчу күнү мусулман аскери табукка жетип жайгашты. Халид бин Валид төрт жүзгө жакын аскери менен тыңчылык кылып алдыда бара жаткан. Кокустан ал Дуумат ал-Жандал деген жердеги Кинд урууларынын башчысы Укайдир бин Абдулмаликти жолуктарып, аны туткундап алат. Аны иниси менен бирге пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) алып келет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга динге кирүүнү сунуш кылат. Алар динге кирүүдөн баш тартып, бирок мындан ары салык төлөп турмай болуп бошотулат. Ошондой Айла коомунун өкүмдары, Шам тараптагы Азрух жана Жарба уруусунун жөөттөрү да келип, пайгамбарыбыз менен тынчтык келишимин түзүп кетишет.

Оболу мусулмандарга каршы күч топтоп, кийин мусулмандардын алдарга каршы аттанып чыкканын уккан Рум падышасы согуштан кайра баш

---

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул аятты сахабаларына өтө кубануу менен окуп берди. Аны уккан сахабалар, кубанычы коюнуна батпай, Каьбка сүйүнчүлөө үчүн шашып жөнөштү. Бирөөсү чуркап жөнөдү. Бирөөсү улоосуна минип, чаап жөнөдү. Бул учурда Каьб үйдүн сыртында турган. Алыстан келе жаткан сахаба ага: Эй, Каьб! Сүйүнчү кабар келди. Алла силердин тообаңарды кабыл кылды – деп кыйкырды. Кубанычы койнуна батпаган Каьб үстүндөгү көйнөгүн чечип, сүйүнчүлөгөн адамга бере коюп, мечитке көздөй чуркады. Мечитке келип, салам бергенде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) баштаган баардык сахабалар саламына жооп беришти. Пайгамбарыбыз (Ага Алланын салам-салаваты болсун) аны жылмайган жылуу жүзү менен тосуп алды. Каьб, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) карап:

- Оо, Алланын элчиси, бул сенин сөзүңбү же Алланын сөзүбү? - деп сурады.

- «Бул Алланын сөзү", - деп жооп берди пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун). Ошондо Каьб, дароо саждага жыгылып Аллага мактоо айтты. Буга чейин кайгыдан көз жашы тыйылган эмес болсо, бул жолу кубанычтын көз жашы агып жатты. Алардын тобосуна алардан да ашыкча кубанган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун):

- «Оо, Каьб, бул күн сен энеден төрөлгөндөн берки эң бактылуу күн болду» - деди.

тарткан эле. Мусулмандар Табукта жыйырма күн туруп, эч кандай душман келбегенден кийин кайра Мадинага кайтышты. Бул жүрүштө согушуу болбогону менен бүтүндөй чөл эли мусулмандардын болуп көрбөгөндөй күчко толгонун, алардын жер силкинткен аскери бар экенин корүп, жогоруда айтылгандай бир канча уруулар динди кабыл кылып, бир канчасы мусулмандарга салык төлөө менен тынчтыкта жашоого келишим кылды.

Жолдо келе жатканда Алла Таала пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны кошуунда бирге жүргөн эки жүздүүлөр өлтүрмөкчү болуп жатканын кабар берди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өто этияттык менен сапарын улай берди. Качан гана адамдар чубап өтө турган тар жылгага киргенде артынан он төрт-он беш адам жакындап келе жатканын байкады. Дароо артындагы Хузайфа бин Яманга белги берди. Хузайфа алардын жолун тосо чыгып: "Эй, Алланын душмандары!" – деп кыйкырат. Ошондо алар кайра ары жактагы кошуунга аралашып кетишет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) атайын аларды байкоо үчүн элден бөлүнүп ушул тар жылгага кирген эле. Эки жүздүүлөр белгилүү болгондон кийин кайра аскерге арлашат. Жанында жүргөн сахабасы Усайд бин Худайр алардын баштарын кыя чабууга уруксат сурайт. Бирок пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Мухаммад башкалар менен согушуп бүтүп, эми сахабаларын өлтүрө баштаптыр деп айтышпайбы?" деп макул болбойт. Ошентип кол Мадинага келет. Эч кандай жоготуусуз келген аскерди аялдар менен жаш балдар кубануу менен тосуп алышат.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Табукка аттанар алдында жакынкы Кубаа айылынын тургундары келип, жамгырлуу күндөрү мечитке келүү кыйын болгону үчүн өздөрүнө жаңы мечит курушканын айтып пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) ошол мечитке чакырган эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга табуктан келгенден кийин барууну убада кылган болчу. Табуктан кайра келе жаткан жолдо алар дагы суранат. Ошондо Алла Таала пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) ал мечитке барууга болбостугун кабардайт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Малик бин Духшун жана Асым бин Адий деген сахабаларды башчы кылып бир топ адамды ошол мечитти талкалап, өрттөп жиберүү үчүн жиберет.

Табук согушундагы окуяларды баяндап Куранда Тобо сүрөсүнүн бир канча аяты түшкөн. Эмесе ошол аяттарга көңүл бөлөлү:

**"Оо, ыйман келтиргендер! Силерге эмне болду, “Алланын жолуна чыккыла” деп айтылганда жерге оор отуруп калдыңар?! Эмне, силер акыреттин ордуна жер жашоосуна ыраазы болуп калдыңарбы?!**

**Акыреттин алдында дүйнө жашоосу аз нерсе го![1] Эгер чыкпасаңар Алла силерди катуу азапка салып, ордуңарга башка коомду алып келет. Силер Ага эч нерсени зыян келтире албайсыңар. Алла ар нерсеге кудуреттүү. Эгер ага (аайгамбарга) силер жардам бербесеңер, Алланын Өзү жардам берген: бир кезде, каапыр болгон адамдар аны экөөнүн экинчиси кылып (Меккеден) чыгарышканда (жардам берген.) Ошондо, экөө[2] үңкүрдө турганда, ал шеригине: "Кайгырбагын, Алла биз менен" деген убакытта Алла ага бейпилдик түшүрүп, силер көрбөй турган аскерлер (периштелер) менен колдоду. Каапыр адамдардын ("Мухаммадды сөзсүз өлтүрөбүз" деген) сөздөрүн төмөн кылды жана Алланын (эзелки тагдырдагы) сөзү жогору болду. Алла – Кудуреттүү, Даанышман. Жеңилдик мезгилде да, оорчулук мезгилде да (Аллага тобокел кылып) чыга бергиле жана Алланын жолунда малыңар, жаныңар менен жихат кылгыла! Эгер билсеңер, бул өзүңөргө жакшы. Эгер (Оо, Мухаммад, сен чакырган нерсе) дүйнөлүк пайда же жеңил сапар болсо, алар сени сөзсүз ээрчимек. Бирок, аларга аралык алыс болду. Алар Аллага ант ичип: "Эгер мүмкүнчүлүгүбүз болгондо силер менен чыкмакпыз" деп, өздөрүн өлүмгө (Тозокко) түртүшөт. Алла алардын анык жалганчы экенин билет. Алла сени кечирди. Эмне үчүн сен, өзүңө чын сүйлөгөн адамдар билингенге чейин жана жалганчыларды сынап билгениңе чейин аларга (согуштан калууларына) уруксат берип жибердиң?! Аллага жана акырет күнүнө ыйман келтиргендер малдары жана жандары менен жихат кылуудан (калуу үчүн) уруксат сурашпайт. Алла такыба кишилерди Билүүчү. Чынында, Аллага, акырет күнүнө ишенбеген жана жүрөктөрү күмөн санаган адамдар гана (жихаттан калууга) уруксат сурашат. Алар өз күмөндөрүндө олку-солку болуп тура беришет. Эгер алар чыгууну каалаганда согушка даярдык көрүп коюшат болчу. Бирок, алардын чыгышын Алланын Өзү каалабай, жалкоо кылып койду жана аларга: "Отуруучулар (аялдар, жаш балдар) менен (үйдө) отургула" - деп айтылды. Эгер алар силер менен чыкканда, силердин кемчилдигиңерди көбөйтмөк жана араңарда бузукулукту каалап, аракет кылмак. Силердин ичиңерде аларды уга тургандар да табылат. Алла - заалымдарды Билүүчү. Алар мындан мурун (Мадинага хижрат кылганда) деле бузукулукту каалап, сенин алдыңда (көп) иштерди тескери жасашкан. Кийин акыйкат келип алар жаман көрсө да, Алланын дини (жеңип) чыккан. Алардан бирөөсү**

---

[1] Бул аят Рум (византиялыктар) менен болгон "Табук" казатына чакырык болгондо түшкөн. Ошондо күн аябай ысык, тамак-аш тартыш болчу. Кээ бир мусулмандар жалакайлык кылса, кээ бир мунафыктар жалган шылтоолор айтып казатка барбай калышкан.

[2] Мухаммад (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен Абу Бакр Сыддык.

**“(Оо, Мухаммад) мага (калууга) уруксат бер, мени бузуп койбо” дейт.**[1] **Алар эчак эле бузулушкан! Албетте, Тозок каапырларды ороп алуучу! Эгер (бул согушта) сага жакшылык (жеңиш, олжолор) жетсе бул аларды капа кылат. Эгер бир кырсык жетсе “Биз алдын ала билип, сактанып калдык” деп, сүйүнгөн бойдон кетишет. Айткын: “Бизге Алла (эзелки тагдырда) жазгандан ашыкча кырсык жетпейт (эгер жазган болсо,) биздин башчыбыз Алла! Момундар Аллага гана тобокел кылышсын”. Айткын: “Бизге (кырсык жетишин) күтүп убара болбогула. Бизге эки жакшылыктан бири (же жеңиш, же Бейиш) болушун гана күткүлө! А биз болсо, Алла силерди Өз азабы менен же биздин колубуз менен балээге жолуктурушун күтөбүз. Күтө бергиле, биз да силер менен бирге күтөбүз".**[2]

Ушул эле сүрөдө бул согуш тууралуу дагы мындай аяттар айтылган:

**"(Оо, Мухаммад!) Кааласаң алардын күнөөсүн (кечирүүнү Алладан) сура, каалабасаң, сураба. Эгер жетимиш ирет сурасаң да, Алла аларды кечирбейт. Мунун себеби; алар Аллага жана пайгамбарына каапыр болушту. Алла бузуку коомду туура жолго баштабайт. (Жихатка чыкпай, аялдар менен жаш балдардын катарында) үйлөрүндө калгандар, пайгамбарга каршы иш жасаганына сүйүнүп, Алланын жолунда мал-жандары менен жихат кылуудан түңүлүп: “(Мындай) ысыкта чыкпай эле койгула” дешти. Айткын: “Тозок отунун ысыгы катуураак, эгер түшүнүшсө”. (Алар бул дүйнөдө аз ыйлап, көп күлгөн болчу. Эми, Алланын жазасына кабылганда) кылмыштарына жараша азыраак күлүп, көбүрөөк ыйлашсын! Эгер Алла сени (Табук согушунан себепсиз калган жана мунусуна өкүнбөгөн) тайпага кайра жолуктурса, алар сенден (мындан башка, жеңилирээк) согушка чыгууга уруксат сурашса, айткын: “Эми, мени менен эч качан чыкпайсыңар. Мени менен бирге эч бир душманга каршы согушпайсыңар! Силер биринчи жолкусунда (үйдө) отурууну жактыргансыңар! Эми, калуучулар (аялдар жана жаш балдар) менен отура бергиле! Эгер алардан бирөөсү өлсө, ага эч качан жаназа түшүрбө жана мүрзөсүнүн үстүндө (дуба кылып) турба! (Себеби) алар Алла жана пайгамбарына каапыр болушуп, бузуку бойдон өлүштү! Сени алардын дүйнө-мүлктөрү жана балдары (балдарынын көптүгү) кызыктырбасын! Алла аларды бул дүйнөдө ошол (байлык) менен азаптоону жана каапыр бойдон өлүп кетүүсүн каалады. Качан: “Аллага ыйман келтиргиле, жана пайгамбары менен бирге жихат кылгыла!” деген сүрө түшсө, алардын арасындагы (согуштан калууга эч кандай шылтоо-**

[1] Жадд бин Кайс деген мунафык “Эгер мен Табукка чейин барсам, византиялыктардын (Румдардын) аялдарын көрүп, бузулуп каламын. Менин кумар сезимим өтө күчтүү” деген шылтоону айткан.

[2] Тообо сүрөсү, 38-52-аяттар.

**себеби жок) бай адамдар: "(Оо, Мухаммад) бизди жөн эле койчу. (Үйдө) отуруучулар менен эле бололучу?" - дешип сенден уруксат сурашат. Алар калуучулар (аялдар, жаш балдар) менен болууга ыраазы болушту. (Натыйжада) жүрөктөрүнө мөөр уруп коюлду. Эми алар (өздөрүнө эмне пайда, эмне зыян экенин) түшүнө алышпайт. Бирок, пайгамбар жана аны менен бирге болгон момундар, малдары жана жандары менен жихат кылышты. Бардык жакшылыктар ошолорго! Алар (тозоктон) кутулгандар! Алла аларга, түбүнөн дарыялар аккан, анда түбөлүк кала турган Бейиштерди даярдап койгон. Ушул – чоң жеңиш! (Оо, Мухаммад, сенин алдыңа) өздөрүнө (согуштан калууга) уруксат сурап (арзыбаган) шылтоосу бар көчмөн араптар дагы келди. Ал эми, ("Биз деле момунбуз" деп) Алла жана пайгамбарына жалган сүйлөгөндөр (уруксат сурабай эле) кала беришти. Жакында алардан каапыр болгондоруна жан ооруткан азап жетет. Ал эми, (денесинде бир кемчилдиги болгон) алсыз адамдарга, оорулууларга, жихадтка керек нерселерди таба албай калгандарга – эгер Алла жана пайгамбарына (калыс, таза болууга жана мүмкүнчүлүк тапса эле жихатка чыгууга) ниет кылышса – (согушка чыкпаганы үчүн) күнөө жок. Жакшылык кылуучуларды айыптоого жол жок. Алла - Кечиримдүү, Ырайымдуу! Өздөрүнө (согуш үчүн) улоо таап берүүңдү сурап сага келишкенде, сен аларга: "Силерге мингизгидей улоо менде жок" дегениңде, (жихатка) пайдалана турган эч нерсе таппай калганына өксүп, көз жашын көлдөтүп кайтып кеткен адамдарга да күнөө болбойт. Ал эми, бай (ден-соолугу таза) болсо да, сенден уруксат сураган жана аялдар, жаш балдар менен калууга ыраазы болгон адамдарды айыптоого жол бар. Алла алардын жүрөктөрүн мөөрлөп койду! Эми алар (өздөрүнүн пайда-зыяндарын) биле алышпайт! Силер (согуштан) кайтканыңарда, алар (бай болсо да барбай койгондор) сенден кечирим сурашат. Айткын: "Кечирим сурабай эле койгула! Силерге эч качан ишенбейбиз! Алла силердин (бизден жашырган) кабарыңарды бизге билдирген. Алла жана пайгамбары ишиңерди көрүп турат. Кийин (Кыяматта) көрүнөөнү да, көмүскөнү да Билүүчүгө кайтарыласыңар. Ал силерге (бардык) кылган ишиңердин кабарын берет. Качан аларга кайтып барганыңарда алардан (эч нерсе сурабай) жөн коюшуңар (үчүн) ант ичишет. Эми, алардан жүз бургула! Алар – ыпылас! Кылмыштарынын жазасына, алардын орду Тозок! (Көңүлүңөргө карап) алардан ыраазы болушуңар үчүн ант ичишет. Эгер силер ыраазы болсоңор да, Алла бузуку адамдардан ыраазы болбойт".**[1]

Алла Таала бул согушка аттанып чыккан мусулмандарга ыраазы болуп мындай дейт:

---

[1] Тобо сүрөсү, 80-96-аяттар.

**"Алла пайгамбардын, мухажирлердин жана ансарлардын тообосун кабыл алды. Алар ага (пайгамбарга) араларындагы бир тайпа адамдардын жүрөгү (акыйкаттан) тайып кете жаздагандан кийинки оор сааттарда ээрчиген эле. Кийин Алла алардын тообосун кабыл алды. Чынында, Алла аларга Ырайымдуу, Боорукер. Алла (Табук казатынан) калып калган үч кишинин тообосун да кабыл алды. (Ошого чейин) аларга жер (жүзү ушунчалык) кеңдиги менен тарлык кылып, жүрөктөрү да кысылып калган. Алар Алладан Анын Өзүнө гана жалбаруу керектигин түшүнүштү. (Ыклас менен) тообо кылышканы себептүү Алла алардын тооболорун кабыл алды. Алла, чынында тообону кабыл алуучу, Ырайымдуу.**

**Оо, ыйман келтиргендер! Алладан корккула жана чынчылдар менен болгула! Мадина эли менен алардын айланасындагы бедуиндер үчүн (казат мезгилинде) Алланын пайгамбарынан калып калышы жана өздөрү менен өздөрү убара болушу эч ылайыктуу (иш) эмес! Себеби, Алла жолунда аларга бир машакат, ачкачылык, чаңкоо жетсе да, же каапырларды жек көрүп (жихат үчүн, азбы-көппү) жерлерди басып өтсө да, же болбосо (согушта) душмандардын эсебинен (жеңиш, туткун, олжо сыяктуу) нерселерге жетишсе да, ушул себептүү аларга салих (сооп) иш жазылат. Албетте, Алла жакшылык кылуучулардын сообун текке кетирбейт. (Ушул жихат жолунда) чоңбу, кичинеби, (кандайдыр) бир садага (кошумча) кылса же бир өрөөндөрдөн басып өтсө, Алла аларга эң жакшы иштери себептүү сыйлык бериши үчүн, (бул иштери) аларга (сооп болуп) жазылат. Момундардын бардыгынын (согушка) чыгып кетүүсү жарабайт. Алардын ар бир жамааттарынан бирден тайпалар чыкса (жетиштүү) болбойбу?! (Башкалары) динди жакшы үйрөнүү үчүн жана коомуна кайтып келгенде эскертүү үчүн (калышпайбы?) (Ошондо) Алланын азабынан сактанышса ажеп эмес! Оо, момундар! Жаныңардагы каапырларга каршы согушкула! (Согушта) силерден катуу кайраттуулукту гана көрүшсүн! Билгиле, Алла такыбалар менен".[1]**

## Азирети Абу Бакрдын ажы амалын аткаруусу (Хижра, 9-жыл):

Хижранын сегизинчи жылы Рамазан айында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккени жеңип алды. Бул жылы ажы амалын аткарбады. Анткени Табук согушу, айланадагы уруулардын динге кирүүсү сыяктуу иштер менен алек болуп калды. Кийинки жылы, тагыраагы тогузунчу жылы ажы айларында дагы ажылык кылууну каалаган жок. Бул жылы Мекке мушриктери адатынча ажы айларында Кааабаны тооп кылышмакчы эле. "Быйыл да Мекке бутпарастары жылаңач абалында тооп кылышат. Мен алар

[1] Тобо сүрөсү, 117-123-аяттар.

менен бирге ажы кылууну каалабаймын" – деген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) быйылкы ажылыкка элди алып барып келүү үчүн Азирети Абу Бакрды дайындады. Үч жүз ажы кылуучу адамды жетектеп Азирети Абу Бакр ажылыкка аттанды. Кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Азирети Алини чакырып, аны дагы ажылыкка барып бутпарастарга жана башка элдерге "Бараат" (Тобо) сүрөсүн окуп берүүгө буйруду. Анткени, бул сүрөдө быйылдан кийин бутпарастардын Каабага келбөөсү,тузүлгөн келишимдерди бекем сактоо сыяктуу маанилүү аяттар түшкөн эле. Мындай маанилүү аяттарды элге пайгамбар өзү, же болбосо анын үй-бүлөсүнөн богон ишенимдүү адамы окуп берүүсү керек болчу. Ошон үчүн бул милдетти аткарууга пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Азирети Алини тандап алды.

Азирети Али Зул-Хулайфа деген жерде Азирети Абу Бакрды кууп жетти. Азирети Абу Бакр анын кандай милдетти аткаруу үчүн келгенин уккандан кийин: "Сен башкаруучу болосуңбу, же баш ийүүчүсүңбү?" – деп ага болгон сый-урматын көрсөттү. Азирети Али баш ийүүчү экендигин билдирди. Экөө бири-бирине эриш-аркак болуп Меккеге келишти. Азирети Абу Бакр элге ажылыктын жол-жобосун үйрөттү, Азирети Али болсо "Тобо" сүрөсүн окуп, түшүндүрүү ишин жүргүздү. Бул сүрөдө бутпарастарга тиешелүү төмөнкүдөй аяттар бар эле:

**"(Бул) – Алла жана пайгамбары тарабынан силер убада-келишим түзгөн мушриктер үчүн (келишим милдетинен) кутулуу (жарыясы)! (Оо, мушриктер!) Төрт ай (мөөнөттүн) ичинде жер бетинде (тынч-аман) жүрө бергиле. Билип алгыла, (силерге тынчтык мөөнөтү берилсе да) силер эч качан Алланы алсыз калтыра албайсыңар. Алла (ширк иштерин уланткан) каапырларды шерменде кылуучу. (Бул) Алла жана пайгамбары тарабынан, чоң ажылык (Курман майрамы) болгондо адамдарга, Алла жана пайгамбары мушриктерден таза (б.а. алардын алдында убада-милдеттенмеси жок) экенин жарыялап коюу![1] (Оо, мушриктер!) Эгер тообо кылсаңар, өзүңөргө жакшы (мал-жаныңарды сактап каласыңар). Эгер жүз бурсаңар, билип койгула, силер Алланы алсыз калтыруучу эмессиңер. (Оо, Мухаммад,) каапырларга жан ооруткан азаптын кабарын берип кой! Ал эми, силер келишим түзгөн мушриктер (милдеттенмелерден) эч нерсени бузбаса жана силердин эч бир душманыңарга жардам бербесе, анда алардын келишимдерин өз мөөнөтүнө чейин толук сактагыла. Алла такыба кишилерди сүйөт. Эми, качан "Ал-Хурум" айлары (муш-риктер менен согушууга тыюуу салынган төрт ай) чыгаары менен, мушриктерди**

[1] Хижранын 9-жылынын чоң ажы күнүндө, Меккеге келген бардык арабдардын алдында – алардын арасында мусулманы да, мушриги да бар эле – Али бин Абу Талип, Алланын ушул өкүмүн окуп билдирди. Ушул жылдан кийин бардык мушриктер үчүн Ал-Харамга (Каабага) кирүүгө тыюу салынды (Куран котор.).

**тапкан жериңерде өлтүргүлө, туткундагыла, курчоого алгыла жана (алардын) ар бир жолдорунда күтүп олтургула! Эгерде тообо кылып, намаз окуп, зекет беришсе (мусулман болушса) жолдоруна тоскоол болбогула. Чынында, Алла – Кечирүүчү, Ырайымдуу. Эгер мушриктердин бири сенден (Алланын сөзүн угуп, Ислам менен таанышуу үчүн) коргоо-кепилдик сураса, аны – Алланын Сөзүн укканга чейин – өз кепилдигиңе ал. Андан соң аны өзүнүн тынч мекенине жеткирип кой. Бул (өкүм) алардын билимсиз коом болгону (жана Исламды таанып-билип алуусуна шарт жаратып берүү) үчүн. (Ал эми, убадасын сактабаган) мушриктерге кантип, Алла жана Анын пайгамбары тарабынан убада болсун?! Эми, Харам мечитинде убадалашкан кишилер үчүн гана (ошол Ыйык Үйдүн урматына убадаңарды сактагыла). Качан силер үчүн (берген келишиминде) түз турушса, силер дагы түз тургула. Албетте, Алла (Өзүнөн) корккон (такыба) адамдарды сүйөт! Кантип (алар үчүн убада сактоо болсун?!) Чынында, алар эгер силерден үстөм-жогору болушса, силер жөнүндөгү (өз моюндарына алган) убадага да, милдентенмеге да карашпайт. Ооздору менен силерди ыраазы кылса да, (берген анттарына) жүрөктөрү көнбөй турат жана алардын көпчүлүгү бузукулар! Аз гана (дүйнөлүк) баага Алланын аяттарын сатып жиберишет жана (адамдарды) Алланын жолунан тосушат. Алардын жоруктары кандай жаман! Момун жөнүндөгү (өз мойнундагы) келишимге да милдеттенмеге да карашпайт. Алар ашынып, чектен чыккан адамдар! Эгер тообо кылып, намаз окуп, зекетти берип калышса, анда алар – диндеш бир тууганыңар. Биз Өз аяттарыбызды билген коом үчүн (ушинтип) ачык-айкын баяндайбыз. Эгер келишимге кол койгондорунан кийин ант-убадаларын бузушса жана силердин диниңерди айыпташса, (аларды ушуга үйрөткөн) каапырлардын башчыларына каршы согушкула! Чынында аларда, ант (сактоо) деген болбойт. Кана эми, алар (кыянаттарынан) токтошсо! (Оо, момундар!) Өздөрү биринчи баштап, ант-убадаларын бузган жана пайгамбарды (журтунан) чыгарууга жан үрөп аракеттенген адамдарга каршы согушпайсыңарбы? Эмне, алардан коркосуңарбы?! Алладан коркушуңарга Ал көбүрөөк акылуу эмеспи, эгер момун болсоңор?! Аларга каршы согушкула! Алла силердин колуңар менен аларга азап берип, шерменде кылып, силерге жардам берет жана момундардын жүрөктөрүн айыктырат жана жүрөктөрүнүн ачуусун кетирет. Алла алардан каалагандарынын тообосун кабыл алат. Алла - Билүүчү, Даанышман. Же болбосо, (оо, ыймандуу пенделер!) Алла силердин араңардан жихат кылгандар менен Алладан, пайгамбарынан жана момундардан башкаларды дос тутпагандарды билип алмайынча (согуш менен сыналбай) жөн калабыз деп ойлойсуңарбы?! Алла силердин бардык ишиңерден кабардар. Өз каапырчылыктарына өздөрү күбө болуп турган абалда, мушриктер Алланын мечиттерин (ибадат менен) абат кылып жиберүүлөрү эч мүмкүн эмес! (Себеби) алардын амал-ибадаттары (ширк кылганы себептүү) "күйүп" кеткен. Алар Тозокто түбөлүк калуучулар! Чынында, Алланын**

**мечиттерин, Аллага, акырет күнүнө ишенген, намаз окуп, зекет берген жана Алладан башка эч кимден коркпогон адамдар (курушат жана) абат кылышат. Эмне, силер ажыларды сугаруу менен Масжид ал-Харамды оңдоону, Аллага, акырет күнүнө ишенген жана Алла жолунда жихат кылган момундарга (алардын ыйманына) теңеп жатасыңарбы? Алар Алланын назарында (ыйман менен жихатка чыккандарга эч качан) тең боло алышпайт! Алла залым коомду туура жолго баштабайт! Ыйман келтирген, хижрат кылган жана Алланын жолунда мал-жандарын аябай жихат кылган адамдардын даражасы Алланын алдында көп эсе жогору. Раббиси аларды Өзүнүн ырайымы, ыраазычылыгы жана түгөнгүс нээматтар болгон Бейиштер менен сүйүнтөт. Алар анда түбөлүк калышат. Чынында Алланын алдында чоң сооптор бар! Оо, ыйман келтиргендер! Эгер силердин атаңар, ага-иниңер ыймандан каапырчылыкты (көбүрөөк) сүйчү болсо, аларды (ким болушуна карабай) дос тутпагыла! Силердин араңардан кимде-ким аларды дос тутса, алар – анык залымдар!**

**Айт (оо, Мухаммад): "Эгер силердин атаңар, бала-чакаңар, ага-иниңер, жуп-жубайыңар, тууган-уругуңар, тапкан мал-дүйнөңөр, жүрүшпөй калышынан корккон соодаңар жана өзүңөргө жаккан үй-жайыңар силерге Алладан, Анын пайгамбарынан жана Алланын жолунда жихат кылуудан да сүйүктүүрөөк болсо, анда… Алла (силерге) Өз ишин (азабын) алып келишин күтө бергиле! Алла бузуку коомду туура жолго баштабайт! Алла силерге көп оруңдарда жана Хунайн (деген жердеги согуш) күнүндө да жардам берди: бир кезде силерди саныңардын көптүгү кубантып жиберди эле, кийин бул силерге эч кандай пайда бербей калды жана силер үчүн жер кең болсо да тар көрүнүп, артыңарга качып калдыңар. Кийин Алла пайгамбары менен ыймандууларга Өзүнүн тынчтык-бейпилдигин жана силер көрө албаган аскерлерин (периштелерин) түшүрүп, каапырларды (жеңилүү менен) азаптады. Каапырлардын жазасы – ушул! Андан соң, ушундан (каталардан) кийин деле, Алла Өзү каалаган адамдардын тообаларын кабыл алды (кечирди). Алла – Кечирүүчү, Боорукер! Оо, ыйман келтиргендер! Мушриктер – ыпыластык! Ушул жылдарынан кийин Масжид ал-Харамга жакын жолошпосун! Эгер (жетишпестиктен)[1] корксоңор, Алла кааласа, жакында Өз пазилети менен силерди муктаждыктан куткарат. Албетте, Алла Билүүчү - Даанышман!**

## Уруулардан өкүлдөрдүн келүүсү:

[1] Бул жетишпестик мушриктердин Каабага алып келе турган курмандыктары. Эгер аларды Каабага келтирбей коюлчу болсо, демек, алар алып келе турган курмандыктар да токтоп, жетишпестик болмок. Бирок, Алла алардын курмандыктарысыз эле мусулмандарга береке берүүнү убада кылды (Куран котор.).

Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жүктөлгөн вазыйпа бир гана элге же урууга тиешелүү эмес, жалпы жер бетиндеги инсаниятка тиешелүү эле. Ошол себептен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгачкы күндөн тартып эле динди кеңири жайылтууга аракет жасады. Курайштар менен жөөттөргө гана даават кылбастан айланадагы урууларды баарына колунан келишинче динди чыгарууга аракет жасады. Анын бул ишине көбүнчө Азирети Абу Бакр жардам берди. Ал майда урууларга чейин жакшы билчү. Худайбиядагы келишимде "Башка уруулар кааласа Курайштарга, кааласа мусулмандарга кошулсун" деген чечим болгондон кийин кээ би уруулар өз ыктяры менен мусулмандарга кошулду. Ал эми Мекке мусулмандардын колуна өткөндөн кийин бул чөлкөмдөгү майда уруулар мусулман мамлекетинен башка баш калкалай турган өлкөнү таба албашына көзү жетти. Ошондуктан тогузунчу жылы Ислам мамлекетине кирүү үчүн өтө көп уруулар келишти. Ошол себептен бул жыл тарх барактарында "Өкүлдөрдүн жылы" деп да аталып калган. Келген өкүлдөрдүн көбү динди мурда кабыл кылып, анан өзүнүн коомун динге чакыруу үчүн кеткен адамдар эле. Ислам туусу желбирегенден кийин гана алар динин ачыкка чыгарып, бүтүндөй коому, же жарымы динге киргенин сүйүнчүлөп келип жатышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын ар кандай талаптарына, суроолоруна татыктуу жооп берип, дин үйрөтүп, аларды Ислам мамлекетинин кучагына алып жатты. Алардын бир гана диний эмес саясый, социалдык маселелерин да чечип жатты.

## Даус уруусунун өкүлдөрү, (Туфайл бин Амир):

Даус уруусу Таифтин түштүк тарабында кызыл деңизге жакын Тихама деп аталган аймакты мекендеп турушчу. Алардын да баш калкалоочу чеби бар эле. Соода-сатык ж.б. иштери менен араптардын арасында бегилүү болгон бул уруунун өкүлдөрүн Курайштар да жакшы тааныйт болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага көчүп кеткенге чейин Меккеге ар түрдүү иштери менен келип калган башка уруунун өкүлдөрүно динди жеткизип калууга аракет кылчу. Бирок, Курайштар муну байкап калып.сырттан келгендерге пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жамандап,анын созүн угузбоого, ал тургай ага жолуктурбоого аракет кылышчу. Мына ушундай абалга жогоруда биз сөз кылмакчы болуп жаткан Даус уруусунун бир өкүлү Туфайл бин Амир да туш болгон.

Туфайл бин Амир кайсы бир жумуштары менен Меккеге келет. Ошол мезгилде Меккеде пайгамбар менен курайш элинин ортосунда катуу күрөш жүрүп жаткан болчу. Туфайл бул жаакташкан эки тараптын талашкан нерсеси тууралуу кабарсыз. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жөнүндө Мекке шаарына жеткенде гана маалымат алат, ага чейин ал жөнүндө эч нерсе укпаган да, билбеген. Меккеге жайбаракат бара жаткан Туфайл шаардагы курч кырдаалга аралашып калаарын ошол кезде оюна да албаса керек. Жашоосундагы унутулгус окуяны шаарга жеткен кезде башынан өткөрөт. Анда

эмесе, ошол кызыктуу окуяга сөз коногун берип, муну Туфайлдын өз оозунан угалы. Туфайл сөзүн мындай баштады:

«Мен Меккеге жеткен кезде курайш элинин атактуу бийлери алдымдан тосуп чыгышты. Мага аябайгандай жакшы мамиле жасап, ызат-сый көрсөтүп, Мекке шаарынын эң кооз жасалгалуу үйлөрүнүн биринде коноктошту. Эртеси курайш элинин атка минерлери мага мындай дешти:

– Эй, Туфайл! Биринчиден, биздин шаарга куш келипсиң. Экинчиден, биздеги кабарларды угуп жаткан чыгарсың. Уга электериңди айтып да беребиз. Ишенсең, азыр биздин абал оор, атаны-баладан, баланы-атадан ажыраткан, ынтымактуу элди ыдыратып бөлүп-жарган, өзүн пайгамбар эсептеген, арабыздан бирөө чыккан. Анын кесепети сага жана сенин элиңе тийип жүрбөгөй эле, биз ошондон да кооптонуп жатабыз. Ошондуктан ага жолуга көрбө, капысынан жолугуп калсаң, сөзүнө кулак төшөбө. Арийне, анын сөзүндө кандайдыр бир өзүнө тарткан сырдуу кудурет бар, нары сыйкырдуу, нары таасирлүү».

Туфайл сөзүн улантты:

«Аллага касам! Алар бир топко чейин токтолбой жаалданышып, биринин сөзүн бири иле калып Алланын элчисин каралап, жамандап жатышып. Айтор, ээлигип сүйлөй беришип, акыры, жүрөгүмө ага болгон жек көрүү сезимди уялатышты. Ал жаман кишинин зыяны өзүмө, элиме жетпесе экен деп чочулай да баштадым. Аягында, эгер ага жолугуп калсам такыр сүйлөшпөйм деп, жүрөгүмдөн чечим чыгардым.

Эртеси таң аткан кезде Каабаны айланып, анын ичиндеги бутсөлөкөт-кудайчаларыбызды улуктап, жакшылык тилеп, ажылык милдетимди аткарууга сыйынуучу жайга келдим. Аңдоосуздан, Мухаммадга жолугуп калбайын деген ойдо кулагыма пахта да тыгып чыктым.

Ыйык жерге таманым түшөр замат Каабанын жанында намаз окуп жаткан Мухаммад (ага Алланын салам-салаваты болсун) көзүмө урунду. Анын сыйынуусу биздикинен башкача, өзгөчө экенин шарт эле баамдадым, анын көрүнүшү мени өзүнө арбап жатты. Акырын жылып отуруп, жанына кантип барып калганымды сезбей да калыптырмын. Алланын каалосу экен, анын ажайыптуу сөздөрү кулагыма чалдыкты.

« – Жер менен жексен болгур, Туфайл! Өзүң акылдуу, жаманды-жакшыдан айырмалай билген адамсың. Сага ким тоскоолдук кылат. Угуп көр, таразала, пайдалуу болсо, кабыл аларсың. А, эгерде болбогон сөздөрдү айтып жүргөн болсо, сени ким мажбурлай алат» дедим, ичимден өзүмдү-өзүм жемелеп».

Туфайл аңгемесин улантты:

«Алланын элчиси намазын бүтүп үйүн көздөй жөнөгөнчө, ордумдан жылбай отура бердим. Ал кеткен кезде гана, артынан акырын кадам шилтеп. Үйүнө киргенде дароо артынан кирдим:

– Эй, Мухаммад, сен тууралуу элдериңден көп сөз уктум. Аллага ант берем! Алардын сөздөрүнө ишенгенимен кулагымаминтип кебез да тыгып чыккам. Бирок Алланын каалосу экен, сенин сөзүңдү уктурду.., сен карманган диниң жөнүндө билгим келди, – дедим. Пайгамбар сөздү машына келтирип, жагымдуу дабышта жаңшап, кыска, ары нуска кеп курганы сезимиме өзгөчө бир толкундун илеби уруп, оюма ой демдентти, мага «аль-Ихлас», «аль-Фалак» жана «ан-Наас»[1] сүрөлөрүн окуп берди. Аллага касам ичем! Ойлонуп көрсөм, мындай сөздөрдү, мындай кара кылды как жарган адилеттүүлүктү эч качан укпаптырмын. Ошондон кийин ага колумду сунуп, Алладан башка сыйынууга татыктуу зат жок, Мухаммад анын кулу жана элчиси деп күбөлүк бердим да, ислам динин кабыл алдым.

Ошентип мусулман болдум.

Андан соң бир топ убакыт Меккеде ислам негиздерин үйрөнүп жүрүп калдым. Курандын кээ бир сүрөлөрүн жаттадым. Үйүмө кайта турган да күн келди.

– Эй, Алланын элчиси! Мен өз элимдин бийимин. Барарым менен буюрса, аларды динге чакырам, ошон үчүн Алладан мага бир белги берүүсүн сенден суранар элем, – деп кайрылдым.

«О, Жаратканым! Туфайлге өзү каалаган белгини ата кыл. Көздөгөн максатына жетсин!», – деп пайгамбар дуба кылды.

Мен киндик каным тамган жерге зуулдап жөнөп кеттим. Колоттон ашып, алыстан айылым көрүнгөн кезде, маңдайма бир жарык нур пайда болду. «О, Алла, бул жүзүмдөгү жарыктык белгини башка жерге орнот. Өз дининен чыккандыктан, кудайчалар Туфейлди ушундай кылып жазалаптыр деген ойго келишпесин» дедим. Жарыктык нур камчымдын учунда пайда болду, эл менин камчысына чырак таңып алган го дешиптир, кийин билсем. Аларды көздөй тоонун боору менен акырын бастырып бараттым.

Биринчилерден болуп карыган атам тосуп чыкты.

– Бүгүндөн баштап мен сенин уулуң эмесмин, сен менин атам эмессиң, – дедим.

– Ай, уулум. Бул эмне дегениң! – деп, аң-таң калды.

---

[1] Курандын 112,113,114-сүрөлөрү.

– Мен ислам динин кабыл алдым. Мухаммад / жолуна түштүм.

– Уулум, сенин диниң – менин диним, – деди атам.

– Андай болсо, атаке, барып жуунуп, тазаланып кел. Сага билгенимди үйрөтөйүн, – дедим.

Атам жуунуп, тазаланып, жетип келди, ага уккан көргөнүмдүн баарын төкпөй-чачпай айтып бердим. Ал узакка ойлонуп олтурган жок, дароо эле динди кабыл алды.

Андан соң жубайым келди:

– Сенин төрт тарабың кыбыла, кайда барсаң өз эркиң. Бүгүндөн тартып сен менин аялым эмессиң, мен сенин күйөөң эмесмин, – дедим, ага шашкалактап. Ал уккан кулагына ишенбей, дендароо боло түштү да:

– Атам-апам сага курман болсун! Бул эмне дегениң?, – деди.

– Экөөбүздү бөлүп турган нерсе ислам дини. Мен бул жаңы динди акыйкат деп билип, аны кабыл алдым.

– Сенин диниң менин да диним, – деди.

– Айтканың чын болсо, тур «Зу-аш-Шара»[1] суусуна барып жуунуп кел!, – деп, буюрдум.

– Зу-аш-Шаранын... Зу-аш-Шаранын каары балдарыбызга тиет деп коркпойсуңбу ыя? – деди сестейе.

– Зу-аш-Шара менен бирге жерге житип кетсең экен!.. Зу-аш-Шара жөнөкөй эле таш, анын залалы да, пайдасы да жок, эч кимге зыян жеткире албайт. Элден далдоорок барып сууга чөмүлүп кел, – дедим.

Ошентип, аялым да динди кабыл алды.

Эртеси үгүт ишин элиме жүргүзө баштадым, бирок көпчүлүгү чечиле алышпай тисерилип, моюн сунууга шашылышпады. Чакырыгыма жооп кайтарып, ынанган эң алдынкы киши – Абу Хурайра болду».

«Экинчи жолу Меккеге барганымда Абу Хурайраны жаныма ээрчитип алдым. Пайгамбарга кезигип амандашкан соң ал мага:

– Кандай жаңылыктар менен келдиң? – деди.

---

[1] Даус элинин сыйынуучу бутсөлөкөтүнүн аты, анын жанынан суу акчу.

– Элдин жүрөгүн каптаган караңгылык тунарыгы чындык, акыйкат нерсеге тоскоолдук кылып жатат. Даус эли Алладан жүзүн буруп, бузукулукка баш ийип, тоң моюндук кылып жатат, – дедим.

Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) ордунан турду да, даарат алды, анан намаз окуду, аягында колун бийик көтөрдү (Бул маалды Абу Хурайра кийинчерээк мындайча эскерет: «Ошол кезде пайгамбардын, ошондой турганын көрүп сестейе түштүм, чочуганыман жүрөгүмө үшүк жүгүрүп, дүкүлдөп соккону кулагыма даана угулуп турду. Даус элим жер менен жексен болуп, жок болот го эми деп чый-пыйым чыкты»).

Туфайл сөзүн улантты:

«– О, менин элим!., – дедим.

– О, Жаратканым! Даус элин акыйкат жолуңа сала көр! Даус элин түз жолуңа түшүрө көр! – деп, пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) дуба кылды да, мага кайрылып:

– Элиңе барып алар менен сылык мамиледе бол, исламга үгүттөй бер, – деди.

Пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) Медина шаарына көчүп барганда мен өз элимди ислам динине үгүттөп жүргөн элем. Арадан бир катар согуштар өттү: «Бадр», «Ухуд», «Казылган аң»...

«Хайбар» согушуна даус элинен, ошол маалда ыйманы күчөп, исламды терең түшүнүп калган сексен түтүн менен пайгамбардын алдына бардым. Ал бизди көрүп аябай кубанды. Ошентип «Хайбар» согушуна катыштык, кармашта жеңишке ээ болдук, түшкөн олжону пайгамбарыбыз башка мусулмандардын катарында бизге да өз үлүшүбүздү бөлүп берди. Ошондо Алланын элчисине:

– Эй, Алланын элчиси! Бизди аскериңдин оң канаты кылып ал, «даңктуулар» деген ураанабыз болсун, – деп кайрылдык...

Алла Таала мусулмандарга Мекке шаарын багындырган кезге чейин пайгамбардан жарым карыш алыстабай жанында жүрдүм. Меккени ээлеген күнү ага:

– Амр ибн Хамам уруусунун Зуль-Кафан аттуу бутсөлөкөтүн өрттөп келейин, о, Алланын элчиси. Мага уруксат бериңиз!, – деп кайрылдым эле, ал мага уруксат берди. Мыкты чабармандарды тандап алып, атты камчылап учуп жөнөдүм.

Жетерибиз менен Зуль-Кафанды өрттөөгө кириштик. Качан анын каары тийип, чагылгандын соккусуна кабылып, эс-акылдан ажырашар экен, – деп, топтолгон эл кобурап жатыптыр.

Мен болсо:

– Эй, Зуль-Кафан мен сенин кулуң эмесмин.

Биз сенден мурун жаралганбыз.

Мен сенин жүрөгүңө от койдум, – деп обон салдым.

Бул жалындуу от Зуль-Кафандын жүрөгүн өрттөө менен бирге, даус элимдин динге каршы келген эски каада-салтын, туура эмес ишенимдерин бүт күйгүзүп, өрттөп кетти. Баары ыйман келтирип, динди кабыл алышты».

Пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлгөнгө чейин Туфайл анын жанында болгон.

Мусулмандардын биринчи өкүмдары болуп «Чынчыл» Абу Бакр дайындалганда, Туфайл уулун ээрчитип, эң алдыңкылардан болуп, ага ант берип, таазим кылган.

«Йамама» согушунда пайгамбардын белгилүү сахабасы Туфайл болуп көрбөгөндөй эрдик көрсөтүп, кызыл кыргындын биринчи катарында өз ажалын табат, шейит болот...

## Абд ал-Кайс өкүлдөрү:

Абд ал-Кайс уруусу Бахрейн тараптагы түздүк аймакты жердешчү. Алардын жери нымдуулугу жана түшүмдүүлүгү менен айырмаланып турган. Булар да Ислам дини менен эрте эле таанышкан. Хижранын бешинчи жылында эле бул элдин өкүлдөрү келип динди кабыл алышкан эле. Алардын арасында Пайгамбарыбыз / :"Сенде эки сапат бар, аларды Алла жана Алланын элчиси жакшы көрөт, алар: жумшактык жана чыдамдуулук" деп айткан Ал-Ашажж бин Абд ал-Кайс да бар эле. Алар курайш эли менен мусулмандардын ортосунда душмандык күчөп турган учурда келгендиктен, пайгамбарыбызга кыйынчылык менен жолугушкан. Алар пайгамбарыбызга / жолугуп: "Биздин ортобузду бутпарастар тосуп тургандыктан, сага арам айларында араң келдик. Бизге аны аткарып бейишке кирүүгө татыктуу боло турган жана элибизге да үйрөтө турган амалдарды айт" – деп айтышат. Пайгамбарыбыз / аларга: "Мен силерди төрт түрдүү ишти аткарууга, төрт түрдүү иштен тыйылууга чакырам", - дейт да: "Аллага ыйман келтирүүгө, б.а. Бир Алладан башка сыйынууга татыктуу эч нерсе жок деп айтууга, намаз окууга зекет берүүгө жана орозо кармоого буйруймун..." – деп аларга диндин негизги милдеттерин үйрөттөт. Алардын арасындагы христиан динин бекем карманган Жаарид бин Амир: "Мен өзүм диндемин эгер ошол динимди таштап сенин диниңе кирсем, мага күбө боло аласыңбы? " – дейт. Пайгамбарыбыз / :"Ооба, Алла сени мурдагыдан да туура, жакшы жолго салганына күбөлүк өтөм", - дейт. Ошентип ал да жалпы уруусу менен мусулман болот. Абд ал-Кайс уруусунун мусулман болуусу мусулмандар үчүн көп пайда алып келген. Алардын себеби менен Ислам дини Бахрейнге

тарады. Ошондуктан Ибн Аббастын "Пайгамбарыбыздын / мечитинен кийин эле Абд ал-Кайстын мечитинде жума окулган" – деп айтканы бар.[1]

---

[1] Хижранын тогузунчу жылы жогорудагыдан башка дагы мындай окуялар жүз берди: 1)Бул жылы Ражаб айында Эфиопиянын падышасы Нажаши Асхама дүйнө салып, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабалары менен бирге ага кайып жаназа окуйт; 2) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жубайларынан Зейнеп энебиз менен Айша энебиздин ортосунад атандашуу бар эле. Зейнеп энебиз пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) ар дайым балдан шербет жасап бергени үчүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын үйүндө көбүрөөккармалып калчу.Буга Айша энебиз кызганып, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) эмне үчүнкармалган себебин билип алат да, өзүнө талапташ болгон Хафса энебизге: "Алланын элчиси кимибизге келсе, эмне үчүн оозуңуз жаман жыттанып жатат деп айталы" деп келиши кылышат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Хафса энебизге келгенде, ал анын оозунан жагымсыз жыт чыгып жатканын айтат. Айша энебиз да аны тастыктайт. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) экинчи бал жебөөгө ант ичет. Бирок Алла Таала аны жекирип: "Оо, пайгамбар, эмнеге сенжубайларыңдын ыраазылыгын каалап, Алла сен үчүн адал кылган нерсени өзүңө арам кылып аласың. Алла – Кечиримдүү, Мээримдүү" деген аят түшүрөт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ант бергенин эч кимге айтпа деп Хафса энебизге аманат кылган эле, бирок Хафса энебиз аны башка аялдарына айтып берет. Бул тууралуу Алла Таала пайгамбарына кабар берет. Ушул окуядан кийин пайгамбарыбыз бир ай бою аялдарына жакындабай, өзүнчө жашап калат. Бир айдан кийин Алла Таала: "Оо, пайгамбар, жубайларыңа айткын: "Эгер силер дүйнө жыргалын жана анын ырахатын каалсаңар, анда, мен силерди ошонон пайдаландырайын да,жакшы жолго салайын. А эгер Алланы, Анын пайгамбарын жана акырет жашоосун кааласаңар, анда, шек-күмөнсүз Алла силердин араңардагы жакшы ишти кылуучуларга чоң сыйлык – бейишти даярдап койгон" деген аятты түшүрөт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул аятты жубайларына окуп бергенде баары бир ооздон Алланы жана пайгамбарды кааларын айтып, акырет жашоосун дүйнө жашоосунан өйдө коёрун билдиришкен; 3) Табук согушуна аттанып жаткан учурда Шам тараптагы бир аймакта кара тумоо каптаганы угулат. Аны уккан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) "Эгерде силер жашап турган жерде бул оoруу пайда болсо, андан качып чыкпагыла. Эгер кайсы бир жерде бул оору жайылганын уксаңар, ал жерге барбагыла" деп эскертет; 4) Табукта түнкү намазын окуган пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) минтип айткан: "мурдагы пайгамбарларга берилбеген беш нерсе мага берилди: а) Мурдагы пайгамбарлар өзү жашап турган коомуна гана жиберилсе, мен жалпы адамзатка жиберилдим; б) Жер бетинин баары мага намаз окууга ылайыктуу таза болду; в) Мага олжолорду пайдалануу адал болду; г) Мага үммөтүмдү шапаат кылып колдоо мүмкүнчүлүгү берилди; д) Мага бир айлык алыста турган душмандын жүрөгүн сестенте турган эрк-күч берилди"; 5) Ушул жылы пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кызы, Азирети Усмандын зайыбы Умму Күлсүм каза болгон; 6) бул жылы мусулмандарга өтө көп зыян тийгизген эки жүздүүлөрдүн ана башы Абдулла бин Умай каза болот. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын жаназасын өзү окуйт. Азирети Умар "Сизге, эки жүздүүлөргө жаназа окууга тыю салынбадыбы?" деп пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кылганына нааразы экендигин билдирет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) : "Мен буларга намаз окусам да, окубасам да пайдасы жок, болгону буга жасаган мамилем аркылуу башка эки жүздүүлөр динге кирип калабы деп үмүттөнөм" дейт. Бул окуядан кийин Алла Таала: "Алардан (эки жүздүүлөрдөн) эч качан анын жаназасын окубагын жана мүрзөсүнө чейин барбагын. Себеби алар Алла жана анын пайгамбарына каапыр болушту жана моюн сунбаган абалында өлүштү" деген аятты түшүрөт; 7) Ушул жылы ажы амалын

## Бану Тамим (Тамим уулдарынын) өкүлдөрү:[1]

Аднан урууларынын бири, теги эң чоң араб урууларынын бири Мур бин Аддын деп эсептешет[2]. Алар Бахрейнде жана Нажддын чыгыш тарабы отурукташкан[3].

Хижраттын тогузунчу жылы пайгамбарыбыз Табук казатынан кайтып келген соң Тамим уулдарынын өкүлдөрү Мадинага келишет. Мындан бир жыл мурда алардын тобу же кээ бир өкүлдөрү келгендиги тууралуу маалыматтар бар. Андыктан Имам Бухарий хадис топтомунда «Бану Тамим өкүлдөр тобу» деп аталган бөлүм киргизип, алар жөнүндө бир топ хадистерди камтыган[4].

Алар тарыхта Алланын элчисинин алдына келген араб уулдарынын өкүлдөрүнүн эң чоң катары белгилүү. Алардын катарында араб урууларынын деңгээлиндеги Акраь бин Хабис, Зубаркан бин Бадр, Хабхаб бин Язид, Атаарид бин Хажиб, Уйайна бин Хисн жана башка ушул сымал мартабалуу жетекчилери да бар болчу[5].

Алардын өкүлдөр тобу келген кезде пайгамбарыбыз аялдарынын биринин ожурасында болчу. Мечитке кирип: «Оо, Мухаммад! Бер чык! (Бизге сылык мамиледе болсоң) мактап-көкөлөтөбүз, (болбосо) каргышыбыз жаман» – деп кыйкырышат[6]. Алардын бул жоругуна пайгамбарыбыз ызааланып, Жараткан да бул жаатта мындай дейт: «Чындыгында, бөлмөлөрдүн артынан сага кыйкыргандардын көбү акыл калчашпайт. Эгер сен алардын алдына чыкканга чейин сабыр кылышса, анда өздөрүнө жакшы болоо эле. Алла – Кечиримдүү, Боорукер!»[7]

Пайгамбарыбыз алардын алдына чыкканда, арасындагы сөзмөр Атаарид бин Хажибге сөз берүүсүн суранышат. Анда ал: «Кут-береке ээси болгон Аллага мактоо болсун! Ал бизди журт башчыларынан кылып, кайрымдуулуктарды жасообуз үчүн мол мал-мүлк берди. Ошондой эле чыгыш элинин кадыр-барктуу

---

аткаруу милдеттендирилди. Аны Алла Таала Аалу Имран сүрөсүнүн 96-97-аяттары аркылуу парз кылды.

[1] Сахих ал-Бухари, Магаази китебинин Тамим уулдарынын өкүлдөр тобу бөлүмү, 4\115

[2] Ибн Хажар, Фатхул баарий, 16\205, Ибну Хазм, Жамхарату ансаабил араб, 207-б

[3] Ибн Хишам, Сира набаваййа, 4\575. Хамданий, Сифату жазиратул араб, 281б.

[4] Сахих ал-Бухари, 4\115-116

[5] Ибн Хишам, Сира набаваййа, 4\560

[6] Ибн Хишам, Сира набаваййа, 4\562

[7] Хужурат сүрөсү: 4-5

адамдары катары жаратты». Ушул абалда Бану Тамимди мактап, сөзүн жыйынтыктайт.[1]

Пайгамбарыбыздын буйругу Сабит бин Кайс бин ал-Шамас ордунан туруп, мындай дейт: "Асмандар менен Жердин жаратуучусу Аллага мактоо болсун! Ар бир иш Анын илими аркылуу жүзөгө ашты..." деп, анан ыймандуулукту, чындыкты жана Аллага ыйман келтирүүгө үндөп, Алла менен пайгамбарыбызды даңктаган сөздөр менен коштоду.[2]

Ал учурда Тамим акыны (Зубаркан бин Бадр) ордунан туруп, пайгамбарыбыздын алдында касыйда (ыр саптарын) айта баштайт. Уруусу Бани Тамимди мактаган сөздөргө басым жасап:

Биз сыйлуубуз, эч бир тирүү жан тең келбеген,

Падышалар, журт башчылар чыккан бизден.[3]

Акын жыйынтыктаган соң пайгамбарыбыз Хассан бин Сабитти акындын ыр саптарына жооп берүүгө чакырат. Анда Хассан нускалуу ыр саптары менен жооп кайтарат.

Хассандын ыр саптары ислам дининин негиздерин өз кучамына алып, аны менен пайгамбарыбыз да алкыштады. Бул сөздөр Зубаркан менен Хассандын ортосунда дагы да ыр саптарын пайда кылды. Акырында Акра бин Хабис: «Атаң үргүлсүн! Бул инсанга (бүтүндөй жакшылыктар) берилиптир. Сөзмөрү биздин өкүлдөн да чечен. Акыны да чебер, үндөрү да биздикине караганда кооз (экен)»[4] – дейт.

Ошентип алар ислам динин кабыл кылып, пайгамбарыбыздан таалим-тарбия алышат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) таалим-тарбия берүүгө сахабаларды дайындаса да, кээ бир маселелерде Алланын элчисине кайрылып турушчу.

Имам Бухарий хадис топтомунда Имран бин Хусайндин мындай дегенин баяндайт: «Бану Тамимден бир топ адам пайгамбарыбызга келишкенде, пайгамбарыбыз: «Сүйүнүчкө бет алгыла (келгиле), оо бану Тамим» – дейт. Алар: «Оо, Алланын элчиси! Сүйүнчүлөгөнүңдү бергин (эми)» –деп сураганда, пайгамбарыбыз бир аз да болсо бул сөзгө сестене түшөт. Ошол учурда

---

[1] Ибн Хишам, Сира набаваййа, 4\562

[2] Ибн Хишам, Сира набаваййа, 4\562

[3] Ибн Хишам, Сира набаваййа, 4\562.

(البيع- жекелик түрү البيعة: падыша-амир деген мааниде, ал-Муъжам ал-васийт, 79-бет

[4] Ибн Хишам, Сира набаваййа, 4\567

Йеменден да бир тодо адамдар келет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): «Бану Тамим кабыл албаса, анда силер сүйүнүчтү кабыл алгыла» – дейт. Анда алар: «Оо, Алланын элчиси! Кабыл кылдык» – деп жооп берет.[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) уруксат берип, Тамим уулдарынын өкүлдөрү журтуна кайтаарда, аларга жетекчи дайындоодо Абу Бакр (р.а.) менен Умар (р.а.) экөөсү эки ача пикирде болот. Имам Бухарий хадис топтомунда камтылган хадисте, Абдуллабин Зубайр мындай дейт: «Бану Тамимден өкүлдөр пайгамбарыбыздын алдына келгенде, Абу Бакр (р.а.): «Аларга Киькаь бин Муьаббад бин Зурараны жетекчи катары дайындаңыз» – дегенде, Умар: «Жок, Акраь бин Хабисти жетекчиликке дайындаңыз» – деп айтат. Анда Абу Бакр (р.а.): «Менин оюма каршы чыгууну каалладың» дейт. Умар (р.а.): «Андай максатым жок» – деп жооп берет. Ошентип, талаш-тартыштан катуу кыйкырышат. Ошондон улам төмөндө баяндалган Алланын аяты түшөт: «1. Эй, ыймандуулар! Алладан жана Анын элчисинен алдыга умтулуп[2] кетпегиле! Алладан корккула! Чындыгында Алла – Угуучу, Билүүчү. 2. Эй, ыймандуулар! Үнүңөрдү пайгамбардын[3] үнүнөн бийик көтөрбөгүлө! Өз ара бири-бириңерге кыйкыргандай, пайгамбарга кыйкырып сүйлөбөгүлө! (Анткени) амалыңар жокко чыкканын силер сезбей каласыңар»[4].[5]

**Бану Амир (Амир уулдарынын) өкүлдөрү:**

Бану Амир бин Саьсаьа Кайс Ийландан, ал эми ал Мудардан тараган.[6] Нажддын чегинде, Мадинага жакынкы аймакта отурукташкан.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кээ бир сахабаларынын үгүт иштерине жиберип, алар тарыхта белгилүү болгон Биьру Маьууна окуясында өлтүрүлгөн.[7] Бану Амир өкүлдөр тобу келишет. Алардын арасында таш боор Амир бин Туфайл да бар болчу. Ал Биьру маьууна окуясында пайгамбарыбыздын сахабаларына каршы күрөшкөн эле.

---

[1] Сахих ал-Бухари, Бану Тамим өкүлдөр тобу бөлүмү, 4365-хадис

[2] чектен чыгып, аша чаап кетпегиле

[3] Мухаммад (а.с.)

[4] Хужурат сүрөсү: 1-2

[5] Сахих ал-Бухари, Тафсир китеби «Хужурат сүрөсү», Көтөрбөгүлө бөлүмү 6\46

Тафсир Ибну Касир, 2\1743

[6] Ибн Хазм, Жамхарату Ансаабул араб, 2\271

[7] Китептеги Биъру Маъууна окуясын караңыз.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ислам динин кабыл алууга чакырганда,

Амир бин Туфайл:

– «Ислам динин кабыл алсам, мага кандай мамиле жасайсың?».

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун):

– «Жалпы мусулмандарга жасагандай мамиле жасайм. Алардан эмне талап кылынса, сенден да ошону талап кылам».
– «Мага бир тапшырма бериңиз».
– «Сага да, журтуңа да дайындай турган жумуш деле жок. Бар болгону атчан аскерлерге көмөктөшө жүр».
– «Азыр деле Нажд аймагында аларга көмөк берүүдөмүн. Анын ордуна мага (түйшүктүү делген) өрөөн-талаа жумушун, ал эми өзүңүзгө кыштак милдетин алыңыз».
– Жок
– Жок дейсизби?

Андан ары пайгамбарыбызды коркутуп, сөзүн улай: «Бирок, силерге аттарын да, адамдарын да кошо берем» – дегенде, пайгамбарыбыз: «Алла андай кылууңа жол бербейт. (Оо, Алла! Амир бин Туфайлга (каршы турууда) мага жардам бер!» – дейт. Ошентип, тамагы дартка кабылып, ооруусуна чыдабай сыздап, акыры дарттан улам үйүндө каза болуудан коркуп, улоосун минип үйүнөн чыгып кетет. Акыры ошол абалда жүрүп отуруп, каза болот.[1]

Аны менен кошо келгендердин катарында Арбад бин Кайс да бар болчу. Экөөсү пайгамбарыбызды өлтүрүү максатта келген болчу. Максаты ишке ашпай журтуна кайтып кетет. Аллага болгон мамилеси да начар болгондуктан: «Бизди Мухаммад бир нерсеге табынууга чакырды. Эгер ошол нерсе алдымда болсо, ага найза сайып алмакмын» – дейт. Ошондон бир же эки күн өтпөй чагылганга кабылып, өрттөнүп каза болот. Бул окуя жөнүндө Жараткандын төмөнкүдөй сөзү күшкөн:

«Күндүн күркүрөшү Аны мактап, аруулайт. Андан коркуп, периштелер да (аруулашат). Ал чагылганды жиберип, каалаганына тийгизет. Алар Алла жөнүндө талашышат. Ал азаптоодо күчтүү»[2].

**Бану Ханифа (Ханифа уулдарынын) өкүлдөрү:[3]**

Бану Ханифа Бакр бин Ваил уруусуна таандык.[1]

---

[1] Ибн Хишам, Сира набаваййа, 4\569. Тафсир ибни Касир 1\1008

[2] Раад сүрөсү: 13

[3] Сахих ал-Бухари, Китабул магаазий, Бану Ханифа өкүлдөрү бөлүмү жана Сумама бин Усал баяны, 5\117

Бул уруу Йамама жергесинде, уруунун аты менен аталган – тарыхта белгилүү – өрөөндө отурукташкан. Өрөөн будай, курма өндүрүшү менен таанымал болчу. Анда өндүрүлгөн азык-түлүктөр Меккеге чейин жеткирилип турган.[2] Меккелик курайш уруусу менен алыш-бериш мамилеси да бар болчу. Мекке ачылышынан бир аз мөөнөт мурда алардын жетекчилеринин бири Сумама бин Усал туткунга түшкөн эле. Имам Бухарий хадис топтомунда Абу Хурайра мындай дейт: «Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Нажд тарапка аскер жолдоп, алар Бану Ханифа уруусунун Сумама бин Усал аттуу бир адамын туткунга түшүрүп келип, мечиттин бир устумуна байлашат. Пайгамбарыбыз ожурасынан чыккан кезде аны көрүп: «Оо, Сумама, эмне ойуң бар? – деп сураганда: «Оюм түз, бирок өлтүрө турган болсоң, каны кымбан адамдын канын төккөн болосуң. Ал эми сыйласаң, ыраазычылыгын көрөсүң. Мал-мүлк кааласаң, каалаганча сура» – дейт. Мындай жоопту уккан соң, пайгамбарыбыз аны бир күн тек койот. Эртеси жолугуп: «Эмиэмне ойдосуң?» – дейт. Сумама дагы эле мындай деп жооп берет: «Сага айтоорумду айттым. Сыйласаң, ыраазычылыгын көрөсүң». Дагы бир күн калтырып, үчүнчү күнү оюн сураганда: «Оо, Мухаммад! Мен сага өз оюмду айттым» – деп жооп берет. Ошондо, пайгамбарыбыз: «Сумаманы бош коюп, жолун ачкыла» – деп буйрук берет. Анда Сумама мечитке жакынкы аралыктагы курма дарагынын алдына барып, жуунуп-тазаланып келет да, мечитке кирип: «Бир Алладан башка кудай жок, Мухаммад Алланын элчиси» – деп, ыйман келимесин келтирет. Андан ары сөзүн улай: «Оо, Мухаммад! Ушул күнгө чейин мен үчүн Жер бетинде эң жагымсыз адам болуп эсептелсең, мындан ары эң сүйүктүү адамга айландың. Ошондой эле диниңди да жек көрүп келген болсо, бүгүнкү күндөн тарта эң сүйүктүү динге айланды. Шаарыңды деле жактырчу эмесмин, мындан ары мен үчүн эң сүйүктүү шаарга айланды. Оо, Мухаммад! (Мекеге) зыярат кылуу максатта баратканымда, аскериң колго түшүрүштү эле. Эми эмне кыл дейсиз» – дейт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны куттуктап, кубанычка бөлөнөт да, зыяратын өтөөгө буйурат. Сумама Меккеге барып, пайгамбарыбыздын таалим-тарбиясынан улам, шарият негизинде зыяратын өтөй баштаганба, бир киши: «(Ата-бабалардан бери тутунган) динден чандыңбы» – деп сураганда: «Жок, балким ислам динин кабыл алып, Мухаммаддын жолун жолдодум. Мындан ары пайгамбарыбыз уруксат бермейин Йамама жергесинен бир да дан, азык-түлүк келбейт» – дейт.[3]

Имам Бухарий «Бану Тамим өкүлдөр тобу» бөлүмүндө Сумама бин Усалга, анын ислам динин кабыл алгандан кийинки кадамдарына,

---

[1] Ибн Хазм, Жамхарату Ансаабул араб, 309б

[2] Абдулла бин Мухаммад бин Хамистин «Мужамул йамаама» китебинин экинчи басылышы, Рияд ш. 1400х.ж.

[3] Имам Бухари, Бану Ханифа өкүлдөр тобу бөлүмү, 4\117, 118

пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) чынчылдыгын, ырайымын жана сылык мамилесин байкагандыгы жөнүндө зор маани берген. Өзгөчө, анын: «Оо, Мухаммад! Ушул күнгө чейин мен үчүн Жер бетинде эң жагымсыз адам болуп эсептелсең, мындан ары эң сүйүктүү адамга айландың» деген сөзүн эскере кеткен.[1]

Сумама ислам динин кабыл алган соң, Меккеге умра (зыярат) өтөө үчүн барганда, анын мусулманчылыгын билген Меккеликтер кордоп, акыры Йамама тараптан келүүчү азык-түлүккө таасири тийбесин деген максатта, (өлтүрбө) бошотуп жиберет. Чындап эле, Йамамага жетээри менен Меккеге тамак-аш жеткирүүнү токтотуп салат. Меккеликтер (жасаган жоругунун кесепетинен улам) зыянга дуушар болот да, айласы кетип кат жазып, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) тууган-урук алакасын бекем болгондугун айтып, суранышат. (Ааламга ырайым катары жиберилген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун), өткөн күндөрүнө кек сактабастан) Сумамага кат жолдоп, меккеликтерге тамак-аш соода-сатыгына жол берүүсүн айтат.[2]

Тарыхтагы бул окуя Меккеге эканомикалык тосмонун бири катары белгилүү. Жана да Бану Ханифа уруусунун атуулу Сумаманын ислам динин кабыл алуусу, Йамамага жана Бану Ханифа жергесине үгүт-насааттын жетишине чоң салым кошту. Андыктан элдер айтылган насааттардан, анын алынган булактарынан (Куран менен хадис) таасирленген.

Мусулман жыл санагы боюнча 9-жылы пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келген өкүлчүлүктөрдүн катарында Бану Ханифадан да бир уруу келген. Анын курамында кадыр-барктуу адамдары[3], алар менен кошо Мусайлама ал-Каззаб[4] да бар эле. Ал кезде ал «пайгамбармын» деп даттана элек, балким пайгамбарыбыздын айткандарын четке кага баштаган кези болчу.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды Рамла бинту Харисанын коргонуна жайгаштырат. Анткени ал Алланын элчиснин коноктору үчүн ыңгайлаштырылган болчу. Колуна курманын бир бутакчасын кармап, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кээ бир сахабалардын коштоосунда алардын алдына келет. Сахабалардын катарында Сабит бин Кайс бин Шимас да бар эле. Ошондо пайгамбарыбыз Мусайламанын

---

[1] Имам Бухари, 4\117. Ибну Хишам, Сира набавиййа, 4\639

[2] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\639

[3] Имам Бухари, Китабул магаазий, Бану Ханифа өкүлдөрү бөлүмү жана Сумама бин Усал баяны, 5\118

[4] Араб тилиндеги «каззаб» сөзү «калпычы»деген мааниде. Ал эми жалпылай айта кетсек, пайгамбарыбыз каза болуп, эл дүрбөлөңгө кабылганда Мусайлама «Мен пайгамбармын» – деп элди азгыра баштаган.

алдына келип, сүйлөшкөндүгү айтылат. Имам Бухарийде камтылган башка бир хадис жеткиликтүү чыгар. Анда Ибну Аббас мындай дейт: «Мусайлама ал-Каззаб пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) доорунда келип: «Эгер Мухаммад ушул ишти мага берсе, улантып кетмекмин» – дейт. Бир топ адамдар менен келгенде, пайгамбарыбыз анын алдына келет. Пайгамбарыбыз менен кошо Сабит бин Кайс бин Шимас да бар болчу. Колуна курманын бир бутакчасын ала келген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мусайламага карай: «Менден (пайгамбарлыкты эмес, балким) ушул бутакчаны сусаң да, аны бермек эмесмин. Анткени, ушул бутакчанын да акысын өтөй албайсың. Эгер Алланын динин чансаң, Алла сени жазалайт. Мына бул Сабит, суроолоруң болсо, менин ордума жообун берет» – дейт да басып кетет».[1]

Имам Бухари хадис топтомунда камтылган хадисте Абу Хурайра мындай деген: «Пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун): «Түшүмдө мага Жер жүзүндөгү бүтүндөй кен-байлыгы берилип, алаканыма алтындан жасалган эки билерик коюлганда чоң болду. Жараткан аян берип, үйлөсөм экөөсү да жок болду. Бул түшүмдү төмөнкүчө жоорудум. Алар мени менен замандаш болгон эки калпычы. Бирөөсү (Йемендеги) Санадан, экинчиси Йамамадан» – дейт.[2]

Өз жергесине кайткан соң, Мусайлама «пайгамбармын» деп баштаганда, Бану Ханифа көк беттенип, аны ээрчий баштайт. Алар уруучулдукка алданып: «Оо, Мусайлама! Сенин пайгамбар эмес экениң белгилүү. Бирок өзгөнүн чынчылына караганда, өзүбүздүн калпычы биз үчүн жакшыраак» – дешет.

Мусайлама пайгамбарыбызга төмөнкүдөй мааниде кат жолодогон. «Алланын элчиси Мусайламадан, Мухаммад пайгамбарга. Сага салам жолдоймун. Андыктан (пайгамбарчылыкты) сени менен бөлүштүм. Жер бетинин жарымы бизге, экинчи бөлүгү курайш уруусуна таандык. Бирок, курайш болсо чектен чыгууда».[3]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага жооп иретинде : «Ырайымдуу, Мээримдүү Алланын Ысмы менен (баштаймын). Алланын элчиси Мухаммаддан калпычы Мусайламага. Алланын жолун тутунгандарга тынчтык болсун! Чындыгында Жер бети жалгыз Аллага гана таандык. Аны пенделеринин арасынан каалаганына ыйгарат. А, соңку

---

[1] Имам Бухари, Китабул магаазий, Бану Ханифа өкүлдөрү бөлүмү жана Сумама бин Усал баяны, 5\118

[2] Имам Бухари, Китабул магаазий, Бану Ханифа өкүлдөрү бөлүмү жана Сумама бин Усал баяны, 5\118

[3] Табари тарыхы, 3\248б

жыйынтык такыбадар инсандарга гана болот». Мусайламанын кат жолдогон окуясы мусулманчылык жыл санак боюнча 10-жылга дал келет.[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болгон учурда, Мусайлама менен анын жактоочулары күчтөнүп, Мадинада отурукташкан мусулмандарды кысымга ала баштайт. Абу Бакр Сыддык (р.а.) халифа катары тандалган соң, эң алгачкы алектенген иштеринин бири ислам динин чангандарды түп тамыры менен жок кылуу болгон. Мусайламага каршы күрөшүү үчүн үч аскер жолдогон. Себеби, кээ бир уруулар Мусайламанын катарына кошулуп, күчтөнө баштаган. Бану Тамим да бир аз мөнөткө – мусулмандар тарыхта белгилүү болгон Йамама салгылашуусунда Мусайлама менен жактоочуларын кырып, жок кылганча – колдоо көрсөткөн. Бул салгылашууда көп сандаган пайгамбарыбыздын сахабалары шейит болот. Курман болгондордун саны 300дөн ашып, бул сандын көбүн ансарлар түзгөн. Алардын арасында Умардын (р.а.) иниси Зайд бин Хаттаб, Абу Дужана жана башка белгилүү инсандар да бар болчу.[2]

**Йемен өкүлдөрү:**

Йемен кенен аймакты өз кучамына алат. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) доорунда бытыранды уруулар болгондугу айтылат. Ошол аймакта жашаган уруулардын пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жана ислам дини менен мамилеси эчак – пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага көчүүсүнөн мурда – башталган. Бир эле уруудан, же бир шаардан бир канча өкүлдөр тобукелишкен. Алардын арасынан Алланын элчисине (ага Алланын салам-салаваты болсун) болгон тектик жакындыгы да бир канча окуяларга себеп болгон.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Муаз бин Жабал сыяктуу кээ бир жетекчилерди Йеменге жөнөткөндүгү да, Алланын элчисинин өмүрүнүн аягында бир топ уруулардын өкүлдөрүнүн келүүсүнө себеп болгон.[3] Мына ошол уруулардын эң негизгилеринин бири:

**Ашьарий өкүлдөрү:**

Бул уруу Ашьар бин Зайд бин Кахлан бин Сабадан тараган жана Йеменде отурукташкан.[4] Алардын өкүлдөрү келишкенде, катарында Абу Муса

---

[1] Табари тарыхы, 3\248б

[2] Футух исламиййа абрал усуур, Абдул-Азиз ал-Умарий, 103б. Табари тарыхы, 3\252-бет

[3] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\592. Махдий Ризк, Сира набавиййа фии дауил масаадирил аслиййа 676-бет

[4] Ибн Хазм, Жамхарату Ансаабул араб, 397-етб

Ашьарий да бар эле. Пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун): «Көңүлү жумшак, дили назик Йемендиктер келди. Йемен ыйманы, Йемен акылмандуулугу жана Йемен даанышмандуулугу (кандай керемет)» – дейт.[1]

Башка бир хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мындай деген: «Йемен эли булуттар сымал келди. Алар Жер бетиндегилердин жакшылары»[2].

Йемен өкүлдөрү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сөздөрүн да, тапшырмаларын да эч бир экиленбестен чын ыкластан жана ишеничтүү кабыл алышты. Алар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) алдына Бану Тамим менен бир мезгилде келген. Имран бин Хусайндин мындай дейт: «Бану Тамимден бир топ адам пайгамбарыбызга келишкенде, пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун): «Сүйүнүчкө бет алгыла (келгиле), оо бану Тамим» – дейт. Алар: «Оо, Алланын элчиси! Сүйүнчүлөгөнүңдү бергин (эми)» –деп сураганда, пайгамбарыбыз бир аз да болсо бул сөзгө сестене түшөт. Ошол учурда Йеменден да бир тодо адамдар келет. Пайгамбарыбыз(ага Алланын салам-салаваты болсун): «Бану Тамим кабыл албаса, анда силер сүйүнүчтү кабыл алгыла» – дейт. Анда алар: «Оо, Алланын элчиси! Кабыл алдык» – деп жооп беришет.[3]

Тарых булактарында алардын пайгамбарыбыздан таалим-тарбия алып, кээ бир маселелерди талкуулап тургандыгы айтылат. Алгачкы жаралуу жөнүндө да сурашканда, пайгамбарыбыз: «Эч бир нерсе болбогондо деле Алла таала бар болгон. Анын Аршы суу үстүндө. Жана да ар бир ишти Өз китебине жазып, Асмандар менен Жерди жараткан» – деп жооп берет.[4]

Кээ бир маалымат булактарына таянсак, алардын өкүлдөрү пайгамбарыбызга келээрден мурда эле, ислам динин алгачкылардан болуп кабыл алгандыгы, Хабашистанга(Эфиопия) жер которгондору, Хайбар салгылашуусуна катышкандыгы тууралуу кабарлар бар.[5]

**Мурадын өкүлү (Фарва бин Мусайк):**

---

[1] Имам Муслим. Ибнул Кайумдун Заадул маьаад китеби 667-бет. Имам Бухари, Китабул магаази, Ашьарийлердин жана йемендиктердин келүүсү бөлүмү, 5(ага Алланын салам-салаваты болсун)122

[2] Ибн Кайум, Заадул маьаад, 667-бет

[3] Имам Бухари, Китабул магаазий, Ашьарийлер жана йемендиктердин келүүсү бөлүмү, 5\122

[4] Имам Бухари, Китабу бидъил халк, وهو الذي يبدأ الخلق аятынын алкагындагы бөлүм, 4\73

[5] Китептеги Хайбардын алынуусу жөнүндө маалыматты караңыз.

Мурад Саба хумайриядан тараган Кахлан уруусунун Музахжих тобу.[1] Йемен жергесинде Хамдан уруусуна кошуна отурукташкан.[2] Ошол аймак жетекчилерине баш ийип турган. Фарва бин Мусайк Мурадий хижраттын 9-жылы Мадина Мунавварага келип, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) мусулман абалда жолугат. Хамдан уруусу менен чыр-чатакташып жүргөндүктөн улам, уруусунун көйгөйү жөнүндө пайгамбарыбызга кабар берген чакта, пайгамбарыбыз: «Бул да болсо урууңа жалаң гана жакшылык алып келет» – дейт.[3]

Кийинчерээк Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны бир топ йемен урууларын үгүттөө иштеринде пайдаланган.

**Хамдан өкүлү:**

Хамдан Кахлан бин Сабадан тараган йемен уруусу.[4] Йеменде Ашьарий уруусуна кошуна отурукташкан.[5] Алардын бир бөлүгү исламдагы алгачкы антташуу окуясынан мурда Меккеге келип, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолугуп, кээ бир маалыматтарды угушкан. Калган бөлүгү болсо, пайгамбарыбыз жер которуусуна чейин араб уруулары менен жолуккан кезде келип, мусулмандарынын катарына кошулуп[6], ислам дини жөнүндө кенен маалыматка да ээ болгон.

Хижраттын 9-жылы бул уруу өкүлдөр тобу, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Табук казатынан кайтып келген мезгилде, Мадина Мунавварага келишет.[7] Алардын катарында бир топ өзгөчө кийинип, өзгөчө улоо минген жетекчилери да бар эле (кийим-кечеги, баш кийимдери жана улоосунун ээрлери).[8]

Мадинага кирээрде алардын шаңдуу ыр саптары калайык-калкын көңүлүн өзүнө тартты. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты

---

[1] Ибн Хазм, Жахрату ансаабил араб, 406-407б.б.

[2] Ибну Хишам, Сира набавиййа, 4\581

[3] Ибну Хишам, Сира набавиййа, 4\583

[4] Ибн Хазм, Жахрату ансаабил араб, 392-бет.

[5] Хамдани, Сифату жазиратул араб, 101-105б.б.

[6] Китептеги пайгамбарыбыздын араб уруулары менен жолугушуусу жөнүндө маалыматты караңыз.

[7] Ибн Саьд, Табакат Кубра, 1\341. Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4т(ага Алланын салам-салаваты болсун)588

[8] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\597-598.

болсун) пайгамбарчылыгына ынанган абалда келип, жетекчиси Малик бин Намт: «Оо, Алланын элчиси! Хамдан уруусунун туш тарабынан эң ардактуулары исламга бекем байланган абалда сиздин алдыңызга келип олтурат. Алла жолунда аларды жемелей көрбөңүз. Хариф, Ям шакир топтору жана кара түстүүлөр менен жетекчилер сиздин үгүт-насаатыңызга жооп берип, бут-сөлөкөттөрдү артта калтырды» – дейт.[1] Ошентип, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга өз аймагын коргоого милдеттенме берет».[2]

**Канда өкүлдөрү:**

Канда тарыхта белгилүү йемен уруусу жана Кахлан бин Саба уруусуна тектеш уруулардын бири.[3] Түпкү мекени – Йемен. Ошондой эле араб өлкөлөрүнүн туш-тарап аймактарына да тараган. Жана да Шам өлкөлөрүнө чейин тараган бейлик-жетекчиликке ээ болгон. Алар Мадинага келээрден мурда эле – йемен жергесинде – исламды кабыл алышкан. Кээ бир маалыматтарда алардын 80 кишиден турган өкүлдөрү пайгамбарыбызга келишкен. Алардын катарында Аьшьас бин Кайс Кандий да бар болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мечитте отурган кезде, мойнуларына жибектен жасалган кездеме орогон абалда кирип келишет. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун): «Саламдашпайсыңарбы?!» – дегенде, «Албетте (саламдашабыз)» – депжооп берет. Анан да, пайгамбарыбыз сөзүн улай: «Эмне үчүн мойнуңарга жибек кездеме ороп алдыңар, чечип салгыла» – дейт.[4]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болгон соң, Аьшьас бин Кайс ыймандан чана жаздап, акыры тообо кылып, ислам динине бекем байланат. Кийинчерээк Абу Бакрдын (р.а.) кызы Умму Фарвага үйлөнөт. Ошондой эле Абу Бакр (р.а.) менен Умардын (р.а.) доорунда ислам ачылыштарында көптөгөн сыноолорду баштан өткөрөт.[5]

**Азд жана (журш) уруусунун өкүлдөрү:**

---

[1] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\598

[2] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\598

[3] Самьани, Ансаб, 10(ага Алланын салам-салаваты болсун)475. Ибн Хазм, Жамхарату ансаабил араб, 425-бет

[4] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\575

[5] Ибн Хажар, Исааба, 1\51. Ибну Сьад, Табакаат, 2\22. Захаби, Сирату аьлаамул нубала, 2\37

Азд уруусунун түпкүрү Кахлан бин Саба уруусуна барып такалат.[1] Йемендин Журш аймагында отурукташкан.[2]

Хижраттын 9-жылы Сард бин Абдулла Аздий Мадинага пайгамбарыбыздын алдына өз журту менен келет.[3] Ал да, аны менен кошо келгендер да ислам динин кабыл алышат. Аны да, аны менен кошо исламды кабыл алгандарды да өз аймагындагы мушриктерге каршы күрөшүүгө дайындайт. (Пайгамбарыбыздын тапшырмасы менен Сард бин Абдулла жолго аттанып, Журш аймагына кирип келет. Ал кездери бул аймактар эч кимге көз каранды эмес жана анда йемен урууларынын бири жашачу. Аларды мусулмандар бир айга жакын курчоого алып, жыйынтык чыкпаган соң артка чегинет. Шүкүр деп аталган тоого жеткенде, журш эли аларды жеңилип, кайтып кетти го деп ойлошот да, мусулмандардын изинен түшөт. Артынан жетип, ортодо чоң салгылашуу болуп өтөт.

Ушул окуядан бир аз мурда журш уруусу эки адамын Алланын элчисине Мадинага, ал-абалды байкаштырып келүүгө жөнөтөт. Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) дигер намазынан соң кечке жуук жолугуп, пайгамбарыбыз: «Шүкүр кайсы жерде?» – деп сураганда, журш элинен келген экөөсү, ордунан туруп: «Биздин аймакта күшүр деп аталган тоо бар, аны журш эли да ушундайча аташат» – дегенде, пайгамбарыбыз: «Ал күшүр эмес, балким шүкүр» – дейт. Анда: «Анын абалы жөнүндө эмне дейсиз» – деп сураганда, пайгамбарыбыз: «Алланын кудурети ошол тарапка ооп турат» – деп жооп берет. Ошондо алар Абу Бакр (р.а.) же Усмандын (р.а.) алдына келип отурганда: «Оо, шордуулар! Пайгамбарыбыз силердин элиңерге боору ачып жатпайбы?! Барып, ошол балекеттен журтуңарды сактоосун Жаратқандан тилеп, дуба кылуусун Алланын элчисинен суранбайсыңарбы?!» – дейт. Барып, суранышканда, пайгамбарыбыз: «Оо, Алла! Аларды ушул балекеттен сакта!» – деп дуба кылат. Ошентип, эл-журтуна кайтып барышканда, пайгамбарыбыз эскерткен күнү, айтылган убакытта Сард бин Абдулла кол салган болчу.[4]

Мына ушул окуя журш элине таасирин тийгизип, атайын өкүлдөр тобун даярдап, Мадинага – пайгамбарыбызга – келип, ислам динин кабыл алышкандыгын жарыялайт. Анан да пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды өз элин өзгөлөрдөн коргоого тапшырма берет.[5]

---

[1] Самьаани, Ансааб, 1\198.

[2] Йаакуутул хумави, муьжамул булдан, 2\11

[3] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\587

[4] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4(ага Алланын салам-салаваты болсун)587-588

[5] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\588.

**Харис бин Каьб өкүлдөрү:**

Бану Харис бин Каьб – Кахлан бин Саба уруусунан тараган бир канча топтор.[1] Нажран аймагында отурукташкан.[2]

Бул уруу араб урууларынын арасынан курчтугу жана күчтүүлүгү менен таанымал. Ошондон улам Нажран жана ага коңшулаш аймактарды көзөмөлдөп турган. Пайгамбарыбыз аларга Халид бин Валид баш болгон мусулман аскерлерин жолдоп, согушуудан мурда, үч күн ыйманга чакыруусун буйурат. Жана да кимде-ким исламды кабыл алса, ага каршы салгылашпоону айтат. Ошентип, Халид алар жашаган аймакка жетип келип, туш тарапка адамдарын жолдоп, исламга чакыра баштайт. Алар: «Оо, адамдар! Исламды кабыл алгыла, сак-саламатта болосуңар» – деп эскертишет. Жыйынтыгында элдер исламды кабыл алып, Халид жетектеген сахабалар эл арасында таалим-тарбия иштерин жүргүп, Алланын китебин, пайгамбардын хадистерин жана шарият жол-жоболорун үйрөтөт.

Халид бин Валид да, анын кол алдындагылар да кан төгүүсүз максатка жеткендигине кубанып, пайгамбарыбызга кат жолдойт. Катта төмөнкү маанилер камтылган болчу: «Согушпастан, балким ислам динин кабыл алышты. Мен аларга Алланын буйруктарын орундатып, тыйган иштеринен кайтаруудамын. Ошону менен бирге ислам негиздерин үйрөтүп жатамын...Сизге Алланын ырайымы, тынчтыгы жана берекеси болсун!». Пайгамбарыбыз ага жооп иретинде кат жазып, алардын арасынан өкүлдөрү менен келүүсүн буйурат. Ошентип, Халид алардын кээ бир жетекчилери менен кошо Мадинага келип, пайгамбарыбызга жолугат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды көрүп: «Бул индустарга окшогон адамдар ким?» – деп сурайт. Анда: «Оо, Алланын элчиси! Булар Харис бин Каьб (уруусунун) адамдары» – деп жооп берилет. (Алар пайгамбарыбызга жолуккан кезде саламдашып: «Сенин Алланын элчиси экендигиңе жана Алладан башка кудай жок экендигине күбөлүк беребиз» – дешет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): «Мен да Алладан башка кудай жок жана мен Алланын элчиси экендигиме күбөлүк берем» – деп, сөзүн улай: «Ачууланганда, алдыга карай умтулчу силерби?» – дейт. Эч кимиси унчыкпайт. Экинчи, үчүнчү жолу сураганда да эч ким ордунан козголбойт. Ал эми төртүнчү жолу сураганда, Йазид бин Абдулмадан: «Ооба, Алланын элчиси, ачууланганда алдыга

---

Махдий Ризкулла, Сира набавиййа фии давил масаадирил аслиййа, 655-бет

[1] Ибн Хазм, Жамхарату ансаабил араб, 416-бет

[2] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\593,

Мухаммад бин Ивад Утейби, Нажран фии асрин нубуввати вал хилаафар раашида, Имам Университети

умтулчуларбыз» – деп, төрт жолу кайталайт. Ошондо пайгамбарыбыз: «Халид силердин согушуунун ордуна исламды кабыл кылгандыгыңар жөнүндө кат жолдобогондо, алдыгы башыңар бутуңардын алдында калмак» – дейт. Йазид бин Абдулмадан: «(Үзүр), сизди да, Халидди да мактабаптырбыз» – дегенде, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): «А, силерди ким даңктады?» – деп сурайт. Алар: «Сиз аркылуу бизге туура жол берген, Алла даңктады» – дешет. Алланын элчиси: «Туура айтасыңар. Айтмакчы силерге каршы салгылашкандарды кантип жеңчүсүңөр?» – деп сураганда: «Биз эч кимди жеңчү деле эмеспиз. Бирок, чачыранды болбостон, чогуу күн кечиребиз. Ошондой эле эч кимге биринчилерден болуп кордук жасабайбыз» – деп жооп берет. Ошентип пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): «Туура айтасыңар» – деп, аларга Кайс бин Хусайнды жетекчи катары шайлайт).[1]

Алар өз мекенине кайткан соң, Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга Аьмр бин Хазмды мугалим, тарбиячы катары жиберет. Алардан чогулуучу кайыр-садакаларга да жоопкерчиликти дайындап, өз ишеним катын да берет.[2]

**Христиан араптардын өкүлдөрү: [3]**

Христиан дини араб өлкөлөрүндө кээ урууларда тараган. Алар илимдүү китеп ээлери (Ахлу китаб) болушкан. Аларга да пайгамбарыбыздын үгүт-насааты жетип, кээ бир уруулардын өкүлдөрү пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолугуп, ыйман келтиришкен. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бүт ааламды өз кучамына алган жана Жер бетинин жалпы калкына ырайым элчиси жиберилген. Башка уруулардын өкүлдөрүнө салыштырмалуу, християн урууларынын өкүлдөрү мурдагы пайгамбарлар жөнүндө маалыматка ээ болгондугу жана акыркы, пайгамбарлар мөөрү болгон элчини күтүп жаткандыгы менен өзгөчөлөнгөн.

**Дар уруусунун өкүлдөрү:**

Бул уруу Даарга таандык жана алар Палестина менен Шам аймактарында отурукташкан.[4]

---

[1] Ибн Хишам, Сира набавиййа, 4\595

[2] Ибн Хишам, 2\1014-1015б.б. Махдий Ризкулла, 66-бет.

Мухаммад бин Ивад Утейбий, Нажран фии асрин нубуввати вал хилаафар раашида, 75-бет

[3] Док. Фарук Хамада; Ал-алаакаатул ислаамиййа ал-насраниййа фил ахдин набавий; Дамаск 1т, 1426-х.

[4] Фаарук Хамада; Маржаь саабик, 157-б

Бул християн уруусуна ислам үгүтү жетип, алардан он адам Мадинага келип, пайгамбарыбыз Табук казатынан кайтып келген соң жолугуп, ислам динин кабыл алышат. Алардын катарында Тамиим Дарий менен бир тууганы Наьим да бар болчу. Пайгамбарыбыз Шам аймагында ислам динин кабыл ала элек аймакка Тамиимдин жоопкерлигине тапшырат. Алланын элчиси бул аймактын жакынкы аралыкта ачылышына ишенчү. Тамиим да ага ишенип, ынанчу эле. Ошол себептен да пайгамбарыбыз ага тапшырган. Абу Бакрдын (р.а.) доорунда Шам аймактары ачылып, Тамиимге ошол аймак (жетекчилигин) берген.[1]

Тамиим Даарийдин Дажжал жөнүндө баяндаган хадиси баарыбызга маалым. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгач өзү угуп, анан элдер да ушул баянды угуусу үчүн мечитке чогултат. Ошол баяндамада эскерилгендей Тамиим Даарий Мадинага келээрде деңизден өткөндүгү тууралуу да айтылат.[2]

**Таглиб уруусунун өкүлдөрү:**

Таглиб уруусу Рабиьа бин Низар Аднаанийден тараган Таглиб бин Вааилге таандык араб урууларынын бири. Бир канча топторго бөлүнүп[3], Араб жарым аралынын түндүк тарабында отурукташса, кээ бир бөлүгү Шам менен Иракка чейин жайгашкан.

Християн араб урууларынын эң негизгилеринин бири болгон. Себеби курамында Рим менен Нажран, ошондой эле Хабашистан менен алакасы бекем аалымдары жана эл арасында да, өзгөлөрдүн алдында да таасирдүү кечилдери бар эле.

Онунчу жылы алардын он адамдан турган өкүлдөр тобу Мадинага келет.[4] Алардын кээ бири ислам динин кабыл алышса, кээ бири дагы эле християн growининде болчу. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды адатта конокторун тосчу Рамла бинту Харистин үйүнө коноктойт.[5] Алланын элчисинен (ага Алланын салам-салаваты болсун) кээ бир маалыматтарды угуп,

---

[1] Захаби; Сийар аьлаамун-нубала, 2\442

[2] Имам Муслим; Фитан ва Ашраатус-сааьати, Баабу киссатул-жасааса, 4325-б,

Сийар аьлаамун-нубала, 6\373, 2\442.

[3] Самьаани, Ансааб, 3\62-б; Ибну Хазм, Жамхарату ансаабил араб, 303-б

[4] Ибн Саьд, ат-Табакаат ал-күбраа, 1\361

[5] Ибн Хажар, ал-Исааба, 4\305

келишим түзүп, убадалашат. Ирак мусулмандардын колуна өткөн мезгилде, алардын бир тобу келишимди бузуп, Римдиктердин тарабына өтүшөт. Ошондон улам Умар р.а. аларга келишимди бузгандыгы үчүн өзгөчө мамиле жасайт.[1]

**Тай өкүлдөрү:**

Тай – Кахлан бин Сабадан тараган Кахтан араб уруусу. Нажд аймагынын түндүгүнө жайгашкан Ажа жана Салма тоолорунун боорунда отурукташкан. Бул эки тоо Тай тоолору[2] деп да аталып, Иракка чейин, андан ары Шам өлкөлөрүнүн түштүк тарабы менен Араб жарым аралынын түндүк тарабына чейин созулат.[3]

Бул уруунун өкүлдөрү пайгамбарыбыздын алдына 9-жылы келет. Алардын курамында төрөсү – Тай уруусунун Гаус тобунан Мухаллил бин Зайддын уулу – Зайдул Хайл да бар болчу. Ал исламга чейинки доордогу атактуу акын, чабандез болгон. Арабдар арасында даңкы тарап, берешендиги менен таанымал эле. Зайд баш болгон топ, пайгамбарыбызга жолуккан соң мусулманчылыкты кабыл алышкан.

Ибн Хишам китебинде: Алланын элчиси Зайд жөнүндө: «Мага келген арабтардын атак-даңкы жөнүндө айтышып, чынында аларды макташканчалык адам эмес экенин байкадым. Ал эми Зайдул Хайлдын өзгөчөлүгү жөнүндө дагы эле уга элегим бар турбайбы!?» – деген деп эскерет.

Анан да пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны «Зайдул-хайр» деп атап, азыркы Хайил аймагын, аны менен кошо эки жерди бөлүп берет. Ал аждка кайра кайтып келе жаткан жолдо ысытмалап, каза болгондугу маалым.[4] Тарых булактарында анын Умар бин Хаттабдын (р.а.) дооруна чейин жашагандыгы тууралуу маалыматтар бар.[5]

## Бут-сөлөкөттөрдү талкалоо

---

[1] Йахя бин Аадам, Харидж, 200-б. Касым бин Салам, Амваал, 36-б.

[2] Хамзани, Сифату жазииратул-араб, 266-б.

[3] Ибн Хазм, Жамхарату ансаабил-араб, 399-400-б.б.

[4] Ибн Хишам, Сира-набавиййа, 4\578-б.

[5] Ибн Хажар, ал-Исааба, 1\572-б.

Араб жарым аралынын туш тарабында бут-сөлөкөттөр кеңири тараган болчу. Меккеде да мечиттин ичинде – каьбанын жанына – жайгаштылылган эле. Алардын кээ бири куранда да аты аталган. Мисалы: Лат, узза жана манат сыяктуу. Араб уруулары ошонусу менен сыймыктанып, ошол бут-сөлөктөттөргө сыйынып-табынышчу. Куран аяттарында алар жөнүндө эскертүүлөр жана пайгамбарлардын ага каршы күрөшүүсү жөнүндө бир топ орундарда баяндалган. «Эгем, алар көптөгөн элдерди (жолдон) адаштырышты. Ким мени ээрчисе – ал менден, а ким баш ийбесе[1] – анда акыйкатта Сен Кечирүүчү, Мээримдүүсүң!»[2].

Пайгамбарыбыз САВ элдин жүрөгүнө отурукташкан терс ишеним менен ширкти тазалап, бут-сөлөкөттөрдү бүтүндөй талкалап, жок кылууну эңсейт. Ошондон улам Фатху Макка күнү элдин көзүнчө талкалай баштайт. Ал учурда пайгамбарыбыз: «Акыйкат келди, жалган[3] жоголду. Албетте, жалган жок болуучу”, – дегин»[4].

Меккенин ачылышынан соң, пайгамбарыбыз бардык жердеги бут-сөлөкөттөрдү жок кылып, талкалоо үчүн сахабаларына тапшырма берет. Ошол жүрүштөрдүн катарында:

## Халид бин Валиддин узза сөлөкөтүн талкалоо жүрүшү[5]

Узза – Меккенин чыгыш тарабында, Таифке жакынкы Хузайл деген аймакта жайгашкан курмадан жасалган бут-сөлөкүөтү. Кээ бир адамдар Жараткан Алладан өзгө ушул сөлөкөттү да кудай деген ишенимде табынып келишкен. Куранда: «»[6]. Мисал катары Ухуд салгылашуусунда Абу Суфян «Биздин уззабыз бар. Ал эми силерде

---

[1] Күнөөкөр болсо

[2] Ибрахим сүрөсү: 36

[3] Каапырдык.

[4] Исра сүрөсү: 81

[5] Ибну Хишам, Сиран набавиййа, 4т/436: Халид бин Валиддин Уззаны талкалоо үчүн жүрүшү

[6] Нажм сүрөсү: 19-20

ошол да жок[1]» деп айткан. Ага жооп иретинде, пайгамбарыбыз: «Бизздин Кожойунубуз (Жаратуучубуз Алла) бар. А, силерде болсо, ал (ишеним) жок» – деп айттырган болчу. Пайгамбарыбыздын тапшырмасынан улам, Халид бин Валид барып, уззаны талкалагандыгы белгилүү. (Бул окуя тарых булактарында кеңири берилген)[2].

**Амр бин Астын сувааны талкалоо жүрүшү**

Суваа да Меккенин чыгыш тарабындагы Хузайл аймагында жайгашкан бут-сөлөкөт. Бул сөлөкөт жөнүндө Куран аятында «»[3]. Фатху Маккадан кийин, пайгамбарыбыз Амр бин Асты атайын ушул бут-сөлөкөттү талкалоо үчүн тапшырма берет. Ага сыйынгандар «Суваа өзүн коргоп, эч ким аны талкалай албайт» деген ишенимде болушкан. Бирок анын өзүн коргой да, өзгөгө кордук жеткире да албай, сынган таш абалын көргөн эл ага болгон ишенимден кайтып, ислам динин кабыл алышат.[4]

Саьд бин Зайддын манатты талкалоо үчүн жүрүшү

Манат – Мекке менен Мадинанын аралыгындагы аймакта жайгашып, арабтар, өзгөчө аус жана хазраж уруулары сыйынган бут-сөлөкөт болчу. «»[5]. Жогоруда аталган окуялар сымал, Мекке ачылышынан соң пайгамбарыбыз Саьд бин Зайд Ансарий жетекчилиги астында сахабаларынан түзүлгөн аскер тобун манатты талкалоо тапшырмасын берет. Ага табынган жактоочулары жолтоо болбостон, Саьд бин Зайд талкалап, аны менен кошо элдердин көөдөнүндө отурукташкан терс ишенимди да талкалады.

---

[1] Колдоо, көрсөтүп, деп берүүчү деген максатта

[2] Ибну Саьд, Табакаат кубра, 2т/145

[3] Нух сүрөсү: 23

[4] Ибну Касир, Тафсиирул Куран, 1т/1923

[5] Нажм сүрөсү: 19-20

Жогортто Куранда аты аталган эң чоң деген үч бут-сөлөкөт талкаланган соң, пайгамбарыбыз кээ бир сахабаларына ар кайсы аймактарда, жекече урууларга тийиштүү болгон бут-сөлөкөттөрдү да талкалоотапшырмасын берген. Мисалы:

1. Али бин Абу Талиб хижраттын 9-жылы Тай уруусунун бут-сөлөкөтү фулсту талкалайт;
2. Туфайл бин Амр Хунайн салгылашуусунан соң, Даус уруусу сыйынган зул-каффайн бут-сөлөкөтүн талкалайт;
3. Жарир бин Абдулла Бажалий зул-халса бут-сөлөкөтүн талкалайт. Пайгамбарыбыз Жарирге: «Мени зул-халса бут-сөлөкөтүнөн арылтпайсыңбы?!» – дейт. Жарир бин Абдулла тулпар үстүндө бекем отуралбастыгын айтат. Пайгамбарыбыз анын көкүрөгүнө колун коюп, дуба кылат. Жарир өзү эскерип айткандай, ал пайгамбарыбыздын дубасынан кийин ат үстүнөн бир да кулабаптыр. Ал эми зул-халса Йемен тарапта – кээ бир уруулар сыйынчу – үй ичинде дөңгөчтөн жасалган бут-сөлөкөт болчу. Пайгамбарыбыздын суранычынан улам, Жарир бин Абдулла аны талкалап, өрттөп салат.

Албетте, пайгамбарыбыз САВ Жараткан тарабынан элчилик берилген чакта эч бир бут-сөлөкөттү тилдеген да, аларга тийген да эмес. Балким элдердин жүрөгүнүн түпкүрүнөн орун алган терс ишеним менен гана 23 жыл бою күрөшкөн. Ал эми Аллага болгон таза ишеним орноп, аталган бут-сөлөкөттөрдү Кудай ордуна теңеп жүргөндөр акырында өз колу менен талкалап, жок кылышат. Бул көрүнүштөн «Дартты жоготуу эмес, дарттын алдын алуу, анын себептерин изилдеп, аны жоюу» тыянагын чыгарсак болот.

**Ислам мамлекетин түптөө:**

Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгачкы вазыйпа жүктөлгөн күндөн тартып анын негизги максаты адамдарды бир кудайга сыйынууга үндөп, шариятка дал келген адилеттүү мыйзамдарга баш

ийген мамлекетти түптөө болгон. Меккеде дин жаңыдан жайыла баштаганда эле сахабаларына Исламдын тарала баштагандыгын, каапырлык менен ширк жоголуп, ордуна бир кудайга сыйынуу орной баштаганын айтып сүйүнчүлөөчү. Айтса-айтпаса ал доордо Меккенин жана анын айланасындагы элдердин абалы өтө оор болчу. Жашоо мыйзамы каада-салттарга негизделип, алдуу алсызды басмырлаган, акыйкаттык, адилеттик деген түшүнүктөр жокко эсе, жалаң гана залымдык менен жашоо кечиришкен. Аялдарды кордоо, кыздарды өлтүрүү, зына, сүткорлук, уурулук, талап-тоноо, арак ичүү ж.б. жаман адаттар көнүмүшкө айланып, буларды жөнгө салып тескей турган бир дагы адилеттүү мыйзам болгон эмес. Элдин психологиясы ушуга көнүп, карапайым эл жашоону мындан артык элестете албай, ал эми акыл-эстүүлөр элдин үстүнөн ушинтип жеңил жашоону көздөгөндүктөн, алгач Ислам дини таркала баштаган учурда элдин каршылыгы да катуу болгон. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) абалды жакшы билгендиктен, элдин талабына ылайык иш жүргүзө билген. Меккеден динди тарата албоосуна көзү жетип, башка жактан жол издеген. Натыйжада, мадиналык адамдарды издеп таап, алар аркылуу динди Мадина элине жеткирди.

Дин саясатын өтө кылдаттык менен жүргүзгөндүктөн Мадина бат эле мусулмандардын шаарына айланды. Мухаммад Хамидулла "Ислам мамлекетин түптөөнү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) хижрадан мурда эле биринчи жана экинчи Акаба келишиминде баштаган" деп жазат.[1] Кийин Мадинага хижра кылгандан соң ошондо негиздеген ишин улантты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мыкты саясатчы болгондуктан, дин бир гана Мекке менен Мадинада эмес, бүтүндөй жер бетине таркарына көзү жеткен. Хандак согушунда ор казып жатып айткан сөздөрү буга далил.[2] Арап жарым аралында буга чейин болуп көрбөгөндөй чоң өзгөрүү болуп, Ислам шариятынын мыйзамы орноду. Эл өкүмгө баш ийип, мыйзамдуу жашоого көнүп, анын өзгөчө даамын тата баштады. Диндин негизге максаттарынын бир да ушул эле. Куранда: **"(Оо, ыйман келтиргендер), Алла силерди аманатты өзүнүн ээсине кайтарууга буйруйт, Эгер адамдардын арасында өкүм кылуучу болуп калсаңар, адилеттүүлүк менен өкүм чыгарууга буюрат. Чындыгында, Алла силерге эң жакшы нерселерди насаат кылды. Алла – Угуучу, Көрүүчү. Оо, ыйман келтиргендер! Аллага, пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон жол башчыңарга моюн сунгула. Кайсы бир маселеде талашып калсаңар, эгер Аллага жана акыретке ишенсеңер, ал маселени Аллага жана пайгамбарга кайтаргыла. Ушул (силер үчүн) жакшы, абзел чечим болот"** деп айтылат.[3]

---

[1] Мухаммад Хамидулла, "Пайгамбар жана халифалардын доорундагы саясий абал", 21-бет.

[2] Ушул китептеги "Хандак" казаты деген бөлүмдү караңыз.

[3] Ниса сүрөсү, 58-59-аяттар.

Худайбия келишиминен кийин Мадина өзүнөн-өзү Ислам мамлекетинин борборуна айланды. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мамлекеттин аскерин негиздеди. Мусулман аскерлери мамлекетин коргоодо жана душмандар менен согушууда мыкты стратегияларды өздөштүрө алышты. Аскер башчыга баш ийүү, бир туунун алдында бекем болуу, катарды бузбай сактоо сыяктуу жөнөкөй, бирок согуш үчүн өтө маанилүү болгон эрежелерди пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аскерлерге түшүндүрө алды. Зайд бин Хариса баштап бара жаткан кол урушка кирерде, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Эгер Зайд шейит болсо, тууну Жаьфар алсын, эгер ал да шейит болсо, анда Абдулла бин Раваха алсын, эгер ал да шейит болсо, анда өзүңөр бир адамды тандап алгыла" деп айтканынан, мындай кылуунун согушта канчалык зарыл экенин баамдоого болот.

Мамлекет канчалык чоңоюп, анын курамындагы элдин саны көбөйгөн сайын аны бир адамдын башкаруусу кыйын боорун түшүнө билген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүнө жардам бере турган, эл башкарууга жарай турган адамдарды кошо тарбиялаган. Өзү жок кезде аларды ордуна башкаруучу катары калтырып, элди да аларга баш ийүүгө көндүргөн. Алсак, өзү сыртка чыккан учурда Мадинага көбүнчө Абдулла бин Умму Мактумду калтырып кетчү. Тарых китептеринде Абдулла ибн Умму Мактумду он үч жолу ордуна калтырып кеткени айтылат. Табук согушуна аттанганда Али бин Абу Талипти калтырып кеткен. Мындан сырткары Усман бин Аффанды калтырган учурлары да болгон.

Кийинчерээк өлкө кеңейип, айланадагы элдер динге тартылып, мусулмандардын саны көбөйгөндө мына ушундай эл башкарууну билген сахабаларын ар кайсы жерге аким, казы кылып дайындап жиберген.

## Пайгамбарыбыздын доорундагы белгилүү өлкөлөр

### Йемен өлкөсү:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Йеменге кезек-кезеги менен башчыларды жана казыларды жиберип турган. Алардын ар бири кандайдыр бир максатта жиберилген. Булардын арасынан белгилүүсү Муаз бин Жабал (Алла андан ыраазы болсун). Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны бир топ кызматчыларга башчы кылып, казы жана дин үйрөтүүчү мугалим катары жиберген. Ошону менен катар садага чогултуучу жана таратуучу кызматкерлерге да баш-көз болгон. Муаз (Алла андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында Йеменде көп кызмат кылды. Анын иш жүргүзүүсүнүн натыйжасында дагы көптөгөн адамдар Йемендин айланасында динге кирип, аларга да бир канча башчылар жөнөтүлгөн. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) көзү өтөргө чукул Ал-Асвад ал-Анси деген жалганчы Йеменде

көтөрүлүш чыгарганда ага каршы тургандарды жетектеген да Муаз (Алла андан ыраазы болсун) болгон. Кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дүйнөдөн өтүп, Абу Бакр (Алла андан ыраазы болсун) халифа болгон учурда Йеменде кайрадан тынчтык орноп, дин өнүгүү жолуна түшкөн.

**Мекке:**

Акыркы жүрүштүн натыйжасында, Мекке да толугу менен мусулмандардын колуна өткөн. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеге Аттаб бин Асяд бин Абу ал-Аьйс деген адамды өкүл кылып дайындаган. Ал пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында, Азирети Абу Бакрдын (Алла андан ыраазы болсун) заманында Меккеде башчы болуп турган. Азирети Умардын халифалыгынын башталышында дүйнөдөн өткөн.

**Таиф:**

Таифтин эли башка кошуналарга караганда динге бир кыйла кеч киришкен. Хунайн согушунан кийин мусулмандардын күч-кубаты көбөйүп, буга чейин аларга душмандык кылган Таиф эли өзүнүн алсыздыгын сезгенден кийин Исламга кире баштаган. Ислам дининин туура экендигин түшүнгөндөн кийин алар биринин артынан бир динге кире баштаган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга Усман бин Абу ал-Аас деген адамды башчы кылып дайындаган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дүйнөдөн өткөндөн кийин, Азирети Абу Бакр да аны ошол жерге калтырган. Азирети Умар да анын иштөөсүнө каршы болгон эмес. Бирок ал өзү Азирети Умардан суранып, Басрага которулуп кеткен.

Арап жарым аралынын башка айыл кыштактарына да пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) башчыларды, казыларды, дин үйрөтчү мугалимдерди жөнөтүп турган.

**Бахрейн:**

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүрүнүн акырында Бахрейн дагы ислам мамлекетинин бир бөлүгү катары белгилүү болуп калган. Анда айыл-кыштактардын саны көп болгондуктан, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга бир канча адамдарды башчы кылып жиберген. Алардын ичинен белгилүүсү Ал-Уьлаа бин ал-Хадрами (Алла андан ыраазы болсун) болгон. Аны менен бирге Абу Хурайра, Абу Убайда бин Жаррах сыяктуу бир канча сахабалар да болушкан. Алар элге дин жеткирип, куран үйрөтүп, эл арасындагы отпарастардан салык жыйнап, байлардын садагасын кедейлерге таратып ж.б. иштерди аткарышкан. Ал-Уьлаа (Алла андан ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын, Азирети Абу Бакр менен Азирети Умардын доорунда да ушул кызматын аркалап турган.

**Уман:**

Умандын падышалары бир туугандар Жайфар менен Убадга кат жолдоп Амр бин Аасты (Алла андан ыраазы болсун) жиберет. Алар динди кабыл алышат. Пайгамбарыбыз Амр бин Аасты ошол жерге өкүл дайындайт. Ал элге дин үйрөтүп, андагы христиан кечилдери менен сүйлөшүп, элчилик милдетти да аткарган. Умандын айыл-кыштактарына да көптөгөн өкүлдөр жиберилген. Кийинки ислам мамлекеттеринин түптөлүүсүнө Уман элинин салымы жогору болгон.

**Адилеттүүлүк жана теңдик:**

Адамзаттын жашоосу адилеттүүлүк менен тең укуктуулук болгон жерде гана өз нугу менен уланып, бакытка бөлөнөт. Ислам дининин негизи адамзатка мына ушул эки нерсени, адилеттүүлүк менен теңдикти үйрөтүү болчу. Ошол себептен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) түптөгөн мамлекетин ушул эки нерсенин үстүнө түптөдү. Куранда Алланын буйругу да ушундай эле. Бир аятта: "Албетте, Алла адилеттүүлүккө, жакшылыкка, тууган-урукка кайрымдуулук кылууга буйруп, бузукулуктан, жаман адаттардан жана залымдыктан кайтарып, силерге осуят кылат. Мүмкүн, эсиңерге келерсиңер"[1], деп айтылса, экинчи бир аятта: "(Оо, ыйман келтиргендер), Алла силерди аманатты өзүнүн ээсине кайтарууга буйруйт, Эгер адамдардын арасында өкүм кылуучу болуп калсаңар, адилеттүүлүк менен өкүм чыгарууга буюрат. Чындыгында, Алла силерге эң жакшы нерселерди насаат кылды. Алла – Угуучу, Көрүүчү" деп айтылат[2]. Ошондой эле зулум кылуунун оор күнөө экендигин билдирип: "Сен Алланы залымдардын кылганынан кабарсыз деп ойлобо. Болгону аларды көздөр (коркконунан) катып кала турган кыямат күнгө кечиктирүүдө. (Ошол күнү) алар баштары өйдө көтөрүлүп, эсеп берүүгө чуркап барышат. Көздөрү катып, ичтери көңдөй болуп калат. Сен адамдарды азап келе турган күн менен коркут. Ошондо, залымдар: "Оо, Рабби, бизди бир азга кечиктире турчу, диниңе жооп берип, пайгамбарларга моюн суналы" дешет. (Аларга) мурда "биз өлбөйбүз" деп ант ичпедиңер беле (деп жооп берилет)".[3]

Адилеттүүлүк бардык адамдарга бирдей, ал тургай душманга да адилеттүүлүк кылуу зарыл. Бул тууралуу Куранда минтип айтылат: "Оо, ыйман келтиргендер, Алла үчүн түз жана адилет күбө болгула. Кайсы бир коомду жек көрүүңөр аларга адилетсиздик кылууга силерди мажбурлап койбосун. Адилеттүүлүк кылгыла. Ал такыбалыкка жакын. Алладан корккула, чындыгында, Алла силер кылган иштен кабардар".[4] Адилеттүүлүк бир гана

---

[1] Нахл сүрөсү, 90-аят.

[2] Ниса сүрөсү, 58-аят.

[3] Ибрахим сүрөсү, 42-44-аят.

[4] Маида сүрөсү, 8-аят.

өкүм чыгаруу ишинде эмес, бардык тармактарда болууга тийиш. Хунайн согушундагы олжо бөлүштүрүүдө бир адамдын пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) нааразы болуп, адилетсиз бөлүштүрдү дегенин уккан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) күрөө тамыры көөп ачууланган. Анткени, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү адилеттүүлүктү орнотуп, залымдыкты жоготуу үчүн келген, эн адил адам болчу. А адамдарды залымдыктан кайтарып: "Залымдыктан сактангыла. Ал Кыяматта силерди туңгуюк караңгылыкка кептейт"[1] деп эскертчү. "Силерден мурдакы элдин көбү эгер кадыр-барктуу адам уурулук кылса, аны кечирип, алсыздар уурулук кылса аларды жазалашчу. Мына ушунун айынан алар талкаланып жок кылынды. Аллага ант ичем, эгер менин кызым Фатима уурулук кылса, анын колун кесүүгө өкүм чыгарам"[2] деп адилеттүүлүккө чакырды.

Эл арасына казыларды өзү дайындап, аларды адилеттүү болууга чакырчу. "Казылар үч түрдүү болот. Алардын экөөсү тозокто, бирөөсү бейиште; билип туруп, адилетсиздик кылып тескери өкүм чыгарган казы тозокто. Билбестен туура эмес өкүм чыгарып адамдарга зулум кылган казы да тозокто. Чындыкты билип, туура өкүм чыгарган казы гана бейиште"[3] деп казыларга эскертип турчу. Өкүмдү мусулман болобу, каапыр болобу адилеттүү чыгарууга буйруучу. Ошону менен катар өкүм чыгарылып жаткан адамдарды жалган айтуудан, жалган ант ичүүдөн тыйчу. "Кимде-ким жалган ант ичип өкүмдү өз пайдасына чыгартып алса, Кыямат күнү ага Алла Таала ачууланат"[4] деп айтчу. Бул тууралуу Алла Таала да Куранда эскерткен: "Ал эми Аллага берген анттарын арзыбаган баага сатып жиберген кишилер үчүн акыретте насип жок. Кыямат күнү Алла аларга сүйлөбөйт, карабайт жана кечирбейт. Аларга жан ооруткан азап бар".[5] Ошондой эле өкүм чыгарууда пара алууну жана берүүнү жокко чыгарып, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Пара берүүчүнү да, алуучуну да Алла наалаттады"[6] деп айткан. Ушундай адилеттүүлүктү орнотуу үчүн мамлекеттин ар тарабына адилеттүү казыларды жиберип турган. Мисалы, Али бин Абу Талипти Йемен тарапка жиберген. Ал пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) коштошуу ажылыгына чейин ошол тарапта кызмат кылган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) казылардын баарына адилеттүүлүктү осуят кылып,

---

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3\99.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3733-хадис.

[3] Имам Тирмизи, "Сунан", 3\612.

[4] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 2416-хадис.

[5] Аалу Имран сүрөсү, 77-аят.

[6] Имам Ахмад, "Муснад", 2\164.

эскертип турган. Азирети Алиге кайрылып: "Талашып-тартышкан адамдардын экөөнүн тең сөзүн толук укмайынча өкүм чыгарба" деп айтканы бар.

Мына ушундай тартип менен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага жана арап жарым аралындагы Ислам мамлекетине адилеттүүлүктү жана теңдикти орнотту. Бул мыйзам мусулмандардын ишенимин арттырып, мамлекеттин бекемделүүсүнө, элдин жашоосунун жакшы нукка өзгөрүүсүнө чоң түрткү болду.

**Тынчтык жана бейпил жашоо:**

Адам баласынан жашоосу үчүн тынчтыктан өткөн баалуу нерсе жок. Исламга чейинки доордо арап жарым аралындагы элдин эңсегени да, көксөгөнү да тынчтык болчу. Анткени, эчен замандан бери өз ара душмандашкан арап уруулары бири-бирин кырып-жоюп, алдуу алсызды эзип, бул чөлкөмдө тынч, бейпил жашоо кечирүү унутулган эле. Элди душмандан же залымдардан коргоп, сактай турган мыйзам да, уюм да жок болчу.

Куранда элдин тынчтыгы тууралуу, тынчтыктын баасы тууралуу өтө көп айтылган. Алардын кээ бирине токтолсок: "Алла силердин араңардагы ыйман келтирген жана жакшы амалдарды кылган адамдарды жер бетине орун басар кылууну убада берди, мурдагы (ушундай) адамдарды орун басар кылганы сыяктуу. Аларга Өзү ыраазы болгон диндерин бекемдеп берүүнү, коркунучтарын тынчтыкка алмаштырып берүүнү (да убада кылды)"[1], "...жана Ибрахим пайгамбар айтты: "Раббим, бул шаарды тынч шаар кыла көр..."[2] ж.б.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дагы Исламдын негизинде бул чөлкөмгө тынчтык орнорун сүйүнчүлөп: "Сунагадан Хазрамавтка сапарга чыккан адам жол бою Алладан башка эч кимден коркпой жайбаракат жүрө турган заман келет" деп айткан. Мына ушундай бейпил күнгө жетүү үчүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жан аябай аракеттенип дин таркатты. Кутбаларында, элге кайрылууларында ар дайым тынчтык тууралуу сүйлөдү. Эл менен келишим кылганда тынчтыкты сактоого келишим кылды. Натыйжада, кан төгүүнү, абийирди ачууну, чыр-чатакты түп тамырынан жок кылууга жетишти. Тынчтык, амандыктын баасын адамдарга түшүндүрө алды. "Кимде-ким эртең менен тынчтыкта ойгонсо жана аны ошол күнгө жеткидей азыгы болсо, демек ага бүтүндөй дүйнө тартууланыптыр",[3] "Бир мусулманга экинчи бир мусулмандын айыбын ачуу адал эмес",[4] деп

---

[1] Нур сүрөсү, 55-аят.

[2] Ибрахим сүрөсү, 35-аят.

[3] Имам Тирмизи, 2346-хадис.

[4] Имам Ахмад, "Муснад", 5\262.

айткандары, "Оо, Аллам, авретимди ачпа, абийиримди төкпө"[1] деп дуба кылганы, Исламда тынчтык-амандыктын мааниси кандай экенин айгинелеп турат.

Мадинада орногон тынчтык ага сырттан келгендерди да таң калтырбай койгон жок. Мурдагыда талп-тоноо, каракчылык жок эл соода-сатыгын да, башка ишин да ээ-эркин аткара баштады. Шарият мыйзамы орноп, кылмышкерлер мыйзамга ылайык жазаланып, адам укугу корголду. Буга чейин болуп көрбөгөндөй тең укуктуулук өкүм сүрдү. Мурдагыдай кадыр барк, акчалуулар каалагандай кылмыш кылып, жазадан кутулуп, алсыздар күнөөсүз жазага кириптер болбой калды. Имам Бухаринин китебинде Айша энебизден айтылган төмөнкү хадис тең укуктуулуктун кандай даражага көтөрүлгөнүн далилдеп турат. Анда, эл арасында кадыр-баркы жогору болгон Махзум уруусундагы бир аялдын уурулук кылганы тууралуу айтылат. Эзелтен жаман үйрөнүпкалган Курайштар анын айыбын кечирип жиберүү үчүн пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын жакын санаалаш болгон сахабасы Усама бин Зайдды ортомчу кылышат. Усама келип келген максатын айтканда, пайгабарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ачуусу келип, өңү кызарды. "Сен эмне, Алланын мыйзамына каршы ортомчулукка келдиңби, силерден мурдакы элдин көбү эгер кадыр-барктуу адам уурулук кылса, аны кечирип, алсыздар уурулук кылса аларды жазалашчу. Мына ушунун айынан алар талкаланып жок кылынды. Аллага ант ичем, эгер менин кызым Фатима уурулук кылса, анын колун кесүүгө өкүм чыгарам"[2] деди. Мындан башкача болуусу мүмкүн эмес эле. Куранда: "Уурулук кылуучу эркектин да, аялдын да колун кескиле..." деген өкүм турса, өкүмдү аткаруу үчүн жиберилген пайгамбар мындан башка өкүм кылмак беле. мына ушундай мыйзамдын негизинде, мыйзамды так аткарган адамдардын негизинде өлкөгө тынчтык орноп, адамдар ууру-кескиден коркпой жашай башташты. Кылмышкер кылмышына жараша жазаланган, ага эч ким арачы боло албаган жерде албетте тынчтык орнору бышык.

**Коомдук адеп-ахлактын оңолушу:**

Баарыбызга белгилүү болгондой жер бетинде анын ичинде араптарда адеп-ахлак түп тамырынан жоголуп, коом адепсиздиктин кучагында калган болчу. Алгачкы вахи түшкөн күндөн тартып пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Меккеде элдин адеп-ахлагын калыбына келтирүүгө аракет жасады. Бирок, дин душмандарынын катуу каршылыгы ага мүмкүнчүлүк берген жок. Качан гана Мадинага көчүп келгенде мусулмандар чыныгы адеп-ахлактын даамын тата алышты. Меккелик мусулмандарды жылуу маанай менен

[1] Имам Ахмад, "Муснад", 2\25.

[2] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 3733-хадис.

тосуп алган мадиналык мусулмандар, чынында буга чейин бири-бирин тааныбайт эле, көргөн да эмес болчу. Ал тургай өз ара бөлүнүп, меккелик, мадиналык деген ажырым да бар эле. Бирок, дин үчүн болгон сүйүү мунун баарын жокко чыгарып, ортодо болуп көрбөгөндөй махабат, бир тууганадык пайда кылды. Мадиналыктар келгиндерге малын, багын, ишин, үйүн бергенге даяр эле. Буларды мактап, Алла Таала Куранда минтип айтат: "Ал эми, аларды утурлап короо-жайлары менен ыймандарынын жылуулугун даярдап турган (мадиналык) момундар, көчүп келгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо үчүн жүрөктөрү көралбастыкка толбойт. Өздөрүнө жетишпей турса да, аларды өздөрүнөн илгери коюшат. Ким напси суктугунан сактанса, ошол ийгиликке жетет".[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамдардын адеп-ахлагын жалаң гана тили менен эмес, өзүнүн жүрүм-туруму менен үлгү болуп оңдоду. Ал өтө кичипейил эле. Оорулуудан кабар алып, чакырган жерге барып, алсызга жардам берчү. Чоңго да, кичинеге да жумшак мамиле жасачу. Сырттан келген адам аны сахабаларынын арасынан ажырата тааный алчу эмес. Адамдарга адеп-ахлактуулуктун туу чокусун иш жүзүндө көрсөтчү. Биринчи кезекке Алла Таала менен болгон адепти койчу. Бир Аллага гана сыйынуу, Ага ыраазы болуу, Ага жакшы күмөн кылуу, Ага гана таянуу, Андан гана коркуу, Андан үмүт кылуу, Аны эстөө, Ага жалбаруу сыяктуу адептерди сахабаларынын жүрөгүнө орнотту. Аллага шүгүр кылууга, Андан кечирим тилөөгө, Анын буйруктарын аткарууга, тыйганынан тыйылууга тарбиялады.

Алла Таала менен болгон адепти оңдогондон кийин пайгамбар менен, тагыраагы өзү менен болгон адепти үйрөттү. Өзүнүн ар бир буйругуна баш ийүүгө, сүннөттөрүн эрчүүгө, адеп-ахлагынан үлгү алууга тарбиялады. Пайгамбардын ордун өз даражасынан көтөрүп жибербей, төмөндөтүп да салбай, шарият талап кылгандай сактоого үйрөттү. Ал алып келген динди кошумчалабай, кемитпей, өзгөртпөй сактап, кийинкилерге жеткирүүгө үйрөттү. Өзүнүн көзү өтүп кеткенден кийин анын динин сактоону, анын кабырына сыйынып албай, бир Аллага сыйынууну, андан өрнөк алган жашоо мыйзамдарын ошол өңүттө улантууну үйрөттү.

Үчүнчүдөн, жалпы коомчулукка тиешелүү болгон адеп-ахлакты ар бир мусулмандын жүрөгүнө орнотту. Байлыкка берилбөөнү, бийликке кызыкпоону өзү үлгү болуп көрсөттү. Бири-бирине салам берүүнү, үйгө киргенде уруксат сурап кирүүнү, оорулуудан кабар алууну, чакырган жерге барууну, өлгөн адамдын жаназасына катышууну, ал тургай чүчкүргөн адамга жакшылык тилеп жооп кайтарууну да үйрөттү. Жубайлар ортосундагы мамилени, бала тарбиялоону, ата-энеге жакшы мамиле кылууну үйрөттү. Кичипейилдикти,

---

[1] Хашр сүрөсү, 9-аят.

сабырдуулукту, жумшактыкты, кечиримдүүлүктү, каниеттүүлүктү, оор басырыктуулукту ырайымдуулукту ж.б. асыл сапаттарды үйрөттү.

Меккени каратып алган күнү, бүт душмандары тизе бүгүп алдында турганда да башын бийик көтөрбөй, жер карап, кичипейилдик менен кирген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) доско кандай мамиле кылыш керек, душманга кандай мамиле кылыш керек, баарын үйрөттү. Сахабалары менен сапарда бара жатып, дем алууга токтогондо, өзү отун чогултуп, от жагып жамаат арасында адам өзүн кандай алып жүрүү керектигин көрсөттү. Дүйнө деп акыретти унутпай, акырет деп дүйнөнү таштабай, экөөсүн бирдей кармануунун үйрөттү. Адамдардын ортосундагы махабатты күчөтүү үчүн бири-бирине белек берүүнү, зыярат кылууну, жакшы сүйлөөнү, жылмая кароону үйрөттү. Эки мусулмандын бири-бирине үч күндөн ашууну таарынып жүрүүсүн жараксыз кылды. Мусулмандарды бири-биринин айыбын жашырууга, жалаң гана жакшы жактарын ачыкка чыгарууга үйрөттү. Урушкандарды жараштырууга үйрөттү. "Пенделеринин ырайымдуусун Алла жакшы көрөт",[1] "Жердегилерге ырайымдуу болсоңор, асмандагы Зат силерге ырайым кылат",[2] "Бири-бирине жардам берүүдө, ырайым кылууда мусулмандар бир дене сыяктуу. Эгер дененин кайсы бир мүчөсү ооруса, баардык мүчөлөрү зыркырайт"[3] деген хадистердин баары бир гана адамдарга эмес, жан-жаныбар, жаратылышка да аяр мамиле жасоого чакырык таштаган. Мышыкты камап коюп, ачкадан өлтүргөн аялдын тозокко кирерин айткан. Чаңкаган итке кудуктан суу алып чыгып сугарган адамдын күнөөлөрү кечирилгенин кабарлаган. Кол алдындагы кулдарды азат кылууга үндөгөн, аларга жакшы мамиле кылууга чакырган. Өзүңөр жегенди жедиргиле, колунан келбеген ишке жумшабагыла, кул же күң деп атабай ини, карындаш дегиле деп буйруган. Кошуналар менен жакшы мамиледе болууга чакырган, туугандар менен мамилени үзбөөгө буйруган. Кошунасына тынчтык бербеген адам бейишке кире албасын айткан. Душмандарынан туткунга түшкөндөргө да жакшы мамиле кылууга чакырган. Бадр согушунда туткун болгон бутпарастарга мусулмандар өздөрү жеген тамагын берип, өздөрү кийген кийимин кийгизген. Ушундан таасирленип алардын көбү динди кабыл алган. Адамдарды садага берүүгө үндөгөн. байлардан зекет алып кедейлерге тараткан. Ушинтип мусулмандардын ортосунда махабат, теңдик пайда болгон. "Курманын жартысын садага кылып болсо да тозоктон сактангыла"[4] деген пайгамбарыбыз жалпы мусулман коомун берешендикке, колу ачыктыкка тарбиялаган. Убаданы так аткарууга, келишимди бузбоого чакырган. Аманатка бекем болууга үндөгөн. жалган

---

[1] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 2\81.

[2] Имам Тирмизи, 4\324.

[3] Имам Муслим, "Сахих ал-Муслим", 8\20.

[4] Имам Бухари, "Сахих ал-Бухари", 2\113.

сүйлөөдөн тыйып, чынчыл болууга чакырган. Адамдарды жамандоодон кайтарып, жакшы жактарын айтууга чакырган. Үммөттү, урук-насилди сактоо жана көбөйтүү үчүн жуучу түшүүдөн баштап, үйлөнүү, балалуу болуу, бала тарбиялоо, бала багуу, илим берүү ж.б. үй-бүлөөгө тиешелүү маселенин баарын үйрөттү. Аялдардын укугун болуп көрбөгөндөй көтөрдү. Бир кызды татыктуу тарбиялап өстүргөн адамдын бейишке кирерин айтты. Күйөөсүн ыраазы кылып өткөн аял бейиштин каалаган эшигинен кирүү укугуна ээ болорун сүйүнчүлөдү. Бейиш энелердин таман алдында боорун кабарлады. Жакшы адеп-ахлакка үндөө менен бирге жаман жоруктардан тыйды. Башкаларга зыян жеткирип, зулум кылууну арам кылды. Ушак, кыйбат, жалган сүйлөөдөн тыйды. Уурулук, алдамчылыкка тыюу салды. Ар бир ишти чын ыклас менен аткарууга буйруп,эл көрсүн үчү аткаруудан кайтарды. Өзүңдүн ишиң болобу, өзгөнүкү болобу чын көңүл менен майын чыгара аткарууга үндөдү. Жалкоолуктан кайтарып, эмгекчил болууга чакырды. Ар дайым: "Аллахым, мени алсыздыктан, жалкоолуктан, ач көздүктөн сакта"[1] деп дуба кылчу.

Мына ушундай мыйзамдары менен Ислам дини адамдарга чыныгы жашоонун максатын үйрөттү. Күндүздү күндүздөй, түндү түндөй пайдаланып, убакытты туура колдонууну үйрөттү. Адамдын жашоосун айбандын жашоосунан ажыратты. Башка коомдорду Ислам өзүнүн мына ушундай артыкчылыгы менен багынта алды. Чыныгы жашоонун маңызын Исламдан тапкан элдин баары динге агылып кирди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашаган доор арап жарым аралын нурга бөлөдү.

**Мусулман аскерин негиздөө:[2]**

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) даабат ишин үч жылча жашыруун жүргүздү. Андан ары ачык даабат кылды. Мына ошол күндөн тартып Курайш каапырлары ага жана анын жанындагы динди кабыл кылган мусулмандарга каршы чабуулга өттү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга каршы чыгууга уруксат берген жок. Алар тараптан кандай оор азаптарды тартышса да, сабыр кылууга, чыдоого гана үндөдү. Бул учурда мусулмандардын саны да, күчү да аз болчу. Качан Азирети Умар менен Азирети Хамза динге киргенден кийин мусулмандар мурдагыдан бир топ алдуу болуп калды. Саны да көбөйдү. Бирок, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дагы эле согушка уруксат берген жок. Каапырлардын каршылыгы күчөй берди. Сахабалар азап тартышты. Аммар, Сумая сыяктуу кээ бир сахабалар алардын колунан шейит болду. Ал турга й хижрага жакын

---

[1] Имам Муслим, "Сахих ал-Муслим", 8\139.

[2] Ислам дининдеги алгачкы армия тууралуу тарыхчы аалымдар көптөгөн китептерди жазган. Мисалы: Мухаммад Шайт Хутаб "Ал-Мусталахат ал-Аскария фи ал-Куран", "Ар-Расул ал-Кааид", Мухаммад Фатхулла "Ар-Расул Кааидан", Мухаммад Заахир "Фаннул-харби фи ахди ар-Расул" ж.б.

пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүн да өлтүрмөкчү болушту. Бирок Алланын жардамы менен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аман-эсен Меккеден чыгып кетти.

Мадинага баргандан кийин мусулмандардын саны көбөйүп, бирдиктүү чоң күчкө айланганына карабастан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дагы эле согушка уруксат берген жок. Бирок мусулмандардын баары пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир ооз сөзүн гана күтүп, согушка даяр турушкан. Муну Акабадагы экинчи келишимде, мадиналыктардын: "Эгер буйрук берсең эртең эле кылычыбызды жалаңдатып Минадагы каапырларды каптап киребиз" деген сөздөрүнөн байкоого болот. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларды тынчтандырып: "Биз буга буюрула элекпиз, жөн гана чатырыңарга барып жаткыла" деп согушууга али эрте экенин түшүндүргөн. Мусулмандардын көбү мурда ар кандай согуштарга катышып жүргөн, согуш ыкмасын мыкты өздөштүргөн баатыр жоокерлер эле. Алар туш тараптан көрсөтүлгөн кысымга чыдабай, согушууга ынтызар болуп турушкан. Өздөрү тандап алган туура, акыйкат динди каалагандай тутуна албай, кордук көрүп, басынып, жашырынып жашоо алар үчүн кызык эмес эле.

Ушундай күндөрдүн биринде Алла Таала пайгамбарына төмөнкү аяттарды түшүрдү: **"(Каапырлар тарабынан) чабуулга туш болгон адамдарга, зулумдук көргөндөрү себептүү (душмандарына каршы согушууга) уруксат берилди. Албетте, Алла аларга жардам берүүгө кудуреттүү! Алар (мусулмандар) өз мекендеринен акыйкатсыздык менен, бир гана «Раббим – Алла» деген сөздөрү үчүн гана чыгарылган эле. Эгер Алланын кээ бир (залым) адамдарды башка бирөөлөрүнүн күчү менен тыйып туруусу болбогондо, ибадат каналар, чиркөөлөр, синагогалар жана анда Алланын ысымы көп эскериле турган мечиттер талкаланып кетмек. Өзүнө (динине) жардам бергендерге Алла да жеңиш берет. Албетте, Алла Кубаттуу, Кудуреттүү! Алар жерде бекем орноштуруп койгонубузда намаздарын толук окуган, зекет берген, жакшылыктарга буюруп, жамандыктардан кайтарган адамдар. Иштердин акыбети Алланын Колунда".**[1] Бул аяттар мусулмандарга согушууга уруксат берген алгачкы аяттар эле. Мунун артынан "Согуш" сүрөөсү деп кошумча аталган "Анфал" сүрөсү түшүрүлдү. Анын артынан согушта шейит болгондордун даражасын көтөргөн: **"Алланын жолунда (динди сактайм деп жүрүп) өлтүрүлгөн адамдарды өлүктөр деп ойлобогула. Алар Раббисинин алдында ырыскы тартууланып, тирүү. Алар Алла Өз артыкчылыгы менен берген жакшылыктарга курсант. Алар артында калган, өздөрүнө жетип келбеген бурадарларына (бул жакта) аларга коркунуч жок экени жана кайгырбоолору тууралуу**

[1] Хаж сүрөсү, 39-41-аяттар.

**сүйүнүчтүү кабар беришет"**[1] деген аяттарды түшүрдү. Ошондой эле чектен чыкпай согушуу тууралуу: **"(Оо, мусулмандар), силерге каршы согуш жарыялагандарга каршы Алланын жолунда согушкула, бирок чектен ашпагыла. Алла чектен ашып кеткендерди жакшы көрбөйт"**[2] деген аят түшүрүлдү.

Ошентип Алла Таала согушууга уруксат берди. Жөн гана уруксат берип койбостон согуштун тартибин да өзүнчө бир шарият кылып көптөгөн эрежелерди үйрөттү. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алгачкы аскерди түптөгөндө эле мусулман армиясы баардык согуштук талапка жооп бере тургандай түптөлдү. Алар тыңчылар, чабуулчулар, жаа тартуучулар, туу көтөргөндөр, сакчылар ж.б. болуп бөлүнүп, ар кимиси өзүнө тиешелүү гана милдетти аткарышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ар бир согуштан алдын, кары-картаңдарды, аялдарды, жаш балдарды жана өзү кол көтөрбөгөн аскерлерди, мал-жандыктарды өлтүрбөөгө, өсүп турган бак-шакты, дан өсүмдүктөрүн өрттөбөөгө, туткундарды кыйнабоого буйруп турат эле. Ошентип мусулман аскерлери пайгамбары менен бирге Бадр, Ухуд, Хандак согуштарын башынан кечирди. Меккени каратышты. Кыянатчы жөөттөрдү Мадинадан сүрүп чыгышты. Хайбарда жеңишке жетишти. Жарым аралдын сыртында Мута, Табук согуштарын башынан өткөрүштү. Куранда Алла убада кылган ийгилик, жеңиштерге жетишти.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) негиздеген мусулман армиясынын төмөнкүдөй артыкчылыктары жана өзгөчөлүктөрү болгон:

■ Аскерди пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү баштап чыгат эле. Аскерлер менен бирге согушуп, жаракат алып, чарчап, согуштун баардык кыйынчылыгын чогуу тартчу. Текеберленип согуш отун сырттан карап турбайт эле.

■ Аскерди жетектөөгө согуш ишин мыкты билген адамды дайындачу. Аскер арасында динге эрте киргендер, жашы улуулар болгонуна карабастан, жаш болсо да согуш ишин мыкты билген адамды аларга башчы кылчу.

■ Согушка аттанууга аскерлердин бирин да мажбурлоочу эмес. Өз каалоосу менен аттангандарды гана алчу. Ошол эле учурда согушка катышуунун зарылдыгын, шейиттиктин баасын байма-бай эскертип турчу.

■ Согушка аттанган мусулман аскерлеринин баары жихаттын сооп-сыйлыгын үмүт кылгандар эле. Алардын бирөөсү да акы алуу же атакка жетүү

---

[1] Аалу Имран сүрөсү, 169-170-аяттар.

[2] Бакара сүрөсү, 190-аят.

үчүн аттанчу эмес. Алланын ыраазылыгы үчүн курал-жарагын, минген улоосун, жеген тамак-аштарын да өздөрү камдоочу.

■ Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ар бир согуштун тактикасын өзүнчө түзүп, аскерлерин ошол тартип менен иш алып барууга чакырчу.

Мындан сырткары колунда бар мусулмандар аскерлер үчүн жардам иретинде мал-мүлкүн садага кылышчу. Азирети Усман Табук согушунда, дагы бир согушта Талха бин Убайдулла болуп көрбөгөндөй чоң салым кошушкан. Мусулман аскерлерине аялдар да кошулуп, тамак-аш камдоодо, суу ташууда, жаракат алгандарды дарылоодо жардам беришкен.

Сахабалардын көбү бош убактысын курал-жарак жасоо менен жана жаа тартып, найза ыргытып согушка машыгуу менен өткөргөн. жаш балдарды да машыктырып, өз ара жарыштырып, келечекте мыкты аскер болууга тарбиялашкан.

Алла Таала согуштун башка тартиптерин үйрөткөн сыяктуу эле, согуштан түшкөн олжону бөлүштүрүү тартибин да үйрөттү. Бул тууралуу Куранда: **"Эми, олжо кылып алган нерсеңерди адал-таза деп эсептеп жей бергиле. Алладан корккула, чынында, алла – Кечиримдүү, Ырайымдуу",**[1] **"Эгер силер Аллага жана пендесине түшүрүлгөн нерсеге (Куранга) ишенсеңер, билип алгыла, (ак-кара) ажыратылган жана эки аскер жолугушкан күндө, олжого алган нерсеңерден бештен бир бөлүгү – Аллага жана пайгамбарына, калганы тууганларга, жетимдерге, кембагалдарга жана мусапырларга. Алла баардык нерсеге Кудуреттүү"**[2] деген сыяктуу бир канча аяттар түшкөн.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болуусу:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамдарга Аллага ибадат кылууну жана Алла Таалага жолуга турган акырет күнүнө даярданууну үйрөтүү үчүн жөнөтүлгөн элчи. Ал дайыма адамдарга акыретти жана өлүмдү эскертип турган. Өлүм сөзү Куранда элүүдөн ашуун жерде келген. Пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) пайгамбарлык милдетин аркалагандан баштап, Куран пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүмдү эстетип турган. Алла Таала айткан: **“Анткени, сага Акырет жашоосу дүйнө**

---

[1] Анфал сүрөсү, 69-аят.

[2] Анфал сүрөсү, 41-аят.

**жашоосунан жакшыраак. Эгең сага сен ыраазы болгудай (жакшылыктарды) берет”.** [1]

Мындан сырткары да төмөнкү аяттарда өлүм тууралуу ачык-айкын кабар берилген: **“(Эй, Мухаммад), чындыгында сен да өлөсүң. Алар да өлөт. Ошондуктан силер Кыямат күнү эгеңердин алдында талашып, тартышасыңар”.**[2] Курайш каапырлары Алланын элчиси өлсө, анын динге үгүттөөсү да токтоп калмак деп, пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүмүн күтүп жүрүшкөн. Төмөнкү аяттар алардын арам ойлоруна жооп катары түшүрүлгөн: **“Биз сага чейин эч кимге түбөлүктүүлүктү берген жокпуз. Кантип эле сен да өлсөң, алар түбөлүк өлбөс болуп калышсын”.**[3] Ажал келип күн бүтсө, кимди сорбойт кара жер дегендей, өлүм ар бир адам баласынын башында бар нерсе: **“Ар бир жан ээси өлүмдү татат. Биз силерди жакшылык менен да, жамандык менен да сынап көрөбүз жана Бизге кайтарыласыңар”,**[4] **“Анын (жердин) үстүндөгүнүн баары жок болот. Бир гана Берешендиктин жана Улуулуктун Ээси болгон Эгеңдин өзү калат (түбөлүк)”,**[5] **“Алла менен катар (мушриктердей, Ага шерик кошуп) башка нерселерге сыйынба. Андан башка Кудай жок! Анын Өзүнөн башка бардык нерселер жок болуучу. Өкүмдарлык – Ага гана таандык. Ага гана кайтасыңар”,**[6] **“Силер кайда болсоңор да, ал тургай бийик көтөрүлгөн коргондордун ичинде болсоңор да, өлүм силерди таап алат. Эгер аларга жакшылык жетсе: “Бул Алладан”, - дешет, а качан аларга жамандык жетсе: “Бул сенден (эй Мухаммед!)”, - дешет. (Аларга) “Баары Алладан”, - деп айт. Бул коомго эмне болгон, сөздү такыр түшүнбөйт?”.**[7]

Ошондой эле пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) озүнүн олүм жакындап калганы тууралуу көптөгөн хадистерин айткан. Мисалы, Муаз бин Жабалди Йеменге сапарга узатып жатым: “Оо, Муаз! Быйылдан кийин сен мени, кабарымдын же мечитимдин жанынан өтүп баратып жолуктурасың”, - дейт. Муну уккан Муаз ыйлап жиберет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кызы Фатимага: “Жебрейил периште мага Куранды жыл сайын бир эле жолу окуп берчү, бул жылы эки жолу окуп берди. Мен мындан ажалымдын жакындап калганын сезип турам ” – деп айткан.

---

[1] Зуха сүрөсү, 4-5-аяттар.

[2] Зумар сүрөсү, 30-31 аяттар.

[3] Анбия сүрөсү, 34-аят.

[4] Анбия сүрөсү, 35-аят.

[5] Рахман сүрөсү, 26-27 аяттар.

[6] Касас сүрөсү, 88-аят.

[7] Ниса сүрөсү, 78-аят.

Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүн Алла менен болгон жолугушууга даярдап жаткан кезде, Курани Карим сахабаларды жана башка үммөттөрдү андан ажыроого, ал каза болгондон кийин динде бекем болууга даярдаган: **“Мухаммед – Алланын элчиси гана. Андан мурун да элчилер өткөн. Ал өлсө, же өлтүрүлсө силер артка (каапырлыкка) кайтасыңарбы?! Ким артына кайтса ал – Алла Таалага кымындай да жамандык кыла албайт. Алла – шүгүр кылуучуларды сыйлайт”**[1] деген сыяктуу аяттар анын өлүмүн сахабаларга эскерткен.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүмүнөн кийин, Абу Бакр Сыддыктын динде бекем болуусуна жогоруда айтылган аяттар себеп болгон. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумгандан кийин элдер катуу кайгыга чөгүп, ызы-чуу боло баштайт. Ошол кезде Азирети Абу Бакр жогорудагы аятты окуп, аларды тынчтандырат жана абалды турукташтырат.

Айша энебиз (Алла андан ыраазы болсун) баяндайт: “Пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумардан мурда: “Субхаанака ва бихамдика, астагфирука ва атуубу илайка” (О, Алла! Сени бардык кемчиликтерден таза деп билем жана Сага мактоо айтам. Сенден кечирим сурайм жана Сага тообо кылам), - деп көп айта баштады. Айша энебиз айтат, мен: Оо, Алланын элчиси! Бул сөздөрдү көп айтып жатасыз, эмне болду? – деп сурадым. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): “Мага үммөтүмдөн ажыроого белги берилди, аны көргөн сайын ушул сөздөрдү кайталайм” – деди.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тирүүлөр менен кош айтышкан сыяктуу, өмүрүнүн акыркы күндөрүндө өтүп кеткен мусулмандар менен да коштошуу иретинде алардын кабырларын зыярат кылып турган. Ухуд согушунда курман болгон шейиттер менен коштошуу максатында, алардын кабырларын зыярат кылып кайтат. Ошондой эле Бакый көрүстөнүнө барып, ал жердеги мусулмандарга да дуба кылган.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусунун башталуусу:

Сафар айынын аягында, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумарына жыйырма беш күндөй калган кезде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусун айта баштайт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруга наалыбаган, өтө

[1] Аалу Имран сүрөсү, 144-аят.

сабырдуу адам болгон, бирок абал оор болгондуктан бул ирет оорусун ачык билдирди. Бакый көрүстөнүн зыярат кылып кайтып келгенде, Айша энебиз: “Башым ооруп жатат” - деп пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) арызданат. Бул окуя тууралуу Айша энебиз минтип баяндаган: Пайгамбарыбыз Бакый көрүстөнүн зыярат кылып келген учурда менин башым ооруп жаткан эле. Мен: оо, башым десем, пайгамбарыбыз да: “Оо, Айша, Аллага ант, менин да башым ооруп жатат ” – деп айтты. Умму Фадл (Алла андан ыраазы болсун) айтат: “Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) шам намазында Мурсалат сүрөсүн окуганын уктум. Андан кийин көз жумганга чейин ал сүрөнү башка окуган жок”. Умму Фадлдан айтылган бул хадис пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөгөн түнгө туура келет. Бул тууралуу Айша энебизден да риваят бар. Кээ бир аалымдар ал күндү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумардан эки жума мурда, дүйшөмбү күнү болгон деп айтышат.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруусунун күчөшү:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайтыш болоордо тогуз жубайы (момундардын энеси) тирүү болчу. Алар өздөрүнүн кезегин Айша энебизге бергендиги үчүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көбүнчө анын жанында болот эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир жубайынын үйүнөн экинчи жубайынын үйүнө баруу кыйынчылык туудурганына карабастан ооруп жатса да аялдарынын акыларын толук бергенге аракет кылган. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөгөн кезде: "Мен эртең кимдин үйүндө болом, мен эртең кимдин үйүндө болом деп", ичинен Айша энебиздин кезеги болуусун каалап жатты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайсыл жерде болууну кааласа, ошол жерде болууга жубайлары макул болушту. Ошентип көз жумганга чейин Айша энебиздин үйүндө болду. Кээ бир риваяттарда Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруган учурда Айша энебиздин үйүнө баргандыгы тууралуу айтылат.

Момундардын энеси Азирети Айша энебиз, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүм төшөгүндө жаткан кезде Фатима энебизге айткан сөздөрүн кабарлап мындай дейт: Азирети Фатима пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сыяктуу басып биз олтурган жерге келгенде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ага: “Кош келдиң, кызым”- деп аны оң тарабына олтургузуп, кулагына бир нерселерди шыбырайт. Азирети Фатима энебиз ыйлап баштайт. Мен ага карап эмне үчүн ыйлап жатасың? - дедим. Андан кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) экинчи жолу анын кулагына шыбырап дагы бир нерсе айтканда Азирети Фатима күлүп жиберет. Мен: бүгүнкүдөй кайгы менен кубаныч аралашкан күндү көрө элекмин деп, андан пайгамбарыбыздын (ага

Алланын салам-салаваты болсун) эмне айткандыгы тууралуу сурадым. Ал: "Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткан сырды эч кимге айтпаймын" деди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) дүйнөдөн өткөндөн кийин сурасам, ал пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сыр кылып айткан сөзүн мындайча баяндап берди: "Жебирейил периште мага Куранды жыл сайын бир эле жолу окуп берчү, бул жылы эки жолу окуп берди. Мен мындан ажалымдын жакындап калганын сезип турам. Чындыгында жакындарымдын арасынан биринчи болуп дүйнөдөн өтө турган сенсиң дегенде ыйладым. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): Бейиште аялдардын ханышасы болууга ыраазы эмессиңби? - деп сураганда күлдүм". Фатима энебизге тиешелүү болгон дагы бир белгилүү окуя: Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөгөн кезде: О, атаке, кыйналдыңыз го деп, Фатима кайгырган учурда: "Бүгүндөн кийин атаңа кыйынчылык болбойт " деп айтат.

Бул окуя жана башка риваяттарда келген хадистер Фатима энебиздин бейиштеги аялдардын ханышасы экендигине ачык далил. Айша энебиздин Фатима энебиздин пазилеттери жөнүндө айткан хадистери Имам Бухаринин жана андан башка аалымдардын китебинде келет. Бул Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жубайлары менен Фатима энебиздин жана башка туугандарынын арасындагы байланыштын тыгыз экендигине далил. Али жана Фатима энебиздин артыкчылыктары тууралуу көптөгөн хадистер Айша энебизден риваят кылынган.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп жаткан кезде Айша энебиздин үйүндө болгондугунда көптөгөн сырлар бар. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Айша энебиздин жанында болгондугу себебинен, өмүрүнүн акырында айткан хадистердин эң көбүн жубайларынын ичинен Айша энебиз жаттап калган.

Айша энебизден дагы минтип баяндайт: пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп жаткан кезде "Жанымда сахабаларымдын бирөөсү болгондо " деп айтты. Биз: оо, Алланын элчиси Абу Бакрды чакыралыбы дедик. Ал унчуккан жок. Биз: Умарды чакыралыбы дедик, ал дагы унчуккан жок. Биз: Усманды чакыралыбы десек, ал: "ооба", - деп жооп берди. Азирети Усман пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанына келди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аны менен жалгыз олтуруп ага бир нерселерди айтканда анын жүзү өзгөрүп кетти. Мунафыктар Азирети Усманды халифалыктан кулатабыз деп келген күнү, Азирети Усман: "Чындыгында, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мага бир тапшырма берген, мен аны аткарышым керек" - деп айтат. Ошондо сахабалар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Усманга сыр кылып айткан ушул күн экен деп түшүнүп калышты. Айша энебиздин айтымында, ошол күнү пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) айтты: "Усман, күн келип Алла Таала сага халифалык милдетин

тапшырган учурда, мунафыктар сага берилген халифалыкты тартып алууну каалашат, сен халифалыкты аларга алдырба!” - деп үч жолу эскерткен экен.

Усама бин Зайд айтат: "Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөгөн кезде мен жана башка адамдар болуп Мадинага келдик. Мен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанына кирсем, ал унчукпай эки колун көтөрдү, ошондо мен анын мага дуба кылып жатканын билдим". Баарыбызга маалым болгондой Усама бин Зайд пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп калуусунан мурда Балка аскерине кол башчы болуп кеткен эле.

Абдулла бин Масуд айтат: "Мен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанына кирсем, ал ысытмасы көтөрүлүп катуу ооруп жатыптыр. Аны колум менен кармап: оо, Алланын элчиси, сиз катуу ооруп жатасыз го десем, ал: “Ооба, чындыгында мен силердин экөөңөрдүн ооруңардай ( силерден эки эсе катуу ) ооруймун ” деди. Мен: ошол үчүн сизге эки эсе сооп берилеби? деп сурадым. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Ооба, кайсы бир мусулман оору же башка балээнин себебинен ызаа чеге турган болсо, дарак жалбырактарын төккөн сыяктуу Алла Таала анын күнөөлөрүн кечирет” - деп айтты.

Азирети Абу Бакр пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп жаткан кезде, ансарлар отурган жерден өтүп бара жатып алардын ыйлап жатканын көрүп калат да: "Эмне үчүн ыйлап жатасыңар?" деп сурайт. Алар: "Биз пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен олтурган күндү эстеп, ыйлап жатабыз" дейт. Бул сөздү Аббас (Алла андан ыраазы болсун) пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабарлаганда, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) чепкенин желкесине таштап, башына кара селдесин кийип, минбарга чыгып, оболу Аллага мактоо айткан соң: “Оо, адамдар, чындыгында калктын саны көбөйөт, ал эми ансарлар болсо азайып олтуруп тамактагы туз сыяктуу болуп калат. Силердин кимиңер бир адамга зыяны же пайдасы тие турган ишке башчы болуп дайындалса, алардын жакшысын кабыл кылып, жаманын кечирсин” – дейт.

Ибн Аббас айтат: пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул дүйнө менен коштошор алдында башын таңып алган абалда минбарга чыгып, Алла Таалага мактоо айткан соң: “Мага Абу Кухафанын уулу Абу Бакрдан ишеничтүүрөөк эч ким жок. Эгер адамдардын арасынан бирөөнү дос тута турган болсом Абу Бакрды дос тутмакмын. Бирок исламдагы бир туугандык андан жогору турат. Мечиттеги Абу Бакрдын эшигинен башка бардык эшиктерди жапкыла” - деп айтты. Ибн Аббас кабарлаган бул хадисте Азирети Абу Бакр менен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) үй бүлөсүнүн ортосунда келишпестик бар деп айткан адамдарга каршы ачык далил бар. Абу Бакрдын артыкчылыктары жөнүндө пайгамбарыбыздын

(ага Алланын салам-салаваты болсун) үммөтүнө айткан эң акыркы сөздөрүн, өзүнүн үй бүлөсүнөн болгон аалымдардын бири Ибн Аббас айтып жатпайбы.

Абу Саид Худрий айтат: пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) хутбасында: “Чындыгында, Алла Таала пендесине (пайгамбарына) акыретти же бул дүйнөнү тандоого ыктыяр берди, ал акыретти тандады” – деди. Абу Бакр биздин эң илимдүүбүз эле, ал пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сөзүн угуп ыйлап жиберди. Мен өзүмчө: Алла Таала пендесине акыретти же бул дүйнөнү танда деп ыктыяр берсе, пендеси акыретти тандаса ал эмнеге ыйлап жатат деп? - ойлоп калдым. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): “Оо, Абу Бакр, чындыгында мага достукта жана мал дүйнөдө сенден ишеничтүүрөөк эч ким жок, ыйлаба! Эгер үммөтүмдүн ичинен бирөөнү дос тута турган болсом Абу Бакрды дос тутмакмын. Бирок исламдагы сүйүү жана бир туугандык андан жогору турат. Мечиттеги Абу Бакрдын эшигинен башка бардык эшиктер жабылсын” - деп айтты. Азирети Абу Бакр пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сөзүнүн маңызын түшүнгөндөн кийин ыйлап: "Оо, Алланын элчиси, Ата энелерибиз малыбыз жана жаныбыз сиз үчүн курман болсун" деп айткандан кийин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көп убакыт өтпөй эле минбардан түшүп кетет. Бул пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) эң акыркы кутпаларынан эле.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул кутпасынан Абу Бакр пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ажалынын жакындап калганын жана аны менен коштошоорун түшүнүп, ал үчүн бардык нерсесин курман кылганга даяр экенин айтып ыйлап жиберет. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ошол учурда Абу Бакр өзү гана жеткен пазилеттерин айтып мактады. Ал пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) мечитинин кире беришиндеги Абу Бакрдын гана эшигинин ачык калуусу. Мында пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумгандан кийин анын мусулмандарга имам болуусуна ишарат бар болчу.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөгөн кезде жакындары жыйналышып өз ара кеңешкен соң, Хабашистандан алынып келген дарыны ичиребиз деген чечимге келишти (ал оздун бир тарабына салып коё турган даары болчу). Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга ичирбегиле деп ишара кылды, алар: ооруп жаткан адам дарыны жаман көрөт деп айтышты. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүнө келгенден кийин: “Үйдө Аббастан башка бир да адам калбай, баары тиги дарыны ичсин, мен карап турам, анткени ал силердин оюңарга кошулган жок” - дейт. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга даары ичирүүсүнөн максат, алардын күнөөдөн тазалануусу жана алар кыямат күнү катуу суракка алынбоосу үчүн болчу. Анткени пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) адепсиздик

кылуу, башкаларга адепсиздик кылганга караганда чоңураак ката болуп эсептелет. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) аларга дааары ичирүүсүнөн максат кээ бир адамдар ойлогондой өч алуу максатында эмес, балким аларга ырайым кылуу максатында болчу.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу өтө күчөгөндө жубайларына: “Менин үстүмө оозу ачыла элек жети идиштен суу куйгула, мен бир аз өзүмө келген соң адамдарга осуят айтайын” – дейт. Биз Алланын элчисин Хафсанын кир жуучу тепшисине отургузуп, бизге колу менен болду деп ишара кылганга чейин идиштерден үстүнө суу куйдук. Андан кийин чыгып адамдар менен намаз окуп, аларга насаат айтты.

Айша энебиз айтат: “Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүм алдында турган кезде, кийимин жүзүнө жаап алып, ысып кеткен учурда кайра аны жүзүнөн алып коюп жатты”.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруган кезде да, ден соолугу чың кезде да дайыма өзүнө дем салып жүрөт эле. Бул тууралуу Айша энебиз мындай дейт: "Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп калган кезде "Фалак", "Наас" сүрөсүн окуп, колуна үйлөп аны колу жеткен жерлеринин баарысына сүртөт эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүм алдында жаткан кезде, өзү окуп дем салып жүргөн сүрөлөрдү окуп, өзүнүн колу менен денесине сүрттүм.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Хайбар согушу бүткөндөн кийин жөөт аял койдун этине уу кошуп берген тамакты жеп алгандыгы үчүн өмүрүнүн аягына чейин ооруп жүрчү. Ал туурасында Айша энебиз минтип кабарлайт: Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүм алдында жатканда мага: "Айша Хайбар согушунда жеп алган ууланган тамактын оорусун дагы эле сезип жатам, ошол кезде тамырым үзүлүп кете жаздаган” - деди.

Акыркы күндөрү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу аябай күчөп кетет. Анын абалын билип жүрөктөрү тынчтануусу үчүн үй-бүлөсү, өзгөчө сахабалар жыйналышып, жанына кирбегендер киргендерден абалын сурап жатышты. Азирети Али пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанынан чыгып: "Аллага мактоолор болсун! Оорусу айыгып, эсен-аман таң аттырды – деп күн сайын таңда кабар берип турду.

Ибн Аббас айтат: Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) үйгө келгенде, үйдө көптөгөн кишилер бар эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): “Мага калем менен кагаз алып келгиле, силерге кат жазып калтырайын, андан кийин эч качан адашпайсыңар ” – деди. Ошондо: Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөп баратат, колуңарда Куран бар, бизге Алланын китеби жетиштүү – деп үйдөгүлөр

талашып калышат. Кээ бир адамдар: Кагаз, калем алып келгиле, адашып калбооңор үчүн кат жазып калтырсын – деп айтса, кээ бирлери башка пикирлерди айтышат. Ошентип талаш-тартыш күчөп кеткенде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): “Куран жана сүннөткө ылайык иш кылгыла” – дейт. Ибн Аббас айтат: "Чындыгында эң чоң зыян бул – адамдардын талашып-тартышкандыктары жана кыйкырыктары, дал ошонун айынан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кат жаза албай калды". Башка бир айтымда Ибн Аббас пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) эмнени жазып калтырууну каалагандыгын кабардаган. Анда минтип айтат: "Бейшемби күнү Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөп калды. Ошондо ал: “Мага калем менен кагаз алып келгиле, силерге кат жазып калтырайын, андан кийин эч качан адашпайсыңар” – деди. Адамдар талашып кетишти, пайгамбардын алдында талашканга болбойт эле. Алар: Ага эмне болду, кетип калдыбы? – деп сурашышты. Анан барып эмнени жазайын дедиңиз эле? – деп сурашканда, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): “Менин силерге жазып калтырайын дегеним, силердин жазбай эле коюңуз дегениңерден жакшыраак” – деп, аларга төмөнкүдөй осуят кылат: “Мушриктерди араб жарым аралынан чыгаргыла, мен уруксат берген сыяктуу силер да алардын өкүлдөрүнө өлкөгө кирүүгө уруксат бергиле” – деди.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) үй-бүлөсүндөгү эң чоң аалымдардын бири Ибн Аббас эле, ал Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) эмнелерди осуят кылууну каалагандыгын анык билген. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумгандан кийин ошол осуятта кимдин халифа болоору айтылган деген тема көтөрүлгөн эмес. Анткени ал осуятта Абу Бакр же Али халифа болсун деп ачык айтылган эмес. Эгер Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) Али же андан башка бирөөнүн халифа болуусун ачык айтууну каалаганда, аны өлүм төшөгүндө жатып калганга чейин бир нече жолу айтмак. Анткени бул иш өтө маанилүү болгон.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өтө көп жолу кутпа кылган, бирок алардын эч биринде халифалыктын кимге калаары тууралуу айтпагандыгы баарыбызга маалым. Эгер Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ал тууралуу айтууну каалаганда, аны айтып кетмек, анткени аны айтууга мүмкүнчүлүгү толугу менен болгон.

Айша энебиз айтат: Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп жатканда мага: “Абу Бакр менен агаңды чакыр, аларга осуят кылып кат жазып калтырайын, анткени мен кимдир бирөөнүн халифа болууну эңсеп: “Халифа болууга мен ылайыктуумун” – деп айтуусунан коркомун, бирок Алла Таала жана мусулмандар Абу Бакрдан башканын халифа болуусун каалашпады” – деп айтты. Бул хадис менен жогоруда Ибн Аббастан айтылган, кат жазып калтырууну каалаган кезде талаш-тартыш чыгып, кайра осуят жазып

калтырам деген оюнан кайткан деген хадисти бириктирүү мүмкүн. Балким, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) халифалыкты Абу Бакрге калсын деп осуят кылмак. Өзгөчө пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп калган кезде адамдарга Абу Бакрды имам кылгандыгы өтө чоң белги.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумардан мурда, Абу Бакр адамдарга үч күн имам болгон деген кабарлар бар. Дагы башка маалыматтарга таянсак, он жети намазга имамдык кылган деп айтылат. Ал намаздардын эң биринчиси куптан намазы болгон. Айша энебиз айтат: Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөгөн кезде: “Адамдар намаз окуштубу?” – деп сурады. Биз: жок, алар сизди күтүп жатышат, – дедик. Ал: “Менин үстүмө идиш менен суу куйгула!” – деди, биз суу куйдук. Ал гусул кылды (жуунду), Андан кийин турайын деп аракет кылды да, кайра эсин жоготуп койду. Бир аздан кийин өзүнө келип: “Адамдар намаз окуштубу?” – деп сурады. Биз: жок, алар сизди күтүп жатышат, Адамдар куптан намазын Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен окуйбуз деп мечитте отурушат – дедик. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) Абу Бакр адамдарга имам болуп намаз окусун деп адам жөнөттү. Ошол күндөрдөгү намаздарга Абу Бакр имам болуп окуган.

Анас бин Малик айтат: Мага пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) минтип буйрук берди: “Мага кагаз алып кел, силерге кат жазып калтырайын, андан кийин эч качан адашпайсыңар”. Мен кагаз алып келгенче Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайтыш болуп кетеби деп коркуп: Мен айткан сөзүңүздү жаттап калам – дедим. Ошондо Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) төмөнкү насааттарын айтты: “Намазды калтырбай окугула, зекет бергиле жана кызматчыларыңарга жакшы мамиле кылгыла”.

## Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосундагы эң акыркы күн:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) хижраттын он биринчи жылында Раби ал-Аввал айынын он экисинде дүйшөмбү күнү (633-жыл, 8-июнь) шашке маалында көз жумган. Бөлмөсү мечиттин ички бөлүгүндө жайгашкандыгына карабай, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүрүнүн акыркы үч күнүндө (ишемби, жекшемби, дүйшөмбү) жамаат менен намаз окуй албай калган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумган дүйшөмбү күнү, мусулмандардын биримдигин жана Абу Бакрдын артында сапка туруп намаз окугандыгын көрүп жүрөгүнүн тынчтык табуусун каалаган. Анас бин Малик айтат: "Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумган дүйшөмбү күнү мусулмандар азирети Абу Бакрдын аркасында багымдат намазына турушкан эле. Ошондо Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) мечит менен Айша энебиздин

бөлмөсүнүн ортосундагы тосмону ачып, алардын бул көрүнүшүнө аябай сүйүнүп, жылмайды. Ошол кезде Абу Бакр пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) имам болуп намаз окууну каалап жатат деп ойлоп, адамдардын катарына турду. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) колу менен намазыңарды толуктагыла деп ишара кылды да, бөлмөгө кирип тосмону жаап койду". Бул, мусулмандардын пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен эң акыркы жолугушуусу болгон, андан кийин Алланын элчисин (ага Алланын салам-салаваты болсун) Абу Бакр сыяктуу кээ бир сахабалар гана көргөн. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп жаткан кезде Абу Бакр Мадинанын четиндеги Сунх деген жердеги үйүнө көп барбай, Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) үйүнө жакын жайгашкан үйүндө жашап турган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумган күнү, Абу Бакр пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) уруксат сурап, үй бүлөсүнөн кабар алуу үчүн Сунхдагы үйүнө кетет. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумган кезде Абу Бакр жанында жок болгон.

Анас бин Малик баяндаган хадисинде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) чын дүйнөгө көчкөн кезде, Фатима энебиз кандай абалда болгондугун мындайча сүрөттөйт: “Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) катуу ооруп, оронуп алды. Ошондо Фатима энебиз: Атаке, кыйналдыңыз го! – дейт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кызына мындай дейт: "Бүгүндөн кийин атаңа эч кандай кыйынчылык болбойт”. Бул хадистен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): бул менин өмүрүмдүн эң акыркы күнү жана бүгүндөн кийин бул дүйнөдөгү адамдардын катарында болбоймун деген маанини түшүнсөк болот.

Ошондой эле Айша энебиздин Алланын элчисине (ага Алланын салам-салаваты болсун) бир нече жолу дем салгандыгы, ал эмес пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумган күнү оорусу күчөгөн кезде да дем салгандыгы айтылган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумган күнү айткан эң акыркы сөздөрүнө кээ бир сахабалар күбө болушкан. Абу Убайда бин Жарах айтат: Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткан эң акыркы сөз: “Хижаз жана Нажран жеринде жашаган жөөттөрдү араб жарым аралынан чыгаргыла. Адамдардын эң жаманы пайгамбарларынын кабырын мечит кылып алгандар экендигин билгиле”. Бул Абу Убайданын пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) уккан эң акыркы сөзү, бирок андан кийин башка сахабалар Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткан дагы башка сөздөрүн уккан болушу ыктымал. Жогорудагы хадистен Абу Убайда пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолуккан эң акыркы сахаба экендигин түшүнүүгө да болот. Айтылган хадистен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Ислам өлкөсүнө туруктуулук орношун каалагандыгы билинет. Ошол

кезде өлкөнүн тынчтыгына коркунуч туудурган жөөттөр менен христиандарды өлкөдөн чыгарууну каалаганы буга далил. Баарыбызга белгилүү болгондой пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) пайгамбарлардын кабырын мечит кылып алуудан катуу тыйган, анткени кабырдын үстүндө намаз окуу, Аллага шерик кошуу (ширк) болуп саналат. Пайгамбарлардын кабырында намаз окууга тыюу салынса, пайгамбарларга эрчиген сахабалар же олуя адамдардын кабырында намаз окуу шариатка такыр дал келбейт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул сөздөрдү үммөтүнө айткан эң акыркы осуяты катары калуусун каалаган.

Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамдар, өздөрүнүн пайгамбарларынын кабырын мечит кылып алган мурдагы жөөттөр менен христиандар сыяктуу менин да кабырымды мечит кылып албасын деп корккон. Аны төмөнкү хадис тастыктап турат. Айша энебиз айтат: "Алланын элчисине (ага Алланын салам-салаваты болсун) ажал келген кезде, жүзүн кийим менен жаап алып жатты, ысып кетип дем алуусу кыйындап бара жатканда кайра жүзүн ачып: “Пайгамбарларынын кабырларын мечит кылып алган жөөттөр менен христиандарга Алланын каргышы болсун” – деди. Алар кылган ишти силер кылбагыла деп эскертип жатты. Ошондуктан кандай адамдын кабыры болбосун, эгер ал кабырдын үстүндө бир адам намаз окуса, анда ал адам Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) буйругуна каршы чыккан болуп эсептелет.

### Өлүм алдында мисвак колдонгону:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр бою мисвак колдонгон жана мусулмандарды да үйдө болсун, сапарда болсун, ар бир дааратты, ар бир намаздын алдында мисвак колдонгонго үндөгөн.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайтыш болгон күнү, Айша энебиздин бир тууганы Абдурахман бин Абу Бакр (Абу Бакрдын уулу Абдурахман) Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанына кирет. Ал окуяны Айша энебиз мындайча баяндайт: Абдурахман Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанына киргенде, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) башы менин кучагымда эле. Абдурахмандын колунда колдонуп жүргөн нымдуу жумшак мисвак бар экен. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) көзү мисвакка түшүп калды, мен мисвакты алып учун тиштеп жулуп салдым жана аны тазалап Алланын элчисине (ага Алланын салам-салаваты болсун) бердим. Ал аны менен тишин тазалап жатты, мен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) мисвакты мындан жакшыраак колдонгонун буга чейин такыр көргөн эмесмин. Ошол кезде пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) колун көтөрүп үч жолу: “Улуу досума!” – деп айтып Жаратуучусуна кайтты. Айша энебиз ошол мисвактын себебинен пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) шилекейи менен

өзүнүн шилекейи аралашканына сыймыктанган. Ал тууралуу мындай дейт: “Алла Таала пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) шилекейи менен менин шилекейимди, дүйнөнүн эң акыркы күнү жана акыреттин биринчи күнүндө бирге кылды”.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайтыш болгон күнү үнү катуу кырылдап калган, анын эмне айткысы келгенин Айша энебиз түшүнгөн. Айша энебиз айтат: "Мен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп өлүм төшөгүндө жаткан кезде, анын үнү кырылдап минтип айтып жатканын уктум: **“Ким Аллага жана Анын элчисине баш ийсе, анда алар Аллах Өз мээримдүүлүгүн көргөзгөн пайгамбарлар, ишенгендер, шейит болгондор менен бирге (болушат). Алар эң сонун шериктер”.**[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп кала электе төмөнкү сөздү айткан эле: “Эч бир пайгамбар бейиштеги ордун көрмөйүнчө көз жумбайт, андан кийин ага бул дүйнөнү же акыретти тандоо укугу берилет”. Айша энебиз айтат: "Алланын элчисине (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүм келген кезде, анын башы менин санымда эле. Бир канча убакытка эсин жоготуп кайра өзүнө келип, көздөрү шыпты тиктеп: “Улуу досума!” – деп кайтыш болду.

Айша энебиз пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумганга чейин күнөөкөр адамдар гана кыйналып жан берет деп ойлочу, бирок пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайтыш болгонун көргөндөн кийин ал оюнан кайткан. Анткени бардык күнөөлөрү кечирилген пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кыйналып жан бергенин көрүп, жан бергендеги кыйынчылык күнөөнүн көптүгүнөн эмес, балким момундардын күнөөлөрү кечирилип, даражалары бийик болуусу үчүн экендигин түшүнөт.

Айша энебиз айтат: Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) алдында суу куюлган идиш бар эле, сууга эки колун салып жүзүнө сүртүп: “Лаа илааха иллаллах, чындыгында жан берүү кыйын” – деп айткандан кийин колун көтөрүп: “Оо, Жаратканым! Рафиики Аалага жеткире көр!” – деген сүйлөмдү айтып руху түбөлүктүү ааламга көтөрүлдү да, анан ылдый түштү.

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) дене түзүлүшү, сырткы көрүнүшү өтө кооз болгон, көз жумардан мурда да такыр өзгөргөн эмес. Эки жумага жакын ооруп калганына карабастан сырткы көрүнүшү, сулуулугу ошол бойдон калган, оору анын сулуулугуна же улуулугуна таасирин тийгизе алган эмес. Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) жүзүндө карылыктын же алсыздыктын белгиси

---

[1] Ниса сүрөсү, 69-аят.

билинген эмес. Анас бин Малик айтат: "Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумганда анын сакалында жана башында жыйырмадай эле ак чачы бар эле".

Айша энебиз буга чейин өлгөн адамды көргөн эмес болчу, ошондуктан анда тажрыйбасы жокко эсе болгон. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жан берип жаткан кезде башы ылдый болуп чекесинен чыккан муздак тер Айша энебиздин акырегине жана көкүрөгүнө тамчылайт, андан кийин төшөккө жатып калат. Айша энебиз айтат: "Мен буга чейин такыр өлүк көргөн эмесмин, ошондуктан пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүмүнөн башка өлүмдү билбейм. Умар менен Мугийра бин Шаъба келип Айша энебизден үйгө кирүүгө уруксат сурайт, Айша энебиз хижабын кийип денесин жапкандан кийин киргенге уруксат берет. Азирети Умар: Оо, Айша! Алланын элчисине (ага Алланын салам-салаваты болсун) эмне болду? – дейт. Айша энебиз: Бир аз мурда эсин жоготуп койду – деп жооп берет. Азирети Умар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жүзүн ачып: Оо, бул кандай чоң кайгы, чындыгында бул чоң кайгы – деп жүзүн жаап коёт. Мугийра бир да сөз айтпайт, босогого жеткен кезде: Оо, Умар! Алланын элчиси кайтыш болду – дейт. Азирети Умар: Жалган айтасын, Алланын элчиси мунафыктарга (эки жүздүүлөргө) каршы согушууга буйрук бермейинче көз жумбайт, сен жөн эле фитна кылгың келип жатат – дейт.

Абу Бакр пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жакын адам болгон, Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) буйругу менен намазда анын ордун баскан. Адамдар аны намазда да андан башка иштерде да пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун)

орун басары катары эсептеген. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумган кезде ал Мадинадан бир чакырым алыс жайгашкан Сунх деген жердеги үйүндө болчу. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) чыныгы дүйнөгө көчкөн кезде, адамдар шашылып Абу Бакр Сыддыкты чакырып келгени барышат. Суук кабарды угаары менен, атын минип эч ким менен сүйлөшпөй шашып жетип келет. Келээри менен Айша энебиздин бөлмөсүнө кирип, Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) бетиндеги жабууну ачып жүзүнө карап мындай дейт: “Инна лиллах ва инна илайхи ражиуун (Баарыбыз Алланыкыбыз,баарыбыз анын алдына барабыз)”. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) руху чыныгы дүйнөгө көтөрүлгөндөн кийин, баш тарабына өтүп, чекесинен үч жолу өбүп: "Алланын элчиси көз жумду" – деп жарыя кылган.

Абу Бакр пайгамбарыбызга үңүлүп: “Аллага ант болсун! Сага эки өлүм бир болбойт, ал эми сага жазылган бир өлүм келди, чындыгында көз жумдуң”- дейт. Имам Бухари көптөгөн хадистерде Абу Бакр пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бешенесинен өпкөндүгүн айтат.

Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) мечитине коюу кыйын болгон, себеби адамдар ал жерге жыйналышып, анын ден соолугун сурап тынчсызданып турушкан. Алар пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) өтө катуу жакшы көрүшкөндүктөн мечиттен алыс кете алышкан эмес. Умар Алланын элчисинин көз жумганына ишенгиси келбей минтип кыйкырып жатты: “Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алла Таала мунафыктарды жок кылганга чейин өлбөйт”.

Азирети Абу Бакр Айша энебиздин бөлмөсүнөн чыгып мечитке барат, адамдар аны көрөрү менен Умарга (карабай, Абу Бакр эмне дейт экен деп ага кулак төшөйт. Ошол кезде Умар адамдарга сүйлөп жаткан эле. Ибн Аббас бул көрүнүштү мындайча сүрөттөйт: Абу Бакр чыккан кезде Умар адамдарга сүйлөп жаткан эле, Абу Бакр: Оо, Умар отур! – деди. Умар отуруудан баш тартты, адамдар болсо Абу Бакрга карап кулак салып калышты. Абу Бакр мындай деди: “Ким Мухаммедге сыйынган болсо, билип койсун, Мухаммед өлдү. Кимде ким Аллага сыйынып, кулдук кылып келген болсо, билсин, Алла тирүү, Алла өлбөйт”. Анан төмөнкү аятты окуду: **“Мухаммед – болгону бир пайгамбар гана. Андан мурун да пайгамбарлар өткөн. Анан, эгер ал (Мухаммед) көз жумса, же өлтүрүлсө артыңарга (каапырлыкка) кайтып кетесиңерби?! Кимде-ким артына кайтып кетсе, Аллахка бир да зыян келтире албайт, (тескерисинче, жалгыз өзүнө гана зыян жеткизет) Аллах болсо (өз жолдорунан кайтпай) шүгүр кылуучу пенделерин (амалына жараша) сыйлайт”.**[1]

Ибн Аббас (р.а) айтат: "Аллага ант! Сахабалар бул аятты мурда көп жолу окуп, көп жолу уккандыгына карабай, ушул учурдагы окуянын күчтүү таасиринен унутуп калышкан сыяктуу эле. Ал аятты окугандан кийин, адамдардын да аятты кайталап окуп жатканын уктум.

Саид бин Мусайб айтат: Умар айтты: "Аллага ант болсун! Абу Бакрдын бул аятты окуганын укканымда, эки бутум баспай жерге жыгылдым. Ошондо Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) чыныгы дүйнөгө көчкөндүгүн анык билдим".

Абу Бакрдын түшүнүгү кенен жана аябай даанышман экендиги эч кимге жашыруун эмес, ал абалды түшүнө алган акылдуу адам болгон. Ал Курандагы аятты сахабаларга эстеткен, Сахабалар бул аятты мурда көп жолу окугандыгына карабай, Абу Бакр окуган кезде биринчи жолу уккандай элес калтырган. Андан кийин адамдар мечиттен Мадинанын көчөлөрүнө чыгышып, ал аятты жаңы түшкөн сыяктуу кайталап окушкан.

---

[1] Аалу Имран сүрөсү, 144-аят.

Алинин бул чоң жоготуудан кийин ордунан тура албай олтуруп калгандыгы, жана Усмандын тили сөзгө келбей ары-бери басып калганы айтылат.

Азирети Фатима пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бул дүйнөдө тирүү калган жалгыз сүйүктүү кызы болчу, анын башына да чоң кайгы түшкөн эле. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун): “Үйдөгүлөрдөн эң биринчи болуп менин артымдан кете турган сенсиң” – деп анын ажалынын жакын калганын айткан. Фатима энебиздин пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумаарын билген кездеги айткан сөздөрүн, Анас бин Малик мындайча жеткирет: “Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) катуу ооруп калган кезде оронуп алды. Ошондо Фатима энебиз: Оо, атаке, кыйналдыңыз го! – деди. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кызына минтип жооп берди: “Бүгүндөн кийин атаңа эч кандай кыйынчылык болбойт”. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумгандан кийин Фатима энебиз минтип кайгырып жатты: Оо, Раббисинин буйруктарын аткарган атаке, ордуңуз Фирдаус бейиши болсун! Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жерге бергенден кийин Фатима энебиз: Оо, Анас! Алланын элчисине (ага Алланын салам-салаваты болсун) топурак салганга кантип батындыңар? – деп өзүн токтото албай буркурайт.

Ал эми Анас бин Малик пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) он жыл кызмат кылган, дайыма жанында жүргөн эң жакын сахабаларынан болгон. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумгандан кийин канчалык кайгыга чөккөндүгүн төмөнкү сөздөрү менен баяндайт: "Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Мадинага келген күнү бардык нерселер нурданып, шаар жаркырап турган. Алланын элчисин (ага Алланын салам-салаваты болсун) жерге берип жаткан кезибизде баары караңгы болду, жүрөгүбүздөгү сезимдерге каршы чыгып, колубуздагы топуракты каккан жокпуз".

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болгондугу тууралуу кабар бардык адамдарга жеткен эле, Алланын элчисине (ага Алланын салам-салаваты болсун) эмчек эне болуп эсептелген Умму Айман Мадинага хижра кылган болчу. Аны пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) зыярат кылып кабар алып турар эле. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайтыш болгондон кийин Абу Бакр аны зыярат кылып келгенге ашыгып Умарга мындай дейт: Жүр биз менен, Умму Айманды зыярат кылып келели! Ошентип экөөсү Умму Аймандын алдына барганда ал ыйлап жиберет. Андан: эмне үчүн ыйлап жатасыз, Алла Тааланын пайгамбарына даядап койгон нерселеринин бардык нерселерден жакшы экендигин билбейсизби?- деп сурашканда, ал: Аллага ант! Мен Алланын астындагы пайгамбарына даярдаган нерселерин билбей калгандыгым үчүн ыйлаган жокмун, асмандан вахи түшпөй токтоп калгандыгы үчүн ыйлап жатам

– деп экөөсүн да толкундантып ыйлатат. Умму Аймандын айткан пикири жер бетиндеги бардык адамдардын вахиге, туура багытка муктаж экендиктерин сезүүгө жана асман менен жердин ортосундагы, жана Жаратуучу менен адамдардын ортосундагы ортомчуну жоготкондуктарын түшүнүүгө үгүттөйт. Анткени Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) адамдарга мугалим, тарбиячы, туура багыт көрсөтүүчү, мээримдүү, жана шапаат кылуучу болуп жөнөтүлгөн. Анын өлүмү менен бирге ошол ыйык байланыш жана ортомчулук токтогон. Бардык адамдар Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүмүнөн кийин чоң жоготууга учурашкан жана бири-бирине көңүл айтышкан. Билал пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумгандан кийин азан айтып жатып: Ашхаду анна Мухаммадар расулуллох (күбөлүк берем Мухаммад Алланын элчиси), деген жерге келгенде мечиттин ичи ыйга толот. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабырга коюлгандан кийин Билал азан айтпай койгон. Анткени "Мухаммад" деген сөздү айтуу ага өтө оор болгон.

Сахл бин Саад айтат: "Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): “Мен көз жумгандан кийин адамдар менин кайтыш болгондугум үчүн бири-бирине көңүл айтышат" деп айтчу. Аны уккан адамдар: "Эмне үчүн мындай?" деп анча түшүнө алышчу эмес. Мына эми Алланын элчиси чыныгы дүйнөгө көчкөндөн кийин бири-бирибизге жолукканда анын көз жумгандыгына бири-бирибизге көңүл айтып жаттык. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү дүйнөдөн өткөндө сахабаларына оор болорун алдын-ала көрө билип: “Эгер силердин бирөөңөргө кыйынчылык жетсе, анда менден айрылгандагы кыйынчылыкты эстесин, чындыгында ал эң чоң кыйынчылыктардан” деп айткан.

Шейх Мухаммад Газали пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болгондугу тууралуу кабардын Мадина шаарына жайылгандыгын мындайча сүрөттөйт: "Бул кайгылуу кабар кайгыга толгон үйдөн жайылып баштады. Анда кулактарга жаңырып турган үндөр, жан-дүйнөнү эзген кыйынчылык бар эле. Ал кайгынын себебинен көздөр жана баштар айланып, акылдар кете жаздаган. Мусулмандар Мадинаны караңгылык каптагандай сезим менен, пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) ажырагандыктары үчүн азап чегишип, эмне кылаарын билбей таң калып отуруп калышкан".

Пайгамбардын өлүмүнө бардык мусулмандар катуу кайгырышкан, өзгөчө Мадиналыктар кайгыга чөгүшкөн, бирок ошого карабастан төмөнкү аятты унутта калтырышкан эмес: **“Анткени, сага Акырет жашоосу дүйнө жашоосунан жакшыраак. Эгең сага сен ыраазы болгудай (жакшылыктарды) берет”.**[1]

[1] Зуха сүрөсү, 4-5-аяттар.

Мусулмандар Алла Таалага жолугууну пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) берилген жакшылык нээмат экендигин жана Фирдаус бейиши менен Кавсар суусунун убада кылынгандыгын билишкен. Ошондой болсо да, аларга жана бардык үммөткө чоң балээ, кайгы-капа жана кыйынчылык түшкөн. Азирети Айша энебиз айтат: "Пайгамбарыбыз көз жумгандан кийин араптар динден чыгып кете башташты, жөөттөр менен христиандар баш көтөрө башташты жана мунафыктык (эки жүздүүлүк) пайда болду. Алла Таала мусулмандарды Абу Бакрдын кол астына бириктиргенге чейин, алар пайгамбарыбыздан айрылгандыгы үчүн кышында түн ичинде жамгырда калган кой сыяктуу болуп калышты".

Алланын элчиси мурас калтырган эмес. Анын динар же дирхам калтырбагандыгы тууралуу айтылган хадистер көп. Амр бин Харис айтат: "Алланын элчиси  динар, дирхам, кул же күң калтырган эмес.  Болгону өзү минип жүргөн ургаачы качырын жана курал-жарактарын калтырган, ал эми жерин жолдон өткөн жолоочуларга садака кылган".

Айша энебиз айтат: "Пайгамбарыбыз темирден болгон соотун бир жөөткө күрөөгө берип тамак сатып алган эле, ошол сооту ошол бойдон тигинде калды".

Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) тирүү кезинде минтип айтчу эле: “Менин дүйнөгө, дүйнөнүн мага эч кандай байланышы жок. Мени менен дүйнөнүн мисалы, ысыкта баратып, күндүзү бир аз убакыт дарактын астында көлөкөдө эс алып, кайра жолун улап кеткен жолоочу сыяктуу”. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) байлык жыйнап аны мурас кылып калтырганга кызыккан эмес, тескерисинче андан алыс болууга чакырган. Абдулла айтып калтырган хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларынан: “Кимиңер өзүңөрдүн байлыгыңарга караганда мураска калтырган байлыгыңарды жакшы көрөсүңөр?” – деп сурады. Сахабалар: Оо, Алланын элчиси! Бардыгыбыз өзүбүздүн байлыгыбызды жакшы көрөбүз – деп жооп беришти. Ошондо пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): “Чындыгында силердин малыңар сарптап жок кылганыңар, ал эми калтырган байлыгыңар мураскорлоруңардыкы”, - деди.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткан: “Биз мурас калтырбайбыз, биз калтырган нерселер садака болуп калат, ал эми Мухаммаддын үй бүлөсү бул байлыктан кажетине жараша гана иштетет”. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) жана анын үй-бүлөсүнүн садака албастыгы жана садакага берилген нерселерди жебестиги баарыбызга маалым.

**Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жуулуп, кепинге оролушу жана ага жаназа окулуп, жерге берилүүсү:**

Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумган кезде үстүнө калың көйнөк кийип алган болчу. Бир айтымда Айша энебиз Йеменден алынып келинген калың көйнөктү көрсөтүп: Алланын элчиси жан бергенде үстүндө ушул көйнөгү бар эле" деп айткан. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) куттуу денесин жерге берүү үчүн өзүнүн бөлмөсүн даярдаганга жакындарынан эркек туугандары жана мусулмандар жыйналган учурда, Айша энебиз пайгамбарыбыздын жүзүн жаап, бөлмөсүнөн чыгат. Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумгандыгына эң көп кайгырып жоктогон жакындарынын бири кызы Фатима энебиз болгон. Ошондуктан пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жакын туугандарынан болгон амекиси Аббас, Али, Зубейр жана Талха бин Убайдулла Фатима энебиздин үйүнө жыйналышкан. Ошондой эле Сафия энебиз да өтө катуу кайгыга баткандыгын айтышкан.

Сахабалардын бардыгынын үйлөрү кичинекей болгондуктан, бир убакта көп адамдын бир үйгө жыйналуусу кыйын болгон. Ошондуктан мухажирлердин жана ансарлардын кээ бирлери Абу Бакрдын үйүнө чогулушкан. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) денеси турган бөлмө жабылып, адамдар пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) кийин кимди халифа кылып шайлайбыз деп масилет кылууга чогулушкан, ошол себептен каза болгон дүйшөмбү күнү денеси ошол жерде туруп калган. Алардын мындай кылуусу пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) денеси жерге бериле элек кезде өздөрүн дагы деле анын башкаруусунун астындабыз деп сезишкендиктери үчүн, же анын куттуу денесин жерге берүүдөн мурда бирөөнү халифа кылып тандап алышыбыз керек деп ойлошкондуктары үчүн болгон. Пайгамбардын денесин жерге бербестен туруп өздөрүнө башчы шайлап, анан ошол башчынын көрсөтмөсү менен ишти баштоолору зарыл болгон. Анткени, пайгамбардын өлүмүн күтүп турган дин душмандары өтө көп болчу. Алар башсыз калган мусулмандардын ортосуна ар кандай жамандыктарды тутантып жибериши мүмкүн эле. Ошондуктан пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жерге берүүнүн даярдыгын көрбөстөн, адамдар Азирети Абу Бакрга ант берүү менен алек болушкан.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болгондон эртеси, шейшемби күнү бардык жакындары Айша энебиздин бөлмөсүнө жыйналышат. Жыйналгандар: Амекиси Аббас, Али бин Абу Талип, Аббастын балдары Фазл менен Кусам андан башка Усама бин Зайд жана пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кулдуктан азаттыкка чыгарган Салих эле. Булардын артынан Авс бин Хавли аттуу Мадиналык сахаба да келип: "Алла

үчүн, биз да Алланын элчисин жууга катышалы" деп суранганда, Али ага уруксат берген.

Туура маалыматтарда пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) бөлмөдө өзүнүн жыгач керебетинде жуулгандыгы жана ошол керебетте жатканда жаназа намазы окулгандыгы айтылат. Алланын элчисин (ага Алланын салам-салаваты болсун) кийимин чечпестен жуушкан. Айша энебиз айтат: "Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жууганга даярданган кезде адамдар: Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) да башка адамдар сыяктуу кийимин чечип жууйбузбу, же кийимин чечпей эле жууйбузбу, билбей жатабыз – дешти. Ошол кезде Алла Таала аларды уктаган сыяктуу ден дароо кылып койду. Анан үйдүн ич тарабынан кимдир бирөө "Кийимин чечпей жуугула" деп айтты, бирок анын ким экендигин эч ким билген жок. Ошентип алар пайгамбарыбызды үстүндө көйнөгү менен жуунтушту". Пайгкамбарыбызды көйнөгүнүн үстүнөн суу куюп, колдору менен эмес, көйнөгү менен денесин жышышкан. Айша энебиз айтат: "Эгер мен буйрук бергенге күчүм жеткенде, Алланын элчисини (ага Алланын салам-салаваты болсун) аялдары жуусун деп буюрмакмын". Бул албетте Айша энебиздин жеке оюу, анткени аялдарына пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) денесине караганга уруксат берилген болчу.

Адатта өлүктү жакшылап таза кылып жууш керек болот, бирок Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) тазалоого муктаж болбогон. Азирети Али пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) тазалыгына тен берип: "Ата-энем сага курман болсун! Өлүмүң дагы жашооң сыяктуу таза, оо, Алланын элчиси!" деп айткан.

Пайгамбарыбыздын денесин суу жана сидр менен жууган, анын үстүндөгү көйнөгүн чечпей Али кучагына алып, Аббас жана уулу Фадл менен Касм Алиге жардам берип оодарып жаткызышкан. Салих менен Усама бин Зайд суу куюп беришкен, Али жууган, денесин колу менен эмес көйнөгү менен жышыган. Жууп бүткөндөн кийин Алланын элчисин эки ак кийимге жана (Йеменде тигилген) чепкенге кепиндешкен. Айша энебиз айтат: "Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) үч ак кийимге кепинделген". Алланын элчисини (ага Алланын салам-салаваты болсун) жууганда колдонулган суу дайыма өзү суу ичип жүргөн Бакба кудугунан алынган, ал кудуктун дагы башка бир аталышы Саъд бин Хайсама. Бул ошол кудуктун суусунун таза жана башка кудуктардан өзгөчө экендигине далил.

Дагы Айша энебиз айтат: "Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) үч ак кийимге кепинделген, анда көйнөк да селде жок эле". Алланын элчисине оролгон кепиндин астында өзү кийип жүргөн көйнөгү калгандыгы айтылган.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кепинделгенден кийин керебетке коюлган. Азирети Абу Бакр: "Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) жан берген жеринде калат" деди. Андан кийин Азирети Абу Бакр жаназа окуунун тартибин түшүндүрдү. Алгач бир жамаат кирип жаназа окуп, дуба кылып чыгышат. Андан кийин кийинки жамаат кирип жаназа окуп, дуба кылып чыгышат, андан кийин дагы бир жамаат кирмей болду. Бул иш да тартипти жана мыйзамды талап кылаары турган кеп, бөлмөнүн тар болгондугуна карабастан ар бир сахаба пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жаназа окуганга шашылган. Ал учурда кандайдыр бир тартиптин орнолушу талап кылынган, ошондо алар жашына жараша киришкен. Биринчи эркектер, анан аялдар, анан жаш балдар кирип жаназа намазын окушту. Булардын баарына бир адам имам болгон жок ар бир жамаат өзүнчө имамдын артында окуду. Андан кийин пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сөөгүн кайсы жерге коюу керектиги талашка түшө баштайт. Азирети Абу Бакр: "Алла Таала пайгамбарлардын жанын өзү көмүлгүсү келген жерде алат" – деди, анан: "Мен муну пайгамбарыбыздын өз оозунан уккам жана аны эч унутпайм", - деп кошумчалады. Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабыры тууралуу Абу Бакрдын пикирине кайчы пикирин билдирген эч ким болбоду.

Ал эми пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабырын кандай казуу керек экендиги тууралуу төмөнкүлөр айтылат. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) хижрат кылгандан кийин бир нече сахабалар кайтыш болушкан, алардын кабыры кээде лахад (кабырдын дубалын оюп казуу) сүрөтүндө казылса, кээде жөн эле чуңкур (кабырдын ортосу оюлган) кылып казылган, кабырды ушундай кылып казуу Мадиналыктарга таандык болгон. Кабыр, казган адамдарга карата ар кандай көрүнүштө казылган. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болгондо анын кабырын кандай көрүнүштө казуу керек деген маселе көтөрүлгөн. Ошондо Азирети Умар: "Лахад сүрөтүндө казуучу мүрзөчүнү да, чуңкур кылып казуучу мүрзөчүнү да жөнөткүлө - дейт. Кабырды лахад сүрөтүндө казган Талха бин Зайд бин Сахл Ансари экендиги айтылат, ал мурда да Мадиналыктарга кабыр казып берчү. Ал эми чуңкур кылып казган Абу Убайда бин Жаррах эле. Ал экөөсүн чакырып келүүгө жөнөтүлгөн Аббас бин Абдулмутталиб болгон. Биринчи болуп Талха келип пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) лахад түрүндө кабыр казган. Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) лахад сүрөтүндө кабыр казылуусу сахабалардын дубаларынын кабыл болгондугун тастыктайт. Алар эки киши чакырылгандан кийин минтип дуба кылышкан болчу: Оо, Алла, пайгамбарыңа орунду Өзүң танда". Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) лахад сүрөтүндөгү кабырга коюлуусу Алла Тааланын элчисине жазган жазмышы деп түшүнсөк болот. Ошондуктан жалпы адамдар, өзгөчө сахабалар кабырынын лахад сүрөтүндө казылуусун каалашкан. Саъд бин Абу Ваккас өлүм төшөгүндө жаткан кезде: "Мага да лахд сүрөтүндө кабыр казгыла" деп осуят кылганы бар.

Эркектер, аялдар, чоңдор жана кичинелердин бардыгы жаназа намазын окуп бүткөнчө түн кирип калган, жаназа окулуп бүткөнгө чейин Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) денеси кабырдын жанында турду. Бул хижраттын 11-жылы, Раби ал-Аввал айынын он төртү, 633-жыл, он төртүнчү июнь, шейшемби күндөн шаршембиге өткөн түнү болгон.

Жаназа окулуп бүткөндөн кийин керебетти кабырдын жанына алып барышып, пайгамбарыбыздын куттуу денесин кабырга коюшат. Алланын элчисин (ага Алланын салам-салаваты болсун) Азирети Али, амекиси Азирети Аббас жана анын эки баласы Фазл менен Кусам жана Шакран болуп көтөрүшкөн. Шакран пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) азат кылган кул экендиги айтылган, ал Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) астына салып, кэзде үстүнө жамынып жүргөн чепкенин кошо көмгөн. Андай кылганынын себеби, кийин адамдар бул чепкенди талашып-тартышып кетпесин деген ою болгон. Бул иштерди аткарууда аларга Авс бин Хавли Ансари да шериктеш болгон. Сөөк кабырга коюлгандан кийин топурак түшүп кетпестиги үчүн кабырдын оозун кыш менен тосуп коюшкан. Бул көрүнүш бүгүнкү күндө да бар, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кандай көмүлгөн болсо, азыр да ошол жол менен маркумдар жерге берилип жатат. Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабырын кыш менен жапкандан кийин түн ичинде үстүнө топурак салынган. Айша энебиз айтат: "Шаршемби күнү түнү күрөктөрдүн үнүн укканда гана Алланын элчисин жерге бергендигибизди түшүндүк".

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабыры Айша энебиздин бөлмөсүндө эч өзгөрүүсүз бойдон калган. Анын үстүн бийик кылып көтөрүшкөн да эмес, кабыр жер менен бирдей болуп турат. Кабырдын ошол бойдон калуусу төмөнкү хадистин негизинде болгон: Айша энебиз айтат: "Пайгамбарыбыз ооруп, ошол оорудан кийин ордунан тура албай калган кезде мындай деген: "Пайгамбарларынын кабырларын мечит кылып алган жөөттөр менен христиандар Алла Тааланын каргышына калган".

Пайгамбарыбыздан кийин Азирети Абу Бакр да Алланын элчисинин жанына коюлат. Азирети Умар да өлүм төшөгүндө жаткан кезде Айша энебизден уруксат алып, ошол бөлмөгө коюлгандыгы айтылат. Азирети Абу Бакрдын кабыры пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кабырына жакын, ал эми Азирети Умардын кабыры Азирети Абу Бакрдын кабырына жакын жайгашкан жана алардын бардыгы кыбылага каратылган. Азирети Абу Бакрдын башы пайгамбарыбыздын далысынын тушунда, Азирети Умардын башы Абу Бакрдын далысынын тушунда. Ал экөөсү тирүү кезинде Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабасы болгон сыяктуу, кайтыш болгондон кийин да бир бөлмөдө кабырлары жанаша жолдош болуп калган. Үчөөсүнүн тең кабырлары жерден төрт элидей көтөрүлүп турат.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруган кезде да, көз жумган кезде жанында эң жакын адамдары болгон. Аялдардан Айша энебиз, кызы Фатима жанында болгон. Ал эми эркектерден болсо, Абу Бакр, Али, Аббас жана анын балдары, Анас бин Малик жана Усама бин Зайд болгон. Ошондуктан пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) айтып, бирок көпчүлүк укпаган осуяттарды жана хадистерди Айша энебиз айткан. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) муктаж болгон учурда да, өлүм төшөгүнө жатып калган кезде да аялдар өтө көп жардам берген жана алардын өтө чоң орду болгон. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп жаткан кезде Айша энебиздин бөлмөсүнө келгендиги, анын кучагында туруп жан бергендиги жана өмүрүнүн эң акыркы күндөрүндө анын жанында болгондугу, Айша энебиздин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) үчүн өтө кадыр-барктуу экендигин билдирет. Айша энебизди Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) эң жакшы таанып-билген, ал үй бүлөсүнүн ишеничи болгон жана үммөт башка адамдарга караганда ага көбүрөөк ишенишкен. Айша энебиз жаш болгондугу үчүн пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткан ар-бирин сөзүн, ар-бир кыймыл-аракетин жаттап калган. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп калган күнү Айша энебиздин бөлмөсүнө келгендигинде даанышмандуулук бар, Айша энебиз пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткан сөздөрүнүн бардыгын жаттап калган. Ошондой эле Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) жүрөгүндө Айша энебизге болгон өзгөчө махабат болгон, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын жанында болгон кезде жакшы эс алчу. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусуна жана анын өлүмүнө байланыштуу хадистер жана пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) айткан эң акыркы осуяттар Айша энебиз тарабынан айтылган, бул анын акылдуулугуна жана илимдүүлүгүнө далил. Ошондой эле пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Айша энебиздин үйүндө болгондугу Абу Бакрга Алланын элчисинин жанына кирип турганга башкаларга караганда көбүрөөк мүмкүнчүлүк берген. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жакын тuugандары Али жана андан башкалары пайгамбарыбыздын жанында болушкан жана тез-тез кабар алып турушкан. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жакын туугандары менен Абу Бакрдын жакын туугандары бир жерге жыйналышкан жана алар менен бирге мухажирлер да, ансарлар да болушкан. Алар тирүү кезинде да, көз жумгандан кийин да пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүйүктүү сахабалары болгон. Сахабалардын ортосунда куда-кудагый, кайын-журт, төркүн жагынан тууган болуудан сырткары, достук, диндеги бир-туугандык жана мээримдүүлүк болгон. Пайгамбарыбызды (ага Алланын салам-салаваты болсун) жууганга жана кабырга койгонго жакын туугандары акылуу болушкан, алар Абдумутталибдин уулдары жана неберелери эле. Алар бул чоң жоопкерчиликти өздөрүнүн жоопкерчилигине алышкан жана аны мыкты деңгээлде аткарышкан. Башка сахабаларга караганда мындай

аманатты алар кынтыксыз орундатышкан. Алардын арасынан Азирети Али, Аббас, анын балдары жана Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) азаттыкка чыгарган Салих жана Ансарлардын бир тобу Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) денесин жууп жерге бергенге дароо киришишкен.

## Азирети Абу Бакрга жалпы ант берүү:

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) мусулмандарга намазда имам, жашоодо өлкөнүн башында турган жетекчи жана Ислам өлкөсүнүн түптөөчүсү болгон. Алланын элчисинин жана сахабалардын бардыгынын тилеги мамлекеттин мамлекет болуп сакталуусу, мыйзамдардын ишке ашуусу, укуктардын сакталуусу жана диндин жоголбой сакталып туруусу болгон. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) максаты пайгамбарлык милдетин жеткирүү, бардык адамдардын ортосунда адилеттүүлүктү орнотуу жана алардын тынч өмүр сүрүүлөрүнө мүмкүнчүлүк түзүп берүү үчүн жер жүзүнө таралып кетүү эле. Араб өлкөлөрүнө кошуна жашаган Рум жана Перс мамлекеттерине оболу эскертүү берген. Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз жумардан мурда Усама бин Зайтты чакырып, аскер даярдап Шамга сапарга аттанууга буйрук берет. Бул Алла Тааланын шариатын ишке ашыруу, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) буйруктарын жана осуяттарын аткаруу, анан да Ислам динине болгон үгүт-насааттын токтоп калбоосу үчүн жетекчиге болгон муктаждыктан улам келип чыккан зарылчылык эле.

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү жашаган учурга кана кам көрбөстөн өзү өтүп кеткенден кийинки мусулмандардын абалына да тынчсызданат эле. Ошого карабастан өзүнөн кийин кимдин халифа болушун так билдирген эмес жана эч кимге керез айтып калтырган эмес. Бирок Абу Бакрдын халифалык кылуусуна болгон ишаралары арбын болгон. Ислам өлкөсүнүн түркүгү биринчи кезекте Мадина шаарынын жашоочулары ансарлар менен Меккеден көчүп барган мухажирлер эле. Алардын ар биринин жетекчилик кылууда, мамлекет башкарууда, жардамчы катары өлкөнүн ар-кандай маселелерин чечүүдө, милдеттерди аткарууда өздөрүн орду болгон. Төмөнкү аят динди жайылтууга, динде бекем болууга, шариатты толук кармануулга жана пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүмүнөн кийин артка чегинип кетпөөгө буйрук катары түшүрүлгөндүгү бардык сахабаларга белгилүү эле: **“Мухаммед – Алланын элчиси гана. Андан мурун да элчилер (пайгамбарлар) өткөн. Ал өлсө, же өлтүрүлсө силер артка (каапырлыкка) кайтасыңарбы?! Ким артына кайтса ал – Аллага**

**кымындай да жамандык кыла албайт. Алла – шүгүр кылуучуларды сыйлайт".**[1]

Мусулмандар Алланын элчисинин сөөгү жерге коюлганча, мамлекетти мындан ары башкара турган адамды шайлап алуу үчүн масилет курушкан. Негизги маселе халифа мухажирлерден болуш керекпи, же ансарлардан болуш керекпи деген суроого келип такалган. Ошондо көпчүлүк сахабалар пайгамбарыбыздын Азирети Абу Бакрга болгон жакындыгын, ишенимин ж.б.ишараларды эске алып,анын халифалыкка татыктуу экенин айтып чыгышкан. Ансарлардын бири: "Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) мухажирлерден экендигин билесиңер, анын халифасы да мухажирлерден болот. Биз ансарлар пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жардам берген сыяктуу, анын халифасына жардам берүүчү ансарлар болуп калабыз" – дейт. Ушундай сөздөрдөн кийин ансарлардын дагы бири шашып ант берип жиберет. Андан кийин бардык сахабалар Бану Саид деген жерге ант берүү үчүн келе башташат, бирок Азирети Абу Бакр алардын эч кимисине мага ант бергиле, мени халифа шайлагыла деп айткан эмес эле. Ант бергенге келген сахабалардын ичинде Умар менен Абу Убайда бин Жаррахтан башкасы бардыгы ансарлардан болгон. Бул ант берүү Бану Саид жерине келгендерге гана тиешелүү болуп калган, ал эми аталган жерге келбей калгандар жемеге алынган эмес. Ошентип Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) чыныгы ааламга сапар тарткан Раби ал-Аввал айынын он экиси, дүйшөмбү күнү азирети Абу Бакр пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) халифасы болуп шайланган. Жалпы ант берүү боло элек болгондугу үчүн, биринчи ант берүү жетиштүү эмес эле. Ошон үчүн эртеси шейшемби күнү багымдат намазынан кийин Абу Бакрга жалпы ант берүү болот. Ансарлардын көпчүлүгү жана мухажирлердин азырагы тарабынан Абу Бакр халифа болуп шайлангандан кийин, аны кызматка дайындоо жалпы үрп-адат катары расмий болуп өткөн. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) намазда Абу Бакрды адамдарга имам кылгандыгын көргөн сахабалар, Алланын элчисинен (ага Алланын салам-салаваты болсун) кийин халифа болууга ылайыктуу деп азирети Абу Бакрды шайлашат жана ага ант беришет. Абу Бакрдан мурда азирети Умар адамдарга кайрылуу жасайт. Бул тууралуу Анас бин Малик минтип айтат: "Шейшемби күнү жалпы ант берүү болгондон кийин, Абу Бакр минбарга отурду. Азирети Умар Азирети Абу Бакрдан мурда туруп, Алла Таалага мактоо айткан соң: "Оо адамдар! Мен кече силерге Алланын китебинде жок болгон жана Алланын элчиси мага айтып калтырбаган сөздү айттым. Бирок мен пайгамбарыбыз биздин ишибизди акырына чейин жөнгө салат деп ойлогом. Алла Таала силерге пайгамбарын туура жолго салган китепти, Куранды

[1] Аалу Имран сүрөсү 144 аят.

калтырды. Эгерде аны бекем кармасаңар, Алла Таала элчисин туура жолго салгандай, силерди да туура жолго салат. Чындыгында Алла Таала силерге силердин эң жакшыңар, пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабасы жана Савр үнкүрүндөгү экинин бири болгон Абу Бакрды халифа кылды. Ага ант бергиле!" – деди. Анан адамдар кайрадан жалпы ант беришти". Бул ант берүү, ошол жерде болгон жалпы адамдар тарабынан болгон. Азирети Абу Бакрдын халифа болуусуна азирети Али же Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жакын туугандарынын эч кимиси каршы чыккан эмес. Тескерисинче башкаларга караганда алар көбүрөөк кубанышып, мамлекетти башкарууда биринчилерден болуп жардамын беришкен. Өзгөчө динден кайтып кеткендерге каршы турууда опол тоодой жардам колун сунушкан.

Азирети Абу Бакрга ант берүү бүткөндөн кийин, ал адамдарга халифалык кайрылуусун жасайт. Ал кайрылуу расмий жарыя катары болуп, анда мамлекетти башкаруунун жол-жобосу тууралуу айтылат. Алгач Алла Таалага мактоо айткан соң, мындай дейт: "Оо, адамдар! Мен силердин эң жакшыңар эмесмин, бирок силерге башчы болуп шайландым. Эгер жакшылык кылсам, мага жардам бергиле. Жамандык кылсам, мага туура жолду көрсөткүлө! Чынчылдык – аманат. Жалганчылык – кыянат. Араңарда укугу тепселген алсыздар болсо, анын акысын алып бергениме чейин ал күчтүү болуп эсептелет. Ал эми араңарда башкалардын укугун тепсеген күчтүүлөр болсо, андайлар менин алдымда эң алсыз адамдар болуп эсептелет. Алла жолунда жихат кылбаган коомду, Алла Таала кор кылат. Эгерде бир коомдо бузукулук жайылып кетсе, Алла Таала ошол элдин бардыгына бирдей балээ жиберет. Мен Алла Таалага жана Анын элчисине баш ийгендей, силер да мага баш ийгиле. Эгер мен Аллага жана Анын элчисине кыянаттык кылсам, анда силер мага баш ийүүгө милдеттүү эмессиңер".

Азирети Абу Бакрдын убада берүүсү кичи-пейилдик менен башталган. Ал өзүн мактаган эмес, мен силердин жакшыңар эмесмин деп өзүнүн жөнөкөйлүгүн көрсөткөн, бирок биз аны сахабалардын эң жакшысы, эң мыктысы деп билебиз.

Азирети Абу Бакр кайрылуусунда адилеттүүлүктү жана тең укуктуулукту баса белгилеп айтып кетти. Шарияттын, мамлекеттин көз карашында бардык адамдар бирдей, эгерде кимдир бирөөнүн укугу тебеленсе, анын акысы адилеттүүлүк менен кайтарылары айтылды. Азирети Абу Бакр адамдарга жихаттын жол жобосун айтып, ал Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) карманган жолу жана мусулмандардын күчтөнүүсүнүн жолу экендигин эскертти. Андан кийин бузукулук кылуудан же аны жарыялоодон тыйып, анын зыяндары жөнүндө айткан, жана үммөткө жаңы оорулардын пайда болуусуна бузукулук себеп болорун белгилеген. Ал Алла Тааланын шариатына жана пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүннөтүнө ылайык иш жүргүзөрүн баяндап, ошол жолдо жүргөндө гана

өзүнө баш ийүү милдеттүү экендигин, эгер Алла Тааланын шариатына жана пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун)  сүннөтүнө каршы иш кылса баш ийүү милдеттүү эмес экендигин айткан.

Келечекте кандай саясат жүргүзүлөрү жана кандай иштер аткарылары тууралуу айтылган бул кайрылуу, өз ичине кандай баалуулуктарды, саясатты, өлкөгө тийиштүү болгон ички жана сырткы пландарды, жана мамлекет кандай мыйзамдар менен башкарылары ачыкка чыгуусу үчүн окумуштуулар тарабынан көптөгөн изилдөөлөргө алынуусу керек.

## Азирети Абу Бакрдын халифа болуп тандалуусу:

Азирети Абу Бакрдын пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) кийинки үммөттүн эң кадырлуусу экендигинде эч кандай шек жок. Ал пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанында көп жүргөн адам, хижра кылганда да жанына жолдош болгон сахаба. Курани Каримде ал жөнүндө ачык айтылган: **“Силер ага (Мухаммедге) жардам бербесеңер деле, аны каапырлар (Меккеден) чыгарып, үңкүрдө, экөөнүн бири болгон убакта да, ага Аллах жардам берген. Ошол кезде жолдошуна: (Абу Бакр) “Кайгырба! Чындыгында, Аллах биз менен бирге”, - деп айтты. Аллах ага Өз бейпилдигин түшүрүп, силер көрө албаган аскерлер менен кубаттады. Ошентип, каапырлардын сөзүн төмөн кылды. Аллахтын сөзү жогору. Аллах – мартабалуу, даанышман!”.**[1]

Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруп жаткан кезде да, андан мурда да башкаларга караганда Абу Бакрга көп таянган, бирок анын өзүнөн кийинки халифа болоруна ачык осуят айткан эмес. Бирок кээ бир хадистер азирети Абу Бакрга ант берилүүсү абзел экендигине далалат кылат. Ачык осуят болбогондугуна карабастан, мусулмандар дайыма кеңешип чечим чыгарганды өздөрүнө адат кылуулары үчүн, кеңешүү саясаттын негизи  болуп, акыйкатка жана бактылуулукка жетүү кеңешүү жолу менен гана болорун түшүнүүлөрү үчүн пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) халифанын ким болорун ачык айткан эмес.

Азирети Абу Бакрдын халифа болушуна ишарат кылган далилдер:

1) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзүнөн кийин кимдин имам болорун айтып, Абу Бакр менен Умарга ишара кылган. Хузайфа бин Яман айтат: "Биз пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жанында отурат элек, ошондо Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун)мындай деди: “Мен силердин араңарда дагы канча өмүр сүрөөрүмдү билбейм, менден кийин бул экөөсүнө эрчигиле” - деп, Абу Бакр менен Умарды

[1] Тавба сүрөсү, 40 аят.

көрсөтүп, анан: "Аммар жүргөн туура жолго эрчигиле, Ибн Масъуд эмнени айтса, аны тастыктагыла".

2) Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) өлүм төшөгүндө жатып калып, намазга чыга албай калган кезде, Азирети Абу Бакрды адамдарга имам болуп намаз окуусуна буйрук берет. Айша энебиз айтат: "Алланын элчиси менин бөлмөмө кирген кезде: "Абу Бакрга айткыла адамдарга имам болуп намаз окусун" – деди. Мен: "Оо, Алланын элчиси! Чындыгында, Абу Бакр жүрөгү жумшак адам, эгер Куран окуса көз жашын тыя албай калат, Абу Бакрдан башкасына эле буйрук берсеңиз" деп эки же үч жолу кайталадым. Ал: "Адамдарга Абу Бакр имам болсун" деп кайталады".

Айша энебиздин пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) башка адамды эле буйруңуз деп сунуш айтуусу, атасына үчүн корккондугунан болгон. Айша энебиз айтат: "Адамдар Алланын элчисинин ордун ээлеген адамды такыр жактырышпастыгын билгем жана бир окуя болуп кетсе эле аны жаман жакка жоруп коюшунан корком. Ушул нерселердин атамдан алыс болуусун каалaverадым".

3) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) эң акыркы кайрылуусунда Абу Бакрды мактап, мечитке карай ачылган бардык эшиктерди жабууга, бир гана Абу Бакрдын эшигин ачык калтырууга буйруган. Бул тууралуу Абу Саид Худри минтип айтат: "Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кутбасында: "Чындыгында, Алла Таала пайгамбарына акыретти же бул дүйнөнү тандоого ыктыяр берди, пендеси акыретти тандады" – деди. Ошондо Абу Бакр ыйлап жиберди, мен өзүмчө: Алла Таала пендесине акыретти же бул дүйнөнү танда деп ыктыяр берсе, пендеси акыретти тандаса, ал эмнеге ыйлап жатат деп? - ойлоп калдым. Абу Бакр биздин эң илимдүүбүз эле. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Чындыгында мага достукта жана мал дүйнөдө Абу Бакрдан ишеничтүүрөөк эч ким жок. Эгер Алла Таалаадан башканы дос тута турган болсом, анда Абу Бакрды дос тутмакмын. Бирок исламдагы сүйүү жана бир туугандык андан жогору турат. Мечиттеги Абу Бакрдын эшигинен башка бардык эшиктер жабылсын" деп айтты.

4) Азирети Умардын төмөнкү сөзү: "Оо, мусулмандар! Алланын элчисинин ишин улоого, аны менен үңкүрдө жолдош болгон экинин бири, динди эң биринчилерден болуп кабыл алган жана жакшылык иштерде дайыма алдында болгон, жашы улуу Абу Бакр ылайыктуу".

5) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) тирүү кезинде эле адамдар Алланын элчисинен кийинки эң кадырлуу адам ким деп сурамжылап, талкуу жүргүзүшүп, алардын биринчиси Азирети Абу Бакр экенин бир ооздон моюндарына алышчу. Ибн Аббас айтат: "Биз пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) заманында адамдардын эң кадырлуусун

тандаган кезде, биринчи Абу Бакрды андан кийин Умарды, андан кийин Усманды тандайт элек”.

6) Айша энебиз минтип айтат: “Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусу күчөгөн кезде, Абдурахман бин Аби Бакрга: “Мага тактай менен калем алып кел, Абу Бакрга кат жазып калтырайын, мен көз жумгандан кийин анын халифа болуусуна эч ким каршы чыкпасын” – деди. Абдурахман кагаз калем алып келгени кеткенде, пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) кайрадан: “Абу Бакр, жазып калтырууну Алла Таала каалаган жок, бирок сенин халифалыгыңа мусулмандар баары бир каршы чыкпайт” – деди.

7) Дагы бир хадисте мындайча айтылат: “Күндөрдүн биринде бир аял пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) келип бир нерсе сурап, жообун алган соң: Оо, Алланын элчиси! Дагы бир жолу кандайдыр бир маселени сураганы келгенимде сизди таба албасам, эмне кылайын? – деп сурайт. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун)" “Мени таба албасаң Абу Бакрга баргын!” – деп жооп берет”.

Мына ушундай бир канча далилдер менен Азирети Абу Бакр халифа болуп дайындалып, калган өмүрүн мурдагыдай эле Ислам динине кызмат кылуу менен үммөт үчүн, ислам өлкөсү үчүн арнады.

Адам өлөт, бирок анын жасаган эмгеги өлбөсү анык экенин сүйүктүү пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоо таржымалынан дагы бир жолу аңдадык. Алтымыш үч жыл өмүр сүрүп, анын ичинен жыйырма үч жылын пайгамбарлык вазыйпаны аткаруу менен өткөргөн инсандын бул чакан жашоосу тээ кыямат кайым болуп, заман акырына жеткенге чейинки адам баласына өрнөк, үлгү болуп, караңгыда жарык чачкан нур болуп кала берди...

Сага Алланын мээрими жана тынчтыгы болсун, оо, адамзаттын асылы, пайгамбарым Мухаммад...

**Мазмуну:**

Кириш сөз

Баш сөз

Пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр таржымалын окуп-үйрөнүүнүн максаты жана пайдалары:

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр баянын билүү бизге эмнелерди үйрөтөт?

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өмүр жолунун өзгөчөлүктөрү
Жахилияттагы араптардын абалы

Диний абалы:

Социалдык абалы:

Жахилият доорундагы ааламдын диний абалы

Иудаизм дини

Христиан дини

Мажуси дини

Буддизм дини

Жахилияттагы саясий абал

Араптардын саясий абалы

Мекке жана Мадина

Элчини күтүү

Жөөттөрдүн күтүүсү

Христиандардын күтүүсү

Батыш интелегенциясынын пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) көз карашы

Пайгамбар жашаган доор

Пайгамбарыбыздын мекени

Пайгамбардын ата теги

Пайгамбардын төрөлүүсү

Өспүрүм курагы

Жигит курагы

Хадича энебизге үйлөнүүсү

Каабаны оңдоо

Пайгамбарлык жакындагандагы жышаандар

Вахи

Даабаттын башталуусу

Мушриктердин пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) көрсөткөн азаптары

Алгачкы куугунтуктоо жана шейиттер

Хабашияга аттанган биринчи көч

Хабашияга аттанган экинчи көч

Кара ниет бойкот

Хадича энебиздин кайтыш болуусу

Абу Талиптин кайтыш болуусу

Исра жана Мираж окуясы

Башка урууларга даабат

Биринчи Акаба келишими

Экинчи Акаба келишими

Сахабалардын көчү

Алланын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) көчүүсү

Абу Бакр Сыддыктын үй-бүлөсү

Мадинага сапар

Мадинанын босогосунда

Пайгамбардын мечитинин курулуусу

Боордоштукту бекемдөө

Сөрүдө жашагандар

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Айша энебизге үйлөнүүсү

Мадинанын өсүп-өнүгүүсү

Мадинаны сүйүү жана сактоо

Калкынын өсүүсү

Адамгерчиликтин жогорулоосу

Илим-билимдин өнүгүүсү:

Коомдун өсүп-өнүгүүсү:

Медицинанын өсүп-өнүгүүсү

Экономикасынын өсүп-өнүгүүсү

Соода-сатыктын өсүп-өнүгүүсү

Дыйканчылыктын өсүп-өнүгүүсү

Темир иштетүү

Кен иштетүү

Тери иштетүү

Токуу жана тигүү кол өнөрчүлүгү

Мал чарбачылыгы

Отун жана курулуш материалдарын жыйноо

Мадинадагы тынчтык келишими же алгачкы конституция

Согушууга уруксат:

Рамазан айынын орозосу:

Кыбыланын өзгөрүүсү:

Алгачкы казат:

Бадр согушу

Кайнука уруусу менен болгон казат

Азирети Али менен Фатиманын үйлөнүүсү (Алла ал экөөнө ыраазы болсун)

Ухуд согушу

Ражи окуясы

Мауна кудугундагы окуя

Бану Надыр казаты

Хандак (Аңгек) же Ахзаб казаты

Бану Мусталак казаты

Жалаа жабуу

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) өкүмдарларга жолдогон каттары:

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Рум падышасына жөнөткөн каты

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Персия падышасы Хосройго жолдогон каты

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) Кыбти өкүмдары Мукавкиске жазган каты

Пайгамбарыбыздын Хабашия императору Нажашиге (Негуска) жолдогон каты

Пайгамбарыбздын Йамама падышасы Хауза бин Алиге жолдогон каты

Пайгамбарыбыздын Бахрейн падышасы Мунзир бин Савийге жолдогон каты

Пайгабарыбыздын шам өлкөсүнүн бир бөлүгүнө амирлик кылган Фарва бин Амир Жузамийге жолдогон каты

Пайгамбарыбыздын Оман падышасына жолдогон каты

Пайгамбарыбыздын Харис бин Абу Шамирге жолдогон каты

Пайгамбарыбыздын Жабала бин Айхам Гассаниге жолдогон каты

Пайгамбарыбыздын Юхана бин Рубага жана Айла коомунун жетекчилерине жазган каты

Хайбар жеңиши

Аткарылбай калган Умраны аткаруу

Мута согушу

Меккени багындыруу

Хунайн жана Таиф согушу

Табук согушу

Азирети Абу Бакрдын ажы амалын аткаруусу

Урууլардан өкүлдөрдүн келүүсү

Даус уруусунун өкүлдөрү, (Туфайл бин Амир

Абд ал-Кайс өкүлдөрү

Бану Тамим (Тамим уулдарынын) өкүлдөрү

Бану Амир (Амир уулдарынын) өкүлдөрү

Бану Ханифа (Ханифа уулдарынын) өкүлдөрү

Йемен өкүлдөрү

Ашьарий өкүлдөрү

Мурадын өкүлү (Фарва бин Мусайк)

Хамдан өкүлү

Канда өкүлдөрү

Азд жана (журш) уруусунун өкүлдөрү

Харис бин Каьб өкүлдөрү

Христиан араптардын өкүлдөрү

Дар уруусунун өкүлдөрү

Таглиб уруусунун өкүлдөрү

Ислам мамлекетин түптөө

Пайгамбарыбыздын доорундагы белгилүү өлкөлөр

Йемен өлкөсү

Мекке

Таиф

Бахрейн

Уман

Адилеттүүлүк жана теңдик

Тынчтык жана бейпил жашоо

Коомдук адеп-ахлактын оңолушу

Мусулман аскерин негиздөө

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) каза болуусу

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) оорусунун башталуусу

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ооруусунун күчөшү:

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жашоосундагы эң акыркы күн

Өлүм алдында мисвак колдонгону

Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) жуулуп, кепинге оролушу жана ага жаназа окулуп, жерге берилүүсү

Азирети Абу Бакрга жалпы ант берүү

Азирети Абу Бакрдын халифа болуп тандалуусу